КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# КЛАССИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ТЕКСТТЕР

## *(ЖАКШЫЛЫК САРЫКОВ)*

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясынын астында

***Түзгөн:***
***Мурат МУКАСОВ***

Бишкек
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2018

УДК
ББК
К

Кыргыз Республикасынын 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

| | |
|---|---|
| Акматалиев А. А. | Мусаев С. Ж. |
| Байгазиев С. О. | Садыков Т. |
| Жайнакова А. Ж. | Токтоналиев К. Т. |
| Маразыков Т. | Эркебаев А. Э. |

**К** **Классикалык изилдөөлөр жана тексттер:** Жакшылык Сарыков / Түзгөн: М.Мукасов. – Бишкек: «Принт-экспресс», 2018. – 604 б.

ISBN

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясынын бул томунда кыргыз элинин руханий байлыгынын туу чокусунда турган «Манас» эпосунун экинчи, үчүнчү бөлүмдөрү болгон «Семетей», «Сейтек» эпосторунун Ж.Сарыков айткан варианты жарык көрүп отурат. Ж.Сарыков айткан вариантта салттуулук менен индивидуалдуулуктун айкашы жакшы сакталган.

Китеп фольклористика, манастаануу адистиги боюнча эмгектенген окумуштууларга, жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттерине, аспиранттарга жана элдик маданий мурастарга кызыккан жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

УДК
ББК

К

ISBN

© КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2018

© Принт-экспресс, 2018

## СЕМЕТЕЙ

## МАНАСТЫН ӨЛҮМҮ. СЕМЕТЕЙДИН ТӨРӨЛҮШҮ. КАНЫКЕЙДИН СЕМЕТЕЙДИ АЛЫП БУКАРГА КАЧЫШЫ

Айтканым жалган болбосо,
Алдам өзү билбесе,
Дегеним жалган болбосо,
Теңирим өзү билбесе,
Шер колдогон султаным,
Билеги тийген илгертен,
Кыдыр тийген кыйладан,
Бата тийген байыртан,
Пир колдогон жашынан,
Дуба тийген башынан,
Колдогону Кожосан,
Кол бергени ак эшен,
Короо айлана бергиче,
Короодой кызыл тал болгон,
Кожо, Кыдыр жар болгон.
Үй айлана бергиче,
Үйдөй кара тал болгон,
Үч периште жар болгон.
Кабылан Манас баласы,
Батадан бүткөн баатыр деп,
Он эки мүчө сарасы,
Асыл көрдүм карачы,
Арыстан Манас баласы.
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жезити кашында,

Капыр менен мусулман,
Калк чогулган жери ошол,
Кылымга толгон көп калмак,
Калың тыргоот эл ошол.
Каракан кызы Каныкей,
Кабылан Манас атасы.
Кан Жакып куда болгондо,
Кылыктуу султан атасы,
Кырк жигитин ээрчитип,
Алтын, күмүш, зер жүктөп,
Үй жанына барганда,
Жыйырма беште жашы бар,
Жылан бейбак Каныкей,
Кундуздай кара чачы бар.
Каныкейди алганда,
Отуз күнү ойнотуп,
Кырктай күнү кыңшытып,
Кыдырата шымшытып,
Көлдөй кылып чык куюп,
Дөбөдөй кылып эт тартып,
Кан кожосун алдырып,
Ашкере нике кыйдырып,
Кең ногойго келгенде,
Адамдын сөзүн уккуча,
Баатыр Манас падыша,
Элүү бешке чыкканча,
Кылыктуу бейбак Каныкей,
Кырк эки жашка келгиче,
Согончогу канабай,
Куурап ыйлап бейбагың,
Кудайдан тилеп баланы ай,
Мазарлуу жерге түнөгөн.
Манас менен Каныкей,
Кудайдан парзант тилеген.

Аксакалдан бата алган,
Ошончо журттун баарына,
Канкордун зайбы Каныкей,
«Куу шыйрак канчык» аталган.
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Балбанга Кошой түшкөндө,
Кошой кийип чыкмака,
Калктан кандагай чыкпай
койгондо,
Касиеттүү кан султан,
Мергендерди чогултуп,
Тоодон теке аттырган.
Курбудан кулжа аттырган.
Каракан кызы жеңеңиз,
Акылга мол түгөнгүр,
Бакырыңдын бул шымын,
Алты айдын жүзү болгончо,
Байтал бээнин сүтүнө,
Ашаткысын кандырган.
Күң ашатып, кул сүргөн
Каныкей бычып өзү тиккен,
Кой макмал менен иштеген.
Алмамбеттин зайыбы,
Арууке бейбак ошондо,
Коно жатып аябай,
Ай жарымы ак шымды,
Кошкобул салып тиштеген.
Танабы бар ичинде,
Акылы жетпейт пенденин,
Амалы бар ичинде.
Байрак булгап бакыртып,
Алмамбет менен Чубакты,
Кара кесек кыргагы,
Камандай болгон Сыргагы,
Кошо алды чакыртып.
Манас туруп кеп айтат:
– Балдар Каныкейди чакыргын,
Калайыктын кашында,
Келсин жеңең ушерге,
Кан Кошойдун астына.
Байкуш бачым келсин де,
Касиеттүү Кошойго,
Кандагайды берсин де.
Өңгө жалган, өлүм чын,
Өлүм айтып келеби?
Ошо калган дүйнөдөн,
Туйгун Манас кабылан,
Төрөбөй койду бейбак – деп,
Туяксыз өтүп кетемби.
Байланып калган базардын,
Калк атасы кан Кошой,
Багын ачкан бабамдан,
Барып бата алсын де!
Кан Кошой асыл абамдан,
Кабылан султан айтканда,
Төрөсүнүн төрт чоросу келгенде,
– Берениң сени чакырат,
Каныкей бачым келсин дейт
Ала келип ак шымды,
Абасына берсин дейт.
Бир туяктын айынан,
Баатырдан бата алсын дейт.
Жазыгы жок жеңеңиз,
Жаңкыдай сөздү укканда,
Жасалганы салынып,
Ыргайдай болгон жеңеңиз,
Маралдай болуп маңкайып,
Кан Кошойдун алдына,
Колтуктап алып ак шымды,
Шурудан кылган чоң чачпак,
Арка жакта шаркылдап,
Ай тийгендей жаркылдап,
Ыргайдай болгон бейбагың,
Кыя тартып кыйкайып,
Кыздан бетер суйкайып,
Жүгүнүп келди Кошойго,
Окшомдуу сулуу жеңеңиз.

Бир барзанттын айынан,
– Бабаке бата бергин –деп,
Манас турат артында.
Капыр менен мусулман,
Таӊ болушуп бейбакка,
– Эткен сулуу жан – деди,
Эсиӊкиреп элейип,
Жар турду баары делейип.
Кейип ыйлап кан султан,
– Касиеттүү кан аба,
Кандагайды алгын – деп,
Баки журттун алдында
Балаӊа бата бергин – деп.
Ушу жалган дүйнөдөн,
Капыр менен мусулман,
Кардашып минтип турганда,
Туюн аба кан Кошой,
Манас менен Коӊурбай,
Басташып минтип турганда,
Душман керээз айттырбайт,
Алда кандай иш болот,
Ажал депкир таптырбайт.
Өӊгө жалган, өлүм чын,
Өлүм айтып келеби?
Туйгун Манас кулунуӊ,
Ушу жалган дүйнөдөн,
Туяксыз өтүп кетеби?
Султаныӊ туз көмгөндөй болобу?
Манас ыйлап турганда,
Кан Кошой турат буркурап,
Кылымга толгон дин ислам,
Манастын түрүн көргөндө,
Султанга кудай бергин деп,
Мусулман сөөгү зыркырап,
Каныкей жүгүнүп турат
буркурап.
Ителгидей кара көз,
Парзанттын жайы курусун,
Ирмебестен жаш кетип,
Кан зиркиреп тизеден,
Каныкей турду жулкунуп.
Анда Кошой кеп айтат:
– Жаркыным Манас ыйлаба,
Кошойдун жанын кыйнаба.
Кулунум Манас ыйлаба,
Кол көтөр, журтум, кол көтөр!
Кол көтөрсөӊ мол көтөр!
Бери келчи кан Бакай!
Атка минсе жарышкан,
Үзөнгүбүз кагышкан,
Моюндаш өскөн курбалдаш
Баатыр Манас кулак сал!
Капа болбо кан султан!
Кантип туусун катыныӊ,
Аягы кууш жан экен.
Туюн Манас туйгунум,
Катыныӊ туубас болчу жан.
Шойкомдуу оозу шок экен,
Жатында парзант жок экен.
Бу катыныӊ бирди тууйт,
Бирди тууса шерди тууйт.
Как өзүӊдөй кулунум,
Кара көӊүл шерди тууйт.
Арстаным Манас кантесиӊ,
Апыр менен мусулман,
Аман болсо бу зайбыӊ,
Аким болор шерди тууйт.
Адамдан башка түрктү туур,
Аягы менен тикти туур.
Мекеде султан биримден,
Үч бата каалап алгамын:
Бир батамды Айдаркандын
эр Көкчө,
Эр Көкчөгө бергемин.
Үмөтөй туулган мындан – деп,
Бир батамды ошондо,
Эл аралап жоо сайган,
Эр Төштүккө бергемин.

Перинин кызы Бектору,
Төштүк менен сүйлөшүп,
Боюна бүткөн болучу.
Бокмурун туулган мындан – деп.
Жалгыз батам калды эле,
Жазыгым саа берейин,
Ардыкбачы асылым,
Каныкейдин иши деп,
Ар жыйынга кийсем бейм.
Кобулу-Алмамбеттин зайыбы,
Аруукенин тиши – деп.
Карып калган чагымда,
Ар жыйынга кийсем бейм.
– Кандагай курусун алыңыз,
Баатыр Кошой абаке,
Баласы жок Манаска,
Бата берип калыңыз.
Манас минтип айтканда,
Кол көтөрдү кан Кошой.
Адамдын баары буркурап,
Жандын баары зыркырап,
Кожо, молдо дуба окуп,
Калк чуркурап турганда,
Уй түгүндөй көп капыр,
Алтымыш амбал, кырк жаң-жуу,
Кан Коңурбай баш болуп,
-Бештен өргөн жырымы,
Кызыталак буруттун,
Бул эмине ырымы.
Кан Эсенкан баш болуп,
Кошо бата бергенде,
Жаркыраган Каныкей,
Жатынына түйүлгөн.
Мусулман ыйлап турганда,
Баласы Букардын көк ташына
чийилген.
Кан Кошой туруп кеп айтты:
– Балаңдын атын чырагым!
Сербейип атка минсин – деп,
Семетей канкор болсун – деп.
Баатырдын уулу кабылан,
Ойлосоң баатыр ошондо,
Батадан бүткөн баласы,
Дубадан бүткөн жери бар.
Абай кылсаң ошонун,
Кыдыр Назыр колдогон,
Кабылан мыкты шери бар.
Кайберен, кырк чилтен,
Колдоп жүргөн жери бар.
Он эки ай көтөрүп,
Бейшембинин түнүндө,
Жумада түшкөн жери бар.
Адамдан башка түрк тууган,
Аягы менен тик тууган.
Кунан жорго мингизип,
Ээрчитип жүрсө ушуну
Эгем таала ыраазы.
Манастын уулу Семетей,
Атасы тилек кылып кудайдан,
Жети кан элин жыйдырып,
Капырга казат кылам деп
Кылка журтту чогултуп,
Бээжинди көздөй бет алган.
Берендин жайын сурасаң,
Кыдыр чапкан жол менен,
Кырк эки илек кол менен,
Ошондо Манас жол жүргөн.
Олуя чапкан жол менен,
Олуя журтту чогултуп,
Он эки түмөн кол менен,
Берениң барып Бээжинге,
Кыргын салып Кытайга,
Орто Бээжин, чет Бээжин,
Баатыр Манас падыша,
Бузук салып канчага.
Алдатып ийип канчага,
Жаңжуңдун кызы Бирмыскал,
Эсенкан кызы Бурулча,

Алтымыш качыр, кырк пилге,
Алтын, күмүш зер жүктөп,
Баатыр Манас султанга,
– Багындым эми баатыр- деп,
Алтындан күрмө кийгизип,
Орто Бээжин, чет Бээжин,
Чеким сурап алты айга,
Манас тартууга алып бу кызды,
Калмактын шаарын сuratып,
Берениңди баш кылып,
Жазгы утурум көктөмдө,
Буудандын оозун бурдуруп,
Койчу, Манас султаның,
Колунун баарын кырдырып,
Аккула окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип,
Кан Чубактан айрылып,
Кыргын салчу душманга,
Кырк бөрүдөн ажырап,
Кенебеген канкоруң,
Айбалта тийип башына,
Кан Бакай, Кошой кашында.
Ал аңгыча асылың,
Султаның коркок болуп келгенде,
Берениң Манас ошондо,
Кыркын берип кеткенде,
Балтыр бешик үч жашар,
Баласы минтип талпынган.
Ажал минтип тооруган,
Алты айдын жүзү болгуча,
Доо кеткенби мээсине,
Айбалта тийип уюлга.
Койчу, султан ошондо,
Коркок болуп ооруган.
Каракан кызы Каныкей,
Чач төбөгө түйгөндө,
Эркекче кийим кийгенде
Алдага ак бармакка,
Кыйноосун тартып султандын,
Кызматын кылган моминтип.
Султанга чай кайнатса суу болду,
Алты шаардан алдырып,
Арстанга ак дары берсе уу болду.
Асылың алаттан өтмөк болгон соң
Кан Жакыптан тараган,
Бакдөөлөттүн балдары ай,
Бака баш, кой баш эки арам,
Абыке, Көбөш төрт арам,
Буудандын оозун бурсун деп,
Султаным кыямат көздөй
кеткенде,
Сал балдар кантип кызмат
кылсын – деп,
Как баш Жакып баш болуп,
Кан султан көзү өткөндө,
Уулунун карасын кийип
турганда.
Кызыл канга бөлөнүп,
Жамандар кызматын жакшы
кылдырбай,
– Буудандын оозун бурат – деп,
Ага өлсө, жеңе керек – деп,
Кан султан көзү өткөндө,
Ат өлсө соору керек – деп,
Сал балдар көрсөтөр зордукту.
Кылыктуу султан өткөндө,
Кыйноо күндү көрсөтүп,
Азапка салар бейбакты.
Абыке, Көбөш экөөнүн,
Сүйгөнүнө тийсин – деп,
Кайнатам Жакып бу какбаш,
Кантсе да кылат зордукту.
Ошондо кызматын кылган
Каныкей,
Эсилим Манас өлгөндө,
Эркектигин күндө көрсөтүп,
Эки арам мени талашат.
Эки арамга тийбесмин,

Тиймек тургай салбардын
Мурутуна сийбесмин.
Кара жемсөө канкорго,
Касиеттүү султанга
Калайык-калкты чогултуп,
Жегенин тирүү бердирип,
Жерге журтун жыйдырып,
Ыргайдай болгон бейбагың,
Көзү көрсүн канкор – деп,
Береним султан падышам,
Бейбакка бек ыраазы болсун – деп,
Алдыңа ак барсын – деп,
Анжыян ылдый чаптырган,
Акылга мол жеңеңиз
Айкожосун алдырган.
Кашкарды көздөй кат берип,
– Кабылан өлмөк болду – деп,
Кан кожосун алдырган.
Көмкөрө ногой көп журтта,
Белгилүү мыкты бейбагың,
-Береним өтмөк болду- деп,
Ак сакалдуу карысын,
Мекеге барган ажысын,
Баарын жыйып үстүнө,
– Карап тургун калкым – деп,
Ак эшик кайра салдырып,
Төргө төшөк чоң салып,
Ак мамык салып астына,
Алпаймат менен Көккоён,
Эр жигитке жөлөтүп,
Береним Манас султандын,
Бейбагың дооранын тирүү
бердирген.
Ал кызматы бүткөн соң,
Каныкей бейбак долуга,
Ыраазы болсун бегим деп,
Алым салып ногойго,
Алтымыш нарды комдотуп,
Опол тоонун күлбото,
Алыскы жерден алдырган.
Үч-Кошойдун бөксөгө,
Бозмурундун үстүнө,
Бали ыракмат бейбагың,
Келишимдүү келтирип,
Карагай каршы келет деп,
Терек жумшак бат чирийт,
Арчадан таап чаптырып,
Баш аягы Манастын,
Ташка каухар жаптырып,
Баш аякта баатыры
Караңгы үйгө киргенде,
Оозуна супа салгандай,
Жарык болуп турсун деп,
Чыныдай жакут чаптырган.
Кара суунун кашатка,
Төрт көлчөгө ошондо,
Алты миң эркеч майына,
Кыш бышырып бек салган.
Арыстанынын күмбөзүн,
Муңдуу бейбак Каныкей,
Бузулбасын деп салган.
Жетимиш эркеч майына,
Кыш бышырып бек салган.
Жети кылым өткөнчө,
Бузулбасын деп салган.
Сарайын салып бүткөн соң,
Калктын баары чуркурап,
Бакай, Кошой буркурап,
Баатыр Манас султандын,
Энеси Чыйырды жүрдү
чыркырап
– Кан султан өтмөк болду – деп,
Калктын баары буркурап.
Калктын баары ыйласа,
Катын да болсо байкушуң,
Кайрат кылып Каныкей,
Кыйноосун тартып султандын,
Ичинен күйүп зыркырап,

Кызматын кылган моминтип,
Кайрат айтып калкына,
Кырк эшенин ээрчитип,
Султанды Айбанбозго мингизип,
Капа болбо канкор – деп,
Кызмат кылдым сага – деп.
Кыяматка барганда,
Ыраазы болгун мага – деп.
– Санаалуу болбой энеке,
Каныкей кайненесин чакырып,
Арстан уулу өтөт бейм,
Акырет көздөй кетет бейм.
Тай тайлак бакса төө болот,
Тай байтал бакса бээ болот.
Жаркыным энем Чыйырды,
Жалгыздын жайы не болот.
Баатыр уулу өткөн соң,
Балтыр бешик үч жашар,
Талпынса турат жаңыдан,
Баланын жайы не болот?
Катындан бетер ыйлабай,
Кайрат кылгын энеке ай,
Баланы жакшы багалык,
Кербен уулу өткөн соң,
Кешиги жок жетимди
Аякка майды туурармын.
Балапан бала багам деп,
Баатырдын көзү өткөндө,
Жаш баланы калкалап,
Байкуш жаным куурармын.
Арстан тууган султанды,
Адамдар «атка мингин» деп,
Султанды Айбанбозго мингизип,
Чыйырдыдай энеси ай,
Боз жоргону минди эле,
Боздоп какшап жүрдү эле.
Каракан кызы Каныкей,
Тайторуну минди эле,
Баатыр Кошой, кан Бакай,
Жанаша экөө жүрдү эле.
Айкожо менен Канкожо,
Жакшы жаасин окутуп,
Жаркының Манас ошондо,
Баласын алды өңөрүп.
– Атаңдын көзү өткөндө,
Куурап жүрүп өзүңдү,
Кулунум кудайдан сурап
алдым – деп,
Алкымынан бек жыттап,
– Атаңдын көзү өткөндө,
Айнегим аман турчу –
деп жыттап,
Алтын күрмө кийгизип,
Көт жагынан жарыгым,
Көлөкө кылып ээрчитип,
Эл аралап көндүрбөй,
Кагылайын жарыгым,
Калк аралап көрсөтүп,
Калкка аким кылсамчы.
Машыктырып ошондо,
Анан кийин өлсөмчү.
Атакеңден ажырап,
Анан ушу күндү көрсөмчү.
Кары Бакай абаке,
Манастын көзү өткөндө,
Жетимдин тонун кийгизбе,
Каныкей менен энеме,
Катындык кылып ыйлатпай,
Кайрат айтып кан Бакай,
Жесирдин киймин кийгизбе!
Алты канат көк желдик,
Айлана басып капшырдым,
Акыреттик дос элек,
Айнекти саа тапшырдым.
Жараткан кудай колдосо,
Журтум кейибегин – деп айтып,
Күмбөздүн жайын көрмөкө,
Журтуна Манас падыша,

– Калың журт кайрат кылгын –
деп айтып,
Айланайын абаке,
Арамдар мерт кылбасын,
Менин көзүм өткөндө,
Бакай этият болгун балама!
Каракан кызы Каныкей,
Катындык кылба бейбак – деп.
Менин көзүм өткөндө,
Беш тырмак бетке салбагын,
Безилдеп ыйлап ийбегин.
Акылга мол долусуң,
Катындык кылып ыйлабай,
Кайрат кылып ошондо,
Бетиңден аккан кара кан,
Кара таш болуп мага – деп,
Султаның көзү өткөндө,
Көзүңө жашты албагын,
Дайра көл болор мага – деп,
Эрине күнөө болучу.
Эптеп баккын жалгызды,
Айтып айтпай пайда жок,
Өз энекем Чыйырды,
Берениң уулуң өткөн соң,
Бек байлангын белиңди.
Атасын жашында жуткан
чунакты
Медер кылгын чыракты.
Баласы Манас айтканда,
Чыйырды туруп чыркырап:
-Алты аркар жылдыз батканча,
Алты айланып эмизген,
Айланайын айнегим,
Жети аркар жылдыз батканча,
Жети айланып эмизген,
Эсилим уулум өткөн соң,
Эңкейип калган кез эле
Энеңдин жайы не болот?
Балтыр эти толбоду,
Багар чагы болбоду.
Туйгунум балам өткөн соң,
Өлбөстүн күнүн көрөрбүз.
Сенин көзүң өткөн соң,
Буудай батпас оозума
Буканын башы бош келер,
Сенин көзүн барында,
Таруу батпас оозума,
Тайдын башы бош келер.
Сенин көзүң барында
Арпа батпас оозума,
Аттын башы бош келер.
Ардагым сенин барыңда,
Камка тон кийчү энекең,
Кара тонго зар болор.
Кербеним уулум өткөн соң,
Кейиши жок энекең,
Кементайга зар болор.
Байкуш энең бул күндө,
Болугум сенден айрылып,
Боздоп ыйлап энекең,
Боконоко зар болор.
Какшанып ыйлап энекең,
Кабылан балам өткөн соң,
Кабыргага зар болор.
-Байкуш эне антпегин,
Капа болбо энеке,
Каныкей, Бакай багар – деп,
Алдыңдагы айнекти,
Ардактап баккын байкушту.
Бакай менен Чыйырды,
Аман болсо жалгызым,
Өлбөсө экөөңөрдү багар – деп.
Баламды алып келчи – деп,
Баланы Манас ошондо,
Атчан бара жатканда,
Алдырып алып баласын,
Алдына туура кучактап,
Алкымынан бек жыттап:

– Жалганда жарык кулунум,
Атаңдын көзү өткөн соң,
Кудайым бек сактасын – деп
жыттап,
Аман жүрчү – деп жыттап,
Жашында жалгыз жарыгым,
Аргын ногой журтунда
Кагылайын карегим.
Ичим капа, тышым чок,
Энекем, Бакай үчөөңдү,
Тапшырып кетер иним жок.
Айнегим сени багарга,
Артыңда ага дагы жок.
Атакең бир кудайдын жолунда.
Жашында жетим калдыңбы,
Арамдардын колунда.
Эмгекти энең тартат – деп,
Кагылайын айнегим,
Кайгыңды Каныкей,
Бакай көрөр – деп,
Коштоштум эми сага – деп,
Калкым ыраазы болгун мага – деп.
Бакдөөлөттүн балдары,
Абыке, Көбөш кайда? – деп,
Арамдарды чакыр – деп,
Жамандарга кеп айтат:
-Арам кыял сал балдар,
Агаң Манастын көзү өткөндө,
Эчен түрдүү кордукка,
Кыгымды бербей сал балдар.
Кылыктуу бейбак долуга,
Кыйноо күндү саларсың.
Жаркының агаң өткөн соң,
Акырет көздөй кеткен соң,
Азаптуу күндү көрсөтпө.
Ардап баккын жеңеңди,
Алты айдын жүзү болгондо
Сасыган, салбар арамдар,
Алптын баарын чогултуп,
Ашын бер деп агаңдын,
Канкордун көзү өткөндө,
Кара кийип кан жутуп,
Каракан кызы Каныкей,
Кайсы жакка качып баратат,
Ашкере нике кыйдырып
Анан кийин ала көр.
Манастын көзү өткөн соң,
Жалгызды жакшы бага көр.
Керезимди айттым – деп,
Уккун эми сөзүмдү,
Атаганат Каныкей,
Билдим сенин өзүңдү.
Ар кызматым кылдың – деп,
Кызмат кылдың мага – деп.
Акыретке барганда,
Мен ыраазы сага – деп.
Ырас болот макул – деп,
Ушу сөзүң макул – деп.
-Жаркыным султан падышам,
Жалгызыңды колдой көр,
Алда жалган дүйнө ай,
Асылым Манас артыңдан,
Өлөйүн деймин мен шордуу.
Күн тийген тоодой таянам,
Жалгыздан жаным аянам.
Айтып айтпай пайда жок,
Жалганда жалгыз уулуңду,
Багып жүрүп өтөрмүн.
Өчпөстүн отун жагармын,
Өлбөстүн күнүн көрөрмүн.
Кан султан көзүн өткөндө,
Кадамы каткан биз шордуу,
Кайгылуу күндү көрөрбүз.
Күмбөзгө журту күркүрөп алып
барды.
Берениң султан байкаса,
Арабадай аңкайтып,
Жазыгы жок бейбагың,

Жасаткан экен заңкайтып.
Сарайдын ичин көргөндө,
Санаасы кетти бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
– Жаркыным төрө тура тур!
Кыбыла жакка жүз тартып,
Айбанбоз минип калкыйып,
Алтын кемер курчанып,
Кылычын салып кынына,
Баары жабдык салган соң,
Баатыр чыкты сынына.
Аккелте мылтык белинде,
Калктын баарын жардантып,
Калкын салып далайга,
Кырк эшендин артынан,
Манасыңды таңдантып.
– Жанаша тургун аба – деп
Касиеттүү Бакайга,
Көкала атын мингизип,
Көк торкосун кийгизип,
Көк чыбык мылтык асынып,
Ак селдесин чалдырып.
Манасты сыр найзаны таянтып,
Кырк жигитти кылчайтып,
Касиеттүү султанды,
Сүрөткө тартты сарайга.
Бакай менен Манасты,
Жаркыратып экөөнү,
Жанаша тартты сүрөткө.
Акылга мол Каныкей,
Даңкы кетип далайга,
Султандан төмөн алып келип,
Карандаш кармап колуна,
Арабча тил салып,
Муну чийди сарайга.
Кан султан кайра аттанып,
Абай кылсаң ошондо,
Көп ногой келди күркүрөп.
Манас туруп кеп айтты:
– Келмеге тилиң аз келип,
Айкожо менен Канкожо,
Тагдырым келди жакындап,
«Жаасын оку» деп айтып.
Көкүрөктөн жылт этип,
Чымындай болгон кара жан,
Оозунан чыкты бурт этип.
Касиеттүү султандын,
Оозунан түтүн бур – деди,
Амаз шамдигерде,
Арстандын көзү өткөн сон,
Аргын ногой журт – деди.
– Канкор Манас өлдү – дейт,
Калк чогулуп көрдү – дейт.
Эсил Манас өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө,
Канкор Манас өлөт бейм,
Калк чогулуп көмөт бейм.
Какбаш Жакып баш болуп,
Салбарлар малды бөлөт бейм.
Арстандын көзү өткөндө,
Ак үйдү чапты талкалап.
Манастын көзү өткөндө,
Момундай көрдү зордукту,
Каныкей жеңең чоңдукту.
Эсилим Манас өлгөн соң,
Энеси байкуш Каныкей,
Экөөнөн көрдү зордукту.
Адырда жылкы алабаш,
Аргымак атың аралаш,
Айдап багар бала жаш.
Арстандын көзү өткөндө,
Акыл ойлоп талдыбы?
Жаркының Манас өлгөн соң,
Балада жаны калдыбы?
Эмгектүү пенде көрөбү?
Эки арам малды бөлөбү?
Тийбегенин көрөрбүз,
Ак үй жатыр талкалап,

Акмак кылып жаманды,
Күң баласын өлтүртүп,
Алып калды Каныкей,
Айнектин жанын калкалап.
Бакай эки чанач сүт менен,
Эки тиштүү кой союп,
Эки семиз ат менен
Буудандын ичин ачырды.
Эки энесин ээрчитип,
Акылга мол эр Бакай,
Айнектин жанын калкалап.
Касиеттүү Букарга,
Таякеси Ысмайылды аркалап,
Алыскы шаарга жүктөтүп.
Тозогун тартып Каныкей,
Азабын тартып Ысмайыл,
Колуна алып баланы,
Асырап сактап чоңойтуп,
Жыл он төрт жыл болгончо,
Карматып берди кожого,
Кат окутту молдого.
Айбалта алып колойтуп,
Акылга мол Каныкей,
Алыскы шаарга чоңойтуп,
Мекеде султан пирине,
Бек окутту динине.
Ит агытып куш салып,
Катыккан экен Букарда,
Ак тулпар минип болкоюп,
Арстан уулу Семетей,
Ак була кийип зуңкуюп.
Жарактын баарын салынып,
Жаркыраган жалгызың,
Жаратканга жалынып,
Жыл он төрт жыл болгончо,
Бир кудай жолуна
Үч жашарда жалгызды,
Берген экен Каныкей,
Ысмайылдын колуна.
Калемдей кашыкесин кербеген,
Кайратын билчү бейбакты,
Бала он жетиге чыкканча,
Жашырып келди Букардан.
Баланын жүзүн көрбөгөн,
Каракан кызы бейбактын,
Кайраты бар ошончо,
Катындык кылбай ошончо.
– Эмгектүү эжем келсин  – деп,
Эл аралап кетсин  – деп,
Кайгылуу эжем келсин  – деп,
Кан Ысмайыл чакырткан.
Калк аралап кетсин – деп.
Жалгыздын жүзүн көрсүн- деп,
Эмгектүү эжем келсин – деп,
Эр Ысмайыл иниси,
– Эл аралап кетсин – деп.
Жазыгын тарткан жалгызы,
Жарай турган болдубу?
Атасы Манас өлгөндө,
Азапты күндү көрсөткөн
Абыке менен Көбөшкө
Жалгызы жарай турган болдубу?
Балтыр эти толдубу?
Балбан чагы болдубу?
Кеңкол, Талас жерине,
Окшомдуу ногой элине,
Бара турган болдубу?
Абыке менен Көбөштөн,
Атаганат айнеке,
Айдатпай өчүн салбардан
Ала турган болдубу?
Кең-Колдон алган көчүн – деп,
Кезекти кудай келтирсе,
Эки салбар чочкодон,
Алар бекен өчүн – деп.
Султаным жездем өткөндө,
Сумсайып жаткан ак үйүн,
Таластан алган сартын – деп,

Жездемден калган жалгыз жээн,
Абыке менен Көбөштүн,
Алар бекен дартын – деп.
Энчилеп берген атасы,
Эне ичинен түшкөндө,
Ар кылган иши оң болуп,
Калың ногой көп журтун,
Аким болуп бу жээним,
Билер маалы болдубу?
Энчилеп берген атасы,
Тартууга келген Тайбуурул,
Мине турган болдубу?
Ордолуу Манас өлгөндө
Олжолоп алган салбарлар,
Жоболоңдуу кан султан,
Жоого кийчү ак олпок,
Жээним, кие турган болдубу?
Ногойго келип жалгызы,
Салбарлардын колунан,
Аккелте менен сырнайза,
Аймандан түшкөн көккисе,
Айбалта менен доолбас,
Жалкыны карыш жой болот,
Кылымды кырган кылычын,
Ала турган болдубу?
Жалпы ногой журтуна,
Жалгыз уулу Семетей,
Бара турган болдубу?
Арстандын бу жалгыз,
Ыйлатпай өчүн салбардан,
Ала турган болдубу?
Буудан атын токутуп,
Көбөш салбар колунда,
Булгары тердик көк желдик,
Атадан калган ак ээрин,
Токуна турган болдубу?
Жана айтса жана кеп,
Эр Манастын уулунун,
Эмгегин тартып чоңойткон.
Эр шерди тартып эр болуп,
Манастын уулу бул жалгыз,
Эр улан менен тең болуп,
Балтыр эти толгон бейм,
Пайгамбар сындуу Бакайга,
Бар акылын табуучу,
Бара турган болгон бейм.
Атадан калган мурапы,
Арстандын уулу Семетей,
Ар кандыктын баарысын,
Ала турган болгон бейм.
Бар маанисин куу жетим,
Угуп алып Букардан,
Ногойду көздөй бет алып,
Жүрө туруган болгон бейм.
Сары оору болуп саргарып,
Санаа тартып кумсарып,
Көмүр өчүрүп көө болгон,
Ак булуңга ээ болгон.
Көп жамандан ошондо,
Камандай болгон кайран таз,
Көк жалдын көзү өткөндө,
Көргөн экен тозокту.
-Манастын уулун айткын  – деп,
Атка салып сүйрөтүп,
Арам кыял жинди таз,
Кабырганды сөгөм  – деп,
Каныңды суудай төгөм – деп.
Кан ичменин тукуму,
Канкордун уулу кайда? – деп,
Көрсөткөн экен тозокту.
Абыке менен ит Көбөш,
Салган экен азапты.
Ала шалбырт жаз менен,
Какбаш Жакып колунан,
Кайран таз качып чыккан ошондо
Алыска кеткен жалгыздын,
Букарга келген Сары таз,
Муңун тартып жетимдин,

Артынан келген тазына,
Ак-Булуң көздөй куш салып,
Канкордун уулу Семетей,
Чоң токойдун четинен,
Кабылат белем ошондо.
Арстандын уулу жалгызы,
Аңгемелүү кеп угуп,
Сары таздан сөз угуп,
Эмгегин тарткан энеси,
Каныкейден дагы угуп,
– Элиң ногой деп угуп,
Арстандын уулу кайран эр,
Аңгемелүү сөз угуп,
Атаң Манас деп угуп,
Пайгамбар сындуу бабаң – деп,
Бакай сенин абаң – деп,
Абыке, Көбөш арам – деп,
Атаңдын көзү өткөн соң,
Азаптуу күндү көрсөткөн.
Акылга кем жаман – деп,
Ак тулпар минип булкуюп,
Каарданып кайран эр
Кара олпок кийди зуңкуюп.
Жарактын баарын салынып,
Касиеттүү Букардан,
Кылычы жанда кыңгырап,
Буудандын уулу Букардан,
Кең-Колду көздөй бет алып.
Букардан чыкты зыңгырап,
Түрү качып түн катып,
Кан султандын баласы,
Калкын көздөй жол тартып,
Кайраттанып оң тартып,
Күнү-түнү тынч албай,
Уйкуга көзү чырмалбай,
Баатырдын уулу Семетей,
Шыманып баатыр билеги,
Токтолбоду жүрөгү.
Жана, ногойду көздөй оң тартып,
Арстандын уулу Семетей,
Алыстан сапар сөз угуп,
Аңгемелүү сөз угуп,
– Элимди көздөй жүрөм – деп,
Кең Букардын чатынан,
Эмгегин тарткан жалгыздын,
Энесинен сөз угат.
Кырк жигиттин башчысы,
Ысмайыл Огоруну алдырып,
– Күрөң атты мингин – деп,
Күрөң олпок кийгин – деп,
Аңгемелүү сөз угуп,
Окшомдуу ногой элине,
– Барамын – деп жээликти,
Келбеттүү ногой журтуна,
Келсин эжем бачым де,
Жалгызы кетемин деп ээликти.
Арстандан калган айнеке,
Асыл эжем келсин де!
Көчпөсбай деген бай өлгөн,
Эл жайлоого чыгарда,
Эсил болуп өлгөн – деп,
Күрдөөлдүү журтту чогулттум,
Байдын ашын берем – деп,
Кайгылуу эжем келсин де.
Кең Букардын чатында,
Өрүшүнө мал салган,
Короосуна кой салган.
Тууганын таба кылат – деп,
Душман уят кылат –деп,
Каракан кызы Каныкей,
Качып тентип келди – деп
Жалпы жаман журтума,
Жаманатты болом – деп,
Бет алдырбай Букарга,
Ортончу зайбы Акеркеч,
Ортончу зайбы ошондо,
Оюңду бергин эжеме.
Белгилүү берен Ысмайыл,

Ошол үйдү көчүрүп,
Коңшу-колоң кондуруп,
Кең Букардын чатына,
Узун булак кашка суу,
Чыйырды менен Каныкей,
Өз алдынан кондуруп,
Жаткан экен ошерде.
Узун булак кашка суу,
-Огор, эжеме кабар айт,
Эркекче кийим кийсин де,
Эркелеп эжем келсин де.
Арстаның жалгыз ээлигип,
Камынып калды бу жетим.
Сандыргалуу Сары таз,
Аңгемелүү сөз угуп,
Жериң Талас деп угуп,
Элиң ногой деп угуп,
Айнеги бара турган болду де!
Айтсын эжем маанисин,
Угузсун сөздүн дайынын.
Эр Ысмайыл айтканда
Күрөң ат менен сойкоюп,
Касиеттүү кайран эр,
Кабылан тууган Огору,
Каныкей эжем келсин дейт.
Жаркыным эже бат аттан,
Букарга жүрүп өтөм дейт.
Жалгызың жабдыкты алды – деп,
Жарай турган болду – деп.
Баки ногой журтуна,
Бармак болду –деп,
Асыл эже бат аттан,
Эки энеси аттан – деп,
Эртерээк бачым жүргүн – деп.
Эр Окур муну айтканда,
Каныкей турду камынып.
– Кара оозуңа кан толгур,
Кайгылуу жалгыз жетимге,
Кандай какшаал айтты экен.
Бали ракмат Каныкей,
Тентип-тербип келдим – деп,
Жыл он төрт жыл болгончо,
Үч жашарда жалгызы,
Он жети жашка чыкканча,
Бастырып келип ошондо,
Баланын жүзүн көрбөгөн.
Өз иниси Ысмайыл,
Кызыл чай ичип тойбогон.
Ошо күндөн ушу жыл,
Эшигин кыйшайтып ачып
койбогон.
Баланын жүзүн көрбөгөн,
Бир бастырып келбеген.
Курандан аят окушуп,
Каныкей боз жоргону токунуп,
Тайторуну токутту.
Киш ичигин кийгизип,
Чоң энеси Чыйырды,
Боз жоргого мингизип,
Кындырдай белин курчатып,
Кызыл өңү сур чалып,
Тайторудай күлүктү,
Каныкей минди зыңгырап.
Эки бейбак келди эле,
Жаркындын уулу жалгызың,
Жерин санап болоктоп,
Байкап келсе Каныкей,
Баласы ыйлап турат солуктап.
Аттан түштү Каныкей,
Аркардай болуп кылактап,
Баласын көздөй басты эле
Ак эмчеги булактап
Жалкыны карыш ак маки,
Жанынан сууруп жаш бала,
– Кара бет сени жарам – деп,
Кара көңүл куу жетим,
Качырып сала берди эле.
Каныкейге кеп айтат,

Канкордун уулу сөз айтат.
– Эне, кабырганды сөкпөсөм,
Каныңды суудай төкпөсөм.
Жеримди неге айтпайсын,
Окшомдуу ногой көп журтум,
Элимди неге айтпайсың.
Тайторуң чыгып келгенде,
Атыңды сүрөп чыгардым.
Азаптуу эне оңбогун,
Анда неге айтпадың.
Ырысымды жеп жүрүп,
Башта эже деп жүрүп,
Жерим Талас турбайбы,
Атам Манас турбайбы,
Коңшу кылып Букарга,
Силерди кудай урган турбайбы!
Букар жүрүп нетем – деп,
Ногойду көздөй кетем – деп,
Эки эне сени таанытай,
Куурап калган мен жетим,
Ой кудагый деп жүрдүм,
Бириңди эже деп жүрдүм.
Бачым айтчы энеке,
Ар азаптын маанисин,
Жалгызыңа энеке,
Угузчу сөздүн дайынын.
Акылга мол энеси,
Арстандын уулу айтканда,
Ал аңгыча маанисин,
Угузат сөздүн дайынын.
– Айланайын айнегим,
Баарысын айтып өтөйүн.
Азабыңды көп тарттым,
Азатыңды мен айтсам,
Ат көтөрүп жүрө албас.
Торгойдой болгон жалгызым,
Тозогумду мен айтсам
Тоо көтөрүп тура албас.
Балтыр этиң толо элек,
Балбан чагың боло элек.
Айнегим жалгыз барбачы,
Муңдуу энекең Букарда,
Бизге, айлантып кара салбачы?!
Алышса алың келбес – деп,
Күрөшсөң күчүң келбес – деп,
Кесирленген салбарга,
Келерки күздө баргын – деп.
Кетирбей кегиң алгын – деп,
Балтыр этиң толо элек
Балбан чагың боло элек.
Жаштык кылып саласың,
Арам кыял Көбөшкө,
Алың кантип жетет – деп.
Айнегим быйыл барбачы,
Айлантып каран салбачы!
Туйгун Манас атакең,
Туз көмгөндөй болбосун.
Муңуңду тарткан эки энең,
Букардан азап көрбөсүн.
Койгун жалгыз барба – деп,
Бизге, айлантып каран салба –
деп.
– Койчу айланайын энеке,
Андай сөзүң укпаймын,
Күшүлдөгөн салбарга,
Ушу быйыл барбасам,
Кетирбей кегим албасам,
Кең-Колго быйыл барбасам,
Туйгунум Манас атамдан,
Туулбай туна чөгөйүн.
Жалпы ногой журтумду,
Жамандарга билгизип,
Букарда минтип жүргүчө,
Минтип азап көргүчө,
Күрсүлдөгөн салбардын,
Быйыл күчүн көрөйүн.
Айтчы жолдун маанисин,
Угузгун сөздүн даанасын.

Канча дабан ашамын?
Канча дайра кечемин?
Касиеттүү элиме,
Качан барып жетемин?
Букарга жүрбөйм кетемин.
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрөмүн.
Жээликмелүү салбардын,
Экөөнүн күчүн көрөмүн.
Баласы болбой турганда,
Арстандын уулу жалгызга,
Айтат сөздүн маанисин,
Айтмак болду даанасын.

## КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ

– Кагылайын жарыгым,
Балалык кылбай байкап ук.
Барба десем болбодуң,
Акыры сөзүм торгодуң.
Айтып-айтпай пайда жок,
Армансыз дүйнө кайда жок.
Кулагың салгын мага – деп,
Бейпай энең мен болсом,
Берендин уулу сен болсоң.
Азаптуу энең мен болсом,
Арстандын уулу сен болсоң,
Кеп айтайын сага –деп,
Менден чыгат сонун кеп.
Айтып-айтпай пайда жок,
Армансыз дүйнө кайда жок.
Баянын айтып берейин,
Башынан ылдый келейин.
Кылымга толгон тыргоотко,
Кытайга кыргын салган – деп.
Аккула окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип,
Канатынан кайрылып,
Кырк бөрүдөн айрылып,
Кабылан Манас атакең,
Айбалта тийип башына,
Асыл атаң келген – деп.
Кең-Колго атаң келгенде,
Койдон козу кактырдым.
Мындан айла болор – деп,
Эсим чыгып атаңды,
Кожолорго бактырдым.
Туйгун Манас атаңды,
Эчкиден улак чаптырдым,
Эшендерге бактырдым.
Мойнуна тумар тактырдым,
Мындан айла болбоду,
Чай кайнатсам суу болду,
Чар дары берсем уу болду.
Өлөрүн билип алгамын,
Ак бармакка алдага,
Атаңа кызмат кылгамын.
Ак никелүү байына
Адамда кызмат ким кылган,
Азаптуу энең мен кылгам,
Менден башка ким кылган.
Бура тартып кызматты,
Пендеден кызмат ким кылган,
Эмгектүү энең мен кылгам.
Байына кызмат ким кылган,
Байкуш энең мен кылгам,
Мендей кызмат ким кылган.
Жерге журтун чогулттум,
Жегенин тирүү бердирдим.
Кырк эшенин алдырып,

Кылыктуу султан атаңдын,
Кызматына турдуруп,
Дооранын тирүү байлаттым.
Бу кызматты ким кылган,
Муңдуу бейбак мен кылгам.
Алым салып ногойго,
Опол тоонун күлбото,
Алыскы жерден ташыттым.
Атаңдын ак сарайын салдырдым,
Алдына шаты кыйдырдым.
Карагай каршы келет – деп,
Терек жумшак бат чирийт,
Арчадан асыл жыгач жок,
Кышынын түбү чирийт – деп,
Тизе бою ошондо,
Кыш алдына жыйдырдым.
Жери өсүп кетет – деп,
Күмбөз урап түшөт- деп,
Торко элекке элетип,
Алты миң эркеч майына,
Кыш бышырып бек салдым,
Атакеңдин сарайын,
Алты кылым өткөнчө,
Бузулбасын деп салдым.
Жети миң эркеч майына,
Кыш бышырып бек салдым.
Жети кылым өткөнчө,
Бузулбай турсун деп салдым.
Калктын баарын чогултуп,
Сарайын салып бүткөн соң,
Султан атаң Манасты,
Айбанбозго мингизип,
Аколпокту кийгизип,
Алты кемер курчанып,
Кылычын жанга бек байлап,
Аккелтесин асынып,
Кырк эшенди кылчайтып,
Сырнайзаны таянтып,
Сүрөткө тарттым сарайга.
Кулунум аман жүрчү далайга.
Барып жетсең көрөсүң,
Пайгамбар сындуу бабаңды,
Бакай сындуу абаңды.
Атаңдан калган мурапың,
Бакайдын союп берген боругу,
Көкөйдөн кетпейт жанагы,
Салбарлардын зордугу.
Артыкча жаркының атаң
өткөндө,
Артыкча өттү сөөктөн,
Какбаш Жакып кордугу.
Кабылан атаң өлгөндө,
Кызматын кылып бүткөндө,
Асыл атаң өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө,
Абыке, Көбөш салбарлар,
Арамдар малды бөлгөндө,
Азапты энең көргөндө,
Эсил атаң өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө,
Эки арам малды бөлгөндө,
Эмгекти энең көргөндө,
Арамдар салган азапты,
Кабылан султан атаңдын,
Карасы батпай турганда,
Кызматын кылбай атаңдын,
Кызылы батпай турганда,
Салбарлар кыйноо күндү
көрсөткөн.
Ошондо султан атаңдын,
Өлгөнү он жылга толбой
калганда,
Кырк күндүн жүзү өткөндө,
Кыркын берип атаңдын,
Мен бейбак, кайсы жакка качып
батамын.
Аламын деп салбарлар,
Анан кийин айтсачы.

Бакайды салып арага
– Ат өлсө соору керек – деп,
Ага өлсө жеңе керек – деп,
Арамдарга тийбейм – деп,
Булкунуп айтып болбодум.
Кыларын эми билгемин,
Күндүз журтка билгизбей,
Түндө уста узанттым.
Бөлөкбайды чакыртып,
Болоттон жабдык жасатып,
Алтымыш балбан чогултуп,
Кара-Зоо таштын бооруна,
Кара-Үңкүрдү каздырдым.
Алтымыш нарды комдотуп,
Канкор Манас атаңдын,
Казынасын жыйдырдым.
Бул акылды ким кылган,
Буудандын көзү өткөндө,
Муңдуу бейбак мен кылгам.
Казына жыйып бүткөндө,
– Карабет бейбак жыйган –деп,
Казынаны кайтарт – деп,
Жамандар билип коёт – деп,
Кайнатам какбаш туят – деп,
Казынанын оозуна
Таш каалга чаптадым.
Билгизбей жыйдым үйүңдү,
Көк жал атаң чогулткан
Көрөрсүң Жакып чоңуңду.
Атаганат ошондо,
Мындан убал болдубу?
Муңуңду тартып калдыбы?
Салбарлары айтат – деп,
Байрак булгап бакырттым.
Какбашка казына айтат – деп,
Балдын баарын чогулттум.
Акыңарды берем – деп,
Чапчактагы бозого,
Чачама уу салгамын.
Күрүчтөн салган бозого,
Күйдүрмө уу салгамын.
Балалык кылбай байкасаң,
Баарысын бирдей жуушатып,
Балбанды кырып салгамын.
Уу мындан кесир болдубу,
Баласы тентип калдыбы.
Ак үйдү чапкан талкалап,
Айласы кетип тиет – деп,
Жаккан отун өчүрүп,
Жамандын кылган иши ошол.
Жалпы ногой көп журтун,
Жайлоону көздөй көчүрүп,
Айласы кетип тиет- деп,
Таштап кеткен бу журтка.
Эмгегиң тарткан биз шордуу,
Эки энеңди улутуп,
Атаганат ит какбаш,
– Балтыр бешик үч жашар,
Баш көтөртпөйт бизге- деп,
Күн көрсөтпөйт саа –деп,
Кан ичменин тукуму,
Каршылык кылат маа – деп.
Көрсөткүлө көзүмө
Жалгызды алып келгин – деп,
Баласын мууздап Манастын,
Бир кашык канын бергин – деп.
Туйгун Манас канкорду,
Туз көмгөндөй кылгын – деп.
Арамдар келет жарышып,
Тизгини колдо карышып.
Чоң энеңе көтөртүп,
Айнекти алып жогол – деп,
Жумшатып барган кара күң,
Балтыр бешик баласы,
Сурап барсам бербеди,
Күңдү балта менен жыга чаап,
Баланы бешиктен сууруп алгамын.
Сенин киймиң кийгизип,

Күң баласын өлтүртүп,
Айнегим сени калкалап,
Алып калган мен бейбак.
Айланайын жарыгым,
Аман жетсең ногойго,
Алуучу болсоң мүлк ошол.
Алачтан түшкөн Аккелте,
Атаңдан калган нар кескен,
Баш кесүүчү жойболот,
Асмандан түшкөн көк кисе,
Атаңдан калган мурапы,
Алуучу болсоң мүлк ошол,
Бул Абыкенин колунда.
Баарысын айтып өтөйүн,
Эшик эндүү Айбалта,
Он эки кулач сырнайза,
Алуучу болсоң мүлк ошол.
Атаңдан калган мурапы,
Көбөш көөдөк колунда.
Билесиңби жарыгым
Куштан тууган Кумайык,
Жалгызым саа ылайык.
Букардан ээм келет – деп,
Ит да болсо ак тайган,
Салбарлардын колунда
Муңунду тартып жүргөндүр,
Ээрчитчү болсоң ит ошол.
Капа болуп каңшылап,
Сумсайып ыйлап ак тайган
Арыктап жүдөп калгандыр.
Аркарга кууп жете албай,
Көбүрөөк күйүт тарткандыр.
Ээсин жутуп ак тайган,
Эти кетип ошонун
Асылы сөөгү калгандыр.
Аза күтүп ак тайган,
Жүдөп ыйлап жаныбар,
Жонунан даакысы түшпөй
жүргөндүр.
Канчык иттей кыңшылап,
Кабыргасы тыржыйып,
Сумсайып ыйлап тайганың,
Суурду кууп жете албай
Абыке, Көбөш колунан,
Арыктап баспай калгандыр.
Алдыңа келер каңшылап,
Акырын кармап алакөр,
Мойнундагы даакысын.
Ашкере тытып алакөр,
Күмүштөн кылган чоң каргы,
Алтын каптуу чоң тумар,
Тайганыңдын омуроодон
көрүнөр.
Тумардан тышын байкасаң,
Кагылайын жарыгым,
Каныкей жазган каты бар,
Атакең Манас аты бар.
Жаркының Манас атакең,
Жылкымды окшош кылам – деп,
Жапан кайып карматып,
Куландан салган айгырын.
Көбөш көөдөк куланда,
Күтүүчү болсоң мал ошол.
Билектери сурмалуу,
Кулактары ургалуу,
Арыстай болгон сур жылкы,
Суруга кирип турганда,
Кыйык атып бере көр.
Кунан чыкма сур байтал,
Итиңдин жалгыз жылкыңда
Бир байталдык акы бар.
Казысына кирсин – деп,
Кардын жарып бере көр.
Ит да болсо Ак тайган,
Асыл ээм келди – деп,
Арманы чыгат ошондо.
Он төрт асый болгондур,
Ойлоп алгын жалгызым.

Салбарларга карматпай,
Энесин ээрчип Тайбуурул,
Муздакта качып жүргөндүр,
Минүүчү болсоң ат ошол.
Бууданың кармап минген соң,
Бакайдан сура маанисин,
Какбаш Жакып таанысын.
Бир аякка бал чайкап,
– Боо мал кайтартып алам- деп,
Бир аякка уу чайкап,
Тукумун үзүп салам- деп.
Туз көмгөндөй кылам- деп.
Ачкыл жандуу жетимсиң,
Алып ичип ийбегин!
Эсимди минтип оодарып,
Эмгекке мени салбагын.
-Келе, атаке, келе –деп,
Каарданган какбашка,
Кайра сунуп тура көр,
Жанчыгыңа сала бар
Жакуттан соккон айнекти,
Жарым кез ыраак кармай көр.
Уу илебин тартканда,
Тунара түшөт айнегиң.
Туюнтайын жалгызым,
Мис чарага куйгун – деп,
Көк дөбөткө бергин – деп,
Ооз тийсең чунак өлдүң – деп,
Эки энең көрдү – деп,
Абайлабай жарыгым,
Алып ичип жиберсең,
Алдадан ажал келбесе
Таңдайыңа сала кой.
Алеки саатта таратар,
Мына бу ак дарыны ала көр.
Баатыр ата колдо- деп,
Баабединге чала көр.
Кабылан султан атаңдын,
Кабырын тайып келе көр.
Кырк атаңдын энеси,
Кара буура улуусу,
Асылды тууган чоң энең,
Себин жүктөп келиптир.
Аза күтүп куу инген,
Адырда чөгүп жаткандыр.
Ошону баабедингe чала көр.
Моминтип жалгыз бара көр.
Будурга чыгып кыйкыргын,
Бууданым деп кыйкыргын.
Муздактан түшүп келет – деп,
Казынанын ичинде,
Окоро өргөн чоң жүгөн,
Ооздук алтын күмүштөн,
Буладан түйгөн ак нокто,
Берениң атаң барында,
Мен түйдүрдүм эле зор нокто,
Бууданыңа сала көр.
Ак кийизге тиккемин,
Кара үңкүрдүн ичинде,
Капталы темир кашы тал
Атаңдан калган ак каңкы,
Коло менен күмүштөн,
Чыранча салып көктөгөн.
Тартып көктөп ала албай,
Далай балбан өксөгөн,
Күтүүчү болсоң мүлк ошол.
Айланайын айнегим,
Ар тараптын баарысын,
Абакең көзү бар болсо,
Балалык кылбай Бакайдан,
Бар маанисин сурап ал!
Булуңдун бери четинде,
Болгундан кылган чоң ичик,
Акыңдан кечкин аба – деп,
Бакай канга кийгизгин.
Кабылан атаң барында,
Кан Бакай кадимкидей болор –
деп,

Кара тыштуу чоң ичик,
Казынаңды кайтарган,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Бөлөкбайга кийгизгин.
Карына булдун четинде,
Мекеден келген супжоолук,
Берeним Манас атаңдын,
Бетине жапкан чоң жоолук,
Бейлеп чунак ала кел,
Жан калтаңа сала кел.
Калкыңа шилен бердирип,
Мал ататып мууздатып,
Желмаянды баш кылып,
Кабырын тайып келе көр.
Айттым сөздүн маанисин,
Уктуңбу чунак даанасын.
Жер ортосун сурасаң,
Аркы кеткен кашка жол.
Анжыян,Кашкар жолу  – деп,
Ага кирбе жалгыз – деп.
Бурулуп кеткен күн чыгыш,
Мыкачынын жолу –деп.
Орто кеткен орто жол,
Ногойго барчу жол ошол.
Баатыр Манас атаңдын,
Бастырып жүргөн жери ошол.
Нары барыш алты күн,
Бери келиш алты күн,
Ойлонгун жалгыз бул кепти,
Он эки күндөн өтпөй кел,
Он үч күнгө жетпей кел.
Он үч күнгө сен жетсең,
Букардагы энеңди,
Эмгектүү күндү көрдү де,
Карегим сенден ажырап,
Кайсы күндү көрөрбүз.
Эки энеңди өлдү де.
Жакыпкандай какбашты,
Өлтүрсөң койсоң өзүң бил,
Эки энең баргыча,
Эки арамды тим койгун.
Жолуңду кудай жолдосун,
Жолборс атаң колдосун!
Жазыктуу кылбай энеңди,
Жалгызым эрте келе көр!?
Жалгызым эрте сен келсең,
Эртерээк элге жеткиргин.
Эки энеңди көчүрүп,
Кагылайын айнегим,
Калкка бизди жеткирсең,
Жолуңду кудай жолдосун!
Жоболоңдуу жарыгым,
Жолборсуң атаң колдосун!
Алты кабат бир желдик,
Айлана басып капшырдым,
Алтымыш пирге кол берген,
Акырет кеткен атаңдын,
Арбагына тапшырдым.
Жети кабат бир желдик,
Жемире басып капшырдым,
Жетимиш пирге кол берген
Касиеттүү атаңдын
Арбагына тапшырдым.
Саламат барып сак келгин,
Сагындырбай бат келгин.
Эсен барып соо келгин,
Эриктирбей бат келгин.
– Эне, көп айтпагын сөзүңдү,
Кечикпей эне кетемин,
Кең-Колго эрте жетемин.
Канча дубан ашамын,
Касиеттүү Кең-Колго,
Кайсы убакта жетемин.
Жообобочу энеке,
Жолдун айтчы маанисин.
– Жолборстун уулу жарыгым,
Жол маанисин мен айтсам,
Кулагың салгын мага – деп.

Кейибей уккун жалгызым,
Кеп айтайын сага – деп,
Менден чыгат сонун кеп.
Мындан ары бет алсаң,
Бөкөйдүн бөксө жол келет,
Мелмилдеген чөл келет.
Андан өтүп алган соң,
Кең Букардын чети ошол.
Андан ары бет алсаң,
Жоргонун белин эңкейгин,
Жолборсуң атаң колдосун.
Андан өтүп алган соң,
Төлөктүн белин эңкейгин,
Күйүттүү энең бул ашкан.
Андан өтүп алганда,
Азык-түлүк түгөнгөн.
Айласы кетип энеңдин,
Жалгыз жилик эт калган,
Эки чыны сүт калган.
Эки энең өлмөк болгондо
Ит минбеген байкуштар
Атка бою жанчылып,
Карылыгы курусун,
Касиеттүү чоң энең,
Жарым чыны сүт алып,
Жарым жилик эт алып,
Чачтай кылып эт туурап,
Жарыгым сага бергенде,
Ак эмчектен сүт чыкпай,
Айнегим ачка өлөт – деп,
Айлам кетип турганда,
Чырм этип уйку албадым,
Чыканактап койбодум.
Санабай жылдыз батырдым,
Күлбөй күндү чыгардым.
Кийин шашке болгондо,
Күлүктү сайдан чыгардым.
Жаратканга жалынып,
Акырет кеткен атаңдын,
Жалгызымды колдо – деп,
Арбагына жалындым.
Ишиңди кудай колдогон,
Азык-түлүк түгөнүп,
Ачкадан өлмөк болгондо,
Кайып уулу кырк чилтен,
Айнегим сени колдогон.
Жаңыдан тууган ак кайып,
Жаш бала сени эмизген.
Айнегим саа ийиди,
Ак нур кетип аркырап,
Айнегим өзүң тойгон соң,
Асманга учту заркырап.
Ак уузу менен Букарга,
Аман-эсен жеткенбиз.
Ак аркар эне колдо – деп,
А белден өтпөй түнөй көр.
Аны басып өткөн соң,
Ар жагынан карасаң,
Кыз-Мазар деген жер келет.
Анын ары жагында,
Каркайган кара таш келет,
Кара кыя жол келет,
Калың ногой журтуңа
Кагылайын айнегим,
Ошо жол жакшы оң келет.
Андан өтүп алган соң,
Ар жагынан байкасаң,
Үч айрылыш жол келет.
Аякы кеткен кашка жол,
Анжыян, Кашкар жолу ошол.
Бурулуп кеткен жогорку,
Күн чыгыш кеткен бир жол бар,
Бура тартып аа кир,
Мыкаачынын жолу ошол.
Ортонку кеткен орто жол,
Ошо жолго сен кирсең,
Койчу атакең падыша,
Коконго кылган кордукту,

Көрсөттү Манас зордукту.
Манастын уулу кетти- деп
Букардан канкор келет – деп,
Кокондун каны келет- деп,
Чеп орнотуп жолуңа,
Каршы тосуп калбасын.
Каныкей байкуш энеңди,
Кайгыга салба жарыгым,
Зар чымынга чыдабайт.
Жалган түштө өтө көр,
Кең Таласка жете көр.
Кыз-Мазар белин эңкейсең,
Боз адырмак жер ошол,
Энеңдин эмгегин тарткан бел
ошол.
Белге чыгып барганда,
Маңдай жагын байкасаң,
Бурулуп түшкөн боз мурун,
Боз-Сеңир деген жер ошол.
Кара суунун кашатка,
Төрт күлчеке салдырдым.
Касиеттүү атаңа,
Ак сарай күмбөз салдырдым.
Баткалышкан заңкайып,
Маңдайыңдан көрүнөр.
Толгомо саптуу ак камчы,
Сол бөйрөккө таянып,
Султаным атам- деп баргын.
Оң бөйрөкө таянып,
Ойронум атам- деп баргын.
Ишиңди алда оңдосо,
Күмбөздүн ичи жаңырып,
Асыл султан атаңдын,
Арбагыминтип үн салат.
Алакан жайып, кол ачып,
«Асыл ата колдо»- деп,
Алакан жайып дуба оку.
Андан жалгыз аттанып,
Күн чыгыш көздөй жол кетер,
Ошо жолго түшө көр.
Бөкөйдүн бөксө жолу бар,
Төрт-Күлдүн төмөн жагы бар,
Төрө атаңдын сайган багы бар.
Айланайын айнегим,
Менин айтар сөзүм дагы бар.
Кырка чыккан талы бар,
Бириси тирүү жаныбар,
Чыбыкка түнөп ала көр.
Таң тыяктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Чымчык быркылдап талга
конгондо,
Таң сөгүлүп атканда,
Намазга эрте тура көр.
Эки сүннөт, эки парз,
Багымдат окуп ала көр.
Сүннөтүн окуп болгон соң,
Депкир айтып түшүрүп,
Парзына карап калганда,
Чаар жолборс чамынып,
Алып салчу немедей,
Алдыңа келер айкырып.
Андан сезбей окуй көр,
Алпкаракуш зымырык,
Алдында турар талпынып,
Андан сезбей дагы оку.
Көсөө куйрук көк дөбөт,
Көт жагыңдан карсылдар,
Аа кылчайба айнегим
Белиңе келип чырмалар,
Мындан сезбей окугун.
Алтын таажы башында,
Асасы бар колунда,
Кызыл чийкил думана,
Чарк уруп турар кашыңа.
Баарынан сезбей окусаң,
Шай колдогон атаңдын,
Пирлери келет өзүңө.

Колдойт сени кырк чилтен,
Жаасын айтып жакшы оку.
Андан туруп аттангын.
Алакан жайып дуба кыл,
Арчалуу мазар белести,
Акырын ашып эңкейсең,
Кең-Кол деген жер келет,
Келбеттүү ногой эл келет.
Муну көрүп аларсың,
Айланайын жарыгым,
Пайгамбар сындуу бабакең,
Бакай сындуу абакең.
Тилегим кудай береби,
Жыл он төрт жыл болду.
Үч жашарда кетти эле,
Он жетиге чыккандыр,
Ошол жалгыз бар болсо,
Жоболоңдуу Каныкей,
Жолборстун уулу жетимди,
Жолго салып ийеби  – деп,
Жолуңду тосуп жүргөндүр.
Көк ырапыс тон кийген,
Ак селдеси башында,
Сыйкыры бар кашында,
Көк чыбык мылтык асынып,
Көк карчыга колунда.
Жобо бойлоп эр Бакай,
Жолуңдан каршы табылар.
Ар азаптын баарысын,
Жакып кандын дайынын,
Жамандардын маанисин,
Абакеңен сурап ал.
Кагылайын жарыгым,
Кан Бакайды ээрчитип,
Кара-Кыя бет алып,
Казынаңа бара көр.
Казынанын маанисин,
Абакең билет дайынын.
Бөлөкбайды таба көр,
Көрүшүп алып өтө көр,
Какбашка мурун жете көр.
Арам кыял Жакыптын,
Башын кесип ала көр.
Арамдарга кол тийбе,
Чийкелей этин жеймин – деп,
Канын ичип салбардын,
Арманы чыксын энеңдин.
Айланайын жарыгым,
Жолуңду кудай жолдосун,
Жолдошуң Кыдыр колдосун!
Эми колуңду берчи маа – деп,
Көрүшөмбү саа – деп,
Эрте барып жадал кел,
Эки энеңди зар кылба.
Эриктирбей бат келчи,
Каракандын шаарында,
Каныкей байкуш энеңди.
Капа кылбай бат кел – деп,
Кулагың салчы сөзүмө.
Бармак болдуң жериңе,
Бат көрүнгүн көзүмө.
Аман келгин жалгыз – деп,
Алкымынан бек жыттап.
– Айланайын энеке,
Эки энеке эсен тур,
Жалгызың кайтып келгиче,
Санаа тартпа энеке.
Ар жабдыгым алармын,
Атам Манас өлгөндө,
Азаптуу күндү көрсөткөн,
Абыке, Көбөш эки арам,
Жамандарга барармын,
Атамдан калган мурапым,
Ар жабдыгын алармын.
Аколпок менен Аккелте,
Жарагымды салынып,
Жаратканга жалынып,
Бууданын кармап минермин.

Эсен болсо жарыгың,
Эки эне саа келермин.
Кокондун колу бар дедиң,
Алда кандай иш болот,
Таятакем Каракан,
Караолпогун сурап бер.
Караолпокту киейин,
Камандай болгон сарттарды,
Кайсап алып өтөйүн.
Тонунун күчүн берсин де,
Томсорбой эне сурап бер.
– Кагылайын айнегим,
Караолпогу курусун,
Атамын жүзүн көрбөскө,
Каргыш алган жерим бар.
Кабылан Манас атакең,
Төркүлөткөн башында
Караолпокту суратып
Бейбак энең келгенде,
Бербей койгон Каракан.
Бир тонду алып бербейт – деп,
Канкор Манас атакең,
Кайгыга салып бейбакты
Кырк күнү салынды кылган болучу.
Асыл атаң Манаска,
Акылым менен жаккамын.
Кырк эки күн болгондо,
Салынды болгон мен бейбак.
Каныкейди кыйнаба,
Каракан жүзүн көрбөймүн,
Акыретте көрбөсөм,
Жалганда жүзүн көрбөймүн.
– Капа болбо Каныкей,
Каргышың кара суугa болсун – деп,
Бербесе атаң бул түндө,
Көргөзөмүн сонунду.
Кусуру урса мени урсун,
Кейибей эне бат айткын.
Кесири урса мени урсун.
Каракандай атакең,
Караолпогун бербесе,
Букарды мурун чабамын.
Калкына кыргын көрсөтүп,
Кара элечек кыламын.
Ойрон салып Букарга,
Олпогун минтип аламын.
Калкына кыргын көрсөтүп,
Кара элечек кыламын,
Калкыма эрте барамын.
Баласы кысып турганда
Оң карап күлүп Каныкей,
Сол карап ыйлап солкоюп,
Каныкей басты колкоюп.
Ак эшикти ачпастан,
Босогодо болуктап,
Ыйлап турду солуктап.
Кареги ыйлап турганда,
Кызынын үнүн укканда,
Ак байбиче энеси,
– Эмне келдиң балам – деп,
Жүгүрүп чыкты чыркырап.
Ошо күндөн ушу күн,
Үч жашарда жалгызды,
Ысмайылга бергенде,
Ак жолтой тууган жарыгым,
Артыңдан эркек келгенде,
Айланайын жарыгым,
Тилегим кудай бергенде.
Атаганат жетимиң,
Он жети жашка келгенче,
Эшикке келбес жарыгым.
Эмгекке салып энеңди,
Эмне келдиң бул жерге?
– Кагылайын энеке,
Каракан жүзүн көрсөтпө,
Акыретте көрбөсөм,

Атамын жүзүн көрбөймүн,
Жалганда жүрүп көрбөймүн.
Үч эшен тартып эр болуп,
Эмгегин тарткан жалгызың,
Эр уул менен тең болуп,
Барамын деп Кең-Колго,
Баатырдан калган жалгызың,
Кең-Кол менен Таласты,
Канкордун уулу жетимиң,
Көрөмүн деп жатыптыр.
Барамын деп ээлигип,
Баатырдын уулу жээлигип,
Кабылан күйөөң падыша,
Коконго кылган чоңдукту.
Туйгун күйөөң падыша,
Коконго кылган чоңдукту.
Туйгун күйөөң падыша
Душманга кылган зордукту.
Кокондун колу жолунда,
Каракан бачым бара көр,
Караолпок күчүн берсин дейт,
Канкордун уулу жалгызың.
Караолпок күчүн сен берсең,
Калкыма барып келем дейт.
Каракан кызы Каныкей,
Кайра басты бул кызың.
– Караолпогум бербеймин,
Жоболоңдуу жоо келсе,
Жоого кийчүү олпогум.
Атышар душман табылса,
Караолпогум жок болсо,
Бөөдө өлүм боломун.
Жалганчы жарык дүйнөдөн,
Акырет көздөй кеткенде,
Бетиме жапчу олпогум,
Бербейм канчык бул тонду.
Каракан минтип айтканда,
Каарданды байбиче:
– Арам кыял ит какбаш,
Ушул сөз оозуңа,
Кантип батты экен,
Асылдан калган айнекке,
Касиеттүү жалгызга,
Бербейт деген эмне.
Кабыргаңдан кагынып,
Канакей каным өлгөнүң,
Караңа менин кийгеним.
Кана туйгун каным өлгөнү,
Кана тулуңа тонуң салганың
Беренден калган жалгызга,
Бербейт деген эмне,
Бербей койчу көрөйүн.
Ак куржунду алды эле,
Караолпокту алды эле.
– Алып барып бергин – деп,
Каныкейге берди эле,
Каныкей кайра басты эле.
Алып келип чоң тонду,
Арстандын уулу кийди эле.
Эми ногойду көздөй жүрмөккө,
Камынып калды Семетей.
– Таякем бачым келсин – деп,
Ысмайылды чакыртып.
Эр Ысмайыл турчубу,
Бозтокол менен сойкойтуп,
Кырк чоросун ээрчитип,
Кырк чоро башы Окору,
– Жалгызга жолдош болгун – деп,
Жалгыз жээним алгын – деп,
Жарактын баарын берди эле.
– Жалпы ногой журутуңа,
Жалгыз барба – деп,
Көөдөк Көбөш чочкого,
Көркүң менен баргын – деп,
Он миллион кол берем,
Ногойго анан баргын – деп.
– Кой таяке сөзүңдү.
Бул эмне дегениң,

Коркок киши өңдөнүп,
Кол сурабайм сенден – деп.
Абыке менен Көбөштөн,
Арамдан коркуп абаке,
Кантип колду аламын.
Калың ногой журтума,
Кай бетим менен барамын.
Жалгыз барам ногойго,
Жалпы колуң кайтаргын.
Сенден аскер алгыча,
Туйгун атам Манастан,
Туулбай туна чөгөйүн,
Бу көрөкчө өлөйүн.
Кагылайын таяке,
Барам эрте ногойго.
Каршылык айтпайм саа – деп,
Кай бетим менен кол алам.
Жалгыз барам журтума
Жараткан кудай колдосо
Жамандын күчүн көрөмүн.
Кожоңдогон акмак сарт,
Кокондун күчүн көрөмүн,
Кош таяке эсен тур.
Жалпы журт менен көрүшүп,
Жалгызың эми жөнөдү.
Курандан аят окутуп,
Ак тулпарды токутуп,
Карандай кара суусар бөрк,
Ыргап башка үч кийип,
Келишимдүү жалгызың,
Кемер курун курчанып,
Кызыл өңү сур чалып,
Жарактын баарын чалынып,
Жаркыраган Семетей,
Жаратканга жалынып,
Өзү уккан жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Ак тулпарды булкунтуп,
Тизгин чоюп жулкунтуп,
Айбандан күлүк ак тулпар,
Жоргосуна тундуруп,
Басыгына көндүрүп,
Баатырдын уулу Семетей,
Түзү качып, түн катып,
Чыканактап койбостон,
Эси дарты салбарда.
Эки арамга жетмекке,
Эки буту салактап,
Атасынан бабасы,
Кара көңүл кайраттуу эр,
Ачуусу келип салбарга,
Атасы Манас өлгөндө,
Азаптуу күндү көрсөткөн.
Бака баш, кой баш эки арам,
Абыке,Көбөш төрт арам,
Дитине түшүп бул жаман,
Арак ичип мас болуп,
Абдан былжып алгандай,
Оозу мурдун жалактап,
Ээн жерде кезиксе,
Алган киши тунгандай,
Канкордун уулун карактап.
Түндө катуу жол тартты,
Ашуу ашып, таш басып,
Агыны катуу суу кечип,
Тогуз күнү жол тартты,
Ногойду карап оң тартып.
Арстандын уулу эр Семең,
Ак-Кыяны эңкейип,
Бешимде кирип келди эле.
Мындан өтүп алган соң,
Ак-Белестин түбүнө,
Ак аркар кайып эмизген,
Кабыландын баласы,
Намаз шамда келди эле,
Ак тулпарды жайдактап,
Терекке байлап салды эле.
Чайдоосуна чай коюп,

Азык-түлүк мол ичип,
Арстан уулу уйку алды.
Таң тыяктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Таң кашкайып сүргөндө,
Баатырдын уулу турду эле.
Терин кырып тулпардын,
Отко агытып жаш бала,
Башатты көздөй барды эле
Барып даарат алды эле.
Азан айтып Семетей,
Намазын окуп алды эле.
Жаасын окуп жаңы эле,
Жана бата кылды эле.
Күн шашке болгондо,
Күлүктү сайдан сугарып,
Ак тулпарды токунуп,
Ойрондун уулу Семетей,
Ногойду көздөй жүрдү эле.
Жоргонун белин эңкейип,
Жолборстун уулу түштү эле.
Кыз-Мазар бели тиги деп,
Семетей кирип келди эле.
-Таманын ташка тилдирип,
Кагылайын энеке
Канкордун уулун көтөрүп,
Кантип аштың ушуну.
Төлөктүн белин көрдү эле,
Эсине түшүп энеси,
Эңкейип түшүп болоктоп,
Баатырдын уулу солоктоп.
Андан өтүп Семетей,
Кызыл-Кыя, Кызыл-Кум,
Кум куюлган жол менен,
Буркурап ыйлап жаш бала,
Эки энесин көп эстеп,
– Ушундан кантип өттү – деп,
Көбүрөөк кейип сызылып,
Көңүлү минтип бузулуп,
Андан өтүп арстан,
Таластын белин эңкейип,
Талаага түшүп келгенде,
Күн жалган түш ысыды.
Кокондун колу ошондо,
Жалган түштө Семетей,
Дарбазасын талкалап,
Сарт чымынга чыдабай,
Саялап жаткан жеринде,
Ак тулпар менен сойгутуп,
Арстандын уулу өткөндө,
Көк кепичин кекейтип,
Аргымагын чуратып,
Он миллион кол жаткан.
Артынан жүрдү өчөңдөп,
– Тура тургун – деп, – бачагар.
Чоң мылтыгы колунда,
Сарттын баары чочоңдоп,
– Абдан узай түшсүн –деп,
Эр Семетей элеңдейт,
– Кайсы киши экен – деп.
Тушарына теңелип,
Ак-Талаага келгенде,
Артынан сарттын жеткенде,
Көрсөтүп баатыр бузукту,
Салды бала кызыкты.
Кылыч менен кыйратып,
Айбалта менен сулатып.
Кокондун колу кырылып,
Качканы качып кутулду,
Качпаганы байкуш сарт,
Ажалы жетип акмак сарт,
Кабыландан кырылды.
Кыргын салып кыйратып,
Кылчайбай урду кызталак,
Арпанын-Белин эңкейип,
Арстандын уулу түштү эле,
Берендин уулу бешимде,
Келди салкын кечинде.

Күйүп ыйлап Семетей,
Ак күмбөздү көрдү эле.
Кара-Суунун кашаттан,
Карап турса заңкайып,
Сарай турат калкайып,
Күмбөздү көрүп күйүгүп,
Эсеңгиреп шалдайып,
– Эсил Манас ата – деп,
Эми өкүрдү залкайып.
Ак тулпары менен болоктоп,
Арстан уулу шолоктоп,
– Атаке Манас колдо – деп,
Күмбөзгө түштү болоктоп,
Буркурап ыйлап солоктоп.
– Баатыр ата колдо – деп,
Балаңды Манас жөлө – деп,
Мамыга байлап тулпарды,
Күмбөзгө кирди буркурап.
Кабырын көрүп кайран эр,
– Кабылан ата өлбөй кал,
Кайгыны балаң көрбөй кал.
Эсилим атам өлбөй кал,
Эмгекти энем көрбөй кал.
Кунан жорго мингизип,
Алтын күрмө кийгизип,
Арт жагындан ээрчитип,
Анан Манас өлсөңчү.
Арамдардан чоңдугун
Артыңдан балаң көрсөмчү,
Аталаш алтоо болгончо,
Эмчектеш экөө болсочу.
Бууданым атам өлбөй кал,
Муңду энем көрбөй кал.
Арстаным атам өлбөй кал,
Азапты энем көрбөй кал.
Курбуга чыккан жалбыздык
Атам Манас өткөндө
Кууратыпсың жалгыздык.
Тектирге чыккан жалбыздык,
Теги атакем өлгөндө,
Тентитипсиң жалгыздык.
Сүрөтүн көрүп Манастын,
Ойлоп турат жалгызы.
– Ногойдон чыккан шер экен,
Олуязаада неме экен.
Капыр менен мусулман,
Аким болуп сураган
Аябаган шер экен,
Кызматын кылып Каныкей,
Энемдин бул кылган иши эп экен.
Кайрат кылды кайран эр,
– Бууданым атам сен тургай,
Муңдуу бала мен тургай,
Мурункулар өлбөсө,
Муңайып кана калгандай,
Баатыр атам сен тургай,
Байкуш балаң мен тургай,
Байыркылар өлбөсө,
Пайгамбар кана жалганда,
Жылкыдан тууган кер да өткөн.
Найза кармап эр да өткөн.
Арстаным атам сен тургай,
Азирет Аалы шер да өткөн,
Үрүстөм дастан эр да өткөн.
Ушу жалган дүйнөдөн,
Өлбөй тирүү ким калат.
Амир-Темир шер да өткөн,
Үч түркүн шейит пенде өткөн.
Ошолор болсун жолдошуң,
Жолдошуң эмес жолборсуң.
Айткан менен пайда жок,
Артыңдагы жалгызды,
Атаке Манас кан султан,
Арбагыңыз колдосун.
Ар азаптын баарысы,
Аяк жагын байкаса,
Чийилүү турат сарайда.
Байкап окуп баласы,

Абдан болжоп окуса,
Капыр менен мусулман,
Аким сурап чоң болгон,
Ар кылган иши оң болгон.
Касиеттүү Манастан,
Качып жүрүп жоголгон.
Атасы Манас зор экен,
Мусулмандан чоң экен.
Жазууну окуп бүткөн соң,
Жалгызы жүрдү Таласка,
Намаз шам менен дигерде
Төрт-Күлдүн төмөн жагына
Кыдыра чыккан талы бар.
Чырпыгы чынар болуптур,
Чырпык бүрдөп алыптыр.
Зыярат кылып булакка,
«Баатыр ата колдо» деп,
Мазарына түнөдү.
Таң сөгүлүп атканда,
Намазга туруп ошондо,
Була көйнөк, суб дамбал,
Буластап басты Семетей.
Барып даарат алды эле,
Азан айтып эр немең,
Намазын окуп алды эле.
Алакан жайып дубаны,
Арстандын уулу аттанып,
Кенебеген кайран эр,
Кең-Колго кирип келди эле.
Үч-Кошойдун бөксөгө,
Салып чыгып келди эле.
Кең-Колдун боюн караса,
Кара-Буура Чаткалда,
Кайкайып жатат көп ногой,
Муну көрүп баланын,
Мууну-жүүнү бошоду.
– Атаны жалган дүнүйө,
Жылгындуу Кең-Кол жер экен,
Жыргап жаткан эл экен.
Азат айтса пайда – деп,
Абакем Бакай кайда? – деп,
Сандыргалуу Семетей,
Салып түшүп келди эле.
Орто-Токой улуу жол,
Ошону менен келатат.
Жалган түштө жалгызы,
Келбеттүү ногой элине,
Келди Кең-Кол жерине,
Орто жол менен желдирип,
Ногойду көздөй келатат.

## БАКАЙДЫН ЖАКЫПКА СҮЙҮНЧҮЛӨП КЕЛИШИ. ЖАКЫПТЫН СЕМЕТЕЙГЕ УУ БЕРГЕНИ. ЖАКЫПТЫН ӨЛҮМҮ

– Төрөмдүн уулу келет- деп,
Төө кайтарган абасы,
– Жолборстун уулу келет- деп,
Түндөгү түшүм оң эле.
Манастын уулу жалгызым,
Келе турган жолу эле.
Букарга кеткен чырагым,
Муңдуу жалгыз келеби?
Бууданын кармап минеби?
Муну Бакай көрөбү?
Какбаш Жакып колунан,
Ак олпогун кийеби?
Арстандын уулу келеби,
Улуксат сурап алып,
Жакыпты көздөй барабы?
Кырк атанды жуушатып,

Кыр ылдый салды эр Бакай.
Жакып канга келди эле
Жакыпка салып келген соң,
Салам айтып Жакыпка,
Бакай кирип келди эле.
– О Бакай балам төө кайда?
Ак баш атан баш болуп.
– Кагылайын кан Жакып,
Кара-Буура кашында,
Алкымда жатат атандар.
Асыл Жакып падышам,
Улуксат бергин Бакайга,
Көк карчыга куш алып,
Кара-Суу көздөй барайын,
Кайырма сууну илдирип,
Кайра салып келейин.
Баарысын таза жулдуруп,
Жаркыным Жакып зор каным,
Бакай кургур мен шордуу,
Палоо басып берейин.
– Бакайым эрте барып жадал кел,
Төө жоголсо кан Бакай,
Көрбөгөндү көрөсүң,
Ажалдан мурун өлөсүң,
Азапты Бакай көрөсүң.
– Каңкылдабай бастыр – деп,
Кан Жакыпка кеп айтты,
Байбичеси Бакдөөлөт,
– Бакай тура турчу – деп айтты.
Асыл Бакай кантесиң,
Ачууланды Жакып – деп,
Ага тардыгып нетесиң.
Эриккениң жазып кел,
Бир немени билбегин.
– Ой жеңетай Бакдөөлөт!
Эсенгиреп мен Бакай,
Эмгектүү тууган кургурдун,
Ар нерсе түшөт эсиме.
Азаптуу байкуш мен Бакай,
Санааны эстеп чыгарып,
Эптеп эриккеним жазайын.
Эртеги кеткен султанды,
Эстебей кантип коёмун.
Баатырды эстен чыгарып,
Эптеп кушту салайын.
Эки арамга көрүнбөй.
-Көрүнбө Бакай кайним,
Көрүнсөң Бакай кайним
Жамандар жабыштыра чаппасын.
Ажалдуу пенде өлүүчү
Артындагы калганы,
Азапты минтип көрүүчү,
Ардыкпа Бакай ардыкпа!
Жакыптын ал тилине тардыкпа,
Кагылайын кайним,
Капа болбой жүрө бер.
Арстандын көзү өткөн соң,
Аа тардыгып нетесиң.
Капа болбой канкорго,
Кайрат кылып жүрө бер.
Арамдарга билинбей,
Асылым Бакай бат келгин.
Кайраттанып кан Бакай,
Көк карчыга куш алып,
Көк ала ат менен сойкойтуп,
Жүрөгү туруп делөөрүп,
Кара суу бойлоп кан Бакай
Кайырма сууну алдырып,
Түндөгү түшүм оң эле,
Азабың тарткан айнегим,
Быйыл келе турган жолу эле.
Башыма чолпон тийди эле,
Таңга жакын түш көрдүм.
Аягыман ай жаңырып жатты эле,
Ак боз ат минген жаш бала,
-Асылым апам аман – деп,
Алдыма келип жатты эле.
Кыдыр Назыр колдосо,

Жалгызга кудай жол берсе,
Баатырдын уулу көрүнсө,
Бакай алкымынан бек жыттап,
– Амансыңбы жалгыз – деп,
Садага чаап жалгызга,
Алдына мурун кетсем – деп,
Падышам тирүү келгендей,
Алда таала кудурет,
Азабымдан айрылып,
Анан кийин өлсөм – деп.
Абыке менен Көбөштөн,
Айланбай өчүм алсам – деп.
Кан Бакайды токмоктоп,
Кайгы күндү көрсөткөн
Кан Жакыпка барсам – деп.
Айнегимди көрсөм – деп,
Арманымдан айрылып,
Анан кийин өлсөм – деп,
Арманым чыгат ошондо.
Манастын көзү өткөндө,
Бакай азап көргөндө,
Асылым султан өлгөндө,
Азапты Бакай көргөндө.
Асыл айнек жалгызы,
Муңун тартып Каныкей,
Арстанымды төрөгөн.
Эки байкуш зайыптыр,
Өңөрүп алып жалгызды,
Букарга кеткен буулум – деп,
Муңун тартып кетти эле,
Буудандан калган уулум – деп,
Кеткени он төрт жыл болду,
Он жети жашка чыккандыр,
Эрмейип атка минсечи,
Элине жалгыз келсечи,
Эмгектүү Бакай көрсөчү.
Алда жалган дүйнө ай,
Кабылан султан барында,
Карагай найза колго алып,
Айкын ала түзгө алып,
Коңур салкын күзгө алып,
Айдарканды чапканда,
Сарала жылкы алганда,
Манас жүрдүң кол баштап,
Бакай жүрдү жол баштап,
Мында өлбөй не болдум.
Бууданым сенден айрылып,
Бу кордукту не көрдүм.
Эл жайлоого чыгарда
Кыз-Мазар белин эңкейип,
Кылымды барып чапканда,
Кызын олжо кылганда,
Кыйынсынып Бакай жол баштап,
Кылыктуу султан кол баштап,
Кыздан олжо алганда,
Мында өлбөй не болдум.
Муңуңду тарттым мен шордуу,
Корумду кыя ашканда,
Коконду барып чапканда,
Койчу Бакай жол баштап,
Кокуй Манас кол баштап,
Олжого мисир болгондо,
Ошондон өлбөй не болдум.
Бу жорукту не көрдүм.
Муң аралаш бу башым,
Кагылайын кан султан,
Баарысын айтып нетейин.
Асылым Манас өлбөй кал,
Тишим буудай болгуча,
Сакалым куудай болгуча,
Санааны тартып куурадым,
Алыска кеткен айнектин,
Санаасын тартып куурадым.
Бөкөйдүн бөксө жолуна,
Салып чыгып Бакайың,
Жалгыз көздүү дүрбүмдү,
Жаныман сууруп алайын,
Жалгызым келип калбасын,

Жайлоону көздөй салайын,
Жаманды көрүп алайын.
Жерди карап алайын,
Жерим алыста болсо,
Жээк жол көздөй салайын.
Же жоболондуу Каныкей,
Жолборстун уулу түгөттү,
Жолго салып ийбесин,
Арстаным уулу келбесин.
Азаптан мени арылтып,
Айнегим быйыл келбесин.
Тулпардан калган туягым,
Тумшугу жок Бакайга
Туйгундан калган чунагым.
Шумкардан калган канатым,
Баатырым Манас барында,
Талаага кетти санатым.
Он жети жашка толду де,
Кешиги жок Бака йга,
Келер маалы болду де.
Асылым айнек көрүнсө,
Сарыбашыл ак эркеч,
Садаганы чапсам – деп,
Жакып канга барсам – деп,
Эсирип жаткан Жакыптын,
Эсин минтип оодарып,
Сүйүнчүлөп барсам – деп.
Сүйүнчүлөп Жакыптан,
Эптеп көйнөк кием – деп,
Арманым жок ошодо.
Андан жүрүп аттанып,
Андан чапан кийсем – деп.
Баары кары ногойдон,
Канкордун уулу келди – деп,
Сүйүнчүнү алсам – деп.
Көп ногойду чогултуп,
Элиме шилен берсем – деп.
Жалгызымды ээрчитип,
Жамандар менен Жакыпка,
Атаганат барсам – деп,
Арка кылып айнекти.
Эсебимди тапты эле,
Башымды жара чапты эле.
Алты күнү кансырап,
Араң жаным калды эле.
Ал өчүмдү алсам – деп,
Көөдөк Көбөш чочкого,
Көөсөргө чыгып барсам – деп.
Кой кырккандын күзүндө,
Сүйрөтүп жүрүп Бакайдын,
Кабыргасын кыйратып,
Алача көөкөр үйлөтүп,
Анда эсим ооду эле.
Айнегимди ээрчитип,
Арамдан өчүм алсам – деп,
Арманым чыгар ошондо.
Арман кылбайм жалганга
Тилегим кудай береби,
Азабын тарткан туягым,
Арстандан калган чырагым.
Жаркыраган жалгызым,
Кан султандын баласы,
Кабылан жалгыз келеби,
Кан Бакай аны көрөбү?
Карып калган чагымда,
Кайгы күндү көрсөткөн,
Кан Жакыпка барсамчы.
Жакыпты жарып салсам – деп,
Асылдын көзү өткөндө,
Арманым мында чыгабы?
Азаптуу күндү көрсөткөн,
Айнегим бүгүн келсе – деп,
Абасы Бакай көрсө – деп,
Айнегим жалгыз келсе – деп,
Канкорум туруп келгендей,
Карып болгон кан Бакай,
Кадимкидей болсом – деп,
Алмамбет, Чубак барындай,

Серек, Сыргак барындай,
Термелип ыйлап эр Бакай,
Семетейди көрсөм – деп,
Баки журтум чогултуп,
Калкыман бата алсам –деп,
Анан Бакай өлсөм – деп,
Арманым чыгар ошондо.
Каракандын төрүндө,
Он төртүнөн нарк бузган,
Кабыланыма тийгенде,
Кылымдын баарын кырдырып,
Кырк чоро жыйып калк бузган,
Кылыктуу бейбак не болду.
Асылдан калган айнектин,
Балтыр эти толгондур.
Манасты тартса жарыгым,
Кайгысын тарткан карегим,
Күнгөйдө жолду өлчөдү,
Мындан караан көрүнбөйт.
Орто жолду ойлосо,
Бурулуп чаңы көрүндү,
Бу чаңды көрүп алганда,
Муңдуу Бакай канетсин,
Жанындагы дүрбүсүн,
Капчыктан алып кан Бакай,
Чыгырыгын имерип,
Чындап карап турду эле.
Улуу жол бойлоп сойкунтуп,
Тизгин чоюп жулкунтуп,
Түрү качып, түн каткан,
Балгыр беттүү, ак жүздүү,
Баланын жайын байкаса,
Баатыр Манас бул өңдүү,
Эңчегер бойлуу, сары өңдүү,
Эптеп турса эр Бакай,
Эр Манасы бул өңдүү.
Сүлөбөтү сүмбөтү,
Байкуш Бакай байкаса,
Атка олтурган келбети,
Атасы Манас бул өңдүү.
Шакардай ичи кайнаган,
Эрдин кесе чайнаган,
Эр мүчөлүү бир бала,
Желке чачы суюлат.
Өңү кетип бурулуп,
Таңкы тийген чолпондой,
Көзү айнектей бир бала,
Келе жатат ошондо.
Жылтыр, жылтыр жалт этет,
Торко кийген өңдөнөт.
Тыпыр, тыпыр чаң чыгат,
Жорго минген өңдөнөт.
Кан Бакайың байкаса,
Камандай болгон бир бала,
Кайсаганы камандай,
Качырганы жолборстой,
Телегейи тең эмес,
Баласы болсо бу киши,
Манасыңдан кем эмес.
Айнеги болсо бу киши,
Атасынан кем эмес.
Оозунан жалын шаркырап,
Көзүнөн оту чачырап,
Калкын көрүп жаш бала,
Кан Жакыпты санаса,
Каалгадай кашка тиш,
Тамам тиштеп ийгенде,
Таруудайдан быркырап.
Бакай көрүп сүйүнүп,
Баланын түрүн көргөн соң,
Же, Манастын жээниби?
Же, Манастын тайыбы?
Же, кайнардын кара көзүбү?
Же, как жалгыздын өзүбү?
Же, жолоочу киши бу болсо,
Же, жообун алып ошонун,
Жолго салып ийесиң.
Же, урушар мыкты шер болсо,

Же, сөзүн угуп алайын,
Алкым жолго салайын,
Абыке, Көбөш баатырга
Жетип кабар берейин.
Жеткирбей камап алайын,
Тилин сууруп салайын.
Кыр ылдый Бакай салды эле,
Балага кирип келди эле,
Алда кандай түгөт – деп,
Акырын кармап албасын,
Жакын барып нетейин
Душман болсо кубалар
Көк ала ат буту бар болсо,
Кадамы каткан Бакайды,
Алып качып кутулар,
Ажалы жетсе тутулар.
Баланын маңдайына келди эле,
Салам айтты жаш бала
Алик алды эр Бакай.
– Алеки салам чырагым,
Ат ыргайдай болуптур,
Бит торгойдой болуптур.
Алыскы жерден жол тартып,
Ат чаалыгып калыптыр.
Чырагым кайдан келесиң?
Бүшүркөп турам өзүңдү,
Бузбай айтчы сөзүңдү.
Сөлөбөтүң, сөөлөтүң,
Манаска окшош экенсиң,
Оозунан түшүп калгандай
Же, Манастын тайысың.
Уялаш жалгыз Карлыгач,
Же, Карлыгачтан туулган,
Же, Манастын жээнисиң.
Же, кайнардын кара көзүсүң,
Же, кан султан Манас тукуму,
Же, как чунактын өзүсүң.
Же, муңун мында тарттырып,
Же, муңдуу жалгыз өзүсүң.
Же, жолоочу болсоң жол мына,
Же, урушар мыкты шер болсоң,
Он сан ногой эл мына!
Абыке, Көбөш эр мына!
Алуучу болсоң эл мына!
Дайныңды айткын бачым – деп,
Эрегишер эр эмес,
Эр Көбөш деген мыктым бар.
Ат үстүнөн салышсаң,
Алдырып ийчү неме эмес,
Кырк жайсаңы жанында,
Жеке жалгыз сен эмес,
Жаңкы Көбөш баатыр шер,
Жазганып калчу неме эмес.
Бузбай айткын сөзүңдү,
Бүшүркөп турам өзүңдү.
Кайгылуу Бакай мен болбо
Кан атасын кайсаган
Кайгылуу жетим сен болбо.
Эмгектүү Бакай мен болбо,
Эсилим жалгыз сен болбо.
Айтчы балам сөзүңдү,
Калайыгың, калкың ким?
Калкыңды билген мыктың ким?
Жердеген жериң кайсы жер,
Бел байлаган эриң ким?
Калкыңды билген шериң ким?
Айтчы балам жөнүңдү,
– Койгун байым сөзүңдү,
Билбейм сенин өзүңдү.
Жөнүмдү сурап нетесиң,
Көк ала сакал абышка.
Элимди сурап нетесиң,
Жеримди сурап нетесиң,
Эримди сурап нетесиң.
Кең Букар деген жерим бар,
Эр Ысмайыл шерим бар,
Каракан деген каным бар.
Мен баланча шаарга барамын,

Жеримди сурап тургудай,
Ченчи киши мен эмес.
Эл маанин айткыдай,
Элчи киши мен эмес.
Кол курап чыгып атышар,
Баатыр киши мен эмес.
Өзүмчө шаарды аралайм,
Бээжинден кайра тартамын
Ардуу шаарды көрмөккө,
Атайын асыл Букардан,
Аттана чыктым ошондон.
Алыскы шаардан келемин,
Калдайган кара шаарың ким?
Кайсы кандын шаары? – деп,
Кара-Буура, Чаткалда,
Кайкайып жаткан айлың ким?
Айтчы чалым дайның ким?
Баткалышта боз айыл,
Кайсы кандын айылы экен?
Алкымдагы ак айыл,
Кайсы кандын айлы? – деп,
Боз суудагы боз ак үй,
Эл четинде чоң ак үй,
Кайсы олуяң үйү? – деп.
Алыскы жерден жол тартып,
Арып-ачып келемин,
Абышка бачым сөз айткын.
Бала ошентип айтканда,
Бакай кан туруп сөз баштайт.
-Бурбай айткын сөзүңдү,
Баштагы кеткен Манасты
Эсиме салды Таласты.
Кайгылуу Бакай мен болсо,
Канкордун уулу Семетей,
Карангүн чунак сен болбо.
Эр Манастан айрылган,
Эмгектүү Бакай мен болбо,
Эсилим жалгыз сен болбо.
Азаптуу Бакай мен болбо,
Алыскы шаарга тентиген,
Айнегим жалгыз сен болбо?
Кашкайып аккан булагым,
Кадамы каткан Бакайды,
Кайгыртпай айтчы чырагым.
Эртеги өткөн Манаска,
Эмине келдиң Таласка?
Оозунан түшүп калгандай,
Эткен окшош бала элең.
Бачым айтчы кебиңди,
Башта Манас эл эле,
Кара жолтой кара жер,
Кан султан Манас баатырдын,
Кең Талас, Кең-Кол жер эле.
Кешиги жок көп ногой,
Бу Манастын эли эле.
Жаркыным Манас султандын,
Жай жайлоосу жайык төр,
Жайлоосун айттым уктуңбу?
Койчу Манас султаным,
Кой күздүгүн алуучу.
Күз күздөөчү күрөң төр,
Кыш кыштоосу Манастын,
Узун-Булак, Кашка-Суу
Түз-Токой деген тиги ошол.
Күлгүнүм Манас барында,
Күркүрөп жүргөн жер ошол.
Манасынан айрылган
Күйүттүү Бакай мен ошол.
Эми Жакып жери бар,
Эр Көбөш мыкты шери бар.
Абыке деген эри бар,
Кан Жакып деген каны бар.
Канкорунан айрылган,
Кан Бакай деген мен болом.
Кара жолтой куу чалдын,
Кайсыны айтар алы бар,
Абыке, Көбөш малы бар.
Асылым Манас барында,

Алтын ээр, сырга каш,
Акмак ногой эл ошол.
Күмүш ээр, сырга каш,
Султанынан айрылган,
Күйүттүү ногой эл ошол.
Күйгөн Бакай мен ошол,
Күйгүзгөн Көбөш шер ошол.
Күрсүлдөгөн эр ошол,
Күйүттүү кургур мен ошол,
Күйгүзгөн Жакып эр ошол.
Жакын кудам экенсиң,
Каракан кызы Каныкей,
Кайгылуу катын бардыбы?
Эмгекти тарткан бир кемпир,
Эки зайып ээрчишип,
Элиңерге бардыбы?
Кең Букарда кан кудам,
Жериңерге бардыбы?
Кан султан Манас өлдү эле,
Кайгыны Бакай көрдү эле.
Как баш кан Жакып болгондо,
Асылым Манас өлдү эле,
Эмгекти зайып көрдү эле,
Азаптуу күндү көрсөтүп,
Арамдар минтип болду эле,
Муңун тартып жалгыздын,
Букарга алып кетти эле.
Муңдуу жалгыз бар бекен?
Ошол муңдуу жээниң бар болсо,
Сүйүнчүгө берейин
Кулунум, минип тургун атымды.
Ошонун дайнын кан кудам,
Эрбейип атка мингенин,
Эл катары болгонун,
Калкайып атка мингенин,
Калк катары болгонун,
Көзүң менен чырагым,
Көрө алдыңбы кулунум?
Эрешен тартып эр болуп,
Эр Манастын баласы,
Биле алдыңбы кан кудам?
Кеңкол, Талас жерине,
Орчундуу ногой элине,
Ошол барган жаш бала
Ээ болорун билдиңби?
– Баракелде абышка!
Макул алдым сөзүңдү,
Эмгектүү байкуш эжеден,
Кан кудам уктук эле өзүңдү.
Байкуш эжем айтчу эле,
Жездем Манас достусу,
Жебедей Бакай бар деди.
Манасымдын барында
Баатыр Бакай бар деди.
Каракан кызы Каныкей,
Салам дуба кеп айтты.
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрдү эжем.
Кан жездем жаңы өлгөндө,
Кайгы болуп кан жутуп,
Кары өлүккө жүк түштү,
Кайгылуу эжем бөк түштү.
Жалгыз жээним Семетей,
Бек байла куда белиңди,
Медер кыл ногой элиңди.
Курган киши экенсиң,
Кубат кыл, Абыке, Көбөш эриңди.
Кетирем чалым малыңды,
Капа болбо кан куда
Кара кыл Жакыптай каныңды.
Жалгыз жээниң Семетей,
Он жети жашка чыкты эле.
Кең-Кол, Талас жерине,
Он сан ногой элине,
Барамын деп ээлигип,
Аттанам деп жээлигип.
Атакең Манас деп угуп,

Кең Талас жериң деп угуп,
Эр Семетей кан жээним,
Эл жайлоого чыгарда,
Букарды калың тумоо каптады.
Сермелип атка мингенде,
Кара тумшук эжемдин,
Касиеттүү баласы,
Катындан болду карасы.
Бөдөнөдөй сакалын,
Бөлөк жулуп ыргытты.
Мурутун булкуп салды эле,
Бакырып ыйлап кан Бакай,
Камчы сап менен как басты,
Каңк дедире бир коюп,
Тоодой аттын үстүнөн,
Топ этип жерге тийди эле.
-Эмгекке бүткөн тал элем,
Эртеден кечке куурадым.
Эмгекке бүткөн жан элем,
Какая бүткөн тал элем.
Кара тумшук мен Бакай,
Кара жолтой жан элем.
Аманат кеткен алыска,
Айнегим жалгыз өлдүбү?
Кара тумшук Каныкей,
Жалгызынан ажырап,
Жалганда кантип калды экен.
Эки зайып куу тумшук,
Эрмегинен ажырап,
Эмине тирүү калды экен.
Эгем таала кудайдын,
Эки жаман Жакыптан,
Күн сайын токмок катуу жеп,
Жалгызды күтүп мен шордуу,
Кан жөткүрүп Жакыптан,
Кудай урган куу сакал,
Кубат кылып жүргөмүн.
Кан Жакыптын колунан,
Кан жөткүрүп жүргүчө,
Жалганда тирүү жүргүчө,
Муңдуу жалгыз менминби?
Жалгыздан калбай өлөйүн.
Тура калып кан Бакай,
Анан туруп сөз баштайт:
-Андай айтпа сөзүңдү,
Түндөгү түшүм оң эле,
Таңкы түшүм так эле.
Бакай деген куу тумшук,
Кудуретке ак элем.
Капа кылбай Бакайды,
Кара көңүл экенсиң,
Канкордун уулу өлдү – деп,
Кантип барды оозуңа.
Тамаша кылып айтпагын,
Душмандык кылып Бакайды,
Шылдың кылып атпагын.
– Ойноп айткан кебиме,
Ойсуз Бакай не болдуң?
Эркелеп айткан кебиме,
Эсилим Бакай не болдуң?
Же оюнуңбу, чыныңбы?
Эки энекем эр деген.
Кайраты мыкты шер деген.
Каныкей энем көп айткан,
Кан Бакай асыл эр деген.
Кайраты бар шер деген.
Канкордун уулу ойносо,
Катындан бетер ыйлайсың.
Кайнардын кара кан Бакай,
Көзү болуп калбасын!
Канкордун уулу Семетей,
Алдында турган жаш бала
Өзү болуп калбасын.
Башка келген заманбы,
Эки чанач сүт менен,
Эки тиштүү кой союп,
Эки семиз ат минип,
Эки арамдан калкалап,

Букарды көздөй качырган,
Муңдуу жалгыз менминби?
Бууданым Бакай сенсиңби?
Алыскы шаарга чоңойгон,
Арстандын уулу менминби?
Атамдан калган мурапым,
Абакем Бакай сенсиңби?
Башка келген заманбы,
Баатырдын уулу мен келдим,
Байкуш Бакай аманбы?
Эмгектүү жалгыз мен келдим,
Эсенсиңби абаке?
Ыйдын түбү ый деген,
Ыйлабай Бакай кайрат кыл.
Кагылайын кан абам,
Канкордун уулу мен келдим,
Кайрат кылгын кан Бакай.
Акыл айтса пайда деп,
Абыке, Көбөш кайда? – деп.
Жүрү абаке барайын,
Жалгызыңа бат айтчы,
Жаркыным Бакай абакем,
Жакып каның кайда? – деп.
Эстет Бакай элиңди,
Алып берем кегиңди.
Көрсөт көөдөк шериңди,
Чогулт ногой элиңди.
– Чогултпаймын элимди,
Чочко жетим оңбой кал,
Чакырбайм Көбөш эримди.
Сындырдың чочко белимди,
Айтпаймын Жакып канымды,
Кетирдиң чунак алымды.
Үшкүртүп байкуш Бакайды,
Үч жылдык кубат кетирдиң.
Кара оозуңа кан толсун,
Канкордун уулу өлдү – деп,
Кантип барды оозуңа.
Карангүн чунак оңбой кал,
Төрөндүн уулу өлдү – деп,
Төрт жылдык күчүм кетирдиң.
Арстандын уулу өлдү – деп,
Алымды жетим кетирдиң.
Чырагың Бакай менминби?
Чын кулунум сенсиңби?
Абакең Бакай менминби?
Айнегим жалгыз сенсиңби?
Кашкайып аккан булагым,
Кагылайын чырагым.
Алымды мынча оодардың,
Айланайын чырагым,
Же түшүмбү, өңүмбү?
Баласын кысып ооруна,
Кудайга үнү угулуп,
Кучактап алып жыгылып,
-Агарып таң аттыбы?
Кызарып күн чыктыбы?
Кудайым маа бердиби?
Алда таала кудурет,
Азабымдан айрылтып,
Айнегим эми келдиңби?
Уяда чолпон жылдызым,
Эсенсиңби жарыгым.
Орчун ногой журтумдун,
Ортосунда жалгызым.
Азапты мынча көрсөттүң,
Айланайын чунагым,
Баатырдан калган жалгызым,
Маңдайда жакут чырагым,
Эсенсиңби кулунум?!
Тулпардан калган туягым,
Шумкардан калган чырагым,
Бир Семетей чунагым.
Алкымынан бек жыттап,
– Жытыңдан жалгыз – деп жыттап,
Оозу-мурдун көп жыттап,
Обсурдун уулун көп жыттап,
Окшомдуу Бакай көп жыттап.

Түшүргүчө көрүшүп,
Жаркыны Бакай абасы,
Жаш бала менен көрүшүп,
Коштошуп эми турушту.
Баатырдын уулу, кан Бакай,
Мааналуу сөздөн урушту.
Канкордун уулу кеп сурайт,
– Кагылайын абаке!
Каныкей энем айтты эле,
Кан атам жыйган булу – деп,
Казына кайда? – деп сурайт,
Бачым айтчы Бакай – деп.
Асмандан учкан зарбы – деп,
Акылга зирек абаке,
Казынамды кайтарган.
Бөлөкбай тирүү барбы? –деп.
Бөлөкбайды көрөмүн,
Эки энекем көп айткан,
Мүңкөр уста Бөлөкбай,
Көрө келгин – деп айткан.
Көрүшөлүк ошого,
Казынаны көрөлү,
Какбашка анан баралы.
Көрүшөлүк Бөкөмө,
Көбөшкө анан баралы.
Акыл айтса пайда – деп,
Каныкей энем айтты эле,
Куш баласы Кумайык,
Ак тайганым кайда? – деп,
Жаркыным Бакай бат айтчы,
Көөдөк Көбөш колунда,
Кулaндай болгон сур жылкы,
Ошо малым кайда? – деп.
Тайганымдын мойнунда,
Каныкей энем кеп айтты,
Күмүштөн кылган чынжырлуу,
Каргысы бар деп айтты.
Ойло жалгыз деп айтты.
Омуроо даакын тыткын дейт,
Алтындан кылган тайганда,
Каргысы бар деп айтты.
Тумарчанын тышында,
Каныкей каты бар деди.
Кан султан Манас атамдын,
Ошондо аты деп айтты.
Сур жылкыны чубаткын,
Тайганыңдын жылкыда.
Бир байталдык итиңдин,
Акысы бар деп айтты.
Жалгызы минтип айтканда,
Жаркыны Бакай кеп баштайт.
-Тура тур, жалгыз, тура тур,
Анығын сурап нетесиң.
Жүрү жалгыз бастыр – деп,
Казына көздөй бет алып,
Канкордун уулун ээрчитип,
Кан Бакай эми жөнөдү.
Күңгөй жаккы жол менен,
Кан Бакайың ошондо,
Кызыл кум менен кыркалап,
Тушуна келди кан Бакай.
Туйгундун уулун ээрчитип,
Четинге атын байлашып,
– Бери баскын жалгыз – деп,
Ээчитип келди кан абаң.
Кайгылуу бейбак Каныкей,
– Кагылайын жалгызым,
Жаш арча казык какты эле.
Баласы журтун билсе – деп,
Манас болуп тургун – деп,
Баласы жаман көр болсо,
Куу казык болуп калгын- деп.
Кагылайын айнегим,
Үйдө болгон кара шаар,
Мазар арча болду – деп,
Каалганы болжолоп,
Көрсөтүп берди эр Бакай.
Каалга кыйган сом ташты

-Эки чети бул – деди.
Көрсөтүп берди көөдөкө,
Жалгыз карыш ой болот.
Жаныман суурук куу жетим,
Акырын жетип ал – деди.
Эки ортону батканда,
Карап турса кан Бакай,
Тээп туруп калганы,
Тербелтпей тартып алганы.
Бакай туруп ошондо,
Көзүм тийип калабы?
Манасымдай жарыгым,
Балбан болгон турбайбы.
Көзүн топуракка тойгур – деп,
Кашайгырдын көзү – деп.
Өз көзүн тилдеп эр Бакай,
Топуракты септи эле.
Үңкүрдүн ичин байкады,
Көргөн пулу бул эмес,
Көөхар менен жакуту,
А да турат жыйылуу.
Алтын, күмүш дейилди
Ал да турат жыйылуу.
Баатыр Манас атасы,
Аябай жыйган бу пулду.
Канкор Манас атасы,
Казана жыйган момиптип.
Жамандарга билгизбей,
Жашырып каткан моминтип.
Жазыгы жок Каныкей,
Берки четки баканда,
Болум тыштуу бир ичик,
Көзүнө сүртүп алды эле.
-Кийчи Бакай аба – деп,
-Айланайын жарыгым,
Муну кийип алганда,
Жамандар мени жай кылат.
Кайдан кийдиң Бакай?- деп,
Жакып кан мени кууратат.
Койгун муну жарыгым,
Кийбесем экен бу тонду,
Тон кийсем мына куур тонум,
Чий калканым болор – деп.
– Койчу абаке сөзүңдү,
Укпаймын аба кебиңди.
Айнегиң жалгыз келгенде,
Абакем Бакай кантесиң,
Этиң калып көк жашык,
Каның калып бир кашык.
Канкордун уулу келгенче,
Жакыптан көрүп жазыкты,
Жаман коркок болупсуз,
Эсиң чыкпа абаке!
Алышта сууну бурдурсам,
Сени арамдарга урдурсам,
Маса тарткан бармагы,
Азыр урсун атам Манас арбагы.
Жакып кандан коркпо – деп,
Баатырдын уулу айтканда,
Бакай карап турсунбу.
Баатыр Бакай келди эле,
– Абаке бачым чалын – деп,
Арстаның Манас барында,
Ак селдесин берди эле.
Буулумдан калган чоң топу,
Бакай башка кийген соң
Кабылан канкор барында
Каныкей кылган көк ала,
Чопкутун алып берди эле.
Анын ары жагында,
Атаганат Бакайдын,
Көк чыбык мылтык илилүү,
– Абаке жарагыңды алгын – деп,
Жарагын алып берди эле.
Жаркыны Бакай кийинип,
Канкор Манас барындай,
Кадимкидей болду эле.
Ар жагына караса,

Кара тыштуу чоң ичик,
Кундуздан кылган зор ичик,
Мүңкүр уста Бөлөкбай,
Бөлөкбай көзү бар болсо,
Эки энекем кеп айтты,
Бөкөңдүн агасы бар – деп айтты.
Ошо Бөкөм бар болсо,
Акыңдан кечсин – деп айтты.
Жок ошондо кеп айтты.
– Беренім Манас баатырдын,
Каныкей энем көп айтты.
Мекеден келген супжоолук,
Бетине жапкан чоң жоолук,
Жоолукту ала келгин – деп.
Супжоолукту алды эле,
Жанчыгына салды эле,
Каалганы кайра жапты эле,
Кара ичикти колтуктап,
Кадимкидей карчылдап,
Кан Бакай чыкты эле.
Тербелтпей жерден көтөрүп,
Баракелде балбан шер,
Бир саржандай чоң каалга,
Майышпастан көтөрүп,
Оозуна каптай койду эле.
Ал аңгыча болбоду,
Артынан Бакай жүрдү эле,
Бүрдүү куурай колго алып,
Издин баарын жашырып,
Курган Бакай канетсин,
Шыпырып келет жоруптап,
Эки атына жеткенде,
Атаганат айнегиң,
– Абаке Бакай мингин – деп,
Атты туура тартты эле,
Баатыр Бакай минген соң,
Маңдайында Бөлөкбай,
Аскадан көрө койду эле.
Чорт келтени бетке алып,
Мелтиретип калды эле.
Бакай кан көрүп бакырып,
– Өпкөңдү аткын Бөлөкбай,
Сүйүнчү, Бөкө,сүйүнчү,
Тилекти кудай берди – деп,
Муңдуу Бөкө сүйүнчү,
Туйгундан калган тулпарым,
Асылдан калган султаным.
Алаткүн Бөкө бат жүгүр,
Айнегиң жалгыз мына – деп,
Карып болгон Бөлөкбай,
Кара,сынын көрүң – деп,
Кабыландын баласы,
Кадиктүү жалгыз мына – деп,
Азабын бизге тарттырган,
Айнегиң мына Бөлөкбай.
Муңун бизге тарттырган,
Букарга кеткен айнегиң,
Тулпардан калган туягың,
Келди Семетей жалгыз чунагың.
Карегим жалгыз келди – деп,
Кантесиң Бөкө чурка – деп.
Чорт келтени ыргытып,
Аркан бою жүгүрүп,
Чөпкө оролуп жыгылып.
Токомбай болуп Бөлөкбай,
Томолонуп келатат.
Эшик төрдөй келгенде,
Эр Семетей жалгызы,
Эми басты ошондо.
– Башка келген заманбы,
Баатыр Бөкө аманбы!
Манастын уулу мен келдим,
Асылым Бөкө аманбы!
Абакем, Бөкөм арстандар,
Кайгылуу күндү көп көрүп,
Карып болуп калыпсың.
Этиңер кетип сөөк калып,
Арык болуп калыпсың.

Ишиңди кудай оңдоду,
Бакай аба, Бөлөкбай,
Баатырдын уулу келген соң,
Эминеге ыйлайсың.
Кыйын болот жалгызга,
Кесир болот байкушка,
Ыйлаба, Бөкө,ыйлаба!
Абакем Бакай экөөңдү,
Атайы келсе бу жерге.
Ыйдын түбү ый деген,
Ыйың жаман экен Бөлөкбай,
Жакшы учураш жалгызга,
Учураштым саа – деп,
Капа болбой Бөлөкбай,
Каныкей энем айтты эле,
Акыңдан кечкин аба – деп.
Кара ичикти кийген соң,
Кан Манастын барындай,
Кадимкидей болду эле.
Карсылдап кайра басты эле,
– Учураштым сиздерге,
Жүрү абаке баралык,
Учурашам жанагы,
Жалпы ногой элиме.
Көрөмүн ногой элимди,
Көрсөткүн Бакай жол башта,
Көк жал ата өткөндө,
Көрсөткөн мындай чоңдукту,
Абыке, Көбөш шериңди.
Арамдардын чоңдугу,
Баатырдын уулу ошентип,
Бек сурданып кумсарып,
Берендин уулу сумсайып.
Анда Бөкөң кеп айтат:
– Ашыкпа жалгыз – деп айтат.
Баатыр атаң колдосо,
Ишиңди кудай оңдосо,
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабыр кылгын айнегим.
Баабединим бар эле
Баласы келсе чалам – деп,
Көөдөк Көбөш жуткучка,
Жутуп коёт Көбөш – деп,
Билгизбей багып жүргөмүн.
Баабединим чалайын,
Баласы жетим жеп кеткин,
Ашыкпай аттан айнегим,
Артына минип Семетей,
Алдына минип Бөлөкбай,
Бөлөкбай, Бакай, Семетей,
Алачыкка барышып,
Жасайылын салынып,
Жаратканга жалынып.
– Жаркыным Манас кан султан,
Жалгызыңды колдо!- деп,
Кубат бергин кудай! – деп,
Алмамбет, Чубак, кырк чоро,
Серек менен Сыргагы,
Кыргын салчу душманга,
Кыргын салчу кырк бөрү,
Асылдан калган айнекти,
Арбагыңда колдо! – деп,
Баркырап ыйлап кудайга,
Бакай менен Бөлөкбай,
Баабединди чалышып,
Боздоп ыйлап кудайга,
Боз ирикти чалышып.
Кемегени казышып,
Кейип ыйлап алышып,
Чоң казанды асышып,
Арамдарга көрсөтпөй,
Арстанынын барында,
Ачкыл жандуу байкуштар,
Кубаттанып калышып,
– Арпадан тарткан арагын,
Алып келгин бер жакка,
Абасы Бакай айтты эле.
Кара булгак каркытын,

Бир кесеге куюшуп,
Жаркыны Манас барындай,
Жалгызына сунушуп.
Жазылып ичип алышып
Бал кайната бышырып,
Жалгызына беришип,
Алаптан-шадап болушуп,
Куран окуп куу жетим,
Алакан жайып дубаны,
Тамам кылып алды эле.
Кан Бакайды ээрчитип,
-Айланайын Бөкөбай,
Кабылан атам барында,
Камандай жалгыз келген соң,
Камсанабай жата бер.
Коштоштум Бөкө саа – деп,
Бөлөкбай колуңду бергин маа – деп
Бакай канды ээрчитип,
Ногойду көздөй жүрдү эле,
Бакай менен жарышып.
-Жалпы ногой көп журтка,
Азыраак аял кыла тур.
Айланайын жалгызым,
Учурашпай тура тур,
Жер кашатка түшө тур.
Кантер экен ит какбаш,
Жакып канга барайын,
Ашыкпай айнек тура тур,
Арам кыял Жакыптын,
Арамдыгын билейин.
Кантер экен какбаш – деп,
Бакай муну айтканда,
– Баргын Бакай аба – деп,
Бачым кел асыл бабакем,
Жамандарга теңелип,
Душмандык жолун баштаба,
Күйгүзбөгүн жалгызды,
Мени күйөөдөн бетер таштаба.
Кокустан ачууң келтирсең,
Колум тийип калбасын.
-Кагылайын айнегим,
Арамдык кылсам өзүңө,
Арбагы урат атаңдын.
Айнегим андай ойлобо,
Азабың тартсын эр Бакай,
Өтүрүк айтсам өлтүргүн,
Жалган айтсам жарып сал!
Кагылайын жарыгым,
Саа жамандык ойлосом,
Мекеде султан пир урсун!
Ак пайгамбар дини урсун!
– Ишендим аба саа – деп,
Көп карганба маа – деп.
Көк ала ат менен сойкутуп
Жалгызың калды кашатта.
Бакай Жакыпты көздөй жүрдү эле
Тилегим кудай берет – деп.
– Азаптуу энем айтты эле,
Семетей турат кабакта,
Атамдан калган мурапым,
Ак тайган качан келет – деп,
Бала турду делдеңдеп.
Даакысы түшпөй үстүнөн,
Адырдан суур уулаптыр,
Ит да болсо ак тайган,
Айнегинин келгенин,
Адырда жүрүп билиптир.
Адыр менен чуркады,
Анда-мында бир шилтеп,
Тай торпоктой ак тайган,
Жанына келди каңшылап.
– Эки энемдин айтканы,
Ээсинин келгенин,
Азыр билип жаныбар,
Эр Семетей балага,
Эми келди каңшылап.

Неткен сонун ит эле
Эркелетип Семетей,
Моюндан кармай калды эле.
Мойнундагы даакысын,
Баарын тамам алды эле.
Күмүштөн кылган чоң каргы,
Мойнунан көрүп калды эле.
Боздоп ыйлап Семетей:
– Кагылайын Кумайык,
Атамдын көзү өткөндө,
Арамдардын колунан,
Азаптуу күндү көрдүңбү?
Омуроо жагын алды эле.
Алтын каптуу тумарча,
Байкап итин караса,
Каныкейдин каты бар,
Айтымы келди бейбактын,
Дарс окуган куу жетим,
Абдан окуп караса,
Арапча тил салган,
Атасы Манас аты бар.
Куландай болгон сур жылкы,
Кулун тайы кур жылкы.
Сууга кирип турганда,
Жыргалдуу жалгыз Семетей,
Жылкынын жайын байкаса
Ойлоп турса куу жетим,
Жылкысыда тайгандын,
Бир байталдык акы бар.
Өзүмдүн жылкым эмеспи,
Өзү баатыр кимди аяйт.
Сыр бараңды бетке алып,
Кунан чыкма сур байтал,
Кыйып атып кабылан.
Манаска атап мууздады,
Сур тайганды ээрчитип,
Казысын жарып берди эле,
Омуроодон кан болуп,
Казы менен картага
Сур тайганын тойгузуп,
-Бакай качан келет- деп,
Баатырдын уулу турду эле.
Аны мындай таштап тур,
Бакай кандан кабар ал.
Бакай баатыр барды эле,
Көк ала аттай күлүктү,
Мамыга байлап салды эле.
Канкорду жуткан чоң ак үй,
Кара жолтой ак үй,
Какбаш Жакып ошондо
Арстан Манас төшөнгөн.
Аюу талпак чоң күрсү,
Алдына Жакып төшөнүп,
Бакдөөлөт турат кашында.
Жакып жаткан болкуюп,
Салам айтып эр Бакай.
Бакай салам айтканда,
Алик алып эр Жакып,
– А Бакай баатыр бер келчи!
Сонун тонду кийип алыпсың,
Сонун ичик кимдики?
Сонун селди кимдики?
Канкор көзү барындай,
Кадимкидей болупсуң.
Кан Бакайым кеп айтчы?
– Сүйүнчү, Жакып, сүйүнчү!
Бизге кудай берген турбайбы,
Көөсөр Көбөш уулуңду,
Акмак кылып мунуңду,
Кечээ арстаның Манас өткөндө,
Күң баласын өлтүртүп,
Арстандын уулу жалгызды,
Акылга мол Каныкей,
Алып кетип турбайбы.
Катыгүн Жакып бачым тур,
Кара олпок кийип болкуюп,
Телегейи тең эмес,
Асыл Жакып абаке,

Атасынан кем эмес.
Каныкей берип ийиптир,
Кайран Бакай мен кийдим.
– Билип турам мен Бакай,
Тамаша кылба сен Бакай,
Сөзүң ырас чын болсо,
Калың ногой журтума,
Айнегимди көрсөткүн
Аким кылам өзүңдү.
Баламды бачым алып кел.
Алып кел Бакай бачым – деп,
Ачыгып келген айнекти,
Талаага аны таштаба.
Кайда жалгыз кан Бакай?
– Кабакта турат кан Жакып,
Канкордон калган жарыгың.
Көрсөтчү Бакай көзүмө,
Ыраазы Жакып сөзүңө.
Алып келем Жакып уулуңду.
Бакай кайра чуркады,
Чуркап минип бууданга
Үй көтүнө келди да,
– Кантер экен какбаш – деп,
Капшыттан карап турду эле.
Кулагын салып эр Бакай,
Куу сакалды тыңшаса,
Анда Жакып кеп айтат:
– О, Бакдөөлөт байбиче!
Бачым камын боло көр,
Эми арга не болот.
Эки салбар ит уулуң,
Арамдар эмне өлтүргөн.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түптүү Манас баласы,
Өлгөн сайын өрчүгөн
Ата Манас баласы.
Чуулганды салат – деп.
Чунак келген турбайбы!
Кан ичме канкор барында,
Капыр Бакай жойгур кул,
Ак ичик кийип көрдүңбү,
Жаңкынын уулу келгенге,
Жашарып калган турбайбы.
Бир аякка бал чайка,
Балды Бакайга сунайын.
Бир аякка уу чайка,
Семетейге сунайын.
Таарыгандай тилейин,
Аарчыгандай кылайын,
Тукумун үзүп салайын.
Канкордун уулун жай кылып,
Туз көмгөндөй кылайын.
Жакып кан минтип айтканда,
Бакдөөлөттөй байбиче,
– Тараза таппас ит какбаш,
Ушу сөздү ит уксун.
Жакшылык көрбөс ит какбаш,
Жалгыз оозуңа кантип кирди экен
Кудай эсебиңди таппайбы
Элиңди жалгыз чаппайбы.
Эми каарданса Семетей,
Кан атасын бул тартса,
Каныңды суудай чачпайбы.
Айнегим жалгыз көрүнсө,
Алтынды жездей эгебейм,
Абыке менен Көбөшкө,
Ошо эки салбар уулуңду,
Олтурган олутуна теңебейм.
– Сасыган салбар сасык күң,
Айтып турган сөзүн көр.
Бул эмине дегениң,
Бачым чыла канчык – деп,
Барс дедире бир салды.
Оң карап күлүп байбиче,
Сол карап ыйлап Бакдөөлөт,
– Акылга мол Каныкей,
Абдан окуп айткандыр.
Чын атасы колдосо,

Ишин кудай оңдосо,
Как өзүңө сунар деп.
Кабыргаңды кыйратып
Сакалыңа куяр – деп.
Айнегим ичпей, ал ичсин,
Айткандыр бейбак Каныкей.
Эгем таала кудайдан,
Не салганын көрдүң – деп.
Көзүнө айтты байбиче,
-Эми Жакып өлдүң – деп.
Бир аякка бал чайкап,
Бир кесеге уу чайкап,
Мис чара менен жапты эле.
Бакайдан кабар алыңыз,
Маанисин угуп эр Бакай,
Баланы көздөй чапты эле.
Тамам Бакай караса,
Кыйык атып байталды,
Кызыл ала кан болуп,
Тайганы кирип алыптыр,
Казы менен картага,
Баласы атып бериптир.
Атасын жазбай тартканын,
Эрдигин Бакай билди эле,
Мунажат кылып күлдү эле.
Анда Бакай кеп айтат,
-Айланайын айнегим,
Этият болгун кокуй күн,
Какбашты кудай урду – деп.
Бакдөөлөт саа болушту,
Таламыңы талашып,
Таякты жеди какбаштан.
Эрдим ашка жеткенде,
Туйгунум сенден айрылып,
Бакайдын тумшугу ташка тийбесин.
Туйгун Манас атакең,
Туз көмгөндөй болбосун.
Бир аякка бал чайкап,
Бакай канга сунам – деп,
Көрбөгөндү көрсөтүп,
Бакайды малчы кылып алам – деп.
Ууну Семетейге сунам – деп,
Кан ичменин тукумун,
Так ошентип жай кылып,
Тукумун үзүп салам – деп.
Уу чылап койду саа – деп.
Балды сунар маа – деп,
Ууну саа сунар – деп.
Атасынан баласы мурун ичти дебейби.
Ушак кылып көп ногой,
Ырысын журтум жебейби.
Кел, атаке, келгин –деп,
Жакыпка сунгун жалгызым.
Алдымы чунак катырба,
Алып ичип ийбегин.
-Атамдан калган ырыскым,
Айланайын абаке,
Камсанаба ал уудан,
Эмгегим тарткан энекем,
Абдан айткан маанисин,
Какбаштын айткан даамысын,
Камсанаба жалгыздан,
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрөрбүз.
Эми жалгыз уулунун,
Эсиң чыкпа абаке,
Эми какбаш өлөр – деп.
Жүр абаке баралы,
Арам кыял какбашка,
Арбак сыйлап абаке,
Учурашып калалы.
Кан Жакыпты жай кылам,
Жалпы айтып жай кылайын,
Жамандарга барайын.
Абакесин ээрчитип,

Атты көздөй дардактап,
Басып калды арбактап.
Үзөңгү теппей минди эле,
Жакыпты көздөй бет алып,
Ак тулпар менен булкунтуп,
Темирдей болуп карарып,
Чоктой болуп кызарып,
Каарданса кабылан,
Кан ичине тартканда,
Жездей болуп саргарып.
Бала келе жатканда,
Бакдөөлөт чыкты алдынан.
– Айбандын оозун кердиңби,
Айланайын айнегим,
Аман-эсен келдиңби!
Эмгеги өткөн жашында,
Эки энекең аманбы?
Ойрондун уулу жалгыздын,
Оң бетинен сүйдү эле,
Ак эшикти ачты эле,
Аюу талпак салды эле,
Жаркыраган жалгызың
Жакыпка салам айтты эле.
– Амансыңбы кулунум,
Алик алды эр Жакып.
Айнегим аман келдиңби,
Атакең сени көрдүбү.
Оң бетиңден сүйөйүн,
Алкымынан аз сүйүп,
Түкүрүгүн алып келип,
Көзүнө сыйпап кан Жакып,
– Ачыгып келген балама,
Ат ыргайдай болуптур.
Алыскы жерден жол тартып,
Арып, ачып келиптир.
Алып келчи тээтиги,
Мен ичүүчү ичкини.
Алып келип Бакдөөлөт,
Балага бачым сунсаңчы.
Сыр кеседе балымды,
Төө кайтарып суусаган,
Бакай канга сунгун – деп,
Арака кошуп бал чайкап,
Койдум эле жалгызга.
Атасынан бабасы,
Ачкыл жандуу жалгызым,
Алып келип сунчу – деп,
Суусуну кансын жалгыздын.
Байкуш Бакай канетсин,
Бакай тартып ийди эле,
Балага көзүн кысты эле.
Какбашты карап көз кысып,
– Бачым сунгун бала – деп.
– Кел, атаке, келгин – деп,
Келишимдүү жалгызы,
Атасынан баласы,
Мурун ичти дебейби,
Баласы башын жебейби.
Жалпы ногой көп журтуң,
Күбүр кылып калбайбы.
– Атаң Манас өлгөндө,
Арнап койгон аш эле.
Өзүң ичип ийгин – деп,
Күнөөкөр кылба кудайга.
– Кел, атаке, келгин – деп,
Жакадан кармап жаш бала,
Ээгине жаба куйду эле,
Сакалы менен муруту,
Жыдып түшүп калды эле.
– Сен ичпеген бул ашты,
Мис чарага куйду эле,
Тилин салып көк дөбөт,
Чалкасынан кетти эле.
Бул эмине кылганың,
Муңая түшүп жаш бала,
Ит жарыктыктын убалы болор маа деп,
Каныкей берген ак дары,

Таңдайына салды эле.
Бала жолборс жаш бала,
Басып калды Жакыпка,
– Арам кыял ит какбаш,
Көрсөткөнүң ушубу,
Алыстан келген жалгызга,
Берген ашың ушубу?
Башка келген заманбы,
Баатырдын уулу мен келдим,
Чоң Жакып кан аманбы?
Кең-Колдон алдың көчүмдү,
Кезекти кудай келтирди,
Эми алайын өчүмдү.
Жакшыңдан калган жалгызга,
Чачама уу бергидей,
Не жазыгым бар эле.
Жалгызга кылган кастыгың,
Өзүңө тийди ит какбаш.
Жакадан кармап жаш бала,
Жаактан ары бир койду.
Жакыпты басып жыгылды,
Далдайган төшкө үч тепти.
Төшүнө минди какбаштын,
Мурутун булкуп ыргытты,
Сакалын жулкуп ыргытты.
Оозунда тишин кыйратып,
Желип, желип кыйнады.
Жалкыны карыш ой болот,
Жанынан сууруп алды эле,
Баатырыңдын баласы,
Башын кесип салды эле.
Кан атасын өлтүрдү,
Буудандын оозун бурат  – деп,
Кабыландын тукуму,
Оолукмасын карматса,
Баарыбызды кырат – деп.
Дыркырап качты көп ногой.
Бала жолборс Семетей,
Бакай канды чакырды:
– Какбашты сүйрөп чыгар – деп.
Ак куржунду алдырып,
Баатырдын уулу Семетей,
Атадан калган мурапы,
Алган экен ит Жакып.
Аколпогун кийди эле,
Кармаса колго билинбейт,
Караса көзгө илинбейт.
Кылычын салып кынына,
Алтындан кылган чоң кемер,
Чалынып алды белине.
Жакуттан кылган чоң айнек,
Көзүнө тартты жаш бала.
– Абаке Бакай жүр аттан,
Азаптуу күндү көрсөткөн,
Арамдарга баралы.

## СЕМЕТЕЙДИН БУКАРГА КАЙРА ЖӨНӨГӨНҮ

Ачуусу келген куу жетим,
– Калың ногой кырылгыр,
Кабылан атам өткөндө,
Кааданы билбей кайда өскөн,
Балбан тууган бадырек,
Ак эшикти серпкенде,
Көнчөгүнөн үзүлүп,
Аркан бою ак эшик,
Айланып барып түштү эле.
Абакеси алдында,
Арстандын уулу жүрдү эле.
Ак тайганы артында,
Абыкени көздөй жүрдү эле.
Бакай барды бакырып:
– Абыке – деп чакырып.
Канкордун уулу келди – деп,

Ак дили менен Абыке,
Атка мине чапты эле.
Сандыргалуу жалгызга,
Учурашып балага,
Чыны менен бек ыйлап,
Алкымынан бек жыттап,
Садаганы чаптырып,
Кунан чыкма тай союп,
Түштөндүрүп салды эле.
Баатырдын уулу болкоюп,
Кеп айтпады зуңкуюп.
Сугатына бал ичип,
Суусунуна чай ичип,
Аккелте менен айбалта,
Арстандын уулу алды эле,
Оң ийнине салды эле,
Аккелте мылтык асынып,
Атына чурап минди эле.
Бакай жүрөт буркурап,
Арт жагында баланын.
Көп ногою чуркурап,
Көрүшүп атат балага.
Жеткени колдон көрүшүп,
Жетпегени көп ногой,
Этегинен өбүшүп.
Ажырашып көп ногой,
Кабылан тууган жаш бала,
Калың журтун ээрчитип,
Ак тайганы артында,
Бакай каны астында.
Алкымдагы көп айыл,
Көбөштү көздөй жүрдү эле.
Кантер экен Көбөш – деп,
Алдына Бакай жүрдү эле.
Кылыктуу Манас өткөн соң,
Көбөш кырк чоро жыйып
алыптыр.
Аргын ногой журтуна,
Аким болуп калыптыр.
Бакай барды кыйкырып,
– Сүйүнчү, Көбөш, сүйүнчү!
Кан султандын баласы,
Кабылан иниң келиптир,
Калкына кудай бериптир.
Күздүн күнү болгондо,
Көксөгөн кымыз ичирип,
Күрсүлдөп аткан ит Көбөш,
Жай чилдеге дары  – деп,
Кызыректин тайын жеп,
Кыш чилдеге дары – деп,
Кыркпаган серке майын жеп,
Кутуруп аткан ит Көбөш,
Түндүк бакан колго алып,
Бакайды көздөй далбактап,
– Кучкачтай болгон ит какбаш,
Кан атасы өткөндө,
Кардын жарып салгамын,
Кайдан келсин Семетей,
Какбаш эмне көргөн – деп,
Бакан менен салды эле.
Бакай аттын жалын кучактап,
Кыйла жерге даң болуп,
Кызыл ала кан болуп,
Куйкасы кере карыш айрылып,
Бакай кургур кансырап,
Балага жетти алсырап.
– Арстандан калган куу жетим,
Азабыңды тарттым – деп,
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрдүм – деп,
Эмгегиң тартып өлдүм – деп.
Сүйүнчүлөп барам деп,
Бу да сенин зордугуң,
Көбөштөн азап көрдүм – деп.
– Бастыр Бакай бачым – деп,
Кашатка келип түштү эле.
Айнеги турат жанында,
– Манасың жаңы өлгөндөй,

Бакырба Бакай абаке.
Ак дарыны септи эле,
Бакай канды ээрчитип,
Көбөштү көздөй жүрдү эле.
Көбөштүн жыйган жигити,
Кылкандай болгон кырк чоро,
Кырк чоро башы Кыргылчал,
Кыркында көпкөн жинди чал.
Кыркы качты быркырап
Кырк жагына дыркырап.
Кырк жагына качкан соң,
Кыйынсынган ит Көбөш,
Баатырдын уулу күүлөнүп,
Келе жатат сүйлөнүп.
– Калың ногой кырылгыр,
Көп ногой бери бастыргын.
Каршылык кылган Бакайга,
Карыгыча көрсөткөн,
Камандай Көбөш кайда? – деп,
Арстандын уулу түштү эле,
Арстандын атын алды эле.
Желке чачы суюлуп,
Баатырдын уулу бузулуп.
«Кол кайтарба» Көбөшкө,
Эки энеси көп айткан.
– Акылман тууган Абыке,
Арам кыял ит Көбөш.
Биз барганча тим кой – деп,
Айткан экен Каныкей.
Кара көңүл жалгызга,
Каныкей антип айтпаса,
Карагай найза май кылмак,
Кан Жакып менен Көбөштү,
Как ошондо жай кылмак.
Сабырлуу тууган кайран эр,
Сабыр кылып токтоду.
Андан тамак ичпестен,
Көбөшкө жаман айтпастан,
Манастан калган ак каңкы,
Капталы темир кашы тал,
Акмак Көбөш колунда.
Булгары тердик көк желдик,
Баатырдын уулу алды эле.
Алтын ооздук чоң жүгөн,
Буладан түйгөн чоң нокто,
Бакай канды чакырып,
Сыр найзаны алды эле.
Жарактын баарын салынып,
Батырсынган ит Көбөш,
Баланын түрүн көргөндө,
Жалдырап карап турду эле.
Атка минди шаңданып,
Артык экен жетим  – деп,
Артынан ногой таңданып.
– Атамдан калган мурапым,
Абаке бери бастыр – деп.
Муңуму тарткан бууданым,
Буурул атым кайда? – деп.
– Атаганат жалгызым,
Букардан ээм келет  – деп,
Эки арамга карматпай,
Энесин ээрчип Тайбуурул,
Муздакта качып жүрөт – деп.
Арстан Манас колунда,
Алтымыш бээге телинип,
Асыйында нарды эмген.
Болук салса мойногон,
Бош агыта бергенде,
Кулун менен ойногон.
Эки арамга карматпай,
Муздакка качып чоңойгон.
Муздактан келет бууданың,
Ак-Дөңкүл көздөй баралык,
Арстандын уулу, кан Бакай,
Атка минип бастырып,
Ал экөө жүрүп калды эле.
Кан Жакып минсин дегенде,
Карматпай койгон Тайбуурул,

Кантер экен – деп айтат.
Артынан ногой жүрдү эле,
Арстандын уулу, кан Бакай,
Ак-Дөбөгө барды эле.
Чымын тийсе зыңк эткен,
Камчы менен урганда,
Доолбасты чапканда,
Замбирек аткан эмедей,
Жер дүңгүрөп зүңк этип,
Тоо жаңырып заңк этип.
– Кан ээң канкор келди – деп,
«Кыруулап» бала кыйкырды.
Муңканган үнүн баланын,
Муздактан угуп Тайбуурул,
Кишенеп келет кыр ылдый.
Ак жүгөн нокто колго алып,
Арстандын уулу басты эле.
Аркан бою келгенде,
Келбетин көрүп ошондо,
Кейип ыйлап Тайбуурул,
Карaанын көрүп баланын,
Кайыбы келет буркурап.
Буудан ат ыйлап келатат,
Канкордун уулу болоктоп,
Буурулду карап басты эле,
Эми ыйлады шолоктоп.
Айбаны ыйлап турганда,
Адамдын сөөгү зыркырап.
Калың ногой чуркурап.
Моюндан орой кучактап,
Боздоп ыйлап Семетей,
Ак ноктону салды эле.
Көбөш турат жалдырап,
Болот ооздук чоң жүгөн,
Ак жүгөн салып башына,
Булгары тердик көк желдик,
Баатыр Көбөш үйүнөн,
Атадан калган чоң ээрди,
Арстандын уулу кабылан,
Алдыра чыккан ал үйдөн.
Капталы темир, кашы тал,
Канкордон калган ак каңкы,
Атына арта салды эле.
Көмөлдүрүк узартып,
Куюшканын кыскартып,
Төш олоңун бек тартып,
Басмайылын бош тартып,
Чап олоңун бекитип,
Бозжигитти чакыртып,
Ак тулпарды козголтуп,
Бууданга минди болкоюп.
Сыр найзаны таянып,
Казандай кара суусар бөрк,
Ыргап башка үч кийип,
Бала баса күч кийип,
Кумсарып атка минди эле,
– Жүрү Бакай баба – деп,
Чоң энекем Чыйырды,
Кесирдүү Жакып алганда,
Себин жүктөп келиптир.
Бакай кан өзүң кайтарган,
Кырк атандын энеси,
Желмаян кайда тапкын – деп,
Атама атап чаламын,
Алаткүн Бакай бастыр – деп.
Арстандын уулу кеткенде,
Адырда жаткан желмаян,
Аза күтүп куу инген,
Баатырдын уулу бастыр – деп,
Адырда жаткан ингенге,
Бакай менен баатыр шер
Бастырып келди ошондо.
Жалгыз бала келгенде,
Жаткан экен куу инген.
Кара жер өсүп ингендин,
Капталына чыгыптыр.
Аза күтүп жарыктык,
Туралбай калган турбайбы.

Жалгыны карыш ой болот,
Жаасын окуп жалгызы,
Канкордун уулу келгенде,
Кара жерди каңтарып,
Куу инген тура качты эле.
Күмбөздү көздөй бет алып,
Кара тери айрылып,
Кан зиркиреп санынан,
Кайып атка жеткизбей,
Кыр ылдый келет букулдап.
Абасы Бакай артында,
Арстандын уулу келатат,
Жеткизбестен желмаян,
Күмбөзүнө келди эле.
Кыбыла жакка баштанып,
Бук этип чөгүп жатты эле.
Куран окуп кан Бакай,
Манаска атап баласы,
Ингенди чалып алды эле.
Ак тулпардай күлүктү,
Абасына берди эле.
«Ногойдун баары чогул»- деп,
Беш жүз үйдү көтөртүп,
Көмкөрө журтун чакыртып,
– Жылкымды бачым жыйгын – деп,
Келгин ногой журтум – деп,
Кемегени каздырып,
Абыке менен Көбөштүн,
Желенин баарын жыйдырып,
Кырк жигитке айдатып,
Эки салбар чочконун,
Малынын баарын алды эле.
Буурул менен салактап,
Арстандын уулу жүрдү эле.
Адамзат бет албайт,
Ачуусу келген балага,
Абыке келип айта албайт.
Кара көңүл жалгызга,
Калың ногой кеңешип,
– Кантесиң бала койгун – деп,
Ошо журту айталбайт.
Алтымыш ала бээ союп,
Баласы жолборс Семетей,
Манаска атап мал союп,
Алтынчы күн болгондо,
Жетинчи күнгө жеткенде,
Элине шилен бердирип,
Карыдан бата алды эле.
Калкына тамак тарттырып,
Арстандын уулу Семетей,
– Энемди көздөй жүрөм – деп,
Ак тулпарды жакшы бак.
Аманат бердим аба – деп.
Сары тазга берем – деп,
Маанисин айткан ногойдун,
Манас атаң деп айткан,
Жериң Талас деп айткан.
Аргын, ногой элиң – деп,
Жакып кандын колунда,
Токмок жеп куурап жүрөт – деп,
Абакең Бакай жериң – деп,
Калкымын жайын айтканда,
Тазды кан көтөрөм деп айттым.
Ала келем тазымды,
Атамын жайын угузган,
Калың ногой журтума,
Айтышып келген сөзүм бар,
Алышып келген колум бар,
Кан көтөрөм тазымды.
Букарды көздөй жүрөм – деп,
Мунканбай Бакай жата бер.
Чоң энекем Чыйырды,
Каныкейди алып келемин.
Кагылайын абаке,
Калкыңды билип жата бер.
Коштошом Бакай саа – деп,
Колун сунду жаш бала.

Абыке менен Көбөштү,
Азаптуу энем келгиче,
Качырып ийбе бир жакка.
Кайгылуу энем келсин – деп,
Кетирбей кегин алсын – деп.
Көөдөк Көбөш чочконун,
Көөдөнүнө минсин – деп.
Эмгектүү күндү көрсөткөн,
Өлтүрсө, койсо байкуштар,
Өзү билсин жаманды.
Арстандын уулу Семетей,
Бакайга айтып маанисин,
– Арстандын уулу кетти – деп,
Буудан атын минди – деп,
Ак тайганын ээрчитип,
Элине шилээн бердирип,
Эр Семетей жүрдү –деп.
Ээликмелүү Көбөшкө,
Элинен кабар жетти эле,
Ичи капа, тышы чок,
Ат кармап берер киши жок.
Желедеги жарыктык,
Токмок жалдуу тору айгыр,
Көөсөр Көбөш дардактап,
Ак жүгөндү колго алып,
Жүгүрүп калды дардактап.
– Менден улуу аксакал,
Абыке чочко кайда? – деп.
Көбөш туруп айтканда,
Акылман тууган Абыке,
Анда туруп муну айтат:
– Эгем салганын көрдү – деп,
Жалгыздан жаман өлдү – деп.
Кантээр экен бала – деп,
Калкым артынан кошо баргын – деп.
Кылычын алып качырса,
Жибербей кармап алып калгын – деп.
Аргын ногой көп журтум,
Артынан кошо баргын – деп.
Ала көөдөн чочкону,
Арачалап калгын – деп.
Түндүк бакан колунда,
Түгөнгөн Көбөш баратат.
Ак тайганын ээрчитип,
Буурул менен сойкутуп,
Болкуюп бала баратат.
Далысын салып кылчайбай,
Зуңкуюп бала баратат.
Кылчайбады жаманга,
Бакан менен эр Көбөш,
Бала далысын сала берди эле,
Качырып келип кан Көбөш,
Каң дедире бир салды.
Он эки жерден быркырап,
Обого чыкты зыркырап.
Кол кайтарбай жаманга,
Карк этип күлүп кайран эр,
– Кантет жаман чочко – деп,
Чылбырдан кармай калды эле.
Тизгин менен чылбырын,
Колунан жулуп алды эле.
Айгырдан жулуп ыргытып,
Ыргай саптуу ак камчы,
Качырып эле Көбөштү,
Беш, алтыны салды эле.
Үйрүн көздөй заңгырап,
Айгыр жүрүп калды эле.
-Кудай бардыр чочко – деп,
Ыйык жалдан бек кармап,
Кудай сакта – деп кармап,
Күүлөнүп келип тору айгыр,
Желеге тура калганда,
Башынан алыс кетти эле.
Желе каккан токмогу,
Чокусу менен тийди эле.
Куйкасынан Көбөштүн,

Кере сөөм жери алжайып,
Жаагынан кетти кан жайып.
Муштумдай кууну алып келип,
Баки ногой чогулуп,
Башын таңып Көбөштүн,
Каны соолуп жуудуруп,
Кан Көбөштү көтөрүп,
Төрүнө төшөк салдырып,
Төшөгүнө жаткырды.
Аны мындай таштагын,
Канкордун уулу өлтүргөн,
Кан Жакыптан кабар ал.
Көп ногой келди чуркурап,
Көөсөр Көбөш буркурап.
Абыке менен Бакдөөлөт,
-Бул өлүм саа чала – деп,
Көзүнө жаш албады.
Калк башкарып кан Бакай,
Үй көтөрүп, бээ союп,
Үч күнү конок бердирип,
– Малыңды жыйгын ногой – деп,
Башына доорон байлатып,
Он кишиге карматып,
Касиеттүү кан Бакай,
Кан Жакыпты көмдүрүп.
Кыйноо күндү көрсөткөн,
Кызыталак Жакыпка,
Моминтип кызмат кылыптыр.
Бакайды мындай таштаңыз,
Баатырдын уулу Семетей,
Мындан кабар алыңыз.
Ак тайганы артында,
Арстандын уулу Семетей,
Ак келтеси ийинде,
Ак олпок тону үстүндө.
Берендин уулу кайран эр,
Белдемчи деген себилин,
Белине тартты темирин,
Кош кабырга себилин,
Кошо кийген темирин,
Буулга деген себилин,
Бали ыракмат кайран эр,
Башына кийип темирин.
Сыр найза колдо койкоюп,
Кызыл өңү сур чалып,
Ак тайганын ээрчитип,
Бура тартып Кең-Колдон,
Буурул менен сойгутуп,
Жоргосуна көндүрүп,
Баатырдын уулу Семетей,
Басыгына көндүрүп,
Букарды карай бет алып,
– Муңдуу энекем кантти – деп,
Эми жүрдү зуңкуюп.
Келген экен кайран эр,
Алты күн ара конуптур.
Кең-Колдун башына келгенде,
Алты күн баскан ак тулпар,
Ногойдон чыгып ошо күн,
Кең Букардын чатына,
Жаркыраган жаш бала,
Жарактын баарын салынып,
Минилбеген союлгур,
Кара терге чөмүлүп,
Чоң куйругу кылактап,
Соорудан көбүк булактап,
Ат жайдактап жаш бала,
Ары, бери жетелеп,
Тери катып калган соң,
Терекке байлап буурулду,
Ак каңкыны жазданып,
Кыбыла жакка баштанып,
Тамактанып жаш бала,
Ак тайганы жанында,
Алп уйкуну бу салып.
Таң сүрүлүп атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Таң кылайып келгенде,

Жер жарылып көрүндү.
Намазын окуп кайран эр,
Теректеги буурулду,
Тербетпей чечип алды эле.
Терин кырып буудандын,
Эркелетип бууданын,
Кара кыяк чалдырып,
Күн шашкеге толгончо,
Кайнардан барып каптырып.
Суутун минип бастырып,
Кайта шибер чалдырып.
Аяттан куран окутуп,
Буурул атты токунуп,
Жаратканга жалынып,
Жалпы олуя кырк чилтен,
Пирлерине сыйынып,
Бала аттанып жүрдү эле.
Сары кайкы белестен,
Салып түшүп жаш бала,
Ичи капа, тышы чок,
Ичип, жеп ээрчип келаткан,
Артындагы тайган жок.
– Атаганат дүнүйө ай,
Ит иттигин кылды – деп.
Арамдарга ак тайган,
Кайра кеткен турбайбы.
Кайдан бердим байталды,
Бек таарынып берениң,
Атамдан калган Кумайык,
Ардактап багып алам – деп,
Арт жагынан ээрчитип,
Ардактап багам деп жүрсөм,
Ит экенин билгизип,
Салбарга кайра кеткенин,
Берендин уулу Семетей,
Бек таарынып болкуюп,
Кенебеген кайран эр,
Келе жатат ошондо.
Чыйырды менен Каныкей,
Чакыртып алып Ысмайыл,
Түштөндүрүп атканда,
Муңун тарткан Кумайык,
Мурун жеткен ошондо.
Эшиктен келди каңшылап,
Каныкей чуркап чыкты эле,
Ак тайган келди эркелеп.
Алдына келип жатты эле,
Кучактап алып жыгылды,
– Ит кучактап жыгылып,
Эжемди кудай урду – деп,
Эр Ысмайыл таарынды.
– Кагылайын энеке,
Жалгызың келе жатабы.
Ак тайган турат каңшылап,
Арт жагын карап эркелеп,
Айтайын десе тили жок.
Шайыдан жууркан салдырып,
Капшытка жууркан төшөдү,
Канкордун ити жатты эле.
Эки энеси эшикке,
Кырк чоросун ээрчитип,
Эшикке чыкты желөөрүп.
Аколпок тонду кийиптир,
Буурулун кармап миниптир.
Алтын кемер курчанып,
Жакып кандын колунда,
Жакуттан кылган айнегим,
Жалгыз келет салынып.
Абыкенин колунда,
Аккелте менен сырнайза,
Жамандар алган олжолоп,
Жалгызы алган баарысын.
Баатырдын уулу кайран эр,
Балактап кирип келди эле.
– Айланайын Каныкей,
Айнегим келип калдыбы?
Аман-эсен келдиңби?
Элиңдин жүзүн көрдүңбү?

Жаманды тирүү койдуңбу?
Кара көңүл бала элең,
Жакып менен түгөттү,
Кошо жайлап койдуңбу?
Салам айтып залактап,
Буурул менен далактап,
Эки көзү алактап,
– Карагай найза май кылдым,
Ууну чылап бергенде,
Каарданып мен шордуу,
Кан атамды жай кылдым.
Абыке менен Көбөшкө,
Колумдан кетсин салбарлар,
Жамандык кылбай жаманга,
Таштап келдим ногойго.
Баатырдын уулу түштү эле,
Маанисин сурап нетесиң,
Аргын менен ногойду,
Башкартып келдим Бакайга.
Байкуш эне бат көч – деп,
Камандай бала ээлигип,
Эки энесин козгоду,
Көчөмүн – деп жээлигип.
Эр Ысмайыл чочуду,
Калкына кабар бердирип,
Семиз малдан сойдуруп,
Көлдөй кылып чык куюп,
– Айланайын таяке,
Батаңды бергин маа – деп.
Элине шилээн бердирип,
Баатырдын уулу бата алып,
Эр Ысмайыл эр жигит,
Каракандан туулган,
Каныкейдин иниси,
Кайраты бар шер жигит.
Алтымыш атан алдырып,
Ортончу зайбы Ак булан,
Ак ордосун жүктөтүп,
Алтын, күмүш зар менен,
Эр Ысмайыл иниси,
Алдына жылкы айдатып,
Он миллион мал берип,
Ногойду көздөй көчүрдү.
Кырк жигити кашында,
Алты жүздөй кол алып,
-Кагылайын эжемди,
Калкына аман жеткирип,
Окшомдуу ногой элине,
Эжекемди жеткирип,
Талас, Кең-Кол жерине,
Баатыр жездем барындай,
Конушуна кондурам.
Калкына аман жеткирип,
Касиеттүү жездемдин,
Кабырын көрүп келем – деп,
Баатыр жездем арстанга,
Куран окуп мал союп,
Акылга мол эжекем,
Күмбөзүн салды деп уктум.
Акырет кеткен жездемдин,
Кызматын артык кылды деп уктум.
Жалган айтып жамандар,
Убара болуп каламбы.
Же жамандыр, жакшыдыр,
Кошо барып келейин.
Жаккан отун өчүрүп,
Эр Ысмайыл, Семетей,
Букардан чыкты көчүрүп.
Өзү көргөн жол менен,
Чыйырды менен Каныкей,
Тайтору менен боз жорго,
Таптатып жүргөн күлүктөр,
Алдырып алып жылкыдан,
Санатта жок Каныкей,
Арпаны түктөп жуудуруп,
Кочушка ченеп жем берип,
Семизинен катырып,
Эки атты байлап жүрүптүр.

Букардан чыгып Каныкей,
Арстандын уулу жалгызды.
Ачкадан өлмөк болгондо,
Уузу менен жеткизген,
Ак-Аркардын белине,
Байкуштар келип конду эле.
Эр Ысмайыл кол баштап,
Каныкей жүрдү жол баштап.
Кең-Колду карай жөнөшүп,
Орто жол менен жүрүшүп,
Он төрт күнү көч тартып,
Кыз-Мазар белин эңкейип,
Көч киргизди ошондо.
Кыз-Мазардын белинде,
Баткалыштан караса,
Маңдайкы башат кыяда,
Кара аргымак ат минген,
Казандай кара бөркү бар,
Желип түштү бир адам.
Арстандын уулу байкаса,
Эрегишер эр эмес,
Эрдиги андан кем эмес.
Алыскы жерден жол тартып,
Ачыгып калган неме экен.
Алдынан каршы чыгайын,
Айткан кебин угайын.
Сары тазын чакырып,
– Ак шумкарым кармагын,
Бир адам түштү шумдуктуу.
Буурул менен булкунтуп,
Тизгин чоюп жулкунтуп.
Сыр найза колдо короктоп,
Аккелте мылтык асынып,
Жалпак кыя сом таштан,
Эр Семетей болоктоп,
Желип келди колоктоп.
Канкордун уулу байкаса,
Кара сур тарткан бир киши,
Эңчегер бойлуу сур өңдүү,
Солободо солбуну,
Атка отурган келбети,
Абай кылса Семетей,
Атасы Манас өңдөнөт.
– Атам Манас канкорго,
Эткен окшош киши эле.
Жолоочу болсо ушуну,
Жолго салып иейин.
Уруша турган эр болсо,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Ушунун күчүн көрөйүн.
Кан эжеси Кардыгач,
Кайрылбай желип өттү эле
– Кыйкырсам кулак салбайт – деп,
Кыйынсынган неме экен,
Канкордун уулу Семетей,
Качырып сала берди эле.
Кызыл-Кумдун үстүндө,
Кызык уруш болду эле.
Найза менен сайышып,
Жыгыша албай чыкты эле.
Күн жалган түш болгончо,
Карсылдашып калды эле.
Тизгиндешип тиктешип,
Каарданып кармашып,
Камчы менен салышып,
Кызыл-Кумдун үстүндө,
Кубанчыны көрөсүң.
Кан эжесин таанымбай,
Канкордун уулу аларда,
Көчтү баштап бараткан,
Каныкейди бейбакка,
– Кара сур тарткан киши бир,
Кармап калды уулуңду,
Кабар тийип калды эле.
Каныкей аны укканда,
– Кан эжесин таанымбай,
Чуулганды салган бейм.
Чунакты кудай урган бейм.

Жер арытып, жол чалып,
Ит агытып, куш салып,
Телегейи тең эмес,
Кабылан султан канкордун,
Карындашы Кардыгач,
Эрдиги мындан кем эмес.
Ажыратып алмакка,
Тайтору менен сызды эле.
Каныкей келет кыйкырып,
– Эжекеңди тааныбай,
Эмне болдуң жалгыз – деп.
Каныкей муну айтканда,
– Кагылайын энеке,
Кайдан тааныйм мунуңду.
Мунун жайы ким эле?
– Мунун жайын сурасаң,
Айланайын айнегим,
Атаң Манас султанга,
Бир жатындан чыгышкан,
Карындашы Кардыгач.
Эки эмчекти эмизген,
Камандай эжең ушу – деп,
Кардыгач туруп болоктоп,
Эми ыйлады солоктоп.
– Айланайын айнегим,
Тулпардан калган туягым,
Абамдан калган жалгызым,
Амансыңбы жетимим!
Эртеден кечке салыштың,
Эжекеңди таанымбай,
Этиң ооруп калдыбы?
Береним абам Манастан,
Белек калган сен элең.
Бейпайыңды тарткамын,
Бейбак эжең мен элем.
Канкордун уулу Семетей,
Алкымынан өбүшүп,
Баатырдын уулу көрүшүп.

## СЕМЕТЕЙДИН, КАНЫКЕЙДИН ТАЛАСКА КЕЛИШИ

Мал айдатып Семетей,
Баатырдын уулу келатат.
Жылдырып жылкы айдатып,
Жырылтып казы байлантып,
Ак шумкарын талпынтып,
Арстандын уулу Семетей,
Буурул атты булкунтуп,
Тизгин чоюп жулкунтуп
Бакайга киши чаптырып,
Үч-Кошойдун бөксөдө
Бакайга кабар айттырып.
Муңдуу жеңең Чыйырды,
Каныкей айтат калкына,
Каракандын шаарынан,
Букардан келди муңдуулар.
Бакайга кабар тийген соң,
Бул сөзүңө кулак сал.
Калың ногой чуркурап,
– Каныкей, Чыйырды кайда? – деп,
Адамдын сөөгү зыркырап,
Аргын ногой чуркурап.
Кабылан Манас кан султан,
Жаңы өлгөндөй буркурап.
Абыке менен Көбөшкө,
Кабар айтты бу калкы.
– Асыл жеңем кайда? – деп,
Абыке жүрдү зыркырап.
Көөдөк Көбөш кол курап,
Салышмакка ошондо,
– Эки энең менен жай кылып,
Эрдигиңди көрбөсөм.
Ак-Кыянын белинен,

Арстандын уулун бу тосуп,
Аттанып чыккан ит Көбөш.
Калың ногой көп журту,
Баары келет зыркырап.
Сарайга келип салаңдап,
Бута атым келип калганда,
Буудандан түшүп Семетей,
Чыйырды менен Каныкей,
– Кулак салгын баатырлар,
Сары тиш болгон катындар,
Сары карын байкуштар,
Абысын аман келди  – деп,
Айнектей жүзүн көрдүк  – деп,
Тегеректеп көрүшүп,
Узатпады бейбакты.
Карыш жерге бастырбай,
Калайык калды көп ыйлап,
Бешиктеги бала ыйлап.
Азаптуулар келгенде,
Адамдын баары зар ыйлап,
Кожо,молдо кошо ыйлап.
Кызыл жейрен ат минген,
Кыл куйругун шарт түйгөн.
Кылычы кында кыңгырап,
Кызыл чопкут тон кийген
Аскери сындуу көп ногой,
Келген белем үстүнө.
– Кейиштүүлөр келди – деп,
Келеңкер чачпак кең соору,
Келини сындуу бу ногой.
Кыргый сөөк кымча бел,
Кызы сындуу бу ногой.
Баатырдын уулу келди – деп,
Аргын, ногой көрүшүп,
Бет, оозунан өбүшүп,
Ажырашып чыккан соң,
Карыя, жашы артында,
Күйүттүү болгон Каныкей,
Күмбөздү көздөй басты эле.
– Кызматын кылар уулу – деп,
Сыйнатын кылар Бакай – деп.
Аркан бою келгенде,
Аркырап ыйлап ошондо,
– Кан султан ала жаткын – деп,
Зыркырап ыйлап ошондо,
Айдай болгон ак бетти,
Айра тартты Каныкей.
– Кармагын журтум колун – деп,
Кан Бакайы бакырып,
Калайык калды өкүрүп.
Канкор жаңы өлгөндөй,
– Береним султан колдо – деп,
Безилдеп ыйлап көп журту.
Белгилүү сулуу бетине,
Беш тырмак салды Каныкей.
Кары лөккө жүк түштү,
Жеңеңди мындай таштаңыз,
Артынан келген Семетей,
Кырк жигити кашында,
Эки жүз колу артында,
Жаңкы баатыр баланын,
Таякеси кашында.
Алты миңдей кол менен,
Тосуп турат бер жакта.
Бөөдө жаман өлдү деп,
Абыке турат артында.
Абыке турат күүлөнүп,
– Арам өлдүң жаман – деп.
Аа катылба чочко – деп,
Кантер экен жаман – деп.
Канкордун уулу өлтүрөт,
Карап турду артында,
Калың колун кайтарып.
Абыке байкуш канетсин,
Акылы бар ушунча,
Кырк чоро менен көөдөгүң,
Көөдөк Көбөш болкуюп,
Тосуп турду зоңкуюп.

Каракан кызы Каныкей,
– Кан Ысмайыл бер кел – деп.
Сыр бараңын алды эле,
Баласы баатыр жеткенче,
Кыйык атып салды эле,
Кырк чоро тирүү калды эле.
Жатындаштык курусун,
Абыке келди өкүрүп.
– Тил билбес көөдөк өлдүң – деп,
Койгун десе тил албай,
Кокуй жаман өлдүң – деп.
Айткан тилди албаган,
Акмак чочко өлдүң – деп,
Алат күн журтум көмгүн – деп.
– Атым тартуу аба – деп,
Баатырдын уулу Семетей,
– Иниңизге кайгырба!
Эр Семетей жаш бала,
Берениң иниң мен мына.
Атайын иниң мен болом,
Ал жаманга кайгырба!
Атымды тарттым саа – деп.
Ай Абыке ага – деп,
Каныкейди алгын – деп,
Калкыңдын баарын чогултуп,
Ата кылып алайын.
Жаманга киши кейибейт,
Энемди алып берейин.
Атын үч жолу тартты эле,
– Жатындашы курусун,
Жаман да болсо жүрсөчү.
Жаман ыйлап Абыке,
– Калбаймын баатыр калбаймын
Энең кыйык атты – деп,
Көбөштөн калбайм тирүү – деп,
Мени өзүң өлтүр – деп,
Ыраазы болдум сага – деп,
Капа болбо мага – деп.
Айдай болгон ак төшүн,
Даарат алып Абыке,
Калың журту жарданып,
Карап турду таңданып.
– Кантер эми жетим – деп,
Кара көңүл түгөт – деп.
Намазын окуп Абыке,
Келме шаадат оозунда.
Кыйык атып салды эле,
Асыл Бакай келди эле,
Абыке, Көбөш өлдү эле.
Баки ногой чогултуп,
Үй көтөртүп бээ союп,
Кызматын кылып ошондо.
– Айнегим жалгыз атпаса,
Ак эшенди алдырып,
Ашкере нике кыйдырып,
Абыкедей кайнисине,
Тиймек болгон ошондо.
Эр Ысмайыл турчубу,
Кабырына барышып,
Куран окуп калышып.
Карыясы чогулуп,
Абыке менен Көбөштүн,
Кара ашын берип кан Бакай,
Боз сеңирдин учуна,
Жол боюна көмдүрүп,
Абыке менен Көбөшкө,
Бакай күмбөз салдырып.
Өзөндүү булак Кең-Колго
Жакып тиккен чоң үйдү,
Каныкей бейбак жүктөтүп,
Бакдөөлөттөй байбиче,
Чыйырды менен көрүшүп.
Абыкенин зайыбын,
Акбуланды алдырып,
Карасын салып ошого,
Зыйнатын минтип кылды эле.
Кубулдуу кара көп ногой,
Канкордун уулу келгенде,

Кадимкидей болду эле.
Алты күнү ат чапты,
Баатырдын уулу Семетей,
Бөлөкбайды алдырып,
Үч-Кошойго кондуруп,
Падыша Манас келгендей,
Баласы жалгыз кем бекен,
Боз адырмак керүүдөн,
Бакайдын уулу Байтайлак,
Абаңдын айлын көчүрүп.
Бакайдын жери кырка таш,
Бакай айлын кондуруп.
Баарын бирдей башкарап,
Баатырдын уулу Семетей,
Орчун ногой көп журтун,
Олутуна кондуруп.
Кайта малды мууздатып,
Аргын, ногой журтуна,
Сандыргалуу элине,
Сары тазды кан кылып.
Таякеси берген ак тулпар,
Каракандын кара олпок,
Кан көтөрүп бул тазды,
Ак тулпарды мингизип,
Кара олпокту кийгизип,
Калың ногой көп журтун,
Сары кан кылып билгизип.
– Куран окуп алдым – деп,
Сарайын көрдүм жездемдин,
Шойкомдуу оозу шок экен,
Букарды көздөй кетем – деп.
Семетей сан сарала бээ берди,
Эки миң атты айдатып,
Эки кулуң минсин – деп,
Кызыл нарды алдырып,
– Таякеме бергин – деп,
Алтын, күмүш зар жүктөп,
Аябай бала пул жүктөп,
Эжеси менен көрүшүп,
Эр Ысмайыл жөнөдү.
Узатып чыгып Семетей,
Коштошуп кайта тартты эле.
Букардан келген жөн ошол,
Жалпы ногой башкарып,
Бакай жатты ошондо.
Карагай найза ыргады,
Канкордун уулу келгенде,
Калкы кайра жыргады.
Канкордун өлгөн жери ошол,
Жайы-кышы баякы,
Жай жайлоосун жайлашып,
Күз күздөөсүн күздөшүп,
Жолборс бала Семетей,
Жыйырма сегизге чыкканда,
Асылдар өлгөн тыякта,
Чубактын зайбы Калыйча,
Алмамбет зайбы Арууке,
Бээжинде берен өлгөндө,
Бейбак азап көргөндө,
Акбалтанын элинен,
Мажик, Камбар келишип,
Алтымыш ала жоргону,
Бакайга тартып ошондо,
Жаккан отун өчүрүп,
Кең-Колдон кеткен көчүрүп.
Каныкей келип кеп айтат,
– Алмамбет менен Чубактан,
Аманат балдар кетти – деп.
Каракан кызы Каныкей,
Катты жазып берди эле.
Кубат берсе кудайым,
Арстандар көзү өткөндө,
Күйүп ыйлап бейбактар,
Күйүгүп кетип беренге
Аманат өспөй калган – деп.
Жараткан кудай колдосо,
Экөөң жаңыртып эрге тийгенде,
Жашарар бекен ошо – деп,

Алмамбеттин каты – деп,
Каныкей Аруукеге берди эле.
Кан Чубактын каты – деп,
Калыйчага берди эле.
– Кыз төрөп койсо байкуштар,
Өлбөс жерге бергиле.
Кан султан Манас колдосо,
Эркек төрөп койсоңор,
Эмчегиңди бербегин,
Өз эмчегим эмизип,
Касиеттүү жалгыздын,
Эрбейип атка минсин – деп,
Эл башкарып билсе – деп.
Азыраак сактап чоңойтуп,
Айбалта берип колойтуп,
Көт жагынан ээрчитип,
Көлөкө кылып берем – деп,
Катты берген Каныкей.
Берендин уулу ээлигип,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Кең-Колдо жүргөн ээлигип.
Кабылан жолборс кайран эр,
Жыйырма бешке чыкканда,
Каныкейге кат тийди,
Кат тийсе да бат тийди.
«Кан султандын баласы,
Кабылан тууган бөбөгүм,
Муңун тартып жеңебиз,
Алыскы шаарга чоңойтуп,
Айбалта алып колойтуп,
Кат окутуп молдого,
Карматып берип кожого,
Мекеде султан пирине,
Бек окутуп динине,
Муңун тартып энеси,
Кең Таласка келди – дейт.
Арстандын уулу Семетей,
Аргын ногой көп журтун,
Аким болуп билди – дейт,
Ат жалын тартып минди – дейт.
Беренден калган балдарды,
Келип алып кетсин» – дейт.
Каныкей берген кат менен,
Буурул күлүк ат менен,
Алтымыш тоону айланып,
Арстандын уулу Семетей,
– Туйгундан калган балдарды,
Асырап ини кылам – деп,
Тумакка салып байланып,
Ачкадан өлүп калат – деп,
Чийки бээнин казысын,
Оозуна чайкап чийкилей,
Тилин упчу кылып эмизип,
Калкына салып келди эле.
Калкына кайра той берип,
Балтыр бешик Канчоро,
Жаңыдан туулган Күлчоро,
Арбагын сыйлап арстандын,
– Чубактын уулу – деп айтып,
Канчоро койду момуну.
Аргымак аттын аласы,
Аманат калган курсакта,
Аруукеден туулду,
Арстан тууган Күлчоро,
Агарып келген тыргооттон,
Алмамбеттин баласы.
Эр Алмамбет өткөн соң,
Эр Мажик алган энесин,
Кан Чубак көзү өткөн соң,
Камбар алган энесин.
Өгөй ата бул экен,
Камандай болгон кайран эр,
Кан Алмамбет, эр Чубак,
Кан Манастын чоросу.
Өз атасы бул экен,
Кунан жорго мингизип,
Алтын күрмө кийгизип.

Каракан кызы Каныкей,
Качкан жоону куусун – деп,
Ардактап багып балдарды,
Жүрөгү майлуу болсун – деп,
Ак аркар тилин жегизген.
Жердин сызы өтөт деп,
Көчүкө була төшөткөн.
Көңүлү өсүп жүрсүн деп,
Тел козудай телиткен.
Канкордун уулу Семетей,
Жакшы асыра эне – деп.
Жакшымдан калган керез – деп,
Каныкейдин эмчеги,
Оң эмчеги ойронго,
Күлчорого сунду эле.
Ак сүт агып ууртунан,
Каныкейдин астына,
Болбурап уктап калды эле.
Сол эмчегин ийгизип,
Канчорого сунду эле.
Алтымыш эки тамырын,
Жаагы күчтүү чунагың,
Зыркырата сорду эле.
Кара кан чыгып зырылдап,
Канчоро басылбай ыйлап
чыркырап.
– Ушу кул сени оң кылбайт,
Бир азапты көрсөтөт,
Билсең муну өлтүр – деп.
– Кой, энеке, койгун – деп,
Жалгыз курган байкушту,
Жарыгым энем өлтүрбөйм.
Жаныма жолдош кыламын,
Өөдө чыксам ушу экөө,
Өбөк болор бекен – деп.
Ылдый түшсөм ушу экөө,
Жөлөк болор бекен – деп.
Оболоп учсам ушу экөө,
Канат болор бекен – деп.
Касташып душман чыкканда,
Атасын тартып ушу экөө,
Баатыр чыгып балдары,
Кан Алмамбет,Чубактай,
Каман болор бекен – деп.
Кан атасын бу тартып,
Кабылан болсо бул экөө,
Жаркындан калган жалгызга,
Жаңылбай ини болбойбу!
Көпөлөк кармап колуна,
Көйнөкчөн чуркап жүргөндө,
Канкордун уулу той союп,
Сүннөткө экөөн олтуртту.
Катыксын балдар жаштан – деп,
Алхамду алып окутуп,
Анжыян ылдый чаптырып,
Ак эшенди алдырып,
Кан окутту молдого.
Аябай балдар катсын – деп,
Алты жылы окутту.
Алты жашар Күлчоро,
Тогуз жашар Канчоро,
Эки чоро жаш жүрөт.
Ит агытып, куш салып,
Таластын сары талаага,
Эр Семетей кайран эр,
Салып түшүп келди эле.
Кыз –Мазардын оюнан,
Куюлган кумдун чатынан,
Көк ала ат минген бир киши,
Кезигип калды канкорго.
Мылтык менен атышпай,
Найза менен сайышпай,
Кылыч менен чабышпай,
Салам айтып алышып,
Алик алып калышып,
Жанчыкка колду салышып,
Касташтан кылган зор чака,
Калемпир кошкон насывай,

Алаканга салышып.
Таңдайына урушуп,
Кумардан чыгып бул экөө,
Мултуюшуп турду эле.
Астыртан түрө карашып,
Ат соорусун салышып,
Зуңкуюшуп турду эле,
Эр чегишпей бекишпей.
– Кимдин уулу болосуң?
Жооп бермек сүннөттөн,
Кеп сурамак келмеден.
Кандай кандын уулусуң?
Кайсы жакка барасың?
Менин жайым сурасаң,
Сары-Арка деген жерим бар,
Калың казак элим бар!
Бара турган дайным,
Кең Анжыян жер деген.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Ала турган зайбым бар.
Малын айдап кеткен – деп,
Күйөөчүлүк сүргөмүн,
Малымдын арт жагынан бет алып
Кайнымды көздөй жүргөмүн.
Сенин жайың ким болот?
– Талас, Кең-Кол жерим бар,
Кылыктуу ногой элим бар.
Пайгамбар сындуу бабам бар,
Бакай сындуу абам бар!
Эмчек эмип жүгүрүп,
Күлчоро менен Канчоро,
Алмамбет менен Чубактан,
Арстан калган чором бар!
Эки чором жаш эле,
Эмчек ээмп жүрдү эле.
Эриккенден чыккамын,
Эр Манастын уулумун.
Өз атымды сурасаң,
Батадан бүткөн баатыр эр,
Бала жолборс Семетей.
Эр сурабай бекишпейт,
Уруша албай турдук – деп.
Бидиз чоң сактаган турбайбы
Атабыз Манас эр Көкчө,
Ошол экөө дос экен.
Кан атабыз дос болду,
Акыры досту жаңыртып,
Боз-Дөңкүлгө келишип,
Келме шарип ак куран,
Көкүрөккө урушуп.
Аккелте оозун өбүшүп,
Албарс мизин жалашып.
Акыреттик дос болду,
Дос болуп туруп арстанга,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Так он беште деп уктум,
Акыретте доом жок досум,
Катынымды саа бердим.
Талак катын берди эле,
Колун коюп мөөр басып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ала турган зайбым бар,
Ал зайбымды алыңыз.
Мен катынга катын албаймын,
Каалсаң үч иш сураймын:
Буурул ат менен аколпок,
Аккелте үчөөн бергин – деп.
– Болот досум берейин,
Жоо жопуркай жерде эле.
Чоң-Ополдо кайнымды,
Алайын Чүрөк зайбымды.
Белиме саадак буюмум – деп,
Бээжиндеги калчадан,
Манастын кунун кууймун – деп.
Өлтүрсөм казы болоюн,
Өлсөм шейит кечейин.
Ишимди кудай оңдосо,
Илияс Кыдыр колдосо.

Кан атамды жай кылган,
Кебез өтүк, кендир кур,
Кечилдин каны Коңурбай,
Кан атамдай кылайын.
Кабыргасын сөгөйүн,
Канын суудай төгөйүн.
Капа болбо сен досум,
Анан кийин берейин.
Арыз арманын айтышып,
Ал жерден кайра кайтышып,
Аркалык жерге барышып,
Тизгини колдо карышып,
Бакай канды баш кылып,
Үмөтөй берген кат менен,
Тазбайматты баш кылып,
Он беш жигит кошчу алып,
Шатемирдин шаарына,
Алып кирип келди эле.
– Алыстан мейман келди – деп,
Айлы дүрбөй калды эле.
Кайдан келген киши – деп,
Манастын уулу деп айтып,
Бакай кан деген бар эле.
Албаймын деп кызыңды,
Кажылдаган кысталак,
Казак кантип кыз алсын,
Коркуп качып корголоп,
Талак кат берип колуна,
Канкордун уулу түгөткө,
Кажылдаган ит казак,
Катынын сатып кетиптир.
Кантип ошого беребиз,
Шаршемби күнү той союп,
Кырк күнү кыңшытып,
Тогуз күнү той тартып,
Жетимиш күнү ойнотуп,
Алтымыш нарга пул жүктөп,
Саарына мал берип,
Жумшарына кул берип,
Санатта жок мал берип,
Шаатемирдин шаарынан,
Кан Бакай менен Семетей,
Ногойду көздөй бет алып,
Баатырдын уулу Семетей,
Калк чакырып той союп,
Тамашаны көрсөтүп,
Тамам журтту чогултуп,
Чачыкейди алган соң,
Арстандан калган жаш балдар,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уул менен тең болуп,
Балбан болуп жаш балдар,
Балбан болуп балактап,
Атка минди салактап.
Бөрк ал десе баш кесип,
Суу ич десе уу ичип,
Кан төк десе жин төгүп,
Чоролор минтип чыккан соң,
Ойрондун уулу Семетей,
Эки чоро ээрчитип,
– Эриккеним жазам деп,
Ит агытып, куш салып,
Жер арытып, жол чалып,
Эки чоро ээрчитип,
– Эрмек кылып келем – деп
Байрак булгап бакырып,
Чоролорун чакырып.
Ээликмелүү бууданды,
Эки кулга токутуп,
Кокондун кара тон менен,
Коржоңдогон эр неме,
Аккелте мылтык ийнинде,
Алтын кемер белинде.
Ак шумкар алып болпоюп,
Атка минди зоңкоюп.
Төрт-Күлдүн төмөн жагынан,
Төрөнүн сайган багынан,
Кайнардын кара көзүнөн,

Как чынардын өзүнөн,
Бар-Көлдүн маңдай жагынан,
Бакайдын салган тамынан,
Үч-Кошойдун бөксөдөн,
Кара-Суунун боюнан,
Аңги-Коонун кашаттан,
Ала-Көлдүн сазынан,
Буудандын ичин ачырып,
Сары моюн ак кууга,
Саламын деп шумкарды,
Ала-Көлдөн качырып,
Шумкарга ичи ачынып.
Айран болуп, маң болуп,
Арстандын уулу таң болуп,
– Бул эмне шумдук – деп,
Байыркынын шумкары,
Ак кууну алат дечү эле.
Кушту да куу алабы?
Көмкөрө ногой журтумда,
Көргөн ногой бар бекен.
Мындан мурун быякка,
Жүргөн ногой бар бекен.
Ачуусу келип Семетей,
Калкынын баарын жыйдырып,
Ээликмесин карматып.
Семиз бээни сойдуруп,
Элине шилээн бердирип,
Аңгемелүү көп угуп,
Каныкей менен Бакайдан,
Ар ушактан сөз угуп.
– Кан Акун сенин кайның – деп,
Алуучу болсоң жарыгым,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ала турган зайбың – деп.
Касиеттүү шумкарды,
Алып кетти зайбың – деп.
Эр Семетей турчубу,
Элине чыдап жата албай,
Талас, Кеңкол кайран жер,
Жерине чыдап жата албай.
Сандыргалуу көтөргөн,
Сан ногой келип чогулуп,
Сарыканды чакырып,
Аргындан тандап ат алып,
Бакай кандан бата алып,
Он төрт күлүк ат алып,
Алакандай кат менен,
Желмаянга кош тартып,
Жеринен чыгат Семетей.
Ополду көздөй оң тартып,
Сырнайза колдо колкоюп,
Аккелте мылтык ийинде,
Арстандын уулу зоңкоюп.
Кара пилди чөгөрүп,
Шири кап менен жык бирди,
Ак дарыны жүктөтүп.
Ак куржун менен шишелеп,
Азык-түлүк арттырып,
Аргамжы менен тарттырып,
Кайдасынды бастырып.
Канчоро менен Күлчоро,
Жарактын баарын салынып,
Жаратканга жалынып.
-Эзелден берки эскинин,
Эрден калган кескинин,
Өтүп кетти кордугу,
Бул эмне чоңдугу.
Кан Акундун төрүнө,
Көп олтурган зайыбы.
Отуз беште карынын,
Бул эмне кордугу.
Ушу быйыл барбасам,
Акун кандын карысын,
Калың берип албасам.
Билбейм десе долуну,
Ополго бузук салбасам.
Таш-Коргонун талкалап,
Калкына кыргын көрсөтүп,

Кара элечек кылбасам.
Кан Акундун эскиси,
Канчыгымды албасам.
Кырыша кыргын көрсөтүп,
Кылычтын мизин кан кылып,
Кызын тартып албасам.
Жыргап жаткан Ооганды,
Жылас кылып салбасам.
Жылкысын тийип албасам,
Жолго жарып бээсин,
Артынан келген ээсин,
Чыгара чаап мээсин,
Калкына кыргын көрсөтүп,
Чыгарбасам кээсин.
Баатырдын уулу күүлөнүп,
Кепилдеги бейбакка,
Кең-Колдон чыкты сүйлөнүп.
Сырнайза колдо колкоюп,
Окору бутта чойкоюп.
Жарактын баары шаркылдап,
Жаш балдарын ээрчитип,
Жакут айнек калкылдап.
Билип атса милтелүү,
Байкап атса барденке.
Абайлап атса алты атар,
Олтуруп атса очогор.
Он эки дүрмөт көтөргөн,
Козголбосо койчагыр,
Сайын салып келтирген.
Ыраакы жуук ылгабайт,
Оозуна алтын ашаткан.
Көткү кароол байкасаң,
Көнөктөй жакут чөгөргөн.
Манастан калган Аккелте,
Ачууланса замбирек,
Асынып алып бадирек.
Алтын кемер курчанып,
Кызыл өңү сур чалып.
Жаагынан сары түк чыгып,
Жездей болуп саргарып,
Желке чачы суюлуп,
Өңү кетип бузулуп,
Шилекейи куюлуп.
Эки буту салактап,
Эки көзү алактап,
Койго кирчү бөрүдөй,
Оозу, мурду жалактап.
Ээн жерде кезиксе,
Эки кул менен төрөңдү,
Алган киши тунгандай,
Арстандарды карактап.
Арак ичип мас болуп,
Абдан ылжып алгандай,
Койго тийген бөрүдөй,
Оозу, мурду жалактап,
Баатырдын уулу чыкты эле.
Канкордун уулу Семетей,
Какылдаган бейбагың,
Кайнын издеп кеткенде
Карагай найза май кылган,
Кан атасын жай кылган.
Кебез өтүк, кендир кур,
Кайыптан бар кароолу.
Калмактын биз уктук,
Канаттуудан тили бар,
Тили жетсе динсиз кул,
Тирүү койчу неме эмес.
Эрдемсинген канкордун,
Эрдиги мындан кем эмес.
Кошунун жыйып келбейби?
Кең-Колдо жаткан ногойду,
Кебелтпей чаап албайбы?
Жыргап жаткан ногойду,
Жылас кылып кетпейби.
Кесиреттүү канкорду,
Кетирбейбиз Үргөнчкө,
Көмкөрө ногой көп журту,
Көт жагынан жарышып,

Тизгини колдо карышып,
Баки ногой жүргөндө,
Пайгамбар сындуу бабасы,
Бакай сындуу абасы,
Калың ногой журтуна,
Каршы чыкты алдына.
Көк ала ат менен сойкутуп,
Көк ырапыс чопкутчан,
Көк чыбык мылтык ийнинде,
Ак селдеси казандай.
– Айбандын оозун бура тур,
Акмак ногой тура тур.
Кең Үргөнчтү зайбына,
Безилдеген бейбака
Бек кабарып алыптыр.
Кыйыгына калсаңар,
Кыйратат Бакай түгөнгүр.
Кыйыгына тийгенде,
Кырк чоросун өлтүргөн,
Кылыктуу журтум жазганбайт.
Кан ичменин тукуму,
Кан атасын өлтүргөн.
Абыке, Көбөш агасын
Катары менен кайсаган.
Арак, шарап ичпе – деп,
Шарият айтып келгенде,
Төрөнүн уулу жалгызым,
Оолукмасын карматса,
Болбой ичкен бозону,
Боздотуп урган молдону.
Арак, шарап ичпе – деп,
Ачкыл жандуу канкордон,
Алтымыш эшен сулаган.
Ачуусу келип калыптыр,
Арт жагынан барайын,
Ичкелик менен сөз айтып,
Издегени Чүрөктүр.
Ителгидей кара көз,
Ирмебестен жаш кетип,
Байрак булгап бакырды,
Баатырдын уулун чакырды.
– Айбандын оозун бура тур,
Азырак аял кыла тур.
Бакайдын үнү чыкканда,
– Буурулдун оозун бура тур,
Муңумду айтам тура тур.
– Бастыр Бакай бачым – деп,
Буурул менен булкунтуп,
Бура тартып жулкунтуп,
Казандай кара суусар бөрк,
Ыргап башка үч кийип,
Балгыр беттүү, ак жүздүү,
– Бали, ракмат бадирек!
Эки чоро артында,
Элеңдеген түгөттөр.
– Эмне турдуң аба? – деп,
Бастырсаңчы бачым – деп,
Абакем Бакай келсин – деп,
Айланайын чоролор,
Азыраак аял кылыңар
Абамдын кебин угалык.
Акылга дыйкан зирегим,
Касиеттү кан Бакай,
Кандай сөзүн айтар – деп,
Чылбырдан кармап кеп айтат,
Чындап Бакай сөз айтат.
Аңгыча Бакай келди эле,
– Кулагың сал мага – деп,
Менден чыгат сонун кеп.
Кайсы жакка барасың?
Калың ногой журтуңа,
Катының менен жерге кир!
Кандай каран саласың.
Калдыркан барчын уча элек,
Камыштын башы быша элек.
Асый семирип түз эмес.
Коңур салкын күз эмес,
Эрге сапар жол эмес.

Жылан жылы артыңда,
Жылдызың оңоп жүрсөңчү!
Жылкы жылы үстүңдө,
Мүчөлүк келер быйыл чак.
Душман келер айттырбай,
Ажал депкир таптырбайт.
Өңгө жалган, өлүм чын,
Өлүм айтып келеби!
Айнегим жалгыз барбачы,
Айлантып каран салбачы!
Ободо чолпон жылдызсың,
Он сан ногой журтуңдун,
Ортосунда жалгызсың.
Жакамда кемчат кундузсуң,
Аргын ногой журтумдун,
Асылдан калган жалгызсың.
Башыма бүткөн маанайым,
Акырет кеткен султандан,
Жасап берген таалайым.
Арка жагың ойлончу,
Бу жалгандан сен кетсең,
Бирге ыйларга ногой көп,
Бирге тууган сенде жок.
Жалпы ыйларга ногой көп,
Жакын тууган сенде жок.
Белин бекем бууган жок,
Ордуңду басып каларга,
Уялашта тууган жок,
Туз көмгөндөй болосуң.
Айчүрөккө барбачы,
Каныкей менен Бакайга,
Айланайын жарыгым,
Айлантып каран салбачы!
Бакай минтип айтканда,
– Кой, абаке, сөзүңдү!
Укпаймын сенин кебиңди,
Кузгун ойсун көзүңдү,
Кудай алсын өзүңдү.
Атамдан калган мурапым,
Бакай, айткан кебиң ушубу!
Ырымыңды укпаймын,
Ырыстуу Бакай абаке,
Айдаганым он төрт ат,
Артынганым ок дары.
Алдымдагы мингеним,
Алты ай минсе арыбас,
Арка мойну жоорубас.
Качырып жоого тийгенде,
Канкордун көөнү оорубас.
Аркалуу буурул тулпарым,
Ногойго дүмөк баштаган
Жазында качкан шумкарым.
Ак шумкардын артынан,
Барбагын деп торгойсуң,
Карыганча калжаңдап,
Кары кебиң койбойсуң.
Тагдыр жетип, күн бүтүп,
Азап келсе бу башка,
Арстандын уулу канкорду
Ажалдан кантип коргойсуң,
Акыры Бакай оңбойсуң!
Асынганым Аккелте,
Аздаганым Айчүрөк.
Ээрчиткеним эки кул,
Канча дабан ашамын,
Канча дайра кечемин,
Кан Акундун шаарына,
Касиеттүү кепилге,
Кайсы убакта жетемин.
Угузчу жолдун маанисин!
Айтчы сөздүн даанасын!
Кантип барбай коёмун,
Такылдаган зайбыма,
Кадиктүү Акун кайныма.
Кумдан кулан кубалап,
Куюктуруп жыгам – деп,
Чөлдөн бөкөн кубалап,
Чөөлүктүрүп жыгам – деп.

Аркар кууп алам  – деп,
Аңгемени салам – деп,
Эриксем элик атам – деп,
Эрикпесем жатам – деп.
Угузчу жолдун маанисин,
Айтчы абаке даанасын!
Барамын деп болбоду,
Бакайдын сөзүн торгоду.
Анда Бакай кеп айтат.
Табактай болгон ак кагаз,
Калам соот алдырып,
Жоромолоп эр Бакай,
Жол эсебин жазды эле.
Дарс окуган эр Бакай,
Колун коюп мөөр басып,
Арстандын уулу жалгызга,
Ай эсебин жазды эле,
Күн эсебин жазды эле.
Жоромолоп Бакай кан,
Жол эсебин жазды эле.
Колун коюп бу катка:
– Акун канга салам де,
Башта куда болгонбуз,
Баланын демин кайтарбай,
Бачым берсин Чүрөктү.
Арстандын зайбын бербесе,
Бакай канды баш кылып,
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Айылы үстүнөн көрсүн де.
Он бештеги кыздарын,
Беш көкүлдөп өрсүн де,
Чаңдан ыраак болсун де.
Канкордун зайбын бербесе,
Бакай барса кол курап,
Калдайдай чаап калаасын,
Катуу ыйлатып коёрмун,
Катын менен баласын.
Канкордун зайбын бербесе,
Бакай барса кол курап,
Койбосмун бир да чалын – деп.
Катты берем сага – деп,
Кулагың сал мага – деп,
Менден чыгат сонун кеп.
Барба десем болбойсуң,
Бакайдын тилин албайсың.
Бармак болдуң кепилге,
Жака жолго кирбегин,
Көктөм менен жол тартып,
Каарданып калыпсың,
Катын жандуу кысталак,
Абаңын тилин ала көр,
Алкым жолго сала көр.
Мындан ары бет алсаң,
Абаңдын тилин албасаң,
Ат аябай жол тартсаң,
Күпүлдөп аткан Үргөнчкө,
Кубулжуган зайбыңа,
Куш уурдаган Чүрөккө,
Кырк күндө кирип барасың.
Абаңдын тилин сен алсаң,
Ат аярдап жол тартсаң,
Акун кандын шаарына,
Айтылуу Чүрөк зайбыңа,
Алтымыш күндө барасың.
Кумдан кулан кубалап,
Куюктуруп жыгарсың.
Жолдон бөкөн кубалап,
Жөөлүктүрүп жыгарсың.
Ардактаган буурулду,
Адырлуу жерге чуркатып,
Аркар кууп аларсың,
Аңгемени саларсың.
Болжобой чаап буурулдун,
Болот мыгы союлуп,
Алты така жоюлуп,
Бууданың аксап калуучу.
Ат ташыркап калбасын,

Бейбагыңа бара албай,
Кең-Колго кайра кайта албай,
Белесте өлүм болорсуң.
Эрдибиз ашка жеткенде,
Тумшугум ташка тийбесин.
Туйгун Манас атакең,
Туз көмгөндөй болбосун.
Айдай сулуу зайыбыңды,
Акундун кызы дебегин.
Алда таала кабылткан,
Касиеттүү Акун кан.
Пери ойногон жеринен,
Перинин кызы тууп кеткен.
Кан Акун таап алган бейбакты,
Кайкынын Сары-Белинен.
Акун кандай канына,
Алган кандын зайбына,
Асыранды кыз болгон.
Белгилүү сулуу бейбагың,
Бейиште жаткан жеринде,
Бел куда болуп келгенбиз.
Кулдук уруп бээ союп,
Куда болуп той союп,
Сан-сарала бээ айдап,
Саарына кул айдап,
Алтымыш ала жоргого,
Ак була кебез байлатып,
Кырк кара атты айдатып,
Кан Бакай абаң башында,
Кырк чоросун ээрчитип,
Куда болуп бээ союп,
Кулдук уруп той союп,
Тең калыңын бергенбиз.
Ошондо көрдүм жолуңду,
Жол маанисин айтайын,
Жортормондун тукуму,
Жобобой чунак ук муну.
Жер маанисин угузам,
Жээликбей жалгыз ук муну.
Суу маанисин айтайын,
Султанымдын тукуму,
Сумсайбай чунак ук муну.
Кайның жайын угузам,
Кабыландын тукуму,
Кайгырба жетим ук муну.
Мындан ары сен барсаң,
Каркайган Кара-Тоо келет,
Какыраган таш келет.
Коркойгон Кызыл-Тоо келет,
Омуроодон шор келет,
Ошону басып өлөрсүң.
Андан ары бет алсаң,
Будур-будур шор келер,
Будурмак ашуу бел келет,
Муну кечип аларсың.
Андан өтүп алган соң,
Ар жагыңдан карасаң,
Адыр-адыр жер келет,
Адырмак ашуу бел келет,
Аркырап аккан суу келет.
Андан өтүп алган соң,
Ар жагына карасаң,
Ак-Инек деген тоо келет.
Белге чыгып бара көр,
Менин тилим ала көр.
Ээк алдыңан эстесең,
Сыдырып койгон тасмадай,
Сызылган талаа чөл келет.
Эстей көргүн жарыгым,
Ар жагынан эрбейип,
Ээрдей кайкы бел келет.
Бешимде жетсең ал белге,
Белестен өтпөй түнөй көр,
Ат ташыркап калбасын,
Ат өргүтүп ала көр.
Бой жанчылып калбасын,
Бой сергитип ала көр.
Коштой баргын Кең-Колдон,

Баатыр алда колдо – деп,
Баабединди чала көр.
Таң тыяктан сөгүлүп,
Жерге жарык тийгенде,
Тараза жылдыз батканда,
Таң саргарып атканда,
Обонун жели зыркырап,
Асмандагы көп жылдыз,
Күн батыш көздөй быркырап,
Кара каш торгой чулдурап.
Теректин башы шыбырап,
Жандын баары кыбырап,
Чымчык чыркылдап талга
конгондо,
Торгой добуш салганда,
Таң кылайып калганда,
Алыскы жерге жол тарттың
Намазың каза кылбай жүр.
Багымдат окуп ала көр,
Күн шашке болгондо,
Менин тилим ала көр.
Ээрдей кайкы белеске,
Эртерээк чыгып бара көр.
Үйдөй болгон кара арча,
Бууданыңды чала көр.
Көт жагыңдан бута атым,
Көк дөңкөлдүн башынан,
Көрөрсүң бала кайкыдан.
Көмүркөйдөй кара таш,
Көчүгүңдү коё көр.
Атышарга жоо болуп,
Алдың курчап албасын,
Арганң кетип куу жетим,
Кагылайын жалгызым,
Менин тилим ала көр,
Белестен дүрбү сала көр,
Жоо өлчөөсүн ала көр,
Жоонун ченин биле көр!
Касиеттүү Ополду,
Кайныңдын шаарын көрө көр.
Айтты, койду дебегин,
Арстандын уулу кысталак,
Ырысыңды жебегин.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кең-Колдон төрөм келет – деп,
Кепилде жатып жөөт күң,
Керетинде билбесин.
Келин,кызын ээрчитип,
Келиштирип тон кийип,
Кемчет бөркүн чоң кийип,
Эсен жалгыз келет- деп,
Ээн чыгып бу долу,
Ээк алдыңдан тозбосун.
Какылдаган бейбагың,
Кай жакка качып баратат,
Катын жандуу канкорсуң!
Моймолжуган бейбакты,
Моюндан орой кучактап,
Алкымынан сүйбөгүн.
Кылактаган бейбагың,
Кырыңа чыгып албасын.
Катынга сырың тарттырып,
Канкор кудай урбасын.
Какылдаган бейбакка,
Кан Бакай тилин ала көр,
Кардыңа салып бара көр!
Кан Акундун жери ошол,
Ала-Көлдүн сазынан,
Адаштырып өзүңдү,
Ак шумкарды жөөт күң,
Ала кайыр түшүрүп,
Ала качып кеткенде,
Ашып калган бел ошол.
Саламат барып сак келгин,
Сагындырбай бат келгин.
Эсен барып соо келгин,
Эриктирбей бат келгин.
Жолунду кудай жолдосун,

Кайып уулу кырк чилтен,
Перилери сени колдосун.
Алмамбет,Чубак, кырк жайсаң,
Серек менен Сыргагы,
Арбагында колдосун.
Издегениң Айчүрөк,
Ишиңди кудай оңдосун.
Батамды бердим сага – деп,
Бачым келчи элиңе,
Алыскы жерге жол тарттың,
Кубат берсин кудайым.
– Кой абаке сөзүңдү,
Кан Акундай кайныңа,
Какылдаган зайбыңа,
Барбачы деп торгойсуң.
Тагдырым жетип күн бүтсө,
Ажал жетсе алдадан,
Алдыңдагы жалгызды,
Ажалдан кантип коргойсуң.
Туулмак бар, өлмөк бар,
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрмөк бар.
Коштошомбу саа –деп,
Колуңду бергин маа – деп,
Кош абаке аман тур.
Коштошуп алып кайран эр,
– Биттейимде бирге өскөн,
Бармактайдан башка өскөн,
Тай кунандай тебишкен,
Тартышып эмчек эмишкен,
Көнчөңтөйдө жаным бир,
Көмөкөйдө тилим бир.
Аттанып чыкса ак жолтой,
Качырган колго сан колдой.
Санаттуу балдар ат айда!
Ат айдасаң катуу айда!
Абасы туруп айтканда,
Туруучу балдар беркиби.
Биринин жайын сурасаң,
Буттай темир курчанган,
Кызыл өңү сур чалган.
Эңчегер бойлуу, саз өңдүү
Чабалай баштуу,чап жаактуу,
Эрди жука, ээги узун,
Эчен түрлүү сүрүлгөн,
Бөксөдө туман көздөнгөн.
Бөлөк-бөлөк кеп айткан.
Сыр бараң мылтык ийинде,
Куу найзасы колунда,
Он бештеги Канчоро,
Туруучу беле чунак кул,
Туубай жатып туйлаган,
Туурга конбой ыргыган.
Бөрк ал десе, баш кескен,
Кан төк десе жин төккөн.
Суу ич десе уу ичкен,
Жаактан чачы сербейген,
Күмүш кемер курчанган,
Күндөй бети нур чалган,
Ботодой көзү жайнаган,
Шакардай ичи кайнаган.
Өрттөй көзү кызарган,
Өзү мыкты Күлчоро,
Оозунан жалын шыркырап,
Кайраттанып кабарса,
Капшыра тиштеп ийгенде,
Каалгадай кашка тиш,
Таруудайдан быркырап.
Желке чачы суюлуп,
Өңү кетип бузулуп,
Анда бала кеп айтат,
– Койчу абаке! – деп айтат.
Ногойдон чыгып бөлүнүп,
Ополду көздөй оң тарттың.
Камандай балдар ээрчитип,
Кара пилге жүк артып,
Кайныңды көздөй жол тарттың.
Карыя чыкса алдыңдан,

Бурулуп жолдон чыгасың,
Муңканган сөзүн угасың.
Минтип жүрүп түгөнгүр,
Катынды качан аласың?
Кайныңа качан барасың?
Бу жоругуң койбосоң,
Балакетке саласың.
Эминеден сезесиң?
Эр Семетей абаке!
Эки чороң жаныңда,
Эр жалгызы сен элең,
Эмгегиңе мен элем.
Атадан жалгыз сен элең,
Ажалыңа мен элем.
Өзүңдү өзүң билсеңчи,
Туйгун аба душмандан,
Камандай кулуң жаныңда,
Камсанабай жүрсөңчү.
Күлүстөн муну айтканда,
Абасы туруп кеп айтат,
– Бали ыракмат өзүңө,
Айткан ширин сөзүңө.
Айнектей болгон көзүңө,
Айлансын абаң өзүңө.
Алтындан калган сом балкам,
Агарып келген тыргооттон,
Атам Манас чоросу,
Алмамдан калган чоң аркам.
Санатта жок кеп айттың,
Макул, баатыр, макул – деп,
Айткан сөзүң акыл – деп.
Султан боюн теңешип,
Балдар менен кеңешип,
Чоролор менен жарышып,
Сай күлүктү тийишип,
Өзү уккан жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Жарактын баарын салынып,
Жаратканга жалынып,
Жаш балдарын ээрчитип,
Атты тийип алышып,
Балдары менен жарышып,
Жолго ара конбостон,
Баатырлар жүрдү болбостон.
Түндү түнгө улашып,
Түн катып балдар жол тартып.
Чыканактап койбостон,
Чырм этип уйку албастан,
Күндүз катуу жол тартып,
Ат чалдырып алышып,
Жол боюна чай ичип,
Тизгиндин баары үзүлүп,
Айбан менен алышып,
Тизенин баары созулуп,
Колтуктун баары чоюлуп,
Колдун баары жоюлуп.
Ашуу ашып, таш басып,
Кыябы кырк күн жол басып,
Эчен дайра суу кечип,
Эки буту салактап,
Эки көзү алактап.
Ак-Инектин белине,
Сандыргалуу куу жетим,
Салып чыгып келди эле.
Энтелеген кысталак,
Ээги алдынан байкаса,
Сызылган талаа чөл келди.
Ар жагынан эрбейип,
Айтымы келди Бакайдын,
Ээрдей кайкы бел келди.
Кагазды ачып караса,
Кат эсепке толуптур,
Ногойдон чыккан күнүнө,
Санаты кырк күн болуптур.
Ар жагында Үргөнчкө,
Жүрөрмөн атка түшчүлүк,
Жүрбөгөн атка күнчүлүк,
Азыраак жери калыптыр.

Арт жагына кылчайып,
-Бачым айда балдар – деп,
Байрак булгап бакырды.
Ат айдаган балдарды,
Кайкыдан канкор чакырды.
Туруучу балдар беркиби,
Үзөнгүсү кагышып,
Чыгып келди жарышып.
Эр Күлчоро кеп айтат,
– Эмне болду – деп айтат.
– Эмнеси курусун,
Артымдан балдар эрте кел!
Белге салып барайын,
Конуш чалып турайын,
Козголбой балдар эрте кел.
Белестен өтпөйм жаш балдар,
Баатыр атам колдосо,
Баабединди чалам – деп,
Кудайга налыш кылам – деп,
Эртең күндүз шашкеде,
Белден дүрбү салам – деп,
Бейбактын оюн табам – деп,
Эрте балдар келгин – деп,
Кайкыдан кирди сойкутуп,
Буурул менен бургутуп.
Табына келген Тайбуурул,
Кысталактын буурулу,
Кыябы кырк күн жол ашып,
Кыябына келиптир.
Чуркоосуна көндүрүп,
Басыгына көндүрүп,
Белеске кирип келди эле.
Белдин жайын караса,
Бетеге чөптүн майы экен.
Бей бечара жесирдин,
Эгин салар жайы экен.
Бетеге белден бураган,
Бедеси менен ыраңы,
Ат боорунан ыргаган.
Элиги менен түлкүсү,
Алыс-алыс чураган,
Шай колдогон жер экен.
– Ата мындай жер бол – деп,
Касиеттүү кан Бакай,
Бали, ыракмат өзүңө,
Арстандын уулу жалгызга,
Айткан насаат сөзүңө.
Арстандын уулу Семетей,
Айлансын Бакай ошо эрди,
Ошону көргөн көзүңө,
Бармагын тиштеп баш чайкап,
Баатырдын уулу турду эле.
Атты айдап жетектеп,
Камандай балдар келди эле.
-Бер кел балдар көрдүңбү?
Айтымы келди Бакайдын,
Жер соорусу турбайбы,
Жеңеңерди алганда,
Жердесе ногой турбайбы.
Арстан балдар бат бол – деп,
Ак өлөгүн чөгөрүп,
Ала кийиз жай намаз,
Ак чатырын түшүрүп.
Жарактын баарын жайнатып,
Алтын мамы жер түркүк,
Асабалуу чоң чатыр,
Кендирден кылган танабы,
Кере чоё тарттырып,
Усталар кылган жер казык.
Туш-тушунан шиштерин,
Туура чоё кактырып.
Эшигин кыбыла жака бактырып,
Кудайга ишин жактырып.
Ак куржунду алдырып,
Аш тамактын баарысын,
Тубардан кылган дасторкон,
Туурасынан жайдырып,
Бейиш ашты чачтырып,

Аш тамагын жайнатып,
Алтын самоор кайнатып,
Батнуска бал салып,
Келишимдүү канкорго,
Кертип-кертип дан салып,
Кой башындай канттарын,
Котурата кемирип,
Сугатына бал ичип,
Суусунуна чай ичип,
Кыя кесип жал жешип,
Жай чилдеге дары – деп,
Кыркма серке майын жеп,
Кыш чилдеге дары – деп,
Кысырактын тайын жеп.
Тамам ичип үч бала,
Тамактанып алган соң,
Белеске түнөп алам – деп,
Берендин жайын сурап ал.
Намаздигер шам менен,
Терекке керме кердирип,
Ногойдон чыккан он төрт ат,
Аркы-терки байлатып,
Жаш балдарга шайлатып,
Арстаныңдын бууданын,
Атка аралаш байласа,
Кыябы кырк күн жол баскан,
Тамам жолду бу баскан.
Таң ашып калса Тайбуурул,
Ээсин тарткан союлгур,
Ээликмесин карматса,
Тээп тиштеп какшатат,
Тепкен атын аксатат.
Байлоодо турган аттардын,
Минүүдөн баарын калтырат,
Балакетке салдырат.
Каарданып шилтесе,
Болот туяк, кең соору,
Тулпар чалыш союлгур,
Катар турган жылыкынын,
Каржилигин сый тебет.
– Арбактуу Манас колдо – деп,
Жаратканга жалынып,
Пирлерине сыйынып,
Чагарагы коолдогон,
Шай колдогон Манасың,
Чүрөкө куда келгенде.

## СЕМЕТЕЙДИН АК БОЗ БЭЭНИ СОЮШУ

Аккуланы сууткан,
Орнотулуу мамыга,
Атам Манас колдо – деп,
Ак үртүгүн жашырып,
Бууданды жалгыз байлатып,
Кайра басып кайран эр,
Жетелеген жеринен,
Арстандын уулу кабылан,
Баабединге чалам – деп,
Ала келген элинен.
– Алып кел балдар боз бээни,
Аркан камдап жаш балдар,
Туура тартып турду эле.
Жазайылын салынып,
Жаратканга жалынып.
Алакан жазык, кол ачык,
Аттана чыкса жол ачык.
– Колдо кудай, колдо – деп,
Ногойдон келе жатамын,
Уулуңду Манас колдо – деп,
Алыстан келе жатамын.
Алмамбет, Чубак колдо – деп,
Кайып уулу кырк чилтен,
Кубат бергин пирлер – деп.

Элимден келе жатамын.
Эки бала ээрчитип.
Мекеде султан пирлерим,
Алда кандай иш болот.
Айкожо менен ак эшен,
Арбагыңыз колдо – деп,
Кубат бергин кудай – деп,
Бата кылып кайран эр
Жалкыны карыш жой болот,
Жанынан сууруп алды эле,
Периштелүү кайран эр,
Кокондун кара тон менен,
Коржоңдой басып келди эле.
Балбан туулган баатырың,
Басып туруп моюндан,
Башын кесип алды эле.
Күлүстөн тууган Күлчоро,
Күчтүн жайын көрсүн  – деп,
Камандай болгон Канчоро,
Эки чоро чунагым,
Кубаттанып калсын – деп,
Бүйүрө кармап шыйрактан,
Кебелтпей жерден алды эле.
Айлананы кан кылбай,
– Ары алып барып сойгун – деп,
Тебетей таштап койгондой,
Аркан бою боз бээни,
Тегеретип ийди эле.
Жаркыраган жаш бала,
Жазганып кетчү чоробу.
– Койчу баатыр – деп айтат,
Бул эмне кылыгың,
Кулдарыңа мактанып,
Кубулжуп жерден аласың.
Аңтара салып коёсуң,
Эрдигиң бар,эсиң жок,
Жеткен көөдөк кишисиң.
Көңүлүнө албагын,
Көөдөк абам экенсиң.
Сөкпө менин сөзүмдү,
Сөгө көрбө өзүмдү.
Айтты, койду дебеңиз,
Ырысыңды жебеңиз.
Акун кандын шаарынан,
Арзан Чүрөк албайбыз,
Капа болбо сөзгө,
Кайыныңыздын шаарынан,
Катыныңды талашып,
Как өзүңдөй шер чыкса,
Кара көңүл эр чыкса,
Алда таала кудурет,
Не салганын көрөмүн,
Ажал жетсе өлөрмүн.
Акун кандын шаарынан,
Ар ишиңе мен жарап,
Айчүрөк алып берермин.
Күйүкпөгүн аба – деп,
Ошондо, күчүңдүн жайын көрөрмүн.
Камандай бала айтканда,
Карс этип күлүп кайран эр,
Аколпогун жамынып,
Баатырдын уулу болоктоп,
Күлчорону чаптырып,
Күлүп турду солоктоп.
Баатыр байкап караса,
Күлчоросу төрт муштап,
Канчоросу төрт муштап,
Сегиз муштап боз бээни,
Арстан балдар союшуп,
Кемегени казышып,
Он эки карыш кемеге,
Мис казанды асышып.
Казы кертип, жал салып,
Балдар баса чоң салып,
Ошо түнү мол салып.
Кыйсабы кырк күн жол басып,
Ээлигип келген жаш балдар,
Урушарга жоо таппай,

Жээлигип келген жаш балдар,
Карсылдашып алышып,
Каткырыгы таш жарып,
Кызыл ала кан болуп,
Кыйла жерге даң болуп,
Каржилик менен салышып,
Жалындан жаба жактырып,
Бал кайната бышырып,
Кара этине түшүрүп,
Казы менен картаны,
Алаптап жалап туурашып.
Мис чарага салышып,
Абасына беришип,
Тамам ичип үч бала,
Тамактанып алышып.
Өзүңүз уккан ак чатыр,
Жүз кишиге чак чатыр.
Алды-алдынан үч бала,
Камсанабай душмандан,
Өзүн өзү билгендей,
Өз үйүндө жүргөндөй,
Аттарды байлап салышып,
Аюу талпак чоң күрсү,
Алды-алдынан салынып,
Алдасына жалынып,
Бали, ракмат бадирек,
Мамык төшөп башына,
Чопкуттарын жамынып.
Жаракты коюп жанына,
Жаркыраган үч баатыр,
Алп уйкуну салышып.
Бир убакта Семетей,
Көзүн ачып караса,
Жер жарылып таң атып.
Таң тыяктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Периштелүү кайран эр,
Бешмантчан болуп белсенип,
Пери launchedургандай теңселип,
Була көйнөк, боз дамбал,
Буластаган кайран эр
Аркардай болуп кылактап,
Көк кепич бутка салды эле,
Ак балтыры булактап,
Эшикке чыкты делөөрүп.
Уйкулуу көзүн ушалап,
Улутунуп үшкүрүп,
Таңдын жайын караса,
Тараза жылдыз батыптыр.
Жылдыздын баары суюлуп,
Таң саргарып атыптыр.
Абанын жели зыркырайт,
Асмандагы көп жылдыз
Кезек менен ыркырайт.
Теректин башы шалдырап,
Жалбырагы желбиреп.,
Каракаш торгой чулдурап,
Жандын баары кыбырап
Чымчык талга конуптур,
Таң төбөгө келиптир.
Экөө сүннөт экөө парз,
Төрт ирекет багымдат,
Төрөң окуп алмак.
Басып калды алактап,
Баатырдын уулу коржондоп.
Айбан жандуу кайран эр,
Атынын жайын караса,
Турган экен Тайбуурул
Баскан жерин жемирип,
Мамынын башын кемирип.
Кан ээсин көргөндө,
Чоюн нокто булкунуп,
Ойронду көрө койгондо,
Койдой болгон боз чымды,
Коңторо чапчып ыргытып,
Окуранып жулкунду.
Эркелетип бууданын,
Эр Семетей чечти эле,

Чылбырын чечип алды эле.
Жетелеп басты кайран эр,
Ак чатырды бет алып,
Арстан басып калганда
Агаңды карыш бастырбайт.
Ачкүсөндөй бүктөлүп,
Ороло түшүп бастырбайт.
Окуранып кылчактап,
Ок жыландай октолуп,
Басып келип Семетей,
Басмайылын бошотуп,
Булгары тердик,ак жабуу,
Бууданынан алды эле.
Ак куржунун чыгарып,
Жакут ачкыч салды эле.
Алтын саптуу ак тарак,
Кубулжуган таракты,
Куржундан сууруп алды эле.
Куландай болгон буурулдун,
Кундуздай жүнүн кырды эле.
Канат менен шыпырып,
Чылбыр менен бойлотуп,
Канкор басып жетелеп,
Кара кыяк чалдырып,
Белес жерге жетелеп,
Бетеге кыра откоруп,
Ылайлуу суу жыттабайт,
Кайыптан тууган карандын,
Кай кылыгын айтайын.
Кара суудан каппаган,
Кыз кылыктуу союлгур,
Кыялы башка жылкыдан.
Буурулдун жайын сурасаң,
Бука моюн, буура сан,
Эки арамга карматпай,
Энесин ээрчип жүргөндө,
Муздактан булак суу ичкен,
Кайнардан барып каптырып,
Окшомдуу бүлүк бууданды,
Отко агытып ийди эле.
Салаңдап басып келди эле.
Сай күлүктү караса,
Теректин баарын теңселтип,
Кермени чоюп булкунуп,
Кетенчиктеп жулкунуп.
Кулактары чунаңдап,
Куйруктары булактап,
Качаңдашып тиштешип,
Карсылдашып тебишип,
Чыйрыткы салган немедей,
Тиштеп жеп алчуудай,
Чие кылып чырматып.
Чылбырдын учун суу кылып,
Аттар антип турган соң,
Эки кулду караса,
Жаткан экен баркырап.
– Ата жалган дүнүйө ай,
Ат агыткын деп айтсам,
Ойготуп койсом экөөнү,
Уйкусу арам болот – деп,
Көңүлү өспөй балдардын,
Көөнү чөгөт болот – деп,
Маанайы пас болор – деп,
Балтыр эти толо элек,
Белиме саадак бууганда,
Айчүрөктү алганда,
Манастын кунун кууганда
Бээжиндеги чочкого,
Ушу балдар жарар – деп,
Алмамбет менен Чубактан,
Аманат калган чородон.
Ардактап баккан Семетей,
Уйкусун бузбай балдардын,
Шалкайып басып келди эле.
Сай күлүктү агытып,
Башатты көздөй басты эле.
Буурсундай ак колду,
Куушуруп суга салды эле,

Улуу даарат алды эле,
Колун сууuга койду эле,
Кол дааратын алды эле.
Бетине маш жүгүртүп,
Бет дааратын алды эле.
Келме шарат оозунда,
Кепич даарат бутунда.
Тамам даарат алган соң,
Мекеден келген суп жоолук,
Колу, жүзүн бул аарчып,
Ак жайнамаз чоң супа,
Алдына жая салды эле.
Кыбыла жака жүз тартып,
Асан айтып калды эле.
Асан үнү чыкканда,
Көзү уйкуда жаткан мен,
Көкүрөгү соо чунак,
Күлүстөн тууган жаш бала
Түйүлүп тура калды эле.
– Тур, Канчоро, тур – деди,
Чопкуттан кармап чорону,
Аркан бою сүйрөдү.
Алаткүн баатыр тур – деди,
– Көкмө чалыш көйрөң кул,
Эмне болдуң энтелеп.
Эси жок чоро доңуз – деп,
Уйкумду бузуп акмак – деп,
Уруша кетти Канчоро.
– Урушпагын сен – деди,
Саа урдурчу мен эмес.
Уйкунун мынча сааты бар,
Капилет баскан турбайбы,
Кара көңүл абакем,
Кан султандын баласы,
Айбандын баарын агытып,
Намазга турган турбайбы.
Кабыланга көрүнбөй,
Кашат менен чуркашып,
Барып даарат алышып,
Баатырынын жанына,
Кошулуп коомго турушуп,
Намазын окуп алышып,
Алакан жайып дуба окуп,
Кайра басып калышып.
Самоордон кызыл чай ичип,
Аш тамагын жай ичип.
-Жаркыным балдар турбачы,
Жакут саатты карасам,
Так тогузга толуптур,
Күн шашке болуптур.
Бээ курсак болуп буурулум,
Бек семире калбасын.
Болумдуу күлүк буурулум,
Бооруна казы албасын,
Көбөң тарта калбасын.
Курандан аят окучу,
Арстан тууган чоролор,
Атамды бачым токучу.

## СЕМЕТЕЙ АКУН КАНДЫН ШААРЫН ДҮРБҮ САЛЫП КАРАГАНЫ

Белеске чыгып барам – деп,
Белден дүрбү салам – деп,
Бейбактын ойнун табам – деп,
Кан Акун калкын көрөм – деп,
Бейбак Чүрөк жеңеңдин
Оюнун таап алам – деп.
Жолду көздөй салам – деп,
Жолдун ченин алам – деп,
Урушарга жоо болсо,
Жоо өлчөөсүн алам – деп,

Жоболоңдуу Чүрөктүн,
Жолдон ойнун табам – деп,
Баатырдын уулу айтканда,
Баякы балдар турчубу,
– Макул, аба, макул – деп,
Айбанды көздөй арбактап,
Чуркап калды дарбактап.
Буурулду туура тартты эле,
Булгары тердик, көк желдик,
Бууданга арта салды эле.
Капталы темир, кашы тал,
Каран калган ак каңкы,
Алдынкы кашы кара алтын,
Көткү кашы чылк күмүш,
Көмөлдүрүк сом алтын,
Куюшканы куйма алтын,
Эгем таала билбесе,
Ээрчип жүргөн киши жок.
Эр Семетей чоң ээрин,
Эки болот сом темир,
Эптеп кылган бул ээрин.
Күмүш менен колодон,
Аралаш экен экөөнөн,
Чыйрыткы салып көктөгөн,
Көгүн тартып үзөлбай,
Нечен баатыр өксөгөн,
Ар бирине чак каңкы.
Атасы Манас барында,
Алмамбет кылган ак каңкы,
Атына арта салды эле,
Куюшканын кыскартып,
Атасы Манас барында,
Алмамбет кылган акканкы,
Атына арта салды эле.
Куюшканын кыскартып,
Көмөлдүрүк узартып,
Чаб олоңун бош тартып,
Басмайылды бекитип,
Жаркыраган жаш балдар,
Жаңкыга туура тартты эле.
Айдай бети сур чалып,
Аккелтени асынып,
Кылычы кында кыңгырап,
Алтын кемер курчанып,
Батырону төшүндө,
Алты атары жанында,
Сырнайза колдо колкоюп,
Жарактын баары шаркылдап,
Жакут айнек калкылдап.
Берендин жайын сурап ал,
Чоргосуна тундуруп,
Басыгына көндүрүп.
Ээрдей кайкы белеске,
Энтелеген кайран эр,
Эми чыгып келди эле,
Сырнайзаны урду эле,
Буурулдан ыргып түштү эле.
Үйдөй болгон кара арча,
Ак чылбыр чала койду эле.
Айтымы келди Бакайдын,
Көт жагынан бута атым,
Көк-Дөңкөлдүн башынан,
Көмөкөйдөй кара таш,
Көрө коюп кайран эр
Басып келип коржоңдоп
Көчүгүн коюп олтурду.
Күн батыш көздөй караса
Мунарыктап бурчтанат
Булуң болуп учтанат.
Тумшугун туман чалыптыр,
Жакасын турпак алыптыр.
Караса көзгө илинбейт,
Кан Акундун чоң шаары,
Кайда экени билинбейт.
Эрдиги бар, эси жок,
Эчтеме менен иши жок.
Көзү менен урушат,
Караргырдын көзүнө

Канчалыңкы көрүнөт.
– Эмне болуп кетти – деп,
Түгөнгүрдүн көзүнө,
Түн чалыңкы көрүнөт.
– Эмне болуп кетти – деп,
Жоболоңдуу кайран эр,
Жомок айтып бермеке,
Белестен дүрбү салат бейм,
Жеңеңерди көрмөккө
Дүрбү салат кайкыдан,
Кан Акун шаарын билмеке,
Баарын таанып көрмөкө,
Бар маанисин билмеке.
Берендин жайын ойлоп ал,
Мекедеги беш ажы
Берен Манас султанга,
Белек берген чоң дүрбү,
Арстандын уулу кайран эр,
Алыска сапар жүргөндө,
Ала жүргөн ошону.
Чоң сомуке кабына,
Сала жүргөн ошону.
Бой тумар чалыш кабы бар,
Болжолу жок жоо алгыс,
Болоттон соккон сабы бар.
Кере кулач төш жагы,
Кетмен ооз чоң дүрбү
Алыскы жерге жүдөбөйт,
Оозуна жакут чаптырган,
Ортосуна ойлосоң,
Он эки мыскал көөхарды,
Зым жүгүртүп өткөзгөн.
Көз жагына келтирип,
Көөхар алтын чөгөрткөн.
Ак кадик менен орноткон,
Айнектин оозу кирдейт – деп,
Алыскы жерге жүрбөйт – деп,
Көк кадик менен ороткон,
Көз жеткис жерге жүрбөйт – деп.
Ата Манас өлгөндө,
Калк чогулуп көмгөндө,
Абыке менен Көбөштөн,
Азапты бейбак көргөндө.
Арамдар чапкан талкалап,
Акмак кылып салбарды,
Күң баласын өлтүртүп,
Акылга мол Каныкей,
Айнектин жанын калкалап.
Жакып кандан жашырып,
Алып кеткен Букарга.
– Эрбейип атка минсе – деп,
Эмгегин тарткан жалгызым,
Эл маанисин билсе – деп,
Эрмек кылып жүрсүн – деп,
Жоону көздөй салсын – деп,
Жол арылтып алсын – деп,
Белдемчинин бүгүшкө
Бекем тигип капшырып,
Атадан калган дүрбүнү,
Ала кеткен Каныкей,
Айнегине тапшырып.
Боосун тартпай мойнунан,
Болжолу жок дүрбүсүн,
Сууруп алды койнунан.
Кармап алып сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Тартып алып сабынан,
Солк этпей турду булкуюп,
Баатырдын уулу зуңкуюп,
Сол танабын имерип,
Сол көзүнө жиберип,
Оң танабын имерип,
Оң көзүнө капталтып,
Чыгырыгын имерип,
Чындап карап жиберип,
Айлык жерди болжоду,
Күндүк жерди келтирди.
Күндүк жерди бурады,

Түштүк жерге келтирди,
Түштүк жерди өлчөдү.
Кенебеген канкорго,
Кечтик жерге келтирди.
Кечтик жерди өлчөдү,
Кан Акундун капкасын,
Калдайтып тартып келди эле.
Энтелеген канкордун,
Ээк алдына келтирди.
Апкарыган агандын,
Алдына тартып келген соң,
Кабылан байкап караса,
Калдайган кара шаары бар,
Калкыган кара багы бар,
Түнөргөн кара шаары бар,
Түмпөйгөн кара багы бар.
Карап турса Семетей,
Жемиши жерге чачылган,
Жердин жүзү ачылган.
Жойлогону доңуздун,
Кемеге болуп казылган.
Кембагал адам тойгондой,
Алма чирип көң болгон.
Кыртыш байлап жер болгон,
Кылымга толгон Чоң-Опол,
Чымыны бар чычкандай,
Чырпыгы бар чынардай.
Чынары бар мунардай,
Чычканы бар күчүктөй,
Чегирткеси даркырап,
Учуп кетсе заркырап,
Байлап койгон танадай,
Кескелдирик байкаса,
Уктап аткан баладай.
Элиги жүрөт бөйпөңдөп,
Илбирси жүрөт илмиңдеп,
Түлкүсү жүрөт шимеңдеп.
Чочко жүрөт топуроңдоп,
Киши кийик, төө кийик,
Жыпжылаңач дарбаңдап,
Топозун көр, уйду көр,
Коңузун көр, койду көр,
Үңкүрдөн үкү талпынат,
Адырдан аюу бакырат,
Кыз-келиндей каткырып,
Адамзатты азгырып,
Корум жагын караса,
Жүздөн чөөсү чакырат.
Жыргап жаткан эл экен.
Ышкыны көп жер экен,
Тоосунда казы бар,
Токоюнда чары бар.
Карап турса канкору,
Жан бүткөндүн баары бар.
Ийри-буйру сазы бар,
Ийилип учкан казы бар.
Өлкөсү бар, сазы бар,
Өрдөк, чүрөк казы бар.
Кара суусу кылтылдайт,
Кундузу сууда бултулдайт.
Бакасы чардайт көлүндө,
Булбулу сайрайт чөлүндө.
Курбусу кетип суюлат,
Кулжасы койдой куюлат.
Тектир кетип суюлат,
Текеси койдой куюлат.
Караса көзгө илинбейт,
Камгак учкан немедей,
Касиеттүү Чоң-Опол,
Кайсы экени билинбейт.
Ичи капа, тышы чок,
Муну болжоп караса,
Мында Чүрөк ойну жок.
– Эми бейбак кайда? – деп,
Энтелеген кайран эр,
Бурулуп кеткен кара жол,
Букарга кетчү жол экен.
Мындан тосуп калбасын,

Муну болжоп карады.
Тегерете өлчөдү,
Теги Чүрөк ойну жок.
Туура кеткен туура жол,
Турпан барчу жол экен.
Алты шаарды басуучу,
Урум жол Манас кетүүчү,
– Атам Манас баскан – деп,
Арыстандын уулу келет – деп,
Мындан тосуп жүрбөсүн?
Муну болжоп караса,
Мында Чүрөк ойну жок.
Орто кеткен орто жол,
Ногойдон келген жол экен.
Касиеттүү Ополго,
Капталуучу жол – деди,
Мындан тосуп жүрбөсүн?
Мында Чүрөк ойну жок,
Шаардан ары күнчүлүк,
Арыстандын уулу байкаса,
Ак-Кыянын алдында,
Айдай сары талаада,
Кыз-Мазардын оюнда,
Тогуз жолдун тоомунда,
Он эки жолдун оозунда,
Ошону байкап караса,
Опсуз калың эл жатат,
Калың колду байкаса,
Калың кара эл жатат,
Кайнап кетер сел жатат,
Олуя чапкан жол жатат,
Оюрманын белинде
Он миллион кол жатат.
Жака жагын байкаса,
Ак асаба, кызыл туу,
Тоо, түздүн баарысы,
Айгайлаган ызы-чуу.
Жээк тартып тең жатат,
Жерге тартып кең жатат.
Жерге тартып былкылдап,
Жерге тартып кылкылдап,
Жазайылын жаткызып,
Шаарды көздөй беттетип,
Замбирегин жаткызып,
Кыдыр чапкан жол жатат.
Кылыктуу султан караса,
Кырк миллион кол жатат.
Калың колду баштаган,
Казандай кара бөрк кийген,
Караолпок кийип болкойгон,
Кара атын минип зуңкуйган,
Буттай темир курчанган,
Кызыл өңү сур чалган,
Кара сур тарткан бир неме,
Кара көңүл шер жүрөт.
Касиеттүү канкордун,
Катынын алчу эр жүрөт.
Ошончо колду элебейт,
Тушарына теңебейт.
Он эки мүчө болкулдап,
Толуп турат зуңкулдап.
Кан султандын баласы,
Калың колду элебейт.
Туйгун тууган кайран эр,
Туушарына теңебейт.
– Кысталак канча киши экен,
Айбандын оозун кердиби,
Ажал айдап келдиби?
Эки чором ээрчитип,
Аман жетсем калың кол,
Эриккеним жазарга,
Антип-минтип кырарга,
Эрмек кылып аларга,
Кулжа тамга кирген бейм,
Кудай мага берген бейм.
Быйыл алда жол болуп,
Жол болсо да мол болуп,
Атышарга кол болуп,

Эсен жетсем калың кол,
Эрмек кылып алам – деп,
Калкыман кеткен качкын кул,
Касташып кеткен ногойдун,
Элимен кеткен эсер кул,
Эр Чынкожо бар бекен.
Эр Чынкожокожо бар болсо,
Урушарым Чынкожо,
Урумду бузат Аккелтем.
Кыргын салчу Канчоро,
Кырып салчу Күлчоро.
Теңирим өзү колдосо,
Теги олуя жол берсе,
Текебер болуп кетпесе,
Кылымдын баарын кыйратып,
Кыз алуучу өзүм – деп,
Каңкылдаган канчык – деп,
Калың колдун ичинде,
Каалаган эри болбосун,
Катын-кызын ээрчитип,
Каалаган жерге барбасын.
Бер жагынан өлчөсө,
Мында Чүрөк ойну жок.
Шаардын ичин караса,
Санатта жок чоң шаарда,
Арстан байкап олтурду,
Кылабына толтурду,
Кыйшайып карап олтурду.
Арстан байкап караса,
Алма аралаш түмөн шак,
Калдайган кара калың бак.
Көктөм менен ногойдон,
Барган экен ошо чак.
Абайлап шондо байкады,
Казылуу кара ору бар,
Ар көчөнүн алдында,
Араба, чана көп жүргөн,
Аңыраган жолу бар.
Шаардын башын байкаса,
Сокмо согуп зоо кылган,
Эсептесе Семетей,
Эки жүз түркүк орнотуп,
Карагайдан тоо кылган.
Тыш жагынан бир сарай,
Ич жагын канкор байкаса,
Акылы жетпейт адамдын.
Акун кандын ак сарай,
Айтып берген кишиге,
Аңгемеси бир далай.
Бедери алтын жез калай,
Мелтиреген кең сарай,
Каалгасы сом калай,
Алтымыш эки панарды,
Ар бурчуна орноткон.
Сепили бийик кырк кезден,
Семетей карап байкаса,
Сербейип киши көрүнбөйт.
Кан Акун менен эшиктеш,
Карагайдын боорунда,
Кадалуу турган чыны бар,
Ат жеткис жерде тил болсо,
Аш бышымда тийгизген,
Анжыян менен Букарга,
Аркы-терки жүргүзгөн,
Болоттон соккон зымы бар.
Касиеттүү зор кандын,
Мунусун айтам угуп ал!
Мында Чүрөк ойну жок,
– Эми Чүрөк кайда? – деп,
Энтеледи кайран эр.
Эгем таала кудайдан,
Не салганын көргөнбү?
Атасынын төрүндө,
Тагдыр жетип күн бүтүп,
Акмак канчык өлгөнбү?
Бакайдын айткан сөзү бар,
Перинин кызы деди эле.
Кабылда жатып бу долу,

Кереметинде билбесин,
Алыскы жерден жол тартып,
Атамдын уулу келет деп,
Кереметинде бу – деди.
Үйүндө жатып билбесин,
Эгер кызын ээрчитип,
Шаардан оолак чыкпасын.
Санатта жок кошчу алып,
Эрке Чүрөк деди эле,
Эр Семетей келет – деп,
Ээн чыгып бу шаардан,
Ээк алдында жүрбөсүн.
Баатырдын уулу келет – деп,
Баткалышта калбасын.
Энтелеген эр неме,
Ээк алдынан караса,
Жүрөмөн атка түшчүлүк,
Жүдөмөн атка күнчүлүк,
Үргөнч деген суу көрдү,
Дүпүлдөгөн чоң дайра,
Үстү көбүк буу көрдү.
– Шумдуктуу чоң суу экен – деп,
Ошол Ургөнч боюнан,
Канкор байкап караса,
Көктөн түтүн бөлүнөт,
Көк кыянын оозунан,
Чоң Үргөнчтүн боюнан,
Көк ала чатыр көрүнөт.
Көк жал тууган төрөңдүн,
Көңүлү эми бөлүнөт.
Ак ала чатыр көрүнөт,
Кыраңга салып өлчөсө,
Кырдан түтүн бөлүнөт.
Кылка тигип салыптыр,
Кызарып чатыр көрүнөт,
Кызыл чатыр алдында,
Келишимдүү кермеде,
Кыздардын аты көрүнөт.
Кырка карап олтурса,
Кызыл-тазыл кучмач ээр,
Баарысын текши байкаса,
Баатыр байкап олтурса,
Баркыт көпчөк салылуу,
Басмайылы тартылуу,
Каңтаркасы кайрылуу,
Куйругу кайра чалылуу,
Мойнуна тумар тагылуу
Кебезден нокто салылуу,
Келин-кыздан багылуу.
Андан мындай байкаса,
Аркан бою бута атым,
Төтөгөлүү чоң чатыр,
Төшкө жөлөй тиктирген,
Семиз бээни сойдурган.
Катын-кызын чогултуп,
Кара этине тойдурган.
Казы менен картасын,
Бал бышырып койдурган.
Аш тамагын жайнаткан,
От ордундай самоордон,
Онду, бешти кайнаткан.
Ошо жерде жүрөт бир топ жан.
Ойрондун уулу байкаса,
Ортосунда жалгыз жан.
Оолжуган бир неме,
Оору болгон немедей,
Он эки кызга жөлөткөн.
Аңгыраган бир неме,
Пери десе кишидей,
Киши десеперидей,
Мелтиреген жинди эме,
Пери ургандай беттенип,
Көбүк кардай эттенип,
Жасалганы салынып,
Алган экен бейбагың.
Жаркыраган түгөнгүр,
Жаратканга жалынып,
Булумдан кылган чоң ичик,

Жакасы алтын тагынып,
Желбегей салып жамынып,
Этек жеңин кагынып,
Жеңи жерде сүйрөлгөн.
Жеңеңдин жайын байкасаң,
Атасынын төрүндө,
Желбегей басып үйрөнгөн.
Күлүмсүрөп кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Акырын басып шуудурап,
Аркардай көзү жоодурап,
Алкымы айдай көрүнөт,
Акырдан оолак бөлүнүп.
– Кулак салгын баатырлар,
Сары тиш болгон катындан,
Сары карын түгөттөн,
Сөөлөтү бар ошончо,
Күнү атпай тийчүдөй,
Күнгө бети күйчүдөй.
Төрт келинге танабын,
Буладан кылган кол чатыр,
Төрт жагына тарттырып,
Төбөсүнө карматып.
Көлөкө кармап башына,
Кырк нөкөрү кашында.
Чыбыкка жоолук байлатып,
Чымын менен чиркейди,
Тула бойго жолотпой,
Шыпылдатып айдатып,
Күдөрүдөй былк этет,
Күчүк иттей шыңк этет.
Күңгүрский көк кепич,
Кырым маасы зайпана,
Желим өтүк жез така,
Апкыты менен башына,
Алтын менен күмүштөн,
Алтымыш эки кураган.
Анжыяндын Сынжыбек,
– Ким ултарган муну – деп,
Үшкүрүнүп ултунуп,
Үч которуп сураган.
Аягынан чарк этип,
Алтындан кылган чоң күрмө,
Аркалыгы жакуттан,
Ай далыда балк этип,
Алтын каптуу чоң тумар,
Безилдеген бейбактын,
Омуроодо жарк этип,
Көкүрөктө салаңдап,
Көөхар менен жакуттан,
Кыя сала чаптырган.
Салаңдордун баарысын,
Сары алтындан тактырган.
Аз келип кала тургансып,
Эки ийнине жеңеңиз,
Чыныдай жакут чөгөрүп,
Аяктай алтын жаптырган.
Акылга мол Айчүрөк,
Ала тамак бой мончок,
Мойнуна жалаң салынган.
Он эки кундуз кемчет бөрк,
Оң чекеде кыйшайган.
Кыргоолдой мойну койкоюп,
Бала каздай бойпоюп,
Маралдай болуп маңкайып,
Аркардай болуп шаңкайып,
Адырга чыккан ак мыя,
Алтындан кылган такыя,
Акырын кийип башына,
Бир кыз келди астына.
Телеккер чачпак салынып,
Келбети сулуу бир келин,
Басып келди артынан.
Шойкомдуу оозу шок экен,
Сөөлөтү жанда жок экен.
Абдан таанып алалбай,
Катын жандуу кайран эр,
Катуу шашып калды эле.

Дүрбүнү капка салды эле,
Мойнуна боосун салды эле,
Болукшуп басып калды эле.
Анда-мында бир шилтеп,
Ак камчыны колго алып,
Айбалтасын таянып,
Катынын көрүп алган соң,
Катуу шашты кайран эр.
Арка жагын кылчактап,
Алдынан кийик көргөндөй,
Агаңды каптап келгендей,
Арка жагын көп карап.
Кас болгонун куугандай,
Катуу шашты кайран эр.
Катыны эркек туугандай,
Ак чылбыр чечип алды эле,
Бууданга чурап минди эле,
Сырнайза жерден алды эле.
Сырнайзаны таянып,
Баатырдын уулу бакырды,
Чатырда жаткан балдарды,
– Бачым кел! – деп чакырды.
Эки чоро бат кел – деп,
Эр Семетей чакырды.
Баатырдын үнү чыкканда,
Туруучу балдар беркиби,
Туйгундун үнүн укканда,
-Эр Канчоро бат камын,
Баатырдын уулу Семетей,
Бачым жүргүн Канчоро,
Жанагы түгөт абакем,
Белестен дүрбү салган бейм,
Бейбагын көрүп алган бейм,
Бек кубанып алган бейм.
Энтелеген түгөттүн,
Эси чыгып калган бейм.
Атышарга кол болуп,
Алдын курчап калган бейм.
Катын алчу абамдын,
Айласы кетип калган бейм.
Урушар жоо келген бейм,
Муну баатыр көргөн бейм.
Кулдарга кудай берген бейм,
Абакем арстан көргөн бейм.
Эгем айдап кабылтса,
Абийир мындай жабылбас.
Урушарга кол болуп,
Эригип кеткен кулдарга,
Эрмек мындай табылбас.
Жүрү баатыр Канчоро,
Белесте турган беренге,
Түпөгү жок найза алган,
Дүрбөлөңдүү түгөттөр,
Чыгып келди жарышып,
Үзөнгүсү кагышып.
Эр Күлчоро кеп айтат:
– Эр Семетей падышам,
Не жолуңан чакырдың,
Не көрүндү – деп айтат.
Не көрүндү көзүңө,
Не билинди өзүңө,
Эртерээк аба бат айтчы?
Урунарга тоо барбы?
Урушарга жоо барбы?
Жоо болсо да мол барбы?
Чуулганды салууга,
Кыйратып кырып ийүүгө,
Кубанчысын көрүүгө,
Чунагың барар жол барбы?
Ушу сөздү айтканда,
Анда баатыр кеп айтат,
Каргадай болгон жаш балдар
Кантер экен деп айтат.
Калың колду угузсам,
Жазганар бекен деп айтат,
Коркор бекен деп айтат:
-Жүрү балдар кетелик,
Таласка эсен жетелик.

Чүрөктү алып нетелик,
Эрегишер эр эмес,
Эрдиги бизден кем эмес.
Акундун кызы Чүрөктү,
Бере койчу неме эмес.
Калың кара эл жатат,
Кан Акундун капкасын,
Каптап кетер сел жатат.
Кыйынсынба Күлчоро,
Кыдыр чапкан жол жатат,
Кылка колду башкарган,
Кыз алуучу зор жатат.
Казандай кара бөрк кийген,
Кара ат минип булкуйган,
Кара олпок кийип зуңкуйган,
Кара сакал,шиш мурут,
Кан Акундун шаарында,
Жеңеңди алчу эр жатат.
– Койчу абаке сөзүңдү,
Укпаймын баатыр кебиңди.
Кудай алсын өзүңдү.
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрсөңчү.
Беш кишиден корккуча,
Бейбагыңды бергиче,
Туйгун Манас атаңдан,
Туулбай жерге кирсеңчи!
Жалганда тирүү жүргүчө,
Туулбай туна чөксөңчү!
Кең-Колдо жатып өлөсүң,
Тагдыр жетип, күн бүтүп,
Ажал келсе алдадан,
Арстан абам өлөсүң.
Тирүү туруп зайбыңды,
Чүрөктү кантип бересиң.
Кысталак канча киши экен?
Кырк кишиден коркосуң,
Кудайдын салган иши экен,
Калың кол экен дебечи,
Акыл айтса пайда  – деп,
Айчүрөк зайбың кайда – деп,
Кагылайын абаке!
Камандай кулуң жанында,
Камсанаба ал колдон.
Кабылан бала айтканда,
Карс этип күлүп Семетей:
– Кагылайын чунагым,
Кантээр экен деп айттым.
Балалык кылып иер  – деп,
Чочуп кетер деп айттым.
Баракелде эрдикке,
Маашыр болдум шердикке.
Айткан ширин сөзүңө,
Айлансын абаң өзүңө.
Угузуп турсам маанисин,
Ушу сөздүн дайынын,
Улуу жомок кеп болор,
Ушу бизге эп болор.
Ким экенин билербиз,
Эрдигин быйыл көрөбүз,
Айчүрөктү берербиз.
Акун кандын шаарында,
Же намыс алып берербиз.
Жемилгеси жер кылып,
Жеңеңди алып келербиз.
Бер жагынан карасам,
Түштүк жерде жан жатат.
Шумдуктуу жаман суу жатат,
Ошо суунун боюнда,
Оюн баштап сейил жатат,
Ошол жерде жүрөт бир топ жан.
Шойкомдуу оозу шок  – деди,
Жалганда мындай жок  – деди.
Жаш балдар бириң баргыла.
Эрте барып, жадал кел,
Бириң барып, бириң кал,
Жолоочу болсо жолго сал.
Жортуулчу болсо бери айда,

Ак-Кыянын алдында,
Ала кайыр салайын.
Кылычты канга малайын,
Кыргын салып иейин,
Кубанчысын көрөйүн.
Кербенчи келип конбосун,
Кейитпей жолум болбосун.
Базарчы келип конбосун,
Баатырдын уулу абаңдын,
Баргызбай жолу болбосун.
Бакайдын айткан сөзү бар,
Манастын уулу келет – деп,
Акшумкардын артынан,
Азаптуу Чүрөк зарпынан,
Кең-Колдон төрөм келет – деп,
Келбеттүү жеңең Айчүрөк,
Келин,кызын кошчу алып,
Келип тосуп жүрбөсүн,
Ошо Чүрөк өзү болсо,
Бизге көөнү түз болсо,
Үй көтөртүп, бээ союп,
Үртүктөтүп ат минип,
Келин, кызын ээрчитип,
Келип тосуп алсын де.
Келип тосуп албаса,
Мейли кушка тийсин де.
Жөөттү алып нетемин,
Камдап койгон шери болсо,
Канчыкты эрте тийсин де.
Акмак кылып издетпей,
Абаңдын кушун берсин де.
Жөөткө барып нетемин,
Так ушу жерден кетемин.
Кең-Колго эсен жетемин,
Келберсиген чочкодон,
Манастын кунун кууймун – деп,
Белиме саадак бууймун – деп,
Эртерээк жообун угузсун.
Эби жок сулуу жөөт – деп,
Бачым баргын балдар – деп,
Баатырдын уулу айтканда,
– Мен барам – деп жулунуп,
Канчоро турду түрлөнүп.
Канчоро антип айтканда,
Камандай бала турабы.
– Кой Канчоро – деп айтты,
Урушарга жоо болсо,
Улуусу мурун тийүүчү,
Арт жагынан кичүүсү,
Аты, тонду чогултуп,
Аңгемеде жүрүүчү.
Өзүң орой бала элең,
Омуроо какты сөз айткан,
Өзүң орой чоро элең.
Бакайдан уктук маанисин,
Абдан уктук даанасын,
Акылга мол Чүрөктүн,
Жез канаттуу жеңемдин,
Ар бир шаардан алдырган
Кылактанган бейбактын,
Кырк жөөкөрү бар деген.
Бет алса сөзүн кетирбес,
Баары чечен жан деген.
Омуроо какты сөз айтып,
Өзүң орой жан элең.
Буудандын оозун бурушуп,
Чокчоңдоп барып бир тийип,
Чоочун кыз менен урушуп,
Буурулдун оозун бурасың,
Буралган бейбак жеңеме,
Абамды уят кыласың.
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрүүчү,
Урушпа баатыр уруксат,
Катын-кыздын ичине,
Камандай бала баруучу.
Урушпа баатыр Канчоро,

Уруксат бергин мага – деп,
Эр Күлчоро айтканда,
Канчоро туруп кеп айтат:
– Катын жандуу кыз нагыш,
Каргыш тийген чунак – деп.
Уруксат бердим урушпа,
Эрте барып жадал кел,
Канчоро берди уруксат.
– Өз жарагым өзүмдө,
Кайсы атыңды минемин?
Энтелебей эрте угуз,
Эрте барып келемин.
Эр Күлчоро айтканда,
Кантээр экен чором – деп,
– Какылдаган чунагым,
Кактелки атты минип бар,
Эрте барып жадал кел.
– Эмне сөздү айтасың,
Койчу абаке сөзүңдү,
Эртеден кечке айтасың,
Жеткен көөдөк киши элең.
Ойлосоңчу абаке,
Үйдөн чыккан күнүбүз,
Нечен күн болду эсепте?
Каран калган Кактелки
Кыябы кырк күн жол басты.
Ашуу ашып, таш басып,
Алтымыш дайра суу кечип,
Кыйла жолду бу басып,
Кычыраган таш басып,
Тамандын баары түгөнүп,
Туранын баары жоголуп,
Кызыл тура болуптур.
Дүрбү салып көрдүм – деп,
Үргөнч деген суу дейсиң,
Дүпүлдөгөн чоң дайра,
Үстү көбүк буу дейсиң.
Агыны катуу дайрадан,
Ала салып кетпесин,
Азапты кулуң көрбөсүн.
Жаза тайып абаке,
Жаркыраган бейбагың,
Кырк жөөкөрүн ээрчитип,
Кашаттан карап турбасын.
Кара көздү кашайтып,
Катынга шылдың кылбасын.
Өркөчү жабыр ат эле,
Адыр-адыр жер келсе,
Адырмак ашуу тоо келсе,
Аргасы жок ит эле,
Тоодон кулап өлбөйүн,
Тозокту минтип көрбөйүн.
Баргын десең бу жолго,
Баатырдын уулу Семетей,
Муңайбачы абаке.
Бууруддун күчүн берсең бейм,
Бу жолго барып келсем бейм.
Капа болбой тура көр,
Катын-кызга барсам бейм.
Айтылуу Чүрөк зайбыңды,
Аккан суудан табылса,
Арзан кымбат экенин,
Айтышып атып Чүрөктөн,
Сөзүн угуп келейин.
Келишимдүү бейбактын,
Кебин угуп келейин.
Тийип алса зайбыңдын,
Эрин угуп келейин.
Акмак кылып ирдеткен,
Ак шумкардай кушуңдун,
Жөнүн угуп келейин.
Кечүү чалып абаке,
Кечикпей бачым келейин.
Шойкомдуу оозуң шок болуп,
Жалган айтсаң түгөнгүр,
Аккан суунун боюнда,
Айчүрөк зайбың жок болсо,
Акун кандын шаарына,

Ат ойнотуп кирейин.
Аланкирди салайын,
Кылычтын мизин кан кылып,
Кыйла жерге даң кылып,
Кыйрына кыргын салайын.
Көчөнүн ичин чаң кылып,
Көрүнүп калса көзүмө,
Айдай сулуу бейбакты,
Ач билектен алайын.
Катыныңды алып келейин,
Кайкыда тозгун былк этпей,
Өз колуңа берейин.
Жаш Күлчоро айтканда,
Бекзат тууган бек агаң,
Ак шумкардын дартынан,
Азаптуу Чүрөк зарпынан,
Бербеймин деп айталбай,
Безилдеген чорону,
Берендин сөзүн кайтарбай,
Түшүп берди бууданды.

## КҮЛЧОРОНУН ЧАЛГЫНГА КЕТИШИ

Абасы атты берген соң,
Чунак кул карап турабы,
Күмүш кемер курчанып,
Кылычы кында кыңгырап,
Сырбараң мылтык ийинде,
Батырону төшүндө,
Айбалтасы жанында.
Алаңкер жаа, сур жебе,
Акыреке салынып,
Казандай кара кундуз бөрк,
Ыргап башка үч кийип,
Жаактан чачы сербейип,
Жаздай болгон буурулга,
Жаш бала чурап минди эле.
– Кош абаке аман тур,
Коштошомун сага – деп,
Колуңду берчи мага – деп.
Колун кармап жаш бала,
Буурул менен сойкутуп,
Жүрө берди чунагың.
Бала жүрө бергенде,
Баатырдын уулу турчубу.
Арбактап басып калды эле,
Аркан бою узатпай,
Чылбырдан кармап кеп айтат,
-Чунак чором тура тур,
Кулагың салып уга тур.
Ээликмелүү бала элең,
Эрке асырап чоңойткон,
Катын жандуу кыз бакты,
Каргыш тийген чоро элең.
Байкармын сенин өзүңдү,
Артыңан дүрбү салармын,
Балалык кылбай жакшы бар.
Кумдан кулан куубагын,
Куюктуруп чыкпагын.
Чөлдөн бөкөн куубагын,
Ээн сары талаада,
Ээликмеңди карматпа.
Эриктирбейт Тайбуурул,
Эми жайын көрөрсүң.
Аркар кууп албагын,
Аңгемени салам – деп,
Болжобой чаап буурулдун,
Болот мыгы суурулуп,
Алтын така чоюлуп,
Бууданым аксап калбасын.
Камандай болуп кан чычкыр,
Катын кызга жете албай,
Кайра өзүмө кайталбай,

Абаңды өлүм кылбагын,
Атыман айрып салбагын.
Билесиңби бу белде,
Бизге ыйларга ногой жок,
Бизге тууган пенде жок,
Боройдон борой күн жааса,
Боз керешке болучу,
Болумдуу ногой элим жок.
Ала кайыр күн жааса,
Ат керешке болучу,
Алмамбет менен Чубак жок.
Иштеткеним Тайбуурул,
Ишенгеним Аккелте,
Арка кылган Аколпок,
Каранганым Канчоро,
Катын, кызга барасың,
Камандай болгон Күлчоро,
Алдадан башка айлам жок,
Берендин уулу канкорго,
Бешөөңдөн башка паанам жок.
Жаркыраган чунагым,
Жашыбай кантип кой дейсиң,
Жанга өлчөгөн жалгыз ат,
Жараткан кудай жан эгем,
Каргадай болгон жаш бала,
Катын, кызга баратат.
Кудурет алда кууратпа,
Кудайыма аманат.
Атыңды сынап аларсың,
Абайлап карап турармын.
Айдай сары талаада,
Аркырап аткан Үргөнчкө,
Аш бышымда барасың.
Алдыңда буудан турганда,
Билесиңби Күлүстөн,
Өйдө-төмөн караса,
Күпүлдөп аккан дайрадан,
Өлөмүн деп санаба.
Кечүү карап жол чалба,
Суугa өлчөп кол салба.
Кыдырып кечүү караба,
Кыздар шылдың кылуучу,
Абаңыз уят болучу,
Бейбакка шылдың кылбагын.
Бет алган жерден кире көр,
Бет алган жерден сен кирсең,
Ободон кудай колдосо,
Кубат берсе пирлерим,
Он эки дайра кошулса,
Жалгыз Үргөнч бу тургай,
Кенебей кечкин кысталак,
Кетирбейт сени Тайбуурул.
Өйүзгө чыгып аларсың,
Өкүмдүк сүйлөп койбогун,
Өзүң баатыр бала элең,
Сыпайлык сөздү айта көр,
Сыр алдырба Чүрөкө.
-Койчу абаке кокуй күн,
Жараткан кудай жасаган,
Жандын баары жалгыз – деп.
Жаман жашык экенсиң,
Чороңдун жанын кыйнайсың,
Кайгырып турсаң атыңа,
Өрөпкөбөй өзүң бар.
Болбосо аба ойлончу,
Окшомдуу чечен жеңеме,
Келишимдүү бейбака,
Кеп тарттырып ийүүчү,
Ойлосончу абаке,
Он эки деген аз эмес,
Ободон кудай урбаса.
Келишимдүү зайбыңа,
Кеп тарттырып ийүүчү,
Ойрон чороң жаш эмес.
Күлүстөн чоро айтканда,
Күлүп ийип Семетей,
-Баракелде баатыр – деп,
Өйүзгө чыгып аларсың.

Айчүрөкө барганда,
Ачкыл жандуу бала элең,
А кепти айтып салышып,
Келиштирип кеп айтып,
Кейигенсип сөз айтып,
Кечиктирип салбасын.
Кыз келиндин ичине,
Кылчайбай жатып албагын.
– Катыгүн аба кантесиң,
Кайрылбай жатты дебегин,
Ырысыңды жебегин.
Ар уруу сөздү козгошуп,
Амандашып калармын.
Тамам сөзду айтышып,
Тамандашып калармын.
Кыз келиндин ичинде,
Кылчайбай жатты дебегин.
Телегейи тең эмес,
Сай күлүктүн баарысы,
Бууданыңдан кем эмес.
Буудандын оозун кере көр,
Катыныңа мактанып,
Күлчороңо күүлөнүп,
Ачууланбай келе көр.
Бу сөздү айтып баатырга,
Жүрө берди булкунтуп,
Буурул менен жулкунтуп.
Абасынан бөлүнүп,
Аркыратып буурулду,
Аткан октой күлүктү,
Заркыратып күлүктү,
Жалпак кыя сом таштан,
Жандай салып желдирип,
Ак-Кыядан эңкейип,
Айдай сары талаага,
Түшүп келди Күлүстөн.
Бали ыракмат жаш бала,
Баланын жайын караса,
Сыдырып койгон тасмадай,
Сызылган талаа жол келди.
Безилдеген чорого,
Бетегелүү ыраңдуу,
Мелтиреген жер келди.
Айдай сары талаада,
Ат чуркатып сынаса,
Тырп этерге чаңы жок,
Ат жыгылар аңы жок,
Уркуюп аткан дүмүр жок,
Суу жеп кеткен кемер жок.
Буурсун тийген чийин жок,
Бууданы бутун салуучу,
Ат кырданып кетүчү,
Суур казган ийин жок,
Жыгыларга дайны жок.
Кабылан бала байкаса,
Аккан суунун боюнда,
Арстан кулду жиберген,
Айчүрөк аттуу зайбы жок.
– Акыл айтса пайда – деп,
Азаптуу кулду жиберген,
Арстандын зайбы кайда? – деп.
Ат күлүгүн билем – деп,
Катынын издеп канкордун,
Ээн сары талаада,
Эрикпей кантип жүрөм – деп.
Балбан тууган бадырек,
Бурма жаак кош тизгин,
Оозу катуу бууданга,
Буруп таккан чоң тизгин,
Билектей болгон зор тизгин.
Бугудан кылган чоң чылбыр,
Кыя кармап алды эле.
Ойрон кулдун колунда,
Ободон кудай билбеесе,
Ошону көргөн пенде жок.
Опол тоонун как ыргай,
Бала жолборс Семетей,
Балбан кулду чакыртып,

Түбү менен жулдурган.
Баш аягын тарыткан,
Сегиз кырдап жондурган.
Асый өгүз терисин,
Мамык кылып ийлеткен.
Өзү бийлеп ногойду,
Өкүмдүк менен чакыртып,
Өрмөчүнү жыйдырып,
Шилбиден жаасын кыйдырып,
Өзөгүнө кердирди.
Тогуз мерген чогултуп,
Тоодон теке аттырып,
Курбудан кулжа кактырып
Он эки теке терисин,
Жука жабын тилдирип,
Жоболоңдуу түгөнгүр,
Туура тартып туйгунуң,
Шыпкап атып өрдүргөн,
Алты батман чий темир,
Алаканга кердирип,
Чокусуна чок коюп,
Душманга өлчөп тийүүгө,
Тушкунунун учуна,
Билектей сомдоп ок куюп.
Кабыландын камчысын,
Как ыргайга саптаган.
Кармап чабар жерине,
Колунан тайып кетет деп,
Кош келе менен чырматып,
Мелтиретип билгизбей,
Чулкур салып көзөткөн.
Чачыкейдин көк торпок,
Жон терисин бурдуруп,
Бүлдүргө салып өткөзгөн.
Билегинде ийүүлү,
Кабылан кулдун колунда,
Камчысы мындай билүүлү.
Толгой кармап имерип,
Тоодой болгон буурулду,
Карасан көздөй балбан кол,
Катуу тартып жиберип,
Бали ыракмат жаш бала,
Батыра чаап ийиптир.
Айтайын десе тили жок,
Арка жагын кылчактап,
Айбандын сонун жарыктык,
Тал чыбыктай чоң куйрук,
Чаткаякта булактап,
Бута атым жерге чыргалап,
Бутун сүйрөп оңолду.
Эти ачынып ээлигип,
Айдай сары талаада,
Аркалуу күлүк Тайбуурул,
Ала качты жээлигип.
Көрүнгөн жерде көрүнөт,
Көрүнбөсө Тайбуурул,
Көк түтүн болуп созулат.
Ала качып аркырап,
Ашкере күлүк союлгур,
Аткан октой заркырап.
Туягы тийген жерлери,
Тулпар сыяк союлгур,
Аңгек-аңгек быркырап,
Чарадай болгон ак даңкан,
Найза бою чоронун,
Төбөсүнөн чыркырап.
Эңкейишке киргенде,
Эликтей колун сайылтып,
Туура жерлер келгенде,
Маралдай түшүп салынтып.
Үстүндөгү баланы,
Жарыктыктын күлүгү,
Жаратканга жалынтып.
Таноосунан суу чыгып,
Тар колтуктан буу чыгып.
Кундузу куйкум жыттатып,
Чураган кулжа буттанып,
Араандай оозу ачылып,

Баладай болгон ак көбүк,
Май сооруга чачылып.
Баскан жерин талкалап,
Түгөттүн аты кантет – деп,
Көтүндөгү жаш бала,
Кайра тартып чалкалап.
Тизгин колдо карышып,
Алдындагы Тайбуурул,
Көлөкө менен жарышып.
Жамажайы айрылып,
Балбан туулган бадырек,
Камандай болгон чунак кул,
Катуу тартып койгон бейм.
Кыйла жерге даң болуп,
Опсуз күлүк буудандын,
Омуроонун баарысы,
Кызыл ала кан болуп.
Мелтиреп жаткан чоң талаа,
Мунарык кетип чаң болуп.
Ала качып аркырап,
Учкан куштай зыркырап,
Эрдемсинген чоронун,
Этек-жеңи дыркырап.
Аркырап аткан Үргөнчкө,
Алдындагы Тайбуурул,
Аш бышымдай ортодо,
Алып кирип келди эле.
– Куйка тери курушуп,
Арам өлгөн союлгур,
Ашкере чаап ийипмин,
Ачууңа катуу тийипмин.
Абакем айткан мааниңди,
Уктум жана дайныңды.
Бура тартсам болбойсуң,
Буудандыгың билгиздиң.
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн.
Тагдырым жетип күн бүтсө,
Алдадан ажал келсе – деп,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Айдай сары талаада,
Найза бою аң келсе,
Айчүрөкө жеткирбей,
Уруп кетчи көрөйүн.
Чоң дайраны көргөндө,
Карсылдата камчы уруп,
Олбуй-солбуй теминип,
Опсуз күлүк союлгур,
Ооздугун кемирип.
Аркырап аккан Үргөнчкө,
Алып кирип келди эле.
Ак жарга кирип келгенде,
Түгөттү кудай урду – деп,
Сумсая түшүп Күлчоро,
Үргөнчкө уруп кетет – деп,
Чочкону кудай урду – деп,
Чоң дайрага урат – деп.
Ак жарга кирип келгенде,
Балбан тууган бадырек,
Карыга чалды эле.
Буруп таккан чоң тизгин,
Ак каңкынын кашына,
Бали ыракмат жаш бала,
Басып жатып алды эле.
Жардай буурул ат менен,
Күлүстөн бала Күлчоро,
Ургөнчтү карап турду эле.
Чолок чопкут тон менен,
Жарактын баары шаркылдап,
Жарылып жаткан дайраны,
Жаш бала карап турду эле.
Болжолу жок болуптур,
Бопбоз болуп калыптыр.
Кыйын кирип калыптыр,
Кыпкызыл болуп алыптыр.
Кыйын кирип калыптыр,
Үстүнөн үйүр жүрүптүр,
Үргөнчтүн жайын сурасаң,

Үч айрыла кириптир.
Тегерете караса,
Теңгедей болгон арал жок.
Теңир урган чоң суунун,
Киргенинде карал жок,
Алакандай арал жок,
Арстан бала байкаса,
Аркырап аккан дайраны,
Ошол сууну элебей,
Тушарына теңебей.
Кабылан жолборс канкордун,
– Аккан суу бул экен,
Акыл айтса пайда  – деп,
Азаптуу кулду жиберген,
Түгөттүн зайбы кайда? – деп.
Мынча келип калган соң,
Буурулдун күчүн көрсөм бейм,
Ажалым жетсе дайрадан,
Агып кетип өлсөм бейм.
Атайы келип Үргөнчкө,
Бир сүйлөшпөй жеңеме,
Кантип куру кайтамын.
Кара көңүл канкорго,
Калпты кантип айтамын.
Сумсайып жоодон кайтпаган,
Сунган найза тартпаган.
Атышса жоодон качпаган,
Ажалдан башты тартпаган.
Аткан октон кайтпаган,
Алмамбеттей атамдан,
Ушул суудан корккуча,
Туулбай туна чөгөйүн,
Бул көрөкчө шордуу жан,
Туулбай жерге кирейин.
Буудандын оозун бурамбы,
Бир сүйлөшпөй жеңеме,
Бир кулак суудан тунамбы.
Келин, кыздар келсе – деп,
Анан суугa кирсем – деп,
Бала турду делдейип.
Баланы мындай таштаңыз,
Агаң сынап алмакка,
Айчүрөк жеңең киргизет.
Укчу суунун маанисин,
Угузайын дайынын.
Келишимдүү бейбагың,
– Келет төрөм бүгүн – деп,
Кепилде жатып билиптир.
Санаттуу канкор келет – деп,
Сапырылтып сөз айткан,
Шаарды билген мыктысын,
Эки агасын чакыртып,
Алды бейбак үстүнө.
-Ажыке менен Түмүкө,
Арага барып келгиле.
Чынкожо менен Толтойдон,
Аракетим аз калды,
Алты күндүк сүлүктү,
Азыр сурап келгиле.
Акмак кылып ошону,
Айчүрөк жеңең суратып,
Алган экен уруксат.
Келиштирип тон кийип,
Кемчет бөркүн чоң кийип,
Үй көтөртүп бээ союп,
Үртүктөтүп ат минип,
Кырк жөкөрүн ээрчитип,
Саардан туруп ээлигип,
Айчүрөк жеңең жээлигип.
Анда Чүрөк кеп айтат:
– Ой кыз, келин, кырк жөкөр,
Мен Үргөнчкө не келдим,
Билгениң барбы кыз-келин,
Билбесеңер билгизем.
Укканың барбы кыз-келин,
Укпасаңар угузам.
 Мен дайрага келгеним,
Тилекти кудай берет – деп,

Талас, Кеңкол жеринен,
Он сан ногой элинен,
Он төрт күлүк ат менен,
Алакандай кат менен,
Жарактын баарын салынып,
Жаш балдарын ээрчитип,
Жаратканга жалынып,
Калың ногой элинен,
Ок дарыны мол алып,
Ополду көздөй жол алып,
Кара бээге кош артып,
Калкынан жездең келет – деп,
Кыябы кырк күн жол басып,
Ашуу ашып таш басып,
Чынкожо менен Толтойго,
Жарай турган шер келет.
Акундун шаарын куткарып,
Ажыратып Толтойдон,
Жесирин алар шер келет.
Капа болбо катын, кыз,
Күйөөнү сынап алайын.
Асманга чыгам зымырап,
Обого чыгып жымырап.
Безилдеп ыйлап барайын,
Периштеге жалынып.
Жаратканга сыйынып,
Арабчалап тил окуп,
Кереметим билгизем.
Кыбылада мен бетпак,
Асмандан булут сурдантып,
Кызыл мунар кырдантып,
Тумшук туман токтотуп,
Бөксөгө мөндүр түшүрөм.
Өзөнгө нөшөр төктүрүп,
Мөңгүнүн баарын буздуруп,
Бок жыттантып дайраны,
Болжолу жок киргизем.
Алыстан келген күйөөңөр,
Кан султандын баласы
Кан жездең келет Таластан,
Качырып ийген кушту издеп.
Кан Акундун шаарынан,
Картайып калган кызды издеп.
Жоготуп ийген кушту издеп,
Жолборстун уулу келет – деп,
Жоготуп ийген кушту издеп.
Касиеттүү Ополдон,
Жоболоңдуу кызды издеп.
Алыстан келген күйөөңөр,
Атам султан баатырдан,
Артылта тууган шер болсо,
Атыша чыккан душманга,
Жарай турган шер болсо,
Ажыратып Толтойдон,
Катынын алар шер болсо,
Ат шатектеп алсын – деп,
Аркырап аткан дайрадан,
Жаш балдарын ээрчитип,
Жазганбай кечип келсин – деп,
Эртерээк жездең келсин – деп,
Эжеңерди көрсүн – деп.
Тилегин алда бериптир,
Тилегени келиптир.
Камандай чоро караса,
Жаткан экен чоң Үргөнч,
Жел аргы жүрүп зыркырап,
Найза бою шар агып,
Таш агызып күркүрөп.
Чоң суунун жайын көргөндө,
Чоронун бою дүркүрөп.
Ак чалма болуп ылайлап,
Жаткан экен чоң Үргөнч.
Жанына келген пендеси,
Жакасын кармап кудайлап.
Асмандан мөңгү бузулуп,
Жаткан экен чоң дайра.
Чалмаланып чаң ыргып,
Булбул болуп муңканып,

Бууракандап чайпалып.
Төө өркөчтөп сөгүлүп,
Жайнай түшүп төгүлүп.
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Агыны катуу түрлөнүп,
Алда нече түрлөнүп.
Түптү-түптү сал агып,
Жаткан экен чоң Үргөнч.
Түрмөгү менен тал агып,
Үйдөй үйүр сал агып,
Бөлөк-бөлөк жүрүлүп,
Мөңгүдөгү кар агып,
Жаткан экен чоң дайра,
Бир капчыгай баары агып.
Жекендин башы желпилдеп,
Камыштын башы калтылдап,
Талдын баары чайпалып,
Теректин баары теңселип,
Үстү көбүк кир болуп,
Капчыгай менен бир болуп,
Агыны катуу шар агып.
Күкүгү тоодон кыйкырып,
Күүлөнүп жүрө бергенде,
Жаткан төөдөй кар келип,
Жардын башын шыпырып,
Карагайдын бөксөдөн,
Кызыл чабы жошулуп,
Агып келип Үргөнчкө,
Кыйла булак кошулуп,
Ак чалма болуп жошулуп.
Азаптуу жеңең керемет,
Аккан суунун баарысын,
Алтымыш эки дарыя,
Агызып келип Үргөнчкө,
Ошо күнү кошултуп,
Жеңең Чүрөк киргизген.
Имерилип оң агып,
Жаткан экен чоң Үргөнч.
Иледен канча чоң агып,
Тегеренип оң агып,
Теңизден канча чоң агып,
Тегирмендей кара таш,
Тегеренип калдырттап,
От жаккандай жалбырттап,
Жаткан экен сүйлөнүп.
Таш агызып чылдырттап,
Жаткан экен сүйлөнүп.
Карагай, кайың короюп,
Толкундан чыгып балыгы,
Жазгы утурум убакта,
Өлгөн койдой тороюп,
Ар кайсы жерде булактап,
Сайда жатат сороюп.
Жарылып тийген жерине,
Жар туруштук бере албай,
Жаткан экен чоң Үргөнч.
Бурулуп тийген жерине,
Муз туруштук бере албай,
Чыйырын түлкү жойлобой,
Толкундап чыккан көбүккө,
Чылбыр салса бойлобой.
Алыстан келген жолоочу,
Кечемин деп ойлобой.
Адырын түлкү жойлобой,
Аралда жаткан үйүргө,
Найза салса бойлобой.
Агындынын баарысы,
Аралга келип үйүлүп,
Адам кесип жыйгандай,
Аш бергендей жыйылып.
Кең Үргөнчтү укканда,
Кесирдүү жөөт оңбо – деп,
Кербенчинин баарысы
Кебилден чыкпай тыйылып.
Айрылып тийген жерлери,
Найза бою жар болуп,
Толкундан чыккан көбүгү,
Кең кесерден кар болуп,

Жаткан экен чоң дайра,
Кечерге пенде зар болуп.
Чоң дайраны көргөндө,
Чоронун көөнү бузулуп,
Келишимдүү чунак кул,
– Кереметтүү жеңемдин,
Келин, кызы келсе – деп.
Кеңирсиген Үргөнчтөн,
Анан кийин кечсем – деп.
Бууруланын күчүн көрсөм – деп,
Ажалым жетип күн бүтсө,
Агып кетип өлсөм – деп,
Абамдын зайбын көрсөм – деп.
Күн жалган түш болгончо,
Күлчоро карап турду эле.
Чоронун азыр келгенин,
Олуязада бейбагың,
– Ойрон чунак келди – деп,
Кереметинде билди эле.
Анда Чүрөк кеп айтат:
– Келишимдүү кырк жөкөр,
Ар бир шаардан алдырдым.
Акылдуусу бар бекен,
Табар бекен ушуну.
Кылыктуу жеңең Айчүрөк,
Кабагын бүркөп кумсарып,
Капыр Чүрөк суйсалып,
Андан жеңең кеп баштайт:
– Эй кыз, келин,кырк жөкөр,
Зейрегиң барбы катын, кыз?
Келин, кыздар келгиле!
Кеп айтамын силерге.
Көз илинип кетиптир,
Көргөн түшүм бул эмес.
Көк өзөн боюн өрт алат,
Көк жабырмак чалдыгат.
Бул эмне болучу,
Бул түшүмдү жоручу!
Бүгүн шордуу мен Чүрөк,
Бир сонунду көрөмүн.
Бир дөөнү көрүп мен бейбак,
Жүрөгүм түшүп өлөмүн.
Ошо түшүм ойлосом,
Жүрөгүм кетет кабынан,
Билегим кетет сабынан.
Байланды буудан мамыма,
Тартынбай жерди тебелейт,
Бул эмне болучу,
Бул түшүмдү жоручу?!
Кабылан алды эшикти,
Карс этип иттер каппады,
Кайрылып пенде чаппады.
Кара чаар ажыдаар,
Калаанын ичин жойлоду,
Жойлогону жол болду,
Жолу арыктай коо болду.
Топурагы тоо болду,
Кара тоо менен тең болду.
Каарына чыдабай,
Кара суулар бүгүлдү.
Арбоосуна чыдабай,
Алма, жемиш күбүлдү.
Аны карап турганда,
Акундун шаары түңүлдү.
Бул эмне болучу,
Бул түшүмдү жоручу?!
Булбул конду талыма,
Сайрабай боюм тердеди.
Кең кечилди жердеди,
Бул эмне болучу.
Бул түшүмдү жоручу.
Буудайык конду торума,
Талпынса күндү бүркөдү,
Бул эмне болучу,
Бул түшүмдү жоручу!?
Муну жору кыздар – деп,
Бейбак Чүрөк айтканда,
Безилдеди кырк жөкөр,

– Койчу эжеке кокуй күн,
Мындай түштү ким билет.
Билсек кудай урсун – деп,
Тырактаган андан көп.
Катын-кыздар карганып,
Тырактаган андан көп.
Кыздын бери четинде,
Упа жапкан бетине,
Ошончо кыздын кенжеси,
Бир кудайдын пендеси,
Кан Акундун өз кызы,
Какылдаган Калыйман,
Ийнинен чачы артылбайт,
Айтканына келгенде,
Ал да зейрек күң экен.
Өрүмгө чачы жетелек,
Өзү бала эселек.
Он экиге бейбактын,
Келер-келбес жашы бар,
Сербейген саамай чачы бар.
Кан Акундун Калыйман,
Сумсая түшүп күлдү эле.
Оозун басып былк этип,
Оң бөйрөгү бүлк этип,
Бармагын тиштеп баш чайкап,
Ошончо кыздын баарысын,
Сынап эжем айтты – деп.
Акылдуусу бар бекен,
Башынан ылдый кирейин,
Аягына чыгайын,
Тамам сөзүн угайын.
Таппай койсо бу түшүн,
Айчүрөк эжем зейректин,
Кырк жөкөрүн тыяйын.
Сынап айткан эжемдин,
Түгөнүп калсын бу түшүн,
Өзүм жоруп берейин.
Башкы кызга кеп айтат
Басып келип Калыйман,
-Байкап укчу маанисин,
Кырк жөкөрдүн дайынын.
Ат атынан айтайын,
Аралаш жүргөн адам жок
Агайындар угуп тур.
Түгөлү менен баарысын,
Жалпы кыздын дайынын
Жаңылбай айтам атынан
Жалганы барбы жакшылар,
Басып келип Калыйман,
Башкы кызга кеп айтат.
– Эжекемин бул түшүн,
Кыздын башы Кынымжан,
Сен жоручу бул түштү.
Келиндин башы Айымжан,
Сен жоручу бул түштү.
Оюндун башы Айсалкын,
Сен жоручу бул түштү.
Келиндин башы Кермекаш,
Сен жоручу бул түштү.
Богогу салык Болпоке,
Сен жоручу бул түштү.
Моймолжуган Умсунай,
Сен жоручу бул түштү.
Бурулуп баскан Бурулча,
Сен жоручу бул түштү.
Кылактап баскан кыргый көз,
Сен жоручу бул түштү.
Буластаган Калыйча,
Сен жоручу бул түштү.
Айкандын кызы Акылай,
Сен жоручу бул түштү.
Артык сулуу Салкынай,
Сен жоручу бул түштү.
Күнүкандын Күмүшай,
Сен жоручу бул түштү.
Күлдүр мончок Кишимжан,
Сен жоручу бул түштү.
Султанбектин Сурмакан,

Сен жоручу бул түштү.
Байдөөлөттүн Бурмакан,
Сен жоручу бул түштү.
Өмүрзактын Батмакан,
Сен жоручу бул түштү.
Коргошун ийик, коло жез,
Сен жоручу бул түштү.
Жез билектүү Турдукан,
Желбиреген жез комуз,
Сен жоручу бул түштү.
Кокондон келген кара көз,
Сен жоручу бул түштү.
Көчпөсбайдын Түйүнчөк,
Сен жоручу бул түштү.
Сууркандын кызы суусар бөрк,
Сен жоручу бул түштү.
Сулуусунган кызыл кыз,
Тал чыбыктай узун кыз,
Сен жоручу бул түштү.
Каз моюндуу Канымжан,
Сен жоручу бул түштү.
Кандын кызы сулуу жан,
Сен жоручу бул түштү.
Куу моюндуу Кубулжан,
Кубулжуган сулуу жан,
Сен жоручу бул түштү.
Шылдыр мончок сыпка көт,
Шыпылдаган Залымкан.
Сен жоручу бул түштү.
Далай кыздан Залымкан,
Сен жоручу бул түштү.
Алыстан келген асык бет,
Абышканын сасык көт,
Сен жоручу бул түштү.
Кубаңдаган Салыйкан,
Сен жоручу бул түштү.
Түнтөйдүн кызы түрмө көт,
Сен жоручу бул түштү.
Жантайдын кызы жайма көт,
Сен жоручу бул түштү.
Аштыкчынын кер моюн,
Алды каткан бир моюн,
Сен жоручу бул түштү.
Бука моюн, буура сан,
Булкушканды кууратkan,
Казан асчу кара кыз,
Сен жоручу бул түштү.
Балыкчынын балбан кыз,
Ала көөдөн дардаң кыз,
Далай эрден калган кыз,
Сен жоручу бул түштү.
Сугатчынын тулга баш,
Жаман жакшы ылгабас,
Чуулгандуу шуркуя,
Чурай жагы кургабас,
Сен жоручу бул түштү.
Шооруктун кызы Акылай,
Арак ичкен немедей,
Арсаңдаган капырай.
Күлкү күлсө баш жарган,
Шоодураган капырай,
Сен жоручу бул түштү.
Кебил шаарга жык толгон,
Аралаш жүргөн адам жок.
Укпаган адам жок болгон,
Кан Айчүрөк жөкөрү,
Калыйман менен кырк болгон
Эже жасалгасын келтирип,
Жаманды кайдан жыйгансың?
Акылсыз акмактарыңды
Ар бир шаардан алдырып,
Азабын тартып жүрүпсүң,
Акмактын баарын кетирчи.
Сумсайбагын эжеке,
Сынап айткан түшүңдү,
Билбей койду дейсиңби,
Ырысыңды жейсиңби.
Аралаш жүргөн адам жок,

Акылым менен жоруюн.
Мен жорусам түшүндү,
Айып көрбөй угуп тур.
Алдам оңдор ишиңди,
Кан жезденин бууданы,
Буурул ат келе тургандыр,
Мунун несин айткандай.
Кабылан алса эшикти,
Карс этип иттер каппаса,
Кан Акун шаарын сактаса,
Кайрылып пенде чаппаса,
Кан жездемдин жигити.
Капа болбо эжеке,
Канчоро келе тургандыр.
Кара шаар ажыдар,
Калаа ичин жойлосо,
Жойлогону жол болсо,
Жол арыктай коо болсо,
Топурагы тоо болсо,
Каарына чыдабай,
Кара суулар бүгүлсө,
Арбоосуна чыдабай,
Алма, жемиш күбүлсө.
Бөрк ал десе баш кескен,
Кан төк десе жин төккөн,
Суу ич десе, уу ичкен,
Көрбөсөк да билебиз,
Кан жездемдин жигити.
Он экиде жаш бала,
Түпөгү жок найза алган,
Дүрбөлөңдүү түгөнгүр,
Чолок чопкут тон кийген,
Күлүстөн тууган жаш бала,
Күлчоро келе тургандыр,
Мунун несин айткыдай.
Капа болбо эжеке,
Булбул консо талыңа,
Сайрабай боюң тердесе,
Кең Кебилди жердесе,
Туйгун Манас кайнатаң,
Туура эжеке мен айтам.
Ошо Манас кайнатаң,
Туурадан чапкан Турпанды,
Душман кайдан соо калды.
Ойноп жеди Ооганды,
Кыйнап жеди Кытайды.
Барып чаап бараңды,
Маргалаң кайдан соо калды.
Кантип чапты Жергенди,
Жети-Суу кайдан соо калды.
Сары-Арканы жердеген,
Асмандан учкан зар бекен
Айдаркандын эр Көкчө,
Аны чапкан кан Манас.
Асмандап учкан зар бекен
Ак калпактуу кыргызда,
Катыгүн эже кайнатаң,
Кан Манастай бар экен.
Ошо Манас баласы,
Он эки мүчө сарасы.
Арстан Манас баласы,
Асыл көздүн карасы.
Батадан бүткөн баатыр шер,
Манастын уулу Семетей.
Калың ногой элинен,
Кан жездем келе тургандыр,
Мунун несин айткыдай.
Буудайык консо торуңа,
Талпынбай күндү бүркөсө,
Ала шалбырт жазында,
Канкорду кудай берди – деп,
Ала качып келген соң,
Анын жайын сурасаң,
Арпанын башы жайыктан,
Ак жумуртка туюктан,
Асырап чайкап куш кылган,
Жараткан жалгыз жан эгем,
Жалпы олуя кырк чилтен,

Кан жездеме туш кылган.
Боору чаар сырты көк,
Көзү кара көө чалып,
Көргөнүнөн кайтпаган,
Көнөктөй жемден артпаган,
Илбесинге жетпеген,
Жеткени тирүү кетпеген,
Теги жездем шумкары,
Текөөрү темир, тээги жез,
Тегереги эки кез.
Эки көзү жайноодо,
Арт жагынан кошо издеп,
Ардуу буудан тулпары,
Колуңда турат байлоолу,
Кан жездемдин шумкары.
Жолборсундун кушубу,
Жоруткан түшүң ушубу?
Калыйман жоруп болгон соң,
Кашкайып Чүрөк күлдү эле.
– Үргөнчкө барып келгиле,
Баракелде сиңдим – деп,
Бек жактырдым өзүңдү,
Билдим сенин сөзүңдү.
Семетей жездең келбесин,
Селкинчегин койсун де.
Сегиз кызды чакырчы!
Кырк жөкөрдү ээрчитип,
Үргөнчкө барып келгиле.
Кыз-келинди көргөндө,
Күлүстөн тууган чунагың,
Кечикпей кечип келсин – деп,
Жеңесин эрте көрсүн – деп,
Уруксат берди Айчүрөк,
Кыя тартып кылактап,
Басып калды булактап.
Күлүстөн көздөй бет алып,
Кызыл тубар суб көйнөк,
Кынамалуу бешманттан,
Этеги чыгып чубактап,
Кашаттан түштү катын-кыз.
Оюн салып булактап,
Суюга келди тырактап,
Кырга кыздар олтуруп,
Суюга жүзүн жуушуп,
Бирин-бири жуушуп,
Бирин-бири куушуп,
Кашаттан туруп жарданып,
Маңдай жакты байкаса,
Жардай буурул ат минген,
Жарактын баарын салынган,
Чолок чопкут тон кийген,
Чоронун жайын байкады.
Күмүш кемер курчанган,
Күндөй бети сур чалган.
Кылычы кында кыңгырап,
Айбалтасы жанында,
Жаркыраган сулуу эме,
Жаагында саамай чачы бар,
Казандай кара бөрк кийген,
Жарда турат шаңданып.
-Кандай сонун бала эле,
Кайдан келген жан эле.
Адамдын кебин уксун – деп,
Кандай сонун бала – деп,
Каарданган Үргөнчтөн,
Кантип тирүү чыксын –деп,
Карап турду жарданып.
Кыз-келинди көргөндө,
Туруучу чунак шол беле.
Кечүү карап жол чалбайт,
Кечүү өлчөп кол салбайт.
Өзү мыкты кайран эр,
Өйдө-төмөн карабайт.
Өйүздө кызды көргөндө,
Күпүлдөгөн дайрадан,
Өлөмүн деп санабай,
Кыдырып кечүү карабайт,
Күңгүрөнгөн Үргөнчтөн,

Кыз-келинди көргөндө,
Кылча жанын аябайт.
– Буудандын күчүн көрөм – деп,
Тилекти кудай берди – деп,
Айчүрөктүн жөкөрү,
Кыз-келин эми келди – деп.
Эки найза бою ак жардан,
Жардан чалма уратып,
Казандай ташты уратып.
Кубат бергин кудай – деп,
Кан Алмамбет колдо – деп,
Асыл Манас абаке,
Ак эшендер колдо – деп,
Чоң суугa кирди чуратып.
Бала кирди култ этип,
Таш ургандай чулп этип.
Кирген жерден жоголуп,
Адис экен союлгур,
Бара түшүп оңолуп.
Аягы менен тик түшүп,
Четки шарга барганда,
Агынын көздөй маталып.
Агып кетчү немедей,
Жамбашын салып жантайып.
Жатып алды маталып.
– Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрдү – деп.
Ушу киши өлдү – деп,
Маңдайда кыздар чуркурап,
Баары турду жарданып.
Аттанып чыккан Семетей,
Абасынан бата алып.
Колдогону бир кудай,
Кол бергени Кожосан,
Колдогону ушундай.
Үйдөй болгон ак көбүк,
Соорусунан ашырып,
Тоодой болгон бууданды,
Тайдай кылып жашырып,
Найза бою зор шарга,
Аркыратып Күлчоро,
Аркалуу күлүк буурулду,
Заркыратып жаш бала,
Куйка тери курушуп,
Оң шарга кирип келгенде,
Чоронун жайын сурасаң,
Айбан суу менен урушуп,
-Алда таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн.
Аркыраган чоң дайра,
Алмамбет, Чубак колдосо,
Айчүрөк жеңем киргизсе,
Агызып кетчи көрөйүн.
Туруп алды зуңкуюп,
Маңдайында кашкасы,
Ай тийгендей жаркырап.
Койдой болгон боз чалма,
Жал куйруктун алдынан,
Жаба коюп шаркырап.
Дайрага чөкпөй союлгур,
Капталынча көрүнүп.
Казандай болгон соорудан,
Камчыдай болуп төгүлүп.
Маңдайдагы катын-кыз,
Кабыргасы сөгүлүп.
Карап турса чорону,
Колдогону чоң экен,
Ар кылган иши оң экен.
Кайып уулу кырк чилтен,
Тегеректеп алышып,
Жараткан жалгыз жан эгем,
Жалпы олуя кырк чилтен.
Сыбызгы тарткан жез найдай,
Жыбырап аккан кең сайдай,
Керней тарткан жез найдай,
Кеңирсиген чоң сайдай.
Өзүбүз уккан Үргөнчтөн,
Кылыктуу чоро баланы,

Кечирип чыкты Үргөнчтөн.
Бала чыкты башатка,
Маңдайкы арал кашатка.
Эми чыкты чунагың.
Буурул атты камчылап,
Булгары тердик көк желдик,
Үстүндөгү чунак кул,
Кыздан бетер кыңшылап,
Алдындагы күлүктүн,
Төрт аягы бүрүштөп,
Сонун кызга барат деп,
Кайкыда турган Семетей,
Берген экен чоронун,
Ар жабдыгын күмүштөн.
Алган экен Тайбуурул,
Андан бетер жүрүштөп.
Оң жамбашы кылтылдап,
Алтын така, болот мык,
Туягында жылтылдап.
Арак ичип мас болуп,
Абдан ылжып алгандай,
Камандай чоро шыңкылдап.
Абай кылып караса,
Намысына талашып,
Алган экен Тайбуурул
Эти муздап калганда,
Ээсин тарткан союлгур,
Ээликмесин карматып,
Жалт этип үркүп кеткенде,
Кар жилиги карандын,
Кагып койгон казыктай.
Туяктары буурулдун,
Сомдоп койгон болоттой.
Чаткаягы буурулдун,
Суу жеп кеткен колоттой.
Үч кошкону түгөттүн,
Асып койгон казандай.
Көкүлү келет желекте,
Каңылжары челектей.
Омуроонун эмчек эт,
Чакмак эти чарадай,
Ыйык жалы баладай.
Кошкурунуп жалт койсо,
Таноосунун кеңдиги,
Түрүп койгон эшиктей.
Жамбаштын сөөгү коркоюп,
Көч үстүнөн катындар,
Өңөрүп жүргөн бешиктей.
Устүндөгү жаш бала,
Адамзат бет алгыс,
Ойлонгон сөзүн айта алгыс.
Ажыдарлуу түгү бар,
Алтымыш эрдин сүрү бар,
Муну айтайын билип ал!
Маңдайында жаркырайт,
Алакандын отундай,
Периште баскан мөөрү бар.
Чоролук жайы болбосо,
Камандай болгон баатырдын,
Кай жеринде өөнү бар.
Туруучу кыздар беркиби,
Сүйлөшүүчү көтүбү.
Бет алалбай чорого,
Бейбактар качып жөнөдү,
Чүрөктү көздөй дыркырап,
Чуркап калды чуркурап.

## КҮЛЧОРО МЕНЕН АЙЧҮРӨКТҮН КЕЗИГИШИ

Сакчы койгон сары кыз,
Саксаңдап чуркап калды эле.
Короочу койгон кара кыз,
Кароол карап олтуруп,
Сок билектей чачы бар,
Сокудай болгон башы бар.

Үлүрөйгөн кысталак,
Олоюп уктап калыптыр.
Көт жагынан дардактап,
Ирмегени билинбей,
Жакуттун баары жаркылдап,
Аркалыгы шаркылдап.
Керебетте жеңең,
Келбеттүү сулуу Чүрөккө,
Калыйман жетти какылдап.
– Катыгүн эже сүйүнчү,
Тон өтүгүң кийинчи,
Капа болбой тосуп ал,
Манастын уулу Семетей,
Баатыр жездем келиптир.
Капа болбой эжеке,
Канаке бачым тосуп ал.
Буурул ат менен бир киши,
Бурулбай чыкты Үргөнчтөн,
Шойкомдуу оозу шок экен,
Жалганда мындай жок экен.
Атынын мойну алчактай,
Алаткүн жеңе тосуп ал.
Айбандын түркү көрүнөт,
Саадактын мойну жапсактай.
Жыгачтын түркү көрүнөт,
Абайлап калдым эжеке,
Алдындагы айбанын,
Жалгыз Үргөнч бул тургай,
Алтымыш Үргөнч кошулса,
Кетирүүчү жылкы эмес.
Үстүндөгү пендеси,
Жалганда мындай жок – деди.
Чынкожо менен Толтойдон
Өлүп калчу неме эмес.
Он эки Толтой кошулса,
Арзан эле өзүңдү,
Коркуп кетип корголоп,
Бере койчу неме эмес.
-Такылдаба Калыйман,
Эмне сөздү айтасың.
Тилегим кудай берген бейм,
Тилеген чоро келген бейм,
Санааны кудай берген бейм,
Сапырылба кыз-келин,
Санаттан бала келген бейм.
Башка келчү иш эмес,
Байкарсыңар жезденди.
Касиеттүү кан жездең,
Катын-кыз сенин үстүңө,
Бир кулак суудан кечкенсип,
Бастырып келчү киши эмес.
Жеңилдик кылып жезденер,
Жетип келчү неме эмес.
Олуязада падышам,
Оор басык неме эле.
Күйөөсүн мактайт дебеңер,
Ырысыңды жебеңер.
Бала да болсо тунукту,
Көрбөйсүң андай улукту.
Чорону сынап алайын,
Чогулбай кыздар жакшы тур.
Сыр алдырып салбаңар,
Сырттан тууган балага,
Эптүүсүнүп барбаңар.
Сөз тарттырып ийбеңер,
Мелтиреген балага,
Мени уят кылбаңар.
Тибиребей тек тургун,
Жалпы кыз сени көргөндө,
Жаркыраган Чүрөктүн,
Жазгантып кетчү бала эмес.
Айчүрөктү көргөндө,
Айта турган сөзүнөн,
Жаңылып кетчү чоро эмес.
Камандай болгон чырагым,
Кашатка бала чыккыча,
Бат камынгын катын-кыз.
Килем менен шайыны,

Алдыман каршы жаялык,
Абдан сынап алалык.
Жасалгамды салынып,
Жаратканга жалынып,
Элебей карап турайын.
Соорум салып сурданып,
Безилдеген чорону,
Бейлеп сынап алдайын.
Мелтиреп карап турганда,
Жүрөгү тайкы бу болсо,
Шашып кетип жаш бала,
Акыры менден уялып,
Килем менен шайыдан,
Ушу чоро ийменип,
Бөлөк жерден жол чалып,
Бура тартып кетер – деп.
Кул өскөнүн билейин,
Алдынан каршы барайын,
Шылдың кылып салайын,
Шылдыңга жыгып алайын.
Ушу чоро шер болсо,
Жарай турган эр болсо,
Мелтиреп карап турганда,
Мен көзүнө илинбей,
Шайы килем билинбей,
Баатыр чоро шер болсо,
Камап аткан душманга,
Жарай турган шер болсо,
Баткак кылып шайыны,
Бастырып өтөр буйдалбай.
Бастырып өтсө шайыны,
Өзүм басып барайын.
Жүздөшөйүн чорого,
Жооптошоюн жолборско.
Томсорбогун кыз-келин,
Ашыкпагын акмактар,
Атамын уулу Семетей,
Азыр келет күүлөнүп.
Ак шумкарын карайт – деп,
Тоодой болгон Толтойго,
Көрөрсүң торгойдой чунак
жарайт – деп.
Өзүм жообун айтайын,
Кайсерине шашайын.
Эрдемсиген чоронун,
Өрөпкүп келген жүрөгүн,
Өрт алгандай басайын.
Кан Акундун Айчүрөк,
Камандай кулдан мен сүрдөп,
Кайсерине шашайын.
Килем менен шайыны,
Аюу талпак күрсүнү,
Кашатка чоро чыккыча,
Катын-кыз жайды жолуна.
Айчүрөк туруп алдына,
Качан чыгат чоро – деп,
Кырк кыз турду жарданып,
Кабылан чыкты шаңданып.
Кандай чоро болду – деп,
Жаркыраган балага,
Жалпы кыз турат таң калып.
Анда кыздар кеп айтат:
– Ай Айчүрөк эже ай,
Чоң Күлчоро ушубу?
Жүрсө мындай болгон соң,
Алданын салган иши экен,
Кан султан Манас баласы,
Кан жездем кандай киши экен?
– Айтпадым беле бая эле,
Кырылгыр укпадың беле жана
эле.
Олуязада жездеңи,
Апкаарыба акмактар,
Мактанып айтты дебеңер.
Аман болсо көрөрсүң,
Бала да болсо тунукту,
Көз карашын кырк жөкөр,
Көрбөйсүң андай улукту.

Деп Айчүрөк айтканда,
Бир топ кызы кеп айтат:
– Койчу эжеке – деп айтат.
Кандай сонун бала эле.
Кабылан жездем келгенде,
Айта көргүн ошого,
Өзүн өзү билсе – деп,
Чуулгандуу чунак кул,
Биздикинде жүрсө – деп.
Бир топ кызы кеп айтат.
Кан жездекем келгенде,
Капкага барып киргенде,
калың жесе – деп,
Арстан тууган чорого,
Атакем куда болсо – деп.
Бир кызы кеп айтат:
– Мелтиреген жаш бала,
Менин күйөөм болсо – деп.
Келишимдүү чорого,
Келиндери кызыгат.
Атаганат эжеке,
Камандай болгон баланы,
Сурасаңчы, байкачы,
Оң бөйрөгү булк этсе,
Оңду чабар неме экен.
Сол бөйрөгү солк этсе,
Солду чабар неме экен.
Кыйыгына тийгенде,
Кылымды бузчу шер экен,
Кыз алуучу неме экен.
Эсен жездем келгенде,
Айта көргүн бийкеч – деп,
Эгем ишти оңдосо,
Эптеп тукум алалык.
Катын,кыз турду кызыгып,
Камандай болгон чорого,
Кан Акундун Калыйман,
Ошо туруп кеп айтат,
-Ай катын,кыз кырылгыр,
Бешмантты кийип жарашып,
Кантесиңер чуркурап,
Каргадай болуп талашып.
Ай эжелер, улуулар,
Сумсайып турган сулуулар,
Чунак кулду көрөрсүң,
Ушу жерден кетет – деп,
Бармактай болгон жаш бала,
Кимибизге жетет – деп.
Калыйман тыйып койду эле,
Шойкомдуу оозу шок экен,
Келе жатат Күлчоро,
Жалганда мындай жок экен.
Жаактан чачы сербейип,
Бала келет эрбейип,
Аркалуу күлүк буудандын,
Оң куйругу чубалып,
Келе жатат чунак кул.
Кендирдей бели буралып,
Эр казыгы эки бут,
Үзөнгүдө суналып.
Бала келет болпоюп,
Келишимдүү жеңеси,
Соорун салып сумсайып,
Он эки кундуз кемчет бөрк,
Оң чекеде кыйшайып.
Кыргоолдой мойну койкоюп,
Карап турат чойкоюп.
Келишимдүү чунак кул,
Келе жатат колкоюп.
Огору бутта чойкоюп,
Желке чачы суюлуп,
Өңү келет бузулуп.
Балгыр беттүү ак жүздүү,
Кыргый сөөк кыз өңдүү,
Кыз кылыктуу сыпаа кул,
Куйкасы менен курушуп,
-Кудай ургур кантет – деп,
Буурул менен урушуп,

Келе жатат жаш бала.
Жалпы кызды көргөндө,
Жанагы Чүрөк жеңеңден,
Жазганып кетчү чоробу?
Айта турган сөзүнөн,
Жаңылып кетчү балабы?
Килем, шайы элебей,
Айчүрөктү баш кылып,
Ошончо толгон кыздарды,
Тушарына теңебей,
Бастырып өттү буйдалбай.
Баткак кылып шайысын
Мелтиреген баланы,
Безилдеген жеңеси,
Бек жактырып чорону,
Буулумдан кылган чоң ичик,
Булактатып ыргытып,
Тактадан жылып түштү эле,
Келбеттүү сулуу бейбагың,
Керебеттен түшкөн соң,
Кошоматтуу Чүрөктүн,
Кол арканы Салкынай,
Кошо баскан Алтынай.
Сүйлөшкөнү Кишимжан,
Кыпылдай баскан Сүйүмкан.
Перинин кызы Бектору,
Алты кошчу болушуп,
Алдына басты Айчүрөк.
Калыйман бейбак кашында,
– Кантет эми эжем – деп,
Катын кыздар артында.
Тула бою түрлөнүп,
Босого бойлуу бото көз,
Моймолжуган түгөттөр,
Айчүрөктү байкаса,
Абасы Бакай баатырдын,
Айтымынча бар экен.
Акундун кызы Айчүрөк,
Адамдан сүрдүү жан экен.
Тебетейдин тышына,
Бир таласын жеңеңиз,
Атамдын аты Акун кан,
Энемдин аты Алыкан,
Өзүм атым Айчүрөк,
Тийер күйөөм Семетей,
Үч атын туура жаздырган.
Үч таласы тышына,
Болумдуу сулуу бейбагың,
Боюна шайтан жолотпой,
Илим окуп кат алаган,
Көкүрөкө жат алган.
Жалпы өткөн пайгамбар,
Жаасындан жаздырган.
Ала тамак бой мончок,
Аркалыгы жакуттан.
Буулум көйнөк булактап,
Кырдан качкан түлкүдөй,
Этеги чыгып кылактап,
Ыргайдай болуп зыңкыйып,
Басып келди шылкыйып.
Түлө бою түрлөнүп,
Этеги жерде сүйрөлүп.
Пери урганбай беттенип,
Көбүк кардай эттенип,
Айтар сөзгө эринип,
Басып келет керилип.
Адырга чыккан ак мыя,
Акылга мол шуркуя,
Күнгөйгө чыккан ак мыя,
Күлүстөндүн алдынан,
Каршы чыгат шуркуя.
Боюнан жакут көрүнөт,
Алда нече бөлүнөт,
Алдынан жеңең көрүнөт.
Аркан бою алдынан,
Басып келди мелтиреп.
Акырын басып шоодурап,
Аркардай көзү жоодурап.

Айчүрөк жеңең айткыча,
Камындырбай кан чычкыр,
Касиеттүү түгөнгүр,
Кармай бу сөзгө:
– Ашуу ашып, таш басып,
Агыны катуу суу кечип,
Нечен дабан тоо ашып,
Кыябы кырк күн жол басып,
Кан султандын баласы,
Калкынан минтип бөлүнүп,
Кабылан күйөөң келатат.
Алыскы жерден жол тартып,
Арстан күйөөң келатат.
Алдыман өтөр ийсер – деп,
Аккан суудан табылдың.
Арстанымдын зайбысың,
Сөкпө менин сөзүмдү,
Сөөдүр көрбө өзүмдү.
Салам айтмак менде бар,
Абакем алат өзүңдү.
Алик алмак сенде жок,
Аманбы Чүрөк жеңе – деп.
Кыздарына мактанган,
Акмак кылып султанды,
Куш уурдаган өлөт – деп,
Кылактаган бейбака,
Кылчайбай өттү Чүрөк – деп
Кылчайбай бала кыңайып,
– Кап чоро – деп,
Жеңеси калды муңайып.
Муңая түшүп кеп айтат,
Жана Чүрөк сөз айтат.
– Бура тартса болбойбу,
Көк мээ чалыш көйрөң кул.
Өрөпкөп өтүп кеткени,
Өтүп кетти зордугу.
Улутунуп үшкүрүп,
Ошончо кыздын баарына,
Уят кылып кетти – деп.
Кап Күлчоро кан чычкыр,
Камандай болгон жин чычкыр.
Жеңеси басты түрлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп.
Карсылдата кагынып,
Этек-жеңи чамынып.
Баланы байкап караса,
Чоро турат шаңданып,
Катын кыздар таңданып.
Жакын келсе кырк жөкөр,
Аркалуу күлүк буурулду,
Периштелүү Тайбуурул,
Бейбактарды чендетпейт,
Ченине кызды келтирбейт.
Тээп таштап ийчүдөй,
Тыбырчылап теминип,
Тизгин чоюп булкунуп,
Тизгин менен алышып,
Кошо кетет булкунуп.
Койдой болгон боз чымды,
Көңтөрө чапчып ыргытат.
Алып чапчып ыргытса,
Аркан бою бута атым,
Алыс түшөт заркырап.
Катын, кыздын баарысы,
Кырылып калчу немедей,
Кандай түгөт келди – деп,
Качып жүрөт чыркырап.
Айчүрөк келип кеп айтат.
Ыргала басып бейбагың,
Ак жолтой чоро балага,
Айчүрөк жеңең сөз баштайт.
Каардантып чорону,
Какшык менен сөз айтат:
-Апай көтөк бетиме,
Неткен көйрөң баласың.
Ээн өскөн немедей,
Элөөрүп сүйлөп каласың.
Өзүң кайда барасың?

Байыңын атың мингенсип,
Байыңын тонун кийгенсип,
Байкуш кандай баласың.
Койгун бала жөнүңдү айт
Бузбай бала сөзүңдү айт!
Жолтойлонгон немесиң
Жолоочу болсоң жол мына,
Жортуулчу болсоң мал мына!
Кербенчи болсоң пул мына,
Кесиреттүү сен бала,
Жолду тосуп жүрөмүн,
Зордукчу болсоң мен мына.
Жайдырып койгон шайымды,
Жайып койгон киримди,
Бастырып өтүп кеткениң,
Баткак кылып баарысын,
Эки тиштүү текедей,
Элеңдеген сен кимсиң?
Муруntuксуз букадай,
Букчуңдаган сен кимсиң?
Катын кыздан оолак тур,
Тээп таштап ийчүдөй,
Кысыр эмдүү тайга окшоп,
Чокчоңдогон сен кимсиң?
Күйгөнүмдөн айтамын,
Күлчоро өлдү дедирбей,
Ушу жерден кайта кой.
Кайгыда турган Канчоро,
Бачым барып айта кой.
Ар кимдерден кеп уктум,
Семетей өлдү дедирбей,
Канкоруңду ээрчитип,
Калкыңа эсен кайта кой.
Энтелебей кете кой,
Кечүүңөн бала кече кой.
Кантип алып кетесиң,
Кароолчу бар кашымда,
Камандай болгон жинди кул,
Безилдебей эрте кет,
Агаңа чоро бачым жет.
Бекитчү бар башымда,
Береним бар кашымда.
Кабыргаңды сөкпөсүн,
Каныңды суудай төкпөсүн.
Чынкожо менен Толтойду,
Катар айтып жиберсем,
Чочуп кетер чоро деп,
Чорону сынап кеп айтат.
-Кубулжуба чунак кул,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кылган иши тың кожо.
Кылымды бузчу шер кожо,
Кыз алуучу эр кожо.
Эрегишер эр эмес,
Арзан эле агаңа,
Акун кандын шаарынан,
Барса эле Чүрөгүн,
Алдырып ийчү неме эмес.
Торгойдой болгон кан чычкыр,
Толтойдун жүзүн көрөрсүң.
Толтойдун жүзүн көргөндө,
Жүрөгүң түшүп өлөсүң.
Эки бети күйөөмдүн,
Эки даңгыт тойгондой,
Эки ийнине Толтойдун,
Эки азамат тойгондой,
Кез келгенди сойгондой.
Көрөрсүң Толтой эримди,
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнгөндү жуткудай.
Камдап койгон эрим бар.
Кара сууда кемел жок,
Кан Акундун шаарында,
Чынкожо, Толтой баатыр бар.
Кан кайтарар эриң жок,
Кан чычкан чоро экенсиң,
Какшык айтпа жөнү жок.
Торгойдой болгон чунак кул,

Толтойдон башка эрим жок.
Айчүрөк жеңең айтканда,
– Билем жеңе өзүңдү,
Күйүшүп сөздү айталык.
Уккун менин кебимди,
Сөзгө сөздү айтпаса,
Сөзгө наалат келтирет.
Кепти кепке айтпаса,
Кепке наалат келтирет.
Ырас айттың макул – деп,
Сөз айтайын сөзүңө,
Кулагың салгын өзүмө.
Кеп айталы сиздерге,
Жеке эле бизди тосконсуп,
Бизге милдет оодарып,
Бул эмне дегениң?
Муңайгансып кеп айтат,
Минтип бокту жегениң,
Кубулжуп сүрүң чыгарып,
Кудай ургур экенсиң.
Кулдугума жетесиң,
Кулу десем кулумун,
Кайгыда турган канкордун,
Үйдө туума уулумун.
Нак Күлчоро өзүмүн,
Өзү эмес жеңе көзүмүн.
Акун кандын шаарына,
Алаңкирди салуучу,
Ак Күлчоро өзүмүн.
Канкордун зайбын алып берүүчү,
Камандай кулу мен болом.
Бийлесеңчи жеңетай,
Акун кандын шаарында,
Мендей Чүрөк барбы – деп,
Кепти Чүрөк издесең,
Кең Таластан издесек,
Кеңешкени мен келсем,
Ар кайсыны көп айткан,
Кейбир Чүрөк экенсиң.
Алыскы шаардан издесек,
Бу айтылуу Чүрөк биз десек,
Издеп Чүрөк мен келсем,
Акмак жеңем экенсиң.
Тийип алсаң бу шаарда,
Чынкожо менен Толтойго,
Кан султандын баласы,
Канкорду тосуп келбесең,
Өзүңдү өзүң билесиң.
Аккан суунун боюнда,
Абамы тосуп келбесең,
Жалпы кызды ээрчитип,
Аягың менен сандалып,
Эмне тентип жүрөсүң.
Тийип алсаң бу шаарда,
Чынкожо менен Толтойго,
Белесте турган канкоруң,
Ушу жерден кайра кетеби?
Сени алса абамдын,
Какшыктан башка айтпайсың,
Оюнан бузук кетеби,
Белесте турган эриңдин,
Түгөнгөн күйөөң оңбосун,
Дүрбү салып көрдүм – деп,
Азаптуу кулду жиберген.
Аккан суудa жүрөт – деп,
Камандай кулду жиберген,
Кан Айчүрөк зайбым – деп,
Каалап келген катыны,
Кантип алсын ушуну.
Жибек десем чөп экен,
Какшыктан башка сөзү жок,
Жиндиге чалыш көк экен.
Чынкожо мыкты дебеңиз,
Ырысыңды жебеңиз.
Өзүмдөн кеткен качкын кул,
Өз айылын өзү биле албай,
Өзөндүү суугa каналбай,
Ногойго батып жүрө албай,

Бакай менен басташып,
Кан султандын баласы,
Канкор менен касташып,
Карагай найза куу болуп,
Канкор менен жоо болуп,
Токсон үйлүү топорду,
Бузуп алып ногойдон,
Жетимиш үйлүү жесирди,
Калкымдан кеткен качкын кул,
Кысталак мынча эсирди.
Тирүү туруп жалганда,
Кантип бердик жесирди.
Кыргыл чалды баш кылып,
Кырымдан кеткен качкын кул.
Пайгамбар чапкан жол ошол,
Кан жөткүргөн ногойду,
Уруп жүргөн мен ошол.
Чынкожо илбирс, биз жолборс,
Жолборсту илбирс көргөндө,
Катылуу илбирс бетиби?
Кабыландын баласы,
Канкоруңду көргөндө,
Качпас жерге атайын,
Жыйып колду күтөбү.
Мактанып айтты дебеңиз,
Толтойду мыкты дебеңиз,
Толтой ит да, биз карышкыр,
Карышкырды ит көргөндө,
Үрүүчү иттик бетиби.
Канкоруң эмес мына бул,
Күлчорону көргөндө,
Качпас Толтой көтүбү.
Эки эринди жеңетай,
Катар айтып турасың.
Сизди алып нетелик,
Куулжуп сөзүң айтпачы,
Өзүңдү өзүң биле бер,
Камдап койгон бу шаарда,
Ар кайсыны көп айткан,
Эсер жеңем экенсиз.
Көрүнгөндү эр кылган,
Кесер жеңем экенсиз.
Каарданып күүлөнүп,
Кайгыдагы канкорду,
Катуулантып сүйлөтпө,
Кудай ургур экенсиң.
Периштелүү абамдын,
Кушун берчи кетебиз.
Арстан бала айтканда,
Анда Чүрөк кеп айтат,
– Күлүстөн тууган чорону,
Ар акылга даанышман,
Айтып турган кебине,
Асыл жеңең терикпейт.
Ар уруу сөздү айтууга,
Чечен бейбак зерикпейт.
Кой Күлчөкө кантесиң,
Жоолуу кыздан куш доолап,
Катар айтып каласың,
Кайгыда турган абаңды,
Балакетке саласың.
Өзүмдү өзүм билгеним,
Дөөлөт менен тиймеке,
Торгойдой болгон чунак кул,
Толтойду тосуп жүргөмүн.
Кылкандай болгон кыздардан,
Куш доолаба жөнү жок,
Айчүрөк чыкса жолуңдан,
Куш качырсаң колуңдан,
Кушту менден дооласаң,
Куш көп жүрөт жортумда,
Куш берейин кушуңдай,
Кең-Кол менен Таластан,
Жинди чалыш көк мээ кул,
Семетейдин шумкары,
Келген бекен ушундай.
Он экиде ойрон кул,
Оолукмалуу эси жок,

Ногойдун баары ушундай.
Эсер Чүрөк мен дейби,
Катар айтып канкоруң,
Качырып ийип Кең-Колдон,
Кырып ийчү немедей,
Кыздан кушту доолаган.
Көпкөнү ногой журтуңдун,
Көөдөгү чоро сендейби?
– Ырас айттың макул – деп,
Ушу сөзүң акыл – деп,
Айтмайынча билбеген,
Акмак жеңем экенсиң.
Сөз береби сөзүмө,
Кулак салгын маа – деп,
Кейибей жеңе угуп тур,
Кубулуп учуп Кепилден,
Кең-Колдон барып эр сурап,
Эр бербесе куш уурдап,
Жалпы кызга мактанып,
Кесептин баары сендейби?
Камандай болгон чоронун,
Оозун басып күлдү эле,
Айтып турган сөзүнө.
Ал сөзүнө ардыкпайт,
Кантер экен бала – деп,
Камала түшөр чоро – деп,
– Ырас бала макул – деп,
Жериң кайда болучу,
Жериңдин жайын мындай айт,
Жердеп аткан элиң ким,
Элиңин жайын мындай айт.
Дубакер келсе маа бербес,
Акылга сейрек шериң ким?
Айтчы бала жөнүң ким?
Ажыратып Толтойдон,
Камандай болгон кан чычкыр,
Кан Акун шаарын куткарып,
Жесирин алчу шериң ким?
Калайык сенин калкың ким,
Калк башкарган мыктың ким?
Сөз жагынан ыктууң ким?
Түп атаңды түрүп айт,
Түбүнөн бери койбой айт.
Теги атаңды терип айт,
Калкыңдагы жакшыңды,
Алда кандай чоросуң,
Атам деп атын катпай айт,
Атаңдын атын сатпай айт.
– Ырас айттың жеңе – деп,
Сөз айтайын сөзүңө.
Байкадым жеңе сөзүңдү,
Билдим Чүрөк өзүңдү.
Зилимди сурап тургудай,
Зилсиз чоро дедиңби?
Зилин таап берем дейсиңби.
Жөнүмдү сурап тургудай,
Жөнсүз чоро дедиңби?
Жөнүн таап берем дейсиңби?
Жеримди сурап тургудай,
Жерсиз чоро дедиңби?
Кан Акундун шаарынан,
Жер бөлүп койдум дейсиңби?
Жеримден кайгы жейсиңби?
Элими сурап тургудай,
Элсиз чоро дейсиңби?
Элимен кайгы жейсиңби?
Калың Ооган журтуңдан,
Калк бөлүп койдум дейсиңби?
Жеримин жайын сурасаң,
Бетеге белден бураган,
Бедеси менен ыраңы,
Ат боорунан ыргалган
Түлкүсү түрдүү ойногон,
Куланы кумда сойлогон.
Жейрени түздө түйүлгөн,
Балтырканы билектей,
Маралдарын сурасаң,
Мала кашка инектей,

Кең-Кол, Талас жерим бар,
Кызыл жейрен ат минген,
Кыл куйругун шарт түйгөн,
Чолок чопкут тон кийген,
Кылычы белге кыңгырап,
Жигити сындуу ногой бар.
Мен сулуумун дебегин,
Ырысыңды жебегин.
Келеңкер чачпак, кең соору,
Келин, кызы керме каш,
Келини сындуу ногой бар.
Көктөм менен кабылан,
Кан султан Манас баласы,
Куш жоготкон быйыл жаз,
Баатырыңа тийгенде,
Бара Чүрөк көрөрсүң
Устукан сөөгү мистедей.
Ак сакалы чүчтөдөй,
Капилеттен сөз тапкан,
Караңгыда жол тапкан,
Пайгамбар сындуу бабам бар,
Бакай сындуу абам бар.
Сан ногойду башкарган,
Сары кан деген каным бар.
Берки атамды сурасаң,
Түп атакем Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан.
Чаян кандан Жакып кан.
Жакып кандан жаш Манас.
Баатыр Манас баласы,
Батадан бүткөн баатыр шер,
Шай колдогон арстан эр,
Семетей канкор кулумун.
Какылдаба жеңетай,
Кайнардын кара көзүмүн,
Как чынардын өзүмүн.
Канкордун уулу Семетей,
Касиеттүү кабылан,
Как абамдын кулумун.
Кулу эмесмин жеңетай,
Чуулганды салуучу,
Чунак чоро көзүмүн,
Көз эмес нак өзүмүн.
Атамдын аты катканда,
Калкымдагы жакшыны,
Атам деп атын сатканда,
Эсебимди таппайбы,
Атамдын кусуру уруп кетпейби.
Өтүрүк сөздү сүйлөбөйм,
Өлүп кетем анда – деп,
Өгөй атам шер Мажик,
Эсили атамды сурасаң,
Кудай бирөө, куран чын,
Пайгамбар ак, диним ак,
Бээжинде калган алтын так.
Энеси кыпчак кызы экен,
Асыл тууган чоң энем,
Чабындыга барыптыр,
Эсенкандын иниси,
Эр Азизкан алыптыр.
Капырга кошпой чоң энем,
Көңүлү кетип бурулбай,
Дини кара чочконун,
Динине кирбей энеси,
Кудайга ыйлап буркурап,
Мунажат кылып жүрүптүр.
Жуманын кадыр түнүндө,
Таң сөгүлүп келгенде,
Алтын таажы башында,
Ак боз ат минген аксакал,
Урдун уулу кабылып,
Какылдаба жеңетай,
Асыл тууган атакем,
Үр уулунан бүтүптүр.
Үр ата кирип түшүнө,
Дин ислам кирип эсине,
Карадан ак бүтүпмүн.
Кайсы жеримде капыры,

Какшанбай жеңе кулак сал.
Чоюндан кудай болобу,
Чокунса адам оңобу.
Алтындан кудай болобу,
Алса атакем оңобу.
Сары талдан сайдырган,
Багын таштап Бээжинге,
Сары алтындан салдырган,
Тагын таштап Бээжинге,
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Канын таштап Бээжинге,
Алтымыш катар зор ак үй,
Башына жакут чаптырган,
Капкага көөхар жаптырган,
Алты бирдей казына,
Зарын таштап Бээжинге.
Кыяматтын айынан,
Кыл көпүрө жайынан,
Таштап кытай журттарын,
Талак кылган буттарын.
Эсенкан көөнүн тындырып,
Чоюн бутун талкалап,
Чочкого кыргын салыптыр.
Качып келген дин үчүн,
Калыйпа султан пир үчүн.
Кудай бирөө, куран чын,
Мекеде султан дин үчүн.
Сары ырапыс тон кийген,
Сараладай ат минген,
Алеңкир жаа, сыр жебе,
Айтпай койсом бирдеме,
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын баласы.
Сумсайса жоодон кайтпаган,
Сунган найза тартпаган.
Аруукенин ичинде,
Аманат калып курсакта,
Атамы жутуп алыпмын.
Алдыңдагы Күлчоро,
Агарып келген тыргооттон,
Алмамбеттин баласы,
Айтып турган кебимдин,
Кай жеринде чаласы.
Алып кел Чүрөк колуңду,
Касиеттүү канкордон,
Какшыгынды койбойсуң,
Кабылан жалгыз эриңден,
Угасың жеңе сонунду.
Какшыгыңды алып барып,
Белестеги беренге,
Арызданып барып айткандай,
Акмак чоро мен эмес,
Андай айтчу мен эмес.
Ушундан ары барбасам,
Күрсүлдөгөн Толтойду,
Күчүн бүгүн көрбөсөм.
Калкымдан келген качкын кул,
Кайратын бүгүн көрбөсөм.
Касиеттүү Ополго,
Кан Акундун шаарына,
Салбасам бүгүн бузукту,
Көрсөтпөсөм кызыкты.
Калкыңа кыргын көрсөтүп,
Таш коргонуң талкалап,
Такыр чаап албасам.
Эр болсо жеңе эки эриң,
Чынкожо,Толтой мыктууңуз,
Алып калсын өзүңдү.
Атыша чыгып кол курап,
Атасызды калкалап,
Ополго кыргын салбасам,
Кайкыда турган эриңе,
Алып берсем өзүңдү,
Оолукмалуу шериңе,
Ошонума жетпесем,
Ополду чаап кетпесем,
Ойронго алып бербесем,
Очогор тийсин боорума!

От чагылсын көзүмө!
Капа болбо сөзүмө,
Кайрылса Чүрөк өзүмө,
Капа кылып жеңесин,
Кесиреттүү Чүрөктү,
Кейитип сөзүн көп айтып,
Ойсуз Чүрөк ойлонсо,
Он экиде ойрон кул,
Ополду көздөй жөнөдү.
– Ой кырк жөкөр көрдүңбү,
Чунакты кудай урду – деп.
Бейбактын айткан сөзүнө,
Бек таарынды бала – деп.
Айтымынча бар эле,
Ар ишине чунагым,
Жарай турган бала эле.
Чынкожо менен Толтойду,
Катар айтып жиберсем,
Чочуп кетер чоро – деп,
Кантер экен деп айтсам,
Какылдаган бейбака,
Караланып калды – деп.
Безилдеген бейбака,
Берендин уулу бу түгөт,
Бек тардыгып калды – деп.
Кудай уруп салды – деп,
Кара көңүл чунактан,
Сынап алам деп айтып,
Бөөдө айрылып калдым – деп.
Кырылып калган кыз-келин,
Ой кырк жөкөр турсаңар,
Он төрт бутту кербен,
Тышта туура тартыңар!
Аюу талпак күрсүнү,
Акырын төшөй салыңар.
Тубардан кылган дасторкон,
Туурасынан жайыңар.
Аш тамагын жайнатып,
Алтын самоор кайнатып,
Даяр кылып туруңар.
Кан Акундун шаарына,
Капа болгон чунакты,
Каттатпай кармап калайын,
Амалы менен болоктоп,
Ителгидей кара көз,
Ирмебестен жаш алып,
Келиштирип кеп айтып,
Кетирбей кармап калайын.
Арт жагынан булактап,
Түлкүдөй болуп чубактап,
Ыңгыранып басты эле,
Таманы жерде илинбей,
Бейбакка басты билинбей.
Булбул үндүү бейбагың,
Муңканып үнүн чыгарып,
Күкүк үндүү Айчүрөк,
Күймөлүп үнүн чыгарып,
– Токто, бала, токто – деп,
Буудандын оозун бура тур!
Ай күлүстөн кантесиң,
Атыңдын оозун бура тур,
Азыраак аял кыла тур!
Арзымды айтам уга тур!
Чүрөктүн үнү чыкканда,
– Байкуш жеңе бат бас – деп,
Буурул менен болкуюп,
Күлүстөн турду колкуюп.
Күлчорого жалынып,
Басып келди чойкоюп.
Ороло түшүп баланы,
Чылбырдан кармап кеп айтат:
– Чымырканба бала – деп,
Тамам сөзүм укпансып,
Тамаша кылган кебиме,
Таарынбагын чоро – деп.
Оюн таңкык кеп укпай,
Ойрон кайдан келгенсиң.
Тамаша сөзгө тардыгып,

Чуулгандуу чунак – деп,
Эмне болдуң ардыгып.
Айткан ширин сөзүңдөн,
Айнектей болгон көзүңдөн.
Алдыңдагы жеңеңиз,
Айлансын Чүрөк өзүңдөн.
Санатта жок кебиңден,
Садага кетсин жеңеңиз,
Капа болбо Күлүстөн.
Кагылсын жеңең өзүңдөн.
Азыркы айткан сөзүмө,
Ардыкпагын Күлүстөн.
Алдыңдагы жеңеңиз,
Айтып ийдим бир иштен.
Тамаша кылган сөзүмө,
Таарынбагын Күлүстөн.
Сынап айткан кебиме,
Сурданбагын сен бала.
Ажыратып Толтойдон,
Кан султандын уулу,
Канкоруңа алып бер.
Суйкайган жеңең мен мына.
Ачууланбай Күлүстөн,
Акундун шаарын куткарып,
Ажыратып Толтойдон,
Агаңа алып берсеңчи!
Ар акылга даанышман,
Айтылуу жеңең мен мына!
Суусунуңа бал ич – деп,
Сугатыңа чай ич – деп,
Чылбырдан алып бойпоюп,
Жез канаттуу жеңеси,
Жетелеп басты чойкоюп,
– Кошоматың койсоңчу,
Кокуй күн жеңе коё бер!
Талас, Кең-Кол жеримден,
Окшомдуу ногой элимден,
Сен жетелеп келдиңби?
Кысабы кырк күн жол басып,
Өзүм келем Таластан.
Жез канаттуу жеңетай,
Сен жетелеп келдиңби?
Сен жетелеп жүргөндөй,
Ойсуз Чүрөк сен эмес,
Ооруган чоро мен эмес.
Чылбырын жулуп алганда,
– Бек тардыгып калды – деп,
Безилдеген чунак кул,
Айлансам болот арбака,
Кагылсам болот кудайга.
Камандай кулду жеткизген,
Оозун басып былк этип,
Акырын карап шылк этип,
Алдына басты суйкайып.
Арт жагынан Күлүстөн,
Кырк жөкөрдү чыкырды.
– Ай катын, кыз,кырк жөкөр,
Чуулгандуу түгөттөр.
Чунак кулду түшүр – деп,
Короздой болгон бейбагың,
Колун жаңдап жөнөдү.
-Мен кармаймын түшүрөм,
Чылбыр тизгин талашып,
Келишимдүү келин, кыз,
Жоодурап басып келди эле.
Периштелүү Тайбуурул,
Ченине кызды жолотпойт.
Тээп тиштеп ийчүдөй,
Жанына жакын келтирбейт.
Жалт этип үркүп кошкуруп,
Кайыбы кандай жылкы эле,
Карматпай койду кантелик,
Каргадай болгон мунуңду,
Өзүң түшүр кулуңду.
Кылбаганды кылат – деп,
Кунуңду берип кетет – деп,
Чунак кул деп угузсаң,
Баарыңды кырып кетет – деп,

Чойкоюп басып келди эле.
Айтайын десе тили жок,
Окуранып умтулуп,
Окшомдуу жеңең Чүрөктүн,
Оң ийнине тумшугун,
Таяп буурул турду эле.
Чылбырдан кармап чойкоюп,
Чылбыр, тизгин бошолуп,
Ар кызылдын үстүнөн,
Арстан бала түштү эле.
Ак камчыны колго алып,
Бали ыракмат жаш бала,
Жаркырап басып калды эле.
Жаш баланы көргөндө,
Жарыла берди кыз-келин,
Керебеттин үстүнө,
Келбеттүү чоро олтурду.
Кыз келинди чыкырып,
Көмөлдүрүк чыгарып,
Басмайылын бошотуп,
Ээр токум шыпырып,
Чакалап сууну куйдуруп,
Чалманын баарып жуудуруп.
Кыргы менен кырдырып,
Акылга мол бейбагың,
Агаңдын атын ардактап,
Канат менен сыйпатып,
Кундуздай жүнүн чыгарып,
Байтеректин түбүнө,
Этектеп кумду төктүрүп,
Көлөкөгө байлатып,
Эки кызды чакырып,
– Казатка минчү жезденин,
Канын соруп коёт – деп.
Чыбыкка жоолук байлатып,
Чиркей, чымын жолотпой,
Шыпылдатып айдатып.
Кайра басып какылдап,
-Камандай кулга бергин – деп,
Акмак кыздар турбаңар!
Алыстан келген мейманга,
Аш тамагын бериңер.
Тубардан кылган дасторкон,
Туурасынан жайдырып,
Батнуска бал салып,
Кертип, кертип дан салып,
Соку,соку кант чагып,
Жая кесип, жал салып,
Алтын самоор кайнатып,
Акылайга куйдуруп,
-Кан кудаңа сунгун – деп,
Өз сиңдисин чакырып,
Калыйманга сундуруп.
Сугатына бал берип,
Суусунуна чай берип,
Аш тамагын жай берип.
Аябай берип тамагын,
Калыйманга шыбырайт:
-Ачкыл жандуу чорого,
Абдыранын ичинде,
Алтын көөкөр испирт бар.
Берки четки каркытта,
Алача моюн көөкөрдө,
Алып келчи испиртти?
Көтөрүмдүү балага,
Көмө куюп берейин.
Кулду бу жерде мас кылып,
Келишимдүү сөз айтып,
Кечиктирип салайын.
Кубулжутуп сайратып,
Кулагың салгын чоро – деп,
Кыз-келиндин ичине,
Кылчайбай жатып алды – деп,
Кысталак чоро – деп,
Тилекти кудай берсин – деп,
Күлчорого күүлөнүп,
Күлүстөнгө сүйлөнүп.
Кан султандын баласы,

Кайгыда турган жезденер,
Каарданып сүйлөнүп,
Кабылан бачым келсин – деп,
Аракты алып келди эле,
Алтындан кылган ыстакан,
Акырын баса куйду эле.
Ачкыл жандуу чунагың,
Аракты көрө койгондо,
Сумсайып турган чунак кул,
– Катыгүн жеңе алып кел,
Суусунум канбайт ага – деп.
Кубулжуба кудача,
Кошоматың койгун – деп,
Баарын бергин маа – деп.
Камтый кармап чунак кул,
Колунан тартып алды эле.
Бүйрө кармап буландап,
Ачуурканбай арстаның,
Суу жуткандай болбоду,
Такыр шыпкай ууртады.
Боору түшө калды – деп,
Күмүштөн кылган бөтөлкө,
Алтын аяк, сыр кесе,
Айчүрөк алып жанынан,
Алда таала кудурет,
Күнөөсүнөн арылтар.
Санатта жок балага,
Замзамдын суусун берди эле.
Көзү ошондо ачылды,
Ободон кудай билбесе,
Ону көргөн пенде жок.
Ооруган жери басылды,
Окшомдуу сулуу Калыйман,
Кантээр экен түгөт – деп,
Баса барып олтурду.
Буруксуган бейбакты,
Буурсундай ак колдон,
Ийинден колун артылтып,
Моюндан орой кучактап,
Ийиктей болгон ак эмчек,
Имере кармап койду эле.
Кошоматтуу күң экен,
-Койчу чоро кокуй – деп,
Колун серпип ийди эле.
Алдырып ийип ачкылга,
Алакөөдөн кандай чоросуң,
Эсендикке жарабай,
Эмчекке колуң саласың.
Жеткен көйрөң чоросуң,
Бу жоругуң койбосоң,
Кабылан жездем канкорго,
Балдыздардын баарысын,
Баатыр жезде күйөөгө,
Балакетке саласың.
Камандай болгон Күлчоро,
Каткырыгы баш жарып,
Какшыка жөлөп кеп айтат:
– Баштан аяк чечenди,
Баарысын жыйган турбайбы?
Кимисин алат Семетей,
Чүрөктү алам деп келип,
Кудай урган турбайбы.
Бул эмне кордугуң,
Какылдаба кудача,
Жеңем баштап кыз, келин,
Өтүп кетти зордугуң.
Эмчекке сунсам колумду,
Көргөздүңбү сонунду.
Силкип салып колумду.
Эмчегиң жулуп алдымбы,
Эркелей турган эриң жок,
Айчүрөккө теңелип,
Андай айтпа жөнү жок.
Жакадан кармап жаш бала,
Жаактан ары бир койду.
Сабырдын түбү сары алтын,
Чүрөк туруп кеп айтат,
– Сабыр кылгын Күлүстөн,

Баарыбызды кырды – деп,
Чорону кудай урду – деп,
Кыз, келин качып жоголот.
Кагылайын Күлүстөн,
Катын,кыз менен урушуп,
Кантип ишиң оңолот.
Кан Акундун шаарынан,
Айтылуу Чүрөк жеңеңди,
Алып берсең Толтойдон,
Кадиктүү сулуу Калыйман,
Кааласаң өзүң аласың.
Ардемкени ойлонбос,
Алаткүн кандай баласың.
– Ырас болот жеңетай,
Убадада шерт тургун,
Ушу сөзгө бек тургун.
Абам болсо султанга,
Алып берсем абама,
Айчүрөк сенин өзүңдү,
Уккун жеңе сөзүмдү.
Алдында синдиң Калыйман,
Калыңсыз алып кетпесем.
Төшү түктүү жер урсун,
Ушуну алып кетпесем,
Агарып келген тыргооттон,
Түгөткө чоро болгуча,
Туулбай жерге кирейин.
Тукум болуп жүргүчө,
Алмамбеттей атамдан,
Туубай туна чөгөйүн.
Күйөө кошчу болгонсуп,
Ногойду тирүү көргүчө,
Бу көрөкчө өлөйүн,
Ачууму саа берейин
Мамык коюп башына,
Капа кылып канкорду,
Кылчайбай жатты кыздарга.
Баланы мындай таштаңыз,
Кайгыда турган кайран эр,
Баатырдан кабар алыңыз.

## СЕМЕТЕЙДИН АЙЧҮРӨККӨ КЕЛИШИ

Баатыр калды күүлөнүп,
«Ойрон кул» деп түрлөнүп,
Ошондо төрөң сүйлөнүп,
Байрак булгап бакырды,
Олтурган жерден болкоюп,
Дүрбү салып зоңкоюп.
Жаркыраган чорону,
Жалпы кыздын ичинен,
Кайкыдан көрүп күүлөнүп.
– Сен да ушундай кыласың,
Ошо белде сүйлөнүп.
Бери айдачы аттарды!
Откорбогун Канчоро,
Алдынкы жүргөн иттерди.
Барк этип үнү чыкканда,
Баякы чоро укканда,
Турчу чоро ошобу,
Аттын баарын атектеп,
Айдап келди шатектеп.
– Аттарды андай таштай тур,
Кактелкидей күлүктү,
Эрте токуп бат алып кел.
Баатырың турат белесте,
Сырнайзаны таянып,
Сакалы кетип сарбайып,
Муруту кетип эрбейип,
Ачуусу келип делдейип,
Темирдей болуп каранып,
Чоктой болуп кызарып.
Өрдөктөй мойну узарып,
Өрттөй көзү кызарып,
Каарданып ийгенде,

Кан ичине тартканда,
Жездей болуп саргарып,
Чукул коштоп Телкини
Сыр бараң мылтык асынып,
Куу найзасы колунда,
Кайкыдагы канкорго
Чыгып келди зыргытып.
Эр Канчоро кеп айтат:
– Айжаркын аба бат айтчы,
Не көрүндү көзүңө?
Не билинди өзүңө?
Бачым айтчы баатыр – деп,
Акыл айтсам пайда – деп,
Чунак кулуң кайда? – деп.
– Эмнеси курусун,
Айтпадым беле бая эле.
Кечүүгө кеткен кесирдүү,
Ойрон кулду көрдүңбү?
Байкабай жатып алганын,
Маңдайкы кулду көрдүңбү?
Жүр баатыр Канчоро,
Кылып турган ишин көр,
Атаганат акмак кул,
Айткан кепти унутуп,
Абаңды эстен чыгарып,
Арак ичип мас болуп,
Маңги болуп алганы.
Кыз-катынга ээ болуп,
Аңги болуп алганы.
Ээликмесин карматып,
Бирөөнүн кызын урганын,
Арачачы болгонун,
Ажыратып экөөнүн,
Какылдаган канчыктын,
Калыс болуп турганын.
Ат багуучу бейбак бейм,
Чалманын баарын жуудуруп,
Байтереке байлатып,
Акылга мол жеңеңдин,
Атымды багып турганын.
Бара балдар көрөбүз,
Аны сурап нетесиң,
Чоронун жайын карачы,
Иш бүтөбөй арам кул,
Чочконун жатып алганы,
Жүрү баатыр баралык.
Ачууланып күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп,
Бууданга минген болкоюп,
Канчоро менен жарышып
-Эр Канчоро көрдүңбү?
Жолоочу кызды жыйганы,
Жолго саат кылганы.
Камандай болгон кан чычкыр,
Каршылык кылып салганын.
Жүрү баатыр баралык,
Аңгемени салалык.
Кабырганды сөкпөсөм,
Каныңды суудай төкпөсөм.
Ой Канчоро ойлончу,
Кыздан чыккан бою жок,
Быйыл келер ою жок.
Бүгүн турсун ошо кул,
Эгерде келгис болуптур,
Чунакты кудай уруптур.
Канчорону ээрчитип,
Чатырга түшө калды эле.
Айбанды коё беришип,
Түркүгүн булкуп ыргытып,
Кара пилди чөгөрүп,
Канчорону шаштырып,
Жарактын баарын арттырып,
Аркан менен тарттырып.
Чымын тийсе зыңк эткен,
Камчы менен урганда,
Замбирек аткан немедей,
Тоо жаңырып заңк этип,
Жер дүңгүрөп зүңк этип.

Байлап койсо танапташ,
Жүрүп кетсе сабакташ.
Каныкей түйгөн ак нокто,
Тумшука күмүш чөгөртүп,
Мойнуна чылбыр күрмөтүп,
Башына нокто салдырып,
Улуу жолго кирди эле,
Тизелеп атты тийди эле.
Берендин жайын сурасаң,
Берки кулга сүйлөнүп,
Бешимде кирип келди эле.
Кечки салкын кайран эр,
Кечинде кирип келди эле.
Чоң дайраны көргөндө,
Ала кайыр бурганак,
Чалмаланып чаң ыргып,
Жардын башы кылкылдап,
Токойдун баары былкылдап,
Бок жыттанып болукшуп,
Талаанын баары жылдыздап,
Кар агызып кузкундап,
Чоро кечкен суу эмес.
Чекендин башы желпилдеп,
Асмандан мөңгү бузулуп,
Жардай болуп бузулуп,
Жарга барып урунуп.
Тоодой болгон боз чалма,
Жар жыгылып дүпүлдөп,
Таш агызып күпүлдөп,
Жаткан экен күркүрөп.
Үстүнөн шамал зиркиреп,
Жаш карагай балапан
Тамыры менен суурулуп.
Кашаттан карап Канчоро,
Өңү кетти бузулуп.
Эр Семетей канетсин,
Каарланып күүлөнүп,
Камандай болгон чорого,
Кайран неме сүйлөнүп,
Маңдайкы кулга күүлөнүп.
Каарданып кыйкырып,
Күлчоролоп чакырып,
– Өз атыңды мингин – деп,
Келин-кызды чогултуп,
Кесирленген чунак кул,
Кебилге кирип кеткен – деп.
Буркурап аткан Үргөнчтөн,
Бурулбай кечип келет – деп.
Бууданды айдап ийгин – деп,
Баатыры жүрсө бакырып,
Күлчоролоп чакырып,
Байкабай жатат кыздарда,
Кайра салып кабылан,
Төмөн карай жүрдү эле.
Булундун баарын кыдырып,
Мындан кечүү таба албай,
Канчорого кеп айтат.
– Ой Канчоро көрдүңбү,
Ээликмелүү чочкого,
Не жазыгым бар эле,
Эми келсе болбойбу!
Камандай болгон доңуз – деп,
Айткан экен баатырга,
Азабын тарткан абасы,
– Кокуй чунак байкап кеч,
Кордоюу көп суу эле,
Үргөнчкө кирген чоң жолдон,
Үстү жагын байкасаң,
Эстей көргүн жалгызым,
Эптелүү жатат эки таш,
Арыракта тарта көр!
Атаң Манас султандын,
Ак кагазда оролуу,
Алтындан соккон мөөрү бар.
Касиеттүү кан атаң,
Жалгыз айнек келсе – деп.
Атты жолго сала көр,
Кыйналбай кечсин жалгыз – деп,

Берениң Манас атакең,
Белги ташы ошо – деп.
Кысталак байкап ал,
Чороңо уят болбогун,
Кыр кечүүнүн оозу ошол.
Абамдын айткан аты – деп,
Айбандан чурап түштү эле,
Айбалта менен чапты эле.
Балбан тууган бадирек,
Жара тартып алды эле.
Ак кагаздын ичине,
Жакуттан кылган чоң мөөрдү,
Жаркыратып кайран эр,
Аты жокко салды эле.
Абай кылып окуса,
Атасы Манас аты бар,
Каныкейдин каты бар.
Атасынын жазуусун,
Ашкере таап алды – деп,
Маңдайкы турган жөөт күң,
Керетинде билди эле.
Кесирдүү шылдың кылбайбы,
Чоросунча Чүрөк жок,
Кудай ургур турбайбы!
Баатыр жездем коркок – деп,
Баарысы шылдың кылбайбы.
Жолтойлуу кул киргенден,
Жогортодон кирем – деп,
Кайра салып калды эле.
Күлчоро кирген ак жардан,
Окору нокто шыпырып,
Он төрт атты кыйкырып,
Аркырап аткан дайрага,
Айдап кирди чубуртуп.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Канчорого көп какшап,
– Аккан суудан кечирбе,
Азгырып алып келгин – деп,
Айчүрөккө каттатпай,
Кең дайрадан кечирбей,
Кесирдүүгө жеткизбей,
Баатырды кайра алып келсең!
Калың ногой журтумдан,
Кара көз сулуу тандагын,
Калыңсыз алып берем – деп.
Убадама турбасам,
Айтканыма жетпесем,
Атам Шаатемир канга тиейин.
Убадалуу шерт кылып,
Канчоро менен Чачыкей,
Өлүп кетчү ант кылып.
Кабылан сууга киргенде,
Канчоро карап турчубу.
Карсылдатып кайран эр,
Кайра тийип чыкты эле.
Маңдайга жатып алганың,
Кулдардын кылган ишин көр.
Кудай урган чочколор,
Акмак кылып ат тийип,
Арамдын кылган ишин көр.
Уялашың бар болсо,
Акмак кылып ат тийбей,
Артымдан чогуу кирбейби!
Абаке сенден калбайм – деп,
Артымдан кошо өлбөйбү!
Бири маңдайга жатып алганын,
Мунусу акмак кылып ат тийип,
Мындай жорук кылганын,
Качырып сала берди эле.
Алданын не салганын көрсөтчү,
Арам кыял жинди кул,
Энтелеп келип ат тийип,
Эмне кегиң бар эле.
– Жүр абаке кетелик,
Дайрадан кечип нетелик.
Ойго эсен жетелик,
Маңдайкы турган Чүрөктү,
Билбеген адам айтат дейт,

Акундун кызы Чүрөк – деп.
Билген адам айтат дейт,
Эзелтен берки эски – деп,
Эр албаган кески – деп.
Туурук таман сары дейт,
Акун кандын төрүндө,
Тууттан калган кары дейт.
Карыган Чүрөк алды – деп,
Калкың шылдың кылбайбы.
Жаңыртып куда бололук,
Жашыраак сулуу алалык,
Атын Чүрөк коёлук.
Кылымдын элин чабайын,
Кылыктуу сулуу табайын.
Арзан алып берейин,
Атын Чүрөк коёюн.
Жүр абаке кетелик,
Жөөттү алып нетелик.
Ногойго эсен жетелик,
Үргөнчтүн элин нетелик.
Акмак кызга барам – деп,
Кечкен киши оңобу.
Алдынкы шарга барам – деп,
Жыгылган киши оңобу.
Канчоро антип айтканда,
Каарланып кайран эр,
Качырып сала берди эле.
– Жалпы ногой журтума,
Жаманатты кылганың,
Жаркырап айтып кысталак,
Кыз албаймын – деп айтып,
Кудай муну урганын.
Арам кыял эки кул,
Азгырып айтып турганын.
Ишенгеним сен бир ит,
Бүткөзгөн ишиң ушубу?
Өөдө чыксам сен эки ит,
Өбөк болор дечү элем.
Ылдый түшсөм сен эки ит,
Жөлөк болор дечү элем.
Оболоп учсам сен эки ит,
Канат болор дечү элем.
Атыша чыксам душманга,
Кыргын салып кысталак,
Кан султандын баласы,
Калайыктын баарына,
Санат болор дечү элем.
Айбандын оозун бурганча,
Азгырып айтып тургуча,
Кең-Колдо жатып өлсөмчү,
Жараткан кудай жан эгем,
Жалпы олуя кырк чилтен,
Жалгызды кудай не жасайт.
Каракан кызы Каныкей,
Бейпайым тарткан энекем,
Кашайтып жалгыз тууГуча,
Туйгун Манас атамдан,
Туубай туна чөксөмчү.
Атаңдын көрү сен эки ит,
Айчүрөк алба кетем дейт.
Азгырып айтып турганча,
Маңдайда жаткан ойрон кул,
Ошо кул сенден кем беле.
Буудандын оозун сен эки ит,
Жең ичинен кеңешип,
Манастын уулу жалгызга,
Кылганы жүргөн экенсиң.
Каччы чоро көрөйүн,
Качырып келип канкоруң,
Оройго басып калды эле.
Балбан тууган бадирек,
Суртелкинин үстүнө,
Салаңдатып чоросун,
Сарпоочтоп атка таңды эле.
-Кысталак саа кылбасам,
Кылчайып качсаң ушерден,
Кыйык атып салбасам.
Мекеде султан пир урсун!

Айтымыма жетпесем,
Арам кул саа кылбасам.
Ак пайгамбар дини урсун,
Семетей атым курусун.
Буудандын оозун бурганым,
Атаңдын көрү бул эки ит,
Бөлөктүгүн билгизип,
Маңдайга жатып алганын.
Бирөө акмак кылып Чүрөкө,
Атымды кайра тийгенин.
Каз каркылдап өткүсүз,
Атаңдын көрү сен эки ит,
Көлдөй көрүп жүрчү элем,
Адамдын уулу ашкысыз,
Белдей көрүп жүрчү элем.
Саланддатып байкушту,
Сарпоочтоп атка таңды эле.
Сай күлүктүн артынан,
– Кара пилди карма – деп,
Каарданып кайран эр.
Анда Чүрөк деп айтат,
– Көк мээ чалыш көйрөң кул,
Билдим сенин өзүңдү,
Уктум жана сөзүңдү.
Издеп келген ишиң ким?
Байың келди көрдүңбү?
Бачым барып тосуп ал.
Каның келди көрдүңбү?
Кайран чоро өлдүңбү.
Куйкасы менен курушкан,
Колун таңып урушкан,
Өзүнөн өзү сүйлөнгөн,
Күжүлдөгөн кишиң ким?
Бачым барып жаш бала,
Байыңы тосуп алгын – деп.
– Кой жеңетай сөзүңдү,
Укпаймын Чүрөк кебиңди,
Билдим Чүрөк өзүңдү.
Аккан суунун боюнан,
Канкордун зайбын тапкансып,
Ачуусу келген канкордун,
Алдынан утуру чыкпаймын,
Айтканыңды укпаймын.
Чогултуп алып кыздарды,
Байыңды тосуп алгын – деп,
Чойкоюп туруп алганча,
Шай колдогон шериңди,
Күлчорого күүлөнтпөй,
Күрсүлдөтүп сүйлөнтпөй.
Чорону минтип айткыча,
Томсоргон бейбак жинди күң,
Кырк жөкөрүң ээрчитип,
Тосуп ал өзүң эриңди.
Шыпылдай басып барсаңчы,
Күпүлдөгөн эриңди,
Сүйлөнтпөй тосуп алсаңчы.
Чүрөккө муну айтканда,
Чоң немени байкабай,
Чоро жатып алды эле.
-Жүрү кыздар баралык,
Айтмайынча билбейсиң,
Акмак кыздар көрдүңбү.
Камандай болгон кабылан,
Канкорунан жазганбай,
Кайта кайра айтканын.
Жараткан жалгыз жан эгем,
Жалпы олуя кырк чилтен,
Кан султан атам баласы,
Касиеттүү канкорду,
Алда таала кудурет,
Кайып уулу кырк чилтен,
Атамдын уулун кетирбейт,
Алып чыгат дайрадан.
Кабылан жездең чыкканда,
Кара көңүл неме эле,
Камандай болгон баланы,
Кан жездең чаап ийбесин.
Баатыр болчу баланын,

Маанайы пас болбосун.
Көңүлү чөгөт болбосун,
Көңүлү өспөй калбасын.
Кан султан атам баласы,
Каарданып Үргөнчтөн,
Кан жездең кечип чыкканда,
Алдынан каршы барайын,
Ачуусун жазып алайын.
Чапса мени чапсын – деп,
Безилдеген чорону,
Мен калкалап калайын.
Койлуу катын куйрук жейт,
Эрдүү катын таяк жейт.
Катын, кыздар жүрүңөр,
Кабылан туулган жездеңди,
Кашаттан карап туралы.
Кенебеген жездеңиз,
Шай колдогон шер болсо,
Атасы султан баатырдын,
Жарылып аккан дайрадан,
Жалпы олуя кырк чилтен,
Жаңкы атасы колдосо,
Жаркырап басып барайын.
Арстандан тууган канкордун,
Ачуусун жазып алайын.
Кабылан жездең чапканда,
Кабыргам капшытынан сөгүлөр.
Санаттуу төрөм чапканда,
Саатым жерге төгүлөр.
Кайышпаймын камчыга,
Чогултуп алып кыздарды,
Чоң сууну көздөй бет алып,
Желбегей салып ичикти,
Жез канаттуу жеңеңиз,
Желбиреп жеңең жамынып,
Кыздардын аяк жагында,
Маралдай болуп маңкайып,
Акылга мол бейбагың,
Агаңды карап турду эле.
Аркардай болуп шаңкайып,
Жаңкы жаркырган бейбакты,
Жаңкы агаң көрдү маңдайдан.
Катын жандуу кайран эр,
Аттын баарын атектеп,
Аркырап жаткан Үргөнчкө,
Айдап кирди шатектеп.
Азоодой кылып үйрөтүп,
Балбан тууган падышаң,
Арам кыял чорону,
Алып келди сүйрөтүп.
Кан султандын баласы,
Кабылан сууга киргенде,
– Канкорду кудай урду – деп,
Кызы менен кырыл – деп,
Буудандын оозун бурду – деп,
Катынына мактанып,
Канкорду кудай урду – деп.
Кудай сактай көргүн – деп,
Куюшканды бек кармап,
Катының менен жерге кир,
Бөөдө агып өлдүм – деп.
Кабылан канкор кайра тарт,
Алдыңкы шарга барганда,
Айлаң кетер ошондо.
Айчүрөк албай жерге кир,
Семетей канкор өлдүң – деп.
Четки шарга келгенде,
Ээрден көчүк кыйшайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Кудай сакта –деп кармап,
Кошо жүрүп өлөйүн,
Кокуй күн аба кол бошот!
Кайра качсам кабылан,
Катыгүн арстан атып сал!
Сизди капа кылып салдым – деп,
Кең-Колдо жаткан кесирдүү,
Чалкалаган бейбагың,
Чачыкей долуң кеп айткан:

– Аккан суудан кечирбе,
Адамдын тилин кыйбайт – деп.
Айчүрөккө жеткизбей,
Азгырып алып кайра кел.
Ошол акмак зайбың айтты эле,
Канчыктын тилин алдым – деп,
Баатыр аба сүйлөнбө,
Сизди капа кылып салдым – деп.
– Калкымда жаткан канчыктын,
Акмактын тилин аласың.
Билесиңби кысталак,
Мени бир катынча көрбөйсүң.
Он экиде жаш бала,
Ойрон кул сенден кем беле.
Этият болгун аттарга,
Колу-бутун бошотуп,
Коё берди чылбырды.
– Кызың менен кырыл – деп,
Кара пилди бек кармап,
Кылычы кында кыңгырап,
Кысталак канкор – деп,
Ала капыр бурганак,
Чакчелекей будуң чаң,
Аркырап жаткан Үргөнчкө,
Айбандар менен аралаш,
Эр Канчоро канетсин,
– Эгем таала колдо – деп,
Кыйшайып акты зыңгырап.
Канкордон кабар алыңыз:
Катын-кыз байкап караса,
Кеңирсиген дайрадан,
Келбеттүү Чүрөк өлчөсө,
Кенебеген эр неме,
Кечип келет Үргөнчтөн.
Кактелкиге камчы уруп,
Аркыратып келатат.
– Кабылан Манас колдо – деп,
Ишимди кудай оңдо – деп,
Баатырың келет болкуюп,
Кеңирсип аткан Үргөнчтөн,
Кечип келет зуңкуюп.
Эшик эндүү айбалта,
Эр неменин колунда.
Узүктөй үйөр муз келсе,
Кубат бергин кудай – деп,
Жара чаап келатат.
Агыны келсе аркырап,
Атымды алып кетет – деп,
Балбан тууган бадирек,
Балтыркан чапкан эмедей,
Таарый чаап талкалап,
Жаш карагай балапан,
Бутактары балактап.
Аркырап кирип келгенде,
Алмамбет, Чубак, кырк жайсаң!
Алда кандай иш болду,
Арбагыңда колдо! – деп,
Кологон эмедей,
Үч жеринен киргизбей,
Өзү чаап келатат.
Колдогону чоң экен,
Касиеттүү канкорго,
Айчүрөк жеңең байкаса,
Чоңсунган киши кор экен.
Көсөө куйрук көк дөбөт,
Кереттүү жеңең Айчүрөк,
Арстандын уулун байкаса,
Көт жагында келатат.
Кармай калчу немедей,
Кара чаар кабылан,
Капталында келатат.
Аркырап жаткан дайрадан,
Асманга алып кетчүдөй,
Алп кара куш зымырык,
Асман менен келатат.
Кабылан тууган канкордун,
Ажыдаар ак жылан,
Белине келип чырмалып,

Беш оролуп келатат.
Эки эгиз кызыл кыз,
Жанаша калып канкорго,
Жан жанында келатат.
Эми көрүп келген пенде жок,
Алда таала билбесе,
Көсөө куйрук көк дөбөт,
Агарып келген тыргооттон,
Алмамбеттин жолдошу,
Кара чаар кабылан,
Кан Чубактын жолдошу,
Алпкаракуш зымырык,
Атасы Манас жолдошу.
Ажыдаар ак жылан,
Шай колдогон кайран эр,
Периштелүү Семетей,
Ал өзүнүн жолдошу.
Эки түгөй кызыл көз,
Эмгегин тарткан жашынан,
Каракан кызы Каныкей,
Энесинин жолдошу.
Кайып уулу кырк чилтен,
Атасынан бабасын,
Колдогону чоң экен,
Касташкан душман кор экен.
Канкордун уулу Семетей,
Кантип жетет Үргөнчкө,
Найза бою чоң шарга,
Он эки кулач ак найза,
Кыса кармап кайран шер,
Агынын көздөй урду эле,
Кулач керип кетти эле.
Куйка тери курушуп,
Арстан тууган кайран эр,
Айбан суу менен урушуп.
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Аркыраган кысталак,
Кана мени ушерде,
Агызып кетчи көрөйүн.
Бура тартып болкуюп,
Туруп алды зоңкуюп.
Баш көтөрүп баатырың,
Маңдай жагын байкаса,
– Баатыр аба бат кеч – деп,
Каткырыгы баш жарып.
Абакелеп бакырып,
Буурул ат менен булкунтуп,
Эки буту салактап,
Эки көзү алактап,
Арак ичип мас болуп,
Абдан ылжып алгандай,
Оозу, мурду жалактап,
Маңдайда турат залактап.
Баатырдын уулу көргөндө,
Бармагын тиштеп баш чайкап,
– Ата жалган дүнүйө,
Эсер чочко акмак – деп.
Эмне жолдоп жатат – деп,
Ачууланып сүйлөнүп.
Акмак кул деп күүлөнүп,
Эми жөө чечен жүрөккө,
Акылга зирек түгөткө,
Келишимдүү Күлүстөн,
Намысымды кетирбей,
Айтышып калган турбайбы.
Тапан шорду салышып,
Тамандашкан турбайбы.
Ар уруу сөздү айтышып,
Амалдашкан турбайбы.
Намысымды кетирбей,
Айтышып калган турбайбы,
Маа эркелеп жаткан турбайбы.
Эркелигин байкабай,
Ачууланып сүйлөнүп,
Чоронун шагын сындырып,
Ачууланып күпүлдөп,

Мени кудай урган турбайбы.
Тура бер, жөн тура бер!
Кошомат кылба мага – деп,
Кокуй чунак унчукпа,
Жараткан кудай калкалап,
Аттарынын артынан,
Арстаның жүрүп калды эле.
Канкор көргөн кара таш,
Тuурасына барды эле.
Ар жагында кордойго,
Арстандын уулу кирерге,
Аркан бою калганда,
Баягы Чүрөк жеңеңе,
Манас, Бакай келгенде,
Берендин уулу бешикте,
Белгилүү сулуу бейбака,
Кырк чорону ээрчитип,
Куда болуп кеткенде.
Абасы Бакай кечкенде,
Көкала аттын агасы,
Көрүшүп кеткен көк чолок,
Айтайын десе тили жок.
Ар кимдин сүйгөн малы бар,
Айбандан артык жаныбар,
Кошкон экен эр Бакай.
Кечүүсүн таап берер – деп,
Токмоктоп тоссо болбоду,
Жара коюп качты эле.
Көт жагынан сай күлүк,
Кулктары сербеңдеп,
Көкүлдөрү эрбеңдеп,
Көк чолоктун артынан,
Чуркурап чубап түштү эле.
Кыя тартып көк чолок,
Кыз кечүүнү тапты эле.
Томсоруп канкор караса,
Токуму жетпес кечүү экен.
Колдогону бир кудай,
Кол бергени Кожосан,
Жөлөгөнү бир кудай,
Жол бергени Айкожоң,
Манастап ураан бакырып,
Ак эшен деп чакырып,
Арстандын уулу келатат.
– Жараткан жалгыз жан эгем,
Жалпы олуя кырк чилтен.
Периштелүү беренди,
Кенебеген канкорду,
Тушарына душманды,
Теңебеген канкорду,
Кеңирсип аткан дайрадан,
Кечирип чыктың Үргөнчтөн.
Баатырың чыкты кашатка,
Маңдайкы арал башатка.
Баатырың чыгат булкуюп,
Кактелки менен зыңкыйып.
Кабылан төрөң камчылап,
Булгары тердик, көк желдик,
Бурчунан суусу тамчылап.
Сырнайза колдо кайкайып,
Огору бутта чойкоюп.
Жеңилдик кылып кайран эр,
Жерге түшө калбастан,
Аколпок тонун жайбастан,
Карсылдатып кагынып,
Этек жеңин чамынып.
Жарактын баары жаркылдап,
Жакут айнек жалтылдап.
Эки буту шалайып,
Чолпондой көзү алайып,
Чоң неме чыкты алайып.
Батырону төшүндө,
Алты атары жанында,
Ак мылтыгы ийнинде,
Байрак булгап бакырып,
-Бачым жүргүн чочко – деп,
Каарданып кайран эр,
Канчоролоп чакырып,

Кара пилди жетелеп,
Кап, кан чычкыр оңбо – деп,
Күлчорого сүйлөндү.
– Алда таала сактады,
Бу арстандын уулу түгөнгүр,
Катынына мактанып,
Атка таңып сарпоочтоп,
Аркырап аткан Үргөнчкө,
Өлтүрүп сала жаздады.
Ишими кудай оңдоду,
Канчородой баласын,
Кан Чубак атам колдоду.
Канчоро чыкты түрлөнүп,
Айбандын баарын атектеп,
Айдап жүрдү шатектеп.
Катын, кыз көздөй бет алып,
Ногойдон чыккан сай күлүк,
Айдап жүрдү Канчоро.
Камандай болгон Күлчоро,
Каршы чыкты канкорго.
Бастырып келет делдейип,
Буурул ат менен сойкутуп.
Жаркыраган сулуу кул,
Жаактан чачы сербейип.
Күлчоро келди күүлөнүп,
– Алат күн баатыр койчу – деп,
Абасына сүйлөнүп.
Анда чоро кеп айтат,
– Баатыр жездем кантет – деп,
Балдыздар шылдың кылды – деп,
Кулуңду кудай урду – деп,
Кыздар уят кылды – деп.
Куйкаң менен курушуп,
Байрак булгап бакырып,
-Атымды айдап ийгин – деп,
Маңдайга туруп аласың.
Күлчороңду чакырып,
Каарданып каласың.
Бир кулак суудан жазганып,
Акмак кул деп күүлөнүп,
Атымды айдап ийбейт – деп,
Маңдайга туруп аласың.
Минтип жүрсөң абаке,
Кан Акундун шаарына,
Какылдаган зайбыңды,
Чүрөктү кантип аласың.
Кактелкидей күлүктөн,
Ай жаркын аба ойлочу,
Аркырап аткан дайрадан,
Канакей аба бу суудан,
Агып өлүп калганың.
Кана абакелеп өкүрүп,
Кана кармап калганым.
Оолукмаңды карматып,
Ойрон кул деп сүйлөнбө.
Ар ачууңду көтөрчү,
Аргын, ногой мында жок.
Бар жабууңду табуучу,
Бакай сындуу абаң жок,
Талас, Кең-Кол жериң жок.
Катыныңа мактанып,
Камандай болгон кулдарды,
Каптабагын жөнү жок.
Бу сөздү чоро айтканда,
– Безилдеген чунагым,
Бери келчи чырагым.
Катын, кызга мактанып,
Кантип айтам сени – деп.
Жаркыраган жарыгым,
Жаман көрбө мени – деп.
Ар акылга даанышман,
Аркы жеңең келатат.
Чыны менен күпүлдөп,
Кантип ботом Күлүстөн,
Ачууланам сени – деп.
Сыр алдырбай канчыкка,
Сурданамын сага – деп.
Айчүрөк жеңең келгенде,

Катынына мактанып,
Кана канкор кантет – деп,
Таарынбагын мага – деп.
Акшыйып айтып күүлөнүп,
Сага кошо сүйлөнүп,
Эми айтат арстан кептерин,
Күлчорого сөздөрүн.
– Айчүрөк жеңең келатат,
Кырк жөкөрүн ээрчитип.
Соорун салып сумсайып,
Он эки кундуз кемшет бөрк,
Оң чекеде кыйшайып.
Күлүмсүрөп кашкайып,
Акырын басып жоодурап,
Акылга мол бейбагың,
Аркардай көзү жоодурап.
Босого бойлуу бото көз,
Моймолжуган шуркуя,
Пери ургандай беттенип,
Көк жалды көрө койгондо,
Көбүк кардай эттенип.
Алкымы айдай көрүнүп,
Алда нече бөлүнүп.
Болумдуу кылган чоң ичик,
Буластата жамынып.
Этек-жеңин кагынып,
Эрине келди эркелеп.
Баатырдын уулун байкаса,
Каарданып сүйлөнүп,
Каптап кетер чоросун.
Канкордун уулу күүлөнүп,
– Өз атыңды мингенсип,
Өз тонуңду кийгенсип.
Өрөпкүп сүйлөп жинди кул,
Келин, кыздын ичине,
Кесирленип аласың,
Келбей жатып аласың.
Катын кызды көргөндө,
Каргыш тийген чунак кул,
Капа кылып кишини,
Кайгырбай жатып аласың.
Жолочу кызды жыясың,
Жолго саат кыласың.
Катын кызды чогултуп,
Акмак кылып кишини,
Аңдабай жатып аласың.
Минтип жүрсөң чунак кул,
Кактелкидей күлүктөн,
Агып өлүп мен калсам,
Күпүлдөп жаткан чоң суудан,
Сөөгүмдү кантип табасың.
Балалыгың койбосоң,
Моминтип жүрүп кишини,
Балакетке саласың.
Бойго жеткен кыз болсо,
Мойнуңду булгап аласың,
Болукшуп жатып аласың.
Эсине албай бир кепти,
Ээликмеңди карматып,
Эркелеп жатып аласың.
Шок шайтанды чогултуп,
Саат кылып саласың.
Же көтөртүп койгон үйүң жок,
Тоздуруп койгон бийиң жок,
Сойдуруп койгон бээң жок,
Оюн баштап чунак кул,
Оюңа албай кишини,
Ойноп жатып аласың.
Эрке асырап чоңойткон,
Ээликмелүү баласың.
Минтип жүрсөң чунактар,
Балакетке саласың.
Камандай бала кеп айтат:
-Айчүрөкө мактанып,
Ачууланба – деп айтат.
Катын-кызга мактанып,
Каптабагын жөнү жок,
Ушу сөздүн эби жок.

Кабылан күйөөң келет – деп,
Аба, катыныңа мактанып,
Кайсы жакка чабамын.
Аккан суунун боюнда,
Тааныбаган Ооганга,
Чоочун элге чокчоңдоп,
Үйүңдү кайдан табамын.
Бейбагыңа мактанып,
Бекзатың келет тыяктан,
Бээңди кайдан табамын.
Бий өлтүрүп жаткандай,
Бий олтуруп жаткандай,
Бийди кайдан кураймын,
Бийди кимден сураймын.
Кең-Кол, Талас жериң жок,
Бар ачууңду көтөрчү,
Пайгамбар сындуу бабаң жок,
Бакай сындуу абаң жок.
Катыныңа мактанып,
Каптабагын жөнү жок.
Чоро муну айтканда,
– Айтпадым беле бая эле,
Укпадың беле жана эле.
Кайнаган кара булагым,
Кагылайын чунагым,
Абаңдын айткан сөзүнө,
Таарынбагын чырагым.
Сыр алдырбай Чүрөккө,
Какшык сөз менен айтамын.
Чоросу менен кеңешип,
Чогулуп кыздар караса,
Чоюлуп жеңең ойлосо,
Чоң жездеси келатат.
Канкоруңду көргөндө,
– Катын, кыздар камын – деп,
Катуу шашты Айчүрөк.
Ой кыз, жөкөр көрдүңбү?
Тилегим кудай берди – деп,
Кан султандын баласы,
Кабылан жездең келди – деп,
Ат айдаган тээтиги,
Буттай темир курчанган,
Кыз келиндер көрдүңбү?
Кызыл өңүн сур чалган,
Сырбараң мылтык асынган,
Кара пилди жетелеп,
Каарданып келаткан,
Кабылан тууган жездеңдин,
Канчоросу ушу – деп.
Жалпы кыздар көрдүңбү?
Жаркыраган чунактын,
Жаштык кылып жазганбай,
Жанаша келе жатканын.
Кан жездеңди көрдүңбү?
Жеңилдик кылып Семетей,
Жерге түшө калбастан,
Ак тонун жайбастан,
Алтын кемер курчанган,
Балгыр беттүү, ак жүздүү,
Казандай суусар бөрк кийген,
Кылычы кында кылкыйган,
Кактелки минип зыңкыйган,
Асабасы калкылдап,
Жакут айнек салынган.
Жаш балдарга сүйлөнгөн,
Жаңкы жездең ушу – деп.
Ачуусу келип калган бейм,
Алыскы жерден жол тартып,
Азык-түлүк түгөнүп,
Арып-ачып калган бейм.
Арстан тууган чорого,
Ачууланып калган бейм.
Алдынан каршы чыгайын,
Абаңды тилге салайын.
Ачуусун жазып алайын.
Камандай болгон балдарды,
Мен калкалап калайын.
Безилдеген бейбагың,

Эми басты кымырап,
Басып калды зымырап.
Ирмегени билинбей,
Таманы жерге илинбей.
Жанагы абаң байкаса,
Жаркыраган бейбагы,
Жасалганы салынып,
Мунажат кылып кудайга,
Жыпардын баарын төгүнүп.
Буруксуган бейбагың,
Жаратканга жалынып,
Шойкомдуу оозу шок экен,
Жалганда мындай жок экен.
Кенебей канкор караса,
Келбеттүү сулуу шуркуя,
Келе жатат кымырап.
– Сырттан тууган канкорго,
Сыр алдырба түгөттөр.
Кыздарына шыбырап,
Күдөрүдөй былк этип,
Жанагы жеңең Чүрөктүн,
Жасалгасын байкасаң,
Келе жатат Айчүрөк,
Күчүк иттей шыңк этип,
Коңкорский көк кепич,
Кырым маасы зайпана,
Желим өтүк жез така,
Апкыты менен башына,
Алтын менен күмүштөн,
Алтымыш эки кураган.
Анжыяндын Сынжыбек,
– Ким ултарган муну? – деп,
Үшкүрүнүп олтуруп,
Үч которуп сураган.
Андай сулуу жеңеңдин,
Аягынан жарк этип,
Алтындан кылган чоң күрмө,
Аркалыгы жакуттан,
Ай далыда балк этип.
Алтындан каптуу чоң тумар,
Омуроодон жарк этип.,
Көкүрөктө салаңдап.
Көөхар менен жакуттан,
Кыял сала чаптырган.
Салоңдордун баарысын,
Сары алтындан express такtырган.
Аз келип кала тургансып,
Эки ийнине бейбагың,
Чыныдай жакут жаптырган.
Тебетейинин тышына,
Бир таласын шуркуя,
Атамдын аты Акун кан,
Өзүмдүн атым Айчүрөк,
Энемдин аты Алкакан,
Үч атты туура жаздырган.
Үч таласынын тышына,
Жалпы өткөн пайгамбар,
Жаасындарын жаздырган.
Перинин кызы бейбагың,
Болумдуу сулуу жөөт күң,
Боюна шайтан жолотпой,
Күн аптабы тийчүдөй,
Сары тиш болгон катындан,
Сары карын түгөттөн,
Төрт келенди чакырып,
Балага кылган кол чатыр,
Төрт келинге танабын,
Төрт жагынан тарттырып,
Салкындап басып келатат.
Көлөкө кармап башына,
Кыз келини кашына,
Чыбыка жоолук байлатып,
Чымын менен чиркейди,
Шыпылдатып айдатып,
Баатырыңдын алдына,
Баягы жеңең Айчүрөк,
Кыя тартып кылактап,
Кызыл тубар суп көйнөк,

Кынамалуу бешманттан,
Этеги чыгып булактап,
Баатырыңдын алдына,
Бала каздай бойпоюп,
Кыргоолдой мойну койкоюп,
Мелтиреген бейбагы,
Аркан бою алдына,
Басып келди чойкоюп.
Перiштелүү султаның,
Айчүрөк жеңең байкаса,
Бетине пенде чыдагыс,
Периште келет ийнине.
Жарагы баары шартылдап,
Жакут айнек калкылдап,
Сырнайзанын учунда,
Желеги келет делбиреп.
Карап Чүрөк байкаса,
Нечен түрдүү огу бар.
Каныкей жеңең бул жазган,
Арабчалап тил салган,
Ар неңкеси сүрдүү экен.
Желке чачы суюлуп,
Алда нече кубулуп,
Айбатына чыдабай,
Ысыгына бата албай,
Ойлонгон сөзүн айта албай,
Окшомдуу сулуу жеңеңер,
Бет алдынан байкаса,
Берендин жүзүн караса,
Кыдыр Насыр колдогон,
Ишин алда оңдогон.
Олуязада неме экен,
Ногойдон чыккан шер экен.
Абаңдын жайын байкаса,
Атасы Манас султандан,
Артылта тууган шер экен.
Үй айлана бергиче,
Атасынан баласы,
Үйдөй кара тал болгон,
Үч периште жар болгон,
Касташкан пенде кор болгон.
Атасынан бабасы,
Капыр менен мусулман,
Аким сурап чоң болгон,
Кан султандын баласы.
Безилдеген бейбагың,
Бет алып Чүрөк келе албай,
Айтар сөзүн унутуп,
Айнектей көзү жалтылдап,
Баатыр кирип келгенде,
Сүрдөп кетип Айчүрөк,
Ургаачылык курусун,
Улутунуп үшкүрүп,
Периштелүү арстанга,
Басалбай Чүрөк калтылдап.
Кайта Чүрөк эс ойлоп,
Кабыланга кеп айтат,
Эми Чүрөк сөз баштайт.
– Бой-бой, баатыр, арача,
Ачуу душман, акыл дос,
Ачууңду сурап келебиз,
Ачууңузду бериңиз.
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабыр кылгын султаным.
Кайсы жактан келесиз,
Куйкаңыз менен курушуп,
Куш жоготкон кишидей,
Кулдарың менен урушуп,
Эсен-аман болдуңбу?
Эсиңе мени алдыңбы?
Эсен төрөм келдиңби?
Сак саламат келдиңби?
Санааңа мени алдыңбы?
Кара-Буура Чаткалда,
Калың ногой аманбы?
Амандыкты сураган,
Алдыңда бейбак жаманбы?
Үч-Кошойдун бөксөдө,

Пайгамбар сындуу бабаңыз,
Барбы эсен абаңыз?
Капа болбо баатыр сен.
Капыр Чүрөк кантет – деп,
Ачууланбай угуңуз.
Чынкожо менен Толтойго,
Келбей жатат чамабыз.
Көргөнүм жок уккамын,
Качан келет төрөм – деп,
Кайгыңды тартып жүргөмүн.
Ак мүрөгүң эмизген,
Айбалта алып колойткон,
Алыскы шаарга чоңойткон,
Аргын ногой журтуңду,
Аким кылып билгизген.
Муңуңузду көп тартып,
Бууданыңды мингизген,
Аколпок тонун кийгизген,
Аккелте менен сырнайза,
Ар жабдыкты алгызган,
Атамдын ордун баскызган,
Ар акылга даанышман,
Асыл энең аманбы?
Береним төрөм падышам,
Жакамда кемшат кундузум,
Үйдө чолпон жылдызым.
Он сан ногой журтуңдун,
Ортосунда жалгызым,
Береним төрөм аманбы?
Башыма бүткөн маанайым,
Акырет кеткен атамдан,
Кудурет алда жасаган,
Жазыктуу бейбак Чүрөкө,
Жасап берген таалайым.
Айчүрөк жеңең айтканда,
Анда баатыр кеп айтат:
– Камандай балдар бат келчи,
Кан Акундун карысы,
Канчыктын айткан сөзүн көр.
Кудай урган турбайбы,
Тийип алган турбайбы.
Чынкожо, Толтой эр неме,
Камдап койгон эрин көр.
Какылдаган канчыктын,
Тийип алган шерин көр?
Эзелден берки эскисиң,
Эрден калган кескисиң.
Туурук таман сарысың,
Тарптан калган карысың.
Келин кызын ээрчиткен,
Кейбир жинди канчыксың.
Эчтемкени билбеген,
Эсер канчык экенсиң.
Эр издеген немече,
Эсер канчык экенсиң.
Жеке мени тозгонсуп,
Мага милдет оодарып,
Бул эмне дегениң,
Минтип бокту жегениң!
Жолоочу жолун тозосуң,
Жолго казан асасың.
Кербенчини тозосуң,
Керүүгө казан асасың.
Ногойдун баарын сурайсың,
Олуя болуп кеттиңби?
Манастын баарын айтасың,
Машайык болуп кеттиңби?
Комуз алып колуңа,
Бакшы болуп кеттиңби?
Картайганда эс ойлоп,
Жакшы болуп кеттиңби?
Же сени алып нетемин,
Кан Акундун төрүндө,
Карып калган канчыксың.
Картайып калган экенсиң,
Өзүңдү өзүң биле бер,
Чынкожо менен Толтойго,
Эки эриңе тие бер.

Ушу жерден кетемин,
Сиериңе жер таппай,
Тиериңе эр таппай,
Учкулук менен тыңгылык,
Учун жүрүп сыдырып.
Уяты жок долу күң,
Айтор ойдун баарысын,
Асман менен учупсуң.
Капыр Чүрөк учканың,
Каныкей, Бакай көп айтты,
Карыган канчык – деп айтты.
Кудай ургур экенсиң,
Кушумду берчи кетемин,
Сени алып нетемин.
Арстандын уулу айтканда,
Анда Чүрөк кеп баштайт:
-Ой катын, кыз кулак сал!
Алдыңдагы жезделдин,
Ачуусуна тиемин,
Ачуулусун билемин.
Күлбөгүлө кырк жөкөр,
Күйгүзүп айтып көрөйүн,
Баатырдын уулу Семетей,
Макул айттың бул сөздү.
Таптың майып жеримди,
Билгиздиң Толтой эримди.
Тийип алуучу мен эмес,
Тийчү эрим сен эмес.
Тосуп алчу мен эмес,
Тосуучу эрим сен эмес.
Оолукманды карматып,
Күрсүлдөбө жөнү жок,
Толтойдон башка эрим жок.
Өзүмдү өзүм билгемин,
Толтойду тосуп жүргөмүн.
Агарып келген чачым бар,
Отуз беште жашым бар.
Карысам да Толтойго,
Өзүм тийип аламын,
Калк куткарып саламын.
Каргыш тийгир экенсиң,
Карыган Чүрөк албасаң,
Калкыңа кайра бара кой.
Камандай кулуң ээрчитип,
Жалпы журтка жете кой.
Семетей өлдү дедирбей,
Жаш балдарың ээрчитип,
Элиңе эсен кете кой.
Жаңыртып куда боло кой,
Жашыраак Чүрөк ала кой.
Оолукманды карматпай,
Менин жайым сен айттың,
Көргөнүм жок мен бейбак,
Кан Акундун шаарынан,
Калкымдан жайың көп уктум.
Бура тартып Кең-Колдон,
Бууданың атаң өткөндө,
Сенин жөнүң уккамын.
Эки энеси ээрчитип,
Букарга тентип кетти – деп,
Кайра тартып Кең-Колдон,
Кабылан атаң өткөндө,
Каракандын шаарына,
Качып, тентип кетти – деп,
Жана Каракандын шаарына,
Качып кеткен сендейби.
Качан канкор келет – деп,
Кан Акундун төрүндө,
Картайып калган мендейби.
Каракандын шаарына,
Тентип кеткен сендейби.
Баатырдын уулу келет – деп,
Аккан суунун боюнан,
Аскер кызым чогултуп,
Тербелип тоскон мендейби.
Сенин жайың уккамын,
Эмгегин тартып энеси,
Азабын тартып апасы,

Алыскы шаарга чоңоюп,
Ат жалын тартып мингенде,
Аркы ногой көп журтун,
Аким сурап билгенде.
Кыйыгына тийгенде,
Кырк чоросун өлтүргөн,
Кылымда сендей жок деген.
Өзү оңолуп келгенде,
Өз атасын өлтүргөн,
Көмкөрө ногой журтумда,
Көөдөгү сендей жок деген.
Абыке, Көбөш агасы,
Катары менен кайсаган.
Ой кыз,келин күйөөңөр,
Кусуру урбай ошонун,
Кудай урган күйөөңөр,
Кантип ошол жашаган.
Ой кыз, келин турбаңар,
Кудай ургур турбайбы,
Карыган Чүрөк албайм – дейт,
Калкыма кайра кетем – дейт.
Мыкты Толтой эриме,
Эртерээк барып тиейин.
Эл куткарып аламын,
Карысам да мен бейбак,
Кан Толтойго тиемин,
Калк куткарып аламын.
Ачууланып тургудай,
Аргын ногой элиң жок,
Абакең Бакай мында жок.
Ойсуз киши экенсиң,
Ой кырк жөкөр кырылгыр,
Кырк аргымак миниңер!
Кыл торко тонуң кийиңер.
Кудай урган канкордун,
Кушун сурап келиңер.
Кейитпечи ушуну,
Кепилге суроо салыңар,
Табылса канкор шумкарын,
Алып келип бериңер.
Кушун таап сүйүнүп,
Калкыма бачым барсам – деп,
Элине шилен бердирип,
Нике кыйып той союп,
Айчүрөктү албаса,
Кудай ургур турбайбы.
Кушун катын кылып алсын – деп,
Жеңең Чүрөк айтканда,
Желке чачы суюлуп,
Жаагынан сары түк чыгып,
Жездей болуп саргарып,
Үшкүрүнүп ийгенде,
Оозунан шаркырап,
Жалкыны карыш жой болот.
Жанынан сууруп аларда,
Канкорду кудай урду – деп,
Камандай болгон Күлүстөн,
Айчүрөк менен төрөңдүн,
Жазыгы жок кайран эр,
Ортосуна келди эле.
Каарданып сүйлөнүп,
Каптады экөөн Күлчоро.
– Момундай көөдөк абамсың,
Буудандын оозун бурасың.
Кимдин кызын күрсүлдөп,
Ала элек туруп түгөнгүр,
Ачууланып турасың.
Кимибизди айтат – деп,
Кыздар шылдың кылбайбы,
Кудай бизди урбайбы.
Кой жеңетай сөзүңдү,
Укпаймын жеңе кебиңди.
Касиеттүү канкорду,
Капа кылып шериңди,
Чаптырдың Ооган элиңди.
Айтпадым беле бая эле,
Укпадың беле жана эле.
Арстан тууган абамдын,

Алуучу зайбы сен турсаң,
Кара көңүл канкордун,
Ар ишине жароочу,
Камандай кулу мен турсам,
Канаттуута той союп,
Канкорго алып бересиң.
Капа болбо абаке,
Какылдаган зайыбың,
Калыс сөзүм айтайын.
Кана жеңе Айчүрөк,
Бул эмне дегениң?
Минтип бокту жегениң.
Алыскы шаарга чоңоюп,
Кең ногойго келгенде,
Кең-Кол, Талас жерим – деп,
Он сан ногой элим – деп,
Чоң атасы Жакып кан,
Туйгун Манас султандын,
Тукумун үзүп салам – деп,
Тукум курут кылам – деп,
Ууну чылап бергенде,
Өз атасын өлтүрдү.
Сенин атаң Акунга,
Кай жерде наалат келтирди.
Буурулду үч жол тартканда,
Мында болбой турганда,
Эки агасын өлтүрдү.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Ай Айчүрөк жеңетай,
Кай жерде наалат келтирди.
Адаштырып эриңди,
Ала качып келипсиң,
Бирөөгө кушун берипсиң,
Шумкардын көзүн жоготпо,
Шумкардын көзүн жоготсоң,
Керт башы эмес кушунун,
Текебер болуп кетпесе,
Теңирим ишти оңдосо,
Аяк жагын байкасаң,
Алтымыш эки кураган,
Алтындан соккон боосу бар,
Алтымыш Чүрөк доосу бар.
Болжолу жок шумкардын,
Боосуна сени теңебейм.
Ашкере айтчы чунак – деп,
Айткан ширин сөзүңө,
Айнектей болгон көзүңө,
Алдында арстан абаңдын,
Айлансын абаң өзүңө.
Байкады жеңең Айчүрөк,
Макул алсын бул сөздү.
Кабылан жолборс айтканда,
Анда Чүрөк кеп айтат:
-Атамдын уулу тура тур,
Азырак аял кыла тур.
Эр Толтой менен бет алсак,
Калкыңдан келген Чынкожо,
Асман менен ок атып,
Айланды ошол кетирер.
Эрдигиңди көрөрмүн,
Сизди утурлап тосконум.
Чоң дайранын жакасы,
Мына бу турган жаш бала,
Күлчоронун аркасы.
Төмөнтөн чыккан бөөдө экен,
Чоролугу болбосо,
Баатыр сенден өйдө экен.
Жайнаган кызыл чок экен,
Жаштык жайы болбосо,
Бейледиң беле мунунду ой,
Пендеде мындай жок экен.
Бери бастыр баатыр – деп,
Эми айтамын сырымды,
Семетей жездең келет – деп,
Бээ сойдуруп тургамын.
Аш тамагын ичсин – деп,
Алдыңдагы Айчүрөк,
Анан кийин айтам – деп,

Арстаныңды түшүрүп,
Ат жетеле кыз-келин.
Канчоро менен Күлчоро,
Семетей менен Айчүрөк,
Бул төртөө басты артынан,
Алдына басты кыз жөкөр.
Аш тамагын жайнатып,
Тубардан кылган дасторкон,
Туурасынан жайдырып.
Батнуска бал салып,
Кертип-кертип дан салып.
Акылайга койдуруп,
Аш тамагын жайнатып.
От ордундай саамордон,
Онду, бешти кайнатып,
Катын, кызга куйдуруп,
Калыйманга сундуруп,
Сугатына бал берип,
Суусунуна чай берип,
Тамам тамак бердирип,
Ачкыл жандуу түгөнгүр,
Алача моюн көөкөрдү,
Каргыттаган испиртти,
Акылайга куйдуруп.
Күмүштөн кылган ыстыкан,
Калыйманга сундуруп.
Арак ичип мас болуп,
Айкалышып калды эле.
Арыз,арманын айтышып,
Чайкалышып калды эле.
Анда Чүрөк кеп баштайт:
– Ой кыз, келин зерикпе!
Күүгүм кирсин, күн батсын,
Элдин асты жуп жатсын,
Ай шашке болгондо,
Табышын элге билгизбей,
Шарпын журтка билгизбей,
Жашырын алып барайын.
Дарбазалуу коргонго,
Бек бекитип салайын.
Канкордун уулу жок дейм,
Таппай келдим Таластан,
Кең-Кол,Талас жеринде,
Ойрондун уулу жок экен.
Таппай келдим ташыркап,
Так ушундай жооп айтып,
Айдатып калың жесин – деп,
Тозогун тартпай Толтойго,
Эртерээк кармап берсин – деп.
Канкордун уулун таппадым,
Эмгегин тартпай Чүрөктү,
Эртерээк кармап берсин – деп.
Жаркыраган жаш балдар,
Бой сергитип алгыча,
Ат өргүтүп алгыча,
Чынкожо менен Толтойго,
Жарай турган болгуча,
Кабагын бүркөп кумсарып,
Капыр жөөт суйсалып,
Канкорду таппай келдим – деп,
Жатып алам сумсайып.
Кепке камап канкорду,
Кепке кармайм эми – деп,
Кана бала Семетей,
Көкүрөгүң соо болсо,
Көзүңдү ачып тыңдап ук.
Кеп айтайын сага –деп,
Күбө турат Күлчоро,
Айгагым турат Канчоро,
Алкышы болгон жаш балдар,
Өтүрүк айтсам өлтүргүн,
Жалган айтсам жарып сал.
Кулагың сал мага – деп,
Менден чыгат сонун кеп.
Качан келдиң Таластан?
Карып калган кызды издеп,
Келипсиң баатыр Кең-Колдон,
Качырып ийген кушту издеп.

Качан келдиң ногойдон?
Жоболоңдуу кызды издеп,
Келипсиң баатыр Таластан,
Жоготуп ийген кызды издеп.
Он сан ногой журтунда,
Оолукмаңды билгемин,
Отуз бешке чыккыча,
Он эки пирге кол берген,
О дүйнө кеткен атамдын,
Ороюн сыйлап жүргөмүн.
Алты капка ногойдо,
Ачуулуңду билгемин.
А дүйнө кеткен атамы,
Алтымыш пирге кол берген,
Арбагын сыйлап жүргөмүн.
Сага кары кыз атыгып,
Чынкожо, Толтой дартынан,
Алкакандай энеме,
Акун кандай атама,
Пери ойногон жеринен,
Кайкынын сары белинен,
Перинин кызы тууп кеткен,
Таап алган талаадан,
Асыранды кыз болдум.
Атакең куда болуптур,
Алдында бейбак Айчүрөк,
Картайганда туш болдум.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Арага салып абамды,
Ашыкпайын Толтой – деп,
Ак үйдө жатсам бүтө албайм,
Алтымыш күн сүлүктү,
Чынкожо менен Толтойдон,
Ашыкпай жатсын күйөө  – деп,
Акмак кылып Толтойду,
Кейип ыйлап буркурап,
Келбей койду канкор – деп,
Атасы султан арстандан,
Артылта салган шерби – деп,
Акылга кем көрбү – деп,
Мен учкамын сени издеп.
Кеп кийип учуп кеткемин,
Кан Акундун шаарынан,
Канкорду таап келем – деп.
Айчүрөк кебим алгамын,
Ак була капка салгамын.
Аккуу кебин кийгемин,
Обого чыктым зымырап,
Жылдызга чыктым жымырап.
Он эки куйрук он чалгын,
Карыгыча келбеген,
Канкордун уулу кайда? – деп,
Бирин койбой тарадым,
Он сегиз миң ааламды,
Учуп жүрүп карадым.
Ак тасма кайыш сыдырдым,
Анжыян менен Колопту,
Учмактуу Бээжин, чоң Кулжа,
Айтор ойдун баарысын,
Учуп жүрүп кыдырдым.
Учканым токсон күн болду,
Учуп жүрүп эр сынап,
Ушу турган бейбагын,
Уккандарга дүң болдум.
Туураны көздөй бет алдым,
Айры сакал Сынжыбек,
Анжыян менен Букарды,
Аралай учуп карасам,
Төрт булуңдуу тамы бар,
Төгөрөк бышкан наны бар.
Көк кепичин тепейткен,
Абайлап турсам жылдыздан,
Бештен жоолук курчанган,
Төбөсүнөн байкасам,
Төшүнүн баары жүн экен.
Бу жарабайт Толтойго,
Асманда туруп ыйладым.
Атамын уулу кайда? – деп,

Анда сени кыйбадым.
Бели катуу шер деген,
Чамбыл белди жайлаган,
Жал куйругун байлаган,
Түгөнүп калсын ошону
Түрк элинен чыккан дейт,
Элеман байдын эр Төштүк,
Муну сынап алам – деп,
Буга бардым зымырап.
Шойкомдуу оозу шок экен,
Мында Төштүк жок экен.
Какылдаган мен бейбак,
Канкорум сени табалбай,
Кашкарды көздөй бет алдым.
Кең Кашкардын ар жагы,
Кебез-Тоонун бер жагы,
Алпаймат менен Көккоён,
Аны барып сынадым.
Ал карабай Толтойго,
Анда сени кыйбадым,
Ободо жүрүп ыйладым.
О дүйнө кеткен атаңдын,
Үрөйүн минтип сыйладым.
Бери карай бет алдым,
Безилдеп ыйлап мен бейбак,
Эсиңде барбы Семетей,
Эки Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган.
Эр Үрбүнү сынадың,
Бул жарабайт Толтойго,
Мында сени кыйбадым.
Издедим сени табалбай,
Иле бойлоп учкамын.
Бура тартып баргамын.
Мусайык кандын Музбурчак,
Муну барып сынадым,
Бул жарабайт Толтойго.
Андан учуп алгамын,
Агыш менен Кожошту,
Асмандан барып сынадым.
Бул жарабайт Толтойго,
Боо ыраазы болбодум.
Ырамандын Ырчы уулу,
Бапиги кырк мууну,
Шайыдан топу чоктуулу,
Ногойдун уулу кең Бөрү,
Экөөнү катар сынадым,
Бул жарабайт Толтойго.
Мындан кайра учкамын,
Кыздалай деген бир дөөнү,
Кырыман сынап алгамын.
Кызча күчү жок экен,
Бул жарабайт Толтойго.
Агалай деген бир дөөнү,
Айлы үстүнөн сынадым.
Атча күчү жок экен,
Ал жарабайт Толтойго.
Андан учтум зымырап,
Көмкөрүлгөн Көкдөөнү,
Көч үстүнөн байкасам,
Бу жарабайт Толтойго.
Мындан кайра учкамын.
Киндиги болот Китеналп,
Бир кулагын төшөнгөн,
Бир кулагын жамынган.
Пилди минген чоюн алп,
Эң кенжеси Менкуш алп,
Үч алпты катар сынадым.
Бу жарабайт Толтойго,
Боо ыраазы болбодум.
Беренім сени табалбай,
Көргөнүм жок чочкону,
Кабарын уктум калмактын,
Алданын салган иши экен,
Кан атасын жай кылган,
Чоң чочко кандай киши экен.
Беренім сени табалбай,
Бээжинди көздөй бет алдым.

Бээжинди качан сен көрдүң,
Семетей сенин дартыңан,
Учуп барып мен көрдүм.
Учмактуу Бээжин, кыл Эртиш,
Жакында жетер жер эмес.
Эсим чыкты чочкодон,
Эрегишер эр эмес,
Эрдиги сенден кем эмес.
Көлөкөлөп көрүнгөн,
Көздөн чыгып бөлүнгөн,
Чоң Бээжин деген шаар экен.
Он эки капка оозу бар,
Сепили бийик зоо экен,
Асман сымак тоо экен.
Ободон туруп байкасам,
Чоюндан экен капкасы,
Ар жумада бир ачкан,
Асмандан туруп ойлосом,
Илгичтетип тарттырган,
Ачып жаап тургань,
Алтымыш качыр, кырк пил – деп,
Кылымга толгон кытайдан,
Кыдырып учуп таппадым.
Качан канкор келет – деп,
Кан Акун төрүн сактадым.
Чоң чочкосу кайда? – деп,
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Эң улуусу Ороккыр,
Нескара, Жолой эки кан,
Мында издеп таппадым.
Кара суу көздөй бет алып,
Жылас манжу бул чочко,
Жылкысында болбосун,
Жылкыга келдим жымырап,
Асманда турдум кымырап
Боз торгой киймим киемин,
Ободо турдум быжырап.
Үч бөлөк экен жылкысы,
Сууга кирип турганда,
Билектери сурмалуу,
Кулактары сырдалуу,
Кулунтайы сур жылкы,
Сууга кирип турганда,
Буркурап ыйлап ийгемин.
Көрбөсөм да уккамын,
Атасынын жылкысы,
Куландан салган деп уктум.
Айгыры сурдан дечү эле,
Канкордун уулун өлтүрүп,
Жылкысын тийип алганбы?
Беренинен ажырап,
Бейпайды кудай урганбы.
Орто жолду байкасам,
Көкчөкөздүн жылкысын,
Көңтөрө тийип алыптыр.
Кыр ылдый шорголоп,
Баары түгөл жорголоп,
Чыйырчыктай сарала,
Чыпка куйрук карала,
Баары өңчөй жаныбар,
Башайыдай сарала.
Алкым жолду карасам,
Өз жылкысы чочконун,
Кара тору көп жылкы,
Жайнап келе жатыптыр.
Сок билектей чачы бар,
Сокудай болгон башы бар,
Кара олпок кийген бир калмак,
Он эки кечил жөлөгөн,
Кабылан келе жаткань.
Жолум үйгө түшкөндө,
Жылкычынын башчысы,
Карагул чочко бул экен.
Кулу мынча сөөлөттүү,
Акыл айтса пайда – деп,
Чоң чочко кайда – деп,
Ободо турдум зерикпей,
Карап турдум эрикпей.

Чоң казанды асышып,
Камандын этин кайнатып,
Түштүгүнө ойлосом,
Он эки каман аттырып,
Калмактын баары кайлашып,
Чоң чочко кайдан келет – деп,
Чоң токойду бет алсам,
Токойдон чыкты үч киши.
Алооке кандын үч уулу,
Кытайдан алган зайбынан,
Алтын күрмө кийишип,
Борончу менен Бозкелте,
Алдына өттү агасы.
Калмактан алган зайбынан,
Камандай болгон бай Коңур,
Кебез өтүк, кендир кур,
Кечилдин уулу бай Коңур.
Кечүүдөн көрдүм калчаны,
Саа кары кыз атыгып,
Сынабадым канчаны.
Чоюн бутка чокунуп,
Алгара атын токунуп,
Көрүп турсам жабдыгы,
Калмак ээрин караса,
Алдынкы жагы карк алтын,
Көткү жагы чылк күмүш,
Көмөлдүрүк сом алтын,
Куюшканы куйма алтын.
Үзөңгүнүн таманы,
Бурма тагып өгөткөн,
Бут чак келбес сом алтын.
Бут башында жаркырап,
Очогор кара замбирек,
Асынып алып бадирек.
Алгара менен булкунтуп,
Асабасы балкылдап,
Алтындан кылган чоң күрмө,
Ай далыда балкылдап.
Темингиси телпилдеп,
Тебетейи шалпылдап.
Аяктай болгон жакут таш,
Төбөсүндө жаркылдап.
Сок билектей кара чач,
Май соорудa балкылдап.
Алтын чачпак жаркылдап,
Көрсөң чочко бул эмес,
Көөкөр сындуу чоң көпсөр,
Көт жагында шалпылдап.
Күмүштөн соккон чоң кисе,
Жакут менен жаптырган,
Жамбашында шартылдап,
Көз айнеги калкылдап,
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар,
Абайлап турсам асмандан,
Алтымыш үчтө жашы бар.
Кулактары калкандай,
Кирпиктери чочконун,
Бөксөгө чыккан чалкандай.
Сол чыйратып мурутун,
Кулагына алты ороп.
Андан ашкан учтары,
Үзүлүп түшкөн аркандай.
Мурундары бөрүдөй,
Каш кабактын ортосу,
Буудайдын ачкан ороодой.
Сакалдары чочконун,
Жаңы кырккан токойдой.
Үстүнкү ээрди эп келбейт,
Кымтып койгон чоюндай.
Мурутун ак чала элек,
Сакалдарын карасам,
Көк ала чалып калыптыр.
Айдары ак болорго,
Аз эле жыл калыптыр.
Алгарадан эңкейсе,
Карап турсам калчаны,
Жакасы алтын жез барак,

Жакасынын кундузу,
Кайырма жака салдырган.
Алтымыш кундуз миң тарак,
Балдыр-булдур сөзү бар,
Балбылдаган көзү бар.
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар,
Алтымыш үчтө жашы бар.
Алгарадан эңкейди,
Алты солон алдына,
Кечилдин баары жүгүнүп,
Өбөк боло калды эле.
Аягын жерге тийгизбей,
Жөлөк боло калды эле.
Көк олпогун салышып,
Көтөрүп алып жөнөдү.
Келишимдүү калчага,
Келинден бетер жүгүнүп,
Таазим кылып кырк жайсаң,
Кыр мурундуу бай Коңур,
Мис чакага салышып,
Камандын этин койду эле,
Өөгүн бүркүп ийди эле.
Алты булкак арагын,
Суусунуна ичти эле,
Алымсынбай турду эле.
Бээжинден чыккан шер экен,
Сенин атаң падыша,
Өлтүрөрү эп экен.
Бейлеп турсам чоң манжу,
Өзү капыр болбосо,
Тийип алчу неме экен.
Тийерин тийип алармын,
Дини кара чочконун,
Тилин кайдан билемин.
Жеген ашы бул болсо,
Ичкен ашы бул болсо,
Жийиркенип тургамын.
Кан Акундун карысы,
Капырга тийди дээр бекен.
Калмакка тийсем карарып,
Күнөөкөр болуп кудайга,
Динге окус кетирип,
Жүзү кара болормун.
Кара башын жээр бекен,
Чоң чочкону багышкан.
Алты ай аким сураган,
Атаман бүткөн баласын,
Кантип кыям калмакка.
Жаңжуңдун кызы Бирмыскал,
Эсенкан кызы Бурулча,
Аким сурап атасы,
Олуязаада шер экен.
Байкоңурду багынткан,
Асманда туруп ыйладым,
А дүйнө кеткен атамдын,
Арбагын артык сыйладым,
Анда сени кыйбадым.
Алтын сайлуу зор канжа,
Алачыктай чоң калча,
Асыл таштан кынама,
Байкап көрдүм канчалык.
Шуру бермет чөгөргөн,
Баары ушундай кынама.
Карагулга сунду эле,
Кара курдун тамеки,
Кагып согуп урду эле.
Канагат болбой турду эле.
Бер жагында боз калмак,
Жалпаңдаган бир кечил,
Ак куржунда тамеки,
Алып келип урду эле.
Бер жагында бир манжу,
Көк олпок кийип булкуюп,
Көк куржунда тамеки,
Көңтөрө кармап урду эле.
Алты куржун тамеки,
Илебине келди эле.

Коросон оттук түйүн таш,
Кырып алып чоң манжу,
Койдой болгон көк кууну,
Чокусуна койду эле.
Куу-муусу менен канжасы,
Боор көпмө болду эле.
Келишимдүү чоң манжу,
Купулума толду эле.
Кор дедире сорду эле,
Коё берсе түтүнү,
Кол ыштыктай бур деди.
Түтүндөн үркүп көп жылкы,
Ийриле түшүп чуркурап,
Балапанын табалбай,
Уясынан адашып,
Чымчыктын баары чыркырап,
Сынап турдум калчаны,
Бүткөн боюм дүркүрөп.
Тамам тартып болду эле,
Дарт дедире кекирсе,
Кара туман жакага,
Калың уюп калды эле.
Кагып ийсе канжаны,
Короо ордундай кызыл чок,
Жайнап жатып калды эле.
Динсизинен кайткамын,
Ушуну аким сураган,
Кан султан атам баласы,
Кабылан канкор кайда? – деп,
Асман менен жүргөмүн.
Муздак менен жылуунун,
Думугуп өлүп кетем – деп,
Эңиштеп учуп эңкейип,
Булут менен аралаш,
Буркурап учуп алгамын.
Алты шаарды аралап,
Азабыңды тарткамын.
Атамын уулу кайда? – деп,
Адашып учуп калгамын.
Улабасты эңкейип,
Кош-Каркыра, Куру-Сай,
Катары менен өткөмүн.
Былчакайды баскамын,
Кызыл-Кыя ашкамын.
Чет кароолу калчанын,
Жерге-Талды жердеген,
Бели катуу эр деген.
Кырымдын уулу Мурадыл,
Он миллион колу бар,
Ошону сынап тургамын.
Кара сууну уюткан,
Өзү жайчы кул экен.
Жүрөгү тайкы ит экен.
Бу жарабайт Толтойго,
Боо ыраазы болбодум,
Мында сени кыйбадым.
Тасма бойлоп кымырап,
Мусулман адам жердесе,
Эңиштеп учуп байкасам
Жылтыркандуу шыбагы,
Ырысы тирүү гүл экен.
Эки жагын байкасам,
Башынан ылдый куюлат,
Жыргалаң, Түп булагы.
Башынан ылдый суу кирген,
Аягынан акпаган,
Күңгөйдөн куят миң булак,
Тескейден куят миң булак,
Жер соорусу Ысык-Көл,
Канча жерден өйдө экен,
Ташып кайнап кетпеген.
Маралдарын карасам,
Мала кашка инектей.
Түлкүсү түздө ойногон,
Бөксөрүп ылдый түшпөгөн.
Шарпылдай аккан табышы,
Четинде сары камышы.
Калмак жердеп калыптыр,

Ак куйрук деген калмак бар.
Мусулман адам жердесе,
Ырысы тышка чыкпаган,
Бооруна тартчу кол экен.
Коңур-Өлөң ашкамын,
Өзөн бойлоп учкамын.
Туйгунум сени табалбай,
Кең Нарындын капчыгай,
Кымыраңдап өткөмүн.
Чеч-Дөбөгө жеткемин,
Шайыгына сыйынып,
Зыярат кылып алгамын.
Байланып калган базардын,
Көргөнүм жок уккамын,
Багын ачкан Кошойдун,
Батасынан бүткөнсүң.
Баатыр Кошой колдо – деп,
Атамын уулун табалбай,
Азабын тартып жүргөм – деп,
Коргонуна баргамын.
Арбагы кирип түшүмө,
Кең-Кол, Талас жериңди,
Он сан ногой элиңди,
Ободон туруп байкасам,
Кан Кожомдон бата алган,
Башында ногой аталган.
Көктөн туруп байкасам,
Көчмөндүү кыргыз журту экен.
Кара-Буура, Чаткалда,
Калың кыргыз айлыңды,
Ал көргөнүм чын бекен?
Асман менен келгемин,
Айлыңды сынап тургамын.
Маткалышта көп айыл,
Абыкенин айлы экен.
Ал көргөнүм чын бекен?
Алкымдагы боз айыл,
Аны көрүп алгамын,
Абакеңдин айлы экен.
Берки четки боз айыл,
Боолголоп карасам,
Босоголуу боз үйдө,
Ногойдон чыккан сай күлүк,
Кермеге байлап салыпсың.
Ардактаган бууданды,
Ак үртүгүн жаптырып,
Сыр мамыга алып келип,
Чачыкей чыкты чалкалап.
Эки чоро бек байлап,
Чалкалаган сулууңдун,
Асмандан туруп байкасам,
Окчунураак бута атым,
Дөбөдөй болгон чоң ак үй,
Асмандан туруп көргөмүн.
Атакеңдин үйү экен.
Эки чоро ээрчитип,
Ат тарттырып элиңе,
Кокондун кара тон менен,
Корсоңдоп басып жүргөндө,
Асмандан көрүп өзүңдү,
Абдан жактырып алгамын.
Көп айтпаса билбеген,
Энөөлүгүң билгемин.
Эрдигиңди көргөмүн,
Ойсузуңду билгемин.
Тоодой болгон Толтойго,
Томуктай чунак жарайт – деп,
Ойрон кул үчүн жүргөмүн.
Айчүрөк кебим кийсем – деп,
Атамдын уулу арстанга,
Канкорго эми тийсем – деп,
Басып келсем баатырга,
Тууганы таба кылат – деп,
Душманы уят кылат – деп,
Кесиреттүү Чүрөгү,
Кейбир жинди турбайбы.
Кан атамдын баласы,
Канкорум уят кылат – деп,

Кең-Кол бойлой учкамын.
Боз-Мурундун алдында,
Таластын маңдай жагында,
Кара-Суунун кашатка,
Атакеңдин кабырын,
Баткалыштан көргөмүн.
Салаңдап ыйлап сарайга,
Күмбөзгө келдим кийинип.
Сүрөтүн көрүп коём – деп,
Ар кимдерден көп уктум,
Акылга мол энекем,
Сарайга тартып койдурган,
Сүрөтү бар деп уктум.
Кесири саа тиет – деп,
Сактадым сенин өзүңдү.
Асыл ата колдо – деп,
Бек жүгүнүп тургамын.
Зыярат кылып күмбөзгө,
Арбагын сыйынып,
Кайра басып калгамын.
Ыраак чыккан талы бар,
Чынарын басып келгемин.
Чынары мунар болуптур,
Чырпыгы чынар болуптур.
Көрбөй койду дейсиңби,
Катын жандуу канкорсуң,
Эсер долу Чачыңды,
Эрке асырап коюпсуң.
Күн асмандан тийгенде,
Боюн сууга салсын – деп,
Эт сергитип алсын – деп,
Көл токтотуп салыпсың.
Уй сайгактап саялап,
Сийип, чычып коёт – деп,
Тышынан короо карматкан.
Жылан суулап коёт – деп,
Зайбыма каары кетет – деп,
Тышынан уу тарттырып,
Керетимде билгемин.
Арманымды айтууга,
Арсызды тосуп тургамын.
Жыйырма келин алдында,
Жан жөкөрү келди эле.
Кыя тартып кыйкайып,
Кыздан бетер суйкайып,
Алма моюн, марал баш,
Канкордун зайбы ушу – деп,
Арманымды айтууга,
Мен сулуумун дебеймин,
Ырысымды жебеймин.
Сумсайып бейбак байкасам,
Шимек күчүк телки баш,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Келбети сулуу кең экен.
Сулуулугу курусун,
Шилтеген бутун бейбагың,
Жыйнап тартып алууга,
Жылас чачы эринип,
Тушума туура келгенде,
Апакелеп айланып,
Эжекелеп жалынып,
Каршы чыктым какылдап.
Касам берип зайбыңа,
Азыр арманымды айткамын.
Айланайын апа – деп,
Кагылайын эже – деп,
Токсон күнү жөө басып,
Узун боюм пас болду,
Кызыл өңүм саз болду.
Багалчагым майышып,
Согончогум мөлтүрөп,
Талаага чыгып тентиреп,
Калың ногой көп журтун,
Кайда экенин биле албай,
Айлыңы таппай мен шордуу,
Араң таптым Таласты.
Кан Акундун шаарына,
Кыргын салып элиме,

Кызын олжо кылам – деп,
Чынкожо, Толтой эр неме,
Камап атат элимди.
Семетейге тиейин,
Баатыр күйөөң барсын – деп,
Намысын алып берсин – деп,
Катыныңа какшасам,
Айланайын эжеке,
Алдыңан кыя өтпөйүн,
Аркаңан айбат айтпайын,
Атамдын уулу падыша,
Алты күнү саа жатсын,
Анда-санда маа жатсын.
Эптеп-септеп маа жатсын,
Жети күнү саа жатсын.
Жетпеген жерде маа жатсын,
Касам берип каргансам,
Этеги менен чапты эле.
Катыныңдын айтканын,
Кантип айтпай коёюн,
Жеңи менен какты эле
– Кайдан келген какмарсың,
Маа тийчү перисиңби,
Какшаал ары кеткин – деп,
Катының туруп кеп айтты,
Карып калган канчыксың,
Перинин кызы бейбаксың.
Жинди какмар экенсиң,
Алыскы жерде канкордун,
Акун деген кайны жок,
Сүйлөбөгүн дайны жок.
Касиеттүү төрөмдүн,
Менден башка зайбы жок.
Кылчайбай басып кеткенде,
Каршыктым катуу сөзүнө.
Алып кел какмар колунду,
Каргансам тилим албадың.
Касам берсем ишенбей,
Кары-кары дей бердиң,
Пери-пери дей бердиң.
Ала-Көлдүн сазынан,
Азгырбасам эриңди,
Ала кайыр түшүрүп,
Кары дебе Чүрөктү.
Катыныңа айткамын,
Кары десең Чүрөктү,
Санатта жок иш кылып,
Салсамбы быйыл дүмөктү.
Эриңдин кушун албасам,
Артыман келсе Семетей,
Канкордон касам албасам.
Салынды кылып салбасам,
Салбар кылып койбосом,
Карыгыча күйөйүн,
Убадама жетпесем,
Акун канга тиейин!
Бу кылганың чын беле,
Арабчалап тил окуп,
Сыйкыр дуба ургамын.
Бетине дуба тийгенде,
Бегирээк дуба барганда,
Чалкасынан кеткенде,
Жеңем талып калды – деп,
Жыйырма келин чуркурап,
Жыйынга кабар бергенде,
Көшөкөр экен көп ногой,
Баары келди чуркурап.
Кайдан бала сен келдиң?
Кушуңду кудай берер – деп,
Кубулжуп учуп мен жүрдүм.
Ак сакалдан ийменбей,
Калайыктан жазганбай,
Катының өлүп кетчүдөй,
Эмне болуп кетти – деп,
Жаш балдарың чаптырдың.
Бачым алып келгин – деп,
Алчагай мүйүз ак эркеч,
Ак эркечти чалдырып,

Алтымышта кемпирге,
Ал кылганың чын беле.
Өпкөсүн сууруп чаптырып,
Көтөртүп алып көөдөксүң,
Чоң үйгө алып баргансың.
Чоролоруң чакырып,
Жылкыны көздөй чаптырып,
Акырет кеткен атамдын,
Жалпы журтун чогултуп,
Элиңе шилен бердирдиң.
Баабединге чалдырып,
Жалпы молдо чуркурап,
Күйүнтөйүн Семетей,
Жаасын окуп көп молдо,
Алы жетпей турганда,
Айкожом келип жандырган.
Каргыш тийгир экенсиң,
Катын жандуу төрөмсүң.
Катыным айыгып калды – деп,
Калкыңдан бата алгансың.
Беренім кайдан сен билдиң,
Кушун кудай берсе – деп,
Зымырап учуп мен жүрдүм.
Айчүрөктүн келгенин,
Айлыңдан укпай сен жүрдүң.
Чалкалаган Чачыкей,
Алда нече токмоктоп,
Айттыра албай койдуңбу?
Каарданган бейбакты,
Карганып кеткен Чүрөктү,
Кантип айтсын,
Алыста сууну бурганда,
Чалкалаган Чачыңды,
Чачтан сүйрөп урганда,
Арача бербей чунак кул,
Энекең келсе болбодуң.
– Алат күн балам койгун – деп,
Касиеттүү канкордун,
Каргап шилеп каргайт – деп,
Абамдын кушун айтпайт – деп,
Кабыргасын сөгөм – деп,
Коё бергин кан абам,
Камандай чоро урганда,
Кан жөткүртүп салганда,
Асмандан көрдүм абайлап,
Камандай болгон чороңду,
Бек жактырып мен шордуу,
Чала болот бейбак – деп,
Табам каньп сүйүнүп,
Кылчайбай жүрө бергемин.
Кан жөткүртүп урса да,
Айтпай койду бейбагың.
Көөдөгүңдү билгемин,
Дүпкүргө тайган жойлотуп,
Кара сууну бойлотуп,
Камандай болгон балдарды,
Ээрчитип чыктың ойнотуп.
Жаныңда Чүрөк жүргөнүн,
Кайдан билдиң Семетей?
Кушунду кудай берер – деп,
Ээрчий учуп мен жүрдүм.
Эртеден кечке салдың – деп,
Эриккениң жаздың – деп,
Эр Семетей аба – деп,
Келе кушту мага – деп,
Кушуңду колго бергенсиң.
Эрмек кылып жүрөм – деп,
Ээрчип жүрдүң балдарды.
Ак була болуп чоюлуп,
Алдыңдан каршы мен бейбак,
Түлкүдөй болуп булайып,
Жаттым бейбак булайып.
Байрак булгап бакырдың,
Момуну бачым алгын – деп,
Атам султан өткөндө,
Бул айтканың чын беле.
Мойнуңа салып берейин,
Күбөм турат Күлчоро,

Айгагым турат жанында.
Абаңа айтчы Күлүстөн!
Абыке,Көбөш арамдар,
Булайтып кийип салыптыр.
Экөөңө олпок болот – деп,
Капыр Чүрөк өзү – деп,
Камтый кармап Күлчороң,
Бөксөдөгү ак ийин,
Капшыра тээп ийинге,
Казандай болгон кара таш,
Оозума каптай койгондо,
Туюктанчу мен эмес.
Ак түтүн болуп созулуп,
Ак куу болуп кубулуп,
Ала-Көлдүн сазына,
Жар-Кашаттын алдына,
Жээкке келип конгомун.
Балалуу куу өңдөнүп,
Балырга башым салгамын. Кашат-
тан көрүп кыйкырдың,
Алдыңдагы ак куугa,
Көтөрүлтпөй шумкарын,
Жакын жетип ургун – деп,
Ак келтеңди атканда,
Доолбасың чапканда,
Сандап жаткан сан өрдөк,
Сапырылып учканда.
Көлдөгү жаткан көп өрдөк,
Көңтөрүлүп учканда
Кушуңду кудай берсе – деп,
Тула боюм чөгөрүп,
Көзүмүн кырын чыгарып,
Катынын кайдан таанысын,
Канкор атып салат – деп,
Учпай жатып алгамын.
Кудай ургур кантет – деп,
Тартып алып талпынып,
Күлүстөн салбай турганда,
Кыраандыгын билгемин.
Толгоно түшүп буралган,
Тоодой болгон текени,
Томугуна урунган.
Балдар салбай турганда,
Өзүң келдиң күүлөнүп,
Бул айтканың чын беле?
Ээк алдыңда ак кууга,
Эмне жолдон салбайсың,
Атаңдын көрү чочко – деп,
Чоролорго сүйлөнүп,
Кушуңу жулуп алгансың.
Балдарың келип асылды,
-Катыгүн аба салбайлык,
Балакетке калбайлык.
Шумдуктуу жаман куу экен,
Мекеден келген жан экен,
Беш баласы бар экен.
Алдырып койсок ак кууну,
Балдары жетим калбайбы,
Убалы бизге болбойбу.
Чоролоруң айтканда,
-Кырк чоромду өлтүрдүм,
Кана маа убалы жеткени.
Куу турсун, эки кул,
Кубарымды өлтүрдүм,
Кана кудай урганы.
Болбой ичтим бозону,
Арак-шарап ичпе – деп,
Шарият айтып келгенде,
Ичкилигим койдурат.
Боздотуп урдум кожону,
Кана кусур урганы,
Кана канкор өлгөнү.
Болбой баатыр койгонго,
Жакын жетип салсын – деп,
Жалдырап куру калсын – деп,
Жазыгы жок алдыңда,
Кукулуктап жорголоп,
Учпай туруп алгамын.

Куу жекенде корголоп,
Аркыратып буурулду,
Булуң жерди бет алып,
Бура тартып келгенсиң.
Эми жетип салсын – деп,
Көлдөн учтум көрсүн – деп,
Көтөрүлүп күпүлдөп,
Жөтөлүп учтум бу көлдөн.
Кылактап учуп кылчайсам,
Канаттууча билбейсиң,
Тескери учуп чалкактап,
Тегеренип калкактап,
Алтындан боосу жаркылдап,
Ободо жүрдү баркылдап.
Көлдөн бейбак чыкканда,
Качырып калды кымырып,
Келе жатат зымырып.
Мүрөмдү сый тебет – деп,
Ирмегени соо кетпей,
Оң мүрөмдү ирметпей,
Боолуктан кармай калгамын.
Кушуң менен кармашып,
Жерге түштүм жарк этип.
Алып түштү ак куум,
– Чурка, балдар, чурка – деп,
Анда-мында бир тийип,
Арбактап чуркап калгансың,
Жалп этип жерге тийсиң – деп,
Жаза кармап калсын – деп,
Жибек боону таккамын,
Сол мүрөмө чалгамын.
Оң мүрөмө ородум,
Кымыйып алып кучактап,
Кылкыйып карап жаткамын.
Жазыгы жок алгамын,
Жалп этип жерге тийгенсиң,
Жаза кармап калгансың.
Ала качып жөнөдүм,
Ала кайыр түшүрүп,
Кушум турсун Семетей,
Ат көтөктү таптырбай,
Ала туман уютуп,
Адаштырып салгамын.
Баатыр келип ала кой,
Ала качып келгемин.
Алып келип күйөөмө,
Кушумдун күчүн бергемин.
Кушуң өлсө Семетей,
Куш беремин кушуңдай.
Камсанаба кушуңдан,
Кан Акундун шаарында,
Толтой күйөөм эр Толтой,
Салып жүрүп кушуңду,
Баатырдын уулу келбейт – деп,
Бажаңа бердим мунуңду.
Баатырдын уулу Семетей,
Ачуусу келди күүлөнүп.
Айчүрөк жеңең айтканда,
Касиеттүү канкоруң,
-Ала качып кеткидей,
Эр өлтүрүп элиңе,
Экинчи доого калдымбы?
Ушу сөзүң чын болсо,
Элиңди быйыл чаппасам,
Олжо катын кылбасам.
Ополго бузук салбасам,
Очогор тийсин боорума,
От жагылсын көзүмө.
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун.
Катынга сырын айткыча,
Как өзүмө келсеңчи.
Албадым сени долу – деп,
Каршылык айтсам мен канга,
Анан кийин Толтойго,
Кушту анан берсеңчи.
-Тамаша сөзгө тардыкпа,
Койчу абаке – деп айтты.

Кудай ургур экенсиң,
Ушу сөзүң чын болсо,
Эр Толтойго барбасам,
Элине бузук салбасам.
Ажыратып Толтойдон,
Чүрөк менен кушуңду,
Быйыл алып бербесем.
Жиниң менен кардыгып,
Чымырканып күүлөнүп,
Жиниң менен кумсарып,
Шылдың сөзгө сүйлөнүп,
Баатыр аба не болдуң?
Койгун, аба, койгун – деп,
Баатырыңды сооротуп.
Анда Чүрөк кеп айтат:
– Өтүрүк айтсам өлгөн күн,
Тамаша сөзгө тардыгып,
Чороңузча билбейсиң.
Жет-Кайттан келген Толтойго,
Кушуңду кантип берейин.
Барып көргүн кушуңду,
Байлоодо турат шумкарың.
Байтал бээни сойдуруп,
Баса берип койгомун,
Токту койду сойдуруп,
Тойгуза берип койгомун.
Шыпыра тоюп калган – деп,
Чоро баатыр баргын – деп,
– Ушу сөзүң чын болсо,
Ак шумкарым көрсөтсөң,
Астыңа күнү албасмын,
Артылта камчы салбасмын.
Чүрөк долу бактым  – деп,
Күүгүм кире, күн бата,
Ай шашке болгондо,
-Кечиктирдим сени – деп,
Ачууландың мага – деп,
Жүрү баатыр эми – деп,
Кыз-келинин кыйкырып,
Түзүңкү жерлер келгенде,
Чүмбөттүү күмүш араба,
Үч аргымак желдирген.
Адыр жерлер келгенде,
Атка мингин баатыр – деп,
Кантсе да Толтой келет – деп,
Алыстан келген ал качкын,
Кыргыл чалы башында,
Аркалуу күлүк буурулдун,
Изин таанып албасын,
Кайныңа кыргын салбасын.
Буурул атты маа бер – деп,
Кырка кумга салалы.
Арт жагынан мен бейбак,
Чиркелетип нарларды,
Жетелетип кыздарга,
Айбандын баарын чубатып,
Чубалганды бейбагың,
Кырк аргымак мингизип,
Кула жерди мас кылып,
Кубулжутуп баарысын,
-Камандай балдар бер кел – деп,
Алтымыш эки күч ала,
Аябай туурап ачыткан.
Соку-соку кант чагып,
Нават, шекер көп салып,
Айчүрөк жеңең алдырып,
Күмүштөн кылган ыстыкан,
Алкымың айдай көрүнүп.
Ачкыл жандуу канкорго,
Баса куюп турганда,
Атчан арак ичишип,
Моймолжуган бейбакты,
Болукшуган кайран эр,
Моюндан орой кучактап,
Алкымынан өптү эле.
-Койчу төрөм, кокуй – деп,
Какылдаган бейбагың,
Кайсы жакка качып бара жатат.

Издеп келген бейбакты,
Күнөөкөр болуп кудайга,
Никесиз өөп ийесиң.
Асман менен ок атса,
Ободон огу жаңылар.
Өпкөн адам өлчү эле,
Атыңа болсун ажалың.
Жута элек болсоң бат түкүр.
Алкымынын алдында,
Ажыдаардын заары бар.
Айчүрөк жеңең айтканда,
Какырынып түкүрсө,
Кашыктай болгон кара кан,
Арчатору күлүктүн,
Жалына жаба берди эле.
Камандай болгон Күлчоро,
-Өлөсүң түгөт ичпе – деп,
Жарымын жутуп ийгенде,
Күлүстөн тууган Күлчоро,
Колунан жулуп алды эле,
Жерди көздөй урду эле,
Жерге тийди үрп этип.
Үшкүрүнүп канкор караса,
Үй ордундай көк шибер,
Өрттөнүп кетти дүрт этип.
Болукшуган төрөмдүн,
Боору эзилип кетет  – деп,
Зам-зам суусун берди эле,
Көзү ошондо ачылды,
Ооруган жери басылды.
Ополду көздөй жүрдү эле,
Буудандын изин жашырды.
Сапка салып жетелеп,
Кан Акундун шаарына,
Канкоруңду ээрчитип.
Каңшылаган бейбагың,
Эми барды капкага.
Арстан балдар байкаса,
Тыш жагынан бир сарай,
Ичине кирсе миң сарай.
Андай-мындай кишиге,
Аңгемеси бир далай.
Тышкы капка кайтарган,
Туу көтөргөн төрт балбан.
Төрт балбандын башчысы,
Кара сакал балбан сарт,
Орошон журтка далдал сарт.
Орто капка кайтарган,
Отуз балбан бир турат.
Капкаларын ачтырып,
Кырк жөкөр менен шоодурап,
Аттардын баарын жетелеп,
Кең-Колдон келген төрөсүн,
Ээрчитип келди бейбагың.
Андан ары байкаса,
Терезелүү бир коргон,
Айнектен салган зор капка
Ал капканы кайтарган,
Кылкандай болгон кырк жигит.
Чолок чопкут тон кийген,
Кырк жигиттин башчысы,
Кутунайдын куу жигит,
Кубулжуган шум жигит.
Өрөпкөп сүйлөп бергенде,
Өлсө кебин бербеген,
Аябаган чыр жигит.
Сынагы экен Чүрөккө,
Колостой болгон бейбагың,
Колун жаңдап койду эле,
Капканы тартып ийди эле.
Үч-Капканы туюктап,
Жезден керме кердирип,
Койгон экен даярдап.
-Ногойдон төрөм келет – деп,
 Он күнү мурун шаймандап.
Ак serенин алдына,
Шамаланы жандырып,
Жарык кылып көчөнү,

Алып келип аттарды,
Колунда шамы жаркырап,
– Кантер экен канчык – деп,
Эки чоро жанында,
Жарык болуп турсун – деп,
Жанчыка колун салды эле,
Жакуттан кылган көз айнек,
Жанынан төрө алды эле.
Көзүнө тартып айнекти,
Кабылан карап турду эле.
Аркан бою бута атым,
Айлананын баарысы,
Себеби тийип жакуттун,
Жандын баары эндиреп,
Жана карап турду эле.
Баатыр байкап караса,
Акылга мол Айчүрөк,
Эки-экиден байлатып,
Эр жигитти чакыртып,
Күн батыш жакы аттарды,
Кызыл менен өпчүндөп,
Күн чыгыш жакы аттардын,
Тула боюн топчулап,
Түгөл боюн өпчүлөп.
Айдама беде чаптырып,
Арабага тарттырып,
Аштоону жаңы чаптырып.
Кырчкы менен кырчтырып,
Кишмиш менен күрүчтөн,
Арпаны түптөп жуудуруп,
Манаттан баштык жасатып,
Сугатка айдап чыкканда,
-Суук душман көрөт  – деп,
Неткен сонун жылкы  – деп,
Эби жок улуу жөөт күн,
Эмнесин алып келген – деп,
Эл шерменде кылат – деп,
Буудан атты баш кылып,
Дарбазалуу коргондон,
Кебелбей туруп ичсин – деп,
Кылган ишин бейбагың,
Кудуретке жактырып.
Акырды түптөй жандата,
Койгон экен Айчүрөк.
Ноо менен сууну агызып,
Аттын баарын шаймандап.
Атка аралаш байласа,
Ээсин тарткан союлгур,
Ээликмесин карматса,
Тээп таштап какшатат,
Тепкен атын аксатат.
Катар турган жылкынын,
Кашаңдаган союлгур,
Каарланып шилтесе,
Кар жилигин сый тебет.
Ак серенин бурчунда,
Тунуке менен жаптырган,
Бийиги кырк кез дарбаза.
Чарагы колодон,
Орнотулуу зор мамы.
Жоболоңдуу Айчүрөк,
Ак жабуунун үстүнө,
Жолборстон үртүк жаптырып,
Тула боюн топчулап,
Көкүлүн койду сербейтип.
Куйругун койду чубалтып,
Төр санын койду чубалтып.
Буурулду жалгыз байлатып,
– Этият болуп тургун – деп,
Алыстан келген меймандын
Атын жакшы баккын – деп,
Акылдуу жигит чакырып,
Агаңдын атын бактырып.
Айбан жандуу канкорсуң,
Атанын уулу бери бас.
Шамала кармап колуна,
Алдына басты бойпоюп.
Жаш балдарын ээрчитип,

Агаң басты зоңкоюп.
– Ырысын балдар жеп жүрөт,
Кысталак эки кул,
Кылкылдаган канчыктар,
Кыз келин кайда? – деп жүрөт.
Эки капка тартты эле,
Тунеке кагып туйгунга,
– Кан жездебиз келет – деп,
Жандын баарын жандырып,
Кабылан канкор караса,
Бөрү уялат канкордун,
Көргөң үйү бул эмес.
Арабадай аңкайган,
Ак күмбөздөй чаңкайган.
Безилдеген бейбагың,
Берки агаңды киргизет.
Мейманкана чоң үйгө,
Он эки канат зор үйгө,
Ногойдон келген төрөсүн,
Ак эшикти ачты эле.
Арстандын уулу Семетей,
Баатыр кирип келгенде,
Кабылан балдар артында,
– Кан жездеке келди – деп,
Катын кыздын баарысы,
Жоодурап тура берди эле.
Он эки буттуу керебет,
Күмүштөн кылган чоң такта,
Аюу талпак чоң күрсү,
Аны төшөй салды эле.
Буладан кылган чоң мамык,
Арстан уулу олтурду.
Кылычы кында кыңгырап,
Эки бала жанаша,
Жаркыраган түгөттөр,
Күмүш кемер курчанып
Олтурду балдар зыңгырап,
Тубардан кылган дасторкон,
Туурасынан жайдырып,
Кыз келинге куйдуруп,
Абдыраны ачтырып,
Периштелүү канкорго,
Аш тамактын баарысы,
Безилдеген бейбагың,
Бейиш аштай чачтырып.
Аш тамака кайрылбай,
Каткырыгы баш жарып.
Катын кыз менен кармашып,
Акылдуусу келин кыз,
Эмчеке колду салганда
– Эми чунак мейлиң – деп,
Туруп берет бөйпөйүп.
Акылсыздын баарысы,
– Бу жерге туруп нетелик,
Жүрү эжеке кетелик,
Тырактаган андан көп.
– Койчу бала кокуй – деп,
Сырактаган андан көп.
Өңкө кызды элебейт,
Кашкайган сулуу каз моюн,
Койкойгон сулуу келин-кыз,
Камандай болгон Күлчоро,
Калыйманга теңебейт.
Ийиктей болгон ак эмчек,
Буурсундай ак колду,
Куушура салып ийинден,
Буруксуган бейбакты,
Моймолжуган жөөттү,
Алкымынан бек жыттап,
-Ойрон бала койчу – деп,
Ай суз сулуу Калыйман,
Оозунан өптү чоронун.
Убадалуу шерт кылып,
Аябай жатып ант кылып,
Ант ичишип алышып,
-Женем Чүрөк билет – деп,
Болду бала, кудача,
Бирине бири сүйөшүп,

Алмаштырып чыныны,
Калыйман менен кулжадай,
Айкалышып алышып,
Убаданы токтотуп,
Чапкалышып алды эле.
Канкордун уулу Семетей,
Сугатына чай берсе,
Үйдүн ичин караса,
Анда-мында бир ууртап,
Көзү уялат канкордун,
Көргөн үйү бул эмес.
Эл жайлоого чыгарда,
Жазыгы жок жеңеңиз,
Жасаткан экен зор үйдү,
Жанагы агаңызга жагдайлап.
Ак шумкарын алдынан,
Атамын уулу келет – деп,
Беренине жагдайлап,
Мелтиреткен чоң үйдө,
Сары талдан кыйдырткан.
Жайлоодон жалпы түшкөндө,
-Сары кайрак болду – деп,
Өзү билет бу калкты
Жыгаччыны чогултуп.
Кереге менен уугун,
Кобулжуга коштоткон,
Чоң үйдү жеңең окшоткон.
Күмүш менен көктөткөн,
– Арты сындуу болот – деп,
Алтын менен бүрктөткөн.
Отуз беш көктүү, кырк баштуу,
Кыябы менен көктөткөн,
Уздугун журттан ырбаткан.
Келин менен кыздарга,
Сары тиш болгон катынды,
-Башкарышып бергин – деп,
Сары карын түгөттөн,
Санатта жок кыйдырып.
Эки канат чоң чийин,
Була менен жибектен,
Огун салып чырматкан.
Алым салып журтуна,
Байына ирет салдырып,
Ак кидик коюн чогултуп,
Тармалынан тандатып,
Бир короону Айчүрөк,
Бүтүн кырман чаптырып,
Жүз балбанга жыктырып,
Жуушаңчыга кырктырып.
Эки жүз кемпир чогултуп,
Уяңын тандап тыттырып,
Кызга кыйнап сабатып,
Келинге кесе бастырып,
Кемпирлерге кестирип,
Келиндерге тиктирип.
Сырдатып үйдү жаптырып,
Зыңгыратып шуркуя,
Зымдан боосун тактырып,
Жабык баштын баарысын,
Тубар менен ойдуруп,
Күмүштөн оюу менен ойдуруп,
Кыя сала койдуруп.
Каакасы тектүү
Жабык баштын баарысы,
Карыш кундуз жээктүү.
Желбоосу жезден зор ак үй,
Кишиден бетер унчуккан,
Зыңгыраган чоң ак үй,
Көк сыр экен көркөмү,
Жашыл сыр экен жакыны,
Кызыл сыр экен кынамы.
Кара сыр экен каны.
Акылга мол азамат,
Ар борумун келтирген,
Аңызын журтка чачканы.
Он эки канат зор үйгө,
Безилдеген бейбагың,
Берени эми бекитет.

Мейманкана чоң үйгө,
Аракты берип аябай,
Комдогон төөдөй болкуюп,
Атышар жоону кыргансып,
Акун кандын шаарынан,
Айчүрөгүн алгансып,
Башына мамык койдуруп,
Ак чепкенин жамынып,
Уйку салды болкоюп.
Көзү уйкуга кеткиче,
Жаңкы агаңдын кашында,
Бейбак жеңең Айчүрөк,
Карап турду чойкоюп.
– Алып келчи бери – деп,
Арстан балдар турчубу.
Алдына жууркан салынып,
Эгиз бала өңдөнүп,
Эки чоро уйку алды.
– Балдар уйку алсын  – деп,
Баарысын Чүрөк чыгарып.
Кабылан уктап калды – деп,
Калыймандай бейбакты,
Кармай калып Күлчоро,
– Жеңем кайда барат? – деп.
– Бу жерге турбай кетет – деп,
Улуу көчө бойлосо,
Шаардын баш жак жагында,
Атакемдин үйү бар.
Үйүнө эжем барат – деп,
Канкорду таппай келдим – деп,
Толтойго кармап берсин – деп,
Кабарды эжем салат – деп,
Кан жездемди айтпайт – деп,
Маанын угуп калды эле,
Улутуна жатты эле.
Арстандар уйку алган соң,
Күнү-түнү үч күнү,
Жаңкы мейман балдардын,
Шорпүт журтка угузба.
Ат өргүтүп алгыча,
Бой сергитип алгыча,
Чынкожо менен Толтойго,
Жарай турган болгуча.
Душманга ачпа капканы,
Айчүрөк жеңең кекетип,
Үч эшикти бекитип,
Кырк жөкөрүн ээрчитип,
Үй-үйүнө таратып.
-Ай кырк жөкөр тараңар,
Аргымагың агытып,
Улуу көчө боюна,
Үй көтөрүп туруңар.
Канкорду таппай келдим – деп,
Капа болуп аламын.
Кабагым бүркөп кумсарып,
Жатып алам сумсайып.
Эр Түмөнбай, Ажыбай,
Эр болсо кармап берсин – деп,
Кан султандын баласын,
Көрсөтпөймүн ага – деп.
Кыз, келинди кетирип,
Арабаны чектирип.
Үч аргымак коштуруп,
Араба менен шылдырап,
Үйүн көздөй бет алып.
Санаасы тынып канкордон,
Калыйманды ээрчитип,
Жүрө берди зыңгырап .
Кан Акун жолун кайтарган,
Анда Чүрөк кеп айтат:
-Ой жолчулар сак болгун,
Таң төбөгө келгиче,
Мечитте азан айткыча,
Киши турсун акмактар,
Ит өткөзүп ийсеңер,
Айбалта чабар балбандар,
Алыскы жерден көргөндө,
Жазбай аткан мергендер,

Этият болгун бу жолго,
Баарыңы дарга тартпасам,
Айчүрөк атым курусун.
Баарын бирдей кекетип,
Акун кандын сарайга,
Капкага барып кеп айтат:
Мен киргенде балбандар,
Биздин эшик кайтарган,
Казандай кулду уруңар.
Ачкычын алып жоголгун,
Бу жерге турсаң өлөсүң,
Убалыңар болор – деп,
Сонун киши келет – деп.
Балбандарын качырып,
Койдой болгон кулпуну,
Тышынан Чүрөк салдырып,
Бек бекитип салды эле.
Ичкерки үйгө алып барып,
Арабаны каттырып,
Аскердин баарын чогултуп,
Аргымакты байлатып,
Дөбөдөй болгон чоң үйгө,
Акун кандын зор үйгө,
Айчүрөк жеңең келди эле.
Шамаланы жандырып,
Керебетти тартты эле.
Кылактаган бейбагың,
Була менен жибектен,
Он жети жууркан салды эле.
Ак шейшеби буладан,
Суптан кылган чоң жууркан.
Кереге менен тең кылып,
Керилтип төшөк салды эле.
Ортосуна Айчүрөк,
Бермет менен шурудан,
Жакуттан катар тиздирген.
Алтындан күбөө карматкан,
Он эки кулач көшөгө,
Бетине тартып бейбагың,
Башына шамын жандырып,
Ичкери үйгө барды эле.
Текери темир, теги жез,
Тегереги эки кез,
Күмүш туурдун үстүнө,
– Атамын уулу келсе – деп,
Ушерден алсын канкор – деп,
Болотун айдай агартып,
Шумкарын байлап салды эле.
Алтындан кылган чоң күрмө,
Кырк бир эки жык түймө,
Кынаптуу белден чыгарып,
Баканга илип салды эле.
Көйнөгүнүн тышынан,
Этиме жумшак болсун деп,
Жибектен соккон күрмөнү,
Муну чечип илди эле.
Кырым маасы зайбана,
Маасы менен эки өтүк,
Абай кылган кишиге,
Алда нече төрт өтүк,
Акырын чечип салды эле.
Он эки кундуз кемшет бөрк,
Башынан алып бейбагың,
Алтындан кылган такыя,
Була көйнөк чечти эле.
Чоң сандык көздөй келди эле,
Чойкойгон жеңең ачты эле.
Бир бөтөлкө жыпарды,
Жууркага төгүп ийди эле.
Түлкүдөй болуп булайып,
Белинче чыгып жууркандан,
Ак билеги булайып,
Пери ургандай беттенип,
Көбүк кардай эттенип,
Мелтиреп уйку салды эле.
Бейбакты мындай таштаңыз,
Кенебеген кайран эр,
Керебеттен козголду.

Эки чоро сырайып,
Уктап жатат тырайып,
Тамак уйку салыптыр.
Кумардан чыгып алуучу,
Кубулжуган Чүрөк жок,
Келин кыздын бири жок.
– Акыл айтса пайда  – деп,
Акмак Чүрөк кайда?  – деп,
Алаткүн балдар бат тур – деп.
Бул эмне кордугу,
Бек бекитип бул жерде,
Томсоргон жөөт бул канчык,
Толтойго барып тийген бейм.
Алып келип,
Акмак кылып мени – деп,
Толтойго тийсе долу күң,
Чаппасам эртең сени – деп,
Алаткүн балдар бат тур – деп,
Акмак жеңең кайда? – деп.
Балдары турду түйүлүп,
Баатырдын үнү чыкканда.
Эр Канчоро дардактап,
Эшикти көздөй чуркайм – деп,
Каалгага бек тийип,
– Айчүрөк албай апат бол,
Акмак канкор оңбо – деп.
Кетели десе болбойсуң,
Адамдын тилин албайсың.
Кан Акундун шаарынан,
Катын алам деп келип,
Каматып койдуң кандайсың.
Эр Күлчоро келди эле,
Каптап кетти кайран эр,
Канчорого сүйлөнүп.
– Арам кыял жинди кул,
Ант уруп кеткен Канчоро,
Арманың бар ичиңде,
Кансырап алса душман – деп,
Баатыр тууган абамдын,
Маанайын пас кылгыча,
Кой, абаке, кой – деди.
Камандай кулуң жаныңда,
Камсанаба жеңемден.
Күйөө сендей болобу,
Сендей күйөө оңобу.
Буудандын оозун бурасың,
Чоочун кызга сүйлөнүп,
Кай зайбыңа күүлөнүп
Каттай колдо эр чийген,
Ээрчитсеңчи абаке,
Эр Толтоюн көрөйүн.
Же кан Акундун үйүнөн,
Берениm абам мени ээрчи.
Аяттан куран окуучу,
Жолборстун ортон үстүнө,
Түгөттүн атын токучу.
Канчорого токутуп,
Жарактын баарын алды эле.
Темирдей болуп каратып,
Баатыр минди болкуюп,
Буурулга минди зоңкуюп.
Каргадай болгон Күлчоро,
Кактелкини токунуп,
Ак келте мылтык асынып,
Күмүш кемер курчанып,
Күндөй бетин сур чалып.
Кабыланды ээрчитип,
Камандай болгон кайран эр,
Капканы көздөй бастырды.
– Бачым ачкын бала – деп,
Балбандарды шаштырды.
Ачпас балбан көтүбү,
Капканы тартып бергиче,
Бөрү тийген миң койдой,
Быркыратып сабады.
Ителги тийген таандай,
Дыркыратып сабады.
Өзүң уккан жол менен,

Канкоруңду ээрчитип,
Шаардын башын бет алып,
Келе жатат жаш бала.
Баатырларды көргөндө,
Катылчу жолчу бетиби.
Алдынкысы Чынкожо,
Аркасында Толтой – деп,
Абийирдүү долу бу канчык,
Акмак болгон турбайбы.
Эптеп эле эрине,
Качмак болгон турбайбы.
Мейли барса барсын – деп,
Айчүрөгүн алсын – деп,
Тилекти кудай бербеди,
Кең-Колдон жезде келбеди.
Күйөөнүн жүзүн көрбөдүк,
Айчүрөгүн бербедик,
Жеткен шордуу киши эле.
Союлуң менен жерге кир,
Аркы экөөнү көрдүңбү,
Сороңдотпой таштагын.
Найзаң менен жерге кир,
Короңдотпой ташта – деп.
Атаңдын көрүн урайын,
Аркы экөөнү көрдүңбү.
Эси чыгып жолчулар,
Периштелүү баатырга,
Бет алып салам айталбай,
Өрөпкүп атып корголоп,
Өткөзүп ийди экөөнү.
Эки-экиден болушуп,
Өңкөйүп аткан андан көп.
Бастырып келип Күлчоро,
-Баатыр аба түшкүн – деп,
Дарбазаны караса,
Койдой болгон көк кулпу,
Бек өткөзүп салыптыр.
-Баягы Чүрөк ошондо,
Береним аба бат кел – деп,
Алда жеңе оңбо – деп,
Ачкычы менен курусун,
Балбан тууган кайран эр,
Айбалта менен кескерди,
Тартып ийсем капканы,
Таарып түшөр ошону.
Даң деп кетсе дарбаза,
Дүрбөлөң түшүп калбайбы.
Кабылан абам кантер – деп,
Айбалтаны таштады.
Тээп туруп капканы,
Койдой болгон кулпуну,
Билектей чынжыр темирди,
Солк эттирбей капканы,
Шоона үзүп алгандай,
Жулуп алды кулпуну.
Куп ыраазы болду эле,
Абасынын күчүнө.
Арстан тууган Күлүстөн,
Капканы тартып ийди эле,
Кабылан жолборс керди эле.
Эки атты бала жетелеп,
Арт жагынан кирди эле.
Капканы жаап Күлчоро,
Туткага байлай салды эле.
Сырнайза менен Аккелте,
Сарайга жөлөп койду эле.
Анда бала кеп айтат:
– Дөбөдөй болгон чоң үйдүн,
Чырагдан күйөт жаркырап,
Айчүрөк жеңем ошондо,
Алаткүн аба бат баргын,
Артыңда чоро турбайбы.
Алдырып ийсем душманга,
Кулуңду кудай урбайбы.
Чоочун шаар дебегин,
Камсанаба душмандан.
Жез канаттуу жеңеме,
Жатып сүйлөш абаке.

Камандай кулуң артында,
Камсанаба Толтойдон,
Келүүчү Толтой көтүбү.
Жер үшөбөй абаке,
Кызыгына батып кел.
Көкүрөктө эки анар,
Төшүңө кынай басып кел,
Чаткаяк этин союп кел.
Кызыгына батсаңчы,
Түлкүдөй кылып кылайтып,
Кучактай кармап муң айтып,
Кылыктанган жеңемдин,
Чалкасынан сала көр.
Курган канкор экенсиң,
Кумардан чыгып ала көр.
Бүйрө кармап кучактап,
Түк көрбөгөн жеңемди,
Түндүк бою түйүлтүп.
Кылыктанган жеңемди,
– Кыйнабачы бала – деп,
Тунгуч койдой ыйынтып,
Кары деген зайбыңдын,
Ар неңкесин көрүп кел.
– Кой Күлчоро антпегин,
Азгырбагын мени – деп,
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабыры менен жүрөлүк.
Айланайын чунагым,
Ак жүрөк алдага,
Уруша турган эр жатат.
Калкымдан келген качкын кул,
Чынкожо,Толтой шер жатат.
Жолго саат болот – деп,
Айбанга убал болот – деп,
Катылбаймын канчыкка,
Каршы болот мага – деп.
Баатырың басты балактап,
Кокондун кара тон менен,
Болускей така шаркылдап,
Болукшуган кайран эр.
Он бештеги айга окшоп,
Толукшуган кайран эр.
Карап турат Күлчоро,
Кабылан канкор кантер – деп,
Баатыр басып баратат.
Атчан киши көрүнсө,
Аңтара тартып алуучу,
Бөөдө өлтүрүп салуучу,
Көсөө куйрук көк дөбөт,
Тай торпоктой зор дөбөт.
Кабыланды көргөндө,
Эркелеп келди каңшылап,
Ит да болсо сүрдөдү.
Берендин жайын сурасаң,
Басып келет мелтиреп.
Анда-мында бир тийип,
Арбактап басып келатат.
Бир кылчайып карабайт,
Кабабы деп санабайт.
Ак эшик ачып балкайып,
Кирип келди заңкайып.
Төр жагын байкап караса,
Касиеттүү зор каның,
Жүк жакты карап заңгырап,
Уктап атат чоң каның.
Муңайып канкор караса,
Кайын энеси канкордун,
А да сулуу күң экен.
Ак билек чыгып булайып,
Уктап атат кылайып.
Касиеттүү зор канга,
Сыйкырчы бейбак дубакөй,
– Табыш туюп калат – деп,
Атамын уулу келет – деп,
Бейбак акмак болот – деп,
Сыйкыр уруп бетине,
Бек уктатып салыптыр.
– Капилет кирип келдим – деп,

Атам менен энемдин,
Жүзүн көрүп калдым – деп.
Баатырсынып мен шордуу,
Баса кирип келдим – деп.
Олуязаада кан деген,
Кусуру уруп кетеби.
Касиети чоң деген,
Кайнатам жайын уккамын,
Калкынан чыккан зор деген.
Баатырдын уулу колкуюп,
Ичинен салам айтыптыр.
Кайра басып караса,
Күмүш туурдун үстүндө,
Шумкары турат конулуу.
Кушун көрүп Семетей,
Басып келди зоңкуюп.
Уяда бөлөк болгон соң,
Учарда алда жеткизген,
Ак куута сени салам – деп,
Ала-Көлдөн качырдым.
Амансыңбы шумкарым!
Арстандын уулу көрүшүп,
Канатын жайып калкылдап,
Арстандын үнүн укканда,
Ак шумкары талпынып.
Анда-мында баркылдап,
Күмүш боону чачты эле.
Мойноктон кылган ак мээлей,
Бейданадан томого,
Күмүштөн чеге ктырган,
Алтындан саадак тактырган.
Ала келген Таластан,
Томого салып башына,
Оң колуна кондуруп,
Тууруна кайра кондурду.
Айчүрөккө балпайып,
Буруксуган бейбактын,
Белинче чыгып жууркандан,
Маралдай болуп маңкайып,
Жеңең Чүрөк шалкайып.
Баатырың турат элейип,
Көкүрөктө эки анар,
Кулактай болуп серейип.
Кабылан төрө жолборсуң,
Карап турган канкоруң,
Куушуруп колун жиберди,
Бура кармап эмчегин.
Уйкулуу көзүн ушалап,
Умтулуп Чүрөк турду эле.
– Эмне келдиң бу жерге?
Эки күнчө чыдабай,
Кайнатаңдын үйүнө,
Баса кирип келесиң.
Камсанаба Чүрөктөн,
Дарбазага барсаңчы.
Кабар тиет өзүңө,
Атам Акун баатырдын,
Намызын алып берсеңчи.
Ашкере нике кыйдырып,
Арыз арманын көрсөңчү.
Азыр саа бербеймин,
Айтышып келген сөзүм бар.
Катыныңа каршыгып,
Касамдашкан жерим бар.
Азыр бала койгун – деп,
Ушу сөздү айтканда.
Жаныма жакын олтурба,
Калкымдан келген качкын бар,
Эр Чынкожо, Толтой бар,
Уруша турган дартым бар.
– Ак жүрөмүн алдага,
Кош Айчүрөк аман тур.
Колуңду берчи маа –деп,
Катылбаймын саа –деп.
Баатыр турду обдулуп,
Олуязаада экенин,
Ошондо Чүрөк билди эми.
Арстанга эшик ачты эле,

Кушун алып сүйүнүп,
Эшикке чыкты болпоюп.
Бууданды туура тартты эле,
Ат кармап турган Күлчоро,
Абасын эле мингизип,
Бейбак Чүрөк баргыча,
– Ийгирек жаткын баатыр – деп,
Коштошом төрөм аман тур,
Кол кармашып жөнөдү.
Дарбазада чоң үйгө,
Окшомдуу күлүк аттарын,
Орду ордуна байлатып,
Кан Акундун шаарына,
Канкорду мындай таштаңыз,
Чынкожо менен Толтойдон,
Экөөнөн кабар алыңыз.
Келген экен Жет-Кайттан,
-Кырып кыргын салам  – деп,
Касиеттүү Акундун,
Кызын тартып алам – деп.
Калың кара кол алып,
Ополду көздөй оң алып.
Кыйла журтту чогултуп,
Кырк миллион кол алып.
– Кара элечек кылам – деп,
Катынын жесир кылам – деп.
Жайынкысын болгондо,
Жалдуу байтал мингизбей,
Куйруктуу борук жегизбей.
Томолонтуп урганды,
Топон аяк кылыптыр.
Ак кыянын алдында,
Жаткан экен эр Толтой.
Жасайылын аткырып,
Шаарды көздөй беттетип,
Замбирегин жаткызып.

## ЧЫНКОЖО МЕНЕН ТОЛТОЙДУН ЭЛЕСИ

Толтойдун жайын карасаң,
Оң бөйрөгү болк этсе,
Оңду чабар эме экен.
Сол бөйрөгү солк этсе,
Солду чабар эме экен.
Кычыгына тийгенде,
Кылымды бузчу шер экен,
Аны да баатыр кемитпе.
Атасы Багыш арстандан,
Артыкча тууган шер экен,
Аянбаган эме экен.
Таластан канкор келгиче,
Айдай сулуу Чүрөктү,
Ала турган эме экен.
Жан казандай башы бар,
Жаңкы күйөө Толтойдун,
Жаткан иттей кашы бар,
Кырк алтыда жашы бар.
Эки бети Толтойдун,
Эки дөбөт тойгондой.
Эки ийнине Толтойдун,
Эки азамат конгондой.
Көзү көлдүн быткылдай,
Көрүнгөндү жуткудай.
Жет-Кайттан чыккан шер экен,
Жерине төрө келбесе,
Жеңенди алчу неме экен.
Олуязада шер экен,
Ополду бузчу неме экен,
Опсуз мыкты шер экен.
Муруту чөлдүн камыштай,
Мурундарын карасаң,
Кош башына бээ союп,
Калкына итти бердирип,
-Камсанаба журтум  – деп,
Жай жайлаймын деп жаткын,

Жайыңа түтүп беремин.
Күз күздөймүн деп жаткын,
Күзүңө түтүп беремин.
Кыш кыштаймын деп жаткын,
Кышыңа түтүп беремин.
Тонсуздарың дагы кел,
Тоңдурбаймын калың журт,
Тонуңа түтүп беремин.
Атсыздарың дагы кел,
Айбанга түтүп беремин.
Баарына түтүп бербесем,
Не деп келем Жет-Кайтка.
Ушу сөздү көп айтып,
Толтойду мындай таштаңыз.
Оюрманын белинде,
Он миллион кол менен,
Кара атын булкутуп,
Кара олпок кийип болпоюп,
Шири кап менен шишелип,
Ок дарыны артынып,
Буттай темир курчатып,
Казандай кара бөркү бар,
Акун кандын шаарынан,
Айдай сулуу Чүрөктү,
Аны да баатыр кемитсе,
Аламын деген эрки бар.
Кара аты менен сойгутуп,
Жакадагы Толтойго,
Жетип келди Чынкожо.
– Барсыңбы, Толтой, барсыңбы,
Бар болсоң Толтой бачым кел,
Ак үйдү жасап болбойм – деп,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Алтымыш күн сүлүктү,
Ашкере сурап кетти эле.
Сүлүгү бүгүн бүттү – деп,
Ак үйүн жасап бүтүрсө,
Айчүрөктү берсин де.
Айчүөктү бербесе,
Эр Ажыбай, Түмөнбай,
Колун курап бул экөө,
Аскердин баарын чогултуп,
Атышарга келсин де.
Айбандын оозун бул экөө,
Буруш жерге келсин де.
Кылычты колго алышып,
Кырышар жерге келсин де.
Так ошондой такташып,
Кайра качкан катын – деп,
Турушар жерге келсин де.
Сулуу кызды талашып,
Атышар жерге келсин де.
Төлгөчү кара Төлөгүм,
Шыбагасы бөлөгүм.
Сен элчисиң элчиге,
Элчиликке өлүм жок,
Эрте барып жатал кел,
Айчүрөктү берсин де.
Айчүрөктү бербесе,
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Айыл үстүнөн көрсүн де.
Он бештеги кыздарын,
Беш көкүлдөп өрсүн де.
Келишимдүү келин-кыз,
Бүт бардыгын чогултуп,
Чаңдан ыраак болсун де,
Баарын бизге берсин де.
Эрте барып жатал кел,
– Барайын Толтой кебиңе,
Жамбашың жерге таяба,
Суркоён менден аяба.
Бербеймин деп айталбай,
Сур үртүгүн жаптырып,
Атты мойну катканда,
Казатка минчү Толтойдун,
Кадиктеген аты ошол,
Аргасы жок берди эле.

– Жарыгым Төлөк сак болгун,
Аргасы жок мен бердим.
Толтойдун көөнүң оорутпа!
Алдыңдагы атымдын,
Арка мойнун жоорутпа.
Суркоёнду токунуп,
Турчу Төлөк беркиби.
Жарактын жармын салынып,
Суркоён менен жүрдү эле.
Шаарды көздөй бет алып,
Желдирип кетсе чочкого,
Жети жандын түгөнгүр,
Алтымыш аттын кубаты,
Аягында бар экен.
Желдирип кетсе чочкого,
Жебенин огу даарыбайт.
Жүдөп кетсе түгөткө,
Бараңдын огу чендебейт.
Жеткилең күлүк түгөткө,
Жекайттан жылкы тең келбейт.
Келишимдүү эр Төлөк,
Келди баатыр сарайга.
Акун кандын үстүнө,
Гүлдү жыйып курасың.
Кожо,молдо, эшени,
Акылга зейрек чечени,
Мунун баарын бир түркүн,
Кызыл жейрен ат минген,
Кыл куйругун шарт түйгөн,
Кылычы кында кыңгырайт,
Кылкандай болгон көй кашка,
Аттын баары бир түркүн.
Көп жашаган карысы,
Мекеге барган ажысы,
Баарын бирдей чогултуп,
Тозогун тартчу Толтойго,
Берипий деген мындан көп.
Берип койсок Чүрөктү,
Кенебеген канкордон,
Катынын берсек Толтойго,
Көрөбүз деген андан көп.
– Семетей келип чабат – деп,
Арга кетип көп Ооган,
Амалы кетип бу жаткан.
Анда Төлөк келди эле.
– Салам айттык сиздерге,
Амансыңбы кан куда!
Алик алган биздерге,
Чынкожо Толтой кеп айтты,
Эр Түмөнбай, Ажыбай,
Ак үйүң жасап бүтсөңөр,
Айчүрөктү берсин дейт.
Айчүрөктү бербесе,
Эсебиңди табам дейт,
Элиңди бүгүн чабам дейт.
Шаардагы сулууңду,
Баарын тамам алам дейт.
Жыргап жаткан Ооганды,
Кан Акун кызын бербесе,
Канын суудай төгөм дейт.
Айт деген сөзүн айтамын,
Эр Түмөнбай, Ажыбай,
Капа болбо сен куда.
Өлтүрсөң койсоң өзүң бил,
Элчиликке келгемин.
Сунган моюн меники,
Суурган кылыч сеники.
Анда ажың кеп айтат:
-Баргын балам кайра – дейт,
Эртерээк сени ээрчитип,
Эртерээк келсин Чынкожо.
Бурулуп түшкөн мурунга,
Салынып түшкөн урчука,
Эр Чынкожо келсин де.
Бейшембинин күнү экен,
Жуманын кадыр түнү экен.
Найза бою атышка,
Келсин баатыр Чынкожо.

Келбеттүү Чүрөк дартынан,
Кеңеше турган дартым бар,
Айта турган шертим бар.
Ынанбаса бул сөзгө,
Элими келип чапсын де,
Анан Чүрөк алсын де,
Азыр аял кылсын де.
Төлөктү кайра жиберип,
Кан Акун кан сөз баштап,
-Эми арга не болот,
Капыр кызың айынан,
Калкың кырылып кетет бейм.
Окшомдуу сулуу кыз, келин,
Олжого баары кетет бейм,
Катын жесир болот бейм,
Бала жетим калат бейм.
Журтту бөөдө кырдырып,
Жөөт кызың Айчүрөк,
Канкордун жайын бул айтпай,
Убалына калат бейм.
Кең-Кол, Талас жеринен,
Калың кыргыз элинен,
Таап келдим деп айтпайт,
Таппай келдим деп айтпайт.
Капа болуп бул жөөтүң,
Эс алып Чүрөк айткыча,
Чынкожо,Толтой келет бейм,
Бөөдө журтту кырат бейм.
Арага барып келелик,
Эки тогуз шайлатып,
Эр жигитке айдатып,
Ооз басырык берелик.
Бешимде келип кызыңдан,
Эрин сурап көрөбүз.
Таппай келсе Таластан,
Тозогун тартпай кызыңдын,
Толтойго кармап беребиз.
Эл куткарып келебиз,
Эр Ажыбай, Түмөнбай,
Карып калган чагымда,
Каматып жатам журтумду.
Кайгы тарткан мен каның,
Кайсы акылды билейин.
Белгилүү сулуу баламды,
Берсең, койсоң өзүң бил.
Ушу сөздү айтканда,
Айтты, койду дебеңер,
Ырысыңды жебеңер.
– Акылга мол жарыгым,
Ташыркап таппай бу келсе.
Аргамы тапкын ата – деп,
Арызга маа келет – деп,
Шек санаймын кызымдан.
Акылга зейрек Чүрөгүң,
Камсанабай бу жатса,
Камдаган жери болбосун.
Этият болгун Кең-Колго,
Бакай канын ээрчитип,
Баатырдын уулу келбесин,
Калкыңа кыргын салбасын.
Таластан канкор келбесин,
Кейибегин калың журт,
Кишиге сырын айтпаса,
Сандыргалуу Чүрөктүн,
Санаасы тынып жатпасын.
-Койчу каным кантесиң,
Акылыңан адашып,
Алжып калган экенсиң.
Карып калган чагыңда,
Калжып калган экенсиң.
Ойлосоңчу зор каным,
Ополду билген чоң каным.
Сенин кызың Айчүрөк,
Отуз бешке чыккыча,
Ногойдон издеп келбеген,
Картайганда келеби.
Бул экөө мойноду,
Эртерээк бачым барабыз,

Бир жарым сөлөктү,
Азыр сурап алабыз.
Кайра келип кызыңдан,
Эрин сурап алабыз.
Кан жездемди таппастан,
Ташыркап келсе бу кызың.
Эр Толтойду чакырып,
Эрине кармап беребиз,
Эл куткарып келебиз.
Чолок чопкут тон кийип,
Жарактын баарын салынып,
Жаңкы экөө барды арага,
Эки тогуз айдатып.
Болжоп койгон дөңкүлдө,
Кайраты бар ушунча,
Камандай болгон Чынкожо,
Келген экен боз дөңгө.
Эр Төлөктү ээрчитип,
А да баатыр өзүндөй.
Чыңаган кызыл темирдей.
Ар жактан келген аркы экөө,
Эр Төлөктөн укканда,
Каарданып Чынкожо,
Кайраттанып эр Толтой,
Берки экөө салам айтты эле.
Аркы экөө алик алышып,
Эр Түмөнбай, Ажыбай,
Баатыр Төлөк, Чынкожо,
Аттанып чыккан бул төртөө.
Сөз жагына ыктуулар,
Жөө жагына мыктуулар.
Кан кудалап калышып,
Арбактай басып келишип,
Кол алышып көрүшүп.
Айбанды алыс байлашып,
Эр жигитин Чынкожо,
Ээрчите келген ал колдон.
– Бачым айдап барыңар,
Кош башына союңар,
Кара этине тоюңар.
Кечке жакын барабыз,
Казы менен картасын,
Бал кайната бышырып,
Даяр кылып туруңар.
Айдатып ийип аттарды,
Боз-Дөңкүлгө келишип,
Сартча байлап аттарды,
Маңдай тескей олтуруп,
Асыбайын тартышып,
Мурчуюшуп калышып.
Булганч айтып бул төртөө,
Сөз талашып калышып.
Чынкожо айтып жөн өлбөйт,
Төлөк айтып бир кепти,
– Андай эмес, мындай – деп,
Ушу сөзүм кандай – деп,
Ажыбай айтып жөнөтбөйт.
Кеп ордуна келбеди,
Сөз ордуна кирбеди.
Сөздө айтып сөгүшүп,
Эртеден кечке кеп бүтпөйт.
Намаз бешим убакта,
Туруучу баатыр беркиби.
Эр Чынкожо булкунуп,
Тура келди жулкунуп.
-Коё берчи колумду,
Ушу кулга ушерден,
Көрсөтөйүн сонунду.
Келесиң да кетесиң,
Кан Ажыбай, Түмөнбай,
Керели кечке көп алдап,
Келеңгер сөздү нетесиң.
Беремин деп чыныңды айт.
Безилдеген аяшты,
Бербеймин деп чыныңды айт.
Мыкты Толтой кеп айтты,
Таежеси Чүрөктү,
Тартып алам деп айтты.

Ушу сөздү айтканда,
Чынкожо тура калганда,
-Кой Чынкожо булкунба,
Кырамын деп жулкунба.
Элиме салба дүмөктү,
Мен берейин Чүрөктү.
Минтип Чүрөк алгыча,
Бир Чүрөктүн дартынан,
Калкыма кыргын салгыча,
Касиеттүү зор канга,
Азабына кылгыча,
Шаршемби күнү баргыча.
Кара атыңдын башына,
Казандай пахта байлатып,
Суркоёндун башына,
Чарадай кебез байлатып,
Кырк кара атты айдатып,
Куда болуп түшсөңчү.
Тоюн өзүм соёюн,
Алтымыш ала бээ союп,
Тогуз күнү той тартып,
Отуз күнү ойнотуп,
Кырк күнү кыңшытып,
Кыңшытып Чүрөк берсемчи.
Карындашым Чүрөккө,
Кара атыңды үртүктөп,
Мен мингизип берсемчи.
Илгертен калган нуска бар,
Каптын түбүн чапкын – деп,
Карындын түбүн каккын – деп,
Кайра түшүп Акундан,
Суркоён сурап алсаңчы.
Сөзүм кандай кан куда.
Кан Ажыке айтканда,
– Макул болот Ажыбай,
Айтымыңча барайын,
Кааласаң күлүк менде бар,
Кадиктүү сулуу сенде бар.
Атайы күлүк менде бар,
Айтылуу сулуу сенде бар.
Ой Ажыбай макул – деп,
Ушу сөзүң акыл – деп.
Куда болуп барганда,
Каның касам кылсын де.
Короолош коңшу болоюн,
Койду бирге соёюн.
Жанаша айыл коноюн,
Жаңы куда болоюн.
Сезимдүү сулуу аяшка,
Сүйлөшүп туруп мал берем.
Акун кандай кудама,
Айтышып туруп мал берем.
Сан-сарала бээ берем,
Саап берер кул берем.
Калың колдун ичинен,
Каалаган атың аябайм.
-Болот макул ажым – деп,
Кылычын кынга салды эле.
Олутуна олтурду,
Ажекеңдин артында,
Жаткан экен Түмөнбай.
Кулагын куурай менен чукуптур
Ажынын кебин угуптур.
Кара көңүл Түмөнбай,
Кайра тартпас кайран эр,
Тура келди булкунуп.
– Койчу баатыр Ажыбай,
Кыздан кеткен кысталак,
Кыз берем деп алжыбай,
Эмне болдуң энтелеп.
Кысталак кетейин,
Керели кечке алжыйсың,
Кедейим сени не дейин.
Тоодой болгон Чүрөктөн,
Томуктай болгон эт жебей,
Толтойго кармап бергидей,
Эр өлтүрүп экөөнү,
Экинчи кунга калдымбы?

Ар олтуруп акмагым,
Айбыбыз кызды бергидей,
Айыптуу кунга калдымбы?
Бек өлтүрүп экөөнү,
Белгилүү Чүрөк сулууну,
Коркуп кармап бергидей,
Кутулбас кунга калдымбы?
Атаңдын көрү Толтойго,
Айчүрөктү бергидей,
Айыптуу болуп калдымбы.
Канкордун зайбын бергидей,
Кан Акундун шаарынан,
Кан өлтүрүп Толтойго,
Кайгысыз кунга калдымбы?
Кара атты тартуу албаймын,
Канкордун зайбын бербеймин.
Семетей келсе Таластан,
Түгөттөн азап көрбөймүн.
Акмак Ажыбай экенсиң,
Алакөөдөн Толтойго,
Айчүрөктү бербеймин.
Эр Түмөнбай айтканда,
Чынкожо келди булкунуп,
– Коё бер – деп жулкунуп.
Таласта жаткан канкорун,
Белине таңуу кылгансып,
Каралды кылып алгансып.
Айтып турган сөзүн көр!
Коё берчи колумду,
Ушу кулга ушерде,
Көргөзөйүн сонунду.
Кылычты сууруп кынынан,
– Белгилүү сулуу аяшты,
Бербей койчу көрөйүн.
Кабырганды сөкпөсөм,
Сени өлтүрүп ушерде,
Акун кандын шаарына,
Анан кыргын салбасам.
Санатта жок кырбасам,
Шаардагы сулууңдун,
Тамам баарын албасам.
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун,
Чынкожо атым курусун.
– Кой, Чынкожо, кой – деди,
Кармап кетти эр Төлөк.
Чынкожону булкунтуп,
Коё берип жулкунтуп.
Баракелде Түмөнбай,
Коркуп кетчү немеби,
Жалкыны каршы жой болот.
Камтый кармап Түмөнбай,
Кынынан сууруп кылкыйтып,
Тура келди булкунуп.
– Кармаба, Төлөк, кармаба,
Коё бергин качкынды.
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн.
Өлүп туруп качкынга,
Канкордун зайбын берейин.
Калкынан келген качкындын,
Мыктылыгын көрөйүн.
Кармабай Төлөк коё бер,
Кылычты сууруп кынынан,
Түмөнбай турду булкунуп,
Тура келди жулкунуп.
– Түпкө жетпе Түмөнбай,
Койгун, бала, койгун – деп,
Кармап кетти Ажыкең,
Түмөнбайды жулкунтуп.
Чынкожо туруп кеп айтат,
Түмөнбайга сөз айтат.
-Мыкты экенсиң Түмөнбай,
Убада шертке бек тургун,
Ушу сөзгө бек тургун.
Эсебиңди таппасам,
Элиңе кыргын салбасам.
Баатырлыгың көрбөсөм,

Алып калган Чүрөктү,
Атыша чыгып кол курап,
Алып калгын аяшты.
Айтымыма жетпесем,
Мекеде султан пир урсун,
Ак пайгамбар дини урсун.
Чынкожо атым курусун,
Сыр бараңдын огу урсун.
Кайраттанып булкунуп,
Коё бер деп жулкунуп.
Берендерди берки экөө,
Алып кетти жулкунтуп.
Эр Түмөнбай кеп айтат:
– Атаңдын көрү качкын кул,
Убадаңа щерт тургун,
Ушу сөзгө бек тургун.
– Макул, качкын, макул – деп,
Убадага турбаган,
Жети атасы капыр – деп.
Ой Чынкожо баатыр – деп,
Айтмайынча билбейсиң.
Арсыз чочко экенсиң.
Мындай мыкты эр болсоң,
Өз айбыңды өзүң биле албай,
Өзөн сууга коно албай,
Бакай менен басташып,
Кан жездем менен касташып,
Айтмайынча билбеген,
Арсыз чочко экенсиң.
Кең-Кол, Талас жер кайда?
Окшомдуу ногой эл кайда?
Канатыңдан кайрылып,
Канкор менен кас болуп,
Жерден, журттан айрылып,
Жет-Кайттагы жедигер,
Кол жазгарып болкоюп,
Кысталак качкын кул,
Аягың менен сандалып,
Эмне тентип жүрөсүң.
-Макул баатыр, макул – деп,
Ушу сөзүң акыл – деп.
Убадага турбаган,
Качкан киши катын – деп.
Ушу сөздү укканда,
Жети атасы капыр – деп,
Атаңдын көрү качкын кул,
Колуңду курап келе кой.
Кырып ийип кызымды ал,
Кыралбасаң кызыңды ал,
Кыз бербеймин мунумду ал.
Кең жеткен жерге алпарды,
– Түпкө жеттиң Түмөнбай,
Баатырсынып каласың,
Башта кайда жүргөнсүң.
Айбандын оозун бурдурдук,
Азаматты кырдырдык,
Анда кайда жүргөнсүң.
Атаңдын көрү көр чочко,
Жоодо куран болобу,
Жоо айдаган жаралуу,
Антип-минтип Ажыкең,
Абкөй тилге салгыча,
Ажыкең алдап алгыча,
– Эмне болду ээлигип,
Ушу жерде жээлигип
Мыкты болсоң Түмөнбай,
Акмак бала так олтур,
Ой кысталак тим отур.
Абкөй тилге саламын,
Абдан алдап аламын.
Айчүрөктү берем – деп,
Байрак булгап бакыртам.
Жалгыз келсин жездем – деп,
Ушу белге чакыртам
Келем шарият ак куран,
Өлүп кетчү ант кылып,
Көкүрөкө үч урам.
Айчүрөгү көрсүн – деп,

Айдай сулуу Чүрөктү
Ушерден кармап берем – деп,
Кайра басып калышып.
Олутуна келишип,
Алдыртан түрө карашып,
Кылычты кындан копшутуп,
Сурданышып калганда,
Эр Ажыкең кеп айтат:
– Суртелкинин жанында,
Жаш экенсиң сен дагы.
Баатыр Төлөк бачым тур!
Бала экенсиң сен куда.
Каргыттагы испиртти,
Алып келип куйдуруп.
Алтын аяк сыр кесе,
Чынкожого сунду эле.
– Жана кайта куйчу – деп,
Жандырып куюп алды эле.
Ажыбай Чынкожого сунду эле.
Баатыр Төлөк канетсин,
Түмөнбайга сунду эле.
Арак ичип алган соң,
Анда Ажыкең кеп баштайт:
-Калыс болгун эр Төлөк,
Капа болбо Чынкожо,
Эрке асырап чоңойткон,
Ээликмелүү бала эле.
Эсине келген бир кепти,
Эгерде кишиге бербеген,
Бир кудай урган жан эле.
Эрке бала айтты деп,
Сен таарынба – деп айтты.
Балага баатыр теңелген,
Чынкожо кудай урган киши экен.
Суркоён атын минсин де,
Супа чопкут кийсин де,
Кан жездем Толтой келсин де.
Кайын жеңе болоюн,
Боз жоргого мингизип,
Кырк жөкөрүн ээрчитип,
Алып келип ушерден,
Тозогун тартпай канчыкты,
Толтойго кармап берейин.
Жездекем куру келбесин,
Эки миң дилде салсын де.
Бир миң дилде алып келип,
Жеңкетайга берсин де.
Ашыкпай жездем келсин де,
Айчүрөгүн көрсүн де.
Арага жүргөн Ажыңды,
Аңыртып куру таштабас,
Анча-мынча жакутту,
Жең ичинен берсин де.
Бир табактан эт жешип,
Айчүрөк менен эптешип,
Сүйкүмдүүсү Чүрөктү,
Сүрдөбөй Толтой көрсүн де.
Ушу сөзгө эр Төлөк,
Ашыпке айтсам мени урсун Агар-
басаң сени урсун.
Убаданы шерт кылып,
Ооз басырык экөөнө,
Баатыр Төлөк, Чынкожо,
Эки шаңшур жамбыны,
Ооз басырык берди эле.
Алып келмекке Чүрөктү,
Эр Ажыбай ,Түмөнбай,
Шаарды көздөй жарышып,
Жибермекке Толтойду,
Чынкожо,Төлөк эр неме
Колду көздөй жарышып,
Эр Ажыбай, Түмөнбай,
Үйүнө келип алышып.
– Азаптуу бейбак оңбо – деп,
Үшкүрүнүп алышып.
Аш тамагын жай ичип,
Тамактанып алышып.
Кылычы кында кыңгырп,

Эр Ажыбай, Түмөнбай,
Чакырышып кеңешип,
Султан боюн теңешип,
Эс алды бекен Чүрөк – деп,
Эрин сурап алалы.
Эр Семетей кан жезде,
Шерин сурап алалы.
Таппай келсе Таластан,
Кан султандын баласы,
Жездени таппай бу келсе,
Тозогун тартпай Чүрөктү,
Кырк жөкөрүн ээрчитип,
Моймолжуган бейбакты
Толтойго кармап берелик.
Чүрөктү көздөй арбактап,
Кеңешмеке бул экөө,
Басып калды дарбактап.
Улуу көчө боюнда,
Камсанабай душмандан,
Кыз-келинди кошчу алып,
Үй көтөрүп, бээ союп,
Капыр жөөт түгөнгүр,
Жаткан экен кумсарып,
Сөзүн салып суйкайып.
Канкор жатат капкада,
Камсанабай душмандан.
Кайгысы жок ичинде,
Кан Акун кызы Айчүрөк,
Керебетте болкоюп.
Отурган экен чойкоюп.
Эр Ажыбай, Түмөнбай,
Эки агасы келгенде,
Босогодо турду эле.
Айчүрөктү караса,
Агалары байкаса,
Кишисиңби, ит дебейт
Эки агасы элейип,
Кабыландар капкада,
Тушарына теңебейт.
– Кудай урган турбайбы,
Эс ала элек турбайбы.
Бул эмне кордугу,
Сырын айтпайт кишиге.
Сумсайып жатып алганы,
Какылдаган бейбактын,
Өтүп кетти зордугу,
Бул эмне чоңдугу.
Бирин-бири түртүшүп,
Айчүрөк көздөй бул экөө,
Ачуусу келип бейбака,
Агалары басты эле.
Басып келип Түмөнбай,
Бир билектен алды эле.
Ажыбай карап турабы,
Сол колдон сүйрөп калды эле,
Кесиреттүү бейбагың,
Керегe кармап болоктоп,
Сөзү ширин жөөт күң,
Ителгидей кара кыз,
Ирмебестен жаш кетип,
Жаш күчүктөй солоктоп,
Булбул өңдүү бейбагың,
Муңканып үнүн чыгарып.
Күкүк үндүү бейбагың,
Күймөлө үнүн чыгарды.
Комузду көр, үнүн көр,
Кундузду көр, чачын көр.
Кубулжуп үнүн чыгарып,
-Жараткан кудай жан эгем,
Жалпы олуя кырк чилтен,
Жалгыз кызды не жасайт.
Бу жорукту көргүчө,
Эгем таала кудайдын,
Безилдеди бейбагың.
Бейбак болуп жүргүчө,
Бешикте жатып өлсөмчү.
Туубагандын түбү чий,
Эки адамдын кордугун,

Көк ала кылып атымды,
Акмак кылып өзүмдү,
Бир укпастан сөзүмдү.
Экөөнүн сүйлөп турганын.
Жатындашым бар болсо,
Акмак кылып томсортуп,
Томого туюк сүйрөйбү.
Уялашым бар болсо,
Арага киши салбайбы.
Айдатып калың жебейби.
Ай Ажыке, Түмөкө,
Ачууланба Чүрөккө.
Айтсаңар чын кебиңди,
Кол бошотуп бул экөө.
Анда Ажыкең, Түмөкөң,
Айчүрөккө кеп айтты.
– Кана Чүрөк бат айтчы,
Талас, Кең-Кол жеринен,
Капыр жөөт түгөнгүр,
Окшомдуу ногой элинен,
Таап келсең жездемди,
Алып келсең бачым айт,
Таппай келсең шериңди,
Жездемди таппай сен келсең.
Таап койдук жөнүңдү.
Кубулжубай жөөт күң,
Куткаргын ooган элиңди.
Боз-Дөңкүлдү болжодук,
Кырк жөкөрүң ээрчитип,
Тосуп ал Толтой эриңди.
– Ырас айттың Ажыке,
Макул айттың Түмөкө,
Жерге кирсин бейбагың,
Жеме кылба Чүрөккө.
Кылымдын баарын кыдырып,
Токсон күнү мен учуп,
Окшомдуу сулуу бейбагы,
Отуз бешке чыккыча,
Карыгыча келбеген,
Кан султандын баласы.
Канкорду таппай келдим – деп.
Шойкомдуу оозу шок экен.
Ногойдо канкор жок экен.
Бээжинден барып мен бейбак,
Белгилүү калча эр көрдүм.
Кара көңүл шер көрдүм,
Калмакка мыкты эр көрдүм.
Канкордун уулу жездеңи,
Калкынан таппай мен келдим.
Ташыркап учуп Таластан,
Таппай келдим күйөөңдү.
Ырас болгон турбайбы,
Энтелетип сүйрөйүн,
Эртерээк айтпай агалар,
Тий десеңер Толтойго,
Тийбей кантип коёюн.
Тозгун десең Толтойду,
Тозбой кантип коёюн.
Тозокко салба Чүрөктү,
Толтойго берем деп келсең,
Калыңсыз Чүрөк берди – деп,
Жалпы журттун баарына,
Жаман аттуу болгуча,
Тууганга таба болгуча,
Душманга уят болгуча,
Билем Ажы сырыңды.
Айчүрөк берем деп келсең,
Ишендирип ошону,
Чынкожо менен Төлөктөн,
Эки шаңшур жеп келсең,
Тилекти кудай береби,
Бүгүн Толтой келеби?
Кылычты кындан сууруштуң,
Баракелде Түмөкө,
Билем сенин сырыңды.
Кара көңүл шер элең,
Кайраты бар неме элең.
Чынкожо менен уруштуң,

Азыраак жерден калыштың,
Аягында табыштың.
Кошо барып көрбөдүм,
Безилдеген бейбакты,
Пирлерим айтып келди –деп,
Керетимде мен бейбак,
Кериде жатып билгемин,
Оозумду басып күлгөмүн.
Жезденер Толтой келеби,
Эл куткарып салабы,
Эриме тийип аламбы.
Ырас болот Ажыке,
Чүрөктү берем деп келсең,
Ооз басырык экөөңөр,
Эки жамбы чеп келсең.
Анда Ажы кеп айтат:
-Кагылайын Түмөнбай,
Кудай урган турбайбы.
Жамбы менен жакутту,
Билип койгон турбайбы.
Кайраты бар кебинин,
Безилдеген бейбактын,
Бир жерде баатыр Түмөкө,
Жарыгы жок капырдын,
Жашырган эри болбосун.
Ушу сөздү айтканда,
– Жашырган эрим бар болсо,
Бая эле ага экөөңө,
Жалоорубай агалар,
Бая эле айтып бербеймби,
Алдыңдагы бейбакты,
Шаарды билген мыктысы,
Сөз жагына ыктуусу.
Алдыңдагы бейбакты,
Атасы билет дечү эле.
Атасынан калганда,
Агасы билет дечү эле.
Эмгеке тууган бейбакты,
Энеси билет дечү эле.
Энесинен калганда,
Кан Акун калкы чогулуп,
Эли билет дечү эле.
Буйлаласа төө билет,
Богунан тартса бээ болот.
Ушунча журтту кыдырып,
Кан Акун кызы мен бейбак,
Өз жанына ээ болот.
Жалпы журтка билгизбей,
Экөөңөргө кеңешер,
Жашырыкча сөзүм бар.
Үч каалганы бекитем,
Дарбазамды кайтарган,
Аскеримди кекетем.
Мейманкана чоң үй бар,
Он эки канат зор үй бар.
Ордого окчун кирелик,
Душман туюп калбасын,
Жаман тууган укпасын.
Шурбун журттар укпасын
Аш тамагың жай берем,
Кеңешти кечке бүтөлүк.
Шоодураган көй кашка,
Күйөөнү тосуп алалык.
Эл куткарып салалык.
Сөөлөт менен Толтойго,
Эриме тийип алайын.
Жүр Ажыке, Түмө –деп,
Кабагын бүркөп суйсалып,
Капыр жөөт сумсайып.
Ажыбайды наалытып,
Акылга дыйкан чечен күң,
Түмөнбайды наалытып.
Ээликтирип экөөнү,
Кыз келини шуудуруп,
Ээрчитип басты Айчүрөк.
Ар кайсыны көп айтып,
Ээликтирип чоолутуп,
Эми басты бейбагың.

Тышкы коога кайтарган,
Төрт балбанга кол жаңдап,
Катуу басты далактап.
– Капканы бачым тарткын – деп,
Колун жаңдап койгондо,
Капа болуп эжебиз,
Чынкожодой кудадан,
Эр Толтой жезде күйөөдөн,
Кабар угуп алган бейм.
Балбандар тарта берди эле,
– Кир Ажыке, Түмө – деп,
Эки агасын киргизип,
Арт жагынан Айчүрөк,
Катар киргин кыздар – деп,
Катууланып күүлөнүп,
Кабагын бүркөп түрлөнүп.
Аркан бою Айчүрөк,
Балбанга көзүн кысты эле.
Колун муштап бейбагың,
Ызырынып койду эле.
Капка тегиз каң деди,
Катуу бекип заң деди.
Орто капка кайтарган,
Акундун кызы Айчүрөк,
Аскерлерге жетти эле.
Эки эшикти туюктап,
Ээрчитип келет бейбагың.
Эки агасын кыйыктап,
Андан ары караса,
Чолок чопкут тон кийген,
Кылычын кында кылыйтып,
Кырк жигит турат зыңкыйып.
Кырк жигиттин башчысы,
Кубулжуган шум жигит,
Сынагы экен Чүрөккө.
– Капканы тарткын кыйшайтып,
Катар түртүп ийгин – деп,
Жана жаңдап койду эле,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Бачым киргин баатыр – деп,
Бая экөөнү киргизип.
Үч эшикти бекитип,
Ажыбай менен Түмөңдүн,
Асмандан башка көрүнбөйт,
Айласы кетти экөөнүн.
Катын кызга кеп айтат:
– Канкорду көздөй каттаба!
Сарайды көздөй барыңар.
Ак серенин алдында,
Аттарын көрсүн бул экөө.
Безилдеген бейбака,
Касам ичип каргансам.
Бек ишенген болсун – деп,
Мындан кийин сарайга,
Бурата киргиз болсун – деп.
Акмак болсо корксун – деп,
Акылы болсо билсин – деп.
Ак серенин бурчунда,
Караңгы үйдө байлоолу,
Буурул атты көрсүн – деп.
Катыны барчы какмардын,
Калган каткан жүрөгү,
Ошондо жатып өлсүн – деп.
Аттарын көздөй саалытып,
Эми басты жөөлүтүп.
Айбандын туура тушуна,
Аркан бою алып барып,
Анда Чүрөк кеп айтат:
– Ай Ажыке, Түмөкө,
Жеме кылбай Чүрөкө,
Тозогун тартпай бейбакты,
Толтойго кармап бериңер.
Билегим кетти сабынан,
Жүрөгүм кетти кабынан.
Ар уруу үртүк жабылуу,
Кайсынын аты байланган.
Айланайын агалар,
Айбандарды көрүңөр.

Айчүрөк жеңең айтканда,
Эмнени айтат деп,
Ажыбай кайта басты эле.
Ак серенин алдында,
Кажаңдаган түгөттөр,
Сай күлүктү көргөн соң,
Шашпас Ажың бетиби.
– Кокуй Түмө бат тааны,
Эткен сонун жылкы эле.
Эмнесин байлаган.
Ажыбай туруп айтканда,
Түмөнбай туруп кеп айтат:
-Кой Ажыбай калжыба,
Эртеден кечке алжыба.
Ал атыңды билгидей,
Сенден мурун бул жерге,
Мен келдимби Ажыбай.
Таанысаң өзүң тааны – деп,
Тааныбасаң Ажыке,
Карындашың Чүрөктөн,
Капырдан сурап алгын – деп.
Адамдын тилин албайсың,
Арам өлдүң кандайсың.
Бар эми деп сен келдиң,
Барбаймын деп мен келдим.
Айчүрөктөн сура – деп.
– Кана Чүрөк жарыгым,
Карындашым бат айтчы?
Чынкожо менен Толтойго,
Кантип кармап берейин.
Колумду курап чогултуп,
Аскерди жыйып атышып,
Айлам кетсе беремин.
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрөмүн.
Кенебеген жездемди,
Кең-Колдогу күйөөнү,
Келирке жете күйөмүн.
Келбеттүү бейбак бат айтчы.
Кан Ажыбай айтканда,
Капыр жеңең сөз айтат:
– Кагылайын агалар,
Жалган таанык болбоңор,
Жакындан таанып алыңар.
Ойлонсоңор болбойбу,
Кейитпечи бейбакты.
Кермеде турган аттарды,
Мен тааныбайын иттерди,
Орустун колу келгенби?
Омуртка сөөгүн оркойтуп,
Замбирегин жүктөтүп,
Солдат минчү аттарбы?
Байкап көргүн агалар.
Кан атасын жай кылган,
Берекелүү Бээжинден,
Коңурбай келип калган бейм.
Канчык иттей кыңшытып,
Калдай минчү аттарбы?
Кабыргасын тыржыйтып,
Көк желетке, көк көйнөк,
Шилбиден жаасын алышып,
Шибээ минчү аттарбы?
Окшомдуу сулуу бейбагы,
Отуз бешке келгиче,
Ногойдон издеп келбеген,
Семетейди күй дейсиң.
Айланайын агалар,
Көк ала кылып этимди,
Энтелетип бейбакты,
Эки колдон сүйрөйсүң,
Толтойго барып тий дейсиң,
Эл куткарып кел дейсиң.
Кан Акундун бейбагын,
Капа кылып агалар,
Кайсы жакка жүр дейсиң,
Кайсынын атын бил дейсиң.
Кара көзүн кашайтып,
Какылдаган бейбакты,

Кайсы көргө кир дейсиң.
Жакындан барып тааныңар,
Дарбазаны тарттырып,
Агалар байкап билгин – деп,
Абыдан тааны экөөңөр,
Ашепке айтып салбаңар.
Чычалабай агалар,
Чыныңды айткын бачым – деп,
Жүрү экөөң баскын – деп.
Аргасын такыр түгөтүп,
Капталтты бейбак аттарга.
Оозун басып былк этип,
Ойрондун аты шумдуктуу,
Опсуз сулуу жеңеңдин,
Оң бөйрөгү бүлк этип,
– Бу кимдин аты таанычы,
Бу кимдин аты тааны – деп,
Кыжыңдаган бейбагың,
Кырка атты көрсөттү.
Тамам аттын баарысын,
Таанбай койду берки экөө.
– Акмак болуп калды – деп,
Ат таанбай койду – деп.
Айласы кетип берки экөө:
– Айланайын жаныбар,
Айбаны мындай болгон соң,
Багып минген ушуну,
Адамы кандай болду экен?
Айчүрөк жеңең байлаткан,
– Кермедеги күлүктүн,
Келишимдүү аттардын,
Мен айтайын маанисин,
Укчу мунун даанысын.
Берки четтен байкасаң,
Бакай кандын Көкчолок.
Сары кандын тулпарын,
Ошол экөөн бир байлап,
Үртүктөтүп шуркуя,
Койгон экен шаймандап.
Андан ары байкасаң,
Ажыбай, Түмө ойлосо,
Кермедеги боруму,
Айбандардын сонуну.
Арык атчан Акбурчак,
Алпайматтын Көкбурчак.
Ошол экөө бир турат.
Андан ары байкаса,
Абыкенин Наркызыл,
Көбөш кандын Суртелки,
Ошол экөө бир турат.
Андан ары байкасаң,
Каныкейдин кара кашка аргымак,
Чачыкейдинн Тайтору,
Ошол экөө бир турат.
Андан ары болжосо,
Чыйырдынын боз жорго,
Боз үртүгү жабылуу.
Ажыбайдын күрөң ат,
Кийитке кийген эр Бакай,
Ошол экөө бир турат.
Андан ары байкасаң,
Калды кызыл жалдуу көк,
Карды салык кодогой,
Жерге жакын матагай.
Көк баштаган көк ала,
Сай күлүктү сурасаң,
Баатыр Манас барында,
Тандатып алган ногойдон,
Сапар жүрчү он төрт ат.
Аркы четин байкасаң,
Колу кыска буту узун,
Өркөчү бийик зээри пас,
Өөдөгө салса чаалыкпас,
Аркасы бийик, зээри пас,
Адырга салса чарчабас,
Күлчоронун Кактелки,
Канчоронун Актелки.
Сур үртүгү жабылуу,

Келишимдүү сай күлүк,
Кейип экөө байкаса,
Кесирдүү жеңең байлаткан,
Кермени чоюп булкунуп,
Келишимдүү он төрт ат,
Кетенчиктеп жулкунуп.
Кажаңдашып тиштешип,
Карсылдатып тебишип.
Экиден жигит кармалап,
Ээңди жуткан чочко – деп,
Чыйрыткы салган немедей,
Тиштеп, чапчып алчудай,
Чылбырдын учун суу кылып.
Чие кылып жалмалап,
Көкүлдөрү эрбеңдеп.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Ар бирлерин караса,
Камыш кулак кара кер,
Каран калган аттардын,
Кайсы бирин айтайын.
Капкан соору, үкү аяк,
Ар бирлерин карасаң.
Эр Ажыкең, Түмөкөң,
Алтымыш асый болгуча,
Азуусун сөйкөп карыбайт.
Алты ай минсе арыбайт.
Качырып жоого тийгенде,
Канкордун көөнү оорубайт,
Арка мойну жоорубайт.
Ар бирлерин байкаса,
Жекендин башын чалбаган,
Жеткилең күлүк чочколор,
Жейренге жетпей калбаган.
Шоошак башын чалбаган,
Жортуп жерди баспаган.
Андан ары байкаса,
Караңгыда калт этпейт,
Башка чапса жалт этпейт.
Андан ары байкасаң,
Жетимиш асый болгуча,
Тил этин сүйкөп карабайт,
Жети ай минсе карыбайт.
Аттардын сынын көрүшүп,
Айласы кетти экөөнүн.
Ак серенин бурчунда,
Терезелүү, айнектүү,
Салкын үйгө байлаткан.
Кабыландын буурулу,
Атка бүлүк салат – деп.
Аттарга азап көрсөтүп,
Азаптан мурун кырат – деп.
Аскерди жөө таштайт – деп,
Бийиги кырк кез дарбаза,
Бууданды жалгыз байлаткан.
Мунун жайын сурасаң,
Тоо айланып таш баскан,
Жел кайыптын баласы.
Туудурдум деген ата жок,
Туудум деген эне бар,
Ээси Сайкал колунда.
Кулунунда ууз эмген,
Кунанында курч эмгек.
Бука моюн, буура сан,
Буурулдун жайын сурасаң,
Тартуугa келип Тайбуурул,
Энчилеп берген уулуна,
Эр Манастын колунда,
Алтымыш бээге телинип,
Асыйында арз эмген.
Кула, кула болот – деп,
Коктуга салып үйрөткөн.
Оозу чайбоо болот – деп,
Бугудан чылбыр сүйрөткөн.
Бугудай мойнун бураган,
Бута бою аң келсе,
Буйдалбастан чураган.
Буттап дилде бердирип,
Букардын каны сураган,

Буурулдун жайы момундай.
Ээн үйдө ээлигип,
Турган экен жээлигип,
Баскан жерин кемирип.
Эрмек кылып кайсактап,
Ээсин тарткан союлгур,
Мамынын башын кемирип.
Маңдайында кашкасы,
Ай тийгендей жаркырап.
Койдой болгон бор чымды,
Октоло түшүп ыргытса,
Бийиги кырк кез сепилден,
Чарадай болгон даңканы,
Алыс түшүп зыркырап.
Балтыры бала белиндей,
Чындап үрксө чочконун,
Мурдунан чыккан тыноосу,
Сырттын сыргак желиндей.
Муну көрүп берки экөө,
Тула боюн караса,
Буладан соккон ак жабуу.
Ак жабуунун тышынан,
Каптай жапкан шуркуя,
Жолборстон соккон чоң жабуу,
Көз уялган сур жабуу.
Суук душман көрсө – деп,
Жүрөгү түшүп өлсүн – деп,
Койгон экен жеңеңиз.
Турган экен жаныбар,
Мойнуна тумар тагылуу.
Алтын каптуу зор тумар,
Мойнунда турат калкылдап,
Кашкасы турат жаркылдап.
Жарыктыктын сонуну,
Жаңы байлап койгондой.
Кара кулак кулундай,
Ак нокто чоюп ыргыштап,
Куйругун чаап, баш булгап,
Баатырдын аты чоюлса,
Кулач кетет чоюлуп.
Шилидей болуп жыйылып,
Эминеси кошкурат,
Эминеси бышкырат..
Ажыбай көрө койду эле,
– Түгөнгөн Түмө оңбо – деп,
Ажал жеткен турбайбы.
Чалкасынан кетти эле,
Тарс этип жерге тийди эле.
-Тургун Ажы, тургун – деп,
Жакадан тартып тургузду.
Тура келип кеп айтат:
-Атың менен жерге кир,
Жоболоңдуу жөөт – деп,
Жолборсун байлап койгонбу,
Төөсүн байлап койгонбу,
Чөөсүн байлап койгонбу?
Капыр Чүрөк бу жөөт – деп,
Кубулжутуп шуркуя,
Куланы байлап койгонбу.
Каманын байлап койгонбу!
Бер жагынан байкаса,
Арстандын аты алкынып,
Салкынга байлап коюптур.
Ар жагынан байкасаң,
Агандын кушу талпынып.
Муну көрүп берки экөө,
Акылынан адашып,
Кыз берүүгө өкүнүп,
Санаасы кетти дыркырап.
Ажыкенин сийдиги,
Багалектен зыркырап.
Айласы кетип бул экөө,
Айчүрөкө айталбай,
Ыңгыранып калды эле.
Оркконун Чүрөк билди бейм,
Пери ургандай беттенип,
Көбүк кардай эттенип.
Каалгадай кашка тиш,

Күлсө күрөктөй тиши кашкайган,
Күзгүдөй бети тастайган,
Күймөлсө жыпар жыттанган.
Буудай өңдүү ак жүздүү,
Чекири жок кой көздүү.
Анда бейбак кеп айтат:
– Күндүз атты тааныбай,
Кайсыяктан келгенсиң.
Кан шаарын башкарган,
Баатыр болбой жерге кир,
Айтышса акыл тарттырбас,
Чечен болбой көргө кир!
Силерди салбайм дүмөкө,
Сумсайбагын агатай.
Келе сүйүнчү бергин Чүрөкө,
Айбанын көрсөң коркосуң.
Багып минген буларды,
Ээсин көрсөң кантесиң.
Тилекти кудай берген – деп,
Кан султандын баласы,
Кабылан жездең келген – деп.
Алыскы жерден жол тартып,
Ойло Ажыке, Түмөкө,
Кайнын көздөй жол тартып,
Какылдаган бейбак – деп,
Зайбын көздөй жол тартып.
Чынкожо менен Толтойго,
Жарай турган эр келген.
Акундун шаарын кутказып,
Жесирин алар эр келген.
Бейбагын издеп бул шаардан,
Эки чоро ээрчитип,
Эр Семетей келген – деп.
Берки четки көк чолок,
Абасынын аты – деп.
Мурунтан куда болгондо,
Кан атасы келгенде,
Кийитке келген абасы,
Ажыке байкап карачы.
Өзүңүздүн күрөң ат,
Окшомдуу жездең Семетей,
Алым салып журтунан,
Алыска минчү ат бер  – деп,
Тандатып алган сай күлүк,
Ногойдон чыккан он төрт ат.
Окчун турган байлалуу,
Ал опсуз жездең бууданы,
Орошон күлүк буурул ат.
Аны жолборс дебеңиз,
Ырысыңды жебеңиз.
Кан жездеңдин атасы,
Кайыптан алган тулпары,
Аркы турган талпынып,
Күйөөңөрдүн шумкары.
Жездеңер жатат зор үйдө,
Агалар бери басыңар!
බерением жатат тыякта,
Мейманкана чоң үйдө.
Калкынан чыккан шер экен,
Ополдон издеп келбеген,
Ногойдон чыккан эр экен.
Чынкожо менен Толтойду,
Тушарына кайран эр,
Теңебеген неме экен.
Ал эле жездем дейсиңби,
Ал баатырдын жанында,
Бир кабылан чоро дагы бар.
Эси чыкпайт душмандан,
Эки чоро кашында.
Кең-Колдон келип күйөөңөр,
Кенебей жатат ордодо.
Чынкожо, Толтой душманды,
Элебей жатат ордодо.
Баш көтөрбөй баркырап,
Касиеттүү жездеңер,
Камсанабай душмандан,
Уктап жатат заркырап.
Ногойдон чыккан эр экен,

Олуязада неме экен.
Шайыры бар ушунча,
Кагылайын агалар,
Экөөң ырысынды жебеңер.
Күйөөсүн мактайт дебеңер,
Берендин уулу баатырды.
Бери баскын агалар,
Мен ойготуп берейин,
Учурашып алыңар.
Айткыла Толтой маанисин,
Баатырсынган балдарга,
Угузгула даанасын.
Баатыр болсо барсын – деп,
Алыстан келген күйөөңөр,
Атасын тартса түгөнгүр,
Айчүрөгүн алсын – деп.
Коркок болсо бул канкор,
Коркуп кетсе Толтойдон,
Катынын берип кайтсын – деп.
Жүрү Түмө, Ажы – деп,
Баатырды көздөй бет алып,
Баягы жеңең суйсалып.
Эми басты ээрчитип,
Айчүрөк келет алдында.
Эки капка ачты эле,
Ар жагынан байкаса,
Кабылан жаткан зор ак үй,
Мейманкана чоң ак үй
Какылдаган бейбагың,
Капталтты эми баатырга.
Кайнагасы келгенде,
Карап турса бая экөө,
Керебеттин үстүндө,
Алты шайы чоң жууркан,
Алдына жаба салдырып,
Башына мамык койдуруп,
Ак олпок тонду жамынып,
Ар жакты карап болкоюп,
Уктап жатат зоңкоюп.
Баатырдын түрүн көргөндө,
Баягы экөө делдейип,
Карап калды селдейип.
Аяк жагын байкаса,
Буттай темир курчанып,
Кызыл өңү сур чалып,
Турган экен бир неме.
Канкорунун кара олпок,
Кагып силкип Канчоро,
Баш жагын байкап караса,
Казандай кара суусар бөрк,
Ботодой көзү жайнаган,
Шакардай ичи кайнаган,
Эрдин кесе чайнаган,
Кызылы түлкү жүнүндөй,
Күлгөнү кыздын үнүндөй.
Жаак чачы сербейип,
Таңкы тийген чолпондой,
Чымырайган сулуу кул,
Чолок чопкут тон кийген,
Казандай кундуз бөрк кийген,
Карап турат Күлчоро.
Баш аякта балдары,
Баатыр тууган абасы.
Алаттан өтүп кетчүдөй,
Баш аякта жаш балдар,
Карап турат какыйып.
Камсанабай душмандан,
Касиеттүү төрөсү,
Уктап жатат закыйып.
Аюу талпак, чоң күрсү,
Алдына жаба салды эле.
– Кел Ажыке, Түмө – деп,
Көзүн кысып чакырды.
Басайын десе Түмөнбай,
Кайра тартып Ажыбай,
Басамын десе Түмөнбай,
Анда Ажыкең кеп баштайт.
-Бул жөөттүн кылган ишин көр,

Касиеттүү жездеге,
Каратып туруп бузганын,
Калп айтып карап турганын.
Көрдүңбү Түмө Чүрөктү,
Көрүнө бузуп турганын.
Башка келген заманбы,
Капилет келдик үстүңө,
Кабылан жезде аманбы!?
Төбөгө келген заманбы,
Төрө жезде аманбы!?
Кара-Буура, Чаткалда,
Калың журтуң аманбы!?
Кан султандын баласы,
Кабылан жезде аманбы!?
Үч-Кошойдун бөксөдө,
Пайгамбар сындуу бабаңыз,
Бар бекен асыл абаңыз?
Чынкожо менен Толтойго,
Капа болбо кан жезде,
Келбей жатат чамаңыз.
Кабарыңды биз уктук,
Асыл атаң өткөндө,
Алыскы шаарга чоңойткон,
Айбалта алып колойткон.
Ат жалын тартып мингизип,
Аргын ногой журтуңду,
Аким кылып билгизген,
Каракан кызы Каныкей,
Асыл энең аманбы?
Тоодой Толтой ,Чынкожо,
Какылдаган зайбыңды,
Кантип кармап берелик,
Сизден азап көрөлүк.
Бир жеринен чын айтпайт,
Тиемин деген өзү ушул.
Чынкожо менен Толтойго,
Жез канаттуу бу зайбың,
Эр болжогон бул өзү,
Алтымыш күндө тием – деп,
Күн болжогон өзү ушу.
Капа болбо жездеке,
Бир жеринен чын айтпайт,
Дүмөктүү зайбың көзү ушу,
Илгертен берки сөзү ушул.
Кайныңа дүмөк көрсөткөн,
Катыныңдын көзү ушул.
-Кой Ажыбай кантесиң.
Анда Түмөң кеп баштайт:
-Акылыңан адашып,
Алжып калган экенсиң.
Андай айтпа Ажыке,
Ар кайсыны көп айтып,
Калжып калган экенсиң.
Эгем таала кудайдын,
Ак салганын көрсөңчү.
Чычалабай Ажыбай,
Чыныңды айтып өлсөңчү.
Кана баатыр кан жезде,
Ногойдон келген зор жезде.
Күйөө сендей болобу,
Сендей күйөө оңобу.
Ушу Чүрөк дартынан,
Чынкожо менен Толтойдун,
Жайынкысы болгондо,
Жадуу байтал минбедик,
Кышындысы болгондо,
Куйруктуу борук жебедик.
Жазгы утурум көктөмдө,
Жердин жүзүн ачпадык.
Ушу зайбың дартынан,
Уучтап эгин чачпадык.
Ай сайын алым берем – деп,
Томолонду көп журтум,
Топон аяк болду – деп.
Күйүкпө жезде угуп тур!
Кай кылыкка тардыктың,
Кайсы сөзгө ардыктың.
Кайнагаң турат кашыңда,

Калкым жатат ордунда,
Айчүрөк турат алдында.
Капа болуп каласың,
Күйөө күндүз келет дечү эле,
Кан жезденер келет – деп,
Алдынан кабар тийчү эле.
Үй көтөрүп, бээ союп,
Утурлап тозот дечү эле.
Жаман күйөө өңдөнүп,
Жашынып түндө келесиң.
Аттын баарын таптатып,
Кермеге байлап саласың.
Ак самын саткан сартка окшоп,
Дүнүйөкор байга окшоп,
Камсанабай Толтойдон,
Качып жатып аласың.
Минтип жүрүп бу шаардан,
Бейбакты кантип аласың,
Бейпайга бизди саласың.
Байрак булгап бакырдым,
Боз-Дөңкүлдөн берем деп,
Эр Толтойду чакырдым.
Бүгүн жезде жок болду,
Алдында Чүрөк зайбынды,
Айып көрбө жездеке,
Кармап берем деп келдим.
Чынкожо менен Толтойдон,
Эки шаңшуур жеп келдим.
Тилекти кудай берет – деп,
Бүгүн Толтой келет – деп,
Баатыр жезде барсаңчы,
Кабыргасын сөксөңчү,
Канын суудай төксөңчү!
Кармашпасаң Толтойго,
Катыныңды берсеңчи.
Чынкожо менен Толтойдон,
Коркор жериң бар болсо,
Койчу жезде чыныңды айт.
Табышың тышка чыгарбайм,
Айтыша жүргөн азабым.
Кайта арага барайын,
Айчүрөктү берем – деп,
Чынкожонун кара атын,
Салышыма алайын.
Эр Толтойдун Суркоён,
Эки күлүк баш кылып,
Берендердин күлүгүн,
Калыңына алайын.
Жөөлөтүп баарысын,
Ажыратып салайын.
– Макул айттың Түмө – деп,
Капа болбо кайнага,
Салкындан кеткен качкын кул,
Эр Чынкожо барбы – деп,
Элимден кеткен эсер кул,
Тең атанын уулумун,
Теңиринин кулумун.
Эсим чыкса экөөнөн,
Эр Чынкожо, Толтойдон,
Окшомдуу ногой элимден,
Он миллион кол албай,
Жаш балдарды ээрчитип,
Эмне жалгыз келейин.
Коркпогула качкындан,
Эр Чынкожо бар болсо,
Урдуруп жүргөн мен ушул.
Кан жүткүртүп качкынды,
Уруп жүргөн чоро ушул.
Урушарым Чынкожо,
Урумду бузат Ак келтем,
Кыргын салчу Канчоро,
Кырып салчу Күлчоро.
Текебер болуп кетпесе,
Теңирим ишти оңдосо.
Илгертен берки сөзүм – деп,
Кылымдын баарын кыйратып,
Кыз алуучу өзүм – деп.
Бери чыкчы балдар – деп,

Жарактын баары шаркылдап,
Жакут айнек жалтылдап,
Кокузун кара тон менен,
Коржоңдогон эр неме,
Эки чоро ээрчитип,
Эшикке чыкты элөөрүп,
Эр Семетей делөөрүп.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Арт жагынан чыгарда,
Айчүрөк туруп кеп айтат:
– Кой Ажыке, Түмөкө,
Капа болбо түгөткө.
Берендин уулу канкорго,
Бейбакты бузду дебеңер,
Тоодой Толтой түгөткө,
Үчөөнүн бирөө аттанат.
Калкынын баарын чогултуп,
Кан Акун атам келсин де.
Канкордун жүзүн көрсүн де.
Баргыла Ажы, Түмөкө!
Балдарга бата берсин де,
Бачым атам келсин де.
Баатырдын уулу Семетей,
Күйөөнүн жүзүн көрсүн де.
– Макул болот Чүрөк – деп,
Эки аргымак минишип.
Акундун үйүн бет алып,
Экөө жүрдү жарышып.

## АКУН КАНДЫН СЕМЕТЕЙГЕ КЕЗИГИШИ. КҮЛЧОРОНУН ЧАЛГЫНГА ЖӨНӨШҮ

Кан Акундун үстүнө,
Келди экөө кыйкырып,
Барды экөө бакырып.
– Сүйүнчү, каным, сүйүнчү!
Тон, өтүгүң кийинчи,
Алты айдан бери журтуңду,
Каматары эп экен.
Келбеттүү сулуу бу кызың,
Күйөр жери эп экен.
Капа болбо зор каным,
Атасы Манас кудадан,
Артылта тууган неме экен.
Пейлин көрдүк жезденин,
Олуязада неме экен.
Анча-мынча кишини,
Теңебеген неме экен.
Эки чоро ээрчитип,
Эр жездебиз келиптир
Байкап көрдүк күйөөңдү,
Бала да болсо тунукту.
Көз кашайсын көрбөдү,
Асылы мындай улукту.
Ал эле жезде дейсиңби,
Ал күйөөңдүн жанында,
Чынкожо менен Толтойго,
Жарай турган жандар бар,
Камандай болгон балдар бар.
– Акмак журтум калайык,
Айтпадым беле бая эле.
Тилегим кудай берет – деп,
Жалпы журтунан жалгызым,
Кайнына быйыл келет – деп.
Айтсам мени каптайсың,
Баатыр куда колдо –деп,
Аксарбашыл кой алып,
Ителгидей кара көз,
Ирмебестен жаш кетип,
Боздоп ыйлап зор каның,
Боз жоргону токутуп,
Ак селдеси башында,
Ак сакалын жайкалтып,
Келди каның буркурап.

Капканын ичи жаңырып,
Көрүшүп атат канкорго,
Касиеттүү султанга.
Адамдын сөөгү зыркырап,
Киши өлгөндөй чуркурап.
Жеткени колдон көрүшүп,
Жездекелеп көп журту,
– Эсенсиңби жезде – деп,
Этегинен өбүшүп,
Акун каны келгенде,
– Кайнатаң келди жезде – деп,
Жарыла берди көп журту.
Аркан бою арстаның,
Эки колу боорунда,
Салам айтып турду эле.
Арстандын жүзүн көргөндө,
Алике тили келе албай,
– Амансыңбы чырагым,
Кепилдеги кайныңа,
Кең-Колдон келбей сен жаттың.
Келеби деп жалгызды,
Кейишиң тартып мен жаттым.
Акун кандай каныңды,
Айчүрөк аттуу зайбыңды,
Аңдабай жалгыз сен жаттың,
Азабың тартып мен жаттым.
Амансыңбы жалгызым!
Жолуңду кудай жолдосун,
Жолборс атаң колдосун!
Жолу кыска Толтой
Илияс Кыдыр колдосун,
Издесе душман оңбосун.
Батасын берип зор каның,
Эки чоро ээрчитип,
Элдин баары таң калып,
Эми басты Семетей.
– Балдар бери бачым бас,
Бер кел балдар кеңешем.
Айтып, айтпай пайда жок,
Аргасы кетти абаңдын,
Армансыз дүйнө кайда жок.
Арга тапкын жаш балдар!
Борой-борой күн жааса,
Бөз керешке болуучу,
Болумдуу ногой элим жок.
Ала кайбыр күн жааса,
Ак керешке болуучу.
Абакем Бакай мында жок,
Бүгүн Толтой келет бейм,
Тилекти кудай берет бейм.
Шашпай абаң барууга,
Шаршемби күнү болсочу.
Өңгө жалган, өлүм чын,
Өлүм айтып келеби!
Душман керез айттырбайт,
Ажал депкир таптырбайт.
Тоодой болгон Толтойго,
Он бештеги Канчоро,
Сен барсаң бейм ошого.
Он экиде Күлчоро,
Сен барсаң бейм Толтойго.
Бышыктырбай башында,
Эрке асырап жашында.
Балтыр этиң толо элек,
Балбан чагың боло элек.
Жылан жылым артымда,
Жылкы жылым үстүмдө.
Мүчөлүм келген быйыл чак,
Каракан кызы Каныкей,
Касиеттүү энекем,
Бейшембиде толготуп,
Жерге түштүм жумада.
Катарым каршы келиптир,
Кантип барам Толтойго,
Камандай балдар арга тап.
-Макул айттың баатыр – деп,
Мен барайын Толтойго.
Кабылан аба макул – деп,

Канчоро турду күүлөнүп,
Барамын деп түрлөнүп,
Канчоро калды камынып.
Канчоро тура калганда,
Камандай бала турабы.
Кабарын угуп Толтойдун,
Адамдан башка түрк тууган,
Аягы менен тик турган.
Туубай жатып туйлаган
Туурга конбой даарыган.
Бөрк ал десе баш кескен,
Кан төк десе жин төккөн,
Суу ич десе уу ичкен.
– Чуулгандуу чунак кул,
Кой Канчоро күүлөнбө,
Барамын деп түрлөнбө!
Катарың каршы келиптир,
Дарбазадан чыкпагын.
Эр Семетей жанына,
Эрмек болгун Канчоро.
Тоодой болгон Толтойду,
Торгойдой кулга берсек бейм.
Туйгунум аба ойлончу,
Туулмак бар, өлмөк бар,
Жаздыктан өлгөн жаман дейт,
Жоодон өлгөн шейит дейт.
Кара шаар Камбылдан,
Казат кылып өтөйүн.
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн.
Ажалың жетсе Толтойдон,
Акмак кулдан өлөйүн.
Баатыр аба маа бергин,
Балактаган Толтойдун,
Балбандыгын көрөйүн.
Катарың каршы келиптир,
Каптатса кудай Толтойду,
Кан жөткүртүп келейин.
Камандай бала айтканда,
– Тоодой болгон Толтойго,
Торгойдой бала барам дейт,
Эми аргам не болот.
Ой Канчоро турбачы,
Ак боз бээни алып кел,
Баатыр атам колдо – деп,
Жаратканга жалынып,
Бар олуя кырк чилтен,
Кудурет кубат бергин – деп.
Баабединге жалынып.
– Баатыр аба кантесиз,
Бул жолду мага бериңиз,
Бу жолду мага бербесе,
Баабединди коё тур.
Буркурап ыйлап тургуча,
Буурулду бачым токутчу.
Аткарып туруп Толтойго,
Анан чалгын малыңды.
Айт айтпаса төгүнбү.
– Ырас баатыр, макул – деп,
Ушу сөзү акыл – деп.
Канчорону ээрчитип,
Арстаның басты арбактап.
Эр Түмөнбай, Ажыбай,
Кошо басты урбактап.
Кырк жөкөрүн ээрчитип,
Чүрөк басты шоодурап.
– Касташа турган душман бар,
Чынкожо, Толтой эр жатат,
Жет-Кайттан келип шер жатат.
Түндө катар келеби,
Түндө шашпа бу кантет.
Күндүз катар келеби,
Күндүз шашпа бу кантет.
Бээ курсак болуп бууданы,
Бек семирип калат – деп.
Болумдуу күлүк буурул ат,
Бооруна казы алат – деп.
Саяпкерди алдырып,

Арпаны күн-түн жуудуруп,
Кочушка ченеп жем берип,
Келиштирип жеңеңиз,
Келтирип байлап коюптур.
Дарбазалуу коргондон,
Жетелетип чыкты эле.
Ажыбай кармап чылбырдан,
Эр Канчоро, Түмөнбай,
Ээр токумдай аралап.
Капталынан Семетей,
Аколпогун жамынып,
Арстаның карап турду эле.
Үпчүлүгү бир тогуз,
Чүрөк үпчүлүгүн чыгарып,
Топчулугу бир тогуз,
Жолборстон үртүк алдырды.
Кабылан жолборс Семетей,
Капталынан байкады,
Келишимдүү күлүгүн,
Келтирген экен саяпкер.
Калган экен Тайбуурул,
Канчык иттей кынжыйып,
Кабыргасы тыржыйып.
Жал, куйругу чыбыктай,
Жарыктыктын сонуну.
Жараган экен жабыктай.
Кашка тиши кабышып,
Казы алуучу боор эт,
Казы менен биригип,
Кый сүбөгө жабышып,
Омурткасы оркоюп,
Жамбаштын сөөгү коркоюп,
Жараткан экен саяпкер.
Айбандын чоңу колкоюп,
Күлчоро менен Семетей,
Эки баатыр берендин,
Кимиси менен зоңкоюп.
Булгары тердик, көк желдик,
Бууданга арта салды эле.
Капталы темир, кашы тал,
Алдынкы кашы карк алтын,
Көткү жагы карк күмүш.
Ээрчип жүргөн пенде жок,
Эгем таала билбесе,
Эки болот сом темир,
Эптеп соккон чоң ээрин,
Коло менен сары жез,
Чыбырткы салып көктөгөн.
Алмамбет кылгн ак ээрин,
Бууданына чак эле,
Атына арта салды эле.
Көмөлдүрүк узартып,
Куюшканын кыскартып,
Төш олоңун бек тартып,
Басмайылын бекитип,
Чап олоңун бош тартып,
Салаңдата куйругун,
Шайы менен чойдуруп.
Кебездей болгон көкүлүн,
Жаркыратып кашкасын,
Жарым кез көккө нойдуруп.
Тердик бурчун көзөтүп,
Канжыгага каңтарып,
Кайра алпарып байлатып,
Шаңына чыкты Тайбуурул.
Байкабастан Толтойду,
Күлүстөн балалык менен айтпасын,
Жаштык менен айтпасын.
Энекемин сүтүнө,
Мастык менен айтпасын.
Балалык менен бул айтса,
Эси чыгар Толтойдон.
Жаагынан сары түк чыгып,
Кабагын бүркөп кумсарып,
Аколпокту бир кармап,
Калайыкты көп карап,
Улутунуп үшкүрсө,

Эки катар бир келсин.
Он эки катар келсин  – деп,
Өзүм барып келем  – деп,
Алмамбеттей атасын,
Жазбай тартса күлүстөн,
Капа болбой Толтойго,
Камынып атат Толтойго.
Кабылан басып келди эле,
Баатыр басып келгенде,
Жарыла берди көп ооган.
Бала байкап караса,
Кан Акун баш болуп,
Калың жуту таңданып,
Карап турат чорону.
Оюнга барчу немедей,
Камсанабай күлүстөн,
Камынып айтат Толтойго.
Калайык байкап караса,
– Эсен болсо жалгызым,
Энеси бейбак Каныкей,
Эки чоро ээрчитип,
Белин бекем бууса  – деп.
Бээжиндеги чочкодон,
Манастын кунун кууса – деп.
Очогор огу тиер – деп,
Азабын мага тарттырып,
Акырет көздөй кетер – деп,
Убалы мага болор – деп.
Ногойдон уста чогултуп,
Карап туруп кашына,
Бөлөкбайды баш кылып,
Белдемчи деген бебилин,
Беш кадамал себилин,
Белине кынай чойдурган.
Өзү мыкты балдарга,
Өпкөгө найза кетер  – деп,
Кемер курдун алдына,
Туура болот койдурган.
Колтукка койгон темирди,
Кош кабырга себилди,
Төшкө кынай чойдурган.
Жүрөкө мынтык тиер  – деп,
Ак чопкуттун алдына,
Туура болот койдурган.
Туулга деген себилди,
Башка кынай чойдурган.
Башка балта тиет  – деп,
Кундуз бөрктүн алдына,
Туура болот койдурган.
Замбирек огун тосор  – деп,
Ок сокмогу өтөр  – деп,
Баатыр болчу балдарга,
Өпкөгө зобум кетер  – деп,
Бөөдө балдар өлөт – деп,
Алым салып ногойго,
Кызыл нарды комдотуп,
Анжиян, Кашкар ак була,
Алыскы шаардан алдырган,
Огун буттап алдырган
Экендисин эгеткен,
Ишмекерди чогултуп,
Жең жакасын теңеткен.
Чоролорго тон жасап,
Буруп келип койдурган.
Бир катары шайыдан,
Бир катары жибектен,
Бир катары буладан,
Бурамалар чаптаган,
Булгары менен каптаган.
Тигишинин баарына,
Сары желим ичирген,
Толкундан чыккан кызыл кум,
Торко элекке элеткен.
Кызыл кумдан септирип,
Келишимдүү жасаткан.
Бараңдын огу бадалдан,
Каранын огу кадалган.
Замбирек огу жадаган.

Атышып жоого бет алса,
Найза сайса өтпөгөн.
Алдадан ажал келбесе,
Адамдын алы жетпеген.
Калкан жака кынама,
Балдардын зоотун сураба.
Мактанчылык сөз эмес,
Баары ошондой бурама.
Чоро кийип чопкут тон,
Намаздигер шам менен,
Күмүш кемер курчанып,
Күлүндөгөн чунак кул,
Күндөй бетин сур чалып.
Жандын баары делдейип,
Жаркыраган сулуу кул,
Жаактан чачы сербейип.
Кылычы белде кыңгырап,
Айбалта менен доолбас,
Канжыгага бек байлап.
Аккелте мылтык асынып,
Сыр найзаны таянып,
Буурул атын жетелеп,
Кыбылага жол тартып,
Намаз шам менен жаш бала,
Олтуруп берди эрбейип.
Баланын жүзүн көргөндө,
Баатырдын уулу Семетей,
– Баланын башын буугун – деп,
Мекеден келген суу жоолук,
Периштелүү чоң жоолук,
Берeним Манас атасы,
Каракан кызы Каныкей,
Бетине жапкан чоң жоолук,
Жаркыраган бейбакка,
Жанынан алып берди эле.
Басып келип түрлөнүп,
Эки этеги жерде сүйрөлүп,
Баланын башын бууду эле.
Кежигеге келтирип,
Келиштирип бек бууду,
Жоолуктун учун туюктап,
– Аман барып эсен кел,
Айланайын күлүстөн,
Саламат барып сак кел – деп,
Капкадагы агаңды,
Сагындырбай бат кел – деп,
Алкымынан бек жыттап,
– Аман келчи – деп жыттап,
Айчүрөк кайра баскан соң,-Аттанам Толтой баатырга,
Жаркын аба бата бер!
Баатыр Толтой күйөөгө,
Эртерээк аба жетем – деп,
Баабендиниң чалгын – деп,
Оң батаңды бергин – деп,
Оң колума салгын – деп.
Камандай болгон кулуңа,
Капа болбо мунуңа.
Бачым бата бергин – деп,
-Айт айтпаса төгүнбү,
Эгем таала колдой көр,
Эми арга не болот.
Ата жалган дүнүйө,
Бышыкпаган бала эле,
Кубат бергин кудайым.
Чынкожо менен Толтойдон,
Кайным шылдың кылбасын.
Коркуп ыйлайт дебесин,
Ырысын журту жебесин.
Мунажат кылып кудайга,
Чоңсунбаймын Толтойго,
Ак жүрөмүн алдага,
Ак бир бээни алып кел!
-Баабединди чалам – деп,
Кудайга налыш кылам – деп,
Жасайылын салынып,
Жаратканга жалынып,
Жаасынга тили келе албай,

Кабыргасы сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
-Иштеткеним Тайбуурул,
Ишенгеним Аккелте,
Арка кылган Аколпок,
Каранганым Канчоро,
Кармanганым Күлчоро.
Казаттуу жолго баратат,
Кашайтпагын кудурет.
Алдадан башка айлам жок.
Берендерим колдой көр.
Алмамбет, Чубак, кырк жайсаң,
Арбагыңда колдой көр.
Кубат бергин кудай – деп,
Асыл Сыргак абаке,
Кандай заман болду – деп.
Кабылан Манас атаке,
Арбагыңда колдо – деп.
Шыйпанарга куйрук жок,
Куланга чалыш мен жалгыз,
Кашынарга жалым жок,
Жыланга чалыш мен жалгыз.
Жараткан кудай жан эгем,
Жалпы олуя кырк чилтен.
Жашыбай кантип кой дейсиң,
Жанга өлчөгөн жалгыз ат,
Каргадай болгон жаш бала,
Казаттуу жолго баратат,
Кууратпагын кудурет,
Бир өзүңө аманат.
Өөдө чыкса өбөгүм,
Ылдый түшсө жөлөгүм,
Көт жагында көлөкөм,
Оболоп учар чалгыным.
Алтындан кылган сом балкам,
Агарып келген тыргооттон,
Алмамдан калган чоң аркам.
Каз каркылдап өткүсүз,
Дарыя чалкар көлдөйүм,
Адамдын уулу ашкысыз,
Ашуусу бийик белдейим.
Аркырап аккан селдейим,
Жалгыздыктын дартынан,
Күлүстөн сенден айрылсам,
Жаныма жолдош болууга,
Тамам журттан издесем,
Табылбайт чунак сендейим.
Аталаш алтоо болгуча,
Жараткан кудай жан эгем,
Жалгызды кудай не жасайт,
Эмчектеш экөө болсомчу.
Күлүстөн сенден айрылсам,
Бу жалгандан мен көчсөм,
Белин бекем бууган жок.
Туйгун абаң жалгызга,
Ордуму басып каларга,
Уялаштан тууган жок.
Кан Акундун шаарынан,
Катын алам деп келип,
Кабыландан ажырап,
Канатымды кайсап жеп,
Кайрылып учпай каламбы.
Колу, бутум кошо жеп,
Козголуп баспай каламбы.
Ичим капа, тышым чок,
Жаныма жакын жолдошко,
Күлүстөн тууган Күлчоро,
Сенден башка кишим жок.
Жараткан кудай жан эгем,
Мекеде султан Айкожо,
Кубат бергин кудай  – деп,
Чоңсунбаймын Толтойго,
Анын жайын көп уктум.
Атасы Багыш арстандан,
Артылта тууган шер экен,
Аябаган эр деген.
Оң бөйрөгү болк этсе,
Оңду чабар эр деген.

Сол бөйрөгү болк этсе,
Солду чабар эр деген.
Кыйыгына тийгенде,
Кылымды бузчу шер экен.
Кысталакты кемитпейм,
Касиеттүү Ополдон,
Кыз алуучу эр деген.
Алда таала кудурет,
Бирге ыйларга ногой көп,
Бирге тууган менде жок.
Жалпы ыйлар ногой көп,
Жакын тууган менде жок.
Тай кунандай тебишкен,
Тартышып эмчек эмишкен.
Күлүстөн тууган жарыгым,
Жандан жаман ынагым.
Кестелүү калпак, кең чалбар,
Кеңешим бирге күлүстөн.
Саймалуу калпак сары учкай,
Санаам бирге чунагым.
Жаштык кылып саларсың,
Күрөшсөң күчүн келбес – деп,
Тоодой Толтой чочкого,
Алышсаң алың жетпес – деп,
Балалык кылып саларсың.
Байкап сайбай Толтойду,
Билемин сенин сырыңды,
Эрке асырап чоңойткон,
Ээликмелүү бала элең.
Эсиңе келген бир кепти,
Эгерде кишиге бербеген,
Кудай урган бала элең.
Дал ортого саясың,
Жаман сайып Толтойду,
Жарадар кылып кутказып,
Өрөпкөп сүйлөп күүлөнүп,
Өзүмө жеме кыларсың.
Катарым каршы келбесе,
Кантер элем Толтойду,
Өзүмдүн колум болсочу.
Баланы төрө атказды,
Баатыр чалып баабедин,
– Коштошомун саа – деп,
Каргадай болгон Күлчоро,
– Күйүкпөгүн аба – деп,
Күйбө баатыр маа – деп,
Кантет күйөө, жезде – деп,
Кайның шылдың кылбайбы, Кудай сени урбайбы.
Жараткан кудай жасаган,
Жандын баары жалгыз дейт.
Кулуңдун жанын кыйнайсың,
Катындан бетер ыйлайсың.
Кайрат айтсаң болбойбу,
Кай жеримде жаштыгым.
Сермелип атка мингенде,
Сегизинде жоо сайбай,
Сексенинде саябы!
Торолуп атка мингенде,
Тогузунда жоо сайбай,
Токсонунда саябы!
Чыным менен бет алсам,
Сырнайза колдон таябы!
Ойрон кулду жаш дейсиң,
Кай жеримде жаштыгым,
Калыс айтчы арстаным.
Кана аба падыша,
Он эки деген аз эмес.
Ободон кудай урбаса,
Тоодой болгон Толтойго,
Томуктай кулуң жаш эмес.
Кулагың салгын мага – деп,
Алда кандай иш болот,
Ак жүрөлүк алдага.
Кейибей уккун султаным,
Жакшылык менен жамандык,
Аралаш айтып жөнөсөм,
Казатыңа баратам,

Катарыңа баратам.
Кейибей уккун абаке,
Керезимди айтайын.
Байкадың беле падыша,
Бармактай бала чагымда.
Кунан жорго мингизип,
Алтын күрмө кийгизип,
Тогуз жашар экенде,
Ашка, тойго алып барып,
Арт жагыңдан ээрчитип,
Баки ногой алдында,
Балбанга салдың кулуңду.
Менменсинген балбандан,
Ак сакалдын алдында,
Калайыктын кашында,
Кан жөткүртүп көп чыктым.
Аргын ногой журтуңдан,
Алтымыш балбан мен жыктым.
Баки ногой журтуңа,
Балбан чоро атандым.
Бу сөзүмдү айттымбы,
Чунак кулуң эркелеп,
Так он жашта экенде,
Керегимди айтайын.
Өзүңүздү аркалап,
Калкымдан келген качкынды,
Эр Чынкожо чочкону,
Жолун тозуп үч урдум.
Аягында күч урдум.
Эр Толтойдон мен өлсөм,
Ак барайын алдага.
Чынкожо менен эл болсоң,
Капа болбо деп айтчы.
Акырет кеткен чороңдон,
Камчыңдан кесчи деп айтчы.
Айланайын абаке,
Эсен элди сен көрсөң,
Молдолордон кеп уктум.
Эр Толтойдон мен өлсөм,
Курандан пайда деп уктум.
Ак эшениң алдыргын,
Акырет кеткен кулуңа,
Алты ай куран оодаргын.
Какте лкидей күлүкө,
Ак жайнамаз бөктөрүп,
Ат токутуп бере көр.
Алда таала жеткирсе,
Бурак кылып минейин.
Кагылайын абаке,
Дагы керез айтайын.
Жылас кулуң эркелеп,
Жылкыда жүргөн жеримде,
Шеринеме соём – деп,
Кара көңүл байыңдын,
Коюна зордук кылгамын.
Эстеп айткын элиңе,
Эки жүз ногой ургамын.
Бакай канга барып айт,
Баатыр аба унутпай.
Асыл Бакай абама,
Акырет кеткен кулуңа,
Акың болсо кечкин де.
Эсен жетсең энеме,
Каныкейге айта көр.
Жездин сыры өтөт – деп,
Көчүккө була төшөткөн.
Качкан жоону куусун – деп,
Жүрөгү майлуу болсун – деп,
Ак аркар тилин жегизген.
Ак эмчегин эмизген,
Сүтүңдөн кечкин деп айтчы.
Кейибечи абаке,
Керезим ушу болсун – деп,
Алкымыңды көтөрчү,
Азырак жыттап алайын.
Койчу аба – деп жыттап,
Кулум өлдү дебегин,
Бек байлангын белиңди,

Кубат кыл ногой элиңди.
Жаман тууган чочкого,
Боздоп ыйлап түгөнгүр,
Бошотпогун белиңди.
Болжолун айтчы Толтойдун,
Кайсы жерде турамын.
Кайсы убакта келет – деп,
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрбөйбү.
Ойлосоңчу ногойдон,
Менче чоро өлбөйбү.
Өлүп калсам Толтойдон,
Ит териси кулуңмун.
Өлбөй тирүү мен келсем,
Кой териси кулуңмун.
Кулуңан жебе убайым,
Капталтса кудай Толтойду,
Канча жерге кубайын.
Айбаның кандай жылкы экен,
Айтчы атыңдын маанисин,
Угузчу буурул даанысын.
Найзаңды кандай саямын,
Айтчы абаке чороңо?
Айбалта, кылыч, Аккелте,
Угуз маа жабдыгын,
Бачым айтчы маанисин.
-Баракелде, макул – деп,
Ырас айттың акыл – деп,
Көрбөсөм да Бакайдан,
Жону кандуу жылкы дейт,
Бир жатындаш бууданга,
Алтымыш аттын дүбүртү,
Аягында бар – деди,
Айбандан сонун жан – деди.
Түздөн чыгып кетти – деп,
Өмүрүн кеспе буурулдун,
Көшөрө куугун Толтойду.
Алдыңдагы буурулду,
Туудум деген эне бар.
Кайда экени билинбейт,
Туудурдум деген ата жок.
Тоо айланып таш баскан,
Жел кайыптын баласы.
Кыз Сайкалдын колунда,
Кулунунда ууз эмген,
Кунанында курч эмген.
Тартууга келип Манаска,
Атам арстан колунда,
Балтыр бешик жаш чакта,
Энчилеп берген өзүмө.
Алтымыш бээге телинип,
Асыйында арз эмген.
Колу коло болот – деп,
Коктуга салып үйрөткөн.
Бука моюн, буура сан,
Буурулдун жайын сурасаң,
Бука моюн, буура сан,
Жеркенттин сары талаада,
Жебедей болгун буурулум.
Жетип берер бир кезде,
Этият болгун чылбырга.
Коё бергин тизгинди,
Найза бою аң келсе,
Акыры сени жыкпайт –деп.
Аттын жайы момундай,
Бүгүн саа чоң найза,
Как өзүмө чак найза,
Жаштык кылбай жакшы сай.
Жаркыным Манас атакем,
Жаш карагай сомдотсом,
Ат көтөрүп жүрө албас,
Айбанга убал болот – деп.
Как карагай сомдотсом,
Алтымыш жыгач эптеген,
Желим менен септеген,
Алтын менен чырматкан,
Колодон кошо ороткон,
Соот басар, бөрү тил,

Өлчөлүү жерге сен силксең,
Темирге тийсе тешет – деп,
Тийген жерин эшет – деп.
Карыш жерден качырып,
Кабылтар кудай Толтойду.
Кый сүбөгө коюңар,
Ошо жерде сөөккө,
Ийниңдеги Ак келте,
Кыйладан бери атылбай,
Ичи каңдап калгандыр.
Майлык тартып ата көр!
Коңур салкын күзүндө,
Кең-Кол менен Таласты,
Катар ченеп алам – деп,
Бөлкөңдүү төрө баш болуп,
Алтымыш төрө ченчиге,
Аскер менен келгенде,
Карактап калып орустан,
Кайта устага оңдоткон.
Орустан келген он уста,
Кытайдын келген сегизи,
Оогандан келип жети уста,
Бараңдан келген алты уста,
Ногойдон барган беш уста,
Сабын салып келтирген.
Аткан жоосун өлтүргөн,
Оозуна алтын ашаткан,
Ыраакы, жуук ылгабай,
Көткү кароол ойлосоң,
Көнөктөй жакут чөгөргөн.
Атчан жоого атам – деп,
Аккулага мингенде,
Үч чакырым ак кыя,
Алмамбеттин ак тердик,
Ашкере бута койдуруп,
Жаркыным атам атканда,
Жара берген батаны.
Билип атса милтелүү,
Байкап атсаң ак бараң,
Абайлап атсаң алты атар,
Туруп атса очогор,
Он эки дүрмөт көтөрөт.
Козголуп атсаң койчагыр,
Ачууланса замбирек,
Асынып алып бадырек,
Арта салып бууданга,
Байлай аткын Толтойду.
Асынганда абаңдын,
Айдалынын көркү ошол.
Атышып жоого киргенде,
Аманат жандын соогасы,
Аккелте жайы момундай.
Канжыганда айбалта,
Көмүрүнө чыдабай,
Кең-Кол менен Таластын,
Орто жери чоюлган.
Көрүгүнө чыдабай,
Көп өгүздөр союлган.
Сугатына чыдабай,
Башат,булак тартылган.
Кармарына чыдабай,
Кол жеңине сыйрылган.
Барарына чыдабай,
Көз, кашына сыйынган.
Уңгусу болот, учу курч,
Эшик эндүү айбалта,
Жазбай чапкын чочкону.
Жаагына болот кырдаган,
Жамакчылар ырдаган.
Жонуна болот кырдаган,
Жомокчулар ырдаган.
Сыртынан урган алтыны,
Чогуусунда муштумдай,
Чоң айбалта ушундай.
Кантип уста таптаган,
Как ыргайга саптаган.
Пил терисин каптаган,
Айбалта жайы момундай.

Жарактын жайын айттымбы,
Балалык кылбай байкап чап.
Жаныңдагы жойболот,
Атаңдан калган нар кескен,
Тигирек шилтеп ийбегин.
Тизеңди чаап албагын,
Алдыңдагы буурулдун,
Кар жилигин албасын.
Атыман айрып чунагым,
Кашайтып каран салбагын.
Мындан ары сен барсаң,
Жака жолго кирбегин,
Алкым жолго сала көр.
Бурулуп түшкөн мурун бар.
Салынып түшкөн урчук бар.
Келет Толтой ошерге,
Кебелбей тозгун чунагым.
Кереге бою жабыр бар,
Келет Толтой ошерге,
Найза бою акыс бар,
Боз мурундан былк этсе,
Чыканактап койбогун,
Чырм этип уйку албагын.
Таң тыяктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Таң кашкайып аткыча,
Жарым түнгө чыдай көр.
Болжолун айттым Толтойдун,
Кош Күлчоро аман бол.
Абасы менен коштошуп,
Башынан жоолук делбиреп,
Сыр найза колдо койкоюп,
Буурул ат менен зоңкоюп,
Дарбазалуу коргондон,
Буурул ат менен салактап,
Бастырып чыкты далактап.
Кокондун кара тон менен,
Коржоктогон абасы,
Кошо чыкты арбактап.
Кырк жөкөрүн ээрчитип,
Кыңшылаган жеңеңиз,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Артынан басып Канчоро,
Арт жагынан арстаның,
Баланы баатыр байкаса,
Арбак конуп калыптыр.
Ат тону менен Күлчоро,
Маңдайкы башат сеңирдей.
Безилдеген жеңеңиз,
Перинин кызы бейбагың,
Байкап турса чорону,
Көрүнүп калды көзүнө,
Колдогону чоң экен,
Көсөө куйрук көк дөбөт,
Көт жагынан жөнөлдү.
Кара чаар кабылан,
Алдына кетти кылчактап.
Алп кара куш зымырык,
Асман менен жөнөлдү.
Ажыдаар ак жылан,
Белине кетти чырмалып,
Беш оролуп жөнөлдү.
Аттанар жагын байкаса,
– Бастыр, бала, бастыр – деп,
Сары тегиз чопкутчан,
Сараланы сойкутуп,
Алмамбет, Чубак арбагы,
Анысы кошо жөнөлдү.
Камчы жагын байкаса,
-Бастыр, бала, бастыр – деп,
Көк ырапыс чопкутчан,
Серек, Сыргак арбагы.
Көкчебич менен ойкутуп,
Анысы кошо жөнөлдү.
Алды жагын байкаса,
-Бастыр,балам, бастыр – деп,
Кызыл жейрен ат минген,
Алтын таажы башында,

Аккуласы алдында,
Байрак булгап бакырат.
– Бастыр балам бачым – деп,
Баатыр Манас арбагы,
Кошо кетти чакырып.
Кайып уулу кырк чилтен,
Кошулуп кошо жөнөдү.
Сандыргалуу чородон,
Санаасы тынды Чүрөктүн.
– Коркпо султан баладан,
Капа болбо чороңо.
Кабылан атам арбагы,
Кошо кетти пирлери.
– Кара бет оозуң баскын – деп,
Жоболоңдуу жөөт күң,
Жолуна саат болбосун.
Ырысыңды жейсиңби,
Көрүнбөй калды дейсиңби.
Бек көрүндү маа – деп,
Берениң кайта басты эле.
Өзүң уккан жол менен,
Өзөңдүү булак суу менен,
Күүгүм кире күн бата,
Эл уйкуга киргенде,
Ай шашке болгондо,
Жалпак кыя сом таштан,
Жандай салып желдирип,
Басыгына келтирип,
Буурул ат менен булкунтуп,
Тизгин чоюп жулкунтуп.
Кологой тартып баш чайкап,
Ирмегени билинбейт,
Туягы жерге илинбейт.
Балтыры бала белиндей,
Басканы сырттын желиндей.
Бурулуп түшкөн мурунга,
Чыгып келди күлүстөн.
Томуктай болгон жаш бала,
Тоодой болгон Толтойду,
Тозуп турду ошерден.
Баланы мындай таштаңар,
Жеткайттан келген жел күйөө,
Чынкожо менен Толтойдон,
Экөөнөн кабар алыңар.

## ТОЛТОЙДУН ЖОМОГУ. КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ

Жаткан экен эр Толтой,
– Шаарына кыргын салам – деп,
Кызын тартып алам – деп.
Кайнына бузук салам – деп,
Касиеттүү канкордун,
Кайнын олжо кылам – деп.
Ошого кыргын салам – деп,
Шаардагы сулуусун,
Тамам баарын алам – деп.
Катынын жесир кылам – деп,
Баласын жетим кылам – деп.
Таш коргонун талкалап,
Такыр быйыл чабам – деп,
Келген экен эр Толтой.
Олуя жаткан жол менен,
Он миллион кол менен,
Кыдыр чапкан жол менен,
Келген экен Жеткайттан,
Кырк миллион кол менен.
Ак кыянын алдында,
Жеркенттин сары талаада.
Калың кара эл менен,
Каптап кетер сел менен.
Жасайылын аткызып,
Шаарды көздөй беттенип,
Замбирегин жаткызып.

Жээк тартып тең жатат,
Жерге тартып кең жатат.
Мылтыктары бетинде,
Беш жүздөн мерген четинде.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чыңаган кара темирдей.
Кылымды бузчу шер кожо,
Кыз алуучу Чынкожо.
Кан султандын уулуна,
Касташары эп экен.
Баатырдын уулу түгөнгүр,
Басташары эп экен.
Атасы Шыгай баатырдан,
Артылта тууган неме экен.
Оюрманын белинде,
Он миллион кол менен,
О да жаткан ошерде.
Казандай кара бөркү бар,
Акун кандын шаарынан,
Айдай сулуу Чүрөктү,
Аламын деген эрки бар.
Жакадагы Толтойдун,
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар.
Кыз алуучу күйөөнүн,
Кырк алтыда жашы бар.
Эки бети Толтойдун,
Эки даңгыт тойгондой.
Эки ийнине күйөөнүн,
Эки азамат конгондой.
Көзү көлдүн быткылдай,
Он Күлчоро кезиксе,
Ошо Толтой жуткудай.
Кара аты менен сойкутуп,
Ак бараң мылтык асынып,
Кара олпок кийип болпоюп,
Буттай темир курчанып,
Эр Төлөктү ээрчитип,
Түшүп келди жакага.
Үзөңгүсү кагышып,
Мыкты Толтой күйөөгө,
Дигерде келди жарышып.
– Барсыңбы, Толтой, барсыңбы?
Бар болсоң досум бачым чык.
Агарбайт менин кебиме,
Айткын Төлөк маанисин,
Угузгун бачым даанасын.
Баатыр Толтой келгенде,
Кылычты кындан суууруштум.
Түгөнүп калсын Түмөнбай,
Кыз талашып уруштум,
Азырак жерден калыштым,
Аягында табыштым.
Кең-Кол, Талас жеримди,
Керилген ногой элимди,
Сындырды чочко белимди.
Качкындыгым көп айтты,
Акмак кылып досуңду,
Эр Ажыбай жүйрүк кул,
Келем шарып ак куран.
Көкүрөкө үч уруп,
Убаданы шерт кылдык,
Өлүп кетчү ант кылдык.
Аяшым Чүрөк долуну,
Кырк жөкөрүн ээрчитип,
Боз-Дөңкүлгө келмек – деп.
Эрте Толтой барып кел,
Эриккениң жазып кел.
Эки шаңшур жамбыны,
Ооз басырык бердик – деп.
Белгилүү сулуу аяшты,
Белеске алып келгендир,
Борумдуу сулуу аяшты,
Сүрдөбөй Толтой көрүп кел,
Жыргалчылык сүрүп кел.
Бир табактан эт жешип,
Балдыздарың көрүп кел.
Күйөө куру барчу эмес,

Жаныңа эки миң дилде сала бар.
Бир миң дилде алпарып,
Жеңкетайга бергин – деп,
Жеңенин көөнүн алгын – деп.
Бир дилде алып барып,
Алда нече какшанып,
Анча-мынча дилдени,
Жоолугуңа түйгүн – деп,
Жең ичинен бергин – деп.
Акмак кылба ажыга,
Уят кылба Чүрөккө.
Аттангын Толтой бачым – деп,
Эрте аттан Толтой баатыр – деп,
Эр Чынкожо айтканда,
-Кой Чынкожо сөзүңдү,
Укпаймын сенин кебиңди,
Кудай алсын өзүңдү,
Кузгун ойсун көзүңдү.
Экөөңдөй эсер сен турсун,
Айткан сөздө турум жок.
Маңдайынан тер чыккан,
Таңдайынан чаң чыккан,
Айтышып эле душманга,
Айлыман жарым тыйын бербеген,
Алтымыш чечен алдаган,
Ажыбай жүйрүк ошо – деп.
Кудай алсын экөөңдү,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Ал эки итиң кошо келет – деп,
Айчүрөктү берет – деп.
Бек агарып алыпсың,
Аяктан Айчүрөк өзү келет
дегениң,
Чынкожо, Төлөк сен эки ит,
Бул жактан Толтойду барат
дегениң,
Бүгүн Толтойдун башын
жегениң.
Барсаң өзүң бара бер,
Болжогон дөңгө барбаймын,
Балакетке калбаймын,
Айчүрөгүң албаймын.
Үй жасатам дейсиңби,
Же ырысыңды жейсиңби,
Алдың ката Чынкожо,
Кыйнабагын Толтойду,
Кыз турсун кызыл тыйын жок,
Койчу кожо кетели,
Жөөттү алып нетели.,
Жет- Кайтка эсен жетели.
Урушсак уят болобуз,
Акун кандын шаарынан,
Айтылуу сулуу алам – деп,
Катын менен баланы,
Кантип тирүү көрөбүз,
Бүгүн кабылсак баатыр өлөбүз.
Кой Чынкожо кетели,
Аркалыкты чабалык,
Алтын, күмүш артынып,
Шаарды бузуп келдик – деп,
Катын менен балага
Мактаныч кылып баралык.
Кыз-Мазар келип ашалык,
Кылымды барып чачалык.
Кылыктуу сулуу табалык,
Атын Чүрөк коёлук,
Арзан катын алалык.
Сары-Арканы чабалык,
Казака кыргын салалык.
Кара көз сулуу табалык,
Атын Чүрөк коёлук,
Арзан катын алалык.
Канкордун уулу табылса,
Эрегишер эр эмес,
Эрдемсибе Чынкожо,
Эрдиги бизден кем эмес.
Коркуп атып корголоп,
Айтылуу сулу Чүрөгүн,

Бере койчу неме эмес.
Кел Чынкожо качалык,
Калың колду кырдырып,
Убалына калбайлык.
Ушул жөөттү албайлык,
Кантип убал болбойт – деп,
Кырк миллион колуңду,
Кырк кишидей көрүнбөйт.
Кырдырбагын бул журтту,
Катынды жесир кылбайлык,
Баланы жетим кылбайлык.
Калың колдун ичинде,
Бир атадан бирөө бар,
Муну өлтүрүп салган соң,
Мындан убал болбойбу.
Бир энеден экөө бар,
Муну өлтүрүп салганда,
Бир атадан төртөө бар,
Муну өлтүрүп салганда,
Бир атадан бешөө бар,
Мындан убал болбойбу.
Бир атадан алтоо бар,
Бир атадан жетөө бар,
Муну өлтүрүп салган соң,
Мындан убал болбойбу.
Телегейи тегиз бар,
Адам турсун айбанда,
Минилбеген семиз бар.
Бир атадан сегиз бар,
Бир энеден сегиз бар,
Мындан убал болбойбу
Камабагын Чынкожо!?
Алыскы жерде кайнына,
Барбай келген мындан көп,
Мындан убал болбойбу.
Ойлосоңчу бу колдо,
Он бештеги зайыбын,
Албай келген мындан көп.
Какшатып айдап кеткенбиз,
Катыны менен баласын,
Көрбөй келген мындан көп.
Карып калган энесин,
Көмбөй калган мындан көп.
Кел Чынкожо кетелик,
Сен билбесең мен билем,
Ар кимдерден кеп уктум,
Акун кандай канына,
Асыранды Чүрөк дейт.
Көргөнүм жок уккамын,
Көйкаптан келген Чүрөк дейт,
Пери ойногон жеринен,
Перинин кызы тууп кеткен,
Таап алган талаадан,
Атын Чүрөк койду дейт.
Кубулуп учкан куш – деди,
Акун кандай канына,
Асыранды кыз – деди.
Бешикте жаткан жеринде,
Беш периште дем салган,
Перинин кызы бейбак – дейт.
Бу шаарга Чүрөк чоң – деди.
Ойлоп турам Чүрөктү,
Он эки куйрук он чалгын,
Бирин койбой тарады.
Он сегиз миң ааламды,
Учуп жүрүп карады.
Ак тасма кайыш сыдырды,
Анжыян менен Бээжинди,
Бизге жарар жер издеп,
Тийип алар эр издеп,
Учуп жүрүп кыдырды.
Талас, Кең-Кол жеринен,
Окшомдуу ногой элинен,
Ээрчитип келген эри бар.
Жазыгы жок жөөттүн,
Жашырып койгон шери бар.
Болжоп койгон дөңгүлдө,
Боз мурундун алдынан,

Какылдаган бейбактын,
Катып койгон эри бар.
Кел Чынкожо качалык,
Жөөттү албай кетелик,
Элге эсен жетелик.
Эчен түрлүү домокту,
Азаптуу Чүрөк дартынан,
Айттырмак болдуң жомокту.
Сокмоктоп айтам ошону,
Солк этпей уккун Чынкожо.
Башынан бери келейин,
Баянын айтып берейин.
Кең Ташкен деген жеринен,
Калың кара элинен.
Байлыгы журттан ашынган,
Жүз бешке чыгып ошондо,
Кан Көкөтөй бай өлгөн.
Көкүмдүн көк күмбөзүн ойдурган.
Көкөтөйдү койдурган.
Он эки жашар Бокмурун,
– Атамдын ашын берем  – деп,
Алп чакырып алам – деп,
Капыр менен мусулман,
Калк чакырып алам – деп,
Берендердин баарысын,
Беттештирип салам – деп.
Мусулман алпын чогултуп,
Калдай менен дос болуп,
Жеринин күчүн алам – деп.
Каркыранын сазына,
Туз кайнатып алам – деп,
Күрдөөлдүү журтту чогултуп,
Күзүндө ашты берем – деп.
Капыр менен мусулман,
Ортосуна коном – деп,
Ошентип ашты берем – деп.
Эл жайлоого чыгарда,
Мааникерди мингизип,
Күл азыкты байлантып,
Алтын күрмө кийгизип,
Мусулман менен капырга,
Сары-Жаздын алдына,
Аралаш кабар айткын – деп,
Алптын баары чогулуп,
Кара-Суюга келсин де.
Чакырганда келбесе,
Барбайм деген алп болсо,
Эсебин азыр табам – деп,
Такыр баарын чабам – деп,
Минтип кабар айттырып.
Күрүчүн күздүк айдатып,
Күлүктүн баарын байлатып.
Арпаны күздүк айдатып,
Аргымакты байлатып.
Айгырын бычып ат кылган,
Жылкынын баарын салт кылган.
Кочкорун бычып ирик кылган,
Койдун баарын түрк кылган.
Күчүн, сүтүн аябай,
Кабар айтып калкына.
Жаккан отун өчүргөн,
Жалпы журтун көчүргөн.
Шаңшытпай бүркүт кондуруп,
Ыйлатпай бала өңөртүп.
Бакыртпай төө комдотуп,
Жылдырып жылкы айдатып,
Жырылтып казы чайнатып,
Жалпы журттун баарына,
Жар чакырды жаш бала.
Жай жайлаймын деп жүргөн,
Жайыңа түтүп беремин.
Кыш кыштаймын деп жүргөн,
Кыйла журтум кыйналба,
Кышыңа түтүп беремин.
Күз күздөймүн деп жүргөң,
Күзүңө түтүп беремин.
Тонсуздарың дагы кел,
Тоздурбаймын калайык,

Тонуңа түтүп беремин.
Атсыздарың дагы кел,
Айбанга түтүп беремин.
Кан Бокмурун жаш бала,
Казат айтып калкына,
Каңгайдын белин ашырып,
Тум текейдин Ак-Чийге,
Кой күздүгүн алдырып.
– Атамын ашын берем – деп,
Олуязада шер келет.
Мусулман менен капырдан,
Нечен түрдүү эр келет.
Окшотуп үйдү жаптырып,
Кош каалга чаптырып,
Сырдатып үйдү жаптырып.
Жалпы журттун баарысын,
Жаркыратып үйлөрүн,
Жасалгасын келтирткен.
-Каркырага келгин – деп,
Калдай менен дос болуп,
Туз кайнатып алгын  – деп,
Сары-Жардын алдына,
Кара-Саздын боюна,
Чалк өйдөгө чыгара,
Көмкөрө журттун баарысын,
Көчө кылаа кондурган.
Мал ататып мууздатып,
Кол күрөк, кетмен жыйдырып,
Атанган балбан жигиттен,
Алтымышын чакырып.
Келишимдүү жаш бала,
Кемегени каздырган.
Он бир күнү көп казып,
Он төрт күндө бу бүткөн.
– Аш башкарып болсун – деп,
Тамаша кылып Бокмурун,
Кемегеге от жаккан.
Келишимдүү Мааникер,
Чыгып келип байге алган.
Ичим капа тышым чок,
Жер үстүндө пендеде,
Мындай ашың журтта жок.
Алтымыш атка байге бар,
Мындай олжо кайда бар.
Баары тамам ат айдап,
Кызыл нарга пул жүктөп,
Алтын, күмүш зар жүктөп,
Арынкулду жердеген.
Кытайдын каны чоң Жолой,
Орок кыр менен Эскара,
Капырдан чыккан шер деген.
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
-Бали ыракмат Бокмурун,
Мааникериң мингин – деп,
Жазганбаган чечenden,
Жалтанбаган баатырдан,
Жүз киши ээрчитип,
Калмакка барып кеп айткан.
– Жериңдин күчүн бергин – деп,
Амбалына сөз айткан.
Үй көтөрүп, бээ союп,
Коногуна баланын,
Бокмурунду жактырып,
Кунан чыкма тай берген.
– Жердин күчүн бердик – деп,
Эркиң менен жата бер,
Ашыкпай ашты бере бер,
Аңгемени сала бер.
Кайтарбагын жылкыңды,
Жата берсин жайылып,
Жалгыз тайың жоголбойт,
Эскара, Жолой, Ороккыр,
Аскеринин башчысы,
Кысыңган ишиң бар болсо,
Жазганбай айткын бала – деп.
Мынча келип беттешип,
Биз да берип кошумча,
Ынтымакты кылам – деп.

Анда бала кеп айтат:
– Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Эскара, Жолой эки кан,
Жазганып минтип турамын.
Мусулман менен капырдан,
Калың кара эл келет,
Кара этти кантип тартамын.
Күрүч жактан кыйналам.
– Күрүчүнө турдук биз,
Кемибейсиң күрүчтөн,
Кемитпейбиз сени – деп,
Чакыртып алгын бизди – деп.
Баракелде Бокмурун,
Байлыгы менен журт алып,
Ороккыр менен Эскара,
Баланы кайра узатып.
Чоң Жолоюу башында,
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Баары туруп кеңешип,
Алтымыш качыр, кырк пилге,
Куруп калсын Бокмурун,
Кулжадан күрүч ташыткан.
-Кан Бокмурун конду – деп,
Таласта канкор калды – деп.
Күздүн күнү болгондо,
Күлүктүн баарын өргүткөн.
Калкынын баары чогулган,
Алптын баары жыйылган.
Касиеттүү Букардан,
Калкынан чыккан Каракан,
Үч миң колду ээрчитип,
Бу да келген бул ашка.
Айдаркандын эр Көкчө,
Алты миң колду ээрчитип,
Бу да келген бул ашка.
Айры сакал Сынжыбек,
Айкожосу кашында,
Ашпоздукту жүргүзүп,
Акча таап алам – деп,
Жарманкеге кондурган,
Үч миң колун ээрчитип,
Бу да келди бул ашка.
Орус тилин да билген,
Калмак тилин да билген,
Кытай тилин да билген,
Шибээ тилин да билген,
Тыргоот тилин да билген,
Эки миң колду ээрчитип,
Эр Үрбү келген бул ашка.
Алпаймат менен Көккоён,
Беш миң колун ээрчитип,
Бу да келди бул ашка.
Агыш менен Кожошу,
Бир миң колду ээрчитип,
Бу да келген бул ашка.
Ногойдун уулу Көкбөрү,
Ырамандын Ырчы уулу,
– Ырдап олжо табам – деп,
Эки миң колду ээрчитип,
Бу да келди бул ашка.
Агалдай деген артык дөө,
Бир миң колун ээрчитип,
Бу да келди бул ашка.
Көмкөрүлгөң Көкдөөсү,
Эки миң колун ээрчитип,
Бу да келген бул ашка.
Киндиги болот Китен алп,
Бир кулагын жамынган,
Пилди минген чоюн алп,
Эң кенжеси Маңкуш алп,
Үч миң колду ээрчитип,
Бу да келди бул ашка.
Чамбыл-Белди жайлаган,
Жал куйругун байлаган,
Эки миң колун ээрчитип,
Элемандын эр Төштүк,
Бу да келди бул ашка.
Кебез-Тоонун бер жагы,

Кең Кашкардын ар жагы,
Алпаймат менен Көккоён,
Бир миң колун ээрчитип,
Бу да келген бул ашка.
Байланып калган базардан,
Багын ачкан эр Кошой,
Бекип калган мекенин,
Эшигин ачкан эр Кошой.
Үч миң колду ээрчитип,
Бу да келген бул ашка.
Кан Эсенкандын калкынан,
Элеке кандын үч уулу,
Борончу менен Бозкелте,
Кебез өтүк, кендир кур,
Кечилдин каны Байкоңур,
Күздүн күнү болгондо,
Күрсүгүп чөптү откозуп,
-Бурутка жерди ким берди,
Менин жылкым аз бекен.
Кайсы мыкты берди – деп,
Аскерди арбын албасам,
Этиңе зордук кылбасам,
Каптатбасам кысталак,
Алгара оозун бурбасам,
Ачкадан такыр кырбасам.
Кырылгандан калганын,
Айдап келип Бээжинге,
Көкүл коюп кашына,
Көк желетки, көк көйнөк,
Кытайча кийим кийгизип,
Малакай берип башына,
Аскер кылып албасам.
Малыңдын баарын албасам,
Байкоңур атым курусун.
Чоюн бутка чокунуп,
Алгарасын токунуп,
Кара олпок кийип булкуюп,
Алтындан кылган чоң күрмө,
Ай далыда калкылдап.
Алтын кемер курчанып,
Кызыл өңү сур чалып,
Очогор кара замбирек,
Асынып алып бадирек.
Капканы ачып ийди эле.
Үй түгүндөй көп капыр,
Жайнап чыкты Бээжинден,
-Байкоңур – деп бакырып,
Чоң манжулап чакырып.
Мөндө, мөндө мөндө – деп,
Мөндөлөп чыкты көп аскер.
Жердин жүзүн бербестен,
Жайнап чыкты көп аскер.
Алды-алдынан кужулдап,
Жайнап чыкты көп аскер.
Калча жетип бул ашка,
Көрсөттү чочко чоңдукту.
Кылымга толгон кытайды,
Жар чакырды аскерге,
Этине зордук кылгын – деп,
Кара калмак тыргоотту,
Каптатты калча ошондо.
Каралыгы кундуздай,
Канчалары жылдыздай.
Жердин жүзү жайнаган,
Уй түгүндөй көп капыр,
Темир шиши колунда.
Эртең менен каптады,
Чийкилерин бышыртпай,
Бышырган этти тарттырбай,
Кырка сайып жеп кетет.
– Бурут этти берсин – деп кетет.
Түштө келет көп аскер,
Кырка сайып жеп кетет.
Кечинде келет көп кытай,
Кара калмак тыргооттор,
Кырка сайып жеп кетет.
Калмак этке дуулаган,
Дин исламдын баарысы,

Кара-Саздын боюнан,
Чемирчек издеп куураган.
Кан Байкоңур кеп айткан:
– Буруттан жакшы бар бекен,
Калкын билген мыкты ким,
Баатырына айтсын де,
Мааникердей күлүккө,
Алтын, күмүш артсын де,
Байкоңурга тартсын де.
Аш бербеди деп кетем,
Атын союп жеп кетем.
Ат бербеди деп кетем,
Эрин союп жеп кетем.
Көрбөгөндү көрсөтүп,
Көрүнө салам бузукту,
Көрсөтөмүн кызыкты.
Жайытымды жедирип,
Жаман калча дедиби.
Түндө бузам уйкусун,
Жер чегинен өткөзсө,
Тийип алам жылкысын,
Артынан келген мыктысын,
Кабыргасын сөгөм – деп,
Канын суудай төгөм – деп,
Берекелүү Бээжинден,
Бейлеп чыккан аскерди,
Байкоңур кылды чоңдукту.
Баатырлыгын билгизип,
Алгара минип колкоюп,
Алтын така көк өтүк,
Алгара минип шалкылдап,
Үзөңгүдө чойкоюп,
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар.
Кылым бузчу калаанын,
Кырк сегизде жашы бар.
Байкоңурдун үч уулу,
Эң улуусу Керкөкүл,
Андан кийин Чоркиндик,
Кенжеси экен Мискөгөр.
Тор айгыр минип булкунтуп,
Карагулу кашында,
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы чуу.
Кара калмак көп кытай,
Байкоңур колу жети араан,
Күн батыш жагы дин ислам,
Мусулман колу эки араан.
Капыр калмак кырат бейм,
Акыл айтса пайда деп,
Туруштук берип эр Төштүк,
Кайрат кылып калчага,
Калмактын баарын чакырып,
Калкты төштө кайтарып,
Карсылдатып бул санап.
Берки четин ойлосоң,
Кара аргымак бууданчан,
Кырымдын кызы кыз Сайкал,
Бир жак четин бул тосуп,
Ортосунда эр Төштүк.
Сыйкыры бузук чочконун,
Аркы четин ойлосоң,
Касиеттүү кан Кошой,
Айдаркандын эр Көкчө,
Калк кайтарып бул бешөө,
Калып калды дин ислам.
Султан боюн теңешип,
Алып алып баары кеңешип,
Калыктын баарын кырдырып,
Кабылан Манас кан ичме,
Кан Жакыптын кан Манас,
– Кабылан канкор кайда? – деп,
Туйчунуп Манас келеби,
Калчага журтту кырдырбай,
Кан султан канкор келсечи ай.
Кожо,молдо,эшени,
Көп жашаган карысы,
Кан Бокмурун баарысы,

Кеңеш кепти башташып.
– Бачым канкор келсин – деп,
Тукумду алып калсын – деп.
Колун коюп мөөр басып,
Баки алпы кеңешип,
Бакай канга кат жазып,
Жаш Айдарды чакырып,
Алтын күрмө кийгизип,
Көл арыкты байлашып,
Кан Бокмурун кеп айтат:
– Жаш Айдар бала кулак сал,
Кеп айтайын сага – деп,
Кулагың салгын мага – деп.
Кан ичмеге капталба,
Кутуруп жаткан кырк ити,
Канкор Манас түгөтү.
Бала сени өлтүрөт,
Мааникерди союучу,
Кырк чоро этке тоюучу.
Күнгөй ылдый сала көр,
Үч-Кошойдун бөксөдө,
Көк ырапыс чопкутчан,
Көк ала ат минип сойкутуп,
Ак селдеси башында,
Ак сакалы чүштөдөй,
Устукан сөөгү мистедей.
Бар акылга даанышман,
Пайгамбар сындуу Бакайга,
Катты алып суна көр,
Бакайдын тилин ала көр.
Баргын десе Бакай кан,
Абаңды ээрчип бара көр.
Күздүн күнү болгондо,
Кырк чоросун ээрчитип,
Күрсүлдөп жаткан кырк ити,
Күрсүйүп кымыз ичишип,
Кенебей жатат Кең-Колдо.
Келберсиген зор Манас,
Баатыр Манас султанга,
Барба десе эр Бакай,
Бала катты берип кайра тарт.
Эрте барып жадал кел,
Этият болгун атыма.
Арка мойнун жоорутпа.
Койшомдуу оозум шок эле,
Айбанда мындай жок эле.
Жаш Айдар бала минди эле,
Кенебеген кайран эр,
Атынын күлүктүгүн билем – деп,
Кызыл-Кыя эңкейип,
Жерге-Талдан кечти эле,
Күңгөй ылдый кирди эле.
Күркүрөтүп жаш Айдар,
Жараткан алда билбесе,
Жанында турган пенде жок.
Талас менен Кең-Колго,
Түгөнүп калсын жаш Айдар,
Алдындагы Мааникер,
Аткан октой зымырап,
Үстүндөгү баланын,
Этек-жеңи дыркырап,
Баскан жери чыркырап.
Эки буту салактап,
Эки көзү алактап,
Түгөнүп калсын жаш Айдар,
Түштө кирип барды эле.
Абайласаң Мааникер,
Абалдан түрдүү мал экен.
Жүрөгүндө дүлөй жок,
Тулпарга чалыыш жылкы экен.
Көк ала ат менен сойкутуп,
Көк ырапыс чопкутчан,
Көк чыбык мылтык ийнинде,
Бакай төө чогултуп жүрүптүр.
Эсеңгиреп элөөрүп,
Бакай жүрөт делөөрүп.
-Бүгүн бир жактан сонун кабар
келет – деп,

Кашатка чыкса кан Бакай,
Мааникер менен бургутуп,
Аркан бою бута атым,
Жаш Айдар кирип келди эле,
Айбандан чурап түштү эле.
Эки колу боорунда,
Салаңдай түшүп жаш бала,
Салам айтты Бакайга.
Анда Бакай абасы,
Алик алып турду эле.
-Түрүң качып, түн качып,
Шашкаландуу пендедей,
Кайдан жүрдүң карагым,
Калайык калкың тынчбы? – деп,
Сөз сурамак сүннөттөн,
Кеп сурамак улуктан.
Карагым айтчы кебиңди?
Кайсы жакка барасың,
Кабагың бүркөп кумсарып.
– Асыл Бакай абакем,
Пайгамбар сындуу бабакем.
Бар акылга даанышман,
Акыл айтса пайда – деп,
Кан Жакыптын кан ичме,
Кабылан султан кайда? – деп.
– Манасты неге сурайсың,
Бакайга айтчу сөз болсо,
Ырас аба макул – деп,
Калктын катын алды эле.
Алтымыш алптын колу бар,
Ушу жолдо Манастын,
Бара турган жолу бар.
Кан Көкөтөй абаңдын,
Ашын берди Бокмурун,
Аш бергени курусун,
Динсизден көрдү кордукту.
Калчадан көрдү зордукту.
Кылымдагы тыргооттун,
Аскерин жыйып келиптир.
Акылы жетпейт адамдын,
Айланы такыр кетирди,
Амалды такыр түгөттү.
Ал кара узун динсиз кул,
Урматтуу болду ит калча.
Мусулмандын баарысын,
Кырмак болду ит калча.
Маникердей күлүктү,
Алмак болду ит калча.
Кара калмак тыргоотту,
Караса көзгө илинбейт,
Камгак учкан немедей,
Кайсы экени билинбейт.
Кагазга салган каты бар,
Кан Кошойдун аты бар.
Кан Манаска сунгун – деп,
Кагазды берди Бакайга.
Дарс окуган кан Бакай,
Бир туруп темирдей болуп карарып,
Жездей болуп саргарып,
Өңү кетип бузулуп,
Ызырынып күүлөнүп,
Манаска Бакай сүйлөнүп,
Жер кашатка тура тур,
Кара суунун кашатка,
Айбандан күлүк жылкы эле,
Атыңа убал болбосун,
Ат жайдактап ала көр,
Кара-Сууга сала көр,
Ат сергитип ала көр.
Азырак аяр кыла тур,
Чакыртып алам өзүм – деп,
Бакай Манасты көздөй бет алды.
Баатыр Манас падыша,
Кыш чилдеге дары деп,
Кысыр бээнин тайын жеп,
Жай чилдеге дары деп,
Кыркпаган серке майын жеп.
Келиштирип кермеге,

Кырк атты байлап салыптыр.
Келиштүү тердик салылуу,
Жабуунун баары жабылуу.
Арстаныңдын Аккула,
Ак үртүгү жабылуу.
Сыр мамыда байлоодо,
Ошончо калкты элебей,
Туйгун Манас кан султан,
Тушарына теңебей,
Кунан чыкма тай союп,
Жыйырмадан бөлүнүп,
Ордо салып алышып,
Оюнду баштап салышып.
Тамам журтту байкабай,
Тамашаны салышып.
Жыйырмадайдын башчысы,
Кан Алмамбет жайдарың,
Баатыр Чубак кайран эр,
Кан Алмамбет баатырга,
Каныкей калыс болуптур.
Бер жакта баатыр Чубак арстанга,
Насыбайын тартышып,
Морчоюшуп калыптыр.
Жаркыны Бакай келатса,
Абалакты колго алып,
Жалгыз чокон талашып,
Зоңкоюшуп калыптыр.
Мушташканга баш коюп,
Кырданышып калыптыр.
Алдыртан тирөө карашып,
Сурданышып алыптыр.
-Омурткаң сынган кырк чоро,
Ордоң менен жерге кир,
Омурткаң сынгыр бат жый – деп,
Олпокторун жамынып,
Кырка басып кырк бөрү,
Үй үйүнө кетти эле.
Аркан бою келгенде,
Манас салам айтты эле.
Араң алик алды эле,
Акылай басып келди эле,
Кыя тартып Каныкей,
Жүгүнүп турду буралып.
-Бай болгун балам, чырагым,
Акылай атын байлады.
Ак эшик ачып Каныкей,
Аюу талпак, чоң күрсү,
Жаба салды чоң төргө.
Жаркының Бакай олтурду,
Булгары желдик, чоң тердик,
Эки бүктөп эр Манас,
Алдына салып олтурду.
Бакайдан кебин сурабай,
Сабыры бар ошончо,
Сабыр кылып султан шер,
Эки бээнин терисин,
Аябай кылган чоң саба.
Күмүштүү чоң бишкек,
Күрсүлдөтө бышканда,
Алтын аяк сур кезди,
Баса куюп Каныкей,
Бакай канга сунду эле.
Ачкыл жандуу абасы,
Тамам тартып ийди эле.
-Жандырып койчу жарыгым,
Жана Бакай айтты эле.
Аны Бакай ичкен соң,
Аргасы кетип кан султан,
Каныкейге көз кысты.
-Камалды Манас моминтип,
Байрак булгап бакырчы,
Алмамбет менен Чубакты,
Серек менен Сыргакты,
Абакем неге тардыкты.
Ачуусу келген немедей,
Каны ичине тартыптыр,
Кайсы сөзгө ардыкты?
Касиеттүү абакем,

Ачуусу мынча не келди.
Ой, Каныкей бачым тур!
Кыргын салчу душманга,
Кырк итти бачым чакырчы.
Бакайдын өңү бузулду.
Шурудан кылган чач мончок,
Апкытка тийип шарк этип.
Болуцкей така кырымдан,
Жайдаңтата бек басып,
– Абамдын көөнү бузулуп,
Арстаны минтип кысылды.
Силерди,бачым келсин деп айтты.
Кайнаган кара булагым,
Кан Алмамбет чырагым.
Карара кесек кыргагым,
Кагылайын Сыргагым.
Канкорум сени чакырды,
Падышаң Манас кеп айтты.
Каныкей минтип айтканда,
Урунарга тоо таппай,
Эригип жаткан кырк жайсаң,
Урушарга жоо таппай,
Жээлигип жаткан кырк жайсаң,
Чолок чопкут тон кийген,
Келишимдүү кырк чоро,
Каракан кызы жеңеңер,
Келиштирген кийимин.
Кемер курун курчанып,
Кылычы белде кыңгырап,
Көк сүлөөсүн кемчет бөрк,
Башынан ыргап кийишип,
Туруучу түгөт беркиби,
Эки жагын каранып,
Оозу мурдун жаланып,
Жоболоңду салуучу,
Жолборстор кирип келгенде,
Баарысы кирип жарданып,
Бакайга салам берди эле.
Алик алды абасы,
Кичипейил кан султан.
– Катыгүн балдар сураңар,
Асыл тууган абакем,
Алуусу келди мага – деп,
Кебин сура балдар – деп.
Султаны Манас айткан соң,
Туруучу түгөт беркиби.
-Касиеттүү кан бабам,
Кайсыга ачууң келди – деп.
Капа кылып султанды,
Алмамбет менен Чубагы,
Жалаң кылыч кайлаган.
Кара сур тарткан Сыргагы,
Жарыша туруп үч бөрү,
– Жарыгым Бакай айтчы – деп.
– Кагылайын балдар – деп,
Кан ичме канкор оңбосун,
Каныкей менен Акылай,
Келиндер көңүлүнө албасын.
Буудандын оозун бурдуруп,
Омурткаң сынган бул чочко,
Калыс кылып катынын,
Ошончо журтту кырдырып,
Катынынын кашына,
Ордо салып атат – деп,
Түмөнбай журтун кырдырып,
Бул түгөт кимге тукум болот – деп,
Он эки жашар Бокмурун,
Өз алдынан болуптур.
Капыр менен мусулман,
Ортосуна конуптур.
Күздүн күнкү шиберге,
Күрсүйгөн чөптү алыптыр.
Капыр менен мусулман,
Кара сазга жык толуп,
Көрбөгөн адам бук болуп,
Нечен түрдүү кудукту,
Аскери арбын келиптир.
Чоң Байкоңур зордукту,

Кылыптыр минтип чоңдукту.
Кан ичмең бачым барабы,
Ажыратып калчадан,
Ажыратып алабы?
Кең-Кол суусун бойлот – деп,
Калкын качан ойлойт – деп,
Кан ичме канкор кабылан,
Калктын берген каты – деп,
Канкор бачым оку – деп.
Кагазды окуп кан Манас,
Темирдей болуп карарып,
Чоктой болуп кызарып,
Оозунан жалын шаркырап,
Каарданып тиштесе,
Каалгадай кашка тиш,
Таруудайдан быркырап.
Желке чачы суюлуп,
Жаагынан сары түк чыгып,
Жездей болуп саргарып.
– Дини кара динсиздер,
Дин билбеген пирсиздер.
Бул эмне кордугу,
Өткөн экен зордугу.
Буудандын оозун бурбасам,
Калың тыргоот көп кытай,
Калмак кул саа кылбасам.
Кыргын салып кыйратып,
Калдайыңды кырбасам.
Кечилин кармап сойбосом,
Он дарбаза ачпасам,
Ойсуз, динсиз чоң чочко,
Ойгутта малың чачпасам.
Кысталак кытай кырбасам,
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Баарыңды кармап албасам.
Динсиз кул саа кылбасам.
Алмамбет, Чубак чырагым,
Атаңдын көрү чочконун,
Бул эмне кордугу?
Эсеп менен эт жебей,
Эсирген экен чоң доңуз.
Кагылайын кан Бакай,
Баятан айтсаң болбойбу,
Баладан бетер таарынбай.
Кудайдын салган иши экен,
Кысталак канча киши экен?
Серек менен Сыргагың,
Бат камдангын кырк бөрү.
Каарданып күүлөнүп,
Кан Манас турду сүйлөнүп.
Жоо бөрүсү көк кашка,
Жоболоңдуу кырк чоро,
Аяттан куран окушуп,
Кырк атын төртөө токушуп,
Жарактын баарын салынып,
Жаркыраган кырк бөрү,
– Акыл айтса пайда – деп,
Абаке бачым айтсаңчы,
Акмак динсиз кайда? – деп,
Баатыр калмак кайда? – деп.
Анда Манас кеп айтат,
– Жулунба түгөт кырылгыр,
Кана Бакай абаке
Ким алып келди бул катты.
Кат алып келген кишиңди,
Бачым чакыр итиңди.
Жашырба Бакай бат айткын,
Жаш Айдар алып келгендир.
Кайда Бакай чакыртчы,
Кысталакты кыз кыркын,
Кабыргасын сөгөйүн,
Канын суудай төгөйүн.
Мааникерин соёюн,
Кыз баласы кысталак,
Никесиз тууган санталак,
Сасык айран көк курут,
Чириген байдын баласы.
Кеңеште жок, кепте жок,

Капыр менен мусулман,
Кардалышып турганда,
Баатырлардын баарысы,
Бас келишип турганда,
Өз алдынан болгонун,
Өзөндүү суuга конгонун.
Байлыгына мактанып,
Чек арага конгонун.
Малыңдын баарын жыйбасам,
Кара булун жыйбасам,
Байгесине сайбасам.
Мекеде султан пир урсун,
Айтымыма жетпесем,
Ак пайгамбар дин урсун.
Баатыр Манас күүлөндү,
Барамын – деп сүйлөндү.
Бакай туруп кеп айтты,
– Ачуу шайтан, акыл дос,
Сабырдын түбү сары алтын.
Сабыр кылгын султаным,
Кат алып келген балага,
Каарданба кан султан.
Бакай муну айтканда,
Каныкей жеңең кеп баштайт:
-Аргымак атын аласы,
А да ботом, бирөөнүн,
Кудайдан жүрүп буркурап,
Сурап алган баласы.
Ачууңду андан чыгарба,
Эрегишкен манжууга,
Эрдикти шого көрсөткүн.
Калк ичине барыңыз,
Кан абамды ээрчитип,
Көкөтөйдүн ашына,
Көп чогулган жер ошол.
Менменсиген арстандын,
Шер чогулган жери ошол.
Сумсайса жоодон кайтпаган,
Душманга сырын айтпаган,
Сунган найза тутпаган,
Эр чогулган жер ошол.
Катындын тили дебегин,
Баатыр ырысыңды жебегин.
Өзүң менен султаным,
Эрегишкен эр келет.
Мусулман менен капырдан,
Өңгө жалган өлүм чын,
Өлүм айтып келеби?
Душман керез айттырбайт,
Ажал депкир тапшырбайт.
Арка жагың карачы,.
Бирге ыйлар ногой көп,
Бирге тууган сенде жок.
Буудандын оозун бурабы,
Абыке, Көбөш салбарлар,
Кызматыңды кылабы?
Талаа толгон мал жатат,
Арт жагыңды ойлосон,
Талашка түшкөн жан калат,
Опоң толгон мал калат,
Үлүшкө түшкөн жан калат.
Талас, Кең-Кол жер калат,
Окшомдуу ногой эл калат.
Азыраак аяр кыла көр,
Алты күн сүлүк бере көр,
Аргындын баарын жыяйын.
Эркекче кийим кийди эле,
Төбөгө чачты түйдү эле.
Суусар бөрктү кийди эле,
Ак тамакты көрсөтпөй,
Ак кадек менен бек бууду,
Санатта жок бейбагың,
Сары шымды кийди эле.
Күмүш кемер курчанып,
Жанына кылыч байланып,
Кырк чорону ээрчитип,
Калктын баарын жыйды эле.
-Кан султан бала чоң ашка,

Дин исламдан кат келди.
Кабылан Манас келсин – деп,
Кан Байкоңур кордукту,
Ашка кылып зордукту.
Калкына кабар айттырып,
Өлсөң кунуң ушу – деп,
Өлбөсөң азык болор – деп,
Бир казына ачты эле.
Бир кишиден келгин – деп,
Кочуштап дилде берди эле.
Боз олпок тондон кийгизип,
Боз аттууну бир бөлүп,
Боруму менен чакырып.
Кара аттууну бир бөлүп.
Кара олпок тонду кийгизип,
Каракан кызы Каныкей,
Мылтыктууну бир бөлүп,
Мындан салып бир миңди,
Муну бөлүп чыгарды.
Мылтык тийсе жыгылбас,
Мыктыларды бир бөлүп,
Мындан салды бир миңди.
Муну бөлүп чыгарды,
Найзалууну бир бөлүп,
Андан салды бир миңди.
Аны бөлүп чыгарды,
Кызыл жейрен мингизип,
Кыл куйругун түйгүзүп,
Кызылдан чопкут кийгизип,
Кылкандай болгон көк кашка,
Кылычтууну бир бөлүп,
Мындан салды бир миңди.
Кылыч тийсе жыгылбас,
Кыйындарын бир бөлүп,
Мындан салды бир миңди,
Муну бөлүп чыгарды.
Камчылууну бир бөлүп,
Мындан салды бир миңди.
Камчы менен сабаса,
Кашкулактай күч алган,
Каруулуну бир бөлүп,
Мындан салды бир миңди.
Союл чабар балбанды,
Мындан салды бир миңди.
Айбалта чабар далдалды,
Мындан салды бир миңди.
Аңгемени көрсүн  – деп,
Ажалдуусу өлсүн  – деп,
Акмактан салды бир миңди.
Кенебейсиң түгөнгүр,
Келиштиңби бул ашка.
Арт жагыңдан барайын,
Олуязада шер келет.
Бир перзенттин дартынан,
Артыңдан аскер да жыям.
Жарым айлың көчүрүп,
Азык-түлүк айдатып,
Кызматын кылып берейин,
Кошойдон бата алайын,
Оолукмаңды карматып,
Ачууланып күүлөнбө.
Капыр менен мусулман,
Калкынан бата аламын.
Кенебеген канкорду,
Кең-Колдон бейбак жөнөттү.
Жаркыным Манас кеп айтты,
– Жаш Айдар иним – деп айтты.
Бачым кабар бергин – деп.
Кең-Колдон Манас чыкты де,
Болумдуу бала Бокмурун,
Үй көтөртүп, бээ союп,
Конок жайын камдатып,
Ортосуна кырк чоро,
Ордо салып аткыдай,
Эр жагына Бокмурун,
Эки мамы орнотсун.
Төрүнө жабуу салдырсын.
Ошондой үйдү көтөрүп,

Даяр кылып турсун де.
Элемандын Төштүгү,
Көмкөрө журтту чогултуп,
Көчө кылып турсун де.
Манасыбыз келет  – деп,
Баары журт күтүп турсун де.
Эрдигин маа көрсөткөн,
Эрдемсиген калчага,
Баатырсыган калмака,
Эсен жетсем беттешем.
Алда-таала кудайдын,
Не салганын көрбөсөм.
Калмак кул саа жетпесем,
Күрсүлдөгөн ит кытай.
Жаш Айдарды чаптырып,
Каарданып падыша,
Күчүңдү калмак көрбөсөм.
Кабар бергин балам – деп,
Эл четине чыксын де,
Утурлап тосуп келсин де.
Бокмурунга жакшы айткын.
Жерге-Тал келип конду эле,
Жеринен Манас чыкты – деп,
Эр Төшүтү чакырып,
Эр Бокмурун, жаш Айдар,
Калкынын баарын чогулт – деп,
Мусулман дүрбүп калды эле.
Дин исламдын баарысы,
Арстаным Манас келет – деп,
А кудайлап сүйүнүп,
Кабылан төрөм келет – деп,
Калкынын баары бөлүнүп.
Каркыранын оюнан,
Чынкожо,Төлөк байкасаң,
Менин атам эр Багыш,
Арт жагынан ээрчитип,
Ала барган бул ашка.
Суркоён кунан чагы эле,
Толтой ойноо бала эле.
Саамайым бар башымда,
Салып жүрдүм эркелеп,
Сан жыйындын кашында,
Көкөтөйдүн ашында.
Көкүлүм бар башымда,
Көрдүм эле Манасты.
Кара жаак эр Үрбү,
Бу да чыкты Манаска.
Алпаймат менен Көккоён,
А да чыкты Манаска.
Айры сакал Санжыбек,
Бу да чыкты Манаска.
Сандыргалуу султанды,
Сан-Таштан тосуп келгенде,
Бакай келет жол баштап.
Манасы келет кол баштап.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы –чуу.
Найзанын учу кагышып,
Алды артынан жарышып.
Калың кара эл келет,
Кара калмак тыргоотту,
Каптап кетер сел келет.
Көк ала атты чайпалтып,
Көк чыбык мылтык ийнинде,
Ак сакалын жайкалтып,
Бакай келет алдында.
Сурнайын тарттырып,
Доолбасын чаптырып,
Катар-катар көп аскер,
Келе жатат кылкылдап.
Айбанбоз менен болкоюп.
Эси чыкты дин ислам,
Көрө элек экен султанды,
Калың кара колунан,
Эки кез ашып болкоюп,
Кыргын салчу душманга,
Кылкандай болгон кырк чоро,
Артынан келет жарышып.

Аны көрүп алган соң,
Түгөнүп калсын алтообуз,
Топту бойлой качканбыз,
Таш-Дөбөдөн кайтканбыз.
Аттуу, жөөлүү болгонбуз,
Чылбыр салып моюнга,
Бирден салам бергенбиз.
Касиети зор экен,
Касташкан пенде кор экен.
Манас келип ошондо,
Маңдайыман сылаган.
Атам Багыш арстанга,
Анда Манас кеп айткан.
– Аман болсун бул балаң,
Аким болучу жан экен,
Баатыр болчу бала экен.
Неге алып келдиң бул ашка,
Сөзү тиет бирөөнүн,
Көзүндө болот адамдын,
Көзү тиет бирөөнүн.
Ошо Манас баласын,
Ошондо байкап көргөмүн.
Баргын десең Толтойду,
Балакетке саласың.
Чынкожо,Төлөк ойлончу,
Кан ичменин уулунун,
Катынын кантип аласың.
Байкадым эле Манасты,
Берендигин көргөмүн.
Байкадым эле канкорду,
Баатырлыгын көргөмүн.
Көк жал Манас келгенде,
Көкөтөйдүн чоң үйүн,
Манас менен Бакайга,
Эл четине кондуруп,
Көтөрткөн экен зор үйдү.
Ошол Манас келгенде,
Ат-тону менен султаның,
Ак үйгө жатты баарысы.
Алтымыш нарга жүктөтүп,
Алып келди Бокмурун.
Эки жүз катын чогултуп,
Үшкүрүнүп катындар,
Уук көтөрүп саялбай,
Үч күндө тигип бүтүптүр.
Манасыңдын зор үйүн,
Келиштирип келтирген.
Эшиктеш тигип Каныкей,
Ортого керме кердирип,
Күлүктүн баарын байлатып.
Кырк чоронун кырк үйүн,
Кырка баарын кондуруп,
Көмкөрө журттун көп айлын,
Көчө кыла кондуруп,
Көк жал Манас баатырың,
Байкоңурду элебей,
Ордо аттырып кайран эр,
Манасың жатып алды эле.
Берениң Манас келгени,
Беш күн болуп калганда
Айдаркандын эр Көкчө,
Алмамбет менен Көккоён,
Баатыр Төштүк, кан Кошой,
Ногойдун уулу Көк бөрү,
Агыш менен Кожошу,
Алтымыш алп Манаска,
Кенебей жаткан кайран эр,
Кенешке келди ошондо.
Салам айтып Бакайга,
Калайыктын баарысы,
Кан Кошой кары астында,
Дин мусулман жарданып,
Келишимдүү чечеги,
Келди Манас баатырга.
Келип баатыр кеп айтты,
Алтымыш алпы чогулуп,
Манас менен Бакайга,
Кол алышып көрүшүп,

– Кан султан Манас, Бакай кан,
Кулагың салгын биздерге,
Мусулман эли эки араан,
Байкап көргүн кан Бакай.
Байкоңур аты жети араан,
Сары жарга толду – деп,
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Калмагынча кат берген.
Кара жаак эр Үрбү,
Калмактын тилин билесиң,
Окуп берчи кагазын.
Калмак этке дуулаптыр,
Мусулман эттен кууралтыр.
Мааникердей күлүккө,
Алтын, күмүш артсын дейт,
Байкоңур канга тартсын дейт.
Атты тартсак кантет – деп,
Эптеп ашты берсек бейм,
Эл таратып ийсек бейм.
Калкы минтип айтканда,
Канкор Манас кеп айтат:
– Укпаймын журтум сөзүңдү,
Акмак журтум ойлончу.
Атаңдын көрү чочкого,
Ат беремин дегениң
Азаматты кырдырып,
Ырысыңды жегениң.
Калмак атка кыныгып,
Кысталак ит кытай,
Кырга чыгып албайбы.
Мааникердин артынан,
Аскер минчү айбанды,
Күлүктүн баарын албайбы.
Баатыр Манас баш болуп,
Берендер жөө калбайбы,
Жөөлөтүп жүрүп кырбайбы.
Ат берет деген эмне,
Атымдан кетсин ит калмак,
Тондон кетсин ит калмак.
Ордоңу жый кырылгыр,
Омурткаң сынгыр бат камын!
Манастын үнүн укканда,
Жоого кийчү кийимин,
Даяр кылды Каныкей
Ат токутуп ийди эле,
Кырк чоро атка минди эле.
Бакай каны астында,
Кабылан Манас бакырып,
– Манас, Манас,Манас – деп ,
Манастап ураан чакырып,
Кара тыргоот калмакты,
Доолбасын чаптырып,
Уй түгүндөй капырга,
Ачууланып мылтык аттырып.
Каптап тийер кабылан,
Кылычтын мизи жылтылдап,
Каптап тийди ошондо.
Найзанын учу короктоп,
Айбалта башы сороктоп,
Кемегенин башында,
-Келе бери атты – деп,
Басып жүргөн кечилди,
Кар жилик алган калмакты,
Карсылдатып сабады.
Кылкылдаган кытайды,
Быркыратып сабады.
Үч-Капкак көздөй жапырып,
Арасын ачты кан султан.
Теги Манас барганда,
Тең ата болдук калчага.
Оолабастын тоосунда,
Аттуу-жөөлүү болушуп,
Чыга качкан чуркурап.
Төшкө таяп калмакты,
Кайра тартып кабылан,
Калмактын канын чогултуп,
Эр Байкоңур канетсин,
Эси чыгып Манастан,

Амбалы менен кеңешип,
Ат алмак турсун Байкоңур,
Эр Көкдөөнүн саржорго,
Алып келип Манаска,
Эскара менен Орок кыр,
Келинден бетер жүгүнгүп,
Кытайынча балдырап,
Калмагынча жалынып,
Үрбү карап байкаган,
– Эсеп менен ат бергин,
Кытай атын тартканда,
Көтүндү кысып тим жаткын.
Сыйың менен ат жегин,
Сыйрышчу болсоң бери чык,
Урушчу болсоң бачым чык.
Алмамбет, Чубак, Сыргагы,
Баары тарап жөнөдү.
– Өрөсү ээн калды – деп,
Чүкө ойногон бала элем,
Чүкөгө ынак жан элем.
Жалгыз чымбыт таштабай,
Үзүктөй калпак Меңди таз,
Ак куржунга салыптыр.
Ала чаап кетиптир.
Ошондо көрдүм Манасты.
– Эрдигин журтуң билген – деп,
Шердигиң калкың билген – деп,
Ошо Манас баласы,
Чыянкожо,Төлөк ойлончу,
Катынын кантип аласың.
Баянын айтып бергиче,
Азырак аяр кыла тур.
Асыл Төлөк, Чынкожо,
Ачууланбай тура тур.
Сокмоктоп айтып бул сөздү,
Солк этпей уккун Чынкожо,
Кайраттанып кабылан,
Кайта малды мууздаткан.
Көргөң пенде дел болгон,
Сары-Жаздын талаасы,
Мууздаган малдын канына,
Аркырап агып сел болгон.
Кан менен жиндин акканы,
Омуроодон орногон.
Кырып жоюп жатканда,
Чети оюлбай көп жылкы,
Кебелбей жаткан ошондо.
Кара калмак көп тыргоот,
Эсеп менен эт жеген.
Калк башкарып салкынча,
Эл тынчытып койгунча,
Канкор Манас Бакайга,
-Малдын ээси келди – деп,
Аштын ээси келди – деп,
Калктын ээси келди – деп,
Учурашпай Бокмурун,
Уктап жаткан үйүндө.
Анда Манас сүйлөндү:
-Байрак булгап бакыр – деп,
Кыз баласы кысталак,
Арам сийдик бутбарак,
Этине ээ боло албай,
Калкына ээ боло албай,
Кай бети менен бул жерге,
Кантип келди бул чочко.
Баатыр Үрбү, кан Кошой,
Бачым чакыр чочкону.
Үрбү, Кошой аттанды,
Бокмурун көздөй жүрдү эле.
Аралаш кайдан мен жүрөм,
Арт жагынан жүргөмүн
Жаткан экен Бокмурун,
Капшытта төшөк салдырып,
Тубардан кылган көшөгө
Туурасынан тарттырып.
Туйгун Манас абаңды,
Тушарына теңебей.
Уктап жаткан үйүндө,

Кошой, Үрбү келгенде,
Аскер жигит эшикте,
Оору болгон немедей,
Ойлонбой жатып алат – деп,
Эпсиз жетим кайда? – деп,
Падыша Манас канкордун,
Каарына калган кысталак.
Кан чычкан бала кайда? – деп,
Кан Кошой үнү чыкканда,
Тоодой болгон баланын,
Төрт катыны жүгүрдү,
Төшөгүнөн тургузду.
Жаш баладай кийинтип,
Ыңгырантып баланы,
Карап турдум артында,
Келишимдүү Бокмурун,
Айдай бети сур чалып,
Алтын кемер курчанып,
Эшикке чыкты элөөрүп.
Жөлөп, таяп аткарды.
– Уйкуң кандай канбады?
Уктап жатып аласың,
Кара тумшук кысталак!
Кабыланды байкабай,
Учурашпай агаңа,
Капа кылып канкорду,
Кабылан султан агаңдын,
Каарына калдың – деп,
Жаркының Бакай абаңа,
Жакшы салам бергин – деп,
Жатыктап сөзүң айткын – деп,
Жолборс Манас агаңа,
Жооптошуп кайткын – деп,
Эр Бокмурун баланы
Ээрчитип алып жөнөдү.
– Жанына жакын келе албайм,
Же Манастыгын биле албайм.
Же баатырдыгын билбедим,
Ак камчыны таянып,
Мааникердин үстүнө,
Манасыңды элебей,
Тушарына теңебей,
Ыңгыранып шылкыйып,
Ат үстүнөн Бокмурун,
Уктап келет ошондо.
Манаска тиккен чоң үйгө,
Балага калды таң калып.
Бала келет шаңданып,
Кылкандай болгон кырк чоро,
Катар-катар болушуп,
Карап турду эшикти.
Салам айтты баатырың,
Эр Алмамбет, Чубагы,
Кан Кошой менен Үрбүсү,
Алик алып эңкейди.
Арстан тууган кырк чоро,
Атын алып байлады.
Манас менен Бакайга,
Баракелде Бокмурун,
Атчан салам айтты эле.
– Түшкүн бала бачым – деп,
Үрбү жаңдап чакырды.
– Атымды байла аскер – деп,
Эр Бокмурун түштү эле,
Ак чылбырды ыргытып,
Ыңгырап басып калды эле,
Сыргак эшик ачты эле.
Туйгун Манас Бакайга,
Кирип келди болкоюп,
Бакай менен Манастын,
Алдынан өттү зуңкуюп.
Төр жактагы керебет,
Камсанабай канкордон,
Олтурду бала ошого.
Анда Манас кеп айтат:
– Сасык айран, көк курут,
Чириген байдын баласы.
Кеңеш да жок, кеп да жок,

Эрке өскөн кысталак,
Ээн өскөн санталак,
Өз алдыңдан болосуң.
Капыр менен мусулман,
Ортосуна коносуң.
Кылымдын баарын жыйдырып,
Кытайдын баарын чогултуп,
Акты кара тааныбайт,
Арам, адал байкабайт.
Дини кара көп кытай,
Калмактын баарын жыясың,
Эт тарттырбай элиңе,
Ашыңа ээ боло албай,
Какынга кеткен кысталак,
Калк башкарып алалбай,
Кантип ашты бересиң.
Мен келгени ушу ашка,
Так алты күн болду – деп,
Кайсы ишти бүтөп жаттың – деп.
Эчтеме билбей кесир кул,
Кебиңди айтчы бачым – деп.
Кылам бүгүн саа – деп,
Баатыр Манас түрлөнүп,
Арстан тууган баланы,
Кан Бакай, Кошой алдында,
Каптады минтип сүйлөнүп.
Жаркының Манас айтканда,
Жана бала Бокмурун,
Айта турган сөзүнөн,
Сүрдөп кетип Манастан,
Жаңылып кетчү бала эмес,
– Макул Манас баатыр – деп,
Ушу сөзүң акыл – деп.
Туулмак бар, өлмөк бар,
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрмөк бар.
Падышам Манас келет – деп,
Биринчи күн болгондо,
Билинейин деп жаттым.
Экинчи күн болгондо,
Эл эсебин алдырдым.
Үчүнчү күн болгондо,
Үй көтөртүп мен жаттым.
Төртүнчү күн болгондо,
Төшөк, жууркан камдаттым
Бешинчи күн болгондо,
Бээ сойдуруп мен жаттым.
Алтынчы күн болгондо,
Атадан жаш калгамын,
Акылдан бош калгамын.
Эр Манас сизге эркелеп,
Элебей жатып алгамын.
Кылымга толгон кытайды,
Туйгун абам келет – деп,
Туушарыма калмакты,
Теңебей жатып алгамын.
Каардансаң бул ишке,
Жайылып жаткан мал мына,
Жалпайып аткан үй мына.
Өлтүрчү болсоң мен мына,
Өзүң билгин Манас – деп,
Жылкымын жайын сурасаң,
Батпайт экен тетиги,
Малдын баарын чогултсам,
Батпай койду Ташкенге.
Калайык калкым келет – деп,
Калк батпайт бул жерге,
Канкор сенден жазганып,
Жалпы журтту жыйгамын,
Жашынып көчүп келгемин.
Кара тыргоот калмактан,
Амбалы менен дос болуп,
Айыл конуп алгамын.
Өзүң өңдүү берендер,
Беттеше элек баатырлар,
Кан Байкоңур Манасты,
Кабыланды көрсүн  – деп,
Калктын баары сүйлөшсүн,

Атка минген токтомду,
Алптын баары жүздөшсүн.
Телегейи тең  – деди,
Берки чети былчагай,
Сары жар менен кара саз,
Калмактын жери бу – деди.
Көмкөрө журттун баарысы,
Араң батты ушу жерге,
Сунган моюн меники,
Суурган кылыч сеники.
Кан Бакай, Кошой алдында,
Каарлансаң султаным.
Өлтүрсөң койсоң өзүң бил.
Эр Бокмурун айтканда,
Карс этип күлдү кабылан.
– Эркелеттим сени – деп,
Жаман көрбө мени – деп,
Азырак айттым сөзүмдү,
Камала түшөр бекен  – деп,
Баатырсынган калмактын,
Маанайын пас кылдым – деп,
Көңүлү чөгөт болсун – деп,
Эсеп менен эт бергин,
Эр Манасың турганда,
Эми келбейт ит калмак.
Жалпы журтуң башкарып,
Жай жайына жаткызгын.
Ит калмак турсун, ит кытай,
Күйбөгөн жери күл болсун,
Бышпаган жери чок болсун,
Аргасы жоктон токтолсун.
Сур жоргону Бердике,
Жетелетип Бокмурун,
Айлын көздөп жөнөдү.
Артынан Манас кеп айтат:
– Бакай, Кошой байкачы,
Баланын жүзүн көрдүңбү?
Жазганбай жооп бергени,
Жаңылбай сөзүн айтканы,
Жыйырма бешке илинсе,
Капыр менен мусулман,
Катар билчү бала экен,
Мени билчү жан экен.
Көзүм тийип калды – деп,
Жашында өлүп калар – деп,
Жай жайына жатышты.
Калчадан кабар алыңыз,
Чүрөктүн тилин билесиң,
Мурадил бачым баргын – деп,
Курбусуна айткын – деп.
Конокту качан бөлөт – деп,
Тамаша качан кылат – деп,
Ушу сөздү айтканда,
Ук Чынкожо маанисин,
Абдан көрдүм даанасын.
Сөз угуучу жан элем,
Эрке асырап чоңойткон.
Эрке да болсом мен шордуу,
Өрүүгө келип кат тийди.
Мусулман менен тыргоотту,
Ар уруу кебин угууга,
Тынч албай жүрдүм мен досуң.
Манаска катты сунганда,
Дин ислам чогул – деп,
Кеңешишип калганда,
Уй түгүндөй көп тыргоот,
Кантип бөлүп салабыз.
Кан Бокмурун сен бала,
Канча күн конок тартасың.
Бакай, Манас, кан Кошой,
Баякы тирүү айтканда,
Анда бала кеп айтат:
– Мактанып айтат дебеңер,
Малымдын чети оюлбайт.
Жылкымдын тыяк чети,
Үч-Капкакты эңкейип,
Кең Текестин боюнда,
Жогорку четин сурасаң,

Куурайлуунун оюнда.
Тыякы четин сурасаң,
Кетмен-Төбө ашырды.
Кең Иленин боюнда,
Алтымыш эки жылкычы,
Баары бирдей бакмачы,
Араң багып бу турат.
Калкым конок болгун – деп,
Малың турсун үйүм бар,
Алтын, күмүш, жакут бар.
Аны аябайм атамдан.
Малың турсун калайык,
Баш аябайм атамдан.
Кыйналба журтум конок бу,
Кызматыңа мен турдум.
Анда калкы кеңешти,
Үчтөн, төрттөн бөлүнүп,
Бакай, Кошой кулак сал,
Манастын зайбы акылман,
Шойкомдуу оозу шок – деди,
Узун чач да жок – деди,
Каныкей болсо кандай – деп.
Анда Манас кеп айтат:
Карангүн калкым не дейсиң,
Катынга конок бөлдүрүп,
Кысталак ит тыргоот,
Кырыма чыгып албайбы,
Коңурбай шылдың кылбайбы,
Манастын шагы сынбайбы.
Койгун журтум, койгун – деп,
Кой дегенде болбоду.
Журту сурап турган соң,
Анда Манас кеп айтты.
– Ургаачылык бу кылса,
Бөлө албаса конокту,
Талак кат берем колуна.
Каракан келди бул ашка,
Азыр салам жолуна.
Калыс болгун калайык,
Кандай бөлөөр экен – деп,
Кан Алмамбет, Чубак кан,
Камандай болгон Сыргагы,
Каныкей кайда айткыла,
Калк каалады сени – деп,
Конокту бөлсүн бачым де.
Эркекче кийим кийсин де,,
Ээрчитип силерди,
Эрте конок бөлсүн де.
Манас муну айтканда,
Балдары карап турчубу.
Каныкейге келишип,
-Каныкей жеңе бат камын,
Калктын баары каалады,
Конок болуп берсин дейт,
Эркекче кийим кийсин дейт,
Чач төбөгө түйсүн – дейт.
Ак кабагын көрсөтпөй,
Аянбай буунуп алсын дейт.
Чолок чопкут тон кийин,
Чоролорум ээрчитип,
Баягы балдар айтканда,
Ырас болот макул – деп,
Тартынбаган бейбагың,
Тайторуну минди эле,
Сары шымды кийди эле.
Чач төбөгө түйдү эле,
Суусар бөрктү кийди эле.
Жарактын жармын салынып,
Кемер курун курчанып,
Кызыл өңү сур чалып,
Кырк чорону ээрчитип,
Уй түгүндөй көп капыр,
Кытайды көздөй келди эле.
Конокту бөлдү башкарып.
Кара калмак тыргootту,
Алпынын баарын бөлдү эле.
Түштө кайтып келди эле.
Күн батыш жагы мусулман,

Муну бөлүп салды эле.
Бейлеп турса калайык,
Бешимде чыгып келди эле.
Кылыктуу жеңең бөлгөндө,
Кырк чоронун үйүнө,
Конок жетпей калды эле.
Касиеттүү чоң байдын,
Ашынан куру калганча,
Түгөткө чоро болгуча,
Шу токолду чаптырып,
Каныкей кайра аттансын.
-Камандай болгон чоролор,
Бек таарынды мага – деп,
Манас,Бакай айтканда,
Бейбак кайра аттанып,
-Бер келгиле балдар – деп,
Дигерде конок берди эле.
Түтүнгө үчтөн бөлдү эле.
Кырктан конок, кырк жайсаң,
Асынышып арстандар.
Кырктан кантип алабыз,
Кырк кызга жүздөн конок бергин – деп,
Койчу конок талашып,
Жыластарын салышты.
Манас, Бакай каткырып,
Кубанышып калышып,
Чорону кайра токтотуп,
Кырк жүздөн конок бергенде,
Алымсынды арстандар.
Кабылан султан Манастын,
Катыны бөлдү калкты дейт,
Алданын салган иши экен,
Ошол султан Манастын,
Алганы кандай киши экен.
Каныкей жүзүн көрмөккө,
Калктын баары аттанды.
Атка минген токтомдуу,
Алптын баары аттанды.
Калк көрөбүз деп келди,
– Каныкей кайда ? – деп келди.
Кылкандай болгон кырк бөрү,
Конок жайын камдатпай,
Айылды чаап алабы.
Кайсы жакка барасың,
Кайра үйүңө баргын – деп,
Карсылдатып сабады.
Ителги тийген таандай,
Баркыратып сабады.
Бөрү тийген миң койдой,
Дыркыратып сабады.
-Коё бергин калкымды,
Билимдүүнүн баарысы,
Биле берсин түзүмдү.
Мусулман алпын коё бер,
Олуязаада карылар,
Көрө берсин жүзүмдү.
Каныкей тыйып балдарды,
Кайра ээрчитип жөнөдү.
Булактап басып кеткенде,
Мусулман көзү тийгенде,
– Аргымак аттын аласы,
Капа болбо Чынкожо,
Кантип берет канынын,
Канчыктын тууган баласы.
Калчадан кабар угулду,
Мурадил келди бургутуп,
Мусулманча тил айтып.
Үрбү менен Мурадил,
Манас менен Бакайга,
– Келгеним бир ай болду – деп,
Кан Байкоңур кеп айтты.
Тамашаны салсын – деп,
Жалпы мерген жанында,
Жамбы орнотуп берсин – деп.
Мекти кулду чакырып,
Боккөздү чакырып,
Жамбысын алып келсин – деп,

Жамбы аттырам  – деп айтты.
Ат башындай чоң жаңсар,
Ак кийизге тиктирип,
Алып келип берди эле.
Сары-Жаздын оюна,
Дин ислам баары аттанып,
Кырк бир танап байлатып,
Тышынан тери чырматып,
Бийиги бар сексен кез,
Калмак атып алсын – деп,
Жамбы орнотуп берди эле.
Алгара менен сойгутуп,
Алтындан кылган чоң күрмө,
Байкап турса дин ислам,
Очогор кара замбирек,
Он сыйра атты эле.
Эскара, Жолой эки кан,
Экөө келип атты эле.
Борончу менен Боз келте,
Кылкандай болгон кырк чулуу,
Кыдырата туруп атты эле.
Түшкө жата түгөттө,
Бир танабы кыя албай,
Туман түшүп жакага,
Атып турду уялбай.
Ширкап менен жык берди,
Ай дарыны түгөтүп,
Асмандагы жамбыны,
Камандай болгон калчасы
Алтымыш эки жолу атты.
Кытай жабыр чалышты,
Тажап калмак чыкканда,
Баадыратып орусу,
Барданке менен кирди эле.
Орус тажап чыкты эле,
Уралабастын бөксөдө,
Дүрбү салып ошерден,
Кабылан карап жатканда
Миңди кул кабар айтканда
Милтелүү мылтык колго алып,
– Билейин эми калмак – деп,
Бакай келип бир атты,
Атам Багыш алдында,
Калмактын баары жадады.
Кантер экен канкор  – деп,
Карап турду кашында,
Бир танабын кыя атты.
Кылкандай болгон кырк мерген,
Кырк танабын кыя атты.
Жалгыз танап калганда,
Аккула менен артында,
Аккелте менен бир атты.
Тоо жаңырып заңк этип,
Асмандан жамбы жалп этип,
Ителгидей эр Сыргак,
Илип алып жөнөдү.
Баатырсынган калчанын,
Маанайы пас болду эле.
Манастын сүрүн көргөндө,
Жай жайына жатышып,
Кабылан Манас султанын,
Капыр менен мусулман,
– Калчага кабар бергин – деп,
Балбанын алып келсин – деп.
Барып кабар айтканда,
Манжунун баары аттанып,
«Байкоңур» деп бакырып.
Чоң чочколор чакырып,
Мурадилди чаптырды.
-Балбанга тамак берсин – деп,
Жеген этке тойбойт – деп,
Эскара менен Жолойдун,
Күрөшсө бирөө сүйлөйт – деп.
Балбанымдын байгесин,
Эр Бокмурун баладан,
Эсебин ала келгин – деп.
Мурадил келип кеп айтты,
Эскара менен Жолойго,

Кан Байкоңур кеп айтты.
-Балбаны бачым чыксын – деп,
Экөөнө тамак берсин – деп.
Эсеп менен эт жейм – деп,
Алымсынбай ал этке,
Ачка түшпөйм – деп айтты.
Эмне тамак алат – деп,
Кара жаак эр Үрбү,
Касиеттүү кан Кошой,
Манас менен Бакайды,
Алдырып алып экөөнү,
Согуму болгон түгөттүн,
Асман бычкан айгырдан,
Кары картаң алдырып,
Калмак этти байкабайт
Каргыш тартып катсын деп,
Тогуз буура бир алды,
Тогуз бука бир алды.
Тогуз айгыр бир алды,
Тогуз кочкор бир алды,
Тогуз теке бир алды.
Алты көөкөр аракты,
Алымсынар деп алды.
Карап турса калайык,
Чала-була бышыртып,
Эки балбан жеп алды.
Жегендерин көргөндө,
Мусулманды карасаң,
Мурду менен дем алды.
Баатыр Кошой, эр Үрбү,
Ондон-бештен кыдырып,
Дин ислам текши турганда.
– Калкамандын кара атын,
Камчыланып алыпсың.
Жыйын султан ичинде,
Алчыланып алыпсың.
Токойдун уулу Көкбөрү,
Сен кандайсың балбанга?
– Мал аркасын ээрчидим,
Баатыр Кошой, эр Үрбү,
Балбаныңа чыкпаймын.
Жолоюңа жолобойм,
Манап өскөн бала элем,
Быягыңа шыгым жок.
– Алпаймат менен Көккоён,
Сен кандайсың балбанга.
– Эскара менен Жолойго,
Чыкпайбыз баатыр мунуңа.
Жыгылып калсак өлөбүз,
Кантип тирүү жүрөбүз.
Мусулман баары дыркырап,
Түшпөйбүз деп зыркырап.
– Сары-Арканы жердеген,
Бели катуу эр деген.
Айдаркандын эр Көкчө,
Сен кандайсың балбанга.
– Белимде беш оролгон кур кетип,
Абайласаң калайык!
Бетимден кызыл нур кетти,
Кантип мени түш дейсиң.
Кара сакал ак болгон,
Кайта турган чак болгон.
Калмагыңа чыкпаймын,
Жолоюңду жыкпаймын.
Андан ары барды эле.
– Киндиги болот Китеналп,
Чоңдугуң жаман сүрдүү – деп.
– Койчу баатыр чоюн алп,
Чоңдук жайым курусун.
Чоркок өскөн дөө элем,
Кокуй журтум кыстаба,
Жыгылып калсам өлөмүн.
Эрегишсең калчага,
Мелдеш десең этке сал,
Алты алымын калчаңдан,
Артык алып бербесем,
Жарабасам этиңе,
Башымды кесип суугa сал!

Андан ары барышып,
– Чамбыл белди жердеген,
Бели катуу эр неме.
Элемандын эр Төштүк,
Сен кандайсың балбанга,
Намызың кетер капырга.
– Алаткүн журтум кыстаба,
Кенжекейди алам деп,
Жер алдына түшкөмүн,
Жети жылдар болду эле,
Жетимиш дөөнү өлтүрүп,
Зымырык куш көтөрүп,
Жер үстүнө чыкканым,
Жети күндөр болду эле,
Алы, күчүм жок эле.
Алаткүн журтум кыстаба,
Жолобоймун чочкоңо.
Калайыктан издедик,
Каалап балбан чыкпады.
Калмак байге алат бейм,
Канкордун шагы сынат бейм.
Касиеттүү кан Кошой,
Калк атасы эр Кошой,
Алп бата албай турду эле.
Кан Кошойго айтууга,
Манаска кеңеш салды эле.
Баки журту чогулуп,
– Кабылан султан кантебиз,
Журттан балбан чыкпады,
Жолобой койду Жолойго,
Жолум үйдөй чочкого.
Баатыр Манас падышам,
Маанайың пас болот бейм,
Байгени калмак алат бейм.
Падышам айла тапсаңчы,
Касиеттүү абаңа,
Кандай жандар айтат – деп,
Картайып калган Кошойду,
Калкыңыз муну каалады.
Кандай пенде айтат – деп,
Кабылан султан арга тап.
Анда Манас кеп айтат:
– Кырылган журтуң оңбосун.
Тең курбу өскөн курбулаш,
Бакайдан башка жаш айтпас.
Кан Бакай абаң укканда,
Кошойду көздөй бет алып,
Бастырып келди эр Бакай,
Көк ала ат менен сойкойтуп.
-Тең курбум Кошой бер келчи,
Кабылан Манас баш болуп,
Калайык сени каалаптыр.
Жыксаң мөрөй алып кел,
Жыгылсаң куру калып кел.
Карылыктын алды – деп,
Жигиттиктин кийни – деп,
Асыл Кошой барып кел.
Бакай туруп айтканда,
Тартынчы беле эр Кошой.
– Кабылан Манас кааласа,
Карысам да мен шордуу,
Кантип түшпөй коёюн.
Түш десеңер түшөйүн,
Жалгыз жээним Көккоён,
Орго салып койгондо,
Алтымыш нарга пул жүктөп,
Ор оозуна койгондо,
Олтура калып ошондо,
Аңтара тээп ийгемин,
Баланы ордон алгамын.
Ачуум келип тепкенде,
Он жамбаштын чүнчүсү,
Кокустап калган оң бутум.
Бутумда мүдөө болбосо,
Ар мүчөмдө айып жок.
Чолок чопкут тон кийип,
Бала курун курчанып,
Ак балтыры кылактап,

Басып турду эр Кошой.
– Мусулман адам чогул – деп,
Кандагайың барбы – деп.
Ала күүнүн алптары,
Менин зайбым иштүү  – деп,
Менин зайбым төштүү – деп,
Калайык шымын чечти эле,
Кан Кошойго берди эле.
Багалектен алганда,
Балбан Жолой бул чочко,
Момундай бөлө айрылат.
Матадан бетер бөлдү эле,
Аладан алса кантем – деп,
Атаңдын көрү балбан ит,
Канатынан кайырды.
Каңдагайды айырды.
Карыган Кошойду издесек,
Камандай түгөт турбайбы.
Канжыгага байланып,
Тамам журттун баарысы.
Дамбалчан калды дардайып.
Кенебеген кабылан,
Алдыра келген Кең-Колдон.
Токуп минген чогултуп,
Тоодон теке аттырган.
Канкордун зайбы Каныкей,
Чоң желекти алдырган.
Байтал бээнтин сүтүнө,
Алты айдын жүзү болгончо,
Ашаткысын кандырган.
Күн ашатып, кул сүргөн,
Каныкей бычып, өзү тиккен.
Чыйырдыдай энеси,
Кол макмал менен ишетеген.
Алмамбеттин зйыбы,
Айдай сулуу Арууке,
Коно жатып аябай,
Кош кобул салып тиштеген.
Кийип алса кандагай,
Такымдан алып тартканда,
Кулач кетип чоюлат.
Каныкейге берди эле,
– Алып барып абама,
Ак шымды берип келгин – деп.
Кыя тартып кыйкайып,
Жүгүнүп келди суйкайып.
– Бай бол, балам, бай бол – деп,
Кошой алкап турду эле.
Ак шымды таштап койду эле,
Тиктеп туруп кан Кошой,
Тигишин таппай койду эле.
Кайсы жеринен бүккөнүн,
Бүгүшүн таппай койду эле.
Каныкейди көп карап,
Кандай бычкан деп карап,
Кандагайды бек карап,
Баатыр Кошой кийди эле,
Байкап турду калайык.
Балтырына Кошойдун,
Багалеги сыйбады.
Качырып келип Манасың,
Капшытка тартып ийди эле.
Аркасына тийгенде,
Шуру, бермет, жакут таш,
Жамгырдай болуп төгүлдү,
Аппак эти бөлүндү.
Анда Кошой кеп айтат:
– Ачуусу чукул арстаның,
Не жазыгы бар эле.
Саа чактаган шым – деди,
Маа чактаган шым эмес.
Ачууланып турганда,
Анда Бакай кеп айтат:
– Ай Алмамбет, Чубагым,
Жандан жаман ынагым.
Бекерге жаш баламды,
Береним Манас түгөнгүр,
Акылга зейрек Каныкей,

Ал кылган иштин барында,
Амалы бар дечү эле.
Аңтарып кара түгөттөр.
Каныкей уга койду эле,
Багалекте тээктен,
Алмамбетке тарттырып,
Кашат жакта бүгүштөн,
Кан Чубакка тарттырып,
– Бут тебишип тарткын – деп,
Танаптын баары даркырап,
«Дар» деп чыгып кетти эле.
Кайра бүктөп Каныкей,
Камтый бүктөп берди эле,
Баатыр Кошой кийди эле.
Байкап турса Манасы,
Багалек жагы кең келди,
Кашат жагы тең келди.
– Бейбакты бекер чаптым – деп,
Манас баатыр айтканда,
– Керген талпак мен болом,
Керилип чабар сен болгун.
Чойгон талпак мен болом,
Чоюлуп чабар сен болгун.
Кайышпаймын камчыңа,
Чаба бергин бейбакты,
Кабылан төрөм сен чапсаң,
Кан абамдын алдында,
Саатым жерге төгүлөр.
Танабын капыр тартты эле,
Балтырына жабышып,
Мелтиреп басып кетти эле.
Безилдеген жеңеңе,
Берки Манас кайран эр,
Бек ыраазы болду эле.
– Жолобогун журтум – деп,
Жолдошумду таап бер – деп,
Эки калмак зор чочко,
Экөөлөсө кантемин.
Карып келген чалыңды,
Жекелесе кантемин.
Бачым жолдош бергин – деп,
Манасыма айтты эле.
Кутунайдын баласы,
Кутура чыккан куу акыш,
Акмак Агыш кайда? – деп,
Алмамбет бачым алып кел.
Үч Кошойдун бөксөдө,
Кан сонорлоп келгенде.
Оролмо тоонун этекте,
Байкадым эле чочконун,
Балдак коюп алдына,
Куштан бетер кондуруп,
Билдим эле ошондо,
Билекте күчү бр экен.
Кан Алмамбет бат апкел,
Катын жандуу кыз ногуш,
Кайда калды ит Агыш.
Сарала менен сойгутуп,
Кан Алмамбет келди эле.
Калың ашты элебей,
Келбеттүү сурмалуу келинди,
Ээн калган катынды,
Баарын жыйып алыптыр.
Болбой жүргөн келинди,
– Мойнуңду жулуп алам  – деп,
Белден төшөк салдырып,
Арак ичип мас болуп,
Маңги болуп алыптыр.
Катын кызга ээ болгон,
Акмак Агыш кайдасың?
Алмамбет келди кыйкырып,
Чоң чанач менен бир кымыз,
Алмамбетке берди эле.
-Кымызың менен куру – деп,
Бат аттангын баатыр – деп.
Кымызга суусун кандырып,
Кан Алмамбет жайдарың,
Кайра салып калды эле.

– Балбанга түшкүн Агыш – деп,
Карыя Кошой түштү – деп,
Камандай чочко жашсың – деп,
Кошойго жолдош болгун – деп.
– Эр Жолойду эр Кошой,
Сен көздөгүн аба – деп.
Эскарадай калмагын,
Аны бергин маа – деп.
Баары журттан бата алып,
Басып калды бул экөө.
Кайрылып туруп эр Агыш,
– Кошой аба тура тур,
Балбаныңдын байгесин,
Айтып койгун маанисин.
Бокмурун бала кеп айтты:
– Уксун калмак – деп айтты.
Балбаныңдын байгесин,
Үч бөлүп койдум тигине!
Башкы байге тетиги!
Маргалаңдын малындай,
Ортонку байге мына бу!
Он сан ногой малындай.
Аякы байге мына бул,
Анжиян, Кашкар малындай.
Эсебин айтам байгеңдин,
Эрте барып кармаш – деп,
Мусулман алпы жарданып.
Карап турду танданып.
Жогор жагын байкаса,
Кара курттай кайнаган,
Жердин жүзү жайнаган.
Буркандарды колдо – деп,
Буркандарга сыйынып,
Балбандардын баарысы,
Балак ташып басышып,
Эр Кошой менен чоң Жолой,
Кармаша кетти булкушуп.
Эскара менен эр Агыш,
Кармаган жерин алышып,
Жүрөт баатыр сүрүшүп.
– Качан чабат Манас – деп,
Кылчактап жүрөт эр Агыш.
Бирөө кармап ыргытса,
Аягы менен тик түшөт.
– Акмак Агыш турба – деп,
Качырып келип кан Манас,
Такымга тартып ийди эле.
Так түйүлүп эр Агыш,
Кара кашаттан алды эле.
Эскарадай чочкону,
Эңкейтип жерге салды эле.
Ийнинен басып калмактын,
Башынан аттап кетти эле.
Алмамбет менен Чубагы,
Агышты суурун кетти эле.
– Манас Бакай кайда? – деп,
Баары журт бата бергин – деп.
Байгеңди Манас алгын – деп,
Байталдар ээн калды – деп,
Агыш кетти арбактап,
Кыз-келин көздөй дарбактап.
Балбан Кошой, эр Жолой,
Жыгыша албай турду эле.
Күчү бирдей чочколор,
Такымдан кармап тартканда,
Буладай болуп чоюлуп,
Коё берсе бу шымды,
Шилидей болуп жыйылат.
Күч алалбай чоң Жолой,
Күрсүлдөп жүрөт эр Кошой.
Кармап булкуп ыргытса,
Кара кан уюп карчытка,
Күн жалган түш болгончо,
Кошойдун көөнү бузулуп,
Баатыр Манас, кан Бакай,
Баки журт ыйлап чуркурап,
Мунажат кылды кудайга.
-Кубат берди кудайым,

Кубаттнып кан Кошой,
Камандай болгон калмакты,
Калдайтып жерге салды эле,
Башынан аттап кетти эле.
Манасыңдан кем эмес,
Байкоңур салды бузукту.
– Балбанды жыкмак бар эле,
Башынан аттоо жок эле.
Бул эмне чоңдугу?
Айбалта башы сороктоп,
Найзанын учу короктоп.
Камчынын үнү дабырап,
Камчылашып калышты.
Калысы түшүп ортого,
Ажыратып салышты.
Калайыкты аралап,
Кан Кошой келет дарбактап.
– Айланайын абам – деп,
Намысты алып берди – деп.
Артынан жетип Алмамбет,
Кан Алмамбет канетсин,
Камтытпай жерден алды эле.
Жоон санына мингизип,
Колтуктап алып Кошойду,
Саралага камчы уруп,
Сан жыйынды аралап,
Желип жүрө берди эле.
Тегеректеп Кошойду,
Мусулман карап турду эле.
Күн чыгыш жагын караса,
Калың калмак көп тыргоот,
Ортосунда кан Кошой.
– Манас балам кулак сал,
Бакай курбум угуп тур.
Оң батамды берейин,
Оң жолума салайын.
Байгеңди Манас өзүң ал.
Батамды саа бергенде,
Шымыңды маа берсең бейм.
Каныкейдин иши – деп,
Ар жыйынга кийсем бейм.
– Шым курусун алыңыз,
Баатыр Кошой абаке,
Балаңа бата бериңиз.
Өңгө жалган, өлүм чын,
Өлүм айтып келеби.
Эр ортону элүү беш,
Элүү бешке келипмин.
Туяксыз өтүп кетем бейм,
Туйгунум Кошой бата бер.
– Жаркыным Манас ыйлаба,
Каныкей кайда чакыр – деп,
Эки жүз катын ээрчитип,
Эркечтей болгон бейбагың,
Басып келди жүгүнүп,
Кыбыла жакка жүз тартып.
– Кабылан Манас чырагым,
Кантип туусун бу зайбың,
Аягы кууш экен – деп,
Туубас болчу неме экен.
Карарган чачы жүн экен,
Кайгыга тууган күң экен.
Аягын саат чырмаптыр,
Желче чачы жүн экен,
Кейишке тууган күң экен.
Ичинде перзент жок экен,
Кол көтөр, журтум, кол көтөр,
Чын кудурет жаратса,
Чын олуя колдосо,
Бу катының бирди тууйт,
Адамдан башка түрдү тууйт,
Олуязада шерди тууйт.
Капыр менен мусулман,
Катар турар эрди тууйт.
Кыдыр Насыр колдогон,
Кыйла мыкты эрди тууйт.
Балаңын атын байкап ук,
Тилегиң кабыл келсин – деп,

Эр Семетей болсун – деп,
Кошой бата бергенде,
Кысталак буруттун,
Бештеп өргөн чырымы,
Бул эмне ырымы.
Кан Байкоңур баш болуп,
Кошо бата бергенде,
Кожо менен молдонун,
Дубасынан бүтүптүр.
Кара калмак кытайдын,
Мусулман менен капырдын,
Батасынан бүтүптүр.
Жазыгы жок Каныкей,
Жатынына түйүлгөн.
Буркурап ыйлап турганда,
Букардын көк ташына чийилген,
Манас балам кулак сал.
Кыз Сайкалдын колунда,
Кызыр эмди тай эле.
Буурул ат бурак болсун – деп,
Байкасаңчы Чынкожо,
Батадан бүткөн бала бар,
Кыз албай экөөң жерге кир,
Кылган иште чала бар.
Манастын уулу канкордун,
Дубадан бүткөн жери бар.
Эби жок чечен жөөттөн,
Ээрчитип келген эри бар.
Колдогону чоң белем,
Чоңсунган киши кор белем.
– Түндө Чүрөк долуга,
Түшүмдө барып жатыпмын.
Түшүмдө бара мен жатсам,
Дал орто этим бек тартат,
Капчыт этим көп тартат.
Күчүк этим бек тартат,
Кылыч тийчү жерлерим,
Кыйын тартат Чынкожо.
Найза тийчү жерлерим,
Артык тартат Чынкожо.
Барбайм баатыр барбаймын,
Айчүрөктү албаймын.
Балтыр бешик балам бар,
Баламын жүзүн көрөмүн.
Канкордун зайбын албаймын,
Катыным жесир кылбаймын.
Ополду олжо кылбаймын,
Опсуз долу албаймын.
Ушул сөздү айтканда,
Эр Чынкожо күүлөндү,
Эр Толтойго сүйлөндү.
– Кужураган кысталак,
Жомокчу Толтой тура тур.
Эмне болдуң санталак,
Ырчы Толтой тура тур.
Опсуз Толтой экенсиң,
Бааатыр Толтой мен десем,
Элечек жок башында,
Казандай кара бөрк кийген,
Катын Толтой экенсиң.
Жакшы Толтой мен десем,
Комузуң жок колуңда,
Бакшы Толтой экенсиң.
Намызымды кетирдиң,
Акмак Толтой аттан кет!
Канкордун уулу келет – деп,
Катын болсоң качып кет,
Азык-түлүк чачып кет.
Араң келген душманга,
Абийриңди ачып кет.
Ант уруп кеткен кысталак,
Антташып койгон дос элек.
Ант шертиңди алып кет!
Аксак сары ат минип,
Же-Кайттан ары кирип кет,
Жерден ары житип кет.
Кең-Колдон алды көчүмдү,
Кезекти кудай келтирсе,

Кең Ополдон табылса,
Канкордун уулу кезиксе,
Эми алайын өчүмдү.
Таластан алды сартымды,
Эми алайын дартымды.
Атаңдын көрү кысталак,
Кыздан кеткен санталак.
Эмине сөздү айтасың,
Эрке кыз албай энеңди ал,
Акмак Толтой аттан – деп,
Айчүрөк албай абат бол.
Намызымды кетирдиң,
Касташып алып канкорго,
Калкымдан келсем бу жерге.
Айлымдын баарын көчүрүп,
Каралды кылып мен келсем,
Акмактын айткан сөзүн көр.
Ачкадан өлүп кеттим – деп,
Аштык сурап келдимби?
Тозуп кетти журтум – деп,
Тонду сурап келдимби?
Айбандан жөө калдым – деп,
Жалпы журтка бергин – деп,
Атты сурап келдимби?
Айчүрөктөн айлангын,
Оозуңду урайын
Аттангын Толтой эрте кет.
– Айттың достум макул – деп,
Ушу сөзүң акыл – деп.
Амалым барбы барайын,
Айтышып койгон антым бар.
Ачууланба Чынкожо,
Кылышып койгон шертим бар.
Шертке учурап калбайын,
Көрдүм эле ошондо,
Бөөдө Толтой өлбөсүн.
Кырымдын кызы кыз Сайкал,
Алып барып чапты эле.
Кысыр эмдүү тай эле,
Алыска атты айдаган,
Жүз алтымыш ат болгон,
Алтымыш атка байге бар,
Аңгемени көрсөтүп,
Мындай аш берген кайда бар.
Четке барам бургутуп,
Суркоён менен зыргытып.
Айбандан сонун мал эле,
Ар жагында чакырым,
Алымсынбай ошо жерге,
Алысыраак болсочу,
Асый чагы болсочу.
Жал куйрукта жара жок,
Ач бууданга айла жок.
Ак кулага паана жок,
Өзү менен төрт болуп,
Туягы тийген жерлери,
Шибер күйүп өрт болуп.
Кыз Сайкалдын кырк жигит,
Арт жагынан аңдадым.
Кай жагында буудандын,
Туягынын туурасы ай,
Айбандан сонун мал эле,
Алты карыш бар эле.
Өлчөп алган жибим бар,
Айтты койду дебеңиз,
Томого туюк кабылсам,
Өлтүрөт менин өзүмдү.
Кенебеген түгөнгүр,
Келер маалы быйыл – деп,
Касиеттүү кепилдин,
Айланасын чаламын,
Анан кийин барамын.

## КҮЛЧОРО МЕНЕН ТОЛТОЙДУН САЙЫШЫ. СОГУШ

Намаз шам менен эр Толтой,
Аттанмак болду Чүрөккө.
Аксарбашыл кой алып,
– Баатыр Багыш колдо – деп,
Баабединди чалдырып,
Он эки кабат себилди,
Опсуз жердеп эр Толтой,
Ошондо кийди темирди.
Буттай темир курчанып,
Сур олпок кийип болкоюп,
Жарактын баарын салынып,
Жаратканга жалынып,
– Жалпы олуя колдо – деп,
Суркоён менен болоктоп,
Койчагыр мылтык ийнинде,
Куу найзасы колунда.
Кызды көздөй бет алып,
Кубулжуп Толтой аттанды.
Күүгүм кире, күн бата,
Элдин алды жуп жата,
Ай шашке болгондо,
Бура тартып калды эле.
Букардын жолун чалды эле.
Андан капыр аттанып,
Анжыян,Кашкар жолу бар,
Андан изди чалды эле.
Андан изди табалбай,
Андан туура салды эле.
Үрүмчү басып кетүүчү,
Туура кеткен чоң жолду,
Турпандын жолун чалды эле.
Мындан изди табалбай,
Кызыл кыр ылдый кирди эле.
Кызыл кумду байкаса,
Аңгек ылдый жалгыз из,
Чабылып жатып калыптыр.
Кереметинде билиптир,
Кантсе Толтой келет – деп,
Алдына атты чубатып,
Артынан алтымыш атты чиркетип
Чуулгандуу бейбагың,
Чубатып атты жетелеп,
Буудандын изин чалдырып,
Сайга салып жетелеп,
Келишимдүү кепилге,
Кең-Колдон келген төрөңдү,
Анда Толтой байкаса,
Узунуна чөп ченеп,
Туурасына жип ченеп,
Кум куюлуп калыптыр,
Өлчөсүн таппай койду эле.
Жана Толтой аттанып,
Жаканы көздөй салды эле.
Улуу жолдун боюнан,
Мындан изин таппады.
Ал аңгыча болбоду,
Таң сөгүлүп тыяктан,
Таң кылайып кашкайып,
Жерге жарык тийди эле.
– Изин чалып алдым – деп,
Жер аруулап салдым – деп,
Кантип куру кетейин.
Сумсайып куру кеткенче,
Сонунду көрүп кетейин.
-Кан жездебиз келет – деп,
Карап турсун Ажыбай,
Камынып турсун кырк жөкөр.
Катын угуп турсун – деп,
Каңгырап ырдап кан жездем,
Кылычы кында кыңгырап,

Ырдап келет зыңгырап.
Катын кызга мактанып,
Каңгырап ырдайт кан жездең.
Кайраттуу күйөө десин – деп,
Заңгырап ырдап кан жездең.
– Урунарга тоо барбы?
Урушарга жоо барбы?
Эриккеним жазарга,
Өзүмө тең эр барбы.
Найза кандап аларга,
Баатыр жезде экен – деп,
Балдыздардын баарына,
Мактаныч кылып барарга,
Ажалы жеткен шер барбы?
Толтойду мындай таштаңыз,
Эр Күлчоро күлүстөн,
– Таң сүрүлүп калды – деп,
Кана Толтой келгени,
Кана Күлчоро өлгөнү.
Тилегим кудай бербеди,
Бүгүн Толтой келбеди.
Уйкум арам болду – деп,
Эр Ажыбай, Түмөнбай,
Акмак кылган турбайбы.
Күн шашке болгончо,
Абдан уйку кандырып,
Жалган түштө барбасам,
Алеңкирди салбасам.
Айтылуу Чүрөк кызыңды,
Абама алып бербесем.
Ополго кыргын салбасам,
Жер кашаттын үстүнөн,
Желип түшүп келди эле.
Боз мурундун астына,
Боз дөбөгө түштү эле.
Сыр найзаны таштады,
Белине чылбыр байлады.
Аккелте менен жаракты,
Жанына коюп жаш бала,
Чыканактап кетти эле.
Бир кулагын шалкайтып,
Сологой бутун көп солпуп,
Жуушап турган Тайбуурул,
Жеркенин сары талаадан,
Жездеңдин үнүн укту эле.
Айтайын десе тили жок.
Кошкуруп үркүп жаныбар,
Козголто албай баланы,
Тыбырчылап Тайбуурул,
Тегеренип булкунуп,
Баш көтөрбөй баркырап,
Чопкуттан тиштеп ыргытты.
Баатыр чоро турду эле,
-Жоболоңдуу союлгур,
Жолборс жоолоп келдиби.
Жолборстон үркүп бул чочко,
Уйкумду арам кылдыбы.
Таң атардын алдында,
Атаңдын көрү Толтойду,
Арбак айдап келдиби,
Толтойду кудай бердиби.
Кой башындай коргошун,
Колдурата куйду эле.
Сыр найза колдо колоктоп,
– Жездекем кайда жүрөт – деп,
Жер кашаттын үстүнө,
Желип чыгып келди эле.
Келе жатат бир неме,
Дөбө десе кишидей,
Киши десе дөбөдөй.
Түшө калып жаш бала,
Буурулга арта салды эле.
Күлүп турат болоктоп,
Шылдың кылып Толтойду.
Күлчоро күлүп сүйүнүп,
-Баатыр Толтой мен десем,
Ырчы Толтой турбайбы.
Ушундан коркуп кыз берген,

Букардагы бул элди,
Кудай ургур турбайбы.
Семетей келет деп айтып,
Кенебей келе жатканын.
Манастын уулу келет  – деп,
Тушарына кишини,
Теңебей келе жатканын.
Байлай атсам ушуну,
Арманда өлүп калар – деп.
Ар жагынан бута атым,
Алыс атып салайын.
Ушу сары талаада,
Күйөөнүн күчүн көрөйүн.
Убара кылып Толтойду,
Ушалайын ошону.
Эриккеним жазайын,
Эрмек кылып алайын.
Ар жагынан бута атым,
Алыс атып салды эле.
Жер-сууну бузуп заңк этип,
Алыс тийип калды эле.
Байкап турсаң эр Толтой,
Мылтыктын үнүн элебейт,
Издеп келет заңгырап.
Добулбасын чапты эле,
Ак келтени алты атып,
Барданкедей бат атып,
Жамгырдай кылып жаа тартып,
– Качпа,Толтой,качпа – деп,
Алмамбет,Чубак,Сыргак – деп,
Арбагында колдо – деп
Жаратканга жалынып,
Камандай болгон кайран эр,
Качырып сала берди эле.
– Манас, Манас, Манас! – деп,
Манастап ураан чакырып,
Байкап калды эр Толтой,
Эрбең, сербең бир неме,
Келе жатат кыйкырып.
– Бир эле киши турбайбы,
Ушундан качса Толтойду,
Мени кудай урбайбы!
Найза шилтеп нетейин,
Аңтара тартып атынан,
Ушунун күчүн көрөйүн.
«Түү» деп колго түкүрүп,
Карап турсаң эр Толтой,
Айкырганда баланын,
Алтымыш киши саны бар.
Кыйкырганда чоронун,
Кырк кишинин сүрү бар.
Сыр найзанын учунда,
Жетимиш жандын каны бар.
Байкап турса эр Толтой,
Күйөөңдү кууп алыптыр.
Бар олуя жаныбар,
Алдынкы кашат сеңирден,
– Карма,кулду, карма – деп,
Алмамбет, Чубак келатат.
Колу-бутун байла – деп,
Биз жеткиче жайла – деп.
Серек менен Сыргагы,
Арбагы келет кыйкырып,
Күлчоролоп кыйкырып.
Ары жагын байкаса,
– Кармап алам качпа – деп,
Манас келет бакырып.
Келинимди алуучу,
Кедей кулду байла – деп.
Көсөө куйрук көк дөбөт,
Көт жагында келатат.
Кара чаар кабылан,
Капталында келатат.
Колдогону чоң экен,
Алпкаракуш, зымырык,
Асман менен келатат.
Туруучу Толтой көтүбү,
Күйөөңөрдүн бетиби.

Тору ала желек, сыр найза,
– Качпа Толтой – деп келет.
Торгойдой болгон бир бала,
Алды жагын байкаса,
Эрбең-сербең бир киши.
Арка жагын ойлосо,
Эр Манасы баш болуп,
Эч кур десе миң киши,
Качырып калды кылт коюп.
– Антка кыстап кысталак,
Атаңдын көрү качкын кул,
Өлсүн деген турбайбы.
Азапты Толтой булардан,
Көрсүн деген турбайбы.
Жеткизбей ага Суркоён,
Качып келет эр Толтой,
Камандай болгон чородон.
– Акмак Толтой кайра тарт,
Айчүрөк берем алып кет.
Катын болсоң качып кет,
Абийриң жезде ачып кет.
Качып келет эр Толтой,
Көшөрө кууду көтүнөн,
Найза бою аң келсе,
Суркоён менен чуратып,
Жаркендин сары талаада,
Жездеңер келет жеткизбей.
Жебедей болгон Тайбуурул,
Жетти белем Толтойго.
Кан Акундун күйөөсү,
Энтелеген кысталак,
Кайсы жакка качып барасың.
Айчүрөктү алып берчү,
Эр Чынкожо байың – деп.
Эсенсиңби жездеке,
Эми кандай жайың? – деп.
Камынтпай жетти Күлчоро,
Аркасынан сайсам – деп,
Жарадар кылып Толтойду,
Жаман сайып коёрмун.
Капталына чыгайын,
Капшыттан аны коёюн,
Как ушу жерде соёюн.
Кыска кармап найзаны,
Тутамы жетпей найзага,
– Так өпкөнүн тушу – деп,
Өзү мыкты жездемдин,
Өлөр жери ушу – деп.
Качыра түшүп дыр койду,
Капталдан ары бир койду.
– Ит экенсиң жедиң – деп,
Кудай сактай көргүн – деп,
Куюшканды бек кармап,
Сактагын кудай – деп кармап.
Ээрден көчүк кыйшайып,
Үзөнгүдөн бут тайып,
Аңтара сайып аларды,
Аңгемени саларда,
Бурама тизгин чоң чылбыр,
Колунан түшүп кетти эле.
Ат тушатып салыптыр,
Өксөтүп кетти Суркоён,
Тийген жери алжайып,
Дал ортодон кан жайып.
– Кудай сактап калды – деп,
Кыйшая түшүп оңолду,
Өңү качып жоголду.
Түшө калып жаш бала,
Башы-көзүн койгулап,
Баатыр тууган кайран эр,
– Арстан тууган абамдын,
Жүзүн кантип көрөмүн.
Атаңдын көрү күйөөнүн,
Тоодой болгон Толтойдун,
Артынан жүрүп өлөмүн.
Көт жагынан жаш бала,
Түшүрө кууду Күлчоро.
– Кутулуп алдым эми – деп,

Эрдемсиген качкын кул,
Эр Чынкожо сени – деп.
Кылып турган ишин көр,
Ак кыядан эңкейтпей,
Калың колго жеткизбей,
Жана жетти Тайбуурул.
Аркы колдон жазганып,
Эңиш жерде Толтойду,
Көмө коюп салалбай,
Капталынан качырып,
Көчүктөн ары бир коюп,
Куйруктан каны дыр койду.
Куйрук жагын сыйпалап,
Койчу, Толтой колуна
Кире качты кыйкырып.
Бура тартты Күлчоро,
Алмадай баш ашырып,
Тула боюн жашырып.
Карап турду Толтойду.
Кетип барат эр Толтой,
Чынкожолоп чакырып.
Эр Төлөк – деп бакырып:
– Баатыр Төлөк барсыңбы?
Эрдемсиген качкын кул,
Эр Чынкожо барсыңбы?
Камандай болгон кысталак,
Канкордун уулу келиптир!
Бат аттан, качкын бара көр,
Эр Семетей келиптир,
Катынын барып ала кой.
– Барбайм баатыр барбаймын,
Өлтүрсөң да албаймын.
Кантип адам боломун,
Тула бойдо тамтык жок.
Абайлап турса Толтойду,
Абийри такыр кетиптир.
Толтойду мындай кылган соң,
Бизди тирүү коёбу!
Калкынын баары элейип,
Эсеңгиреп селейип.
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Көкүрөктөн кара кан кетет.
Карса-карса жөтөсө,
Кашыктап кара кан кетет.
– Кантип адам болом – деп,
Найзанын учуна,
Албарс сыйпап койгонбу?
Ачышат да кычышат.
Эр Чынкожо кеп айтат:
– Баатыр Толтой сүйлөнбөй,
Солкулдак кылып найзаны,
Он экиде ойрон кул,
Оң колтуктун балык эт,
Жула сайып таштаптыр.
Сол ийиндин кечирин,
Ортосунан түгөнгүр,
Жыра сайып таштаптыр.
Кечири турат короюп,
Кере карыш сороюп.
Ал эле досум дейсиңби,
Бакырсам да укпайсың,
Кум куюлсун Чынкожо,
Убалым уктатпасын көр кожо!
Ак-Кыянын алдында,
Так ошо жерде жеп салды.
Куйрук жагын байкаса,
Куруткан экен Толтойду.
Карышкыр үзгөн немедей,
Жарым кезден салаңдап.
-Өлбөйсүн, Толтой, өлбөйсүң,
Олтур Толтой досум – деп,
Олтуруп берди үңкүйүп.
Каркыттагы испиртти,
Алдырып алып Чынкожо,
Ак дарыны алды эле,
Талкандай кылып салды эле,
Башынан ылдый куйду эле .
Ооруган жери басылды,

Көзү ошондо ачылды.
– Эс алдың Толтой эми айт!
Билемин өзүңдү,
Бузбай айт досум сөзүңдү.
– Койгун баатыр барбаймын,
Бурулушта мурунтан,
Алмамбет, Чубак аңдыптыр,
Анысы кууду Толтойду.
Серек, Сыргак андыптыр,
Анысы кууду Толтойду.
Манас менен миң киши,
Алдына түштү бир киши.
Абай кылып байкасам,
Буурул ат чочко өңдөнөт.
Устүндөгү кишиси,
Кайнардын кара көзү экен,
Как Семетей өзү экен.
Эрегишер эр эмес,
Кишиси кууса эмне,
Ити кууду Толтойду.
Семетей жетип бек сайды,
Дал ортомду жеп салды.
Ага кыйшайбай кутулдум,
Абайлап туруп карабай,
Асты киймим артпастан,
Аңдабай качып келатсам,
Ага кыйшайбай кутулдум.
Абай кылып карабай,
Асты киймим артпастан,
Аңдабай качып келатсам.
Көчүгүмдү жеп салды,
Көмкөрүлтө жеп салды.
Алда таала сактады,
Өзү күчтүү Семетей,
Өлтүрүп сала жаздады.
– Укпайм Толтой сөзүңдү,
Кудай алсын өзүңдү.
Мындан көрө ит Толтой,
Багыштан тукум болгуча,
Туулбай жерге кирсеңчи,
Туубай туна чөксөңчү.
Кимиси сайды сени – деп,
Атаңдын көрү ит Толтой,
Баарысын айтып божурап,
Бу жерге келип кеп салат.
-Ал Семетей кабылса,
Өлчөлүү жерге бек саят,
Ошо жерди жеп салат.
Аны да баатыр кемитпейм,
Күнөөкөр болбойм кудайга,
Колдогону чоң эле.
– Ити кууду дегениң,
Кушу кууду дегениң,
Кайып уулу кырк чилтен,
Пирлери кууган турбайбы.
Өлгөн киши тирилбейт,
Манас, Чубак, Алмамбет,
Баатыр Серек,Сыргактын,
Арбагы сайган турбайбы.
Арбактан качып ит Толтой,
Кудай урган турбайбы.
Семетей түндө аттанбайт,
Катары каршы келген – деп.
Кудай алсын өзүңдү,
Күйүкпө Толтой кулак сал.
Мындан мурун түгөнгүр,
Түндө аттанып көрө элек,
Найза кармап сая элек.
Алмамбеттин баласы,
Аруукеден туулган.
Аттанып жоого кире элек,
Күлчоро сайган турбайбы.
– Капа болбо Чынкожо,
Каргадай болгон чородон,
Качпай Толтой жерге кир.
Кан Акундун шаарынан,
Катын албай көргө кир.
Кабар берет канкорго,

Камандай болгон чунак кул.
Камынат эми Семетей,
Кай бетиң менен барасың.
Өзүм сайып алып берем,
Акун кандын баласын.
Намысыңды кетирбей,
Алты күндө аяшың.
Алтымыш уруу дары бар,
Койгун, Толтой, койгун – деп,
Садаганы чаптырып,
Ичинен өлчөп бердирип.
Чородон кабар алыңыз,
Эр Күлчоро кеп айтат:
-Аколпокто тешик жок,
Качкан жоону кутказган,
Күлчоро кулда кешик жок.
Кара көңүл канкорго,
Калпты кантип айтамын,
Бир тогошпой канкорго,
Абама куру кайткыча,
Аз канакей кол экен,
Ар жагынан чыксам бейм,
Кызыл кыргын кылсам бейм.
Ак сазда жаткан атынан,
Алты жүзүн тийсем бейм.
Алдынкы жолго салсам бейм,
Ат куйругун көрсөтүп,
Калкымдан кеткен качкынды,
Чынкожону баш кылып,
Менменсинген мыктысын,
Бириндетип ушуну,
Кыз-күйөө болуп ушерден,
Кумардын чыгып кырсам бейм.
Мунусун минтип нетейин,
Көшөрө куусам жетпейт – деп,
Аркалуу күлүк буурул – деп,
Атыңды минтип мактайсың.
Буурулуң менен жерге кир,
Кулагын кесип чунайтып,
Куйругун кесип чолойтуп,
Мунусун минтип барсам бейм.
Сыр найза алып мактайсың,
Найзаң менен жерге кир.
Соотко тийип сынды деп,
Эки бүктөп барсамбы.
Аккелте деп мактайсың,
Алтымыш атсам тийбейт – деп,
Ташка чаап талкалап,
Кундакты атып алгын – деп,
Быркыратып мылтыгын,
Темирин кармап барсам бейм.
Айбалта деп мактайсың,
Темирге тийип сынды – деп,
Уңгусун коюп башына,
Сабын кармап берсем бейм.
Олпогум деп мактайсың,
Ойронуң чыккан аба – деп,
Кылыч менен салыштан,
Эзилип түшүп калды – деп,
Ак албарсты алсам бейм,
Алтымыш жерден тилсем бейм,
Чопкутун минтип барсам бейм.
Өз этимди тилсем бейм,
Жарадар болуп жаңкына,
Так ошентип барсам бейм.
Мунусун минтип этейин,
Касиеттүү Чүрөгү,
Кереметинде билбейби.
Арстандын уулу абама,
Абдан айтып койбойбу.
Кара көңүл түгөнгүр,
Бөөдө өлтүрүп салбайбы.
Өрөпкүп сайып койдум – деп,
Чынын айтып барам – деп.
Күн шашке болгондо,
Күлчоро бала жөнөдү.
Эси чыгып баладан,
Эр Семетей абасы,

Канчорону ээрчитип,
Эрмек кылып аттанып.
Эсеңгиреп байкушуң,
Аш тамакка кылчайбай,
Арстан басып жүрдү эле.
Ак серенин алдында,
Айчүрөк жеңең келди эле.
Булбул үндүү бейбагың,
Муңканып үнүн чыгарып,
Комузду көр, үнүн көр,
Копшоңдогон сулуу бейбактын,
Кубулду көр, колун көр.
Буудай өңдүү ак жүздүү,
Чекири жок кой көздүү.
Анда Чүрөк кеп айтат:
– Атамдан калган арстаным,
Ай жаркын төрөм не болду.
Береним төрөм кайгырба.
Эмне түштү эсиңе,
Айтчы төрөм Чүрөккө,
Алдыңда бейбак түгөткө.
– Азаптуу долу оңбогун,
Күндөгү кеткен күлүстөн,
Түшкө жете жоголду.
Кабыландан айрылып,
Карабет сенин дартыңдан.
Кантип адам боломун,
Камсанабас бала эле,
Эчтекени элебес.
Эр Күлчоро бала эле.
Жарым түндө чыдабай,
Чырм этип уйку алган бейм,
Чыканактап салган бейм.
Капыс чыгып ит Толтой,
Камандай болгон кысталак,
Баса калып баланын,
Башын кесип салган бейм.
Аты,тонум курусун,
Кабыландан ажырап,
Кашайтып кудай урган бейм.
Эми аргам не болот,
Ат тонумдан ажырап,
Жарактын баары балада.
Ырас кудай урган бейм,
Умтулуп басып жүргөндө,
– Кантесиң баатыр падыша,
Арстан төрөм ыйлаба!
Бейбактын жанын кыйнаба!
Көрөсүң баатыр балаңды,
Тилекти кудай берер – деп,
Ачууланып өзүңө,
Арманда чунак келер – деп.
– Какылдаба канчык – деп,
Оюңан сөздү чыгарып,
Олуя болуп кеттиңби.
Башта неге айтпайсың,
Машайык болуп кеттиңби.
Картайганда эс ойлоп,
Жакшы болуп кеттиңби!
Күн шашке болгончо,
Жалган түшкө жеткенче,
Жабышып жатчу бала эмес.
Тирүү болсо чунагым,
Кечигип жатчу жан эмес.
Андай айтпа долу күң.
Ушу сөздү айтканда,
Абкөй тилдүү жеңеңиз,
Агаңызды саалытып,
Жасалгалуу чоң үйгө,
Жаңкы агаңды азгырып.
Жаркыраган бейбагың,
Алып кирди ээрчитип.
Кырк жөкөрү жоодурап,
-Капа болбо жезде – деп,
Аюу талпак, чоң күрсү,
Алдына жая салды дейт.
Азгырмага чай берип,
Аш тамагын жайнатып,

Кызыл чайын кайнатып,
Кубатына жал берип,
Суусунуна чай берип,
Соку-соку кант чагып,
Кертип-кертип дан салып,
Акылайга куйдуруп,
Калыйманга сундуруп,
Ыстыкан тийсе колуна.
– Азаптуу кулду жиберген,
Ай жаркын абам кайда? – деп.
Атышкан жоону алгансып,
Касташкан жоону кыргансып,
Касиеттүү куданын,
Намысын алып бергенсип,
Катын-кызды жыйгандыр.
Катын жандуу кыз нагыш,
Тамаша салып байкабай,
Эрдиги бар, эси жок,
Эчтеке менен иши жок.
Элөөсүз канкор кайда? – деп,
Аргын ногой журтунан,
Аскери бар немедей,
Чынкожо менен Толтойдон,
Катынынын кашына,
Сезбей жатып алганын,
Абасы Бакай барындай.
Чынкожо менен Толтойдон,
Бачым ачкын капканы.
Балбандардын баарысы
Капканы тартып бергиче,
Быркыратып сабады.
Кызыл ала кан кылып,
Пейилин көрчү берендин,
– Белгилүү чором келбейт – деп,
Бейбагынын кашына,
Бейлебей жатып алганын.
Барк этип үнү чыкканда,
Колундагы кызыл чай,
Болт этип ыргыт кетти эле.
– Камандай чоро келди – деп,
Катын,кыз дүрбөп калды эле.
– Булбулумдун үнүбү,
Бууданымдын табышы,
Жаштык кылып салган бейм,
Жарадар кылып кутказып,
Жеме кылып келген бейм.
Кайынга шылдың кылам  – деп,
Каптап маа тиет  – деп,
Көңүлүн минтип көтөрүп,
Бачым чыккын Чүрөк – деп,
Ачууну ачуу жазат – деп,
Аракты алып бат чык – деп.
Каркыттаган испиртти,
Бачым чыккын Чүрөк – деп,
Апкөй тилге салгын – деп.
Айчүрөк турду эле,
Анда жеңең үн салды.
Балага келип кеп айтат:
– Кестелүү калпак, кең чалбар,
Кеңешим бирге күлүстөн.
Баракелде ыракмат,
Айткан ширин сөзүң – деп,
Айлансын жеңең өзүңдөн.
Сандыргалуу күлүстөн,
Садага кетсин жеңең – деп.
Ичкиликти ичип ийгин – деп,
Күйүккөнүң басат – деп.
– Кой жеңетай антпегин,
Аракты мага сунгудай,
Агарып келген тыргооттон,
Атам Алмамбет өлдү дейсиңби!
Эптүү сонун сунасың,
Энем өлдү дейсиңби.
Күлчорого сунгудай,
Ата-энеден ажырап,
Күйүттү тартты дейсиңби.
Ачкылдан башка билбеген,
Ала көөдөн Семетей,

Эриңе бергин аракты.
Оолжуган жеңетай,
Опсуз күйөөң кайда? – деп,
Опсуз күйөөң оңбосун,
Обу жок кылып найзасын,
Болжоп койгон сеңирден,
Кесирленген Толтойдун,
Кетирбейт белем ай айласын.
Ат-тонун аман алып келдим,
Ала да койсун найзасын,
Каң дедире ыргытты.
Анда Чүрөк кеп айтат:
– Чычалаба сырыңды айт!
Жарым түнгө чыдабай,
Көргөнүм жок билгемин.
Чыканактап алдың сен,
Чырм этип уйку аласың.
Булкунбагын Күлчоро,
Бир кылыгың чын беле?
Буурул ат сени ойготту,
Байлай атпай Толтойду,
Абаңдан эсер сенсиң – деп,
Эрмек кылып алам – деп,
Ар жагынан бута атым,
Алыс атып коёсуң,
Аны кимге айтасың.
Көшөрө кууп аласың,
Жалгыз сенден качуучу,
Жаман Толтой ал эмес,
Өлүп калчу неме эмес.
Арбак сайды Толтойду,
Жеркентин сары талаадан,
Жетип берди Тайбуурул.
Безилдеген түгөнгүр,
Периштем айтып келди – деп.
Өлчөөлү жерге бек сайбай,
Бир сайганда жеп салбай,
Ат тушалтып саласың,
Аны кимге айтасың.
Арман кылып күлүстөн,
Артынан жана түшөсүң.
Ак кыядан эңкейип,
Колуна кире качкыча,
Койбой жетти Тайбуурул.
Көмкөрүлтө какмарды,
Көмө коюп сала албай,
Көчүгүн жара саясың.
Эки сайып жыгалбай,
Толтойдун үнүн уга албай,
Арак ич десе болбойсуң.
Акмак кылып кутказып,
Аны кимге айтасың.
Уятың барбы Күлчоро,
Уялсаңчы сен бала.
Карс этип күлүп кабылан,
– Кайдан билдиң жеңе? – деп,
Жаңкыдай кылып кыйратсам,
Баарысын билген турбайбы.
Баатыр абам арстанга,
Бая эле айтмак турбайбы.
Кудурет алда жасаган,
Чоң сактаган турбайбы.
Апкөй тилдүү түгөнгүр,
Алып келчи аракты!
Атчан туруп ичти эле,
Арманы чыгып чунактын.
– Жүр Канчоро чыгалык,
Моймолжуган балага,
Мойнуна салып берди – деп.
Кокондун кара тон менен,
Коржоңдогон зор немең,
Канчоросун ээрчитип,
Чоң үйдөн чыкты болпоюп,
Басып келет зоңкоюп.
Баланы көздөй арбактап,
Анда арстан кеп айтат:
– Зооттон кылган кыягым,
Алмамдан калган туягым.

Баракелде эрдикке,
Айтпадым беле бая эле,
Укпадың беле жана эле.
Урушпагын жеңеңе.
Адамдын кебин укпайт –деп,
Кудай алсын ошону,
Эси чыкты сенден – деп.
Элинен жалгыз чыкпайт – деп,
Кантер экен канкор – деп.
Камандай чоро кеп айтат:
– Кой абаке кетели,
Жөөттүү алып нетели.
Тийсе Толтой күйөөгө,
Тие берсин мейли – деп.
Көрдүм Толтой баатырды,
Эрегишер эр эмес,
Эрдиги сенден кем эмес.
Болжоп көрдүм Толтойду,
Толтой эмес тоо экен,
Оңдурбай турган жоо экен.
Эрдигин мындан байкадым,
Эки жетип бек сайдым,
Былк этпес кылып жеп салдым.
Эки найзага жыгылбайт,
Мыкты Толтой шерденби!
Эрке асырап чоңойткон,
Жаш Күлчоро менденби!
Жамандык канкор сенденби!
Буурул күлүк аттанбы!
Он экиде жаштанбы,
Серейген саамай чачтанбы.
Мыкты Толтой зордонбу,
Кологой таңган колдонбу.
Кой абаке кайталык,
Бакайга жайын айталык.
Эрегишип нетелик,
Ногойго эрте жетелик.
Айчүрөк албай апат бол,
Мейли алса алсын – деп,
Эчен түрдүү шер жүрөт,
Бөктөрүп кетчү эр жүрөт,
Калың кара кол жатат.
Кой абаке кокуй күн,
Эрегишсе өлөбүз,
Элди кантип көрөбүз?
Энеңе убал болбойбу.
Күлчоро туруп айтканда,
-Балалык менен айтасың,
Эрке асырап чоңойткон,
Жаштык менен айтасың,
Коркок чором экенсиң.
Кудай алсын коркпогун,
Алданын салган иши экен.
Эр Чынкожо болбосо,
Эр Толтой канча киши экен.
Аны да катын тууганды͏р,
Мени да катын тууганды͏р.
Коркуп катын бергиче,
Туйгун Манас атамдан,
Тукуму болуп жүргүчө,
Туубай туна чөгөйүн,
Бу көркчө өлөйүн.
Эрдемсинген Толтойдун,
Эрдигин быйыл көрөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Өлүп туруп Чүрөктү,
Андан кийин берейин.
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн.
– Баракелде абаке,
Бузбай айттың сөзүңдү,
Сынадым сенин өзүңдү.
Кудай алсын Толтойду,
Эми айтайын сырымды,
Уккун аба чынымды!
Чынкожо мыкты дебеңиз,
Ырысыңды жебеңиз.
Колунун жайын мен көрдүм,

Кырк миллион кол экен.
Ошо колдун ичинде,
Кара көңүл шер жүрөт.
Жеңемди алчу эр жүрөт,
Эрмек кылчу эр жүрөт.
Кан жөткүрттүм Толтойду.
Кайра тартып салышпайт,
Коркок Толтой бул экен,
Араң качып кутулду.
Тышка чыккыс болду – деп.
Кабар берди итТолтой,
Камынып калды Чыножо.
Эми арга не болот,
Кан Акундун шаарынан,
Кан Ажыбай, Түмөнбай,
Кайнагаңды чакыргын,
Калыс болсун кайнатаң.
Ак-Кыянын белинен,
Ашкере карап бу турду.
Алдырып ийсең Толтойго,
Айчүрөгүн берсин – деп,
Аскерин жыйып чогултуп,
Аңгемени көрсүн – деп,
Канына кабар айттыргын.
Ээрчите келген ошону,
Не жолунан таштадык.
Пайгамбар сындуу бабаңды,
Ата ордуна карманган,
Бакай сындуу абаңды.
Боройдон борой күн жааса,
Боз керешке болуучу.
Болумдуу ногой элиң жок,
Ала кайыр күн жааса,
Ак керешке болучу,
Аргын ногой элиң жок.
Муңуңду тарткан илгертен,
Санатта жок сайышар,
Сары кан абам мында жок.
Каралды болсун кан Акун,
Кайрат кылсын Ажыбай,
Эр Түмөнбай жаш бала,
Туу түбүндө турушсун,
Туура тартып урушсун.
Тууну жыгып салбасын,
Түпкө жетип койбосун.
Баки журтуң бат жый – деп,
Айлы үстүнө келбесин,
Аңгемени салбасын.
Ачыгып калды эр Толтой,
Арызын айтып ошондо,
Ачуусу келди Чынкожо.
-Кайсы мыкты киши – деп,
Кайраттанды качкын кул.
Качкын кулду байкагын,
Камынып калды эсер кул,
Калкымдан кеткен кесер кул.
Кабар берди калкына.
Кан Ажыбай, Түмөнбай,
Калктын баары чогулду.
-Кабылан балам Семетей,
Канча кол алат экен – деп.
Жообун алып келгин – деп,
Түмөнбайды чаптырды.
Салам айтты арстанга,
Алик алды Семетей.
Артында турат жаш балдар,
– Кан баатыр, кан жезде,
Кайнатаңыз кан Акун,
Калктын баарын чогултту.
Жалпы журтту жыйдым – дейт,
Жаштан аскер алабы,
Карыя мында калабы,
Бачым жообун айтсын – дейт,
Баарысын такыр алабы.
Эр Түмөнбай айтканда,
– Баракелде Түмөнбай,
Бали ыракмат атама.
Калыс болсун кайната!

Никесиз кулун алдырсын,
Кунсуз кулду таптырсын.
Кайкыга ороо каздырып,
Казык кагып түбүнө,
Атын байлап салгын де,
Туу карматып турсун де.
Жер үстү менен урушкан,
Кысталак канча киши экен.
Бакай менен басташып,
Как өзүм менен касташып,
Калкымдан кеткен качкын кул,
Айла окуду деп уктум.
Бараңга барып кат окуп,
Кырк жылы кыйын окуптур.
Асман менен ок атар,
Айламды ошо кетирер.
Андан бөлөк баатырдан,
Акыры сезбейм Толтойдон,
Этият болсун – деп айтты.
Аксарбашыл мууздатып,
Баабединди чалдырып,
Кылка кызыл кийгизсем,
Кызыл жейрен мингизсем,
Кызыл сүрдүү көрүнөт.
Арстандын уулу айттырып,
Шаршемби күнү чогулсун,
Күлчоро менен Канчором,
Ок дарыны мол алсын.
Күнү-түнү үч күнү,
Ок дары камдап жаш балдар,
Кан Акун колун санады.
Кол эсебин алышса,
Он миллион кол болду.
– Болду, баатыр, болду – деп,
Эр Канчоро күлүстөн,
Касиеттүү кабылан,
Акундун кызы Айчүрөк,
Атышып жоого бет алса,
Артынан атты ким берет.
Калың ооган кайрылбайт,
Оогандан уста чогултуп,
Өзү билет Ополду.
Алтымыш уста чогултуп,
Акысын арбын бердирип,
Бууданга үпчүт жасатты.
Темир менен үпчүттөп,
Арстандын атын токутуп,
Күлчоронун Кактелки,
Канчоронун Суртелки,
Үч атты жеңең үпчүттөп.
-Ат шайманы бүттү – деп,
Аскердин баары жыйылды.
Кан султандын баласы,
Казатка чыксын эми – деп,
Үч атты жеңең токутуп,
Үпчүндөтүп жетелеп,
Ногойдон чыккан он төрт ат,
Орошон күлүк буурул ат.
Канкордун уулу кабылан,
Аксарбашыл кой алып,
– Баатыр ата колдо – деп,
Кыбыла жакка жүз тартып,
Жандын баары чуркурап,
Баабединин өткөзүп,
Баатырдын уулу Семетей,
Жарактын баарын салынып.
Капкалуу кара коргондон,
Жаратканга жалынып,
– Кубат бергин кудай – деп.
Анда канкор кеп айтат:
– Кагылайын Канчоро,
Кайратың бар эр чоро.
Кан жөткүрткөн Толтойду,
Күлчоро тозгон мурунду
Эр Канчоро сен алгын.
Эр Толтойду сен көздө,
Жеркенттин сары талаага,
Жээкке түшсүн күлүстөн.

Алпаймат менен Көккоён,
Төлгөчү кара Төлөгүм,
Калың колду сен көздө.
Кагылайын Күлчоро,
Алкым жолго салайын,
Оюрманын белинен,
Кара-Үңкүрдүн башынан,
Качкын кулду мен көрдүм.
Эрдигин бүгүн көрөйүн,
Азыраак сезем ошондон.
Айланайын Күлчоро,
Ала кайыр көрсөтүп,
Аңгеме салып кырарсың.
Абаңды эстен чыгарба,
Көңүлүңө ала жүр.
Курутпасын Чынкожо,
Ак келтенин үнүнө,
Кулагыңды сала жүр.
Аккелте үнү басылса,
Аман болсоң күлүстөн,
Айла кылып канкорду,
Камандай болгон жарыгым,
Канкордун уулу жалгызды,
Ажыратып ала көр.
– Жазганбай аба жакшы уруш,
Ак келтеңди атпагын.
Чынкожонун кара аты,
Аккелте үнүн укканда,
Качан болсо чочконун,
Асманга учар адаты,
Этият болгун ошого.
Кылыч менен кыйраткын,
Айлыңдан келген качкынды,
Кайсы жер деп качырып,
Кабыргага коё көр,
Кармай калып соё көр.
Бу бир жерде болжошуп,
Найзанын учу кылкылдап,
Катын бала чуркурап,
Баары ыйлап буркурап.
Кантип оокат кылам – деп,
Катындары зар ыйлап,
Бешиктеги бала ыйлап.
Тилегим бергин кудай – деп,
Пенденин баары бул ыйлап.
Жолго салып канкорду,
Аскердин баарын узатып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Жылдыз менен жүрдү эле.
-Кан атамдын баласы,
Кабылан канкор кантет – деп.
Арт жагынан Айчүрөк,
Асман менен жөнөдү.
Арстанды мындай таштаңыз,
Чынкожо менен Толтойдон,
Баатырдан кабар алыңыз.
Камандай болгон эр Толтой,
Катуу найза жеген бейм.
Кайраттанып калыптыр,
Кадимкидей болуптур.
Эр Чынкожо кеп айткан,
Элинин баарын башкарып:
– Кана досум эр Толтой,
Кадимкиндей болдуңбу?
Калыбыңа келдиңби?
Катын алсаң, сен алдың,
Кубанчын көрсөң сен көрдүң.
Кырылса пенде кырылат,
Өлсө пенде өлөт – деп.
Он миллион кол алып,
Алкым жолго салгын – деп,
Канчоро кулду сен көздө,
Касиеттүү кан Төлөк,
Аскерди арбын ээрчиткин.
Баатырдын баарын чогултуп,
Жака жолду сен алгын,
Жаш баланы сен көздө.
Кара-Үңкүр көздөй барайын,

Калган колум чогултуп,
Канкордун уулун мен көздөйм.
Абийириңди ачпаңар.
Акмак журтум качпаңар.
Камчыга салып бөлдү эле,
Качканың болсо өлөсүң,
Ат тонуңдан ажырап,
Азапты менден көрөсүң.
Жаш балдар чыгат урушка,
Жалпы кара жедигер,
Жалтансаң бокту жедиңер.
Камандай болгон балдардан,
Качсаңар бокту жедиңер.
Эки-экиден кеңешип,
Эми эмне дедиңер.
Колунун баарын коркутуп,
Качпагыла калкым – деп,
Кайраттантып баарысын.
Мылтыктууну бир бөлүп,
Муну салды Чынкожо.
Мылтык тийсе жыгылбас,
Мыктыларды бир бөлүп,
Муну бөлдү Чынкожо.
Боз олпок тон кийгизип,
Боз аттууну бир бөлдү,
Сур аттууну бир бөлдү.
Анын артын карасаң,
Найзалууну бир бөлдү.
Найза тийсе кыйшайбас,
Айлалууну бир бөлдү.
Кылычтууну бир бөлүп,
Союлдууну бир бөлдү.
Чоюнбашы колунда,
Балбандарды бир бөлдү.
Илгертен бери атанган,
Далдалдарды бир бөлдү.
Коркоктору корголоп,
Он бештен чогулуп,
Аркасынан түштү эле.
Күлчоро байкап караса,
Издегени жаш балдар
Иткелдей болгон калың кол,
Жээк тартып тең келет,
Жерге тартып кең келет.
Жээк тартып былкылдап,
Жерге тартып кылкылдап,
Кылычтын мизи жылтылдап,
Найзанын учу кылкылдап,
Калың кара кол келет,
Каптап кетер сел келет.
Ак асаба, кызыл туу,
Адашып жүргөн ызы-чуу.
Караса көзгө илинбейт,
Камгак учкан немедей,
Кайсы экени билинбейт.
Эки чети кайкайып,
Чуркураган эл келет,
Жээк тартып тең келет,
Жерге тартып тең келет.
Калың колду көргөндө,
Калыс болгон кан Акун,
Эр Ажыбай, Түмөнбай,
Эсеби жетпейт экөөнүн
Кан Акундун көп журту,
– Кантип алы жетет –деп,
Карап турат кайкыдан.
Абай кылган кишиге,
Алты жүздөй шер жүрөт,
Аянбаган эр жүрөт.
Калың кол келет кылкылдап,
– Капыр Толтой оңбо – деп.
Жолдошунан ажырап,
Кайда кеттиң түгөт – деп,
Кыйкырып жүргөн андан көп.
Эми арга не болот,
Эси чыгып көп колдон,
Эл жарышып кеткенде,
-Кудай бардыр Толтой – деп,

Куюшканы үзүлүп,
Салаңдап жүргөн андан көп.
Калың колду көргөндө,
Жакадагы балага,
Алкымдан келди Канчоро.
-Эмне келдиң чочко – деп,
Эл карaанын көргөндө,
Эсиң чыгып кеттиби!
Кой Күлчоро ат минбегин,
Кысталак канча киши экен.
Эрмек кылып алганга,
Эптеп-септеп кырарга,
Аз эле күндүк иш экен.
Ушунча колду кырбайлык,
Убалына калбайлык.
Мынча журтту кырганча,
Арага киши салалык.
Чынкожо менен Толтойдун,
Найза сайчу беренин,
Жекеге чыгып кыралык.
Бириндетип алалык,
Өлгөнүнөн калганын,
Кан Акундун шаарына,
Аскер кылып алгын – деп,
Кара бет жеңең Чүрөктүн,
Калыңына берелик.
– Кудай алсын өзүңдү,
Кан Акун шылдың кылбайбы!
Коркок киши өңдөнүп,
Корголоп жатып алгандай,
Акмак болуп Канчоро,
Тукум болбой жерге кир,
Туулбай баатыр көргө кир.
Колуна тийсе душмандын,
Жашканакай балдар деп,
Аяйбы чочко мени –деп,
Кошо өлтүрөт сени – деп.
Колуңан келсе аяба,
Намызыңды кетирбе.
Алдатып ийбе душманга.
Кайра салды Канчоро,
Камандай бала айтканда,
Жалпы кара жедигер,
Жакындап калды ошондо.
Калың колду көргөндө,
Камандай болгон Күлчоро,
Тушарына теңебейт,
Ошол колду элебейт.
Желке чачы суюлуп,
Түсү кетти бузулуп.
Түгөнүп калсын Күлчоро,
Аралаш жүргөн адам жок,
Калың кара көп колду,
Кантип алсын жаш балдар.
Арбак саят ошону,
– Жараткан алда жан эгем,
Кайып уулу кырк чилтен,
Алмамбет менен Чубактын,
Кырк бөрүнүн арбагы,
Кыйкырып тиет бу колго.
– Качпай балдар сайыш –деп,
Кашатта турган калың кол,
Беш миллион кол менен,
Кашатта турду кан Акун.
Баатырлардын баарысы,
Балдарга жолдош болду эле.
Турчу чоро беркиби,
– Алда, кудай, алда – деп,
Алмамбет, Сыргак, Чубак – деп,
Арбагында колдо – деп,
Кабылан Манас жөлө – деп,
Камынтпай тийди Күлчоро.
Бала тийди кыйкырып,
Манастап ураан чакырып.
Арбагы тийди Манастын,
Айтымы келди Толтойдун.
Көсөө куйрук көк дөбөт,
Көт жагында карсылдап.

Арбагы чоң арстандар,
Алпкаракуш, зымырык,
Асман менен закылдап.
– Манас, Манас, Манас – деп,
Манастап ураан чакырып,
Бала тийди бакырып,
Камыштай кылып жапырып.
Урушаар жоонун бетиби!
Турчу жоонун көтүбү!
– Кайраттуусу качпа – деп,
Кайра санап киргизип.
Качып калды дыркырап,
Калың колу чуркурап.
Ортосунан Күлчоро,
Онду ыргыта бир койду.
Капталынан Канчоро,
Бешти ыргыта койду эле,
Кызыл кыргын болушуп,
Кечке атышып а күнү,
Алыша албай чыгышып,
Эр сымактар жыйылып,
– Эмнеге качабыз,
Чынкожодон көргүчө,
Семетейден өлөлүк,
Жезденин жүзүн көрөлүк.
Ителги тийген таандай,
Быркыратып бөлдү эле.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Бөрү тийген миң койдой,
Быркыратып бөлдү эле.
Тогуз жүз атты Күлчоро,
Айдап чыгып келди эле.
Бир жагынан Канчоро,
Жети жүз атты кебелтпей,
Айдап чыгып келди эле.
Жердин жүзүн бербеген,
Жети сан кара жедигер,
Жайнап чыгып келди эле.
Кайра кирип алышып,
Качпай туруп салышып.
Ободон кудай билбесе,
Он сегиз күнү атышып,
Кумардан чыгып урушуп,
Эр Ажыбай, Түмөнбай,
Туура тартып турушуп,
А да баатыр кайраттуу,
Туу түбүнөн урушуп,
Камандай болгон эки кул,
Кайраттанып келишип,
Азаптуу Чүрөк талашып,
Алтымыш күнү урушуп.
Алты аралап киргенде,
Алты жүзүн майдалап,
Алымсынбайт Күлчоро,
Алды жагын найзалап,
Таппай жүрөт Күлчоро,
– Акмак Толтой кайдалап,
Жети аралап киргенде,
Жеткен жерин найзалап.
– Жеңемди алам – деп келген,
Жет-Кайттан келген арсыз кул,
Жетесиз Толтой кайдалап.
Коргошундай балдарды,
Койбой Телки көтөрүп,
Салмоордой чунакты,
Салмактабай Кактелки,
Керт эттирип чөп үзбөй,
Арстандарды көтөрүп,
Алтымыш күнү жүгүрдү.
Кан Акундун көп журту,
Кандуу булан бу жолдо,
Мынча кыйын күч болду.
Шамдагай жигит баатырдын,
Чылбырга колу үч толду.
Олжого мисир болушуп,
Жаш балдарды алкашып,
Жалпы Ооган көп журту,
Жарактуу болуп калышып,

Кулжуюп жүргөн андан көп.
Олжону бөлүп ала албай,
Оройлордун баарысы,
Ондон,бештен болушуп,
Жөө түшүп алып мушташып,
Муштум тийип жаагына,
Чулчуюп жүргөн андан көп.
Олжого мисир карк болуп,
– Эми ыраазы балдар – деп,
Шалдайып жүргөн андан көп.
Үстүнкү эрди эп келбей,
Катталыштан камчы жеп,
Калбыйып жүргөн андан көп.
– Тозгун, баатыр, тозгун – деп,
Ээр токумдуу аттарды,
Кармап жүргөн андан көп.
– Жакшы эле күлүк жылкы эле,
Ушуга жетпей койду – деп,
Ичи күйүп чологун,
Чокулдатып чокуга,
Сабап жүргөң андан көп.
Толтойдун колун карасаң,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү мындан көп.
Муруттары сербейип,
Эр өлүгү мындан көп.
Союл тийип шыйрака,
Аксап аткан андан көп.
– Бу жерге өлгөн экен – деп,
Бир боорум – деп өкүрүп,
Какшап аткан андан көп.
Басмайылы үзүлүп,
Бычагы менен тешишип,
Көктөп аткан мындан көп.
Калпагы менен суу берип,
Өксөп аткан андан көп.
Айбалта тийип башына,
Кансырап аткан андан көп.
Найза тийип мүрүгө,
Алсырап аткан андан көп.
Кылыч тийип колуна,
Чолоюп жүргөн андан көп.
Найза тийип көзүнө,
Олоюп жүргөн андан көп.
Ондон, бештен болушуп,
Өңкөйүп аткан андан көп.
-Кудай бар, Толтой,Чынкожо,
Катының менен кара кир,
Бөөдө кырды журтту – деп,
Ийинге башын катышып,
Көчүгүмдү мейли – деп,
Дөңкөйүп аткан андан көп.
Найза менен сайышып,
Найзанын баары быркырап,
Кезиккенди кырышып.
Эр Канчоро, Күлчоро,
Эр Түмөнбай, Ажыбай,
Былк этпей туруп атышып.
Санатта жок урушуп,
Ажалдуусу кырылып,
Ээ бербестен жедигер,
Ат тонунан ажырап.
– Катылбайбыз түгөткө – деп,
Жет-Кайты көздөй кутулуп,
Ок дарыны күбүшүп,
Айчүрөктү талашып,
Аябай кирип алышып,
Айбалта менен салышып.
Кыз талашып кысталак,
Кыйла жерге урушуп,
Кылыч менен салышып,
Кумардан чыгып алышып.
Камчы менен салышып,
Калган кол менен урушуп,
Калганын такыр кырышып,
Чоң токойду жоюлтуп,
Тиктеп туруп урушуп.
Тизгиндин баары үзүлүп,

Союл менен салышып.
Колтуктун баары чоюлуп,
Колдун баары жоюлуп,
Жердин жүзү союлуп.
Абасын эстен чыгрып,
Белестеги беренди,
Бек унутуп салышып.
Эр Күлчоро кыйкырды,
Канчорону чакырды.
– Күн жалган түш болгуча,
Аккелте үнү чыкпады.
Ай жаркын абам не болду?-
Капчыгайда кара жол,
Ажыбайга тоздурган.
Бурулушта мурунду,
Түмөнбайга тоздурган.
Анча-мынча кол менен,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Ал экөөнү алдырып,
– Эр Толтой аман калды – деп,
Он миллион кол менен,
Ошону менен уруш – деп.
Он төрт атты тизди эле,
Кара-Үңкүр көздөй Күлчоро,
Канкорду издеп жүрдү эле.
Оюрманын белине,
Бирин тирүү кетирбей,
Муздака такыр кырыптыр,
Эр Чынкожо калыптыр.
Шашып кетип Семетей,
Кысталак качкынды,
Кыйык атып салам  – деп,
Аккелте менен бир койду.
Канаттуу бедел кара аты,
Асманды көздөй аркырап,
Жылдызга чыкты заркырап.
Сыйкыр дуба окуду,
Алдын булут жүргүзүп,
Кара-Үңкүрдүн башында,
Караса көзгө илинбей,
Жамгырдай болуп жаа тиет,
Мөндүрдөй болуп ок тиет.
Кокоё берсе башка атат,
Эңкее берсе белге атат.
Берендин уулу берки агаң,
Белесте турат атышып.
Темир калкан буу болуп,
Чынкожонун алдында,
Айчүрөк жеңең чыркырап.
Жеңеңиз жүрөт чалкалап,
Айчүрөк жеңең болбосо,
Каарданып Чынкожо,
Алмак болгон талкалап.
Чачыранды ок тийип,
Кабылан жолборс камыгып.
Маткелдей болгон ак эти,
Ок сокмогу бек өтүп,
Ак олпок турат токтолуп.
Тула бойдун баарысы,
Казандын кара көөсүндөй.
Камыгып кейип кайран эр,
Белесте турат теңселип,
Сол жеңин чечип белсенип.
Ободон көрүп Чынкожо,
Сыр жебе менен бир койду,
Ойлобостон аттырды,
Кол токмоктой көк этти,
Кулунун огу жеп өттү.
Кол кабылдап шишиди,
Ак олпоктун жеңине,
Батпай койду сол колу.
Саадакта огу саналып,
Күпсүрдө дары күбүлүп.
Кабылан жолборс кайран эр,
Кара-Үңкүр көздөй чу койду.
Кара жандан түңүлдү,
Буурулдан чурап түштү эле.
Аккелтени таянып,

Баатырың турат болоктоп,
Кайран эр эми ыйлады солоктоп.
– Жараткан кудай жан эгем,
Жалпы олуя кырк чилтен,
Жалгызды кудай не жасайт.
Эми арга не болот.
Не өлтүрдүм ошону,
Ажалым жеткен турбайбы,
Кесири урган турбайбы!
Энебиз бөлөк болсо да,
Атабыз бирге эмеспи!
Белин бекем буугандан,
Айлансамчы мен шордуу,
Абыке, Көбөш туугандан.
Камандай болгон түгөттөр,
Күлүстөн чоро не болду.
Арстан абам келсечи,
Ажыратып калсачы.
Бөйрөгүм бөрү оёт бейм,
Бөрүнүн богу болот бейм.
Жакуттай болгон кара көз,
Кузгун капыр оёт бейм.
Аргасы жоктон токтолуп,
Кабылан жалгыз кабылса,
Жоон сандан ок болуп,
Буурул ат күлүк буудандын,
Аягына корголоп.
Ал аңгыча болбоду,
Күлчоро келди кыйкырып:
– Жаркын абам барсыңбы?
Кабылан тирүү барсыңбы?
Күлүстөн үнү чыкканда,
Кыйкырып ийди Семетей.
– Баатыр бачым түшкүн – деп.
Арстан бала келди эле,
Аттарды тизип ийди эле.
– Араң жаным турат – деп,
Асмандан жүрүп ок атты,
Дүрбү салып карасам,
Булутта жүрүп эрбеңдейт.
Аккелтени бетке алсам,
Кароолуна илинбейт,
Кайда экени билинбейт.
Ойлонбостон аттырдым,
Сол колумдун көк этин,
Жебенин огу жеп өттү.
Асмандагы чочкону,
Эрегишип нетелик,
Тууган болуп ээрчитип,
Ногойду көздөй кетелик.
Аколпокту жабалык,
Буурулду тартуу кылалык.
Кагылайын күлүстөн,
Ногойду эсен көрөлү.
Аккелтени асалы,
Айчүрөк тартуу кылалы.
Калктан катын табылар,
Эрегишип нетели,
Элге эсен жетели.
-Кудай алсын өзүңдү,
Укпаймын сенин сөзүңдү.
Туулбай жерге кирсеңчи,
Тирүү туруп жалганда,
Кан Акундун шаарынан,
Катыныңды бергиче,
Качкан кулга багынып,
Кейип ыйлап тургуча,
Кең-Колдо жатып өлсөңчү.
Ат тонуңдан ажырап,
Айчүрөктү бергиче,
Качкынга катын бергиче,
Бул көрөкчө өлсөңчү.
Кырып салдым элин – деп,
Чынкожо менен Толтойдун,
Сындырып салдым белин – деп,
Калың Ооган кайныңды,
Олжого мисир кылдым – деп.
Жалпы Ооган кайныңыз,

Баатырлары баарысы,
Жарактуу болуп калды – деп.
Айдай сулуу зайбыңдын,
Калыңын бүтөп келдим – деп.
Кудай алсын жедигер,
Катындан бетер качты – деп,
Тилекти кудай берди – деп,
Асыл Манас султандын,
Алмамбет менген Чубактын,
Серек менен Сыргактын,
Арбагы бизди колдоду,
Ишти кудай оңдоду.
Карагай найза май кылдым,
Канча дөөнү жай кылдым.
Намызыңды кетирип,
Айчүрөктү сен берип,
Айлыңдан келген качкынга,
Катыныңды берерсиң,
Каныкей менен Бакайды,
Кантип жүзүн көрөсүң.
Эби жок сулуу жеңемди,
Элимден келген арсызга,
Не бетим менен беремин.
Эр жалгызы сен элең,
Эмгегиңе мен элем.
Атадан жалгыз сен элең,
Ажалыңа мен элем.
Буурул ат менен сыр найза,
Аккелте менен маа ташта!
Кактелкини чалдырып,
Чаалыгып калды күлүгүм.
Аттын мойну катты – деп,
Ат чалдырып алгын – деп.
Он төрт күлүк атыңды,
Айдап алып жогол – деп,
Ногойго аман жеткин – деп,
Кабылан аба кеткин – деп.
Кудайдан тилеп көрөйүн,
Ободогу качкынды,
Күчүн бүгүн көрөйүн.
Ажалым жетсе качкындан,
Ок жаңылып өлөйүн.
Жылкыда жүргөн жеримде,
Жылас кулуң эркелеп,
Жебе тартып көнгөмүн,
Жебеге адис бала элем.
Асмандагы торгойду,
Тебетейдей жылдыздан,
Тегеретип түшүргөн.
Азырак аба жебеге,
Таалымдыгым бар эле,
Кудайдан тилеп көрөйүн.
Эсен аба кеткин – деп,
Эр Күлчоро айтканда.
– Канатымдан кайрылбайм,
Күлүстөн сенден айрылбайм.
Өлүп туруп Чүрөктү,
Анан кийин берейин.
Не салганын көрөмүн,
Кошо жүрүп өлөмүн.
Касиеттүү энемдин,
Күлүстөн сенден ажырап,
Кай бетим менен көрөмүн.
Ажырабайм өзүңдөн,
Айткан ширин сөзүңдөн,
Айткын баатыр Күлчоро.
– Ырас болот абаке,
Аккелте менден аяба,
Жаныңды баккын баатыр – деп.
Манастан калган жалгыз ок,
Катыгүн аба кайда? – деп.
Эсенгиреп Семетей,
Эсинен чыгып калыптыр.
Ок дарыңдын айнегин,
Ортосунда аткын – деп,
Кысылган жерге жарайт – деп.
Ажалга туура жалгыз ок,
Аколпоктун ичине,

Кара чопкут тышына,
Камандай болгон чорого,
Кабылан сөгүп берди эле.
Кой башындай коргошун,
Кутуну ташка чапты эле.
Бир атым дары чыкты эле,
Уучтап дары куйду эле.
Кой башындай коргошун,
Колдурата урду эле.
Колодон куйган чоң сүмбү,
Кошо уруп койгулап,
Түбүнө шыкап жеткирип,
Он эки кулач ак милте,
Отко башын салды эле.
Арта салып буурулга,
Акыйып карап турду эле.
Эр Чынкожо асмандан,
Аны көрүп алды эле.
Акундун кызы Айчүрөк,
Алдында жүрөт зымырап.
Арабча дуба бул окуп,
Күлчоронун үстүнө,
Үзүктөй булут түшүрдү.
Тумандан көрбөй Чынкожо,
-Жакын барып өтөйүн,
Жаркылдаган канкорду,
Жапшырып учуп кетейин.
Жаш баланы өлтүрбөй,
Ошону кармап алайын,
Анты-шертин алайын.
Өлтүрөм деп коркутуп,
Ар ишине кишинин,
Жарай турган жан эле,
Жазганбаган бала эле,
Чоро кылып алайын.
Кызыл өңү сур чалып,
Буладан кылган чоң чылбыр,
Кемер курдун алдынан,
Алган экен курчанып.
Көрсөткөн экен санатка,
Шири кап менен жык бирди,
Асмандагы Чынкожо,
Артынган экен кара атка.
Эңиштеп түшүп келди эле,
Жазыгы жок Айчүрөк,
Кайтара окуп дубасын,
Таратып ийди туманды.
-Арстан аба бат жашын,
Качкын кул келди көрдүңбү?
Атка кире качты эле,
Берениң тирүү калды эле.
Сыр бараң менен бир койду,
Арча тору күлүктүн,
Белин үзө берди эле.
Кара атына камчы уруп,
Жылдызды көздөй жөнөдү.
Карап турган чунактын,
Белиндеги мылтыктын,
Кароолуна илинди.
Тамам карап турганда,
Тартып ийди машаны,
Кой башындай коргошун,
Ободо жүргөн Чынкожо,
Колдурата бүркту эле.
Калкылдаган кара аттын,
Оң мүрүсүн сый атты,
Сол жалкынды кыя атты.
Өрөөсүн алып чыкты эле
Жакут кароол жаркырап,
Манастан калган жалгыз ок,
Жылас кылып баатырды,
Жылдызга кетти заркырап.
Алда таала сактады,
Катар жүргөн жеңеңди,
Кайсап кете жаздады.
Аккелте үнү заңк этип,
Кара-Үңкүрдүн оозуна,
Асмандан түштү жалп этип.

Карагай найза май кылды,
Качкын кулду жай кылды.
– Акыл айтса пайда  – деп,
Акмак Толтой кайда? – деп.
Келишимдүү бейбагың,
Кепилди көздөй жөнөдү,
Айчүрөк кебин кийди эле.
Аны андай таштай тур!
Капа кылып чоросун,
Канкордун уулу Семетей,
Чынкожого көп кейип,
Кайгырып кейип турду эле.
Тийген жери чарадай,
Айтайын десе тили жок.
Чолпондой көзү алайып,
Он эки мүчө тең экен.
– Ойрон чочко оңбой кал,
Ногойдон чыккан шер экен.
Кайран эрди карачы,
Мени менен ногойдо,
Касташары эп экен,
Кылымды бузчу неме экен.
Кагынга кеткен кан чычкыр,
Берендин жайын карачы,
Бейбак Чүрөк бербейм – деп,
Алат күн чунак оңбой кал,
Буурул атты берсек – деп,
Тууган болуп табышып,
Кең-Кол, Талас жериме,
Окшомдуу калың элиме,
Эсен жетип алганда,
Белге саадак буусам – деп,
Бээжиндеги динсизден,
Асман менен бу жүрсө,
Жахандагы кабырдан,
Жан түтөт беле бизге – деп.
Безилдеген кысталак,
Бекер атып салыппыз.
Шыгай кандын уулу экен,
Чоң атам Жакып баатырга,
Өз иниси бул экен.
Эр Шыгай кан баласы,
Күлүктү тандан мингизбей,
Баштатан журтту билгизбей,
Кудай урган турбайбы.
– Түбү абаке оңбой кал,
Көп айтпаса билбеген,
Көөсөр канкор экенсиң.
Эчтемени элебес,
Эсер канкор экенсиң.
Чының менен айттыңбы?
Баатырдын уулу сен канкор,
Ойнуң менен айттыңбы?
Тууганың экен Чынкожо,
Душманың экен Күлчоро,
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрөсүң!
Элөө сөзүң койбосоң,
Эки кулдан өлөсүң.
Энесинен эсирдин,
Эмчегин эмбей жөн жүрсөм,
Калкынан келген качкынга,
Кайгырып ыйлап турганын.
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрчү – деп,
Жаны менен жатыптыр,
Жаңкы баатыр Чынкожо.
Басып келип Күлчоро,
Жалкыны карыш жой болот.
Басып келип качкын – деп,
Кошо өлгүн канкор баатыр – деп.
Чынкожону Күлчоро,
Өлтүргөн андай эмес,мындай деп,
Башын кесип салды эле.
– Кана көөдөк канкор өлчү – деп,
Ойрон чунак келбесе,
Кан жөткүртүп кысталак,
Өлтүрмөк болгон өзүңдү,

Уккун менин сөзүмдү.
Буудандын оозун бурганда,
Муздака колун кырганда,
Анда неге дос болуп,
Тууган болуп албайсың.
Ушу сөздү көп айтып,
Бала ачууланып бек айтып,
– Уккун баатыр сөзүмдү,
Аябай жатып өкүргүн,
Ала жатсын өзүңдү.
Эр Толтой менен беттешкен,
Чочко чоро өлдү – деп,
Жаркын аба бат келгин.
Эрикпей жатып отуруп,
Эртерээк келгин түгөт – деп,
Буурул атты минди эле,
Жаканы көздөй жүрдү эле.
Жаңкы баатыр Семетей,
– Кап, чунак кул кан чычкыр,
Ой Күлчоро тура тур,
Азырак аял кыла тур.
Кайран эрди карачы,
Сени кантер экен деп айттым.
Капа болуп баатырга,
Кичине, кайрылар бекен деп айттым.
Ачык таштап нетели,
Айбалта менен жыра чаап,
Аманат коюп кетели.
– Баатыр аба өзүң көм,
Канчороңду жай кылды.
Эр Толтойго жетем – деп,
Коштоштум баатыр кетем – деп.
Эрикпей жатып өкүрүп,
Кайгырып турсаң качкынга,
Ачуусу келип күүлөнүп,
Семетейге сүйлөнүп.
Сырнайза менен короктоп,
Буурул атын боргутуп,
Булкунтуп жүрө берди эле.
Атаганат күүлөнүп,
Жулкунтуп жүрө берди эле.
– Камандай болгон чочко – деп,
Карсылдап күлүп Семетей,
Айбалта менен арстаның,
Найза бою жер казып,
Кара олпогун алды эле.
Жарактын баарын ороду,
Көк ала атка жүктөдү.
Кара атты алып жетелеп,
– Мүрөөсү бүтүн болсо – деп,
Канаттары бар болсо,
Касташкан жоого жарыктык,
Минбегидей ат бекен.
Бу жалганчы дүйнөдө,
Бууданым буурул болбойбу!
Тууганды н жайын билсин – деп,
Алда таала жеткирсе,
Бурак кылып минсем – деп,
Көтөрүп уруп кара атты,
Жаасын окуп жаңкы агаң,
Жанына чалып таштады.
Кактелкидей күлүктү,
Чаалыгып чарчап калыптыр,
Өлөң чөптөн откозбой,
Адырлуу жерге жетелеп,
Бетеге чөптөн откозуп.
Эр Семетей кайран эр,
Эс алды бекен эми – деп,
Кактелкини токунуп,
Тамам дары куржунда,
Баатырдын уулу Семетей,
Ичинен өлчөп ичти эле.
Тышынан колго сыйпады.
Ары-бери күүлөсө,
Ар неме кармап сынаса,
Кадимкидей болду эле.
Жаканы көздөй чу койду,

Эр Канчоро, эр Толтой,
Орто жолго чеп кармап,
Бир Айчүрөк дартынан,
Аябай жатып урушуп,
Кумардан чыгып алышып.
Азаптуу Чүрөк дартынан,
Жеңеңизди талашып.
Отуз үч күнү салышып,
Алыша албай жатыптыр.
Эр Канчоро канетсин,
Намызын баатыр кетирбей,
Аябай жатып урушуп,
Качпай туруп салышып.
Кайраттанып бул экөө,
Дары жаап алышып.
Канжыга менен бек таңып,
Кайта кирип салышып.
Аңгыча чоро барбаса,
Аргасын такыр түгөтүп,
Алмак болгон Канчоро.
-Карма, кулду, карма – деп,
Биз жеткиче байла – деп.
Күрсүлдөгөн Толтойду,
Күчүн көргүн ошонун.
Эки найза жеген эр неме,
Эр Канчоро канетсин,
Күч бербей жүрөт эр Толтой.
Камандай болгон чоронун,
Катуу үнүн укканда,
Жет-Кайтты көздөй сызылды.
Артынан түштү Күлчоро,
Суртелки менен торошуп,
Кологой тартып баш чайкап,
Чаалыгып тартып Кактелки,
Капчыгай көздөй созулду.
Кайран Толтой канетсин.
Алыс атты Ажыкең,
Анысын кайран көздө  – деп,
Анда кайра качты эле.
Бура тартып кетүүчү,
Жет-Кайтты көздөй сызылды.
Түмөнбай аңдып туруптур.
Апкаарып туруп Толтойдон,
Алыс атып салды эле.
Андан кайра качты эле,
Алкынды көздөй сызылды.
Аты жүрбөй чаалыгып,
Атайын десе мылтык жок.
Мылтык менен салышкан,
Мылтыктын баары кыйраган.
Найза менен салышкан,
Азаптуу бейбак талашып,
Найзанын баарын кыйраткан.
Аябай келип алышкан.
Апапактай таң менен,
Алыс озду Канчоро,
Жаканы көздөй сызылды,
Жойболот алып колуна,
Он төрт күлүк ат айдап,
Алдынан чыкты кабылан.
– Туш-тушумдан чыгыптыр,
Жеткизбейт күлүк Суркоён.
Канетсин Толтой кайран эр,
Кайынын көздөй чу койду.
– Ар көчөгө кирейин,
Адаштырып кетейин.
Келбеттүү Чүрөк жеңеңиз,
Моймолжуган бейбагың,
Көөдөк Толтой күйөөнүн,
Келер жолу ушу – деп,
Көчөдөн тозду бейбагың.
Артынан келет Күлчоро,
Семетей келет кыйкырып,
Күлчоролоп чакырып.
– Катын-кызга жеткизбейм,
Бачым бергин атты – деп.
Кайныма шылдың кылба – деп,
Качкан жоону кабылан,

Катын сайып алуучу.
Сол колумда дарман жок,
Бир колум кантип жарайт – деп,
Чынкожонун ак куржун,
Аңтарып жатып Семетей,
Ак дарысы бар экен,
Дарыны сыйпап алдым – деп,
Кармоого жарап калдым – деп.
Кырма кызыл дарыны,
Кайнаткан кара дарыны,
Катуу сээп салдым – деп.
Бир эле колум жарайт – деп,
Буурулду берди Күлчоро.
Ат үстүнөн келатып,
Аркы-терки минишип,
Артынан түштү Семетей.
Кан ээси мингенде,
Каарданды Тайбуурул,
Айчүрөк турат бойпоюп,
Боз жорго минип чойкоюп.
Кырк жөкөр турат кылкылдап,
Бута атым Толтой келгенде,
– Алаткүн Толтой кайра тарт,
Намызыңды кетирбе!
Каргадай болгон канкордон,
Алаткүн күйөөм качпай кал.
Арам кыял канчыктын,
Азгырып айткан сөзүн көр!
Бура тарта бергиче,
Кыз-келин туруп каткырды.
-Айрөк, Толтой күйөө – деп,
Кан жезде кайда барасың?
Кайныңызга таштабай,
Катыныңды ала кет.
Жезде болбой жерге кир,
Күйөө болбой күл тиште,
Күмүрөй жезде оңбой кал!
Кыз-келинге кылчайбай,
Кыя тартып жөнөдү.
Катын-кыздан өткөзбөй,
Камынтпай жетип Тайбуурул.
Топ кыздарга жеткенче,
Тоодой болгон Толтойду,
Томолотуп өттү эле.
Кан ээси жеткен соң,
Жыя тиштеп чылбырды,
Бир кылчайып кишенеп,
Жет-Кайтты көздөй сызылды.
Ат бергин десе болбойсуң,
Артынан абаң түшкөндө,
Акмак Толтой кутулбайт,
Атты кууп жөнөдү.
Тийген жери алжайып,
Камандай болгон Толтойдон,
Капшытынан кан жайып,
Күлүстөн чуркап калды эле.
Кармаша кетти эр Толтой,
Артынан келди Канчоро.
-Бек кармагын баатыр – деп,
Чуркап келип Толтойду,
Эрмек кылды эки кул.
Канчоро эңкейе калып Толтойду,
Аркан бою кебелтпей,
Ыргыта тепти эр Толтой.
– Акмактын кылган ишин көр,
Алып урган Күлчоро,
Кантер экен бала – деп,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Артынан келип туруду эле.
Ачуусу келип Күлчоро,
Аңтара салды Толтойду.
Басып келип Канчоро,
Жалкыны карыш жойболот,
Жанынан сууруп Канчоро,
Башын кесип салды эле.
– Кан кылбай тонун алгын – деп,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Күлчоро менен Канчоро,

Абасынын артынан,
Ал экөө кетти жарышып.
Эр Ажыбай, Түмөнбай,
– Көтөрүп тургун ажы – деп,
Опсуз Толтой күйөөнүн,
Оң бутун берди ажыңа!
Карагай баскан эмедей,
Белинен басып бу калды.
– Катыгүн Түмө бат бол – деп,
Алда таала сактады,
Ажыкең чычып ийе жаздады.
Аңтара салып Түмөкөң,
Тонунун баарын алды эле,
Арабага салды эле.
Алты балбан чакырып,
Калтектеп араң салды эле.
-Чоңдугу бар ошончо,
Зыңкыйып калган күйөөңүз,
Зыңдын кара ташындай.
Жар көчүрүп салышып,
Шаарына келди жарышып.
Жеркентте сары талаада,
Жетип кармап Семетей,
Коштоп келет коржоңдоп.
– Соогат, аба, соогат – деп,
– Макул, балдар, макул – деп,
Алдынан каршы чыкты эле.
Экөөңдү бирдей көрөмүн.
Канчорого ат берсем,
Күлүстөн көөнү калат – деп.
Күлчорого ат берсем,
Канчоро көөнү калат – деп.
Калыс болуп ортоңо,
Ак чылбырды ыргытам.
Сандыргалуу чоролор,
Шамдагайың алып кет.
Күлчоро жакка оодара,
Өткөрө серпип ийди эле.
Акырайып бек карап,
Каны ичине тартты эле.
Шакардай ичи кайнады,
Жаагынан сары түк чыгып,
– Он бештеги мен турсам,
Батектеги балага,
Он экиде ойрон кул,
Кайсы ишти бүтөп берди – деп.
Кең-Колдон алып көчүңдү,
Канкордун уулу Семетей,
Бир алармын өчүмдү.
Таластан алып сартыңды,
Кезекти кудай келтирсе,
Кенебеген канкорум,
Күлчоро кулуң экөөңөн,
Бир алармын дартымды.
Кудай ургур турбайбы,
Ажалдан башым тартпастан,
Аткан октон качпастан,
Намызын минтип кетирбей,
Алтымыш күнү урушсам,
Канкордун уулу Семетей,
Кылган ишин карачы.
Берендин уулу беркиге,
Бек таарынды Канчоро.
– Алып кел канкор колуңду,
Эсен болсом экөөңө,
Көрсөтөмүн сонунду.
Өтүрүк айтсам өлтүргүн,
Жалган айтсам жарып сал.
Өзүңдү өзүң биле бер.
Күйүгүп калды Канчоро,
Күлчороңду ээрчитип,
Күйөөчүлүк сүрө бер!
Таласты көздөй кылт койду,
Он төрт күлүк ат алып.
Артынан чапты Семетей,
-Калкыма аман жеткенде,
Ар ишиңе чыдайын.
Намызымды кетирбе,

Он төрт күлүк ат алгын!
Айбандын баары сеники,
Жаш Күлчоро меники.
Капа болбо Канчоро,
Ногойго шылдың кылбагын.
Калың ногой журтумдан,
Каалаган кызың бар болсо,
Алып берем саа – деп.
Убадама жетпесем,
Манас,Чубак арбагы,
Арамдык кылсам мени урсун .
Түшө калып буурулдан,
Айбанды туура тартты эле.
– Тамаша кылса ат тартып,
Кабылан канкор кантесиң,
Таарынгансып кеп айтсам,
Тамам атты тартасың.
Кесири болот күлүктүн,
Кусуру болот Бакайдын.
Текебер болот сага – деп,
Жалооруба мага – деп,
Суртелки тарттым сага – деп,
Сумсайбачы мага – деп.
Карсылдашып алышып,
Кайра келип алышып.
Акунга кабар беришип.
– Кыргын салдым муздака,
Барып айдап келиңер.
Кырып салдым ошого,
Аттарын айдап бат келгин.
Эки кулду чаптырды.
Акун кандын шаарынан,
Алты жүз киши атганып.
Касиеттүү кан Акун,
Калкынын баарын жыйдырып.
Баары шейит өлүктү,
Бир айга жете көмдүрүп.
Коргон салып Толтойго,
Супа жасап бөлөкө,
Күмбөз жасап Төлөкө,
Өңгөнүн баарын чогултуп,
Эки айга эмгек тартышып,
Эптеп көмдү өлүктү.
Эс алышып болгон соң,
Эр Семетей, эки кул,
– Ажыбай менен Түмөнбай,
Айлыңдын баарын көчүргүн.
Кең Ополдун чатына,
Айылдын баарын кондуруп,
Оюрманын белинде,
Он миллион ат калган,
Ошону алып келгин – деп,
Эки бала жарышып,
Эсептеп атты чогултуп,
Айдатып келип жаш балдар,
Абасына берди эле.
Акунканды чакыртып,
– Кара бет кызың калыңы,
Баатырдын уулу Семетей,
Баарысын берди ошондо.
Үч айдын жүзү болордо,
Токсон күнгө толордо,
– Касташарга жоо жок – деп,
Туйгунуң кудаң биз бар – деп,
Алып бердик душманды.
Акункан кызын берсин – деп,
Баатырдан кабар тийгенде,
Ак сазга айлын кондуруп,
– Катынын кантип бербейм – деп,
Каарына калбайм – деп.

## АЙЧҮРӨКТҮН ТОЮ

Касиеттүү зор каның,
Дарбазалуу коргондон,
Бейбак жеңең жасаткан,
Желбоосу жезден зор үйдү,
Арабадай аңкайтып,
Ак күмбөздөй шаңкайтып,
Эл четине көтөртүп,
Шаршемби күнү той союп,
Калың кара мал союп,
Семизден тандап чоң союп,
Алты миңдей кой союп,
Отуз беш үйдү көтөртүп,
Эт бышыртып кийиртип.
Ак боз бээни алдырып,
Баатырдын уулу Семетей,
Атасы Манас канкордун,
Арбагына жалынып.
Жана турчу беркиби,
Ак сарала бээ алып,
Алмамбетке чалдырып.
Бер жагында Канчоро,
– Жаркыным атам колдо – деп,
Сур кашка бээни чалдырып.
Алтымыш ала бээ сойду.
Айчүрөккө шашпастан,
Тогуз күнү той сойду.
Оолжуган бейбакты,
Чоң үйдү окчун көтөргөн.
Айчүрөктүн тоюнда,
Койчулар жүрөт кобурап.
Кызыл кулак кылактап,
Көп жашаган карысы,
Мунун баары бир түркүн.
Мекеге барган ажысы,
Мунун баары бир түркүн.
Кожо молдо эшени,
Мунун баары бир түркүн.
Кызыл жейрен ат минип,
Кылкандай болгон көй кашка,
Оюн качан болот  – деп,
Мунун баары бир түркүн.
Отун жарып күрсүлдөп,
Опсолоңу мындан көп.
Карын төгүп тартактап,
Камкорлору мындан көп.
Кемпирлер жүрөт кеңкейип,
Белдемчиси деңкейип.
Арстан тууган чоросун,
Суркоёнду мингизип.
– Алты күндө алып кел – деп,
Атасы Манас канкордун,
Анжыян менен Кашкарда,
Ак эшенге жиберип.
Алтымыш нарга пул жүктөп,
Арстандын уулу Семетей,
Он сегиз күнү эт тартты.
Дөбөдөй күнү жасатып,
Көлдөй кылып чык куюп.
Алтымыш нарды комдотуп,
Туура белди ашырып,
Турпандан күрүч алдырып,
Кашкарга жетпей кайрылып,
Элге этин тарттырып.
Отуз үч күнү той берди,
Тамашаны салдырып.
Алтынчы күнү болгуча,
Оюнпоздун баарысын,
Кумарга минтип кандырып.
Окшомдуу сулуу Чүрөктү,
Жакуттан кымкап чүмкөнтүп.
Отуз күнү ойнотуп,
Ополдун айлын бойлотуп.
Кырк күнү кыңшытып,
– Учурашып келсин – деп,

Кыдырата шимшитип.
Он эки буттуу керебет,
Чоң үйгө шамын жандырып.
Оюн баштап салмакка,
Катын чыкты каркылдап,
Кыз чакырып жаркылдап.
Эки жүз келин бир келди,
Жыйырма сулуу кыз бир келди.
Алты жүздөй азамат,
Байдын уулу бир бөлөк.
Жакшынын уулу бир бөлөк,
Жамандын уулу бир бөлөк.
Арак менен бозону,
Кабылан бала Семетей,
Камандай балдар жанында.
Шайы жууркан салдырып,
Баатырдын уулу Семетей,
Бала жолборс түстөнүп,
– Бали ыракмат жаш балдар,
Арак ичип алышып,
Үй көтөртүп мал союп,
Алаптан шалап бышыртып,
Мис чарага салдырып,
Сыйнатын кылды кан Акун.
Чоролорун чакырып,
Тон берсе да мол берип,
Баатырдын уулун чыгарды.
Кайра барып кабылан,
Алтын мамы жез түркүк,
Асабалуу чоң чатыр,
Башына жакут жандырып,
Кызыл чайын шимирип,
Төрөдөй болгон үч бала,
Ээлигишип олтурду.
– Жеңемди качан алып келет – деп,
Жээлигишип олтурду.
Белден төшөк салдырып,
Безилдеген бейбакты,
-Арстан тууган жездеге,
Акмак кылба бизди – деп.
Ушу жезде баатырга,
Чуулгандуу түгөнгүр,
Чунак катын баскын – деп,
Ортосуна Айчүрөк,
Шурудан катар тиздирген.
Алтындан көбөө карматкан.
Айкожосун алдырган,
Айдай сулуу жеңеңе,
Ашкере нике кыйдырган.
Ыңгыранган бейбакты,
Көтөрүп барды катындар.
Султан боюн теңешип,
Акундун калкы кеңешип.
Касиеттүү зор каның,
Алтымыш нарды комдотуп,
Айчүрөк себин жүктөтүп,
Боз жоргону токутуп,
Моймолжуган бейбакка,
Сан сарала бээ берди,
Жаккан отун өчүрүп,
Коңшу колоң көчүрүп.
Кубулжуган бейбакты,
Ополдон чыгат көчүрүп.
Эки жүз катын бир ээрчип,
Калктын баары чогулуп,
Кошомат кылып кошо ээрчип,
Камандай болгон кайран эр,
Эр Күлчоро кеп айтат.
– Кулагың сал бизге – деп,
Кеп айтамын сизге – деп.
Алар зайбың алдыңбы!
Аңгемени салдыңбы!
Намызыңды кетирбей,
Алып бердим зайбыңды.
Күйөө жолдош өңдөнүп,
Кошомат кылып келгендей,
Пайгамбар сындуу бабамдын,
Бакай сындуу абамдын,

Касиеттүү Каныкей,
Каракан кызы энемди,
Кантип жүзүн көрөмүн.
Келиндин башы Кермекаш,
Кесиреттүү Канчороң,
Ошол алып кетти – деп,
Оюңда барбы султаным,
Касиеттүү Бакайды,
Калың ногой элимди,
Кай бетим менен көрөмүн.
Жалганда тирүү жүргүчө,
Жашымда кызмат кылгыча,
Жаркыным Алмам атамдан,
Туулбай жерге кирейин.
Тукум болуп жүргүчө,
Аруукедей энемден,
Туулбай туна чөгөйүн.
Бу көрөкчө шордуу жан,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Жүрө бергин шүк эле,
Айчүрөгүң ээрчитип,
Кошомат кылба кайныңа,
Кан Акундун төрүнөн,
Калыйман алып кетемин.
Касиеттүү кайнатаң,
Кабылан аба мен айтам,
Калкына кыргын саламын,
Катынын жесир кылам – деп,
Баласын жетим кылам – деп.
Жарактын баарын салынып,
Жаратканга жалынып,
Жаркыраган сулуу кул,
Өзүң көргөн жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Өкүнбөй аба жүрө бер.
Балалык менен айтат – деп,
Баатыр жаман көрбөгүн.
Кайнатаң кызын бербесе,
Кылбаганды кыламын,
Кызыл кыргын саламын.
Шаңшытпай бүркүт кондуруп,
Ыйлатпай бала өңөртүп,
Ногойго минтип кетемин.
Ополду чаап аламын,
Аргасы жок Семетей,
Акылга мол Айчүрөк,
Агаң экөө кеңешип,
Камандай болгон күлүстөн,
Каарданып калды – деп.
– Айдатып калың жесин – деп,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Бачым мында келсин – деп.
Чакыртып алып үстүнө,
Баатырдын уулу кеңешип.
– Ырас болот жезде – деп,
Каалаcа алып кетсин – деп.
Кантип бербей коёбуз,
Кайра экөө барышып,
Акун канга кеп айтып.
– Кантип бербей коёюн,
Белгилүү тууган беренге,
Мен бере албай турганмын.
Жаккан отун өчүрүп,
Сур жоргону мингизип,
Сумсайган сулуу ээрчитип,
Өзү көргөн жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Жылдырып жылкы айдатып,
Жырылтып казы чайнатып.
Сандыргалуу султаның,
Саан алып жолуна,
Ээрдей кайкы белеске,
Ар неме келип конду эле.
Аксарбашыл кой союп,
– Баатыр ата колдо – деп,
Баабединге жалынып.
Келиндин башы Кермекаш,
Оюндан ала качыптыр.

Камандай болгон Канчоро,
– Капа болбо аба – деп,
Каткырып кирип келди эле.
– Капа кылып нетейин,
Камандай болгон түгөттөр,
Адамга сөзгө карматып
Акмак кылып салаcың.
Жаккан отун өчүрүп,
А жерден арстан көчүрүп.
Күнү-түнү жол тартып,
Ногойду көздөй оң тартып.
Үч-Кошойдун бөксөдөн,
Эңкейип кирип көч айдап,
Канкордун уулу Семетей,
Жети күнү кашында,
Калыймандай сиңдиси,
Келишимдүү Кермекаш,
Келбеттүү Чүрөк артында.
Бакай менен Каныкей,
Балдарын көрө койду эле.
– Карегиң келет көрдүңбү!
Каныкей, Бакай жарышып,
Көкала ат менен астынан,
Көк жал Бакай абасы,
Салам айтты Семетей,
Алик алды эр Бакай.
-Амансыңбы жалгызым,
Алкымынан бек жыттап,
Айбандан түшүп Айчүрөк,
Кыя тартып кыйкайып,
Каныкей менен Бакайга,
Жүгүнүп келди мелтиреп.
-Бай бол, балам, бай бол – деп,
Кара-Суунун кашатка,
Кыз-Мазардын оюна,
Ак ордосун көтөртүп,
Акырет кеткен Манаска,
Мал ататып мууздатып,
Баабединди чалдырып,
Кабылан Манас султандын,
Камырына сыйынып,
Андан көчүп жөнөлүп,
Кең-Колду көздөй бет алды.
Кара-Буура Чаткалда,
Кабар берип кан Бакай,
– Калың ногой камын – деп,
Канкордун уулу Семетей,
Катынын алып келди – деп,
Тилекти кудай берди – деп.
Көмкөрө журттун баарысын,
Көчө кыла кондуруп.
Алптын баарын чакыртып,
– Ашкере той берем – деп,
Кемегени каздырып,
Келтирип үйдү көтөртүп.
Баатырдын уулу кеп айтат,
Басып келип Бакайга.
– Кулагың салгын мага – деп,
Кейибей уккун абаке,
Кеңеш айтам сага – деп.
Анча-мынча мал союп,
Айлыңа берсең кантет – деп.
-Болду, балам, болду – деп,
Эптеп малын сойдуруп,
Элине шилен эт бердирип,
Көп жашаган карысы,
Көмкөрө журту чогулуп,
Баары бата беришип,
Жалпы журту келишип,
Тамашага батышып,
Аңгемеде жатышып.
Күнү-түнү үч күнү,
Так алты күн турушуп.
– Баарыңдан бата алдым – деп,
Учураштым сага – деп.
Салбар болуп Чачыкей,
Алынды болуп Айчүрөк,
Төшөгүн басып койбоско,

Баш катыртпай канкорду,
Кан Акундун төрүндө,
Касам алган жеңеңиз.
Убадага бек турган,
Ушу сөзгө бек турган,
Калкына келип кайран эр,
Кадимкидей болду эле.
Ит агытып, куш салып,
Жер арытып, жол чалып,
Жылгындуу, Кең-Кол жерине,
Баатырдын уулу Семетей,
Жыргап калды элинде.
-Арстан уулу келди – деп,
Аргын, ногой чогултуп,
Абасы Бакай аттанып,
Калктын баарын жыйдырып.
-Кан султандын баласы,
Кан Акундун шаарынан,
Катынын алып келди – деп,
Тилекти кудай берди – деп.
Семиз бээни сойдуруп,
Элине шилен бердирип,
Тогуз күнү той берип,
Алты күнү абасы,
Аңгемени салдырып.
Жээлигип калган ногойдун,
Эриккенин жаздырып.
Алтын ээр, сырга каш,
Аргын ногой мырза баш.
Күмүш ээр сырга каш,
Күрдөөлдүү ногой мырза баш.
Алыстан төрөң келгени,
Алты айдын жүзү болуптур,
Жылкыда жүргөн жаш балдар,
Жаканы көздөй жарышып,
Байрак булгап бакырып,
Семетейлеп чакырып,
-Арстаным абам барсыңбы?
-Бармын балдар не болду?
– Эмнеси курусун,
Бул катышың жарабайт,
Туйгунум абам туюнчу,
Жаңыдан катын алды – деп,
Кара кыргыз калкыңыз,
Бул канкорду кудай урду – деп,
Ат семирип түз болду,
Эр семирип бук болду.
Урушарга жоо таппай,
Урунарга тоо таппай,
Бул эки чоро эрикти.
Бейлебей жатып аласың,
Бээжинге качан барасың.
Кылымга толгон кытайга,
Кыргынды качан саласың,
Кунуңду качан аласың?
Өлтүрсөк казы бололук,
Өлсөк шейит кечелик.
Бакай канды баш кылып,
Чоң-Бээжинди көздөй кетелик,
Балактаган манжунун,
Баатырлыгын көрөлүк.
Алда-таала кудайдын,
Не салганын көрөлүк.
Ажал жетип күн бүтсө,
Атышып жатып өлөлүк.
Баракелде чунагым,
Айт-айтпады төгүнбү,
Кестелүү калпак, кең чалбар,
Кеңешим бирге күлүстөн,
Саймалуу калпак сары учук,
Санаам бир Канчоро ай.
Тиги Жолойдун болсо жолунда,
Эл четинде апамды,
Эртерээк балдар бат чакыр,
Көзү көргөн жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Өзү алпарсын абакем.
Белине саадак бууймун – деп,

Дини кара динсизден,
Быйыл атамдын кунун кууймун –
деп.
Мурапым Бакай жүрсүн – деп,
Жоболоңдуу балдарга,
Жол көрсөтүп берсин – деп.
Адис Бакай барсын – деп,
Абакем Бакай барбаса,
Биз калмака кантип барабыз.
Башта бастырып жүргөн жол эмес,
Мурунтан атышып жүргөн кол
эмес,
Бээжиндеги чоң чочко,
Салышып жүргөн шер эмес.

## СЕМЕТЕЙДИН КЫТАЙГА ЖӨНӨГӨНҮ

Алооке кандын үч уулу,
Карагай найза май кылып,
Кан Алмамбет баатырды,
Капыр калча жай кылып.
Кылымдын баарын чогултуп,
– Кытайга кыргын салам – деп,
Кыдыр чапкан жол менен,
Бээжинди көздөй бет алып,
Берендин баарын чогултуп,
Кырк эки илек кол менен,
Бээжинге салып бузукту,
Бузук салып калмака,
Алдатып ийип чочкого,
Айбалта тийип башына,
Аккула окко учуруп,
Агарып кеткен тыргооттун,
Алмамбет шейит кечирип,
Канатынан кайрылып,
Кабылан Манас атакем,
Кан Чубактан айрылып,
Буудандын оозун бурдуруп,
Кырк чорону кырдырып,
Энекем эмгек көрүптүр,
Айбалта тийип башына,
Коркок болуп калчадан,
Кенебеген атакем,
Кең-Колго келип ооруптур.
Шойкомдуу оозу шок экен,
Энекем узун чачка жоо экен.
Энекем эркекче кийим кийиптир,
Акылга мол энекем,
Кыйноосун тарткан атамдын,
Койдон козу кактырып,
Кожолорго бактырып,
Эси чыгып атамдан,
Эчкиден улак кактырып,
Эшендерге бактырып.
Чай кайнатса суу болуп,
Чыр дары берсе уу болуп,
Тагдыр жетип күн бүтүп,
Асыл атам өлүптүр,
Эмгекти энем көрүптүр.
Мындай сөздү уккан соң,
Мындай ишти көргөн соң,
Келбеттүү Чүрөк алгансып,
Кең-Колго кантип жатамын.
Каарданып күүлөнүп,
Капаланып сүйлөнүп,
Кан султандын баласы,
Кара пилди чөгөрүп,
Шири кап менен жык бирди,
Ок дарыны жүктөтүп,
Кенебеген кайран эр,
Кең-Колдон чыгат күүлөнүп.
Бээжиндеги чочкого,
Он эки канат зор үйдөн,
Мейманкана чоң үйдөн,
Капкалуу кара коргондон,

Айчүрөктүн ордодон,
Абакесин ээрчитип,
Баатырдын уулу Семетей,
Аккелте мылтык асынып,
Сырнайза колдо колкоюп,
Бууданга минди болпоюп.
Ар акылга даанышман,
Абасы Бакай жанында,
Эки чоро кашында.
Ногойдон чыккан он төрт ат,
Алдына салып айдатып,
Тазбайматка шайлатып,
Арстандын уулу Семетей,
Ак үйдөн чыкты аттанып.
Акылга мол жеңеңиз,
Арстандын уулун токтотуп:
-Буудандын оозун бура тур,
Атамдын уулу падышам,
Айжаркын төрөм тура тур,
Азыраак абай кыла тур.
Чүрөктүн үнү чыкканда,
Буудандын оозун бурду эле,
Бура тартып турду эле.
Ителгидей кара көз,
Ирмебестен жаш кетип,
Булбул үндүү бейбагың,
Муңканып үнүн салды эле.
Күкүк үндүү жеңеңиз,
Күүлөнүп үндү салды эле.
– Кулагың салгын мага – деп,
Кенебейсиң падышам,
Кеп айтамын сага – деп.
Самооруң алтын жез эмес,
Шай колдогон Кең-Колдон,
Сапарга барар кез эмес.
Бедериң алтын жез эмес,
Бейпайың мага тарттырып,
Берекелүү Кең-Колдон,
Бээжинге барар кез эмес.
Чүрөктү быйыл алган соң,
Жалпы ногой журтуңа,
Жаман атка конгон чак.
Катынды быйыл алган чак,
Кара кыргыз калкыңа,
Кандуу бир болуп калган чак.
Кең-Колдон быйыл чыкпачы,
Келерки күздө барсаңчы.
Асылым төрөм барбагын,
Айлантып караан салбагын.
Мени билбеген адам айтчу эле,
Акундун кызы Чүрөк – деп,
Билген адам айтчу эле,
Олуя чалдын кызы – деп,
Перинин кызы бейбак – деп.
Жолуңа каршы болбосун,
Азабың бизге тарттырып,
Атамдын уулу падышам,
Айлантып каран салбачы.
Касиеттүү Бээжинге,
Арстаным төрөм барбачы?
Түндөгү түшүм жаман түш,
Тилиме чыга сөзүм бар,
Таңдайымда мөөрүм бар.
Бешикке жаткан кезимде,
Беш периште дем салган.
Ар акылга даанышман,
Айтылуу бейбак мен элем,
Атамдын уулу сен элең.
Сенин атаң падыша,
Азирети менен шер болгон,
Балалык кылба байкагын,
Коңурбайдан мерт болгон.
Алышсаң алың келбейт – деп,
Күрөшсөң күчүң жетпейт – деп,
Эрегишер эр эмес,
Эрдиги сенден кем эмес.
Чочконун түрүн көрөрсүң,
Сенден өлчү неме эмес.

Эңкейип келген кезинде,
Энеңиз эмгек көрбөсүн.
Окшомдуу сулуу бейбагың,
Олжого кетип калбасын.
Колума бүткөң шакегим,
Бетиме бүткөн айнегим.
Береним төрөм барбагын,
Бейпайды бизге салбагын.
Башыма бүткөн маанайым,
Акырет кеткен атамдын,
Жан кудурет жасаган,
Жаратып берген таалайым.
Ал учмактуу Бээжин,
Кыл Эртиш жагында,
Жетер жер эмес.
Бедердүү жигит күлүк ат,
Пайдасы тийген жер ошол,
Калың кытай эл ошол.
Калкына кабар угулса,
Каптап кетер сел ошол.
Ар акылман баарысын,
Абакеңден сурап ал.
Качан бала сен көрдүң,
Семетей сенин дартыңдан,
Учуп барып мен көрдүм.
Эми калчанын жайын сурасаң,
Дубакөй калча сыйкырчы.
Дуба менен токтоткон,
Кара көңүл калчанын,
Капылтан бара калалы.
Канаттуудан тили бар,
Тили жетсе динсиз кул,
Тирүү койчу неме эмес,
Эрегишер эр эмес,
Эрдиги сенден кем эмес.
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрбө – деп,
Катылып калсаң калчага,
Кайраным төрөм өлөсүң,
Калың ногой журтуңду,
Касиеттүү Кең-Колду,
Кантип төрөм көрөсүң.
Камандай болгон калчага,
Кабылып калсаң өлөсүң.
Арманын айтып жеңеңиз,
Арстандын уулун торгоду,
Безилдеп ыйлап бейбагың,
Берендин уулун торгоду.
Айчүрөк торгоп турганда,
Ачуусу келди арстандын.
-Эки чоро бер келчи ай!
Мынабу атамдан мурапым,
Абакем Бакай турганда,
Арам кыял канчыктын,
Азгырып турган сөзүн көр.
Катындын тилин алгыча,
Калчадан коркуп жаткыча,
Туйгунум Манас атамдан,
Тукум болуп жүргүчө,
Ат жалын тартып мингиче,
Кара кыргыз калкымды,
Аргын ногой журтумду,
Аким болуп жүргүчө,
Кабылан Манас атамдан,
Туулбай туна чөгөйүн.
Жалганда тирүү жүргөнчө,
Эгемдин не салганын көрөйүн.
Дини кара динсиздин,
Дин билбеген пирсиздин,
Жоболоңдуу чокунтка,
Чочконун күчүн көрөйүн.
Бу көрөкчө өлөйүн,
Баатырсынган калчанын.
Кабылан Бакай жол башта,
Баатыр атам колдосун.
Балбандыгын көрөйүн,
Кылымга бүткөн кытайга,
Жетип бузук салбасам,

Кара суунун боюнан,
Калмактын малын тийбесем.
Оңолбогон калчанын,
Оң далысын чаппасам.
Ойкутка малын чачпасам,
Кыргын салып чочкого.
Кылымга толгон тыргоотко,
Кыргын салып ийбесем,
Очогор тийсин боорума,
От чагылсын көзүмө.
Бээжинге бузук салбасам,
Айтымыма жетпесем.
Эр калчанын башын кеспесем,
Маша тарткан бармагы,
Айтылуу султан атамдын,
Азыр урсун арбагы.
Аны да катын туугандыр.
Берендин уулу шордууну,
Белин бекем буугандыр.
Каракандын төрүндө,
Он төрт күндө нарк бузган.
Атама келип тийгенде,
Кылымдын баарын кырдырып,
Кырк чоро жыйып калк бузган.
Шойкомдуу оозу шок экен,
Урматтуу энем Каныкей,
Узун чачтан жок экен,
Бейбактын айткан сөзүн көр.
Мени да катын тууганды р,
Калмакты мактап турганын.
Кан Бакайдын алдында,
Канчыкты кудай урганын.
Опол тоонун как ыргай,
Балбан кулга жулдурган,
Сегиз кырдап жондурган.
Баш аягын тарыткан,
Башына көк салдырган.
Асый өгүз терисин,
Мамык кылып ийлеткен.
Өкүмдүк менен кайран эр,
Өрмөчүнү жыйдарган,
Шыпылдап жаасын кыйдырган.
Тогуз мерген чогултуп,
Тоодон теке аттырган.
Он эки теке терисин,
Жукача кылып тилдирген.
Чоң терисин бурдуруп,
Туура тартып туйгунуң,
Шыкап жатып өрдүргөн.
Алты батман чын темир,
Алаканга кадаткан.
Чокусуна чок койгон,
Душманга өлчөп тийүүгө,
Төшүнүнүн учуна,
Билектей сомдоп ок куйган.
Чулгур салып көзөткөн.
Чачыкейдин көк торпок,
Жон терисин бурдуруп,
Бүлдүргөнүн тактырган.
Кабылан жолборс кайраның,
Катуу кармап имерип,
Какылдаган жеңеңди,
Капшытка тартып жиберип.
Аркалыка тийгенде,
Шуру, бермет, жакут таш,
Жамгырдай болуп төгүлдү,
Аппак эти бөлүндү,
Шаркырап каны төгүлдү.
Каарданып жеңеңиз,
Кан султандын баласын,
Катуу каргайт ошондо:
– Айтсам,айтсам тилим албайсың,
Чын олуя кордосо,
Чын кудурет жаратса,
Барганыңдан келбегин,
Базар үйүң көбөгүн.
Кеткениңден келбегин,
Кең ногой журтуң көрбөгүн.

Жолуңду кудай жолдосун,
Кан атаңыды өлтүргөн,
Жолуңду Коңурбай чыгып
оңдосун.
Атыңды алсын Мурадил,
Ак олпок кийсин чоң чочко,
Азабың тартсын абакең.
Талаа толгон мал калсын,
Талашка түшкөн жан калсын.
Үйүң толгон мал калсын,
Үлүшкө түшкөн жан калсын.
Ойрондун уулун бек кармап,
Окшомдуу сулуу жеңеңиз,
Он эки канат чоң үйгө,
Ороло басып кирди эле.
– Катындын сөзү бекер сөз,
Капа болбо абаке.
Кан Бакайың кашында.
Камандай балдар астында.
Өзүң көргөң жол менен,
Өзөңдүү булак суу менен,
Арстандын уулун ээрчитип,
Абаке Бакай жол башта.
Бакай жолду баштады,
Баатырдын уулун ээрчитип,
Айдаганы он төрт ат,
Артынганы ок дары.
Кара бээге кош артып,
Кан султандын баласы,
Калчаны көздөй жол тартып.
Кенебеген эр неме,
Кеңешти салды Бакайга.
– Кана кагылайын кан аба,
Кайсы дабан ашабыз,
Канча дайра кечебиз,
Кең Нарындын капчыгай,
Келбеттүү аба өтсөк бейм.
Султан сары соку таш,
Коңур-Өлөң барсак бейм.
– Андай айтпа айнегим,
Бээжинди көздөй жүргөндө,
Кошойдун баскан жолу бар.
Булкунбагын жалгыз – деп,
Бура тартты кан Бакай.
Чеч-Дөбөнү басты эле.
Ойрондун уулун ээрчитип,
Орто жолго кирди эле.
Сарт-Кечүүдөн кечти эле.
Абасы Бакай жол баштап,
Ат-Башы көздөй жүрдү эле.
Намаз бешим кечинде,
Баатырдын уулун ээрчитип,
Балдары менен кан Бакай,
Тиги канкор караса,
Күркүрөп аккан суусу бар,
Токойдун келди башына,
Берендин уулу кайран эр,
Бешимде келип конду эле.
Эки чоро кабылан,
Ак өлөктү чөгөрүп,
Ала кийиз жай намаз,
Ак чатырды түшүрүп,
Алтын мамы жез түркүк,
Асабалуу чоң чатыр,
Усталар кылган жез казык,
Узундугу кез казык.
Жерге мадай актырып,
Кендирден кылган канабын,
Кере чоё тарттырып,
Аюу талпак чоң күрсү,
Акылга дыйкан Бакайдын,
Астына жая салдырып,
Ак куржунду ачтырып,
Аш тамактын баарысын,
Бейиштин аштай чачтырып.
Батнуска бал салып,
Кертип-кертип жал салып,
Сугатына бал ичип,

Суусунуна чай ичип,
Аш тамагын жай ичип.
Ачкыл жандуу кабылан,
Алдыра чыккан Кең-Колдон,
– Кабылан балдар апкел – деп,
Каркыттагы испиртти,
Алтын аяк сыр кесе,
– Кабылан аба макул – деп,
Балдары тура калды эле.
Баса куюп алышып,
Баатырына сунду эле.
Ичкилик ичип алышып,
Башатты көздөй барышып,
Барып даарат алышып,
Ак жайнамаз чоң супа,
Алдына жая салышып.
Он ирекет бешимин,
Шашпай окуп алышып.
Алакан жайып дубаны,
Арстаның кылды ошо жерде.
Кабылан жолборс кайран эр,
Касиеттүү кан Бакай,
Кайра басып калышып,
Жасайылын салынып,
Жаратканга жалынып,
Ак боз бээни алышып,
-Баатыр ата колдо – деп,
Баабединге чалышып.
Кемегени казышып,
Он эки карыш депкене,
Мис казанын асышып.
Казы кертип, жал салып,
Бал кайната бышырып.
Тазбайматы кашында,
Эки чоро астында,
Кой этине тоюшуп,
Алаптан шалап туурашып,
Абасынын алдына,
Алып келип коюшуп,
Тамам ичип болушуп.
Тамактанып алышып,
Терекке керме кердирип,
Ногойдон чыккан сай күлүк,
Аркы-терки байлатып,
Ардактаган буурулду,
Ак үртүгүн жаптырып,
Сыр мамыны орнотуп,
Бууданды жалгыз байлатып,
Намаздигер, намаз шам,
Баатырды мындай таштай тур.
Кырымдын уулу Мурадил,
Чаар жондон жол чалып,
Ат-Башынын боюнан,
Канкордун уулун көрөт бейм.
Чоң токойдун башынан,
Дүрбүнү салып ошо жерде,
Кылкыйып карап турду эле.
Абайлап байкап караса,
Аттардын баары кермеде.
Ак үртүгү жабылуу,
Чочко калмак байкаса,
Чоң буурул турат байлоолу.
Мурадил буурул атты көргөн соң,
-Бул кайдан келген жылкы – деп,
Жалганда мындай мал жок – деп,
Ойлоп турса Мурадил,
Ногойдон чыккан он төрт ат,
Бука моюн буура сан,
Буурулдун жайын караса,
Мунун сүрүн көргөн соң,
Он эки мүчө болк этип,
Оң бөйрөгү солк этип,
– Калайыкты багынткан,
Канкордун уулу келгенби! Калмакты кудай урганбы!
Берки четки көк үртүгү жабылуу,
Кучкачтай болгон куу сакал,
Өзү көргөн жол менен,

Өзөндүү булак суу менен,
Ээликмелүү түгөттү
Ээрчитип келип кан Бакай,
Калмакка бузук салат бейм.
Белине саадак бууганбы,
Берекелүү Бээжинден,
Берендин уулу түгөнгүр,
Манастын кунун кууганбы.
Көк ала чопкут тон кийген,
Пайгамбар сындуу абасы,
Бар акылга даанышман,
Бакайды мындай коё тур.
Эр Мурадил кайран эр,
Бура тартып өлчөдү,
Ак олпок кийген кайран эр,
Кайнардын кара көзү бейм.
Кан ичменин тукуму,
Кабылан канкор өзү бейм.
Бул өзү эмес, түгөт көзү бейм.
Он бөйрөгү болк этсе,
Оңду чабар эр экен,
Сол бөйрөгү солк этсе,
Солду чабар неме экен.
Кычыгына тийгенде,
Кылымды бузчу шер экен.
Колдогону чоң экен,
Касташкан адам шор экен.
Олуязада неме экен,
Ногойдон чыккан эр экен.
Кой, мунусун айтып нетейин,
Тээтиги чолок чопкут тон кийген,
Күмүш кемер курчанган,
Күндөй бети сур чалган.
Ботодой көзү жайнаган,
Шакардай ичи кайнаган,
Эрдин кесе чайнаган.
Күлгөнү кыздын үнүндөй,
Кызылы түлкү жүнүндөй.
Кылычы кында кыңгырап,
Желке чачы суюлган,
Өңү кетип бузулган.
Кылымга толгон кытайга,
Кызыкты салчу неме экен.
Берекелүү Бээжинге,
Бузукту салчу неме экен.
Бу да ойроттон чыккан неме экен.
Шопкуттуу оозу шок экен,
Жаркыраган жаш бала,
Жалганда мындай жок экен.
Кара көңүл калчаны,
Кабылып калса ушу кул,
Кан жөткүртчү эр экен.
Сур чопкут кийген беркиси,
Сумсайыңкы неме экен.
Экчегер бойлуу, саз өңдүү,
Эр мүчөлүү неме экен.
Эч жеринде мууну жок,
Тең мүчөлүү неме экен.
Жабалай баштуу , чап жаактуу,
Эрди жука ээги узун,
Эчен түрдүү сүйлөгөн,
Бөлөк-бөлөк сөз айткан,
Бөксөдө туман көздөнгөн,
Буттай темир курчанган,
Кызыл өңү сур чалган.
Казандай кара бөрк кийген,
Бу да кайраты чоң неме экен.
Анын быягында,
Буурулдун бери жанында,
Алтын кемер курчанган,
Айдай бети сур чалган.
Жарактын баары шаркылдап,
Жакут айнек калкылдап,
Бала жолборс түстөнгөн,
Аккелте мылтык асынган,
Балкыр беттүү, ак жүздүү,
Күлсө күрөктөй тиш кашкайган.
Оолак турган зор неме,

Кайнардын кара көзү бейм,
Батадан бүткөн түгөнгүр,
Манастын уулу Семетей,
Кабылан канкор өзү бейм.
Олуязада шер экен,
Колдогону чоң экен.
Кылымды бузчу шер экен,
Кырк чилтен турат артында,
Периште турат ийнинде.
Саймалуу калпак сары учкай,
Санаттуу канкор өзү экен,
Ногойдон чыккан шер экен.
Буга кантип айла кыламын.
Айбандын оозун керсем бейм,
Баатырсынган чочкого,
Барып кабар берсем бейм.
Бул иште минтип нетейин,
Кар, сууну уютуп,
Бөксөгө мөндүр түшүрүп,
Өзөнгө нөшөр төктүрүп
Асмандан булут сурдалтып,
Ала кайыр бурганак,
Катуу шамал салсам бейм.
Каршы пенде бастырбай,
Келиштирип көп жайлап,
Кесердеп карды түшүрүп,
Келиштирип салсам бейм.
Аттардын баарын агытып,
Жай жайына жатканда,
Артыман шамал жүргүзүп,
Ала кайыр түшүрүп,
Канкордун атын тийип алсам бейм.
Жыргалаң баш кечирип,
Текестин башын эңкейтип,
Көк-Белди басып кирсем бейм,
Көөдөктүн атын алсам бейм.
Ак кулжа менен өрдөккө,
Акырын жетип алсам бейм.
Күндү жайлап салмака,
Камынды калмак Мурадил.
Жай ташын жандан таба албай,
Күпсөрдөй үйдө калыптыр.
Булкунуп Мурадил кайра тартты эле.
Калмакты мындай таштаңыз,
Кең-Колдогу келбеттүү,
Жеңеңден кабар алыңыз.
Күүгүм кире күн бата,
Элдин алды жуп жата.
Окшомдуу жеңең ой ойлоп,
Кан султандын баласы,
Камсызына кайгырып.
– Катындык кылып мен бейбак,
Катуу каргап салгамын.
Артынан барып арстандын,
Абакемен бата алып,
Каргышымды кайтарып,
Жол эсебин айтамын.
Камандай балдар жанында,
Ар акылга даанышман,
Абамын тилин албас – деп.
Айтайын сөздүн маанисин,
Угузам сөздүн даанасын.
Кан султандын уулунун,
Кең-Колдон учту артынан.
Асман менен зымырап,
Катуу шашып канкордон,
Булут менен аралаш,
Буркурап учту бейбагың.
Ирмегени билинбей,
Чыркырап учту бейбагың.
Таң тыяктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Таң кылайып атканда,
Эсенгиреп Семетей,
Эр немең басты элөөрүп.
Бешмантчан болуп белсенип,

Периштелүү кайран эр,
Пери ургандай теңселип.
Баатырдын уулу муңайып,
Башатты көздөй бет алып,
Басып калды даaратка.
Улутунуп үшкүрүп,
Улуу даарат кылды эле.
Бакай каны баш болуп,
Эки чоро түгөнгүр,
Баарысы даарат алды эле.
Эки сүннөт, эки парз,
Төрт ирекет багымдат.
Турус окуп алмака,
Намазга карап калганда,
Сүннөтүн окуп алышып,
Депкир айтып турушуп,
Парзына карап калышып,
Баатырлар окуп жатканда,
Баякы жеңең жеткенде,
Катын жандуу канкоруң,
Чүрөгүн көрө койгондо.
– Көңүлү кетер бузулуп,
Намазы кара болор – деп,
Акыретке барганда,
Абдан окуп алсын – деп,
Ак чатыр көздөй бассын – деп,
Арт жагынан барайын,
Асылга сөзүм айтайын.
Абакеме көрүнбөй,
Кайрылып учуп калайын.
Касиеттүү абамдын,
Кесирине калбайын,
Кусуруна калбайын.
Кабыландын артынан,
Айчүрөк жеңең дарбактап,
Басып калды арбактап,
Кыя тартып кыйкайып,
Төрөсүнө эркелеп,
Жез канаттуу жеңеңер,
Басып келди суйкайып.
Бала каздай бойпоюп,
Кыргоолдой мойну койкоюп,
Адырга чыккан ак мыя,
Агаңызга кеп айтат.
Басып келип шуркуя,
– Артыман Чүрөк келди – деп,
Ачууланба падышам.
Окшомдуу бейбак долуңа,
Төрөм оолукмаңды карматпа.
Мен сени катуу каргап койгомун,
Укпасаң менин сөзүмдү,
Коргобойт сенин өзүңдү.
Каргышым кара суугa болсун – деп,
Баркырап жаткан кайнарга,
Басып келип түкүрдү,
Баткак болуп тартылды.
-Калган каткан каргышым,
Кара ташка болсун – деп,
Каргышына чыдабай,
Кара таш как жарыла берди эле.
-Каргышымды кайтардым,
Кан султандын баласы,
Кан абаңды ээрчитип,
Кайсыны менен барасың.
Бээжиндеги чочкого,
Кантип бузук саласың.
– Эриксем элик атамын,
Эрикпесем жатамын.
Салкын сырттап жатамын,
Буксам бугу атамын,
Ишимди кудай оңдосо,
Издегеним Коңурбай,
Өлтүрсөм казы боломун,
Өлсөм шейит кечемин.
Кылымга толгон Кытайга,
Жетип бузук саламын.
Жылдырып жылкы тиемин,
Узун желе жыямын,

Кыска желе кыямын.
Санатта жок жылкысын,
Сапырылтып аламын.
Кара калмак тыргооттун,
Катынын жесир кыламын,
Баласын жетим кыламын.
Алданын салган иши экен,
Чоң манжу канча киши экен.
Чочконун күчүн көрөмүн,
Камандай балдар жанымда,
Кан Бакайым астымда.
Кең-Колдон алып күчүмдү,
Кезекти кудай келтирсе,
Кебез өтүк, кендир кур,
Кесиреттүү калчадан,
Эми аламын өчүмдү.
Калмакты кудай кабылтса,
Карп алдыман табылтса
Кабыргасын сөгөмүн.
Канын суудай төгөмүн.
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Алдыман отор кабылса,
Алым жетсе ошону,
Кызыл кыргын саламын,
Кытайдан кунду аламын.
Арстаның туруп айтканда,
Анда Чүрөк кеп айтат:
– Баатырдын уулу Семетей,
Байкап уккун бул сөздү.
Кулагың салып угуп тур,
Бээжинди качан сен көрдүң?
Перинин кызы мен бейбак,
Семетей сенин дартыңдан,
Учуп барып мен көрдүм.
Учмактуу Бээжин кыл Эртиш,
Жакында жетер жер эмес.
Бээжиндеги чоң чочко,
Эрегишер эр эмес,
Жеке, Коңурбай калча бул эмес.
Үйүнөн көрдүм чочкону.
Он миллион колу бар,
Ороккыр деген мыкты бар.
Орто жолду бул алат,
Жүз миллион кол менен,
Эскара, Жолой мыкты бар,
Алооке кандын үч уулу,
Кырк эки илек кол менен,
Кылымдын баарын чогултуп,
Уй түгүндөй көп кытай,
Жака жолду бул алат.
Андан бөлөк жолу жок,
Ат куйругун салбасаң,
Амал менен албасаң.
Күн батыш жакы Тал-Чоку,
Түбүндө чыккан Тал-Мазар.
Күн чыгыш жагы Күрпүлдөк,
Ортосунда кылдырап аккан
кыл Эртиш.
Аркасында сандалып,
Аккан Сары-Суу
Чаптырып койгон жолу бар.
Апкөй тилдүү калчанын,
Амалы бар ошончо.
Суу түбүндө калчанын,
Кечүү деп кечсең ошондон,
Каздырып койгон ору бар.
Алкым жолго сала көр,
Ат куйругун көрсөтүп,
Жылкысын тийип ала көр.
Кырк жылкычы кашында,
Карагулу башында.
Арам кыял калчага,
Алдатып ийбе калчага,
Башын кесип ала көр.
Андан ары барбагын,
Карагулду өлтүрүп,
Кайра тарткын ошо жерден.
Кайыптан бар кароолу,

Канаттуудан тили бар.
Өлчөөсү менен абаке,
Өзүң барып аттыргын.
Ак кулжасын алган соң,
Жез канаттуу куу өрдөк,
Ак шумкарды ала бар.
Ыгы менен береки,
Абакеңе салдыргын.
Куу өрдөктү алдырсаң,
Кудайдын берген жери ошол.
Саакөрдүн баарын кан кылып,
Кең-Колду көздөй жибергин.
Бээжинге аман жеткиниң,
Бейбагың ыйлайт ошондо.
Санаалуу болбой Айчүрөк,
Саламат барып сак келгин,
Сагындырбай бат келгин,
Эриктирбей бат келгин.
Жолуңду кудай жолдосун,
Жолборсуң атаң колдосун,
Жолукса калча оңбосун.
Кыдыр Насыр колдосун,
Кырышса калмак оңбосун.
Алмамбет, Чубак жолдошуң,
Атышса калмак оңбосун.
Колуңду мага бергин – деп,
Кол алышам сага – деп.
Кош падышам аман бол,
Азыр арманым угузуп,
Келбеттүү бейбак жеңеңиз,
Кең-Колду көздөй зымырап.
Бейбакты мындай таштаңыз,
Берендин уулу берки агаң,
Периштелүү кайран эр,
Алтын кемер курчанып,
Кызыл өңү сур чалып,
Жерге-Тал келип конушкан.
Эр Семетей кеп айтат:
– Эки чором бер кел – деп,
Эркелетип сөздү айтат:
– Аттардын баарын жайдактап,
Кермеге баарын байлатып.
Ак үртүгүн жаптырып,
Ардактап баккан бууданы,
Сыр мамыга апкелип.
Буурулду жалгыз байлатып,
Кайдасынды астырып,
Аш тамагын астырып.
Тамактанып болгон соң,
Манастан калган чоң чатыр,
Асабалуу чоң чатыр,
Арстаның жатат ошого.
Башына мамык коюшуп,
-Этият болгун малдарга,
Түгөнгөн балдар сакыт бол.
Түндү бөлүп алгыла,
Күндүз уйку кандыргын.
Акмактарга ишенбе,
Айланайын мурапым,
Абакем Бакай арстаным,
Атыңа өзүң сакыт бол.
Баатырдын уулу кайран эр,
Балдарыңа ишенбей.
Аркалуу күлүк буурулду,
Баса жатат чатырга.
– Ай абаке Бакай карачы,
Келишимдүү келиниң,
Айтымы азыр келдиби.
Кабылан кызыл мунар кырданды.
Этият болгун абаке,
Алда кандай заман – деп.
Асмандан булут сурданды,
Булуттун баары бузулду.
Оо бууданым Бакай карачы,
Тумшуктан туман үзүлбөйт.
Көрчү күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Күндүн куну бузулду.
Күүгүм кире, күн бата,

Элдин асты жуп жата.
Эл орунга олтура,
Асмандан булут сөгүлдү,
Аркырап мөндүр төгүлдү.
Эл уйкуга киргенде,
Ала кайыр бурганак
Калпактай болгон сары кар,
Карыш пенде чыгарбай,
Каршы-терши койгулап,
Кардуу бороон заркырап,
Күлүстөн бала кеп айтат:
– Түн ортосу ооду – деп,
Түндү бөлүп алышкан.
Түгөнгөн чочко тургун – деп.
Эр Канчоро эрмелип,
Төшөктөн турду теңселип.
Чолок чопкут тон менен,
Буттай темир курчанып.
Кызыл өңү сур чалып,
Кылычы кында кыңгырап,
Келишимдүү Канчоро,
Кемер курун курчанып.
Батырону төшүндө,
Алты атары жанында,
Аягы менен тик турду,
Таң тыяктан сөгүлдү,
Жерге жарык төгүлдү.
Баатыры байкап караса,
Матоодон баары быркырап,
Таң ашып калган буудандар,
Айбандын баары чыркырап.
– Ат агыткын – деп айтты,
Теректин баары теңселип,
Кыкылдашып тиштешип,
Окуранып кылчактап,
Ногойдон чыккан он төрт ат,
Орошон күлүк буурул ат,
Чие кылып чалмалап,
Тиштеп чечип алгыдай,
Чылбырдын баарын муздатып.
Чие болуп калыптыр,
Суркоёнду баш кылып,
Шыпыра берди күлүктү.
Ачыгып калган Суркоён,
Аттарды баштап жөнөдү.
Шамал каккан жер болсо,
Чаар жон көздөй союлгур,
Куурайдын башын кайсактап,
Ээликтирип аттарды,
Сымбаттуу күлүк Суркоён,
Ээрчитип алып жөнөдү.
Күн шашке болгондо,
Артынан булут ээрчитип,
Ала кайыр түшүрүп,
Аңдып турган Мурадил,
Аттарды тийип жөнөдү.

## АТТАРДЫН ЖОГОЛУШУ

Арстандын уулу кеп айтат:
– Ат алып келгин – деп айтат.
Кош колоңду тарткын – деп,
Ак өлөктү жапкын – деп,
Ала кийиз, жайнамаз,
Ак чатырды арткын – деп,
Аргамжы менен тарткын – деп,
Ногойдон чыккан сай күлүк,
Жанагы, айбандар кайда кетти? – деп.
Шамал каккан бел издеп,
Сандыргалуу сай күлүк,
Түп боюна түштүбү,
Ары-бери чуркады,
Арстан тууган Күлчоро,
Арам кыял жинди кул,

Абайлабайт Канчоро.
Ары-бери чуркашып,
Ат табалбай суу болуп,
Кабылан тууган Күлчоро,
Канкорго келип кеп айтат:
– Ай абаке Бакай арстаным,
Аттарыңан дайын жок.
Кабылан бала айтканда,
Канкоруң турду сүйлөнүп.
– Ай атаңдын көрү Канчоро,
Буурулду бачым алып кел.
Аккелте мылтык асынып,
Келишимдүү кайран эр,
Кемер курун курчанып.
Кылычын кынга байланып,
Сырнайзаны таянып,
Казандай кара суусар бөрк кийип,
Башына ыргап бек кийип,
Жарактын баары шаркылдап,
Көбүк карды көргөндө,
Көз карыгып кетет деп,
Жакут айнек салынып,
Бууданга минди булкуюп,
Чаар-Жон көздөй салды эле.
– Көөсөр чочко кантет – деп,
Көк ала атты токутуп,
Була курун курчанып,
Абасы Бакай кайран эр,
Көк сүлөөсүн кемчет бөрк,
Көзүнө баса кийди эле.
Көз айнегин салынып,
Көк ат менен сойкутуп,
Кабыландын артынан,
Кан Бакайы жөнөдү.
Камандай болгон күлүстөн,
Капа болуп кайран эр,
Канчорого сүйлөнүп.
– Балакет ичкен чочко – деп,
Жарым түнгө чыдабай,
Атаңдын көрү кысталак,
Айбандар кайда тапкын – деп,
Арам кыял доңуз – деп,
Айбалтаны таянып,
Ар ишти салды Күлчоро.
Ат таппады Семетей,
Күн шашке болгондо,
Абасы Бакай кыйкырат,
Арстандын уулун чакырат.
Баатырдын уулу балактап,
Буурул менен салактап,
-Мурапым Бакай бачым айт!
Буудандардан дайын жок,
Мурадил чочко алган бейм.
Акыл айтса пайда – деп,
Энтелеген кысталак,
Эки чочко кайда? – деп,
Эми арга не болот.
– Кейибегин аттарга,
Келе бери дүрбүнү.
Бой тумар чалыш кабы бар,
Болоттон соккон кабы бар.
Болжолу жок жоо алгыр,
Боосун тартпай мойнунан.
Болукшуган кайран эр,
Кармай калып сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Баатырдын кайран эр,
Бакай канга берди эле.
Кере кулач төш жагы,
Кетмен ооз чоң дүрбү,
Келишимдүү эр Бакай,
Танабын тартып мойнунан,
Кармай калып сабынан,
Жакуттан соккон жоо алгыр,
Алдына жакут чаптырган.
Алыскы жерди тартсын – деп,
Күн жагына апкелип,
Көөхар менен жаптырган.

Көз жеткис жерди тартсын – деп,
Сол танабын имерип,
Сол көзүнө жиберип,
Оң танабын имерип,
Оң көзүнө жиберип,
Кыйшайып карап олтурду,
Кынабына толтурду.
Төрөсү турат жанында,
Бакай төтөнүн жолун болжоду.
Жаркын Бакай караса,
Жабалактап жаңы из,
Жайылып жатып калыптыр.
Бакай байкап караса,
Баткакта жатат балпайып,
Бакай карап турат шалкайып.
– Кабылан балам карачы,
Калмакты кудай урганбы.
Атаңдын көрү жайчы кул,
Ала кайыр түшүрүп,
Атыңды тийип алган бейм.
Ногойдон чыккан он төрт ат,
Опсуз күлүк Суркоён,
Ошонун изи дагы бар.
Берки четте жалгыз из,
Кадимки күлүк Карткүрөң,
Оолак жаткан тетиги,
Алыска жүрсө чаалыкпас,
Айланайын жарыгым,
Айбанбоздун изи бейм.
Баарысын айтып нетейин,
Баатыр болсоң бара кой,
Мурадилге булкунбай,
Чоролорго жулкунбай,
Арстандын уулу бара кой,
Айласы чоң калмактын,
Аттарыңды чочкодон,
Ажыратып ала кой.
Ал эрегишер эр эмес,
Эси чыгар бекен – деп,
Ээликмелүү түрүңдү,
Эр Бакай сынап кеп айтат:
– Эрдиги сенден кем эмес,
Арзан эле атыңды,
Коркуп жатып корголоп.
Калмак бере койчу эр эмес.
– Кокуй күн аба койчу – деп,
Ал атаңдын көрү динсиз кул,
Дини кара пирсиз кул.
Кара көңүл калчанын,
Кароолунан жазганып,
Кан Бакай сени ээрчитип,
Касиеттүү Бээжинге,
Кай бетим менен барамын.
Алданын салган иши экен,
Муңайбагын абаке,
Мурадил кайсы киши экен.
Капа болбо кан Бакай,
Камандай кулду чакырчы,
Байрак булгап бакырчы.
Жаркыраган чунакты,
Энтелеген чунакты,
Экөөнү бирдей чакыр – деп,
Кайкыда жүргөн балдарды,
Кан Бакайы чакырды.
Саймалуу калпак, сары шым,
Санаттуу балдар келгенде,
Кан Бакайдын алдында,
Кабылан баатыр күүлөндү.
Ээликмесин крматып,
Эрээркиме эки кулга сүйлөндү.
– Камандай болгон сен эки ит,
Алмамбет менен Чубактан,
Арстандан калган туяк – деп.
Ардактап бактым экөөңдү,
Ишенгеним сен эки ит,
Жай чилдеге дары – деп,
Кыркпаган серке майын жеп.
Кыйынысынган сен эки ит,

Кыш чилдеге дары – деп,
Кысыректин тайын жеп.
Күздүн күнү болгондо,
Күрсүгөн кымыз ичишип,
Күрсүлдөгөн сен эки ит,
Жел өпкө тынч жатпайсың.
Кан Бакайды ээрчитип,
Карып калган чагында,
Камандай болгон сен эки ит,
Кан Акун кызы Айчүрөк,
Канчыкты быйыл алганы,
Канкорду быйыл койбойсуң.
Келбеттүү Чүрөк алганда,
Келерки күздө барбайсың.
Каз каркылдап өткүсүз,
Атаңдын көрү сен эки ит,
Колдой көрүп жүрчү элем.
Атышып душман кабылса,
Селдей көрүп жүрчү элем.
Адамдын кулу ашкысыз,
Белдей көрүп жүрчү элем.
Оюлуп учсам сен эки ит,
Канат болор дечү элем.
Кара калмак тыргоотко,
Калың кытай чочкого,
Кабылып калсам калмака,
Кыргын салып кытайга,
Кысталак сен эки ит,
Кылыктуу канкор мен шордуу,
Кыргын салып тыргоотко,
Санат болор дечү элем.
Ылдый түшсөм сен эки ит,
Өбөк болот дечү элем.
Өйдө чыксам сен эки ит,
Жөлөк болор дечү элем.
Жалгызды кудай не жасайт,
Аталаш алтоо болгуча,
Арам кыял сен эки ит,
Эмчектеш экөө болгуча,
Энеси башка чочкону,
Эптесе да болбойт бейм.
Жалгызды кудай не жасайт,
Жатыны бөлөк чочкону,
Жамаса да болбойт бейм.
Буудандын оозун сен эки ит,
Бурганы жүргөн экенсиң.
Жең ичинен кеңешип,
Атаңдын көрү сен эки ит,
Зили канкорго,
Мага, кылганы жүргөң экенсиң.
Айылда жатсаң сен эки ит,
Алыстан кунду кууп жүргөндө,
Адамдын тынчын аласың.
Талаага чыксаң сен эки ит,
Ат кайтарып алалбай,
Кара баскан сен эки ит,
Уктап жатып аласың.
Моминтип жүрсөң сен эки ит,
Атамдан калган мурапым,
Касиеттүү Бакайды,
Карып калган чагында,
Балакетке саласың.
Учкаштырсаң батпайсың,
Жөө айдатсам баспайсың,
Же үйүңө тынч жатпайсың.
Түгөнгөн кулдар оңбогун,
Түпкө жеттиң кысталак,
Казатка минчү уландар,
Калмак тийип кетиптир,
Кантип атты аласың.
– Баатырдын уулу күүлөнбө,
Сен кан Бакайдын алдында,
Сен каарданып кулдарга,
Катыныңдай сүйлөнбө.
Мында Талас, Кең-Кол жериң жок.
Окшомдуу ногой элиң жок.
Оолукмаңды карматпа,

Камандай болгон кулдарга,
Сен каптабагын жөнү жок.
Сен кан Бакай калыс болсоңчу,
Же кадиктүү Чүрөк зайбың жок.
Же эби жок сулуу Чачыкей,
Эки зайбың мында жок.
Алданын салган иши экен,
Бурганак шамал жиберген,
Же Мурадил качан киши экен.
Калмакты киши дебегин,
Атаганат калча кул,
Мурадилден муңу ийди,
Сен бу жоругуң койсоңчу.
Кара көңүл калмака,
Калчага кантип барасың.
Берендин уулу султаным,
Берекелүү чоң шаары,
Бээжинге кантип барасың?
Минтип жүрсөң абаке,
Балдарыңды жемелеп,
Мобу турган Бакайды,
Картайып калган кезинде,
Капа кылып саласың.
Камандай болгон кулдарга,
Каптап сүйлөп каласың.
Беш калмактан жазганып,
Мурадилден жазганып,
Кан Бакайдын жанына,
Калмак кулдан сен корксоң,
Каралды болгон абама,
Күйүкпөчү кокуй күн,
Күлчоро кулду коё бер.
Туулмак бар, өлмөк бар,
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрмөк бар.
Ажал жетип күн бүтсө,
Атышып атып чочкодон,
Тагдырым жетсе кудайдын,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Калмактын күчүн көрөйүн,
Эсен жетсем чочкого,
Аттарга алда жеткирсе,
Суркоёндой күлүккө,
Куу тумшук кулду чакырсам,
Бууданымды мингенде,
Алмамбет атам колдосо,
Кубатты берсе кудайым,
Кара көңүл калмака,
Бир сонунду кылайын.
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн.
Кыргын салчу душманга,
Кырк чоро мени колдосо,
Ошо калмак Мурадил,
Колуңан жебе убайым.
Суркоёндой күлүккө,
Чурап минип алайын,
Аттарды жолго салайын.
Ат куйругун көрсөтүп,
Төрөм кетпей карап тур,
Эртеңки күндүз шашке,
Төтөнүн белин эңкейтип,
Эриккенди жазайын.
Атаңдын көрү кытайга,
Этият болгун абаке.
Алаңкирди салайын,
Кылычтын мизин кан кылып,
Кыйла жерди чаң кылып,
Кыргын салып иейин.
Эгем ишти оңдосо,
Эр Алмамбет колдосо,
Эриккеним жазайын,
Эрмек кылып алайын.
Эр бүлөсүн кыйратып,
Эрдемсиген кытайды,
Кабылтса кудай ошону,
Мурадил чочко кезиксе,
Башын кесип келейин.

Аты, тонун абама,
Бакайга соогат берейин,
Моминтип аба келейин.
Жолобо абам жолборсум,
Жолумду кудай жолдосун.
Кагылайын кан аба,
Кана, кайсыны менен барайын.
Айтчы абаке маанисин,
Ээк алдында мына бул,
Буркурап аккан булагың,
Эмне деген суу болот.
Кыялап чыккан жолу бар,
Капчыгай ылдый күркүрөп,
Аркырап аккан чоң булак,
Эстетчи Бакай абаке,
Бул эмне деген суу болот.
– Кайнаган кара булагым,
Кагылайын чунагым,
Капа болбо чырагым.
Бириндеген талы бар,
Периси тирүү жаны бар,
Кош Каркыра ушу сай,
Касиеттүү суу ошол.
– Касиеттүү суу болсо,
Кан Мурадил калмакка,
Кагылайын абаке,
Кайсы жол менен барамын.
– Алкым жолго салгын – деп,
Көрүнүп турган тээтиги,
Кылымдын баарын чогултуп,
Кытайга казат кылганда,
Кылыктуу султан Манастын,
Бакай канды ээрчитип,
Басып жүргөн жол ошол.
Байың кулду бет алып,
Ашып жүргөн бел ошол.
Текестин башын эңкейип,
Улуу кара жол ошол.
Чек арада Мурадил,
Бели катуу эр деген.
Аскери бар ошонун,
Он миллион колу бар,
Камандай болгон калчанын,
Эчен түрдүү жолу бар.
Түн ортосу болгуча,
Аңдып барып тура көр.
Калмактын баары уйку алар,
Күлүстөн, бул сөзүмө кулак сал.
Аттарыңа жете көр,
Дарбазасын кайтарган,
Балбаны бар калмактын.
Көргөнүм жок уккамын,
Бакайдын тилин ала көр.
Жалкыны карыш жойболот,
Кылычты кындан ала көр,
Кырка башын кесе көр.
Кыйратып кыргын сала көр,
Аттарды алда жеткирсе,
Капканын оозун тарта көр.
Карткүрөңдү агытып,
Улуу жолго сала көр.
Ат куйругун көрсөтүп,
Кубат берсе кудайым,
Өкөрчү ылдый кире көр.
Аскери менен Мурадил,
Артыңан түшөр кыжылдап.
Канкор менен Бакайга,
Кабылан жалгыз жеткиче,
Кайрылбагын чочкого.
Качкан киши өңдөнүп,
Улуу жолго сала көр.
Сары-Жаздын алдына,
Артыңан келер «карма» деп,
Камандай болгон жарыгым,
Калмак кирип келгенде,
Айбандын оозун бура көр.
Кыз-күйөө болуп кулунум,
Ошол сары талаада,

Тыргоотко кыргын сала көр.
– Болду абаке бата бер.
– Жолуңду кудай жолдосун.
Жолборстор сени колдосун.
Сага жолукса калмак оңбосун,
Кыдыр Насыр колдосун.
Баргын балам чырагым,
Кырк чилтен сени колдосун.
-Батаны алдым Бакайдан,
Кечирчи суудан чороңду,
Шай колдогон жол экен.
Тиги сарт жолду басып өтөйүн,
Кагылайын абаке,
Каркырадан кечейин.
Төтөнүн жолун эңкейип,
Өзүм жетип барармын.
Кең кечүүнү кечермин,
Алмамбет, Чубак колдосо,
Атаңдын көрү калчага,
Намаз шам менен жетермин.
Айла болсо калмакка,
Суркоёндун үстүнө,
Алда-таала чакырса,
Аттарды жолго салармын.
Ат куйругун көрсөтүп,
Баатыр калмак «бат чык» деп,
Төтөнүн белин эңкейтсем,
Эртеңки күндүз шашкеде,
Абакемди ээрчитип,
Этият болуп тура көр.
Алды каткан чороңду,
Артыман жетип көп тыргоот,
Арага алып кетпесин,
Азапты кулуң көрбөсүн.
Буудандын оозун буралык,
Кумардан чыгып кыралык.
Кудай алсын калчаны,
Арам кыял Канчоро,
Аңдабай жатып албасын.
Жазыгы жок мен шордуу,
Жайдак минип алармын.
Ээр токум артынып,
Эси чыкпай Канчоро,
Эстетип койгун абаке,
Эртерээк жетсин мага – деп.
Коштошомбу сага – деп,
Кош абаке аман бол.
Айбалтаны таянып,
Толорсук, бучкак, чокойду,
Кой кайтарган койчудай,
Камандай чунак арстан кул,
Кайран чоро тартынып.
Канжыга менен бек байлап,
Чолок чопкут тон кийип,
-Бали ыракмат жаш бала,
Кошко таштап жаракты,
Ичи капа, тышы чок,
Айбалта, кылыч, алты атар,
Андан башка жарак жок.
Арстан бала салынып,
Абасы салды жолуна.
Ак таяк кармап колуна,
Арышты салды Күлчоро,
-Колдо, кудай, колдо – деп,
Он үч пирге кол берген,
Арбактуу Манас колдо – деп.
Алмамбет, Чубак, Сыргагың,
Арбагыңда колдо – деп.
Өзөндүү булак суу менен,
Өзү мыкты чунак кул,
Сандыргалуу күлүстөн,
Камандай болгон кайран эр.
Кайраттанып жаш бала,
Калмакты көздөй бет алып,
Төтөнүн белин эңкейип,
– Төрөмдүн айткан сөзү – деп,
Бала бармагын тиштеп баш чайкап,
Бул жорукту көргүчө,

Абамдын бууданын сурап
минбей – деп,
Бир саатта кирип келбей – деп,
Кой абакем Бакай алдында,
Жаштык кылган өңдөнүп,
Арстандын атын кантип минейин.
Бул атаңдын көрү калмактын,
Кай жагы менен келерин,
Картайган Бакай, Семетей,
Кайдан билсин чочкону.
Балага берсе бууданын,
Бастырып салат абакем.
Камындырбай бу калмак,
Шаштырып салат абакем.
Абасы Бакай кутулар,
Кара көңүл калмакка,
Алдында буудан жок болсо,
Акмак кулу мен минсем,
Айласы кетер абамдын .
Кагылайын султаным,
Калмакты кудай урбайбы.
Касиеттүү абакем,
Каякка качып кутулат.
Ат сурабай жөө башым,
Күн болсо бир жарым жыл жөө
басып,
Убара тартам азыраак.
Ушул ишим жакшы – деп,
Кайраттанып Күлчоро,
Капа болор абам – деп,
Ат сурабай арстандан,
Эрдигин кара чунактын,
Эр Күлчоро жөө баскан.
Каркыра өтүп, суу кечип,
Кайраттанып Күлчоро,
Бали ыракмат күлүстөн,
Текестин суусун жөө кечип,
Намаздигер, намаз шам,
Эс алып алам эми – деп,
Ат уурдаган жайчы кул,
Атаңдын көрү калмак – деп,
Кайраттанып кабылан,
Чалапты чайкап ичти эле.
Эс аламын эми – деп,
Калың тыргоот көп кытай,
Кара калмак сени – деп.
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрбөсөм.
Ажалым жетип күн бүтсө,
Калмак кул сенден өлбөсөм.
Күлчоро туруп күүлөнүп,
Эс алып алам эми – деп,
Атаңдын көрү ит тыргоот,
Мурадил калмак сени – деп.
Күүгүм кирсин, күн батсын,
Кара калмак жуп жатсын.
Азырак уйку алайын,
Али түндө барайын.
Аттарга кудай кабылтса,
Дарбазасын кыйратып,
Улуу жолго аттарды,
Өтөнүн-Белин бет алып,
Айдап жолго салайын.
Кайрылып барып калмака,
Акыры кабар кылайын.
Арстан туулган жаш бала,
Моминтип акыл ойлонуп,
Токойго кирип уйку алып,
Чыканактап калды эле,
Чырм этип уйку алды эле.
Бир оокумда күлүстөн,
Улутунуп үшкүрүп,
Уйкулуу көзүн ушалап,
– Падышам абам барындай,
Өз үйүмдө жаткандай,
Манастын уулу Семетей,
Жанымда карап тургандай.
Касиеттүү кан Бакай,

Кашымда карап тургандай.
Канчоро менен Тазбаймат,
Ат жетелеп даярдап,
Башымда карап тургандай.
Калмакты көздөй бет алып,
Камсанабай мен шордуу,
Кантип уйку алдым – деп,
Баатырдын уулун сүйлөнтүп,
Баякыдай күүлөнтүп.
Кытайды көздөй бет алып,
Кысталак чочко не болду,
Аттардын кеткен артынан,
Акмак чоро не болду.
Кан Бакайдын алдында,
Канкордун уулу сүйлөнүп,
– Кара көзүм кашайып,
Мени капилет баскан турбайбы.
Күлүстөн туруп байкаса,
Бой чыйрыгып калыптыр,
Ай шашке болуптур.
Арынкул көздөй бет алып,
Бала басты байпактап.
-Бали ыракмат күлүстөн,
Сербеңдеп чуркап арыштап,
Түн ортосу убакта,
Камандай болгон калмака,
Сепилге келди Күлчоро.
Кызыл кыштан салдырган,
Ортосу таштан чоң сепил,
Бийиги кырк кез мелтиреп.
Ичи капа, тышы чок,
Тээп түшөр эби жок.
Күлүстөн турду эндиреп,
Каалгага басып келди эле.
Кабылан тууган балбан кул,
Жоболоңдуу кысталак,
Жолборстон артык күчү бар,
Колу баатыр чоронун,
Колунун күчүн карачы.
Казандай болгон зор кулпу,
Кош колдоп кармай калды эле.
– Кубат бергин кудай – деп,
Кырк чилтенге жалынып,
Солк эттирбей капканы,
Тээп туруп кебелтпей,
Шоона өскөн немедей,
Билектей чынжыр темирди,
Жулуп алды сепилди,
Капканы тартып алды эле,
Көгөндөгү козудай.
Арстан бала байкаса,
Абасы Бакай айткандай,
Кырк балбан жатат ошондо
Кырк чоюн баш жанында.
Акырын басып жаш бала,
Аттап өтүп калмактан,
– Бала Алмамбет колдо – деп,
Кылычын сууруп кынынан,
Камындырбай калмакты,
Кырка башын алды эле.
Көзкаман деген бир балбан,
Тура калды ар жактан.
Отуз тогуз балбанды,
Ошо чунак ойрондоп,
Чокмор менен качырып,
Чорону көздөй бет алып,
Чоюн баш менен саларда,
Чокморун жулуп алды эле,
Сууруп чапты калмакты.
– Сен кимсиң? – деп айтып,
Эс алдырып чочкону,
Эр Күлчоро кеп сурайт,
– Мурадил кайда? – деп сурайт.
Мусулманча ал калмак,
– Өзүңдүн жайың ким? – деди.
Телегейиң тең эмес,
Акыры жөнүң бат айткын.
Алмамбеттен кем эмес,

Бачым айткын сөзүңдү.
Он миллион аскер бар,
Ички капка сарайда.
Калмака кабар угулса,
Кабыргаңды сөгөт – деп,
Каныңды суудай төгөт – деп.
Менин жайым сурасаң,
Кара калмак тыргоотко,
Олжолоп кеткен Коңурбай,
Ошондо олжого түшүп кетиптир,
Эң улуубуз Жойтаман,
Ортончусу Зортаман,
Көзкаман деген мен болом.
Ал сөздү калмак айткан соң,
Арстан бала сөз айтат.
– Амансыңбы абаке,
Кан султан Манас агаңдын,
Батадан бүткөн баласы,
Адамдан башка түрк тууган,
Канкоруңдун тукуму.
Талас, Кең-Кол жеринен,
Окшомдуу ногой элинен,
Ойрон иниң келе жатат.
Атамдын кунун алам – деп,
Абасы Бакай башында,
Эр Канчоро кашында,
Агарып келген тыргооттун,
Калмакка кызмат кылыпсың,
Кантип чыдап жүрөсүң.
Мен Алмамбеттин баласы,
Эр Күлчоро мен болом.
– Эсенсиңби баатыр – деп,
Ободо жылдыз боз болуп,
Күлчоро менен кайран эр,
Эр Көзкаман дос болуп.
Абамдан калган айнегим,
Эр Семетей барбы? – деп,
Ар акылга даанышман,
Абакем Бакай барбы? – деп.
Касиеттүү жеңеңиз,
Каныкей аман барбы? – деп.
Санаттуу ногой көп журтуң,
Баары текши барбы? – деп.
Эр Күлчоро сен болсоң,
Эмгектүү агаң менмин – деп.
Аттарды тандап мингин – деп,
– Айланайын аба – деп,
Акырын барып мингин – деп.
Арбактап чуркап калды эле,
Камандай болгон чорону,
Буудандары көргөндө.
Айбандын баары чуркурап.
Суркоёнду көргөндө,
Күлүгүн көрүп Күлчоро,
Күйүнүп кетти ошондо.
Ак жүгөндү катты эле,
Бурма жаак кош тизгин,
Буруп колго бек кармап,
– Кубат бергин кудай – деп,
Аркаңда жалгыз балаңды,
Алмамбет ата колдо – деп.
Аттардын баарын агытып,
Көзкаманга айдатып.
Эми айдап жүрө бергин – деп,
Алдыңан чыгат Бакай – деп.
Аттарды уурдап алгансып,
Улуу жолго салгансып,
Коркок чоро өңдөнүп,
Мындай ишти кылганча,
Аруукедей энемден,
Туйгунум Алмамбет атамдан,
Тумшугу жок шордуу жан,
Туулбай туна чөгөйүн.
Жаман чоро өңдөнүп,
Бакай менен баатырдын,
Жалганда тирүү жүргүчө,
Экөөнөн жүрүп көргүчө,
Туулбай жерге кирейин.

## КҮЛЧОРО АТТАРДЫ ТААП, КАЛМАКТАР МЕНЕН СОГУШКАНЫ

Калмакты көздөй кабылан,
Кайра тартты Күлчоро.
-Айбанды тийген шатектеп,
Бурганак шамал жүргүзгөн,
Мурадил жайчы кайдасың?
Эр Күлчоро мен келдим,
Эр болсоң калмак бери чык,
Ууру калмак бери чык.
Аскериңди жыйгын – деп,
Атышам калмак бачым чык.
Балбан чоро мен келдим,
Бачым калмак эрте чык.
Акмак калча сени издеп,
Каң дедире капканы,
Айбалта менен бир салып,
– Калмак кул –деп кыйкырып.
Кытайдын баарын чакырып,
Күлчоро чыкты бакырып,
Булар кайдан келди – деп.
Мурадилдеп кыйкырып.
Чоң манжу – деп чакырып.
Мында-мында-мында – деп,
Мындырлап түштү атынан.
Жабу-жабу-жабу – деп,
Жабулап түштү артынан.
Кара мылтык ийнинде,
Күпсөрлөрү артында,
Күлдүрөтө курчанып,
Бат атары боорунда.
Барданке жок аларда,
Милтелүү мылтык асынып,
Жамгырдай кылып жаадырып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Мурадилдеп бакырып,
Келишимдүү Мурадил,
Кечилдерин чакырып.
Кумурскадай жайнаган,
Канжарлары жылдыздай,
Каралыгы кундуздай.
Калдактап келет кыйкырып,
Темингиси телпилдеп,
Сокбилектей чачтары
Сокудай болгон башында,
Абдары бар астында,
Желкесинде селкилдеп
Мөшкөлөгөн көк өтүк,
Тегерек чоюн үзөңгү,
Телпектетип алышып.
Камандай кулдун артынан,
Калмактар келет жарышып,
Эки буту салактап.
Төтөнүн белин эңкейип,
Үч чакырым алыстан,
Калмака караан көрсөтүп,
Жети жандуу көлөкө,
Жебедей болгон Суркоён,
Жеткизбейт кары жылкыга.
Эр Күлчоро жаш бала:
– Ат куйругун салайын.
Атаңдын көрү калмака,
Сары-Жаздын талаада,
Санатта жок кылайын .
Ошо жерде кыргын салайын.
Көрсөтөйүн калмакка,
Семетей,Бакай жеткиче,
Эптеп кыргын салайын.
Эрдемсиген чочконун,
Эрдигин бүгүн көрөйүн.

Мекеде султан Айкожо,
Арбагында колдо – деп.
Кайып уулу кырк чилтен,
Кабыландар колдо – деп,
Абасы Бакай жеткиче,
Чочколорго кызыкты,
Күлүстөн салат бузукту.
Сары-Жаздын алдында,
Бура тартты Күлчоро,
Жер кашатты бет алып,
Абдан өтсүн калмактар,
Абакем Бакай, Семетей,
Дүрбүсү бар колунда,
Манастын уулу Семетей,
Баатыр абам көрөр – деп,
Абакемди ээрчитип,
Алдынан каршы чыксын – деп,
Канчоросу астында,
Эр неме бузук салсын – деп.
Аңгемени салсын – деп,
Карыган Бакай абакем,
Кумардан чыгып алсын – деп.
Тамам аскер өткөн соң,
Аскердин баары ошобу
Он миллион кол өтсө,
Алымсынбайт Күлчоро.
Акмак өтүп болдубу.
Эми артынан түшүп көрөйүн.
Экөө көттөн бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Алмамбет, Чубак, Сыргак – деп,
Камандай болгон кайран эр,
Жайдак жүрөт канетсин.
Кара калмак тыргоотко,
Каптап кирди Күлчоро.
Алты аралап киргенде,
Алты жүзүн майдалап.
Айбалта менен сулатып,
Ат үстүнөн култып.
Кыжылдаган тыргоотко,
Кысылбай кирди Күлчоро.
Мунарык кетип чаң болуп,
Кара калмак тыргоотко,
Кыргын салып алышып,
Чаар-Жонго Семетей,
Салып чыгып келди эле.
– Абаке Бакай аттан – деп,
Ай Канчоро, Тазбаймат,
Сен даяр болуп турчу – деп.
Сары-Жаздын алдынан,
Бурулуп чаңы көрүндү.
Же күн чыгыш жактан жел согот,
Куюн келип калганбы.
Былмакайды эңкейсең,
Алдыңан каршы чыгайын.
Кара олпок кийген бир калмак,
Айдап алган турбайбы.
Арт жагынан Күлчоро,
Бузукту салып кытайга,
Кыргын салып тыргоотко,
Кызыкты салган турбайбы.
Баракелде чунагым,
Баатырсынган калчага,
Бузукту салган турбайбы.
Канча кытай болду экен,
Кудай мындай берерби.
Кулжа тамга киререби,
Теңирим мындай берерби.
Деги абаке байкачы,
Чаңга аралаш көрүнбөйт,
Караса көзгө илинбейт.
Кагылайын айнегим,
Кара калмак тыргоот бейм,
Камгак учкан немедей,
Кайсы экени билинбейт.
Карылык кылып салдымбы,
Келе бери дүрбүнү,
Абдан байкап көрөйүн.

Болукшуган кайран эр,
Боосун тартпай мойнунан,
Абасы Бакай сураса,
Кармай калып сабынан.
Баатырдын уулу Семетей,
Адамзат өңдөнөт.
Абаке Бакай бачым сал,
Кармата берди канкоруң.
Бакай салып турду эле.
Асылың Бакай абасы,
Кылкылдатып турду эле.
Кытайдын баарын көрдү эле.
Аскери арбын чочкону,
Абасы Бакай көргөн соң,
Алты жүз аты бош келет.
Аскердин жарымын өлтүрүп,
Чуркурап калмак көп келет.
Нечен түрдүү сурданат.
Жоо жакындап келгенде,
Чууга кулак салышса,
Чуулгандуу чунагың,
Койчагыр мылтык үндөнүп.
Эстеп турса Семетей,
Эр Күлчоро өңдөнүп,
Аябай салып бузукту,
Кара калмак тыргоотко,
Кагылайын чунагым,
Салган белем бузукту,
Көрсөткөн белем кызыкты.
– Жүрү абаке бачым – деп,
Бакай байкап турду эле:
– Катыгүн канкор бат чапкын,
Кара калмак көп тыргоот,
Арстан тууган баланы,
Арага алып кетпегин.
Камандай болгон чунактан,
Кабыландан айрылып,
Каралдым ушул – деп айтып.
Карып калган Бакайды,
Кашайтып кудай урбасын .
Колдо, Манас, колдо – деп,
Дүрбүңдү капка салгын – деп.
Дүрбөлөңдүү түгөнгүр,
Тиги Каркыра бойлоп салгын – деп.
Жакадагы чоң жолду,
Алдын тосуп калгын – деп.
Ат айдаган алдыңкы,
Аттарды аман алган бейм.
Жаркыраган жарыгым,
Айдап жолго салган бейм,
Аябай каруу кылган бейм.
Кудай мындай бербес – деп,
Алкым жолго салайын,
Кан Бакайлап качырып,
Капталынан чыгайын.
Ат айдаган тетиги,
Илгерки, баатыр Манас падышам,
Жети кан элди чогултуп,
Кылымга толгон кытайга,
Жетип бузук салганда.
Уй түгүндөй тыргоотко,
Кытайга кыргын салганда,
Кырк амбал канын алганда.
Кырк кызын тартуу бергенде,
Кан Эсенкан келгенде.
Кабылан атаң Манастын,
Султандыгын карагын.
Кырк аргымак мингизип,
Жаң-жуңдун кызы Бирмыскал,
Эсенкан кызы Бурулча,
Алмамбет менен Чубакка,
Мусулман болгон эки кыз,
Келмеге тили так келген.
Айкожолоп чакырып,
Арстанга нике кыйдырып,
Касиеттүү кан султан,
Атаңдын арстандыгын карачы,
Кырк аргымак мингизип,

Кырк амбалы чогулуп,
Кырк кароолчу кайтарып,
Кызыл нарга жүк жүктөтүп,
Жолуна салды аларды.
Кан Эсенкан ошондо,
Беренин султан атаңа,
Бек ыраазы болгондо,
Бээжиндин элин билгенде,
Чет Бээжинди суратып,
Кан Эсенкан чакырып,
Акими кылып койгондо,
Асыл атаң падыша,
Он дарбаза ачканда,
Ойгонбогон калчаны,
Нойгутка малың чачкын – деп,
Кытайды аким сурайм – деп.
Кылымдын баарын кайтарып,
Бээжинди такыр алам – деп,
Кырк миллион кол менен,
Беренин таң калган – деп.
Бузук салып калмака,
Аягында зор атаң,
Алдатып ийип калмака,
Алооке кандын үч уулун,
Кытайдан алган зайбынан,
Борончу менен Бозкелте,
Калмактан алган зайбынан,
Кебез өтүк, кендир кур,
Кечилдин каны Коңурбай,
Коңурбайдын балдары,
Эң улуусу Керкөкүл,
Ортончусу Мискөкүл,
Эң кичүүсү Черкиндик,
Байрак булгап бакырып,
Кара жолду алдырып.
Ордон чыгып чоң чочко,
Күлүс кандан айрылып,
Атаң султанга салган бузукту,
Кырк чорону кырдырып,
Кылымдын баарын алдырып.
Кабылан султан атакең,
Кара көңүл Коңурбай,
Кара жолго кырдырып.
Огунун күчүн карачы,
Асман менен зыркырап,
Учуп жүрүп Каражой,
Кырк бөрүнү сулатып,
Аккула колун сый атып,
Кабылан Манас кан султан,
Аккуланы окко учуруп,
Алмакеңди шейит кечирип,
Каражойду жай кылып,
Кылымга толгон кытайды,
Кыргын салып өз атаң,
Айбалта тийип башына,
Кан Бакайды ээрчитип,
Алпаймат менен Көккоён,
Эки жеңи артында.
Кан Бакай менен кан Кошой,
Кабылан Кошой кашында,
Кең-Колго келген болучу.
Ошондо кичи катын балдары,
Арам кыял чочко кул,
Чоюн бутка чокунуп,
Ошондо, олжого түшүп кетти эле.
Эр Көзкаман өңдөнөт,
Өлтүрбөгүн ошону.
Капталдай салды эр Бакай,
Караан келет калмактан.
Карап турса кан Бакай,
Кайда экени билинбейт.
Ортодон үнү бек чыгат,
Оңдо аба калмакты.
Ойронум аба – деп чыгат.
Буудандын оозун буралык,
Кумардан чыгып тыргоотту,
Бирин койбой кыралык,
Олжо кылып алалык.

Айлансам болот арбакка,
Агылсам болот кудайга,
Кан Алмамбет колдоп тур,
Кабылан чунак тирүү бейм.
Баатыр Бакай бакырып,
Капталынан кан Бакай,
Төтө жолго салыптыр,
Төрөңдөн мурун барыптыр.
– Баатырдын уулу кайда? – деп,
Бакай тийди качырып.
Кара олпок кийип Мурадил,
Качырып тийди эр Бакай.
– Кан Манас – деп кыйкырып,
Ураан тартып Манастап,
Айбалта башы сороктоп,
Найзанын башы короктоп.
Кылычтын мизи жылтылдап,
Кыргын салды Семетей.
Буудандын оозун бурушуп,
Эс алышып алмакка,
Кыргын салып калмака.
Эртесинде турушуп,
Баабединди чалышып,
– Канкордун уулу келди – деп,
Бир жагынан Канчоро,
Кара аргымак бууданды,
Жетелеп алып кан Бакай,
Мурадилди жай кылып,
Атын коштоп кан Бакай,
– Абаңдан соогат алгын – деп,
Ата, арманда чунак калды – деп,
Камандай болгон чунактар,
Балалык менен айтасың.
Бакайдын күчүн көрчү – деп,
Абаңан өзүң алгын – деп.
Күлчорону чечинтип,
Садаганы чалдырып,
Тула боюн караса,
Туйгундан калган Семетей,
Казандын кара көзүндөй.
Кантип жаны калды – деп,
Каныкей кылган олпокту,
Бараңдын огу батпаган,
Замбирек огу жадаган.
Найза сайса өтпөгөн,
Калың жака кынама,
Балдардын зоотун сураба,
Баары ошондой бурама.
Бакай кан келип балага,
Садаганы чаптырып,
Каргыттагы испиртти,
Ар уруу дары алдырып,
Кайнатма кара дарыны,
Кырма кызыл дарыны,
Ажалга себеп болучу,
Ак дарыны чалдырып,
Башынан ылдый куйду эле.
Алда таала билбесе,
Ашкере көргөн пенде жок,
Көрүп турган киши жок.
Көзү ошондо ачылды,
Ооруган жери басылды.
Кайраттанып Күлчоро,
Ичинен берчү дарыны,
Испиртке кошуп берди эле.
Ичи ошондо ачылды.
Олпоктун баарын күбүдү,
Белдемчи деген себилди,
Кең кадамал темирди,
Белинен чечип күбүдү.
Колтука койгон темирди,
Кош кабырга себилди,
Төшүнөн чечип күбүдү.
Туулга деген себилди,
Абасы Бакай, Семетей,
Башынан алып күбүдү.
Эсептесе Канчоро,
Эки жүздөй ок түштү.

Кайраттанып Күлчоро,
– Камынгын Бакай, Семетей,
Абаке Бакай, Семетей,
Калганын такыр кыралы.
Абаке Бакай, Семетей,
Акыреттик дос болгун.
Көрсөтчү менин көзүмө,
Ат айдатып ийгемин,
Көзкаман кайда, барбы? – деп,
Канкордун уулу болоктоп,
Кара калмак чочко – деп.
-Баатыр бала кейибе,
Башын алып салгамын,
Кабыргасын сөккөмүн.
Кабылан Манас атама,
Аркасы тийбей Бакайга,
Кабырга кирген чочкону,
Динин бузган бул динсиз,
Кошо жүрбөйт сага – деп.
Кошомат кылбайт мага – деп,
Калмак кулга кайгырба,
Кабалы кылба мага – деп,
Каршылык кылат сага – деп,
Жан калкалап кысталак,
Жаштыгың менен билбейсиң,
Жайына койсоң чочкону,
Калмак менен баш болуп,
Жаман чиркин экенсиң.
Бир күнү буурул минбейби,
Бээжинге жакын барганда,
Бээжинге кабар бербейби,
Бирге бузук салбайбы.
Канды суудай төкпөйбү,
Калмака кабар бербейби,
Жакшылык кылбайт бизге – деп,
Жайына койсок чочкону,
Жамандык кылат Бакайга.
Калмакты канкор өлтүрдү,
Капа болбо күлүстөн.
Баабединди чалышып,
Жасайылын салынып,
Жаратканга жалынып,
Тамактанып алышып,
Жарактын баарын салынып,
Жоо жабдыгын мол алып,
Калган калмак тыргоотту,
Кара элечек кылалы,
Калганын такыр кыралы.
Чек арада чочкону,
Такыр тыйпыл кылалык,
Кумардан чыгып келели.
– Барса балдар баралы,
Бакай кан баштап жүрдү эле.
Кыргын болуп көп колдон,
Алты миңдей ат болду.
Тазбайматка айдатып,
Улуу жолго салдырып.
– Кең-Колго аман жеткир – деп,
Абасы Бакай арстаны,
Узатып чыгып айдатып.
– Кош, Тазбаймат балам – деп,
Касиеттүү Бээжинге,
Канкордун уулу жалгызды,
Калп айтпайм аман апкелем.
Каныкейге кайта бар,
Кайгы тартып калбасын,
Айчүрөккө салам айт.
Абасы Бакай кашында,
Күлчоро менен Канчоро,
Аман-эсен жанында.
Жер чалуучу калмактын,
Мурадилин алды – деп,
Кысталак тыргоотко,
Кыргынды салды арстандар.
Жол чалуучу калчанын,
Атаңдын көрү Мурадил,
Аскер менен олпок – деп,
Айдап жолго салдык – деп,

Намызды минтип алдык – деп.
Ар жагында калмактын,
Абийирин колго басабыз.
Алтымыш ашуу ашабыз,
Калмактын кароолуна барарбыз.
Алда таала кудурет,
Аман-эсен жеткирсе,
Ак кулжасын алдырып,
Жез кайыптуу өрдөгүн,
Ак шумкарга илдирип,
Алтындан кылган боолугун,
Балтырына түрөрмүн.
Аманат кылып кудайга,
Аман-эсен жеткирсе,
Ак шумкарды коё берермин.
Акылга мол келиним,
Акундун кызы Айчүрөк,
Абасы Бакай кургурга,
Бек ыраазы болор – деп.
Кылдырай аккан кыл Эртиш,
Кара суунун боюнда,
Калмактын жылкысына тиербиз.
Кудай берсе чочкону,
Жылкычысын өлтүрүп,
Өзөндүү булак суу менен,
Өзүм көргөн жол менен,
Кубатты берсе кудайым,
Ат куйругун сылармын,
Ал атаңдын көрү калмакка,
Кыл Эртишти кечирип,
Кыска желе жыярмын,
Узун желе кыярмын.
Түрмөгү менен алармын,
Ат куйругу салармын.
Артыңдан келсе Байкоңур,
Амал менен алармын.
Абасы Бакай турганда,
Касиеттүү Кең-Колго,
Ала шалбырт жаз менен,
Көктөм менен көрсөтүп,
Эл жайлоого чыгарда,
Аман-эсен жалгызды,
Эки чоро ээрчитип,
Элине аман барармын,
Кош, Тазбаймат аман бол.
Кең-Колду көздөй жөнөтүп,
Кайра салды кан Бакай.
Канкордун уулу барсыңбы?
-Бармын Бакай абаке,
Камандай балдар камын – деп.
Кара көңүл Мурадил,
Калган колу кайда? – деп.
Бээжинге кирип кетпесин,
Берениm Бакай жүргүн – деп.
Он төрт атты айдашып,
Кара пилди чөгөрүп,
Шири кап менен жык бирди,
Ок дарыны жүктөтүп,
Жарактын баарын арттырып,
Балдар менен жарышып,
Баатыр Бакай баш болуп,
– Какбаш Бакай келет – деп,
Чочконун баары чогулуп,
Чоюн бутка чокунуп,
Аскердин баары кылкылдап,
Алдынан чыгат көп кытай,
Каршы чыкты калмактар,
Кыдыр Насыр колдогон,
Кырк чилтени артында,
Кысталактын уулуна,
Кытай кантип кол салат.
Мылтык үнү тоо жарып,
Темингиси телпилдеп,
Тебетейи шалпылдап,
Сок билектей кара чач,
Соорусунда калкылдап,
Чоң өтүк менен балпылдап.
Шаркылдагы жаркылдап,

Калмактар келет кыйкырып,
Эсенкандап чакырып,
Байкоңурдап бакырып,
Чоң манжулап чакырып,
Жээк тартып тең келет,
Жерге тартып кең келет.
Жээк тартып былкылдап,
Кытайдын баары кылкылдап.
Жоо бөрүсү көйкашка,
Калмактын сүрүн көргөндө,
Кабылан Бакай астында,
Канкордун уулу Семетей,
Кайран эр карап турабы.
Чымын тийсе зыңк эткен,
Камчы менен урганда,
Замбирек аткан немедей,
Тоо жаңырып заңк эткен.
Оозуна алтын ашаткан,
Көткү кароол болжосоң,
Көнөктөй жакут чөгөргөн,
Сайын салып келтирген.
Ыраакы жоону ылгабайт,
Орустан келип он уста,
Кытайдан келип тогузу,
Бараңдан келип сегизи,
Башкадан келип жети уста,
Ногойдон чыгып алты уста,
Жалпы усталар кеңешип,
Ошончо уста чогулуп,
Бир устадай чыгарган,
Билип атса милтелүү,
Байкап атса барданке,
Абайлап атса алты атар,
Ачууланса замбирек,
Урушары Коңурбай.
Урумду бузат Ак келте,
Кармаса колго билинбейт.
Манастан калган наркескен,
Караса көзгө билинбейт.
Жаркыны карыш жойболот,
Кылычы кында кыңгырап,
Бөлөкбай уста аябай,
Айдарым согуп чыгарган.
Талас менен Кең-Колдон,
Көмүрүнө чыдабай,
Орто токой жоюлган.
Көрүгүнө чыдабай,
Көп өгүздөр союлган.
Сугатына чыдабай,
Баша булак тартылган.
Кармарына чыдабай,
Кол жеңине сыйынган.
Карарына чыдабай,
Көз башына сыйынган.
Мизине албарс сүйкөтүп,
Тийсе болот болсун – деп,
Уй майына сугарган.
Жаагына жакут кырдаган,
Жанагы агаңдын балтасын,
Жамакчылар ырдаган.
Жонуна болот кырдаган,
Жомокчулар ырдаган.
Как ыргайга саптаган,
Пил терисин каптаган.
Алтын менен сырдаткан,
Сыртына урган болоту,
Чокусунда муштумдай,
Чоң Семеңдин колунда,
Чоң айбалта ушундай.
Жаркыны Манас атасы,
-Жаш карагай сомдотсом,
Ат көтөрүп жүрө албас,
Айбанга убал болор – деп,
Как карагай сомдотсом,
Как жарылып кетер – деп,
Алтымыш жыгач эптеген.
Сегиз кырдап чаптырган,
Темир менен чырматкан.

Темирге тийсе тешүүчү,
Сойбой бузар бөрү тил,
Он эки кулач сыр найза,
Оңдой кармап Семетей,
– Баабедин – деп бакырып,
Кабылан балдар, кан Бакай,
Кан Алмамбет колдо – деп.
Асыл Чубак, Сыргагым,
Качырып тийбей калмакка.
Арстандарды көргөндө,
Урушар жоонун көтүбү.
Алпкаракуш зымырык,
Асман менен келатат.
Кара чаар кабылан,
Капталында келатат.
Аттанып чыкса ак жолтой,
Качырганы сан колдой.
Арбагы бар ошончо,
Нечен түрдүү бөлүнөт.
Иши чыккан душманга,
Периштелүү берки үчөө,
Урушкан киши үшкүрөт.
Корккон жоо карап турабы,
Үч миллиондой көрүнөт.
Кан Бакайы баш болуп,
Качырып тийди калмакка.
Күнү-түнү үч күнү,
Алты күнү салышып.
Буудандын оозун бурушуп,
Качпай туруп урушуп.
Алтымыш күнү жол тартып,
Ээлигип келген арстандар,
Урушарга жоо таппай,
Жээлигип келген арстандар,
Кумардан чыгып алышып.
Кара калмак тыргооттун,
Калганын тыгыз алышып.
Кара элечек кылышып,
Санатта жок кырышып.
Кытайдын чегин алдык – деп,
Кыйынсынып калышып.
Андан ары жүрүшүп,
Алтымыш дабан ашышып,
Периштелүү берендер,
Күн чыгыш жагы Күрпүлдөк,
Күн батыш жагы Тал-Мазар,
Такыядай Тал-Чоку,
Баатырдын уулу кеп айтат.
– Абаке Бакай – деп айтат,
Бу кандай чоку кан Бакай,
Адамзаттын баласы,
Ата чыкпагыдай чоку бейм.
Башына чыгып абаке,
Касиеттүү Бээжинди,
Кылымга толгон кытайды,
Ушу жерден көрүп алсам бейм.
Жер аруулап алсам бейм.
Абайлап дүрбү салсам бейм,
Бээжиндин шаарын көрсөм бейм.
Арстандын уулу айтканда,
Анда Бакай кеп айтат:
– Кокуй күн жалгыз койгун – деп,
Куркулдап учкан кара куш,
Сыйкырчы калча дубакөй,
Окуу менен токтоткон,
Муну айтайын билип ал!
Атаңдын көрү калчанын,
Ал чокунун башында,
Токтотуп койгон пери бар.
Пери соксо өлөсүң,
Кең-Колду кантип көрөсүң.
Ал чокуга ким чыккан,
Мурун Үрүстөм дастан шер чыккан.
– Абаке Бакай кулак сал!
Андан башка ким чыккан.
– Өмөр, Темир шер чыккан.
Айланайын айнегим,
Алда таала достусу,

Кылычын жоого кынаган,
Азирет Аалы эр чыккан.
Андан кийин ким чыккан,
Чоң Коңурбай бул чыккан.
Андан кийин ким чыккан?
Капырга казат кылам деп,
Кабылан Манас бул чыккан,
Кан Алмамбет ээрчитип,
Кан Алмамбет окуусу,
Ар кылган иши оң экен,
Коңурбайдан чоң экен.
Бул чокунун башына,
Айла кылар пенде жок,
Сыйкырлуудан сенде жок.
Койгун чунак барбагын,
Картайып калган абаңа,
Кашайтып каран салбагын.
Жүрү, кагылайын жарыгым,
Калмактын кароолун атып алалы,
Кайыптан бар кароолу,
Канаттуудан тили бар,
Тили жетсе динсиз кул,
Тирүү койчу эр эмес,
Эрдиги сенден кем эмес.
– Кагылайын абаке,
Эмесе тилиң алайын.
Жүрү, камынтпай аке баштагын,
Ак-Кыя белес эңкейип,
Ак кулжанын жерине,
Абасы Бакай ээрчитип,
Арстандар келип конгондо,
Эртесинде болгондо.
– Жүргүн,балдар,жүргүн – деп,
Ак кулжа атып алалы,
Арстаным балдар баралы.
Табына келген шумкарды,
Куу өрдөккө салалы.
Кагылайын айнегим,
Темир тумшук өрдөктү,
Амал менен баралы,
Ак шумкарга илдирип,
Санаа тартып Айчүрөк,
Кайгы тартат Каныкей.
Санаасы тынсын ошонун,
Адамдан артык шумкарды,
Соңор жонун кан кылып,
Кең-Колду көздөй жиберип,
Ат куйругун салалык.
Ак кулжам жатат жеринде,
Куу өрдөк жатат көлүндө.
Канкордун уулу келбейт – деп,
Камсанабайт чочко – деп.
Алаткүн чунак ойлоп ал,
Амал менен алалы,
Ат куйругун салалы.
Болбосо, алдыруучу калча эмес.
Сенин атаң падыша,
Атаңдын көрү чочкого,
Аңдабай туруп алдырган.
– Болду, абаке, макул – деп,
Аттанышып алышып,
Агала борчук ак зоого,
Ак кулжанын жерине,
Арстандар кирип келди эле.
-Акыл айтса пайда  – деп,
Арам кыял чочконун,
Ак кулжасы кайда? – деп.
Адис экен эр Бакай,
Башта Манас менен келгенде,
Мурунку кулжа атасын,
Баарысы жарып салганда.
Көк белестен көйнөлжүн,
Бакай кан өзүм алгамын.
Башкы кыя оюрга,
Манас атаң бул алган.
Ортонку кыя кызыл кум,
Баатыр Чубак бул алган.
Аягы ушу кыя жол,

Алмамбет баатыр бул алган.
Кур-Токой деген жер ошол,
Ак ала борчук алдында,
Ак кулжа жалгыз жаткандыр.
Короо ордундай ак өтүк,
Өлчөө менен тосо көр.
Атаңды тартып куу жетим,
Алыс атып салбагын .
Акыры саат кылбагын.
Өлчөлүү жерге шыкаалап,
Өзүң билип ата көр.
Болжолун айтып берди эле,
Ак балтыры булактап,
Арстандын уулу кылактап.
Ак келтени колго алып,
Кудай алсын кулжасын,
Кудурет алда кабылтса,
Коё бербесмин чочкону,
Койчу Бакай аба – деп.
– Текебер айтпа кысталак,
Теңирим өзү колдосун,
Кубатты бергин кудай – деп,
Ушу ала көөдөк акмак – деп,
Алыс атып салат – деп,
Көк ала ат менен сойкутуп,
Көк чыбык мылтык колго алып,
Көт жагынан барды эле.
Көөсөр түгөт жаза атат – деп,
Көрүнбөй Бакай барды эле.
Көк кыяны алды эле,
Көк желетке, көк көйнөк,
Көк чыбык мылтык колго алып,
Маңдайында терекке,
Бакай көк ала атты байлап салды эле.
Бешиктей болгон көк ташты,
Бетине алып турду эле.
Ала көөдөн акмак – деп,
Апкаарыбай атса экен.
Абасы карап турду эле,
Ак кыяда кулжаны,
Алты батман артуудан,
Айтканындай Бакайдын,
Ай мүйүздүү кулжаны,
Кыйладан бери аталбай,
Каңдап калган Ак келте,
Ак ташка арта салды эле.
Баатырдын уулу Семетей,
Ар жагынан бута атым,
Алыс атып салды эле.
Арам өлгөң чоң кулжа,
Орто-Кыя кайырма,
Ошону көздөй бет алды.
Омуроо чыга түшкөндө,
Каран калган кулжанын,
Камандай болгон кулжаны,
Камандай болгон күлүстөн,
Каржилигин сый койду.
– Канкорду кудай урду – деп,
Канчоро баатыр көздө – деп,
Буурул ат менен булактап,
Ак мылтыкты асынып,
Арстандын уулу келди эле.
Кабылан жолборс күлүстөн,
– Кара көзүм кашайды,
Айланайын чунагым,
Жанагы ак кулжа кайда кетти? –деп.
Кулжаң менен жерге кир,
Омуроо чыга бергенде,
Ашыгып кетип мен шордуу,
Омуроого болжодум,
Каран калган кулжанын,
Каржилигин сый койду,
Кайда кетти чочко – деп,
-Катыгүн аба бат жүргүн,
Канчоро көздөй бет алган,
Бастырып келсе баатырлар,
Канчоро турат сурданып,

– Кокуй күн баатыр не болдуң?
– Көмкөрөгө киргенде,
Көчүктөн ары бир койдум,
Көткү санын сый койдум.
Оролой атып салыпсың,
Арам өлгөн союлгур.
Дубакөй калча сыйкырчы,
Окуунун күчүн карачы.
Өкүрөңдөп союлгур,
Көткү санын булгалап,
Алдынкы колун чыргалап,
Көк кыя көздөй бет алды.
– Атамдан калган мурапым,
Абакем Бакай не болду.
– Кокуй күн аба койчу – деп,
Алтымышта чалыңды,
Алат күн аба мактайсың,
Чалыңдан башка таппайсың.
Ак келте үнү чыкканда,
Аюу качты айкырып,
Алды каткан чалыңды,
Аюу чайнап салгандыр.
Жолборс чыкты күркүрөп,
Жоболоңдуу чалыңды,
Жолборс алып салгандыр.
Каманы чыкты күркүрөп,
Картайып калган карыган чал,
Каякка качып кутулат.
Каман чалып салгандыр.
Күн жалган түш болуптур,
Кулжаң куруп калсын – деп,
Чымын менен чиркейге,
Чыдай албай куу чалың,
Курсагы ачып темселеп,
Текей уулап кеткендир.
Абышкаң кимче болуптур.
Атамдан калган мурапым,
Абакем деп мактайсың.
– Көөсөр чалды көтөрүп,
Көп айтпагын абамды,
Көтөрөрсүң чочко сен эки ит.
– Койчу абаке кокуй – деп,
Шылдың кылып алышып,
Белгилүү мерген белестен,
Апкаарып туруп абакем,
Өзүң алыс атып саласың.
Ал чалың кимче болуптур.
– Акмак балдар антпегин,
Ар кимдерден кеп уктум.
Кара көңүл калмактын,
Атам Манас жаш болуп,
Баарысы Алмамбет, Чубак берендер,
Мергенсиген мыктылар.
Берендер жазып салганда,
Бакай атты деп уктум.
Алдабыз ишти оңдосо,
Атакем Манас колдосо,
Абакем жайлап салгандыр,
Көрөсүң аба Бакайды.
Көлөкөлөп жатканда,
Беренинди ээрчитип,
Баатыр белестен чыга түштү эле.
Баатырдын уулу байкаса,
Башын кармап эр Бакай,
Карс этип күлүп кайран эр,
Каткырып ийди Семетей.
– Безилдеген сен эки ит,
Береним аба Бакайды,
Атаңдын көрү чочколор,
Булкунбагын сен эки ит,
Мурапымды карачы,
Ак кулжаны аткан турбайбы.
Кайбаттайсың чалың – деп,
Кан Бакайды көрдүңбү?
Жүр абакеме баралы,
Аттарды тартуу кылалы.
Баатырдын уулу Семетей,
Бастырып келди балактап.

Бакайына жалынып,
– Ак кулжа аткан өзүң – деп,
Абаке Бакай мурапым,
Айнектей болгон көзүңдөн.
Бали ыракмат эрдикке,
Маашыр болдум шердикке.
Канчоро менен Күлчоро,
Алып кел атын абамдын.
Эки бала кеңешип,
Сумсайышып калышып,
Султан боюн теңешип.
Ата жалган дүнүйө,
Абышкача болбодук.
Көк ала атты жетелеп,
Көк жалын баатыр Бакайга,
Чалап чайкап беришип.
Айбандан чурап түшүшүп,
Аттарды байлап салышып,
– Бали ыракмат аба – деп,
Биз сизге балалык кылып бир сөздү.
Кайбат айтып салдык – деп.
Аттарыбыз тартуу – деп,
Баатыр аба Бакай кан,
Баштарыбыз сатуу – деп.
– Айткан ширин сөзүңө,
Айнектей болгон көзүңө.
Атыңды тартпа мага – деп,
Алдыңдагы абакең,
Айлансын балдар сага – деп.
Ыраазы болуп балдарга,
Ырыстуу Бакай абасы,
Бир жагын Күлчоросу төрт муштап,
Бир жагын Канчоросу төрт муштап,
Сегиз муштап кулжаны,
Бутун сандап союшуп,
Аттарга артып алышып,
Абакесин ээрчитип,
Ак чатыр көздөй барышып,
Кемегени казышып,
Он эки карыш дегене,
Мис казанды асышып,
Батса балдар мол салып,
Аябай балдар чоң салып,
Жалынын жаба жактырып,
Алаптан-шалап болмоко,
Абасына көрсөтүп,
Абдан балдар бышырып.
Ак чарага салышып,
Камбыл жолборс Семетей,
Кан Бакайдын алдына,
Алып келип коюшуп,
Абдан этке тоюшуп.
Ак кыянын алдына,
Аттардын баарын алдырып,
Алп уйкуну салышып,
Абдан уйку кандырып.
-Эки бала ат апкел,
Аттардын баарын жыйдырып.
Арстандын уулу Семетей,
Ак чатырын жүктөтүп,
Ак өлөккө[1] жүктөтүп.
Кара пилди чөгөрүп,
Шири кап менен жык бирди,
Ок дарыны жүктөтүп,
Жарактын баарын арттырып,
Ак аркан менен тарттырып,
Баатырдын уулу Семетей,
– Абаке Бакай жол башта,
Сур өрдөк көздөй бет алып,
Атаңдын көрү өрдөккө,
Ак шумкарды мен салам.
Арам кыял калмакка,
Алда таала кудурет,

[1] Ак өлөк – желмаян

Канкордун уулу жалгызды,
Кабылан атам колдосо,
Карагулдай чочкого,
Абаке Бакай жол башта,
Алда таала кабылтса,
Кыл Эртиштин боюнан,
Канкордун уулу жалгызга,
Карагулду кабылтса,
Башын кесип байланып,
Жылкыны тийип алайын,
Кең көчөгө салайын.
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Күрсүлдөгөн калчанын,
Күчүн анын көрөйүн.
Ай абаке жүрү – деп,
Буудан атын алкынтып,
Күн чыгыш жагы ит ичпес,
Күн батыш жагы Иле көл,
Айла менен баралык,
Атаңдын көрү өрдөккө.
Абасы Бакай кеп айтат,
Акшумкарды салалык.
Өрдөктү кудай кабылтса,
Саламат тоюн кылалык.
Акшумкарды агытып,
Кең-Колго эсен баргын – деп,
Кыз-Мазардын боюна,
Улуу талаа чоң жолго,
Ак чатырды тигелик,
Ашыкпай анан баралык.
Карагулдай чочкону,
Аңдып барып калмакты,
Акырын кармап алалык.
Кырк жылкычы жатканда,
Кыйратып кыргын салалык.
Кыйкырып жылкы тиелик,
Улуу жолго салалык.
Туюнуп калса калмакка,
Ашыкпай кыргын салалык.
Кара көңүл ит калча,
Арзан эле алат күн,
Алдырып ийчү чочко эмес,
Эрдемсиген кокуй күн,
Бөөдө өлчү неме эмес.
Күрсүлдөгөн доңуздун,
Күчү башка калмактын,
Кабылан Бакай айтканда,
Эр Күлчоро кеп айтат.
-Абаке Бакай кантесиң,
Адамдын эсин чыгарып,
Алданын салган иши экен,
Калмагың канча киши экен.
Куу өрдөк көздөй баралык,
Акшумкарды салалы.
Эрмек кылып абаке,
Эриккенди жазалык.
Эки бала ошондо,
Эстетти Бакай баатырга,
-Айнегим балдар аттан –деп,
Абасы Бакай ээрчитип,
Ала-Көл көздөй жүрдү эле.
Күн батыш жагы Ала-Көл,
Күн чыгыш жагы Ит ичпес,
Сур өрдөккө барышып,
Үч миң өрдөк ар жактан,
Бер жакка конуп дүркүрөп,
Сапырылып сан өрдөк,
Жез канаттуу куу өрдөк,
Өрчү болгон жекенге,
Көрө коюп канкорду,
Балырга башын салды эле.
Куу жекенди бет алып,
Тула боюн чөгөрүп,
Учпай жатып алды эле.
Бакырыгы баш жарып,
Кыйкырып мылтык атты эле.

Сандап жаткан сан өрдөк,
Сапырылып учту эле.
Күүлдөп жаткан көп өрдөк,
Көңтөрүлүп учту эле.
Күндүн көзүн бербеди,
Көлөкө түшүп калды эле.
Каарына чыдабай,
Ысыгына жаталбай,
Куйругу менен көл сабап,
Канаты менен бек сабап,
– Алаткүн жалгыз салгын – деп,
Кан Бакайы кыйкырды.
Арстандын уулу качырып,
– Колдо, кудай, колдо – деп,
Кожо Кыдыр жолдо – деп,
Кушума кудай кубат бер,
Акшумкарды ыргытты,
Берениң Бакай сураса,
Бербей койгон Семетей.
– Түпкө жетет түгөт – деп,
Өзү балбан кысталак,
Өткөрө шилтеп коёр – деп.
Алыс тийип Акшумкар,
Арманда кушу калар – деп.
Алакөөдөн акмак – деп,
Катуу шилтеп коёр – деп,
Кайгырып Бакай турду эле.
Айтымындай Бакайдын,
Канкордун уулу Семетей,
Катуу шилтеп ийди эле.
Суудан чыккан өрдөктү,
Текөөрү болот шумкары,
Көкүрөк көчүк кыларда,
Оңдонуп ирмеп отурду.
Үйдөй болгон кара таш,
Жер кыртыштап куу өрдөк,
Жерге уруп кетти эле.
Куу өрдөк учуп кымырап,
Жылдызга чыкты зымырап.
– Түгөнгөн канкор оңбо – деп,
Түпкө жеттиң чочко – деп.
Башы-көзүн койгулап,
Бакай каны күүлөнүп,
Семетейге сүйлөнүп,
Эс алдырып шумкарды,
Көк ала атка камчы уруп,
Көт жагынан чу койду.
Көлөкөсүн көрсөтүп,
Абасы Бакай арстан эр,
– Айланайын шумкар – деп,
Айбан да болсо жаныбар,
Акмактан өйдө эсиң бар .
Көт жагынан жиберди.
Асмандап кетти куу өрдөк,
Жер кыртыштап Акшумкар,
Жербеңдеп учуп жөнөдү.
Канатынын күүсүнө,
Аркырап шамал болгондой,
Ала кайыр түшкөндөй.
Каарданып калыптыр,
Кан Коңурдун шумкары,
Катуулап учуп баратат.
Берки чети куу өрдөк,
Бээжинди көздөй бет алып,
Мелтиреп кетип баратат.
Аркан бою Акшумкар,
Зымырылып баратат.
Бээжиндин бери четинде,
Кытайдын кызын чогултуп,
Кырк кечили кашында,
Керебеттин үстүндө,
Буладан кылган чоң мамык,
Муну калча салынып,
Кара олпогун жамынып.
Карагул жаткан далдайып,
Арак ичип мас болуп,
Кыжылдашып алыптыр.
Камсанабай канкордон,

Кара калмак көп кытай,
Ажылдашып алыптыр.
Ондон, бештен чогулуп,
Ошончо калмак бийлешип,
Шуру каптуу комузун,
Дүңкүлдөтүп калышып.
Эр Коңурбай чочконун,
Эриккенин жазмакка,
Кан Коңурбай калмакка,
Карагул жаткан эркелеп.
Анда калча кеп айтат:
– Эртерээк балам Карагул,
Эрте баргын жылкыга.
Кара сууга камалтпа,
Жылкы суу шак чалбасын.
Аскер минчү аттарым,
Айбандын баары чычкактап,
Бурулуп аттар калбасын.
Күздүн күнү болгондо,
Алкым жолго сала көр.
Күрсүгөн чөптү оттосун,
Кара сууга кемел жок,
Кан Коңурбай турганда,
Карагул балам өзүңө,
Каш кайтарар сыны жок.
Учмактуу Бээжин чоң кулжа,
Учуна жете чалдым – деп,
Мында бурут колу жок.
Үрүмчүнү бастым – деп,
Алты шаарды аралап,
Турпандын ичин бастым – деп.
Коңур-Өлөң аштым –деп,
Ысык-Көлдү бастым – деп.
Кызыл-Кыя аштым – деп,
Кыйла жолду чалдым – деп,
Мында бурут кулу жок.
Мындан башка буруттун,
Бастырып келер жолу жок.
Күн чыгыш жагы Күрпүлдөк,
Улуу жолдун боюна,
Күн батышта Тал-Чоку,
Түндүгүндө Тал-Мазар,
Тал-Чокуга чыктым – деп.
Жер арүулап салдым – деп,
Жолдун баарын карадым,
Дүрбү салып алдым – деп.
Буруттун колу бүтүрсүн,
Кыбыраган жан жок – деп.
Кыйналбай балам жата бер,
Алтымыш күнү жол басып,
Ашуу ашып таш басып,
Алгара чарчап калды эле.
Жылкыга ала баргын – деп,
Үч айча бекер оттосун,
Болумдуу күлүк Алгара,
Бооруна казы алсын – деп.
Алты күлүк ат берип,
Ардактап бакчы балам – деп,
Алгараны коштоп жөнөдү.
– Кечке жакын барам – деп,
Кесиреттүү Карагул,
Кыңшылаган кыздарга,
Карагул, кылчайбай жатып алды эле.
Эшигин кайра салдырып,
Калмактын баарын бийлетип,
Кажылдашып сүйлөшүп,
Кечилдин баарын бийлетип,
Тамаша салып жатканда,
Карагул жаткан дардайып,
Эшиктен кирди кымырап,
Түндүктөн чыкты зымырап.
Алты канат куйрук жарк этип,
Карагул байкап калды эле
Асмандан өрдөк жүнү барк  этип,
Карагул турду түйүлүп.
-Кан Коңурбай атка мин,
Кандай шумдук болду – деп.

– Ой эмне болду эсер кул.
– Капырай мен бир шумду
көрдүм – деп,
Асмандан өрдөктүн үнү угулду,
Буудайык келип калдыбы?
Канатынын күүсүнө,
Калмактын баары кыйрады,
Катыгүн калча бат тургун.
Карагул турду кыйкырып,
– Катыгүн калча камын – деп,
Канкордун кушу болбосун,
Капырай канатынын күүсүнөн,
Кыйрады калмак соолуду.
– Кысталак чочконун,
Айтып турган сөзүн көр,
Акмактын айткан кебин көр.
Бурут кайдан келди – деп,
Түш көрө койгон немедей,
Түгөнгөн чочко кулумдун,
Куу өрдөк жатат көлүндө,
Ак кулжа жатат жеринде,
Мурадил жатат жайында.
Кажылдаган калмактын,
Кайдан келди Семетей,
Кой Карагул айтпа – деп,
Кебиңди койчу кедей – деп,
Тал-Чокунун түбүндө,
Келишимдүү чоң өтүк,
Баткакка, балпайта тээп салгамын,
Изимди көрсө бурут – деп,
Жүрөгү чыгып кабынан,
Бөөдө бурут өлөт – деп.
Ал белгимди көргөндө,
Кантип бурут келет – деп.
Бээжинге бурут каттабайт,
Чоң калчаны тарттым – деп,
Жолум үйдөй чок болду.
Ал белгимди көргөндө,
Анда баатыр өлөт – деп,
Кан Коңурбай айтканда,
Карагул туруп сөз баштайт.
– Койгун,калча,койгун – деп,
Куу сакал Бакай болбосун.
Манастын уулу Семетей,
Белге саадак буубасын.
Эки чоро ээрчитип,
Эр Семетей келбесин.
Бөөдө аскер өлбөсүн.
Капа болбо Коңурбай,
Карагулдун алдына,
Кан жөткүрүп келбесин,
Бөөдө кулуң өлбөсүн.
– Камсанаба Карагул,
Буркандын салган иши экен.
Манастын уулу Семетей,
Бурутуң кйсы киши экен.
Канкордун уулу келет – деп,
Камсанаба Карагул.
Бара бер, балам, бара бер,
Жылкыңды жакшы чогултуп,
Кунан чыкма тай союп,
Аңгемеңди сала бер.
Үч айдын жүзү өткөндө,
Алгараны алып келе бер.
Байкоңурбай каныңа,
Балам бачым келе көр.
Канкордуну уулу келбейт – деп,
Камсанаба кулунум.
– Кан Коңурбай коркомун,
Айтты койду дебегин,
Деги, этият болуп жаткын – деп,
Жүрөгүм туруп опколжуп,
Коркомун калча коркомун.
-Коркпо, уулум, корпо – деп,
Козголбоду чоң калча.
Алгараны коштоп Карагул,
Жылкыны көздөй жөнөдү.
Жылкыга келип Карагул,

Жылкычысын чогултуп,
Алып кел кунан чыкма тайыңды,
Бурканга атап чалдым – деп,
Эң кенжеси боз калмак,
Болот салып ошондо,
Тай жетелеп келишип,
Бурканга атап союшуп,
Кужулдашып калышып,
Айрандан тарткан арагын,
Арамдар ичип алышып.
– Кажылдаган калмакты,
Жолум үйгө таштай тур.
Кан Бакайды ээрчиткен,
Канкордун уулу Семетей,
-Кана Бакай аба Манасың,
Кебиңдин айтчы даанасын.
Кулакты тосом сага – деп,
Бачым айтчы мага – деп.
Жылас калча чочконун,
Жылкысы кайда? – деп сурайт.
Баатырдын уулу Семетей,
Эки чоро кашында.
Кылычы белде кыңгырап,
Кыз кылыктуу кайран эр,
Каргадай балдар кашында.
Баатыр тууган падышам,
Бачым Бакай айтчы – деп.
Жылдырып жылкы тиели,
Улуу жолго кирели.
Кара көңүл калмактын,
Жылкысы кайда болуучу
Жылкынын жайын угузчу.
Кабылан Манас колдосо,
Кан Алмамбет, Чубагым,
Асыл мыкты Сыргагым.
Арбагың бизди колдосо,
Жолумду кудай оңдосо,
Канкордун уулу жалгызды,
Кайып уулу кырк чилтен,
Кабыландар колдосо.
Кумардан чыгып келейин,
Ошого барып келейин.
Калмактан чыккан Карагул,
Кулдун күчүн көрөйүн.
Бакай кан бачым бата бер,
Баатырдын уулу келгиче,
Эки балаң кашында,
Эрикпей Бакай жата бер.
Кайсы айла менен барамын,
Кандай арга кыламын.
Кылдырап аккан кыл Эртиш,
Агыны катуу чоң деген,
Далай суудан зор деген.
Мунун кай жеринен кечемин,
Кандай жылкы тиемин.
Арстандын уулу айтканда,
Анда Бакай кеп айтат:
– Алкым жолго түшө көр,
Жылкыны тийип жөнөгөн,
Өзүңдүн жылкың ошо – деп.
Чыйырчыктай Сарала,
Чыбык куйрук Карала,
Баары өңкөй жаныбар.
Башайыдай Сарала,
Көкчө көздүн жылкысы,
Көптүгү менен ит кытай,
Көңтөрө тийген Коңурбай,
Эл жылкысы чочконун,
Кара тору көп жылкы.
Жайнап чыгып келер – деп,
Кара олпок кийген бир калча,
Оору болгон немедей,
Он эки кечил жөлөгөн.
Оолжуган бир чочко,
Сок билектей чачы бар,
Сокудай болгон башы бар.
Кайлап келер артынан,
Кара сур тарткан бир калча,

Кагылайын айнегим,
Тогуз-Торо чоң кечүү,
Так ошондон кече көр.
Жүлү терек түбүнөн,
Өйүзүнө чыккан соң,
Бай терекке бара көр,
Буурулуңду сайгактап,
Ашыкпай уйкуң ала көр.
Эртең менен шашкеде,
Чолок терек башына,
Акырын чыгып бара көр.
Билектери сурмалуу,
Кулактары сыргалуу.
Арстай болгон сур жылкы,
Көкөтөйдүн ашында,
Манас кылган чоңдукту,
Аккула күлүк чыкканда
Калмактан чыккан кан Жолой,
Ачбууданды чапканда.
Коңурбай кылган чоңдукту,
Байгени алып кеткенде,
Кең Текестин боюнан,
Кан Коңурбай дебегин,
Карагул чочко ошол – деп.
Айдатып ийбе чочкого,
Амалкөй тууган ит эле.
Ал күнү тийбе калчага,
Чоң теректин түбүнө,
Ашыкпай түнөп ала көр.
Таң тыяктан сөгүлсүн,
Жерге жарык төгүлсүн.
Таң кылайып келгенде,
Акырын аңдып бара көр.
Камандай болгон калмакты,
Тил айттырбай жайлай көр.
Тилиң уксаң кубантат,
Кырк жылкычы кашында,
Бирин тирүү койбогун.
Карагулду баш кылып,
Кыйратып кыргын сала көр.
Айттым жалгыз маанисин,
Окшомдуу калча даанасын.
Баатырдын уулун кан Бакай,
Маанисин айтып ошондой,
Бастырып жолго саларда,
Камандай болгон кайран эр,
Карап турчу чоробу.
– Баатырдын уулу тура тур,
Кагылайын абаке,
Кулагың салып тура тур.
Алдагы ала көөдөн түгөтүң,
Алдатат чочко калчага,
Карагулдай калмакка.
Ардыкпасаң алдынкы,
Берениңди токтоткун.
Мен барайын ага – деп,
Безилдеп бала кеп айтат.
Бербей койду Семетей,
Намыс кылып кайран эр,
Арстандын уулу болбоду.
-Болбодуң мейлиң бара бер,
Угарбыз кийин сөзүңдү,
Көрөрмүн сенин өзүңдү.
Калмакка өзү кетти – деп,
-Кагылайын күлүстөн,
Капа болбой жата бер.

## СЕМЕТЕЙДИН ЧАЛГЫНГА КЕТИШИ

Баатырдын уулу Семетей,
Балактап жүрө берди эле.
Буурул ат менен булкунта,
Аккелте мылтык асынып,
Сыр найза колдо короктоп,
Айбалта жанда зыңгырап,

Кылычы кында кыңгырап,
Жаңкы немең жүрө берди эле.
Баатырдын уулу кайран эр,
Бакай кан айткан жол менен,
Жоболоңдуу жолборсуң,
Ишиңди кудай оңдосун.
Басыгы сонун Тайбуурул,
Кундуздай жүзү жылтылдап,
Балыктай жүнү бултулдап,
Жоргосу чыгып кылтылдап,
Үстүндөгү кайран эр,
Кетип барат шылкылдап.
Арак ичип мас болуп,
Абдан ичип алгандай.
Өзү уккан жол менен,
Кыл Эртиштин боюна,
Кирип келди кайран эр.
Кара суунун оюна,
– Бакайдын айткан жолу – деп,
Баатырдын уулу Семетей,
Алкымды көздөй салды эле.
Кылдырап аккан кыл Эртиш,
Кыйын кирип калыптыр.
Чалмаланып чаңы ыргып,
Жаман кирип алыптыр.
Жаткан экен күркүрөп,
Кабылан байкап караса,
Ошо сууну кечкенде,
Кара жанга күч келер,
Чоң Үргөнчтөй үч келер.
– Кыдырып кечүү тапсам бейм,
Жарды бойлоп салды эле.
Алкымдагы чоң кечүү,
Арстаның кирип келди эле.
Сууну көрүп сумсайып,
Бууданга камчы урду эле.
-Калмактын суусу кантет – деп,
Кабылан канкор кирди эле.
Буурул менен сүздүрүп,
Бала жолборс Семетей,
Маңдайына чыкты эле.
Думпулдата желдирип,
Чоң теректин түбүнө,
Айбандан чурап түштү эле.
Буурул атты жайдактап,
Терекке байлай салды эле.
Бешмантчан болуп белсенип,
Periштелүү кайран эр,
Башына чыгып барды эле.
Баатыр карап олтурду,
Караса көзгө илинбейт.
Камгак учкан немедей,
Кайсы экени билинбейт.
Болукшуган кайран эр,
Боюндагы дүрбүсүн,
Кармап алып сабынан,
– Калмактын малы кайда – деп,
Танабын тартпай мойнунан,
Тартып алды койнунан.
Кармай калып сабынан,
Сууруп алды кабынан.
Кара суу көздөй бет алып,
Канкор карап олтурду.
Кынабына толтурду,
Кыйшайып карап олтурду.
Бура тартып караса,
Булуңдан чыкты көп жылкы.
Кулун тайы кур экен,
Кулундай болгон сур экен.
– Атакем Манас кабылан,
Алдырып ийген калмакка,
Өзүмдүн жылкым ушу бейм.
Андан мындай караса,
Чыйырчыктай сарала,
Чыпка куйрук карала,
Баары өңчөй жаныбар,
Башайыдай сарала,
Көкчөкөздүн жылкысы,

Муну көрүп кубанып.
Көт жагында киши жок,
– Карагул чочко кайда? – деп,
Алкым жагын караса,
Кара тору көп жылкы,
Жайнап чыгып келди эле.
Бир топ калмак артынан,
Кайлап чыгып келди эле.
Ортосунан болжосо,
Оолжуган бир калмак,
Кара тон кийип булкуюп,
Тору айгыр минип зуңкуюп,
Сокудай болгон башы бар,
Айдары чыгып алдынан,
Сок билектей чачы бар.
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар.
Муруту чөлдүн камыштай,
Мурду тоонун сеңирдей.
Малакайы башында,
Канкор көрүп кубанып:
– Карагул чочко ушу – деп,
Жолум үй көздөй келишип,
Намаз бешим убакта,
Аюу талпак күрсүнү,
Алдына жаба салдырып,
Калмагың карап олтурду.
Дигерге жете былк этпейт,
Кечилдерин чакырды.
– Тээтиги эмне, көзүңөр жетсе көргүлө,
Бээлер кулун салганбы?
Кызылды көрүп кысталак,
Улуу куш келип калганбы?
Же адамзатпы эмне?
Калмакты кудай урду – деп,
Мени көрүп турдубу.
Казандай кара суусар бөрк,
Башынан алып Семетей,
Тегеретип ыргытты.
– Улуу куш экен – деп айтып,
Эми учуп түштү – деп,
Он эки канат жолум үй,
Белиме жел турдубу.
Капшытым белим көп ооруйт,
Кунан чыкма тай союп,
Терисине орогун.
Көтөрүп кирди калмактар.
Калмак үйгө кирген соң,
Бала жолборс Семетей,
Акырын түштү теректен.
Намаздигер шам менен,
Буурул атын токуду.
Алтын кемер курчанып,
Кысталак саа кылбасам – деп,
Кылычын кындан копшутту.
Жарактын баарын салынып,
Айбалтаны байланып,
Доолбасты шайланып,
Аккелте мылтык асынып,
Сырнайза колдо койкоюп,
Буурулга минди зоңкоюп.
Каарданып күүлөнүп,
Канкоруң жүрдү сүйлөнүп.
Аралап келип жылкыны,
Өз жылкысын көргөн соң,
Күйбөгөн жери күл болуп,
Бышпаган жери чок болуп,
Араң турат токтолуп.
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабырлуу жетет карачы,
Карт этип күлөт калмакка,
Касиеттүү эр неме.
-Күүгүм кире күн батсын,
Элдин асты жуп жатсын.
Маңдайкы башат жакшы – деп,
Ошондон аңдып турсамбы.
Капырай калмактар көрүп койбосун,

Жер кашат ылдый желди эле,
Капталына келди эле.
Эл орунга олтура,
Күүгүм кирди күн батты,
Элдин алды жуп жатты.
Буурулдан чурап түштү эле,
Сырнайза жерге урду эле,
Буурулду байлап салды эле,
Аккелтени алды эле.
Кокондун кара тон менен,
Коржоңдоп басты кайран эр.
Айбалтаны таянып,
Анда-мында бир шилтеп,
Аңдып басып келди эле.
Карагул жатат териге,
Онтоосу катуу таш жарып.
Калмактын баарын караса,
Капшытын ачып кабылан,
Шыкаалап турду эрикпей.
Баарысын көрүп алдым – деп,
Баатырдын уулу былк этпей,
Карап туруп кайран эр,
Калмактын баары керилип,
Чоң казанын асышып,
Тайдын этин кайнатып,
Аягында жүз калмак,
Бурулуп тура калды эле.
Калмактын баарын «тур» деди.
– Карагулга кулак сал,
Капырай жаман түш көрдүм.
Ушу түшүм жаман түш,
Баары турду түйүлүп.
– Манастын уулу бул канкор,
Семетей келип жатыптыр.
Баарыбызды кыйратып,
Башыбызды кесип салыптыр.
Карагул аке өзүңдү,
Чалкаңдан басып алыптыр.
Кыйноого салып тепкилеп,
Мурутуң булкуп ыргытып,
Сакалың жулуп ыргытып,
Чач, кирпигиң дагы жок,
Оозуңда тишиң кыйратып.
Кан жөткүртүп өзүңдү,
Азапка салып жатыптыр.
Канкор Кара турганда,
Бир-бирден муштап кетти эле.
– Кан Коңурбай турганда,
Кайдан келип калды – деп,
Сакалымды бул жулса,
Бир болбогон жакшы сакал
чыгар – деп,
Мурутумду бул жулса,
Кайраттуу мурут чыгар – деп,
Тишимдин баарын сындырса,
Болоттой тиш чыгар – деп,
Кырк кечил сени өлтүрсө,
Өмүрүң өзү тургандыр.
Түшүң түлкүнүн богу болсун – деп,
Териден тура калды эле.
Эр Карагул канетсин,
Дал ортого үч тепти,
– Эмнени айтасың?
Оюңдан сөздү чыгарып,
Олуя болуп кеттиңби?
Карагул минтип айтканда,
Таң тыяктан сөгүлдү,
Жерге жарык төгүлдү.
Канкордун уулу дарбактап,
Кирип келди эшиктен,
Канкордун уулу келгенде,
Карагул чычып ийди эле.
-Башка келген заманбы,
Карагул баатыр аманбы!
Канкоруң турат делейип,
Баарынын эси чыкты серейип.
– Өзүңдүн жайың ким болот?
– Менин жайым сурасаң,

Түгөңгөн сайын түтөгөң,
Түптүү Манас тукуму.
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өткүр султан тукуму.
Кыдыр тийген кыйладан,
Бата тийген байыртан.
Шай колдогон жашынан,
Үй айлана бергиче,
Үйдөй кара тал болгон.
Манастын уулу Семетей,
Баатыр бала мен болом.
Кебез өтүк, кендир кур,
Кечилдин байы Коңурбай,
Барбы алтын жанын сулаткан,
Коңурбайың кайда? – деп,
Бачым бергин кабарды.
Кылыч менен кыйратты,
Кыркын бирдей кулатты.
Күндүн мурду чачырап,
Тоо тоонун башынан,
Шашке болуп келгенде,
Эригип келген кайран эр,
Ошого жете ушалап,
Эрмек кылды Семетей.
Чалкасынан басты эле,
Ал жагына койгулап,
Оң жагына койгулап,
Мурутун булкуп ыргытты,
Сакалын жулуп ыргытты.
Оозунда тишин кыйратып,
Чач кирпигин жулгулап,
Жылма жигит кылды эле.
– Камандай калча кайда? – деп,
Кан жөткүрттү калмакты.
Карагул туруп кеп айтат:
– Сен, Семетей чунак сен болсоң,
Карагулдай агаңды,
Чактап урсаң болбойбу
Кечээ Текестин боюнан,
Асыл Манас абакем,
Калчага жылкы тийдирип,
Жылкыда жүргөн жеримде,
Канкорго кабар берет – деп,
Калмак байлап кеткен – деп.
Чоюн бутка чокунтуп,
Сен чочкого кызмат кылгамын.
Калмактан катын алгамын,
Капырга кызмат кылгамын.
Жолоочудан кеп угуп,
Кудайга ыйлап буркурап,
Кан султан Манас падышам,
Айбалта тийип башына,
Казат кылып калчага,
Кылымдын баарын кыдырып,
Кырка чоро жойдуруп,
Мен агарып кеткен тыргооттон,
Алмамбеттин иниси,
Карагул байкуш мен болдум.
Ошондо асыл абам өлдү дейт,
Алп чогулуп көмдү дейт.
Бакдөөлөттүн балдары,
Арамдар малды бөлдү дейт,
Ошондо азапты энең көрдү дейт.
Атаң Манас өлгөндө,
Акылга мол жеңебиз,
Алыскы шаарга жүгүртүп,
Ар акылга даанышман,
Акылман жеңем аманбы!
Кара кыргыз калың журт,
Күмүш ээр сырга каш,
Күрдөөлдүү журтуң аманбы?
Кырчын сөөк кымчат бөрк,
Кыздары сулуу калың журт,
Кылыктуу элиң аманбы?
Сандыргалуу сүйлөгөн,
Бакай канды ээрчитип,
Бээжиндеги чочкону,
Катылбагын калмакка,

Ээрдим ашка жеткенде,
Тумшугу жок Карагул,
Тумшугум ташка тиесиң.
Туйгун Манас абакем,
Жылкысын айдап алалык.
Кыл Эртишти кечирип,
Бакай абакеңе баралык.
Алмамбет менен Чубактан,
Аманат калган балдарды,
Асырап ини кылды – деп,
Ошол эки чоро барбы – деп.
Терип-тербип бу калмак,
Баарысын сурап турганда,
Эмгегин тартып чоңойткон,
Энесин айтып турганда,
Канкордун уулу делейип,
Же ойнубу, чыныбы,
– Амалың менен айтпагын.
– Бакайдан сура маанымды,
Жалган айтсам жарып сал,
Каршылык кылсам сага – деп.
Мекеде султан пир урсун,
Айланайын айнегим,
Ак пайгамбар дин урсун.
Нашаа тарткан бармагы,
Жалган айтсам Манастын,
Азыр урсун арбагы.
– Касиеттүү абакем,
Карагул калмак деп айткан.
– Ал асыл Бакай абакем,
Жаш чагында калмакка,
Чабындыга кеткенин.
Залим калмак мен болсом,
Келмеге тилим келеби.
Мусулманча буруу жок,
Бу тилди сүйлөп турамын.
Кай жеримен калмакмын,
Ата, мени кудай урган турбайбы.
Акылынан адашып,
Бакай алжып калган турбайбы.
Ар кайсыны көп айтып,
Бакайга барып олтурган,
Жалган айтсам жарып сал,
Өтүрүк айтсам өлтүргүн.
Кабыргамды сөгүп сал,
Калмакта жүрүп өлгүчө,
Алда таала агартар,
Айнегим сенден өлөйүн.
– Ата айланайын Карагул,
Баятан айтсаң болбойбу.
Чач кирпигиң калсачы,
Же оозуңда тишиң калсачы.
Сакалың менен мурутуң,
Бир талы калса болбойбу.
– Сакалым кайтып чыгар – деп,
Мурут курусун жарыгым,
Мурутум кайтып өсөр – деп.
Карагул акең жүргөн убайга,
Ушу айнегим сени көргөзгөн,
Айлансам болот кудайга,
Жаным менен сүйүнүп.
– Оозуңду чайка аба – деп,
Эс алдырып Семетей,
Ээрчитип басты Семетей.
Алты бээнин кымызын,
Баса куюп Карагул,
– Калмактын даамы дебегин,
Кагылайын жарыгым,
Келгин жалгыз ичкин – деп,
Боюңду жыйба кокуй – деп,
Таза тамак кымыз – деп,
Кунан чыкма тай союп,
Безгек оорум бар эле,
Өзүм бата кылып сойгомун.
Кудуретке жалынып,
Тайдын этин чыгарып,
Алаптан шалап болду эле,
Бууданды көздөй басты эле.

– Карагул аке атка мин!
Жылкынын баарын жыяйын,
Ээр токумуң кучактап,
Алгара күлүк үстүнө,
– Эптеп жаным калды – деп,
Куран колдоп чыгарса,
Карагул басты дарбактап.
Калмак жүгөн колго алып,
Чымын тийсе зыңк эткен,
Добулбасты чапты эле,
Аккелтени атты эле,
Чуркурап жылкы чогулду,
– Карагул аке бат карма,
Калмактын Алгарасы кайсы? – деп.
Кыйды кара союлгур,
Кырк эки асый ошондо,
Алдында келет болоктоп.
– Алгара күлүк бобу – деп,
Чалма менен ошондо,
Чалма уруп кармап берди эле.
Ээр токум албастан,
Үзөнгүнү алып келип,
Канжыгага бөктөрдү.
Ак нокто менен ак жүгөн,
Арстандын уулу алды эле.
Кара атка салып жүгөндү,
Канкордун уулу түгөнгүр,
Эрдиги бар, эси жок,
Эр Семетей кайран эр,
Эчтеме менен иши жок.
Көп айтпаса билбеген,
Көөдөктү кудай урат бейм.
– Карагул аке катыгүн,
Сен кайсыны минесиң?
Минчү атың бат айт – деп.
– Айланайын айнегим,
Төшөнчү орун саба арткын,
Былк этпеген бышты эле.
Казан аяк жүктөсө,
Жалт этпеген жылкы эле.
Жетим калган тай эле,
Ат кылып минсин деп жүрөм,
Тиги жылкынын арт жагында,
Колго күткөн мал эле.
Жылкыны айдап жолго сал,
Өзүм кармап алайын.
Чоң кечүү көздөй бет алып,
Сырнайза менен койгулап,
Шукшуруп айдап жөнөдү.
Күн чыгыш карап Карагул,
Бээжинди карап чокунду.
Кырк кулач кайың укурук,
Карысына сүйрөтүп,
Алгара менен сойкутуп,
Көк өтүк бутта чойкоюп,
-Буруттан эми өлбөйм – деп,
Семетей көздөй бастырды.
Кылдырап аккан кыл Эртиш,
Кыйын кирген күркүрөп.
Үстүнөн желаргы жүрүп зыркырап,
Жылкы кечпей чуркурап.
Кылчактап кечип турганда,
Айтайын десе тили жок,
Айбанда болсо Тайбуурул,
Кайыптан бүткөн жарыктык,
Канкордон өйдө эси бар.
Кайра качып кылчактап,
Качырып келип Семетей,
Карс дедире бир салды.
Буурул ат чурап киргенде,
Жылкы кирди чуркурап.
Кулунтайдын баарысы,
Сууга кетти дыркырап.
Карынын баары кетти эле,
Кулун, кунан, тай агып,
Картайып калган ат кетти.
Булт этип койгон бышты айгыр,

Баары кетти бул суугa.
Субайдын баары чыкты эле,
– Карагул аке кечкин – деп,
– Айланайын айнегим,
Жылкынын чогуусу менен киргин
– деп,
Алкым көздөй салайын,
Бир жайылган кечүү бар эле,
Мен ошондон кечип чыгайын.
Чар өйдө калмак салды эле,
Канкордун уулу кабылан,
Суунун четине барды эле.
Кыйды кара ат союлгур,
Тартмага бутун салды эле.
Кордойго кирип кеткендей,
Ала салып кетти эле.
Чап куйруктан алды эле,
Кош аяктап канкорду,
Көкүрөк көздөй жиберди.
Семетей куйрук сокту үзүлүп,
Аккелтеси жаркылдап,
Аколпогу калкылдап,
Канкоруң акты чоң суугa.
Кара айгырга жеткирбей,
Жалгыздын уулу чыкканда,
Жар ылдый салды Тайбуурул.
Аркан бою бута атым,
Буудан чурап түштү ак жардан.
Найза бою чоң шарга,
Аты туура турду эле.
Жал куйруктун алдынан,
Жаба куюп шаркырап,
Канкоруң агып келет жаркырап.
Кан ээси келгенде,
Кайыптан бүткөн жарыктык,
Көчүгүн тозо берди эле.
Күчүн кара буурулдун,
Арстандын уулу жалгызды,
Алып чыкты бул суудан.
Ташка чыгып сыгынып,
Буурулга чурап минди эле.
– Ак нокто менен чокойду,
Ардуу болуп калганбы?
Же чоочун киши дедиби,
Же чочкону кудай урдубу.
Алгара чочко не болду?
Касиеттүү кайран эр,
Жаман ат минип калды эле.
Карагул акем не болду?
Канкордун уулу келди – деп,
Ак жардан түшүп караса,
Көчүгү сууда бул жатат.
Башы менен чоюлгур,
Четинде кумду койгулап,
Тартма тарткан турбайбы
Алакөөдөн кайран эр,
Чурап түшүп буурулдан,
Көкүлдөн кармап балбан шер,
Эки колдоп эңкейип,
Ыйык жалдан алды эле.
Кургакты көздөй сүйрөсө,
Олпоктон тиштеп ойронду,
Сууну көздөй бул тартат.
Күч алып тартат күүлөнүп,
Жалкыны карыш жойболот,
Кынынан сууруп алды эле,
Башын кесип салды эле.
– Кандай атты мингизген,
Карагул чочко кайда? – деп,
Канкордун уулу сүйлөнүп,
Чылпылдап канкор суу болуп,
Атайын десе арга жок.
– Жакын келсе калчаны,
Жапшырып салсам – деп,
Бу жагына чыкканда,
Кылт этип койду Карагул.
Жылкыны четтеп култулдап,
Алдынан чыкса Семетей,

Артына чыгып жылкынын,
– Минилбеген Алгара,
Таманы кызып алсын – деп,
Карагул жүрөт култулдап.
Кыябына келе албай,
Кысталакты кантем – деп,
Ок дарынын баарысы,
Калган экен суу болуп.
Канкордун уулу кыйкырып,
Найзага жакын келтирбейт.
Аңдып жүрүп Семетей,
Уйкусу келди үргүлөп.
Жайына коюп калчаны,
– Абама аман жетейин,
Ээрчитип барып чочкону,
Эптеп кармап алайын,
Калмактын, башын кесип алайын.
Таманы кызып Алгара,
Кырк кулач кайың укурук,
– Самаркандан сарт Манас,
Сасып жаткан ит Манас.
Атаңдын куну бар беле.
Атаң кыргыз, энең сарт,
Чыбыраган кулун тай,
Сууга кетти чуркурап.
Субай чыкты дыркырап.
Карагул сөөгү зыркырап,
Качырып кетип канкорду,
Оройго басып калды эле.
Кара баштан кан кетти,
Кырк кулач кайың укурук,
Обого чыкты зыркырап.
Эрдиги менен Семетей,
Кан жайылып куйкадан,
Бээжинди көздөй бет алып,
Качты калмак ошондо.
Атаңдын көрү калчадан,
Артынан түштү Семетей.
Кыл Эртишке келгенде,
Алгарага камчы урду.
Кашатка кирип келгенде,
Куйруктан алды Семетей.
Аттатып өттү Карагул.
Балбан тууган кайран эр,
Алгаранын куйругун,
Куяңдан жулуп алды эле.
Маңдайда туруп Карагул,
-Кандайсың канкор Семетей,
Сен эмес, сенин атаң Манасты,
Үшкүртүп үч алдаган Карагул.
Жылкыны айдап жүрө бер,
Бээжиндеги калчага,
Жетип кабар айтпасам.
Канкор сенин кабыргаңды сөктүрүп,
Каның суудай төктүрүп,
Түбүңө быйыл жетпесем.
Бакайдын башын кеспесем,
Кең-Колдогу ногойду,
Түгөл чаап албасам,
Катынын жесир кылбасам,
Балаңды жетим кылбасам.
Карагул кетти күүлөнүп,
Алдатып ийип калчага,
Алсырады кайран эр.
Башынын каны токтобой,
Кансырады кайран эр.
Ак жоолук менен бек таңып,
Бармагын тиштеп баш чайкап,
– Бул жорук мага чала – деп,
Өзүн-өзү жемелеп,
Бир туруп темирдей болуп карарып,
Бир туруп чоктой болуп кызарып,
Жездей болуп саргарып,
Жылкынын алды Бакайга,
Чуркурап чубап барганда,
-Кудай берип салган бейм.

Балдар атка мингин – деп,
Күрпүлдөктүн оюна,
Тал-Чокунун боюна,
Көкчөкөздүн Көкала,
Жылкыны жайып кан Бакай,
Канчоро менен Күлчоро,
Балдарды Бакай чакырып,
Көкала атты карматып,
Көк чолокту агытып,
Жаратканга жалынып,
Көк чыбык мылтык асынып,
Көк бешманттуу чопкутчан,
Көлбүгүп Бакай минди эле.
Кылыктуу балдар караса,
Кызыл ала кан болуп,
Семетей келет кан болуп.
Бакай байкап караса,
Башын таңып алыптыр.
Камчы сап менен как башты,
Бакай каң дедире бир коюп,
– Канкорду кудай урган бейм,
Апкөй тилдүү Карагул,
Акмак кылып канкорду,
Алдап туруп арам кул,
Айбалта менен салган бейм,
Атасындай болгон бейм.
Карып калган кезимде,
Каныкей менен Бакайды,
Кашайтып кудай урган бейм.
Кабылан жолборс келгенде.
Күлчоро менен Канчоро,
Бастырып келди кашына,
– Эмне болду аба – деп.
– Бакайды бачым чакыр – деп,
Эмнеси курусун,
Эсерлигим бар экен.
Эр болбой жерге кирсемчи,
Түптүү ногой журтумду,
Түгөл айтты бул чочко.
Эмгегим тартып чоңойткон,
Энемди айтты бул чочко.
Кара кыргыз калкымды,
Катын кыздын баарысын,
Катар айтты бул чочко.
Батадан бүткөн жеримдин,
Баарысын айтты бул чочко.
Көп жашаган ногойдун,
Карысын айтты бул чочко.
Карагай найза май кылдым,
Кырк кечилин жай кылдым.
Карагулду кармадым,
Оозунан тишин койбодум.
Сакалы менен мурутун,
Такыр жулуп ыргыттым.
Чач кирпигин койбодум,
Абдан такыр жулдум – деп,
Жалкыны карыш жойболот,
Жаныман суурup аларда:
Кечээ кылыктуу Манас атамдын,
Ак калпактуу дин ислам,
Калктын баарын чогултуп,
Атка минген токтомду,
Алып барып чогултуп,
Бээжинге кыргын салганын,
Кызын тартып алганын,
Кылыктуу Манас атамдын,
Кылганын такыр сайрады.
Алдымда жатып жалынды,
Тулпардан калган туягым,
Абамдан калган чунагым.
Агарып келген тыргооттун,
Алмамбеттин иниси,
Азиз кандын уулубуз.
Акеркечтей энесин,
Бүтүн муну дагы айтты.
Жол маанисин айткыча,
Суу манисин айткыча,
Түгөнгөң Бакай оңбой кал,

Карагулдун маанисин,
Канкордун уулу түгөнгүр,
Абдан айтсаң болбойбу.
Шойкомдуу оозу шок экен,
Жалганда мындай жок экен.
Апкөй тилдүү чочкого,
Абдан айтты эритип.
Алдатып ийип бок жаным,
Балдырап мага эт берип,
Кымызын ичип аябай,
Күрсүгөн кымыз ичем – деп,
Аралаш ичип арагын,
Алдырып ийип мен шордуу,
Жылкыны айдап чубатып,
Кечүүгө шашып келгенде,
Оо, Карагул аба деп айттым,
Кайсы ат баштайт деп айттым.
Мына менин акмактыгым байкачы,
Баштап кечер жылкы жок.
Буурул атты агыт – деп,
Аркалуу буурул киргенде,
Артынан кирер жылкы – деп,
Акмак калча айтканда,
Буурул атты агыттым.
Алгара кайсы деп айттым,
Орок кырдын аты экен,
Кундуздай жүнү жылтылдап,
Сымаптай болуп кылтылдап,
Көрсөттү калмак санатты.
Укуруктап Карагул,
Ойсоктогон кара атты,
Коңурбайдын күлүгү,
Айланайын айнегим,
Алгарасы ошо – деп,
Кыйды кара ат бул чочко
Эми ойлосом Орок кырдын аты экен.
Карагул аке катыгүн,
Сен кайсыны минесиң,
Сабаны жүктөп койгондо,
Калт этпеген жылкы эле.
Казан аяк жүктөсө,
Жалт этпеген жылкы эле.
Энеден жетим калды эле.
Кулун чактан ошону,
Өзүм багып чоңойттым.
Быйыл он төрт асый – деп,
Жылкынын артынан келген тетиги,
Сенделип баскан кара атты,
Колго күткөн мал эле,
Өзүм кармап минем –деп.
Мени кудай урган турбайбы.
Ал Алгара күлүк турбайбы,
Менин азабым бар турбайбы.
Кубулжуган союлгур,
Кубулуп калган турбайбы.
Алгара деп бергени,
Кыйды кара ат турбайбы.
Беш жылдан бери чочкого,
Токунуп минбей ошону,
Азоо болуп калыптыр.
Айбанча эсим жок экен,
Буурул ат кечпей кылчактап,
Качып туруп алды эле.
Кыйла суудан жалтанбай,
Кылчайбай кирип кетчү эле.
Кыл Эртиштен кылчактап,
Качырып барып сооруга,
Камчы менен бир салдым.
Кадымым катып мен шордуу,
Буурул баштап киргенде,
Чуркурап жылкы чубады.
Субайдын баары чыкты – деп,
Кыбыраган кулун тай,
Кары картаң кетти – деп.
Шыкылдап бээлер чыкты – деп,
Карагул аке бат кеч – деп,

Атаңдын көрү анткордун,
Абаке апкөй тилин карачы.
Жылкынын чокусунан калбай куу
Жазыгыраак кечүү бар,
Эптеп кечип келейин.
Жарды бойлоп салды эле,
Акмакты карап турсамчы.
Артынан кирдим жылкынын,
Аттатып өтүп Карагул,
Өйүзүнө чыгыптыр.
Буурулду кармап алам – деп,
Көрүнбөй мага Карагул,
Боолук жасап алыптыр.
Боолукту көрүп буурул ат,
Карматпай качып калыптыр.
Суунун ортосуна келгенде,
Кордойго бутун салды эле.
Кыйды кара ат союлгур,
Оодарылып калды эле.
Оңолуп жүрө берерде,
Туу куйруктан алгамын.
Оңдоно түшүп имерди,
Кош аяктап түйүлүп,
Төшүмдү көздөй жиберди.
Эсим ооп эндиреп,
Агып калдым эңиштеп.
Куйругу келип колума,
Куроойт деп катуу кыйкырдым,
Буурулуму чакырдым.
Жар ылдый салып Тайбуурул,
Ак жардан чурап түштү эле.
Анда-мында бир тийип,
Агып келе жатканда,
Ак жардан түштү айбаным.
Найза бою чоң шарга,
Агып кирип барганда.
Кайыптан тууган бууданым,
Каршы тура калды эле.
Кадымы каткан канкорду,
Буурулум сүйрөп чыкты эле,
Чегинен чалып мингемин.
Кең кечүүгө мен келгем.
Башы менен союлгур,
Суунун четин койгулап,
Көчүгү сууда калыптыр.
Буурулдан чуркап түшкөмүн,
Бууданым турду жанымда.
Көкүлдөн кармап бир колдоп,
Ыйык жалдан алгамын.
Тышын көздөй сүйрөсөм,
Этектен тиштеп союлгур,
Сууну көздөй жылдырат.
Минбесем жок чочко – деп,
Арам кыял чочконун,
Айбаны мынча жоолайт – деп,
Алгараң күлүк экен – деп,
Жалкыны карыш жойболот,
Кынынан сууруп алдым – деп,
Башын кесип салдым – деп,
Суудан сүйрөп салдым – деп.
Оодара салып чочкону,
Ээр токум алдым – деп,
Буурулга арта салдым – деп.
Карагул чочко кайда? – деп,
Башын сууга ыргытып,
Жылкыны арт жагынан
салдым – деп.
Эсебиңди таптырдым,
Башты жара чаптырдым.
Анда да качып кутулду,
Алгара күлүк ошо экен.
Куйругун жулуп калдым – деп,
Бөлөк атты мингизип,
Бек алдаган турбайбы,
Эчтекени элебей,
Мени кудай урган турбайбы.
Эсен кетти Карагул,
Абаке эми айла не болот?

– Карагул эсен кутулса,
Калмакты кудай урду – деп.
Бачым айда жылкыны,
Дарыны салып башына,
Каныкей берген ак дары,
– Бачым ичкин чочко – деп.
Абасы Бакай кайран эр,
Чайына чылап канкордун,
Ичинен өлчөп берди эле.
Эгем таала билбесе,
Ээрчип жүргөн киши жок.
Эс алып баатыр Семетей,
Кудай алсын калчанын,
Күлчоро менен Канчоро,
Бакай кан абам үчөөңөр,
Үч бөлүп айда жылкыны.
Мен уурдап жылкы алгансып,
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн.
Калмакка шылдың болгуча,
Туулбай жерге кирейин.
Камсанаба канкордон,
Калчанын күчүн көрөйүн.
Тилекти кудай берсе – деп,
Тал-Чоку менен абаке,
Тал-Мазардан тосоюн.
Тагдырым жетсе өлөйүн,
Кара көңүл манжунун,
Чочконун күчүн көрөйүн.
Ак-Кыянын белинен,
Ак кулжанын жеринен,
Алты күнү күйүп жат.
Аман бол аба бара бер,
Канкоруң туруп айтканда,
Алмамбеттин баласы,
Эр күлүстөн сөз айтат.
-Кагылайын абаке,
Ушу калчаны бергин – деп айтат.
Кагылайын жарыгым,
Кой күлүстөн – деп айтат.
Буудандын оозун бурбагын,
Манастан туулбай жерге кир.
Коркок канкор экен – деп,
Коңурбай шылдың кылат – деп,
Бизди кудай урат – деп.
Капа болбо күлүстөн,
Кан Бакай менен жүрө бер.
Кайратыма келдим – деп,
Камынармын калчага,
Кош баатырым аман бол.
Суркоён менен сумсайып,
Этият болгун аба – деп,
Камандай болгон калмакты,
Атаңдын көрү чочкого,
Алың жетпей баратса,
Ат куйругун сала көр.
Энөө манжу калчаны,
Арт жагынан салышып,
Камандай кулга кабылткын.
Ажалым жетсе өлөйүн,
Алмамбет атам колдосо,
Алгаранын үстүнөн,
Алачыктай калчаны,
Аңтара салып берейин.

## КОҢУРБАЙ МЕНЕН СЕМЕТЕЙДИН УРУШУ

Канкорго айтып бул сөздү,
Кабылан бала жөнөдү.
Белгилүү калча баатырдын,
Күрпүлдөктүн оюнан,
Тал-Чокунун түбүнөн,
Өлчөмдүү жери ошо – деп.

Канкорду мындай таштаңыз,
Калчадан кабар алыңыз.
Бээжиндин бери четинде,
Кырк жигити кашында,
Кытайдын кызын чогултуп,
Эриккенин жазмакка,
Эр Коңурбай чоң калча,
Он эки буттуу керебет,
Үй көтөртүп бээ союп,
Аралаш ичип аракты,
Ышкындай болгон көй кашка,
Амбалдын уулун чогултуп,
Кырк сулуу кыз кашында.
Отуз келин бери жакта.
Ортосунда Коңурбай,
Алтымыш балбан артында.
Атаңдын көрү калчанын,
Батырдын уулу Семетей,
Кан Бакай алып келет – деп,
Байкабастан бул жактан,
Канкордун уулу келет – деп.
Калмактан сулуу чогултуп,
Камсанабай бул жактан,
Алгаранын дабышы,
Адис экен Коңурбай,
Алыскы жерден угулду.
– Алты айчылык Бээжинден,
Алакөөдөн Карагул,
Үч айдан бери бош өсүп,
Ээлигип калган атымды,
Оозу катуу жылкы эле,
Айласын кулдун кетирип,
Ала качып алганбы.
Алтымыш балбан чакырып,
Он эки кабат була аркан,
Окшомдуу балбан карма – деп,
Алтымыш балбан чогулуп,
Бир учун кармап турду эле.
Алачыктай чоң калча,
Бир учун кармап турду эле.
Келбеттүү калча караса,
Келе жатат Карагул.
Ачууланган күлүгү,
Келишимдүү Алгара,
Келип тийди кермеге.
Ар жагында балбаны,
Чокмордой болуп чогулуп,
Коңурбайдын үстүнө,
Чочконун күчүн карачы,
Чогулуп калды баарысы.
Чоң өтүк менен сурданып,
Жолум үйдөй көк ташты,
Белине салып арканды,
Тээп тура калды эле.
Алгарадай күлүгү,
Каруусу артык жылкы экен,
Чоюп барып токтоду.
Кытайдын баары чогулду,
Аскердин баары жыйылды.
Амбалдын баары келди эле,
Кан Коңурбай баш болуп,
Калкынын баары караса,
Карагулда сакал жок,
Сакалы турсун тиши жок.
Тиши турсун кулунун,
Көкүлү айдар кошо жок.
Алгара атта куйрук жок,
Айткан сөздө буйрук жок.
Кан Коңурбай зор калча,
Карагулдан сөз сурайт.
– Сөзүңдү айтпа мага – деп,
Кебиңди айтпа мага – деп,
Кесиреттүү чочко – деп,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түптүү Манас тукуму,
Өлгөн сайын өөрчүгөн.
Өткүр Манас тукуму,
Билеги тийген илгертен,

Атасы Манас кабылан,
Орто Кең-Кол жайлаган,
Он төрт атын байлаган.
Алыша чыга жоо келсе,
Жарак жабдык шайлаган,
Алдына салып айдаган.
Ачуусуна тийгенде.
Азууга салып чайнаган.
Эки чоро эр неме,
Адамдан башка түрк тууган,
Аягы менен тик тууган.
Ногойду сурап чоң болгон,
Касташкан киши кор болгон.
Канкордун уулу Семетей,
Эки чоро ээрчитип,
Өзү көргөн жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Кучкачтай болгон куу сакал,
Бакай алып келиптир.
Баатырдын уулу келиптир,
Учмактуу Бээжин чоң кулжа,
Учуна жете чалдым – деп,
Учунуп өлгөн калчанын,
Кош-Каркыра короо сай,
Жыргалаң менен түштүм –
деп,
Кызыл-Кыя кызыл жол,
Ысык-Көлдү чалдым – деп,
Канкордун уулу келбейт – деп,
Кагынып өлгөн калчанын,
Калп айтканын карачы,
Карагай найза май кылды,
Кырк жылкычы жай кылды.
Сакалымды алды – деп,
Оозумда тишим калбады.
Алгаранын куйругун,
Аттатып өттүм мен шордуу.
Алып калды Семетей,
Эрегишер эр эмес,
Сенден өлүп калчу неме эмес.
Оң далысы болк этсе,
Оңду чабар неме экен.
Сол далысы солк этсе,
Солду чабар неме экен.
Кыйыгына тийгенде,
Кылымды бузчу шер экен.
Канкордун сүрүн мен көрдүм,
Амал менен мен шордуу,
Кылычын сууруп аларда,
Башымды чаап саларда,
Манастан бери мен козгоп,
Эмгегин тартып чоңойткон,
Энесин айтып мен шордуу,
Баары ногой көп журтун,
Баарысын айтып мен шордуу,
Апкөй тилге мен салып,
Алмамбетти кошо айтып,
Алгара күлүк кайсы – деп,
Канкордун уулу айтканда,
Кыйды кара мингизип,
Кыйнадым суугa канкорду.
Кубула түшүп Алгара,
Артында калды жылкынын.
Араң кармап миндим – деп,
Агыттырдым буурулду.
Жылкы жетер мал эмес,
Кыл Эртиштин суусуна,
Агып өлмөк болгондо,
Айбан аты кетирбей,
Акыры мага жеткирбей,
Арам өлгөн буурул ат,
Алып чыкты Эртиштен.
Аргам кетип мен шордуу,
Кантип качып кетем – деп,
Кан ичменин уулунан.
Амал менен көрүнбөй,
Адырлуу жерге бардым – деп,
Өрүү калган Алгара,

Адырлуу жерге чуркатып,
Таманы кызып алсын – деп,
Ээликтирип алдым – деп.
Ээрчип жүрүп канкорду,
Башын жара чаптым – деп,
Кайра качып калдым – деп,
Тайбуурул күлүк жылкы экен,
Таманынан чыгарбайт,
Аттата качтым мен шордуу.
Алкым жолго салдым – деп,
Баатыр болсоң бат баргын,
Кары картаң кулунтай,
Кыл Эртишке кетти – деп.
-Кудай алсын бурутту,
Сен калчанын эсин чыгарба!
Карагул чочко кантесиң,
Азыр болсо Семетей,
Атасынча бардыр – деп.
Кан атасын өлтүргөн,
Кан Коңурбай мен болсом.
Тирүү туруп жалганда,
Жылкымды кантип берейин.
Кылымга толгон кытайды,
Кыймылдатпай билгиче,
Алооке кандай атамдан,
Туулбай жерге кирейин,
Туубай туна чөгөйүн.
Арт жагынан барармын,
Аман жетсем канкорго,
Майын бузбай жылкымдын,
Ажыратып калармын.
Манасты сойгон мен калча,
Баласы канча киши экен?
Буркан урган Карагул,
Булкунбай жата бергин – деп,
Алгара күлүк кеп айтат.
Кайыптан бүткөн союлгур,
Адамдан бетер сөз айтат.
– Акмак болуп чолоюп,
Эң кенжебиз Тайбуурул.
Акмак блуп барбаймын,
Иниме уят болбоймун.
Алтын куйрук жасат – деп,
Анан кийин барам – деп,
Арданып жатты Алгара.
Кытайдан уста жыйдырып,
Алтындан куйрук жасатып.
Келишимдүү Коңурбай,
Кеп куйругун тактырып.
Бурканына чокунуп,
Алгара атын токунуп.
Алтындан кылган чоң күрмө,
Ай далыда балпылдап,
Асабасы калкылдап,
Кара олпок кийип болпоюп,
Алтын кемер курчанып,
Айдай бети сур чалып,
Атаңдын көрү сур калча,
Очогор кара замбирек,
Асынып алып бадирек
Теминкиси телпилдеп,
Жарактын баары шаркылдап.
Аяктай болгон жакут таш,
Төбөсүндө жаркылдап.
Көз айнеги балкылдап,
Көөсөр калча шалкылдап.
Көөкөр сындуу чоң көбсөр,
Көт жагында шаркылдап.
Сок билектей чоң чачы,
Айдары чыгып алдынан
Аркасында салкылдап.
Кирпиктерин байкасаң,
Бөксөгө чыккан чалкандай,
Сол чыйратып мурутун,
Кулагына алты ороп,
Мурутунун учтары,
Кулагынан артылып,
Үзүлүп түшкөн аркандай.

Мурундары бородой,
Каш кабактын ортосу,
Буудай ачкан ородой.
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар.
Күрсүлдөгөн чоң чочко,
Көөдөн тайып калыптыр.
Айдардын баары ак болуп,
Калган экен токтолуп,
Сексен төрттө жашы бар,
Карыса да калчанын,
Кайсы сынын айтайын.
Балдыр-булдур сөзү бар,
Балбылдаган көзү бар,
Баатыр калмак өзү бар.
Кылычы кында кыңгырап,
Ашыкпастан чоң чочко,
Артынан жүрдү зыңгырап.
Бура тартып булкунтуп,
Алгарасын жулкунтуп,
Артынан жүрдү чоң чочко.
-Качан келет калча – деп,
Канкордун уулу Семетей,
Кумардан чыгып алсам – деп,
Чыканактап койбостон,
Чырм этип уйку албастан,
Даярланып калчага,
Салышарга камданып,
Үшкүрүнүп ийгенде,
Оозунан жалын шаркырап,
Желке чачы суюлуп,
Коңурбай чочко келбейт – деп,
Өңү кетип бузулуп,
Буурул атты жайдактап,
Ак каңкыны жазданып,
Аса байлап терекке,
Ак тердикти алдына,
Жая салып кайран эр,
Жарактын баары жанында,
Аколпогун жамынып,
Кабылан жолборс кайран эр,
Камсанабай арстан шер,
Камсанабай калмактан,
Алыстан келген немеңиз,
Алп уйкуну салды эле.
Күнү-түнү төрт күнү,
Чоң манжу келет алактап.
Тогузунчу күнүндө,
Алачыктай зор калча,
Аттатып өтүп чоң суудан,
Аңдан жүрдү салпылдап.
-Кысталак бурут – деп,
Кыйла жерге кеткен бейм.
Акмак калча келет – деп,
Арам кыял куу сакал,
Ашыктырып канкорду,
Далай жерге кеткен бейм.
Тал-Чокуга жеткиче,
Арт жагынан жетейин.
Алым жетсе Семетей,
Канкордун канын төгөйүн.
Камандай болгон балдарын,
Акырын кармап алайын,
Башын алып салайын.
Бакайды кармап тирүүлөй,
Кыйноого салып коёюн.
Кыйнап жүрүп өлтүрүп,
Кумардан чыгып алайын.
Манасты тартса Семетей,
Жолборстой калча келет – деп,
Жолума тосуп жаткандыр.
Коркок канкор бул болсо,
Атадан кеткен көр болсо,
Жүрөгү тайкы чер болсо,
Айчылык жерге кеткендир,
Же алдымды тосуп жүргөндүр.
Тал-Чокуга чыгайын,
Жердин жүзүн көрөйүн.

Текестен бери чалайын.
Ал арада Мурадил,
Мунун баарын көрөйүн.
Учурашып келейин,
Кудай берсе канкорду,
Буркан колдоп ошону,
Кабылтса бүгүн канкорду,
Билек күчүн сынайын.
Эрмек кылып алайын,
Эриккенди жазайын,
Кумардан чыгып алайын.
Менден мыкты шер болсо,
Амал менен дос болуп,
Алдап жолго салайын.
Жылкынын жарымын берейин,
Кенебей жаткан жеринде,
Аскерди арбын алайын,
Ногойго кыргын салайын.
Кара элечек кылайын,
Өлгөнүнөн калганын,
Айдап келип Бээжинге,
Аскер кылып алайын.
Камсанабай чоң чочко,
Канкордон сезбей келатат.
Ар кайсыны бир айтып,
Кара көңүл кайран эр,
Камсанабай келатат.
Күн чыгыш жагы Күрпүлдөк,
Күүлөнүп аккан чоң суусу,
Чалмаланып чаң ызгып,
Күркүрөп аккан чоң сууга,
Күрсүлдөп калча келди эле.
Аркан бою келгенде,
Аттанып өттү чоң чочко,
Маңдайына чыкты эле.
Тал-Чокунун түбүндө,
Теректе турат байлоолуу,
Бура тартып чоң манжу,
Олоюп карап алды эле.
Камсанабай жатыптыр,
Тал-Мазардын түбүнөн,
Канкордун уулун көрдү эле.
– Акыры бурут сени – деп,
Эр болсо канкор Семетей,
Өлтүрүп кетсин мени – деп,
Боз-Дөңкүлгө келди эле,
Акырын калмак түштү эле,
Алгараны байлай салды эле,
Ийнинен мылтык алды эле.
Кара олпокту чечти эле,
Жарактын баарын алды эле.
Жалкыны карыш ар кескен,
Бешмантчан болуп белсенип,
Чолок кылыч колунда,
Анда-мында бир шилтеп,
Аңдып басып калды эле.
Айбандан сонун Тайбуурул,
Бек кишенеп турду эле.
Айтайын десе тили жок.
Айласы жок Тайбуурул,
Баатыр калмак балага,
Басып келди ошондо.
Баш көтөрбөй баркырап,
Уктап жатат былк этпей,
Кылычты шилтеп моюнга,
Башты көздөй имерип,
Солк этпей жатат кайран эр,
Башын чайкап Коңурбай,
Кармай калды кайран шер,
Сол колу менен оң колун.
– Баракелде эрдике,
Маашар болдум шердике.
Кырк жылкычым өлтүрүп,
Жаш кунан тай, кулуну,
Субайдын баары чыгыптыр,
Баарысы сууга кетиптир.
Алгарамдын куйругун,
Алып калып бул суудан,

Алдап качып Карагул,
Эсен жетип Бээжинге,
Калчага кабар берет – деп,
Атакемди өлтүргөн,
Артынан калча келет – деп,
Камсанабай кайран эр,
Атасы Манас канкордон,
Артылта тууган шер экен.
Мага тең келген неме экен.
Берекелүү Бээжинге,
Кылымга толгон кытайга,
Кыргын салчу неме экен.
Уктаганда өлтүрсөм,
Атагым кантип чыксын – деп,
Уктаган пенде өлүктөй,
Жалпы кытай журтума,
Жаманатты болбоймун.
Алтындан соккон бутумдун,
Не салганын көрөйүн.
Уйкусу кансын ойгонуп,
Ушунун күчүн көрөйүн.
Калмак да болсо кайран эр,
Сабыры бар неме экен.
Өзү санатта жок шер экен.
Камсанабай чоң манжу,
Кайра басты ошо жерден.
Алгараны жайдактап,
Кесе байлап кең таштап,
Калмак ээрин жазданып,
Жарагын коюп жанына,
Жанагыдай болуп чоң калча,
Уйку салды булкуюп,
Арстандар уйку алды бейм,
Кабар тийген немедей,
Канкордун уулу ойгонду.
Калчаны көрүп жумулуп,
Камынып калды Семетей.
Чолок чопкут тон менен,
Кызыл өңү сур чалып,
Кылычын сууруп колго алып,
Калмакты көздөй бет алып,
Баатырдын уулу келатат.
Алгара күлүк оюлгур,
– Адамча сүйлөп ойготсом,
Акыры мени өлтүрөт,
Аргасы жок бул турду.
Басып келди Семетей,
– Адамзат бет алгыс,
Капыр да болсо шер экен,
Касиеттүү неме экен.
Менин атам Манасты,
Өлтүрөрү эп экен.
Капырлыгы болбосо,
Дос болучу неме экен.
Биригип жоону жооласа,
Жарай турган неме экен,
Жазыгы жок шер экен.
Кайран эрди чапсм – деп,
Арманда өлүп калар – деп.
Уктаган пенде өлүктөй,
Балдар шылдың кылбайбы,
Чоролор уят кылбайбы.
Атагым кйдан чыксын – деп,
Абакем кантип уксун – деп.
Кайра басты Семетей,
Басып келип падышаң,
Буурул атын токунуп,
Жарактын баарын салынып,
Жаратканга жалынып,
Жанагы бала Семетей,
Ак келте мылтык асынып,
Кылычты кындан копшутуп,
Айбалтаны даярлап,
– Тургун, калча, тургун – деп,
Манастын уулу кыйкырды,
Коңурбайды чакырды.
Козголду калча ошондо,
Кишисиңби, ит дебей,

Берки турган баатырды,
Тушарына теңебейт.
Камандай болгон кайран эр,
Кан Коңурбай арстан шер,
Канкоруңа кылчайбайт.
Алгара атын токунуп,
Куюшканын кыскартып,
Көмөлддүрүк узартып,
Төш олоңун бекитип,
Басмайылды бек тартып,
Чап олоңун бош тартып,
Кайран калмак чоң манжу,
Очогор мылтык асынып,
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Акыреке салынып.
Айдай бети сур чалып,
Күн чыгыш көздөй бет алып,
Алгара көздөй дарбактап,
Айбанды минди зуңкуюп,
Алтын апкыт чоң өтүк,
Үзөнгүдө чойкоюп,
Семетей көздөй бет алып,
– Бастыр баатыр – деп айтып,
Канкордун уулун чакырып,
Кан Коңурбай падыша.
Бастырып келди Семетей,
Бет алышып берендер,
Капырай камсанабай берендер,
Калмак менен сүйлөшүп,
Келишимдүү берендер,
Кезекти сурап турушуп:
– Атаң Манас канкордун,
Акыры куну бар эле,
Энеңдин өчү жок эле.
Жылкыны тийип алыпсың,
Айдап жолго салыпсың.
Жылкычымды жай кылып,
Карагулдай чоромду,
Көрбөгөндү көрсөтүп,
Кылбаганды кылыпсың.
Сакалы менен мурутун,
Бирин койбой жулупсуң,
Кан жөткүртүп урупсуң.
Алгарадай атымдын,
Куйругун жулуп калыпсың,
Көркүн бузуп салыпсың.
Ошо кезек сеники,
Атаңдын кунун алыпсың.
Эр болсоң бала туруп бер,
Эмки кезек меники.
Кезек менен атышам,
Алдырбаймын сага – деп,
Алың жетпейт мага – деп.
Мени капыр дебегин,
Дос болуңуз мага – деп,
Достошоюн сага – деп,
Бээжинди көздөй барыңыз,
Жылкымдын майын бузбагын,
Убара кылба малымды,
Катуу айдап жылкымды,
Казысын жарбай токтоткун.
Тирүү туруп жалганда,
Миң жылкы турсун кысталак,
Бир тай бербейм сага – деп,
Алың жетпейт мага – деп,
Күрөшсөң күчүң келбейт – деп,
Катылсаң канкор өлөсүң,
Калкыңды кантип көрөсүң,
Эр жалгызы экенсиң.
Эр Бакайың ээрчитип,
Элиңе эсен кете кой.
Баатыр болсоң Семетей,
Келерки күздө кол курап,
Кайрылып мага келе кой.
Кылымга толгон кытайга,
Атышчу болсоң камданып,
Аскериң менен мол келип,
Бурутту калың жыйгын – деп,

Моминтип көркүң менен
келгин – деп.
Калмактан сулуу берейин,
Каалаганың алып кет.
Кан Коңурбай айтканда,
Баатырдын уулу кеп айтат.
– Байкагын чочко – деп айтат,
Дини кара динсиз кул,
Дин билбеген пирсиз кул.
Отуруп жерге сийбеген,
Этеги жерге тийбеген.
Атаңдын көрү чочко кул,
Алың жетсе алып кет,
Эсенканга эсен жет.
Менден күчтүү сенсиңби,
Мени өлтүрчү эрсиңби?
Кезегиңди берейин,
Арам кыял динсизсиң,
Келмеге тилиң келбейт – деп,
Чоюн бутка чокунган,
Чочконун этин жейсиң – деп.
Кыз,катының албаймын,
Кыйынсынып барбаймын.
Катындан бетер качпаймын,
Канакей менин качканым,
Атам Манас канкордун,
Ушу быйыл кунун kууп,
Берекелүү Бээжинге,
Келе тургн эбим бар.
Алым жетсе Бээжинге,
Аланкирди чаламын.
Кылымга толгон тыргоотко,
Кызыңа кыргын саламын .
Кара көңүл чоң чочко,
Катының жесир кыламын.
Телегейиң тең эмес,
Эрдемсинбе ит калча,
Эрдигим сенден кем эмес.
Кезегиң мына ала кой,
Кезегиңди берем – деп.
Белдемчи деген сепилин,
Беш кадамал темирин,
Белинен чечти бошотуп,
Колтука койгон темирин,
Кош кабырга сепилин,
Үпчүлүгү бир тогуз.
Үпчүлүгүн чыгарып,
Арстандын уулу кайран эр,
Айдай болгон зор төштү,
Бала жолборс арстан шер,
Камсанабай кайран эр,
-Аткын калча чочко – деп,
Очогор кара замбирек,
Уучтап дары куйду эле.
Кой башындай коргошун,
Колодон куйган чоң сүмбө,
Колдуратып урду эле.
Кошо куюп жеткирип,
Он эки кулач ак милте,
Отко башын малды эле.
Бек кыстарып машага,
Атчан туруп алышып,
Алгарадай күлүккө,
Арта салып турду эле.
Кароолуна илинтип,
Камандай болгон чоң чочко,
-Эки жолдун орто  – деп,
Как жүрөктүн толто – деп,
Как өпкөнүн тушу – деп,
Канкордун уулу Семетей,
Өлөр жери ушу – деп.
Өзү мерген чоң чочко,
Тартып ийди машаны.
Айбандан сонун Тайбуурул,
Жалт этип үркүп кошкуруп,
Бута атым жерге чурады.
Жазыгы жок жылкы экен,
Жаздырып кетти бууданы.

Жазып калды Коңурбай,
Тоодой чымды томкоруп,
Котодой чымды коңторуп,
Арманда калды чоң чочко.
– Дини кара динсиз кул,
Дин билбеген пирсиз кул.
Убадаңдан тайбагын,
Эмки кезек меники.
Эр болсоң калча туруп бер.
Алачтан түшкөн Аккелте,
Аймандан түшкөн көк кисе.
Ак кутуну алды эле,
Ак дарыны салды эле.
Кой башындай коргошун,
Колдуратып урду эле.
Көк милтени кыстарып,
Көтөрүп канкор турду эле.
-Тургун, калча, тургун – деп,
Эр болсоң калча чечин – деп,
Эр Семетей турду эле.
Эртеден кечке шыкаалап,
Бууданга арта салды эле.
Анда калча кеп айтат:
– Атаңдын көрү бурут – деп,
Кара олпокту чечти эле.
Темирден соккон олпогу,
Көк олпок менен булкуюп,
Темир зоот болот белдемчи,
Белинен чечпей чоң чочко,
Кара болот туулга,
Калмак чечпей төшүнөн,
– Чыдасаң аткын канкор – деп,
Чыдабасаң кайткын – деп,
Бакайга барып айткының,
Атаңдын көрү эссиз кул,
Дин билбеген пирсиз кул,
Туруп берди чоң калча.
Чечип калча зоотуңду,
Окко тосуп берүүчү,
Коңурбайдай баатырды,
Өзүңдөй эсер дейсиңби.
Чыдасаң аткын Семетей,
Жылаңач туруп берүүчү,
Андай акмак калча мен эмес.
Атаңдын көрү канкор – деп,
Кебелбей турду чоң чочко.
Аргасы кетти канкордун,
Атаңдын көрү доңуздун.
Калмакты кайсы жерге атам – деп,
Аргасы кетти канкордун.
Кап, убада урган динсиз – деп,
Улутунуп үшкүрүп,
Калмак туруп күүлөнөт,
– Бачым ат – деп сүйлөнөт.
– Каап, кантип атам Коңурду,
Алгарадай күлүгүн,
Атын атып салсам бейм.
Атын да зоот болот бар,
Ок жаңылбайт ага – деп.
Кантип атам калчаны,
Же найза менен сайышып,
Же бир кумардан чыксам бейм.
Же аябай кирип алышып,
Айбалта менен салышып,
Ата бир кумардан чыксам бейм.
Кылыч менен салышып,
Кыйла жерге чабышып.
Кой ушуну жан жерге,
Байлап алып атайын,
Былк эткис жери ушу – деп,
Мелтиретип берелик.
Калмак ээрдин кашы – деп,
Камандай болгон калмактын,
Өлөр жери ушул – деп,
Табарсыктын тушу – деп,
Бетке алганын келтирбес,
Белгилүү канкор ушу – деп.
Кароолуна илинтип,

Тамам карап турганда,
Тартып ийди Семетей.
Алгара дабыш болгондо,
Буурул ат жата калды эле,
Калмак ээр кашы ыркырап,
Асманга чыкты зыркырап.
Жанагы канкор атканда,
Жа кыйла деп чоң калмак,
Алгара күлүк үстүнөн,
Алачыктай чоң манжу,
Ала салды ошондо.
Жатсын калмак чочко – деп,
Арам өлгөң Алгара,
Бээжинди көздөй сызылды.
Тоодой болгон чоң чочко,
Томолонуп сулады.
Калча кул сени жай кылдым,
Атын кармап алам – деп,
Артынан түшүп жөнөлдү.
Кыл Эртишке жеткенде,
Кайып кууган бууданы,
Камындырбай жетти эле.
Чап куйруктан алды эле,
Келишимдүү кайран шер,
Куйругун жулуп калды эле.
Ат көтөргүс куйругу,
Алтын менен көөхардан,
Ак куржун капка салды эле.
– Кан жөткүртөм калчаны,
Эмгектүү чочко өлгөңдүр,
Кытайдын кызыл дарысын,
Кысталак калча сүйкөнүп,
Калмактын кара дарысын,
Ичинен өлчөп ичиптир,
Эки жолу сыйпанып,
Эс алып калча чоң чочко,
Очогорго от куюп,
Олтуруп алган эс алып,
-Кабар салдым чочко – деп,
Каткын калча доңуз – деп,
Жабыштырдым сени – деп,
Эр болсоң алгын мени – деп,
Буурул ат менен болоктоп,
Сырнайза колдо короктоп,
Жарактын баары шаркылдап,
Жакут айнек калкылдап,
Жанагы, агаң жүрө берди дейм.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ак-Кыянын алдында,
Жаркыны Бакай абасы,
Ак сазга жылкы токтотуп,
Кунан чыкма тай союп,
-Келишимдүү жалгыздын,
Келе турган күнү – деп,
Эчтекени бул канкор,
Дебеген неме эле.
Он эки калча чочкону,
Бир Коңурбай бул эмес,
Он эки Коңурбай кезиксе,
Туйгун тууган жалгызым,
Тушарына чочкону,
Теңебеген неме эле.
Өзү эрдиги бар, эси жок,
Эчтеме менен иши жок.
Көп айтпаса байкабас,
Көөдөк канкор неме эле.
Эрдим ашка жеткенде,
Тумшугум ташка тийдиби.
Туйгунум Манас кан султан,
Туз көмгөндөй болдубу.
Эңкейип калган кезимде,
Энеси эмгек көрдүбү.
Картайып калган кезимде,
Кайгы күндү көрдүмбү.
Кашайтып кудай урдубу,
Колдо,кудай,колдо – деп,
Окшомдуу жалгыз уулуңду
Урутуу Манас колдо – деп.

Кан Алмамбет, Чубагым,
Кара кезек Сыргагым,
Кайып уулу кырк чилтен,
Жаркыным Манас султаным,
Жалгызыңды колдо – деп,
Кубат бергин кудай – деп,
Бакай оозун жыйгыча,
Баатырдын уулу алактап,
Эки буту салактап,
Сырнайза колдо колоктоп,
Асабасы балкылдап,
Ай тийгендей жаркылдап,
Абасы Бакай арстанга,
Айнеги келди калкылдап.
Баатырдын уулу келгенде,
Чоролор чуркап сүйүнүп,
– Тилекти кудай бердиби,
Кабылан аба падышам,
Эсен аман келдиңби?
Эр Семетей арстаным.
– Камандай болгон ит чочко,
Баатырдын уулу бат айт – деп,
Бакай туруп кеп сурайт.
Кагылайын айнегим,
Чоң Коңурбай не болду?
Чочконун жайын койчу – деп,
Эрегишер эр эмес,
Эки чоро кантер – деп,
Эр Семетей кеп айтат.
– Эрдиги бизден кем эмес,
Карагай найза май кылдым,
Кезек менен атышып,
Келди калча үстүмө,
Аңгал аңкоо мен шордуу,
Оюма албай калчаны,
Ногойдо жаткан немедей,
Ойлобой уктап калыпмын.
Кагылайын абаке,
Тушарыма чочкону,
Теңебей уктап калыпмын.
Капыл чыгып үстүмө,
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабыры бар шер экен .
Сабырын кара калчанын,
Кара болот нар кескен,
Кынынан сууруп зыңкыйып,
Атасы Манас баатырдан,
Артылта тууган шер экен.
Кара кыргыз калкынан,
Олуязада шер экен.
Арманда өлүп калар – деп,
Кайрылып барып өзү уктап,
Калмак да болсо чочконун,
Касиетин карачы,
Күнү-түнү үч күнү,
Аябай уктап калыптыр.
Эртесинде ойгонуп,
Буудандарды токунуп,
Жарактын баарын даярдап,
Шашкеде чоң чочко,
Шашпай атын токунуп,
Балгыр беттүү, ак жүздүү,
Бастырып келди өзүмө,
Бакай кулак салгын сөзүмө.
Басташып калмак сүйлөштү,
Калмагынча балдырап.
Мусулманча тил билбейм,
Булкунуп калча кеп айтат.
– Бул сөзүмө кулак сал,
Баракелде шердике,
Мен Эсенкандын иниси,
Азырак мусулманча кеп айтат.
Улуу кандын уулумун,
Сен баатыр Манас баласы.
Мени капыр дебегин,
Ободо жалгыз боз болом,
Кучакташам дос болом.
Калың кара малымды,

Досчулука айдап кет.
Берекелүү Бээжинге,
Жүрү менин тилим алгын – деп,
Ант ичишип уу жалап,
Кураның кармап берейин,
Очогордун огу урсун,
Айтканыма турбасам,
Келме шаарат ак куран,
Ушу калча мени урсун.
Бээжинден жакут берейин,
Алтымыш качыр кырк пилге,
Алтын, күмүш жүктөтүп,
Аябастан берейин.
Жүргүн баатыр – деп айтты,
Анда аба мен айттым.
Дини кара динсиз кул,
Дин билбеген пирсиз кул.
Жүрөгү тайкы итке окшоп,
Коркок канкор өңдөнүп,
Чоң чочко жүзүн көргөндө,
Коркуп кеткен өңдөнүп,
Сени менен дос болбойм.
Айтканына болбодум,
Атамдай кылып ит калча,
Чакырып барып Бээжинге,
Убада урган кытай – деп,
Парасына кубанып,
Кара көңүл чоң калча,
Убадага турбайт – деп,
Капырды кудай урат – деп.
Алдап барып Бээжинге,
Как атамдай кылат – деп,
Азгырма тилин албадым.
Анда калча кеп айтты,
– Кырк жылкычым кырыпсың,
Карагулдай чоромду,
Калкыма жүргүс кылыпсың.
Алгарадай атымды,
Айбанга жүргүс кылыпсың.
Жылкым суугa салыпсың,
Субайдын баары чыгыптыр,
Жыбыраган кунан, тай,
Кары картаң, жаш жылкы,
Баары суугa кетиптир.
Убалы кимге мунун – деп,
Атаңдын куну бүттү – деп.
Ушу кезек сеники,
Эмки кезек меники.
Эр болсоң канкор туруп бер,
Жылкымдын майын бузбагын,
Май жутту кылбай берип кет.
Болбосо тирүү туруп жалганда,
Бир тайды бербейм сага – деп,
Каарданып кеп айтты,
Калмак катуу сөз айтты.
Капа болгон немедей,
Капыр калча кеп айтты.
-Келишимдүү чоң чочко,
Кезегиңди алгын – деп.
Кенебей туруп берди – деп,
Өлөмүн деп мен шордуу,
Элебей туруп бердим – деп.
Очогор менен бир атты,
Айдап салып Тайбуурул,
Аркан бою бута атым,
Жалт этип үркүп кошкуруп,
Жазгырып кетти буурулум.
Жазып калды чоң чочко,
Эр болсоң чочко туруп бер,
Эмки кезек меники.
Арамдык менен ит калча,
Кара олпок чечип чоң манжу,
Болумдуу тону ичинде,
Солк этпей туруп берди эле.
Болот зоотун көргөндө,
Айлам кетти кысылып.
Камандай болгон чочкону,
Кайсы жерге атсам деп,

Тилге келгис жери ушул,
Калмак ээрдин кашы – деп,
Өлуүчү жердин тушу – деп,
Кудай берсе калчаны,
Өлөр жери ушу – деп,
Жаратканга жалынып,
Кытайды кудай бергин – деп,
Кароолуна илинтип,
Тартып ийдим машаны.
Алгара күлүк үстүнөн,
Алачыктай чоң чочко,
Ала салды ошондо.
Алгара качып кутулду,
Атын кармап алам – деп,
Кайыптан бүткөн буурулум,
Кыл Эртишке барганда,
Жебедей болгон Тайбуурул,
Жетип барды чочкого.
Жакут менен алтындан,
Дагы Бакай мына – деп,
Колумда калды жулунуп,
Бээжинди көздөй илинбей,
Алгара кетти билинбей.
Калмактын тонун алам – деп,
Кайрылып келсем чоң чочко,
Ажал дары жанында,
Себеп дары сыйпанып,
Чоң токойду бет алып,
Очогорго от коюп,
Олтуруп алды чоң чочко.
Кантип тирүү калдың – деп,
Жаман жерге аттым – деп,
Жаткын калча доңуз – деп,
Кылчайбай жүрө бердим – деп,
Быйыл калча келбейт – деп,
Кабылдап калча өлөт – деп,
Эр Бакай шондо сүйлөндү.
– Эсиң жок канкор көөдөксүң,
Эс алдырбай чочкону,
Калчаны кармап жай кылбай,
Атын кууп кетесиң.
Аты менен курусун,
Ал калмак андан өлбөйт – деп,
Карагул чочко келет – деп,
Камынт эми чоң доңуз,
Кара калмак тыргооттон,
Аскерин арбын алат – деп,
Ачыгып алып ал доңуз,
Артыңдан калбай келет – деп.
Түндөп-күндөп көчөлүк,
Ысык-Көлгө жетелик.
– Макул Бакай баба – деп,
Балдары калды камынып,
Чыканактап калбастан,
Чырм этип уйку албастан,
Ашуу ашып, таш басып,
Агыны катуу суу кечип,
Ашыгып балдар жөнөдү.
– Ат куйругун салсак бейм,
Артыман келсе кол курап,
Сары-Жаздын талаада,
Сандалып жылкы айдатып,
Чыйрылтып казы байлатып,
Жылдырып жылкы айдатып,
Бой сергитип алалык.
Баатыр Бакай баба –деп,
Ашыкпагын аба – деп,
Алдасына жалынып,
Ай туякты чалышып,
Бой сергитип алмакка,
Ат өргүтүп алмакка,
Алты күнү жатат бейм.
Баатырды андай таштай тур,
Коңурбайдан кабар ал.
Алгара жетти Бээжинге,
Коңурбайдын аскерин,
Баарын жыйып алыптыр.
Карагул сүрүп сөөлөттү,

Тамаша салып жатыптыр.
Алгара барды зыңгырап,
Аңдабай жаткан Карагул:
-Алгара келди ээси жок,
Алтын жакут куйрук жок.
Карагай найза май кылып,
Канкордун уулу түгөнгүр,
Кан калчаны жай кылып.
Күмүштөн куйрук жасатып,
Эр Карагул канетсин,
Кытайдан уста жыйдырып,
Тор айгырды токутуп,
Алгараны жетелеп,
Коңурбайды тапмакка,
Алда кандай болду – деп,
Төрт уруу дары салынып,
Төрөсүн издеп Карагул,
Бээжинден чыкты салактап.
Камандан азык көп алып,
Каргытып испирт куйдуруп,
Карагул чыкты Бээжинден.
Калчаны издеп Карагул,
Күндөп-түндөп жол тартып,
Күн алты күн болгондо,
Кыз-Мазар белин эңкейип,
Кысталак Карагул,
Кыл Эртишке келди эле,
Алкым жолго кирди эле.
Тогуз-Торо чоң кечүү,
Кечип жүргөн кечүү экен,
Өтүп жүргөн жол экен.
Өзү мыкты Карагул,
-Кан Коңурбай кайда? – деп,
Карагул байкап караса,
Чок камыштын бер жагы,
Боз дөңкүлдө булкуюп,
Калча турат зуңкуюп.
Карагул көрө койгон соң,
Бура тартып келди эле.
– Кан Коңурбай барсыңбы?
– Бармын бала келдиңби?
Алгара аман бардыбы?
– Күлүгүң аман келди – деп,
Шайманым келбей калды – деп,
Шашып кетип мен кулуң,
Күмүштөн куйрук жасаттым,
Туйгунум калча падышам,
Түлө боюң аманбы.
-Буркан мени колдоду,
Түлө бою курусун,
Жаман жерде жара бар.
Канкордун уулу түгөнгүр,
Тамам зоотун чечпестен,
Кезек менен атыштым.
Жылкыны тийдиң бул жерден,
Мурунку кезек сеники,
Аят кылам кулум – деп,
Канкордун уулу баатырдын,
Уктаганын айтпагын,
Карагул акмак кылат – деп,
Бер жагынан сөз баштап,
Мейли чором деп баштап,
Бээжинге барып нетейин,
Атаңдын көрү буруттун,
Ар жагына түшөйүн,
Буркандын не салганын көрөйүн,
Ажалым жетсе буруттан.
Сан-Ташка жетип торою н,
Бир айла кылып келейин.
Канкордун уулу түгөттү,
Кабылтса буркан ошону,
Кан жөткүртүп келейин,
Кан Бакайын баш кылып.
Ажалым жетсе өлөйүн,
Байлап алып Бакайын,
Жылкы айдатып келейин.
Же жылкыны такыр берейин,
Каргын дарың барбы – деп,

Кайдасымга чай коюп,
Дасторконун жайды эле.
Мис казанын асты эле,
Камандын этин кайнатып,
Азык кылып бермекке,
Эки көөкөр испиртти,
Акмак калмак берген соң,
Алып калча ичти эле.
Кыя кесип жеди эле,
Жарага дары септи эле,
Ичинен өлчөп ичти эле.
Тал-Чокунун түбүнө,
Алты күнү жатты эле.
Айыгып алып чоң чочко,
Тал-Чокунун башына,
Басып чыгып барды эле.
Жакут менен көөхардан,
Аябай соккон чоң дүрбү,
Жанынан сууруп алды эле.
Жылкысынын артынан,
Абайлап дүрбү салды эле.
Үч-Капканы эңкейип,
Төтөнүн белин ашырып,
Күлчоро менен Канчоро,
Айдап барат жылкыны,
Алдында барат эр Бакай.
Эр Коңурбай караса,
Дүрбүсүн жакын алпарды.
Артында барат Семетей,
Коңурбайдын жылкысы,
Кара тору көп жылкы,
Бээжинди көздөй бет алып,
Кайра качат союлгур.
Карыш жерге узатпайт,
Калмак байкап караса,
Ачкалуу күлүк Тайбуурул,
Таманынан чыгарбайт.
Карсылдатып Семетей,
Кайра тиет шукшуруп.
Күйбөгөн жери күл болду,
Ачуусу келип сурданып,
– Кап, атаңдын көрү бурут – деп,
Ажалым жетсе өлбөсөм,
Манастын уулу Семетей,
Баатырлыгын көрбөсөм.
Кан Коңурбай күүлөнүп,
Каарданып сүйлөндү,
Капа болуп түрлөндү.
-Карагул бала бат камын,
Алгарадай күлүктү,
Бачым току балам – деп,
Атаңдын көрү канкордун,
Кан Коңурбай камынды.
Алтын кемер курчанып,
Ачуусу келип сурданып,
Желке чачы суюлуп,
Өңү кетип бузулуп.
Чоң күпсөрдү жамынып,
Сыр жебени асынып,
Күл кесеси шаркылдап,
Кара чач кетти балкылдап.
Жакут айнек салынып,
Очогор кара замбирек,
Асынып алып зор калча,
Атка минди бул калча.
Кылычы белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап,
Аттанып жүрдү зор калча,
Кара олпок кийип болоктоп.
– Карагул балам кете бер!
Ак куржунга чоң калча,
Азык-түлүк, аракты,
Арта салып чоң манжу,
– Камсанаба Карагул,
Казан-аяк артынып,
Кайта баргын Бээжинге.
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Аскерди камдап турсун де.

Аман-эсен келермин,
Алалбай калсам канкорду,
Кең-Колдо жаткан жеринде,
Келиркиде барайын,
Кебелтпей чаап алайын.
Же бүгүн артынан барып алайын,
Коштошуп алып чоң чочко,
Артынан түштү Коңурбай.
Күндөп-түндөп жол тартты,
Алгарадай күлүктүн,
Жүрүштүгүн карачы.
Арам өлгөн чочконун,
Күлүктүгүн карачы.
Күндөп-түндөп жүрүптүр.
Күн шашке болгондо,
Төтөнүн белин энкейип,
Оолабас көздөй салды эле.
Оолабастын жолуна,
Чыгып келди чоң калча,
Аркы чети Каркыра,
Тыяк чети Кегенди.
Быякы чети Былчагай,
Кош-Каркыра короо сай,
Коңурбайдын жылкысы,
Жайнап жатат ушундай.
Асабаны чаптырды,
Кара пилди чөгөрүп,
Канкордун уулу Семетей,
Алтын мамы, жез түркүк,
Асабалуу чоң чатыр,
Каркыранын боюна,
Чоё тигип салыптыр.
Эки энеге тел союп,
Кулундун эти жакшы деп,
Жаткан экен жан агаң.
Аттан түшүп Коңурбай,
Карагайды этектеп,
Алкым менен салды эле.
Алкым жолдон кечти эле,
– Сарт колду бассам кандай – деп,
Анда кайрылып кайта кетем – деп,
Канкорго барып капталып,
Бөөдө арам өлөм – деп.
Алдынан каршы чыгайын,
Күүгүм кирсин, күн батсын,
Атаңдын көрү чоң чочко,
Дигерде түшүп алкымга,
Тамактанып алды эле.
Эл орунга олтура,
Эңиштеп ылдый салды эле.
Былчагайдын жонун,
Былк этпей калмак түштү эле.
Алгараны жайдактап,
Аса байлап салды эле,
Алп уйкуну салды эле.
Калчаны мындай таштайлы,
Таң тыяктан сөгүлдү,
Жерге жарык төгүлдү.
Күндүн мурду чачырап,
Жайылып тийип келгенде.
Айдап жолго салды эле.
Жылкынын баарын чогултуп,
Чубатып жолго салган соң,
Көкчөгүрдүн жылкысы,
Эр Коңурбай караса,
Ортосунда келатат.
Арстай болгон сур жылкы,
Жер сагынып калган бейм.
Ногойдон чыккан он төрт ат,
Бээдей болуп чубашып,
Касиеттүү Карткүрөң,
Жылкыны баштап алыптыр,
Бакай айдап алыптыр .
Ортосунда жанагы,
Саралалуу жылкыны,
Канчоро айдап алыптыр .
Аны Көк ала баштап калыптыр.
Коңурбайдын жылкысын,

Суркоёндой күлүгү,
Жарактын баарын артыптыр,
Жол баштатып Күлчоро,
Кактелкидей күлүктү,
Карагулдан кара күң,
Кементайды үч бүктөп,
Октолоп минип алыптыр.
Кесирленип чунак кул,
Железин баарын артынып,
Желе какчу чоң токмок,
Колуна кармап алыптыр.
Эр Коңурбай чоң калча,
Канкорду аңдып калыптыр .
Аколпоктуу арстаның,
Сырнайза кеткен Бакайга.
Белинде жок сепили,
Ок токтотчу олпоктон,
Баарысын чечип Семетей,
Ак куржунга салыптыр.
Арта салып байланып,
Артында келет залкайып.
Алысыраак калыптыр,
Аккүбө чепкен ийнинде,
Желбегей салып желденип,
Коңурбайды ойлобой,
Эсинен чыгып чоң чочко,
Эстебей келет Семетей.
Очогор кара замбирек,
Ийнинен алды Коңурбай.
Күн чыгыш көздөй бет алып,
Бурканына сыйынып,
Бутун карап чокунуп,
Булкуюп карап калды эле.
Беш бута атым алыстан,
Сууну бойлоп салды эле.
Кашаттан турду кылтыйып,
Кан Коңурбай караса,
Канкордун уулу зыңкыйып,
Уктап келет зуңкуюп.
Арта салып чоң чочко,
Алгарадай күлүккө,
Бетине кармап мылтыгын,
Мелтиретип турду эле.
– Как өпкөнүн тушу – деп,
Канкордун уулу чочконун,
Өлөр жери ушул – деп,
Өзү мыкты чоң калча,
Белгилүү мерген доңузуң,
Мелтиретип шыкаалап,
Бетине алып турду эле.
Кароолуна илинип,
Кан Коңурбай кабылан,
Заң дедире бу койду.
Кыйчалыш өтө берегенде,
Көөдөк тууган канкорго,
Көңдөйлөш тийип калды эле.
Очогорун асынып,
Эшик эндүү айбалта,
Эр Коңурбай чоң калча,
Имере кармап алыптыр.
Алдына салып канкорду,
Аябай кууп алыптыр.
Жеткизбей жүрөт Тайбуурул,
Жебедей болгон жаныбар.
Өкүм күлүк бууданы,
Өксөтүп кетти бууданы.
Өксүттө калды Коңурбай,
Эсен-аман ээсин,
Ала качып канкорду,
Жылкыны көздөй кирди эле.
Эр Коңурбай кеп айтат:
– Очогор менен бир аттым,
Омуртка сөөгүн кыйраттым.
Сен эмес сенин атаң Манасты,
Эр калча өзүм сулаттым.
Кан жөткүрттүм сени – деп,
Өлсөң өзүңдүн куnуң
жылкым – деп,

Кечтим малдан канкор – деп,
Өлбөсөң атаңдын куну ушу – деп.
Алгара менен чойкоюп,
Калмактын кайра тарткан жери
ошол.
Кан жөткүрүп Семетей,
Кабылан көрө койгондо,
Канкордун жайын караса,
Канчоро,Бакай келди эле
Желенин баарын ыргытып,
Камандай болгон күлүстөн,
Кара тон менен кементай,
Катары менен ыргытып,
– Калмак кул саа кылбасам,
Ичи капа, тышы чок,
Же жарактын баары жанда жок.
Артынан түшүп калчанын,
Төтөнү көздөй бет алып,
Бир кылчайып карабайт.
Калча кул келет бургутуп,
Табына келген Алгара,
Көрүнгөн жерде көрүнөт.
Көрүнбөсө Алгара,
Көк түтүн болуп созулат.
Өрүү жерде өксүтүп,
Өкүнүп келет Күлчоро.
Өрө калган Кактелки,
Эңиштүү жерлер келгенде,
Таманынан чыгарбайт.
Төтөнүн белин ашырып,
Кең Текестин боюнда,
Байыңколдун оюнда,
Өргө тарта бергенде,
Таманы кызып Кактелки,
Аркан бою аркырап,
Айбатына чыдабай,
Атаңдын көрү чоң манжу,
Кудай алсын калчаны.
Жарагы жок баладан,
Жаман калча бул коркуп,
Ыйыгына баталбайт,
Же кайрылып сөзүн айталбайт.
Камандай болгон чорого,
Качпай туруп урушпай,
Эр Күлчоро артында,
– Эшик төрдөй жетсем – деп,
Эптеп кармап алсам – деп.
Айкырганда баланын,
Алтымыш киши сүрү бар.
Кытай корkконунан кылчайбайт,
Аркан бою келгенде,
Үзөңгү жок бутунда,
Күч алып чоро алалбайт.
– Колдо,кудай, колдо – деп,
Кан Алмамбет атакем,
Жалгызыңды колдо – деп,
Кубат бергин кудай – деп.
Токмок менен имерип,
Качыра түшүп дыр койду.
Камандай болгон балбан кул,
Токмок менен жиберди.
Желкесинде кара чач,
Жалп этип жерге тийчүдөй,
Кежиге тери сыйрылып,
Башындагы малакай,
Балп этип жерге түштү эле.
Кыйла жерге даң болуп,
Кысталак ит манжу,
Кызыл ала кан болуп,
Эрдиги менен чоң чочко,
Алгара жалын кучактап,
Аркан бою бута атым,
Арам өлгөң Алгара,
Түп этектен аларда,
Алакачып союлгур,
Алкымды көздөй жөнөдү.
Арманда калды Күлчоро,
– Кысталак кытай баргын – деп,

Буркурап ыйлап Күлчоро,
Арман кылып кайран эр,
Малакайын алдырып,
Калмак кетти жыланбаш.
Сууну жутуп эс алып,
Бура тартты Күлчоро,
– Кан жөткүргөн канкорум,
Кабылан абам не болду?
Канкоруна кайгырып,
Кайран чоро келди эле.
Капилеттен сөз тапкан,
Караңгыда жол тапкан,
Пайгамбар сындуу бабаке,
Баатырдын жаны барбы – деп,
Эр Күлчоро айтканда,
– Эсиң чыкпа абаңдан,
Акырет кеткен султандын,
Арбагы колдоп баласын,
Алда таала сактаптыр.
Көкүрөк жагы аман бейм,
Көндөйлөй тийип калыптыр,
Турбайлы чоро көчөлү.
Кызыл-Кыя эңкейип,
Жерге-Тал барып конолук.
Айласы кетти абаңдын,
Алты күнү жаталык.
– Макул, аба, макул – деп,
Кан жөткүртсөм калмакты,
Же аты-тонум болсочу.
Айтып-айтпай пайда жок,
Арманда калдым мен шордуу.
Калмак кетти жеткизбей,
Жүр кабылан аба кетели,
Каалаган жерге жетели.
Ал жерден көчүп алышып,
Арстанды мингизип,
Башта Манас Бакайдын,
Бастырып жүргөн жери ошол.
Кызыл-Кыя эңкейип,
Болжолдуу жерге келишип,
Жай жайына жылкыны,
Жайлап салып арстандар,
Тамактанып алышып,
Кайра басып калышып,
Кан Бакайы баш болуп,
Эки чоро ээрчишип,
Баатырдын уулу канкорго,
Алар буга кеңешип,
– Ай жаркын төрөм кеп айтчы,
Айла кетти кантебиз?
Арганы тапкын баатыр – деп,
Бул жерде Кең-Кол, Талас
жериң жок.
Арга табар Каныкей,
Асыл энең мында жок,
Санаттуу элиң ногой жок,
Ар айланы табууга
Айчүрөк жеңем мында жок.
Кеңеш салдык сизге – деп,
Кебиңди айтчы бизге – деп.
– Кечтелүү калпак, кең чалбар,
Кеңешим бирге күлүстөн.
Саймалуу калпак, сары учкай,
Санаам бирге Канчоро ай.
Атамдан калган мурапым,
Абакем Бакай кулак сал!
Талас, Кең-Кол тыякта,
Жерди айтып нетесиң.
Кара кыргыз көп ногой,
Капа кылып канкорду,
Элди айтып нетесиң,
Эмгегиң тартып чоңойткон,
Энемди айтып нетесиң.
Арабча арип окуган,
Алтымыш уруу тил билген,
Перинин кызы бейбактан,
Чүрөктөн себеп болбосо,
Кудай билет канкорду,

Кагылайын күлүстөн,
Жарактын жарымын салынып,
Каршы чыгар калмак жок.
Камсанаба душмандан,
Бул сөзүм кандай кулак сал!
Буудан атты минсең бейм,
Көк жалга барып келсең бейм.
Коркок ногой кырылгыр,
Ойрондун уулу жалгызга,
Ок жаңылып калды – деп,
Кокустан укса көп ногой,
Коркуп үркүп көчпөсүн.
Түндө жетип кайра кайт,
Күүгүм кире күн бата,
Элдин алды жуп жата,
Эсиң чыгар Чүрөк – деп,
Эптеп айткын сөзүңдү.
Айла ошондон болбосо,
Акылга мол жеңеңе,
Арбытып айтпа чоро көп.
Азыраак айтып кайра тарт,
Эрте барып, жата кел,
Кош күлүстөн колуң бер.
Буурулду минип булактап,
Таласты көздөй бет алып,
Жүрө берди күлүстөн.
Эки буту салактап,
Эки көзү алактап,
Кенебеген күлүстөн,
Кең-Колду көздөй бет алып,
Келе жатат Күлчоро.
Жерге-Талдын боюна,
Шашке мезгил болгондо,
Шашпай бала аттанды.
Күмүш кемер курчанып,
Күндөй бети сур чалып,
– Буудандын күчүн көрөм – деп,
Күңгөй ылдый күркүрөп,
Эрдемсиген баланын,
Этек-жеңи зиркиреп.
Желдирип кетсе буурулга,
Жол кайыптын баласы,
Жебенин огу даарыбайт.
Каарданып ирмесе,
Кайыптан тууган түгөнгүр,
Бараңдын огу чендебейт.
Арстан тууган жаш бала,
Аркалуу күлүк буурулду,
Аркыратып келатат.
Таласты көздөй бет алып,
Заркыратып келатат.
Жараткан кудай билбесе,
Жанында турган киши жок.
Камандай болгон кайран эр,
Касиеттүү Кең-Колго,
Дигерде кирип келди эле.
Буурул атты жайдактап,
Кара суунун кашаттан,
Өйдө-төмөн сүздүрүп,
Жар кыдырып жетелеп,
Күүгүм кирди, күн батты,
Эл орунга олтура,
Эс алдырып буурулду,
Эр күлүстөн токунуп,
Жардай болгон буурулга,
Жаш бала чурап минди эле.
Шыпылдата бастырып,
Айылдын бери жак четинде,
Айчүрөктүн ордого,
Арабада аңкайган,
Ак күмбөздө шалкайган,
Он эки канат зор ак үй,
Окшомдуу сулуу күлүстөн,
Ордого кирип түштү эле.
Чоң ак үйдүн алдында,
Ат байлоочу сыр мамы,
Буурулду чала койду эле.
Казандай кара суусар бөрк,

Ыргап кийип күлүстөн,
Керебеттин үстүндө,
Жакут шамын жандырып,
Жантайбастан Айчүрөк,
Келишимдүү жөөт күң,
Керетинде билген бейм.
– Адамдын тилин албаган,
Эрдиги бар, эси жок,
Эчтеме менен иши жок.
Энөө манжу неме эле.
Арстан тирүү бар бекен,
Жүрөгүм туруп опколжуйт,
Алыстан кабар келет бейм.
Атамдын уулу не болду,
Тилегим кудай берерби,
Арстаным тирүү келеби.
Какылдаган бейбакка,
Капырай бир катуу кабар келеби?
Бармагын тиштеп, баш чайкап,
Санааркап жеңең үшкүрүп,
Кылычы кында кыңгырап,
Кыз кылыктуу күлүстөн,
Кирип келди зыңгырап.
Эси чыкты Айчүрөк,
Шашкалаңдуу кишидей,
Кабылан тууган күлүстөн,
Капа болгон немедей.
– Кабылан бала бат айтчы?
Кабагың бүркөө көрүнөт.
– Алаткүн жеңе акырын,
Катындык кылбай сабыр кыл.
Баатыр Бакай бабакем,
Баатырдын уулу Семетей,
Баарыбыз аман жеңетай.
Кара көңүл Семетей,
Угузуп турсам бул сөздү,
Бара жеңе көрөрсүң,
Баатырдын уулун байкарсың,
Окус жерден абама,
Ок жаңылды эриңе.
Омуроо чоюп токтоду.
Аколпок жок үстүндө.
Ак купу чепкен желбегей,
Аңдабастан аттырды.
Көөдөк тууган абама,
Очогор огу жаңылды.
Көкүрөк жагы эсен – деп,
Алда таала колдосо,
Айласы кетти Бакайдын.
Олуязада Айчүрөк,
Сенден себеп болбосо,
Бат камынгын жеңетай,
Жалпы ногой билбесин,
Жашырыкча кетели.
Бачым учкун жеңе – деп,
Камандай бала айтканда,
Арабча тил окуп,
Перилерин чакырып,
Аптаманы колго алып,
Билегенге суу куюп,
Айчүрөк кейпин алды эле.
– Карып калган абакем,
Алыскы жерден жол тартып,
Биттеп, куштап калдыбы.
Була көйнөк, суп дамбал,
Муну камдап Бакайга,
– Айланайын күлүстөн,
Тамактанып ала көр,
Артымдан эрте келе көр.
Ал сөзүн айтып Айчүрөк,
Асман менен зыркырап,
Учту жеңең жылдыздап,
Бакайды көздөй бет алып,
Айыптуу бейбай жөнөлдү.
Эми күлүстөндөн кабар ал.
– Зоо казанды астырып,
Бир кишилик даам кайнат.
Тезирээк көн бат кайнат.

Адамзатка көрүнбөй,
Ат чалдырып келейин,
Арбактап басып Күлчоро.
Кылчайып туруп кеп айтып:
– Ой кысталак бети жок,
Быркыратам тишиңди,
Оозуңду баскын – деп айтат.
Эр Канчоро арбактап,
Буурул атты жетелеп.
Бурма жаак тизгинди,
Ооздугун чыгарып,
Жаагына түрүп күлүстөн,
Кара кыяк чалдырып,
Эркелетип жетелеп,
Эр күлүстөн буурулду,
Белес жерге жетелеп,
Бетегеден откозду,
Өлөндүү жерден откозду,
Өзү күлүк бууданды.
Ылайлуу сууну жыттабайт,
Кара суудан кайтпаган,
Кашка булак башаттан,
Кайнардан барып каптырып,
Суусун кайра бастырып,
Түгөнгөн күңдү шаштырып,
Алаптан-салап болду эле,
Тамактанып Күлчоро,
Суусунуна бал ичип,
Сугатына чай ичип,
Аш тамагын жай ичип,
Аттанмак болду Күлчоро.
Быйты күңдү чакырып,
– Мени атказгын жеңе – деп,
Ушакка жакын күң эле,
Оозу бош капыр ит эле.
Опосуз канкор түгөткө,
Ок жаңылып калды – деп.
Ойрон чоро келди – деп,
Окшомдуу эжем кетти – деп,
Чочко күң Оогандын баарын
үркүтөт.
Ошону эптеп ала кетейин,
Кудача күңүм бер кел – деп,
Учурашам сага – деп.
Колуңду берчи мага – деп.
Балбан тууган бадирек,
Баса калып бул күңдү,
Ак жоолукту алды эле,
Акмак кылып бул күңдү,
Оозун таңып салды эле.
Кандагайын чечти эле,
Каптай салып бул күңдү,
Камандай болгон кайран эр,
Кандагайдын ичине,
Каптай салып бул күңдү,
Кудай урган жинди кул,
Куу тумшук күңдү кууратып,
Бөктөрүнүп алды эле.
Бууданга чурап минди эле,
Бастыра түшүп дыр койду.
Анда-мында бир тийип,
Абадан күкүк суюлгур,
Үстүндө жүрдү былк этпей.
Балтыры бала белиндей,
Басканы сырттын желиндей.
Балбансынган чорону,
Ала качты аркырап,
Кандуу көбүк буркурап.
– Какшаал оңбо какмар – деп,
Быйты күң келет чыркырап.
Тутмалдуудан өткөнчө,
Көрсөттүң белем бул күңгө,
Кара көңүл кан чычкыр,
Сийейин десе болбоптур.
Ачууланып Быйты күң,
Сийген эмес бер жакта,
Ычкынып ийип шымына,
Коңур-Өлөң сазына,

Ойрон чунак келди эле.
– Түшкүн күңүм – деп айтты,
Өпкөсүн кагып болоктоп,
Быйты күң ыйлайт солоктоп.
– Какмар кул кайтып түш – деп,
Канжыгаң чыгар – деп.
Каткырып күлүп күлүстөн,
Капа болбойт ал сөзгө.
– Быйты жеңе бер кел – деп,
Ак шымдан чечип байкушту,
Жалкыны карыш жойболот,
Жанынан сууруп Күлчоро,
Бууданды кармап тургун – деп,
Жолум оңдо күлүстөн,
Кемпир чекти казды эле,
Жанына койду чогултуп,
Жата бергин күңүм – деп,
Беш күндө келет бегиң,
Кан жезденди ээрчитип.
Эсен келсе эр Бакай,
Энчиңди бөлүп аласың.
Байбиче күң болосуң,
Моминтип сени алып
келдим – деп,
Соогол сурап жезденден,
Мал бөлдүрүп аласың.
Ак шымды көздөй басты эле,
Ак шымды алса арстан кул,
Ашыра булгап салыптыр.
Акмак чочко жуугун – деп,
Ак шымды чоро ыргытып,
Аттанып жүрө берди эле.
Аман болсок акмак күң,
Беш күндө кирип келербиз.
Мен кеткенче шымымды,
Үч жолу жууп, үч ийле,
Абдан ийлеп акмак күң,
Атырдан сээп салгын – деп,
Кандагайды катырсаң,
Кан Бакайдын алдында,
Капыр канды сөгөмүн,
Каныңды суудай төгөмүн.
Ак дамбал менен булактап,
Арстан бала аттанды.
Каргап-шилеп Быйты күң,
Кара сазда бул калды.
Капа болбос кайра дээр,
Кабылан чоро берди эле,
Сандыргалуу күлүстөн,
Шарпылдактан өттү эле.
Тамаша менен Барскоон,
Катар кечип өттү эле.
Кызыл-Зоо менен Жети-Өгүз,
Мындан өтүп алды эле.
Каракол ата, Кара-Суу,
Катары менен бастырып,
Тепкенин жогор жагында,
Кыз-Мазардын жанында,
Чоң-Кечүүдөн кечти эле,
Жыргаландан өттү эле.
Тоңдон өөдө жүрдү эле,
Аркыратып буурулду,
Ат үстүнөн кубанып,
Бозучук көздөй бурулуп,
Маңдайына барды эле.
Кара-Жон менен чоң ак жол,
Катуу жүрдү ошондо.
Таң тыяктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Таң кылайып келгенде,
Аябас Бакай арстан,
Теги ылайык чопкутту,
Желбегей салып жамынып,
Кашатты көздөй басты эле,
Барып даарат алды эле.
Ак жайнамаз чоң супа,
Алдына жая салды эле.
Азан айтып турду эле.

Экөө сүннөт, экөө парз,
Сүннөтүн окуп алды эле.
Депкир айтып түшүрүп,
Парзына карап калды эле.
Аңгыча Чүрөк келди эле,
– Намазын окуп алсын – деп,
Айчүрөк кебин кийди эле.
Намазын окуп бүтсүн – деп,
Акыры мени көргөндө,
Жаңылып кетер бабам – деп,
Акыретке барганда,
Убалы мага болор – деп.
Кыргоолдой мойну койкоюп,
Жеңең карап турат бойпоюп.
Намазын окуп Бакай кан,
Ак чатыр көздөй басты эле.
Акундун кызы Айчүрөк,
Аркардай болуп кылактап,
Акырын басып шоодурап,
Маралдай болуп маңкайып.
– Бай бол, балам, бай бол – деп,
Жарыгым эсен болдуңбу,
Эсен балам келдиңби?
Аргасы кетти абаңдын,
Акыры балам чырагым,
Алда таала колдосо,
Сенден себеп болбосо,
Кубат берсе кудайым,
Олуязада султандын,
Баатыр атаң баласы,
Момундай күндө жатат – деп,
Жаркыраган жарыгым,
Айла кылчы ушу – деп.
Кой башындай коргошун,
Көңдөйлөшүп калыптыр.
-Айланайын абаке!
Арбактуу атам колдосо,
Акыры себеп атам – деп.
Мунажат кылып кудайга,
Буркурап ыйлап көрөйүн.
Жараткан кудай колдосо,
Алмамбет, Чубак, кырк жайсаң,
Касиеттүү Сыргагы,
Кабылан султан атакем,
Арстан тууган төрөмдү,
Арбактар муну колдосо,
Чынаалы кайып кырк чилтен,
Чын олуя колдосо,
Кудайдан тилеп көрөйүн.
Жеңеңди мындай таштай тур,
Күндүн мурду чачырап,
Тоо-тоонун башына,
Жайылып тийип келгенде,
Буурул ат менен булактап,
Арак ичип мас болуп,
Абдан ылжып алгандай,
Эки көзү алактап,
Ачыгып калган буурулдун,
Күлүстөн келди далактап.
Салам айтып Бакайга,
Санаттуу чоро келди эле.
– Алеки салам күлүстөн,
Аман-эсен келдиңби?
Бали, ыракмат балам – деп,
Жайда жарык буурулду.
Бакайдын үнүн укканда,
Баатырдын уулу Семетей,
– Бер келчи баатырдын уулу күлүстөн,
Аркалуу күлүк бууданым,
Атымдын жайы не болду?
Бачым балдар жайдакта,
Жанга өлчөп минген жалгыз ат,
Атым жаман бузулуп,
Жарыктык буудан не болду?
Чакалап сууну куюңар,
Аягына кан түшөт.
Намаз бешим болгончо,

Суугa бaйлaй сaлыңaр.
Чыйрыксын буудaн күлүгүм,
Жaнынa кaрaп туруңaр.
Жер кaрaгaн эки кул,
– Aтынчa мени көрбөйт – деп,
Кaпa болду күлүстөн.
Иштеткеним Тaйбуурул,
Ишенгеним жaш бaлдaр.
Aрыздaгaным aбaкем,
Aт ордунa кaрмaнгaн,
Aкылгa дыйкaн мурaтым.
Aрстaндын уулу обдулуп,
Бaш көтөрүп пaдышaм,
Дaл орто эти былк этпейт.
Туйгун туугaн төрөңдүн,
Тулa бою былк этпейт.
– Бер келчи Чүрөк бaчым – деп,
Момунун жaйын көрчү – деп.
Кaй жерде турaт коргошун,
Кaрaчы Чүрөк бaйкaп – деп.
Оң дaлыны көргөндө,
Очогоргo бул турaт,
Ойлоп Чүрөк бaйкaсa,
– Кудурет aлдa колдосо,
Коркпо төрөм жоёбуз.
Коркок болгун дебегин,
Кудaйдaн тилеп көрөрмүн,
Чечип туруп бaчым – деп,
Aрстaныңды чечинтип,
Жaш бaлдaрды чaкырып,
– Күлчоро менен Кaнчоро,
Бaчым келгин бaлдaр – деп,
Эки бaлa эреңдеп,
Кубaйдaн өтө чыккaндa,
Чуркaп келди дaрбaңдaп.
Aк кийизди aлдырып,
Aк жaйнaмaз, чоң супa,
Aйчүрөк жaбa сaлдырып,
Булa көйнөк, суп дaмбaл,
Булaстaп бaсты жеңеңиз.
Бaрып дaaрaт aлды эле,
Эки ирекет нaмaзды,
Жaрaткaнгa жaлынып,
Мунaжaт кылды Aйчүрөк.
Бaaтыр Бaкaй aтaсы,
Жaнaгы aгaңды көтөрүп,
Көшөгөдөн тургузуп,
Эки чоро кaйрaн эр,
Эр немесин колтуктaп,
Жaздык коюп бaшынa,
Кыбылa жaкa жүздөнтүп,
Сол жaгынaн жaткырып,
Буркурaп ыйлaп Aйчүрөк,
Периштеге сыйынып.
Жaрaткaнгa жaлынып,
Жaркырaп бaсып келди эле.
Келме сaлып aк курaн,
Бaaтыр Мaнaс пaдышa,
Aлмaмбет менен Чубaктын,
Серек менен Сыргaктын,
Aрбaгынa сыйынып.
Мекеде султaн Aйкожо,
Aк эшенге жaлынып,
Курaн окуп эр Бaкaй,
Теспе тaртып турду эле.
Aрстaнды Чүрөк aттaды,
Солк этпей койду Семетей.
Эки бaлa элейип,
Кумсaрa түшүп Aйчүрөк,
Кaбaгын бүркөп кaйгырып,
– Жaрaткaн кудaй жaн деген,
Теңирим тaaлa кырк чилтен,
Не жaзыгым бaр эле.
Кaйрa aттaды кaнкорду,
Эки aттaсa Aйчүрөк,
Эр Семетей былк этпей,
Очогору козголбойт.
Aндaн Чүрөк буркурaп,

Кудурет алда кууратып,
Чоро кара кылбагын.
Акун кандын төрүндө,
Баатыр атам кан султан,
Барып куда болду эле.
Батадан бүткөн уулуна,
Окшомдуу сулуу бейбагы,
Отуз бешке чыкканча,
Ногойдон издеп келбеди.
Окшомдуу Чүрөк зайбым – деп,
Оболдо менин кайным  – деп,
Бир ай Чүрөк мен тургай,
Он ай Чүрөк зайбыма,
Кенебеген шерби – деп,
Атамдан кеткен көрбү – деп,
Жүрөгү кайгы черби – деп,
Арстандын уулун түрмөгө,
Алтымыш күн сүлүктө,
Акмак кылып Толтойду,
Аракетим бүтпөйт – деп,
Ашкере сурап алгамын.
Асман менен зыркырап,
Учканым токсон күн болду.
Канкорумду таба албай,
Он эки куйрук, кырк чалгын,
Бирин койбой карадым.
Он сегиз миң ааламды,
Учуп жүрүп карадым.
Ак тасма кайыш сыдырдым,
Анжыян менен Колопту,
Аптар ойдун баарысын,
Учуп жүрүп кыдырдым.
Баатырдын уулу кайда? – деп,
Беренимди таба албай,
Бээжинди көздөй бет алдым.
Кылымга толгон кытайды,
Кыдырып учуп карадым.
Касиеттүү Бээжинди,
Кан атамды жай кылган,
Бээжинден чыккан шер деген,
Бели катуу эр деген.
Чоң чочкону табалбай,
Жылкысына келгемин.
Кара-Суунун булуңда,
Жылкысы жаткан чочконун,
Сур жылкыны көргөндө,
Жаркыны бар атасы,
Кулундан салган айгырын,
Айгыры саздан дечү эле.
Билектери сурмалуу,
Кулактары сыргалуу.
Кулунтайы сур жылкы,
Ногойго кыргын салган бейм.
Атамдын уулун өлтүрүп,
Жылкысын тийип алган бейм.
Атама катаал көрсөткөн,
Акмак калча кайда? – деп,
Асманда жүрдүм зерикпей.
Келишимдүү чоң манжу,
Алгара менен шалкылдап,
Кара олпок кийип булкуюп,
Кара атын минип зыңкыйып,
Очогорун асынып,
Алтын кемер курчанып,
Кызыл өңү сур чалып,
Кылыч белде кыңгырап,
Кытайдын чоңу Байкоңур,
Жылкыдан көрдүм чочкону.
Балдыр-булдур сөзү бар,
Балбылдаган көзү бар,
Баатыр калмак өзү бар.
Буттай темир курчанып,
Кара колун чыгарып,
Калмак келди кыйкырып,
Калмактын баары жүгүнүп,
Таазим кылып келди эле.
Алгарадан түштү эле,
Жолборстон согот чоң өтүк,

Көлдөлөңдү жайды эле.
Оң бөйрөгү солк этсе,
Оңду чабар эр экен.
Сол бөйрөгү солк этсе,
Солду чапчу эр экен.
Кыбасына тийгенде,
Кыргынды салчу шер экен.
Динсиздиги болбосо,
Тийип алчу неме экен.
Тиерин тийип алармын,
Тил билбеген чочконун,
Динин кайдан билемин.
Динге окус келтирип,
Калмакка кантип тиемин.
Жараткан жалгыз экөөбү,
Чочкого тийсем карарып,
Жети тозок түбүндө,
Думук отко кирермин,
Асманда туруп билермин.
Акырет кеткен атамдын,
Арбагын артык сыйладым,
Келишимдүү калчага,
Кабыланды кыйбадым.
Көңүлүм кеткен бузулуп,
Тийип алсам кантет – деп,
Кудурет алда өзүң бил,
Буркурап ыйлап Айчүрөк,
Мындан башка күнөөм жок,
Ак элем алда жалганда.
Алган эри бул султан,
Эр Күлчоро, Канчоро,
Баатыр Бакай бул үчөө,
Карап турду жанында.
Жаратканга жалынып,
Жаркырган жеңеңиз,
Жандыра кайта аттады.
Азаптуу жеңең аттады,
Арстандын уулу солк этип,
Кой башындай коргошун,
Жарадан түштү болк этип.
Баатырдын уулу үшкүрүп,
Ок ордунан кара кан,
Кошо кетти шаркырап.
Каптатма кара дарыны,
Калтырап кетет канкор – деп,
Жарасына кан Бакай,
Кара дары тийгенде,
Кара кан кайра токтоду.
Канкордун уулу теңселип,
Аякка куюп суу берди,
– Абакем Бакай асыл – деп,
Алтын аяк, сыр кесе,
Айчүрөк жеңең куйду эле.
Ак дарыны септи эле,
Арстандын уулу ичкенде,
Көзү ошондо ачылды.
Көрүп турган пенде жок,
Көргөн кудай билбесе,
Ооруган жери басылды.
Баатыр турду үшкүрүп,
-Балдар алып келчи – деп,
Сур жылкыдан сур тайды,
Кызыл эмди кор тайды,
Бакай каны баш болуп,
Бата кылып жалынып,
Баабединди чалышып,
Алты күнү арстандар,
Абдан канкор айыксын,
Кадимкидей болсун – деп,
Кайта дары берди эле.
Тышынан сүргөн куу дары,
Ичинен берген ак дары,
Кабылан жолборс Семетей,
Кадимкидей болду эле.
Жакасын кармап жаш бала,
Жаратканга тобо – деп,
– Чүрөк үстүңө күнү албасмын,
Оролтуп камчы салбасмын.

Астыңа күнү албасмын,
Артылтып камчы чаппасмын.
Айкөлүң туруп ант берди.
Анда Чүрөк кеп айтат:
– Алтын баштуу катындан,
Бака баштуу эрлиги,
Баатырдын уулу антпе – деп.
Койлуу катын куйрук жейт,
Эрлүү катын таяк жейт.
Кабылан төрөм сен чапсаң,
Кабыргам карыш сөгүлөр,
Саатым жерге төгүлөр.
– Болду, Чүрөк, болду – деп,
Кан атакем колдоду.
Кубат берди кудайым,
Кадимкидей болдум – деп.
Бул жерде жатып нетели,
Кең-Колду көздөй кетели.
Эңкейип калган кезимде,
Угулуп калса ногойго,
Энемин жайы не болду?
Жүрү абаке турбайлык,
Аргын ногой журтумдун,
Баарысын жыйып алайын,
Көп жашаган ногойдон,
Карысын жыйып алайын.
Касиеттүү атамдын,
Камынат калча Байконур,
Илгерки атам Манастын,
Ак калпактуу мусулман,
Баарын бирдей чогултуп,
Алда кандай иш болот,
Аскер камдап турайын.
– Ырас болот, макул – деп,
Ушул сөзүң акыл – деп,
Жаккан отун өчүрүп,
Кош колоңун көчүрүп,
Желмаянды чөгөрүп,
Аш-тамагын жүктөтүп,
Арта салып чатырын,
Аргамжы менен тарттырып.
Кадимкидей жаркырап,
Калыбына келишип,
Мылтыктарын асынып,
Моймолжуган бейбакты,
Боз жоргого мингизип,
Өзү көргөн жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Өзү мыкты эр Бакай,
Жолду баштап бул жүрдү.
Үч бөлүп айдап жылкыны,
Кең-Колду көздөй бет алып,
Ашуу ташып, таш басып,
Эчен дарыя суу кечип,
Солтон сары, Соку-Таш,
Жылкыны айдап чубатып,
Кең Нарынды ашырып,
Жай жайыттуу Манастын,
Соң-Көлдү көздөй түшүрүп.
Быйты күң чуркап калды эле:
– Кабылан жезде, эжеке,
Ногойго дүмөк баштайт – деп,
Какшаал колуң какшатып,
Канжыгага байланып,
Кабыргамды кыйратып,
Кара сазга бозортуп,
Беш күндө көчүп келем – деп,
Азабымды тарттырып,
Арыз кылып келди канкорго.
Семетей абакесин чакырып,
-Ай жаркын аба бер келчи,
Кеп айтамын сага – деп.
Оолукмалуу чунак – деп,
Келишимдүү келиниң,
Жумшатып келген мына бул,
Арманын айтат мага – деп,
Арыз кылып сага – деп.
Эрке өскөн күң эле,

Эптеп Бакай жылкы бер.
Безилдеп ыйлап таарынып,
Быйты күң беш жүз жылкы
алды эле.
Куландап кетет ногой – деп,
Бултулдаган саат көп.
Тамга басты артына,
Жара тилип кулагын,
Тору аргымак тукумун,
Жылкыга кошпой койду күң.
Артынан айдап жөнөдү,
Жылкынын алды күркүрөп,
Соң-Көлгө түшүп кетиптир.
Артынан арстан келди эле,
Ак чатырды көтөрүп,
Баатыр Бакай кеп айтат:
– Балдар бери келгин – деп.
Кыргын салуучу душманга,
Илгерки Манас атаңдын,
Кырк чоронун таш казан,
Мына сороюп турган
зор таш – деп.
Аккуланы сууткан,
Атаң Манас канкордун,
Сараладай күлүгү,
Күлүстөндүн атасы,
Бала Алмамбет жайдарың,
Колтуктап келген таш ошол.
Касиеттүү султандын,
Өзүнүн малы сур бээни,
Кармап келчи жарыгым.
Аяыгында жайлайын,
Балаңды Манас колдо – деп,
Жаасын окуп кан Бакай,
Баабединге чалды эле.
Жайына келип жаш балдар,
Ат өргүтүп алмакка,
Бой сергитип алмакка,
Болукшуп балдар жатты эле.
Ногойду көздөй Семетей,
Бакай канды ээрчитип,
Жылкың мында жатсын – деп,
Тамга салып белгиле,
Малыңа киши тийбейт – деп,
Таласты көздөй бет алып,
Баатыр Бакай, Семетей,
Баарысы жүрдү ошондо,
-Эр Күлчоро, Канчоро,
Эртең жылкы айдап кел.
Энемдин жайы не болду?
Эр Семетей кабылан,
Эрте Бакай аттан – деп,
Элин көздөй бет алды.
Калкынын баарын чогултуп,
Ногойго олжо болом – деп,
Кабылан жолборс кайран эр,
Калкына келди Семетей.
Энеси асыл Каныкей,
Арстанды аттан көргөзүп,
Садаганы чаптырып,
Кан атасын көргөндө,
Чыйырды келди буркурап.
– Айнегим аман келдиби?
Астыңа кетсем жарыгым,
Чачым куудай болгуча,
Азабыңды тарттым – деп.
Оң бетинен сүйдү эле,
Аксарбашыл кой алып,
Кудайга алкыш кылды эле,
Жаратканга жалынды.
Жалпы ногой келди эле,
Бакай менен көрүшүп,
-Балдарың аман келдиби,
Көп жашаган карысы,
Чогулуп ногой баарысы,
Кожо, молдо, эшени,
Кошо келип чечени,
Кызыл жээрде ат минген,

Кыл куйругун шарт түйгөн,
Чолок чопкут тон кийген,
Келеңкер чачпак, кең соору,
Келишимдүү көп ногой
Келиндери чогулуп,
Кара кыргыз көп калкы,
Кабылан менен көрүшүп.
Элине тойду бердирип,
Калктан бата алды эле.
Касиеттүү кайран эр,
Ортого ногой жыйдырып,
– Жетим, жесир бир тур – деп,
Кары, жашың бөлүн – деп,
Калчанын малын берем – деп,
Калкына минтип угузуп.
Баки журтум уккун – деп,
Масала сөзүн көп айтып,
Тоздурбаймын калың журт,
Тобуңа түтүп берем – деп,
Аздырбаймын калайык,
Атыңа туруп берем – деп.
Баарыңа түтүп бербесем,
Кантип жоону алам – деп.
Жараксызың дагы кел,
Аскериң болуп бер жакка,
Кан Байкоңур келет – деп,
Камын, тургун ногой – деп.
Каныкей,Бакай,Семетей,
Капыстан кокуй бастырба,
Каптап кетет ит кытай.
Эртесинде болгондо,
Сур жылкыны бөлдүрүп,
Үйрүнө кошуп ийди эле.
Кара тору жылкыны,
Калчанын малы ушу – деп,
Калкына бөлүп берди эле.
Көк алалуу жылкыны,
– Жетим, жесир бер кел – деп,
Аны бөлүп берди эле.
Энчисине эр Бакай,
Эки жүз жылкы алды эле.
Сары канды чакырып,
Алтымыш жылкы берди эле.
Олжого ногой бөлдү эле,
Калың малды бөлгөн соң,
Кең-Кол менен Таласка,
Батпай чыгып кетти эле.
Кан султандын баласын,
Канкорду мындай таштаңыз,
Калкы кетти кеңешке,
Кан Бакайдын алдына,
– Кана Бакай – деп айтып,
Карыя,жашы көп айтып.
Кожо,молдо – деп айтып
Уккула журтум – деп айтып,
Алыстан аскер келбесин,
Айлыңа кыргын салбасын.
Арстандын уулун чакыр – деп,
Семетейди алдырып,
Эки чоро күлүстөн,
Жанаша келди далактап,
Жанда кылыч шарактап.
Баатырың кирип келген соң,
Кан султандын баласы,
Калкы туруп кеп айткан,
-Кулагың сал бизге – деп,
Кенебей жаткан Кең-Колго,
Туйгундун уулу туюн – деп,
Сен элебей жатып үйүңдө,
Элиңди бөөдө кырдырба.
Алты жүздөй үй көтөр,
Аскер камдап койсоңчу,
Жаныңды багып турсаңчы.
Жалпы журттан тандатып,
Мыктыларды жыйсаңчы.
Сумсайып жоодон кайтпаган,
Душманга сырын айтпаган,
Берендин баарын жыйнасаң,

Былк этпей туруп атышар,
Мергендин баарын жыйсаңчы.
Кызыл жейрен мингизип,
Чолок чопкут тон берип,
Кылкандай болгон көп калк,
Муну жыйып алсаңчы.
Айбалта чабар балбан ал,
Муну тандап бир чогулт,
Кара олпок тон кийгизип,
Ага аргымак мингизип,
Карсылдатып сабаса,
Кашкулактай күчөгөн,
Карылуудан алсаңчы.
Алыскы жерден көргөндөн,
Жазбай аткан мергенден,
Жаныңа аскер жыйсаңчы.
– Айтса-айтпаса төгүнбү,
Өзүмдүн калкым эмеспи.
Көп ногой жатсын жайына,
Душмандан мурун жыяйын,
Тууганды коё турайын.
Кең Кашкардын ар жагы,
Алмамбет менен Көккоён,
Кат бердирди кабылан.
Атышамын калчага,
Алты жүздөй кол алып,
Азыр даяр болсун – деп.
Катагандын кан Кошой,
Миңдей колун ээрчитип,
Касиеттүү жарык күн,
Калкынан баатыр алсын – деп,
Кабылан Кошой келсин – деп.
Ак кагазга кат жазып,
Кошойго жигит чаптырды.
Ат куйругун шүйгүзүп,
Чамбыл бет деген жеринде,
Барып калган кези эле.
Кан Бакай менен Семетей,
Касиеттүү эр Төштүк,
Кан Байконур келет – деп,
Калкынан колду алсын – деп,
Капа болбой келсин – деп,
Аргын менен ногойго,
Арбын жыйып аскерин,
Бачым баатыр келсин – деп.
Кат бердирип кан Бакай,
Ага да кабар чаптырып,
– Камынып тургун ногой – деп,
Келбегенин айтып кел,
Ушу жолдо келбесе,
Каралды болуп бербесе,
Калмактан мурун барамын,
Баатырсынган ал алптын,
Калкына кыргын саламын,
Катынын жесир кыламын.
Кытайдан мурун барамын,
Кыйрына кыргын саламын,
Кызын олжо кыламын.
Күнөөлөндү Бакай абасы,
Күчүн минтип көрсөтүп,
Баарын алык чаптырып,
Манастын уулу Семетей,
Баатырлыгын билгизип,
Калкынан аскер жыйдырып,
Канкордун уулу камынды.
Кенебеген канкорду,
Кең Таласка таштай тур.
Бээжиндеги чочкодон,
Антип кабар аласың.
Калчанын жайын сурасаң,
Камынат беле канкорго,
– Үч жылдын жүзү өткөн бейм,
Кабылан жолборс калмактан,
Канкордун уулу Семетей,
Очогордун огунан,
Өлбөй тирүү кетти – деп
Кан Бакай желгизип,
Калкына тирүү кетти – деп,

Кадимкидей болду – деп,
Калмака кабар угулду.
Атаңдын көрү бурутту,
Өлтүрсөм казы болом – деп,
Өлсөм шейит кечем – деп,
Ээлигет белем Байкоңур.
Калкынын баарын чогултуп,
Калмагынан бата алып,
Эң улуусу Ороккыр,
Ортончусу Чоңчолок,
Кенжеси элде Эркара.
Үч баатырын алдырып,
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Аскер башын чакыртып,
Абыке кандын үч уулу,
Кытайдан алган зайбынан,
Борончу менен Бозкелте,
Коңурбай эки агасын алдырып.
Өз баласы чочконун,
Асыл Айзек зайбынан,
Уулу экен Керкөкөл.
Андан кийин Мискөөкөр,
Эң кенжеси Чоркиндик,
Чочконун уулу жанында,
Тору айгыр минген чойкоюп.
-Кан жүткүрттүк канкорду,
Кантип тирүү кетти экен,
Перинин кызы деп уктук,
Бейбактан себеп болбосо,
Олжолуу жерге тийди – деп,
Өлүүчү жерге болжодум,
Өтө берип кеттиби,
Өңгөсү эсен калган бейм,
Өзү аман кеткени,
Көңдөйгө тийип канкордун,
Көөдөнү аман калган бейм.
Буркан урган бурутту,
Кенебей калган жеринде,
Кең-Кол менен Таласты,
Кебелтпей чаап алайын.
Байкабай жаткан Бакайга,
Барып кыргын салайын.
Катынын жесир кылайын,
Кызыл кыргын кылайын.
Атыша чыккан алп болсо,
Аны кошо чабайын.
Эрдемсиген эр болсо,
Атыша чыккан шер болсо,
Аны кошо кырайын.
Аскерге азык кылайын,
Эки кайык тартты эле,
Калмак чыкты кайкайып,
Атаңдын көрү чочконун,
Аскери чыкты жайнашып.
Алтымыш качыр, кырк пилге,
Ойрон салам бурутка.
Ок дарыны жүктөтүп,
Он эки карыш казанды,
Эр башына бир бирден,
Эсебиңди алам – деп,
Алдына коюп чоң чочко,
Бирден ийне салдырып,
Муну укпаган адам бук болду.
Бирден салып өткөндө,
Ободон кудай билбесе,
Өтө көргөн пенде жок,
Ушул казан жык толду.
– Кылымга толду аскер – деп,
Байкоңур деп бакырып,
Чоң манжулап чакырып,
Очогорду он атып,
Аскердин баарын жөнөтүп,
Сыбызгысын тарттырып,
Аскер башын чыгарып,
Абдан жолго салдырып,
Берекелүү Бээжинден,
Кырк аскерди жанына,
Өзү мыкты чоң чочко,

Эми чыкты кайран эр.
Акыл айтса пайда – деп,
– Ой түгөнгөн көп аскер,
Азык кылып алмакка,
Акмак бурут кайда? – деп.
Тебетейин колго алып,
Тепсеп чыкты көп манжу.
Малакайын колго алып,
Басып чыкты көп манжу.
Калдайлардын баарысы,
Кайлап чыкты көп манжу.
Жердин жүзү көрүнбөйт,
Караса көзгө илинбейт.
Камгак учкан эмедей,
Кайсы экени билинбейт.
Каптап келет ошондо,
– Талас, Кең-Кол кайда? – деп,
Саптап келет ошондо,
Кайда бурут? – деп келет.
Жерде эмне көрүнсө,
Азыгы ошол аскердин.
Доңуз менен чегиртке,
Адал менен арамдын,
Жылан менен баканын,
Кыбыраган жан болсо,
Баарын кармап жеп кирет.
Кара кытай көп келет,
Же эр жигит, күлүк ат,
Пайдасы тие шер келет.
Ай адамдын баарысын,
Каптап кетер сел келет.
Капкаңдын белин ашырып,
Аягынан табам – деп,
Арбын колдун баарысын,
Кең Иле менен жүргүзүп.
Андан калган аскерин
Арттан Муз-Арт ашырып.
Салкын сырт менен жүргүзүп,
Соң-Көлдөн таап алам – деп,
Иле бойлоп жүргөндө,
Таластан таап алам – деп,
Өзүнүн кулун чогултуп,
Каркыранын сайынан,
Бир-бирден ташты карма – деп,
Санатта жок иш кылып,
Сан-Таш кылып кетем – деп,
Мусулман менен капырдан,
Чеги болуп урсун – деп,
Менден кийинки пендеге,
Кан Байкоңур аскери,
Атагым артык чыксын – деп,
Сан колу менен Байкоңур,
Сан-Таш кылып бул өткөн.
Күнгөй менен тескейге,
Батпай киши кыжылдап,
Үч жылдын жүзү толду – деп,
Кең-Кол менен Таласка,
Жетер убак болду –деп.
Бул жол менен чын ашып,
Турушу ар убак болгону.
Айбалтаны сапташып,
Айбанатты тапташып,
Бирин-бири көздөшүп,
Турушар убак болгон бейм.
Арстаның беттешип,
Урушар убак болгон бейм.
Ажалдуунун баарысын,
Кырышар убак болгон бейм.
Семетей менен Бакайдын,
Кыдыр жайдан жолу бар,
Кырк эки билек колу бар.
Мылтыктары бетинде,
Мергендин баары астында,
Кабар тийди калчадан,
Карагулду чаптырды,
Кан Байкоңур падыша,
Иле колду чогулт – деп,
Керкөкүл уулун чаптырды.

Соң-Көлдө колду жыйна – деп,
Баарын бирдей чогултуп,
Баатыр калча жыйдырып,
Эр башына бир кыштан,
Сууга бирден таштатса,
Сеңир буулуп чыкты эле.
Таластын суусу бурулуп,
Чүйдү көздөй акты эле.
Кара талаа мелтилдеп,
Каптап агып жөнөдү.
Айбандын баары чуркурап,
Адам суудан какшыды.
– Келгенимде кол сурап,
Суудан билсин бурут – деп,
Эгем таала кудайдын,
Не салганын бул жерден,
Душмандын айбы кеңешип,
Суудан какшып ушинтип,
Кошомат кылып канкорго,
– Өлөбүзбү эми – деп,
Бир түндө барып быркырап,
Душмандын колу тарады.
Он эки билек кол экен,
Кадимкидей кармашса,
Уй түгүндөй кытайга,
Тең ата болор эл экен.
Он миллион кол алып,
Семетей, Бакай, кан Кошой,
Ыйман менен Көккөён,
Манас менен бир тууган,
Карчыганын балдары.
Эки жээни канкордун,
Он миллион кол менен,
Жанында калган канкордун,
Баатыр Кошой канетсин,
Алыс жүргөн Манаска,
Беш миллион кол менен,
Бу да калган жанында.

## ҮМӨТӨЙДҮН ӨЛҮМҮ.
## ТАЙБУУРУЛДУН ТАРТУУГА КЕТИШИ

Жарактын баарын салынып,
Канчоро көздү салды эле.
– Канчоро үйдө барсыңбы?
Канкоруңа кабар бер,
Күнөөкөр болуп кудайга,
Арам кыял итсиң – деп,
Касиеттүү Чүрөккө,
Кайбан айтып артынан,
Күнөөкөр болуп кудайга,
Эр жандуу бейбак – деп айтып,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Катын жандуу канкордун,
Казакты кудай уруптур,
Жылас кылып канкордун,
Жылкысын тийип кетиптир.
Казатка минчү буудандан,
Кара кийип, кан жуткур,
Катыны кайра качып бaратат,
Ичи капа, тышы чок,
Казатка минер аты жок.
Казак алып кетиптир,
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Же какылдаган кысталак,
Баатыр казак мен десем,
Бул ууру чочко турбайбы.
Жарым түнгө чыдабай,
Бизди, кудай урган турбайбы.
Жарактын баарын салынып,

Арт жагынан барайын.
Кайкынын Сары-Белинде,
Ак-Кыянын алдында,
Айдай сары талаада,
Алданын салган иши экен,
Казагың кайсы киши экен.
Кыргын салып чочкого,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Алда кудайдын не салганын,
Не болгонун көрөйүн.
Төшөгүнөн турганда,
Төрөңө барып бачым айт,
Бакай канын ээрчитип,
Бачым келсин Семетей.
Суркоён менен сойкутуп,
Кайра келди Күлчоро.
Ак ордо көздөй келди эле,
– Айчүрөк жеңе барсыңбы?
Аккелте кайда келе – деп.
Сырнайза кайда бачым бер,
Жаркырган жеңеси,
Жарактын баарын берди эле.
-Аккелтеңди асынып,
Акбалта жанга байланып,
Сыр найза колдо колоктоп,
Суркоён менен жолоктоп,
Кылычты кындан копшотуп,
Акмак казак сени – деп,
Артынан кетти күлүстөн.
Каарданып Күлчоро,
Кажылдаган кысталак – деп,
Кайкынын белин эңкейип,
Арстан бала караса,
Ак-Кыянын алдында,
Жылкынын баарын айдатып,
Тайбуурулдай бууданды,
Чоң куйругу чубактап,
Акча боосу булактап,
Ак-Кыянын алдында,
Коштотуп алып Үмөтөй,
Күлүстөн көрө койгондо,
– Баабедин – деп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Алкым жол менен салды эле,
Алдынан каршы чыкты эле.
Камандай болгон кайран эр,
Каптап ийди казакка.
– Кысталак сага кылбасам,
Аттанып чыкса акжолтой,
Колдогону чоң экен,
Чоңсунган менен кор экен.
Айбаты бар ушунча,
Алмамбет, Чубак өңдөнүп,
Кайып уулу кырк чилтен,
Качырып тийди казакка.
Качпас казак көтүбү,
Уруша турган бетиби.
Ат куйругун салдырып,
Капталынан качырып.
– Ат коштогон Үмөтөй,
Токто, казак, токто – деп,
Акмак казак тура тур,
Азырак аял кыла тур.
Атымды бергин кысталак,
Эрдемсинген бир казак.
Эми кандай жайың – деп,
Капталынан качырып,
Самаганы Үмөтөй.
Баатырын сайып алайын,
Башын кесип салайын.
Алачыктай Үмөтөй,
Аңтара коюп өттү эле,
Бура тартып келди эле.
Жаагы карыш чой болот,
Жанынан сууруп алды эле,
Бура тартып калды эле.
Баса калып баатырды,
Бали ыракмат Күлчоро,

Үмөтөйдөй баатырдын,
Арсыз чочко акмактын,
Башын кесип алды эле.
Буурул атты агытып,
Ажыратып Күлчоро,
Айдап жолго салды эле.
Жылкыны кайта тосту эле,
Доолбасты чапты эле.
Ак келтени колго алып,
Заң дедире бир коюп,
Кайра тосту Күлчоро.
Кайкынын сары адыры,
Каптатып ийип жылкыны,
Беш миллион кол менен,

Адамзат бет алалбайт,
Арстан тууган чорого,
Ала кайыр түшүрдү.
Кыргын салып кыйратып,
Мыкты уулдун баарысын,
Найза менен сулатып.
Ак келте менен бир атып,
Алты жүздөй аскерин,
Камандай чоро сулатып.
Мен-менсинген шер уулду,
Ажалдуунун баарысын,
Камандай болгон чорого,
Күлүстөнгө тутулуп.
Азаптуунун баарысы,
Кызыл жерге даң болуп,
Кызыл ала кан болуп,
Араң качып кутулду.
Бир миллион колу өлүп,
Ажалы жакын шер өлдү.
Төрт миллион кол кетти,
-Кандайсың казак чочко – деп,
Кайра тартты ошо жерде.
Кыргын салып кыйратып,
Жылкысын айдап жылдырып,
Кумардан чыгып күлүстөн,
Кайкынын сары белинде,
Камандай болгон кайран эр,
Күлүстөн чыгып келди эле.
Айбандан чурап түштү эле.
Суркоёнду жайдактап,
Аса байлап салды эле.
-Эриккеним жазылды – деп,
Айбандан сонун бууданды,
Ак үртүгүн жапты эле.
Жанаша байлап Күлчоро,
Ак каңкыны жазданып,
Булгары тердик, көк желдик,
Алдына жаза салынып,
Көрпөчөнү салынып,
Жаратканга жалынып,
Аккелте менен бир найза,
Жаракты коюп жанына,
Жаш Күлчоро арстаның,
Чолок чопкут тон менен,
Чороңуз уйку салды эле.
Баланы мындай таштай тур,
Баатырдан кабар алыңыз.
Канчоро баатыр кыйкырып,
– Жашыке – деп чакырып.
Катыгүн төрөм барсыңбы?
Катының менен жерге кир.
Казакка малым кетти – деп.
Кайгырбай жатып аласың,
Баатырдын уулу Семетей,
Ар кайсы жерге бет алсаң,
Балбансынып каласың.
Баарысын өзүң алгансып,
Баатырсынып аласың.
Моминтип жүрсөң кысталак,
Картайып кеткен абаңды,
Бакай канды баш кылып,
Баки ногой журтуңду,
Байкабай жүрүп кырасың.

– Эмне болду Канчоро?
Энтелебей бат айтчы.
– Эмнеси курусун,
Ичиң капа, тышың чок,
Казатка минчү бууданды,
Буурулдай күлүк тыңы жок.
– Эмне болду эсер? – деп,
– Айбандын оозун керди – деп,
Катыгүн канкор кулак сал,
Айжаркын абам угуп тур.
Сары-Аркадан келиптир,
Эр Көкчөнүн Үмөтөй,
Катынын алып Семетей,
Ат сурасам бербейт – деп,
Атка алым жетпейт – деп,
Керектүү зайбы Айчүрөк,
Келет чочко казак – деп.
Капчака жылкы каматып,
Кайтарып турсак ал жерде.
Камандай кулуң кеп айтты,
Канчыктын айткан сөзүн көр,
Канакей жоо келгени,
Эр жандуу канчык бейбак – деп,
Эптеп айтты бул сөзүн.
Жүр, уйкуну арам кылбайлы,
Акмакка чоро сөз айтты,
– Эй, капыр Чүрөк жуут – деп,
Суркоён менен Суртелки,
Мамыга байлап салганы,
Мамык коюп башыма,
Уктап жатсам үйүмдө,
Акмак Чүрөк кыйкырат,
– Алдырып ийдик жылкыны.
Акмак чоро чакырат.
Эмне, деп чуркасам,
Үмөтөй келип кол курап,
Буудан атын баш кылып,
Жылкыңды тийип кетиптир.
Тайлак бакса төтөлөп,
Камандай Чүрөк ээ болду.
Камандай Чүрөк курусун,
Как өзүңдөй аа кулуң,
Төшөгүнөн тургузуп,
Акмак кулду ойготуп,
Артынан салдым жылкынын.
Акемдин изге салганын көргөндө,
Томого тоёт катылып.
Эби менен урушпай,
Ала көөдөн Кулуке
Арага алып кеткендир,
Казакты кудай ургандыр,
Канын суудай төккөндүр.
Айчүрөктүн колунда,
Аккелте менен сырнайза,
Жарактын баарын берип,
Жарагыңдын баарысын,
Камандай кулуң алыптыр,
Арт жагынан кетиптир.
Тайтору деген күлүккө,
Ак каңкы ээрин токутуп,
Арстандын уулу минди эле.
Алтын кемер курчанып,
Кылычты кынга салынып,
Үзөңгүсү кагышып,
Манастын уулу Семетей,
Канчоро экөө биригип,
Бакайды көздөй жарышып.
-Пайгамбар сындуу абакем,
Барсыңбы аба үйүңдө.
Бакайга алар келишти,
Сары-Аркадан кол жыйып,
Калкына кыргын салам – деп,
Казактан аскер мол жыйып,
Айтышкан чоро бар эле,
Убадалуу жан эле.
Көпчүлүктү сором – деп,
Кан Бакай өзүң билесиң,
Каршы чыктым кабылып.

Аккелте оозун өбүшүп,
Келме шарип ак куран,
Убадалуу шарт кылып,
Катынын мага берди эле.
Бородан менен ак олпок,
Аккелте үчөөн бергин – деп,
Такай кысып сурады.
Бербеймин деп айталбай,
Же чочконун сөзүн кайтарбай,
Анттуу шарттан мен коркуп,
Күнөөкөр болбойм кудайга,
Беремин чочкого,
Катынын берип турган соң,
Кантип бербейм деп айтам.
Убада сөзү бар эле,
Буудандын оозун буруп тур,
Күлүстөн тууган чунак кул,
Ат сураткан жигитин,
Камандай болгон кан чычкыр,
Мага каттатпай чочкону,
Кан жүткүртүп уруптур.
Кастыгын алып кадалып,
Каарданып күүлөнүп,
Колун курап келиптир.
Келишимдүү келиниң,
Кереметинде билиптир.
Жылкынын баарын ийирип,
Дарбазалуу коргонго,
Капкага жылкы каматып,
-Этият болгун балдар – деп,
Эки кулга кайтартып,
Эсен тууган эки кул,
Жарым түнгө чыдабай,
Капа болуп канкорго,
Акмактар жатып алыптыр.
Буудан атты баш кылып,
Ууру казак келиптир.
Уурдап албай жылкыны,
Казактыгын карачы,
Айгине чыгып алышып,
Аскери менен келсечи.
Атышып алып алсачы,
Акмактын кылган ишин көр,
Алса алып жылкымды,
Каракчынын калыңы,
Буурул буудан болсочу,
Бул кылганын карачы.
Кабылан тууган Күлчоро,
Кайра тартпас шер эле.
Катуу корком чунактан,
Канча кол болсок кан чычкыр,
Кайгырбаган бала экен.
Капа болбос түгөнгүр,
Мерчемдүү жерде желгендир,
Шумдуктуу күлүк Суркоён,
Аркасына чыкпайт – деп,
Атышып душман катылса,
Качан болсо чунагым,
Каршы алдынан качырат.
Касиеттүү Үмөтөй,
Кошо өлтүрө мал жанды,
Көк ала атка мингизип,
Абакемди ээрчитип,
Көк чыбык мылтык асынтып,
Олпок тонун кийгизип,
Сары кан көздөй келди эле.
Арстандын уулу келгенде,
Ак тулпарды токутуп,
Кой чагыр мылтык асынып,
Үзөнгүсү кагышып,
Сары кан менен Канчоро,
Эр Семетей арбагай,
Камандай болгон кулунун,
Арт жагынан жүрдү эле.
Сарынын кайкы белине,
Салып чыгып келди эле.
Санатта жок ат жатат,
Аман-эсен канкордун,

Адырда жатат жылкысы.
Аны көрүп Семетей,
Аралап келди жылкыны.
Эсептесе бул төртөө,
Ээр токум үстүндө,
Бир миллион ат жүрөт.
Муну көрүп кубанып,
Кан Бакай менен Сары кан,
Камандай болгон баланы,
– Кайда жүрөт – деп айтат.
Анда канкордун уулу сөз айтат,
– Кабылан тууган күлүстөн,
Кайкыда жатат – деп айтат.
Кабылан көздөй бет алып,
Астына түшүп бастырды.
Бакай абаң карысы,
Камандай болгон кайран эр,
Суркоён менен буурул ат,
Эки атты байлап салыптыр.
Ак каңкыны жазданып,
Кыбыла жакка баштанып,
Чолок чопкут жамынып,
Чоросу уйку алыптыр.
Бала жолборс жатканда,
Батына албай баарысы,
Баарысы карап турду эле.
Айбандан чурап абасы,
Асыл Бакай түштү эле.
– Карагым чоро тургун-=деп,
Уктап уйку кандыбы,
Уккун чоро тургун – деп,
Бакайдын үнү чыкканда,
– Бали ыракмат күлүстөн,
Абасынан ийменип,
Сабырдын түбү сары алтын,
Арстан бала турду эле.
Салам айтып Бакайга,
Бакайга айткан сөзү жок,
Бер жактагы Семетей,
Чунактын бири бул деген.
Көзү-башын ушалап,
Башатты көздөй басты эле,
Барып даарат алды эле.
Намазын окуп Күлчоро,
Басып келип кабылан,
Баары кийимин кийинип,
Күмүш кемер курчанып,
Күндөй бети сур чалып,
Сырбараң мылтык асынып,
Катын жандуу канкор деп,
Сырнайза менен Аккелте,
Каруу менен ыргытып.
Суркоёндой күлүккө,
Акканкы ээрин токутуп.
Түпөгү жок найза алып,
Ар акылга даанышман,
Абаке Бакай экен  – деп,
Арстаның бала бастырды.
– Тиги катын жандуу канкордун,
Катынын алган казакты,
Катары менен жай кылам.
Көөдөк канкор Семетей,
Кайгырбасын казакка,
Капа болбо чочкого,
Казак экөөнү кошоктоп,
Катар атып саламын.
Абаке Бакай кулак сал,
Ак-Кыянын үстүндө,
Кырк аскери жанында,
Адамга алы жетпейт  – деп,
Уяты жок ит казак,
Баатыр болсо бул чочко,
Качпай туруп жыгылып,
Бир баладан жазганып,
Тегеректеп келбейби,
Чороңду кармап албайбы.
Эр болсо казак эсер кул,
Мени өлтүрүп салбайбы.

Кудай алсын казакты,
Көрсөттүм Бакай азапты.
Кырк чоросу жанында,
Кыйраттым чочко казакты.
Кыйналбасын Семетей,
Алда кандай кылат – деп,
Абаке менден сезбегин.
Алакөөдөн акмагың,
Капа болбо мага – деп.
Кайгырт эми казакка,
Канкорго катуу сөз айтам.
Бакай улук сизге – деп,
Каршылык кылба бизге – деп,
Канкоруң экөөң бириккин,
Катуу айтсаңыз маа – деп.
Өзүңдү өзүң билбейсиң,
Канкоруң экөөң биригип,
Аба, капа кылсаң мени – деп.
Канкоруң экөөң дүйнөдө,
Кудай урсун силерди
Экөөң тирүү жүрбөйсүң.
Күлүстөн минтип айтканда,
Бакай баатырды көздөй желди эле.
Эр Семетей кеп айтат,
Касиеттүү кайран эр,
Абасынан кеп сурайт.
– Кагылайын кан Бакай,
Кара көңүл кан чычкыр,
Ээликмелүү кысталак,
Эмне сөздү баштайт – деп.
– Эмнеси курусун,
Кан Алмамбет баласы,
Абада жылдыз бозонду,
Көкчөнүн уулу Үмөтөтөй,
Өлтүрүптүр досуңду.
Периште чапкан жол экен,
Беш миллион кол экен.
Төрт миллион кетиптир,
Бир миллион кол өлүптүр.
Ажыратып атыңды,
Ак-Кыянын түбүндө,
Айдай сары талаада,
Алаңгирди салыптыр.
Ителги тийген таандай,
Быркыртып бөлүптүр.
Бөрү тийген миң койдой,
Дыркыратып бөлүптүр.
Ажалдуунун баарысы,
Камандай болгон чороңдон,
Арстан кулдан өлүптүр.
Азаптуунун баарысы,
Абийрин казак ачыптыр.
Сары-Арка көздөй качыптыр.
Суркоён оозун буруптур,
Камандай болгон чунагың,
Кажылдаган казактын,
Капталганын кырыптыр.
Кырк чоросун кыйратып,
Үмөтөйдү баш кылып,
Досуңузду сулатып.
Сумсайса жоодон кайтпаган,
Ажалдан башын тартпаган,
Атышкан жоодон качпаган,
Аткан октон коркпогон,
Камандай болгон кысталак,
Берендерин сулатып,
Коркокторун кыйратып,
Кумардан чыгып калыптыр.
Атаңдын көрү казактын,
Арка түлүк буурулду,
Ажыратып алыптыр.
Айтышып койгон сөзүм бар,
Атаңдын көрү казакка,
Капа болбо жарыгым,
Кайгырып ыйлап ийбегин,
Жашып кетип жарыгым,
Чунак кул салса азапка.
Бакай баатырга сөзүн айткан соң,

Канчорону чакырып,
– Калкымдын жарымын көчүрүп,
Каракан кызы Каныкей,
Касиеттүү энекем,
Атамдан калган зор үйдү,
Мейманкана чоң үйдү,
Акылга мол энекем,
Камандай кулдун маанисин,
Айта көргүн чоронун,
Абдан айткын дайынын.
Жылдырып жылкы айдасын,
Келишимдүү келинин,
Акундун кызы Чүрөктү,
Ээрчите келсин түгөттү.
Ногойдун баарын чогултуп,
Асыл энем бат келсин.
Камандай болгон чунак кул,
Адамга сырын айтпаган,
Ажалдан башын тартпаган,
Безилдеген чунагым,
Бек ачуусу келиптир.
Кара сур тартып кумсарып,
Асыл энем келсин де.
Акылга дыйкан Каныкей,
Арстан тууган баланын,
Ачуусун жазып берсин де.
Ушул сөздү айтканда,
Кең-Колду көздөй бет алып,
Кесирдүү чоро жөнөдү.
Каныкейге айтканда,
Кара аргымак токутуп,
Калкынын жарымын көчүрүп.
Моймолжуган келинин,
Жаркыраган Чүрөктү,
Боз жоргого мингизип.
Алтымыш атан алдырып,
Акылга мол Каныкей,
Жарым айлын көчүрүп.
Азаматтын баарысын,
Аскер жыйган эмедей,
Эки жүз катын ээрчитип,
Каныкей жүрдү Кең-Колдон.
Сары кайкы белеске,
Баки журтун апкелип,
Бура тартып Каныкей,
Булактан конуш чалды эле.
Айчүрөк экөө кеңешип,
Айлынын баарын кондуруп,
Апасын Бакай көрдү эми.
Айлы келип конду – деп,
Үмөтөй көздөй бет алып,
Сөзүн таап алмакка,
Канчоро, Бакай, Сарыкан,
Эр Семетей бул төртөө,
Эми жүрүп калды эле.
Үмөтөйдүн сөөгүнө,
Ак-Кыянын түбүндө,
Кылка аскери жанында,
Кыйшайып жатат кайран эр.
Боз олпок кийип булкунуп,
Камандай болгон Күлчоро,
Кайгырчу болсоң кара атка,
Кысталак сага кылбасам,
Кылыктуу Бакай алдында,
Кыйкайтып салбасам,
Кысталак сага кылбасам.
Артынан аңдып Күлчоро,
Бастырып келди булактап.
Суркоён менен сойкутуп,
Бастырып келди далдактап,
Эки буту салактап.
Арак ичип мас болуп,
Ачыгып калган бөрүдөй,
Абдан ылжып алгандай,
Оозу-мурду жалактап,
Желке чачы суюлуп,
Бир туруп темирдей болуп
карарып,

Камандай болгон кайран эр,
Кан Бакай менен Каныкей,
Ушу экөөнөн жазганып,
Өңкөй ногой көп журтун,
Сары канын баш кылып,
Кишисинбей кайран эр,
Баки журтту элебейт,
Тушарына теңебейт.
– Кайгырчу болсоң казакка,
Капа болсоң чочкого,
Канкор саа кылбасам.
Камандай чунак келди эле,
Кан султандын баласы,
Карап турат кашында.
Үмөтөй десе кашында,
Бакай келип түрттү эле.
– Чуу калканды салбасын,
Оо, түгөт чунактын төрүн
көрдүңбү.
Семетей карай салды эле.
Оң карап көзү жаркырап,
Ойрон кулдан бул сезип,
Сол карап күлүп болоктоп,
– Кагылайын кан Бакай,
Казакка ыйлап турганым,
Кылычын сууруп кынынан,
Каарданып калганын,
Канкорго ачуу келгенин,
Бакайы байкап калды эле.
Сабырдын түбү сары алтын,
Санаттуу чунак не болду.
Абаке Бакай курутар,
Акмактын кылган ишин көр,
Каныкей, Бакай болбосоң,
Кантер элем,
Кысталакка кайгырып.
Канкордун кылган ишин көр,
Көөсөр чочко канкордун,
Күйгүзүп ыйлап турганын,
Көөдөктү кудай урганын,
Асыл энем Каныкей,
Эки эмчегин эмбесем,
Ак сүтүнөн коркомун.
Абакем Бакай болбосоң,
Колум тийсе канкорго,
Кусуру уруп кетет – деп,
Жараткан жалгыз эгем,
Күнөөкөр болуп кудайга,
Жүзү кара болом – деп,
Бура тартып булкунуп,
Канкорго келди жулкунуп.
– Кан султандын баласы,
Канкорум сени кантейин.
Атадан кеткен кедейим,
Арсызым сага не дейин.
Акмакка неге ыйлайсың,
Атаң менден өлдүбү?
Азаптуу энең өлдүбү?
Айтып-айтпай пайда жок,
Ачууланды Күлчоро,
Акмагым сага айла жок.
Ак ордо көздөй бет алып,
Акылга мол Айчүрөк,
Көчө кылып кондуруп,
Сары тиш болгон катындай,
Эт асар карып түгөттүн,
Эки жүз катын чогултуп,
Манастан калган зор үйдү,
Заңгыратып жеңең көтөрүп,
Үй жабдыгын салдырып,
Отуз үч кылып чогултуп,
Келишимдүү канкорго,
Кемегени каздырып.
Акырет кеткен Манаска,
Жаасы, куран окутуп.
Алмамбет менен Чубакка,
Артыңдагы балдарды,
Арстан айым колдо – деп.

Серек менен Сыргакка,
Айтып малды мууздатып,
Айчүрөк жеңең камынып,
Аш-тамакты даярдап,
Безилдеген жеңеңиз,
Белгилүү мыкты аскерди,
Бек даярдап камынып,
– Арстандар качан келет – деп,
Ал сарамжал коё тур,
Арстандын уулу канкорду,
Бакай менен Семетей,
Баатырлардан кабар ал.
Канчорону чакыртып,
– Ак өлөктү алып кел – деп,
Ак ыңырчак токутуп
Үмөтөй сөөгүн жүктөтүп.
Досчулугу курусун,
Достун жайы момундай.
Ак өргөөнү көтөрүп,
Үмөтөй сөөгүн кийирип,
Акылга дыйкан абасы,
Аргындын баарын чогултуп,
Алты жүз жигит чакыртып,
Күлүстөндөн кырылган,
Аскердин сөөгүн көмдүрүп.
Чуулгандуу күлүстөн,
Чунак бала кыйраткан.
Ободон кудай билбесе,
Аны көргөн пенде жок.
Он сегиз күндөй болду эле,
Ошончо өлүк көмдүрүп,
Касиеттүү кан Бакай,
Канкордун колун ээрчитип,
Кайра салып келди эле.
Үмөтөй менен бир109 тууган,
Элчиликке баруу үчүн,
Эр азамат алдырды.
Бакай колун койду эле,
Семетейди чакырып,
– Жакуттан кылган мөөрүңдү,
Сарыгым жалгыз баскын – деп.
Үмөтөйдүн иниси,
Эр Качкынга чаптырып.
Он үч жигит ээрчитип,
Буудандарды токутуп,
Казакты көздөй жарышып.
Ой күлүстөн бээ союп,
Үртүктөтүп ат берип,
Султан боюн теңешип,
Энеси,Бакай,Семетей,
Эки чоро, Айчүрөк,
– Бери келчи бачым – деп,
Алышкан колум бар эле,
Айтышкан сөзүм бар эле.
Мусулман менен капырдан,
Айтышам деп жан чыкпайт.
Урунарга тоо чыкпайт,
Урушарга жоо чыкпайт.
Ак жороюн алда – деп,
Арбак сыйлап ошо жерде,
Буудан атты эр Төлөк,
Ак үртүгүн жаптырып,
Желмаянды жүгүртүп,
Арбак сыйлап арстаның,
– Алышкан колум бар эле,
Айтышкан сөзүм бар эле.
Барбай туруп досуна,
Жол боюнда кабылып.
Жообун берип кетти эле,
Кыз дегенде катынын,
Кылчайбай берип кетти эле.
Буурул ат берип Аколпок,
Абастан түшкөн Аккелте,
Аты, тонун сураган.
Беремин деп койгомун.
Убада сөздөн тайбаймын,
Күнөөкөр болбойм кудайга.
Жаркыным Бакай абаке,

Айткан сөзгө мен турсам.
Атка минген мыктыдан,
Адамзат пенде албайт.
Касташкан жоону кырдым – деп,
Маа, каталык кылар душман жок.
Кой Каныкей, Бакай кылчайба.
Кайгырбагын бул сөзгө,
Капа болбо баарың – деп.
Адамдын тилин албады,
Арбакка салам Семетей,
Буурул ат менен Аколпок,
Аккелте үчөөн берди эле.
Ай Күлчоро, Айчүрөк,
Агамдын тилин албайсың,
Ат тонуңдан айрылдың.
Арбагың кетти өзүңдөн.
Бузулдуң канкор сөзүңдөн,
Сыйкырың кетти өзүңдөң
Калың ногой көп журту,
Кан Бакай менен Каныкей,
Капа болуп барыптыр.
Көтөргөң үйдү көчүрүп,
Үмөтөй сөөгүн жөнөтүп,
Суркоён менен Семетей,
Кабылан тууган Күлчоро,
Кактекени карматып.
– Суркоёну курусун,
Бурак атым ушу – деп.
Камандай болгон күлүстөн
Капа болду кайран эр.
Ат тонунан ажырап,
Адамдын сөзүн байкабай,
Кан султандын баласы,
Карапайым болду – деп,
Канкорду кудай урду – деп.
Талас, Кең-Кол жерине,
Арстандар келди алыстан.
Аргын ногой элине,
Жай-жайына жатышып.
Жалпы ногой көп журту,
Кабылан Манас барында,
Каз үңкүрдөй болушуп,
Санаттуу ногой журтунун,
Санаасы тынган калкынын,
Эки чоро күлүстөн,
Эр Семетей, эр Бакай,
Жайына мындай таштаңыз.
Жаңыртып жомок угуңуз.
Талас, Кең-Кол жерине,
Окшомдуу ногой журтуна,
Ойрондун уулу түгөттү,
Таласын мындай таштаңыз.

## КЫЯСТЫН СЕМЕТЕЙГЕ  КАРШЫ СОГУШУ

Жет-Кайттагы жедигер,
Баатыр Толтой эрине,
– Канкордун зайбын алам – деп,
Кайнына кыргын салам  – деп,
Эгем таала кудайдын,
Эр Чынкожо, эр Толтой,
Буудандын оозун бурдурган.
Кырк миллион адамзат,
Кыз Чүрөктү алам  – деп,
Ушунча журтун кырдырган.
Канкордун зайбын алам – деп,
Берениң Толтой өлүптүр.
Белгилүү Кыяз кайран эр,
Балтыр бешик үч жашар,
Бешикте жетим калыптыр.
Жетим жүрүп жетилип,
Баатыр Кыяз журтунан,
Аттанып чыкты өтүнүп.
Кылыктуу калың журтунан,
Кырк жигитти чогултуп,

Аскер кылып алам – деп,
Кенебей жаткан жеринде,
Кең-Колдон чаап алам – деп,
Катынын жесир кылам – деп,
Канкордун уулун өлтүрүп,
Аңгемелүү сөз угуп,
Жыйырма алты жыл болуп,
Балтыр эти толуптур,
Балбан чагы болуптур.
Камандай болгон Кыязды,
Байкап турган кишини,
Абасы Толтой баатырдан,
Эки эсе анча эр болуп,
Камандай болгон кайран эр,
Капа болуп жүрдү эле.
Жедигерди чогултуп,
Көп жашаган карыдан,
Кеңеш айтып, кеп сурап,
– Илгери далай Кең-Колдо,
Кожо,молдо,эшен бар,
Акылга артык чечен бар.
Көмкөрө журтум көбүңө,
Көп жашаган карыга,
Мекеге барган карыга.
Олуя чапкан жол менен,
Ногойду көздөй бет алып,
Ушу жол менен илгери,
Жүргөн журтум барсыңбы!
Манастын уулу Семетей,
Билген журтум барсыңбы!
Мындан мурун мындай сөз,
Уккан журтум барсыңбы!
Урушарга кол сурап,
Чыккан журтум барсыңбы!
Кабылан канкор баласы,
Каны бир менин тукумум,
Менден мурун кол курап,
Чоң атакем эр Багыш,
Эр Багыштын баласы,
Өзүмдүн атам эр Толтой,
Эки атам кууду бар элин.
Атышып канкор чочкодон,
Атамдын кошун илгери,
Алышкан журтум барсыңбы!
Асыл Толтой атамдын,
Атышып атып канкордон,
Атамдын кунун заманда
Алган журтум барсыңбы!
Бойго апарып тыңдашып,
Буудандын оозун илгери,
Бурушкан журтум барсыңбы!
Аскерди жыйып камданып,
Айбанатты тапташып,
Айбалта, кылыч камдашып,
Мылтык, найза жасашып,
Урушкан журтум барсыңбы!
Бойго берилип чыңдашып,
Урушкан журтум барсыңбы!
Манастын уулу канкорго,
Каршы чыгып кол курап,
Урушкан журтум барсыңбы!
Эгем таала кудайды,
Не салганы илгери,
Көрүшкөн журтум барсыңбы!
Кол курап чыгып курашып,
Өлүшкөн журтум барсыңбы!
Жалганчы жарык дүйнөдө,
Дагы ошондой заманды,
Билген мыкты барсыңбы!
Аскер башы болушуп,
Жүргөн жртум барсыңбы!
Кайгысын жалпы эскерип,
Талды бойлоп илгери,
Агыны катуу суу кечип,
Ашуу ашып, таш басып,
Эчен далай тоо ашып,
Калган ногой журтуна,
Барган журтум барсыңбы!

Азаматын кырылтып,
Ат үстүндө сулатып,
Кырган журтум барсыңбы!
Так ушундай жумушту,
Кылган журтум барсыңбы!
Эгем таала кудайдын,
Не салганын илгери
Көрүшкөн журтум барсыңбы!
Семетей менен атышып,
Өлүшкөн журтум барсыңбы!
Атамдын кунун моминтип,
Алган журтум барсыңбы!
Алда тагдыр кеп айтат,
Атам Толтой өлгөндө,
Чаптырып ийип душманга,
Ажал бирөө, өлгөн бирөө,
Өлгөнүнөн калганын,
Эгем таала кудайдын,
Ошо күндөн ушу күн,
Кор кылып жүрүп эр Кыяз,
Эмгектүү күндү көп көрүп,
Ат жалын тартып мингени,
Он жетидей жыл болду.
-Жыйырма жети жашыңда,
Ушу жылы келипсиң,
Кең-Кол менен Таласка,
Барар маалың болуптур.
Бу жыл сөөгүң толуптур,
Эр Толтойдон туулган,
Эр болсоң Кыяз чырагым,
Атанын кунун алуучу,
Шер болсоң Кыяз чырагым,
Келерки күздө барсаңчы.
Кең-Колдогу канкордон,
Кетирбей кегиң алсаңчы.
– Барар маалым боло элек
Отуз үчкө чыгайын,
Ойдо жаткан канкорго,
Ойротту анан салайын.
Кысталактын баласын,
Кан атамды өлтүргөн,
Канкордун күчүн көрөйүн.
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн.
Атышып атып ошондон,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Катынын жесир кылайын,
Кубат берсе кудайым,
Өлбөй тирүү мен турсам,
Калкына кыргын салайын.
Кабылан Толтой атамдын,
Моминтип өчүн алайын.
Бакыртпай төөсүн комдотуп,
Шаңшытпай бүркүт алдырып,
Ыйлатпай бала өңөртүп,
Калкына кыргын салайын.
Кара элечек кылайын,
Ыйлатпай акым алайын,
Өткөзбөй өчүм алайын,
Келерки күздө барайын.
Кенебей жаткан жеринде,
Келтирип кыргын салайын,
Кетирбей өчүм алайын.
Кан атам Толтой ордуна,
Кабыргасын сөгөйүн,
Канын суудай төгөйүн.
Баатыр атам Толтойдой,
Башын кесип салайын,
Моминтип кыргын салайын.
Жолумду баштап берүүчү,
Даанышманың барсыңбы?
Манас менен илгери,
Алышканың барсыңбы?
Көп жашаган илгери,
Көптү көгөн калайык,
Даанышманың барсыңбы?

Келерки күздө барамын,

Камынып тургун калың журт.
Айбанатты тапташып,
Аскерди камдап шайланып,
Камданып тургун калың журт.
Мыктыларды чогултуп,
Шаңданып тургун калың журт.
Эгем таала не салганын көрөйүн,
Баатыр Кыяз жаш бала,
Моминтип жатат Жет-Кайтта.
Касиеттүү кайран эр,
Калкына сөзүн угузуп,
Камсанабай бул жатты.
Калкына кабар угузуп,
Жедигер деген калкына,
Жетип кабар угузуп.
Жет-Кайтты мындай таштайбыз,
Ант уруп кеткен кысталак,
Канкордун уулу Семетей,
Кабылан сага кылбасам,
Ак кагазга кат жазып,
«Акмак Кыяз келсин – деп,
Атанын кунун алсын» – деп.
Жаш балдардан дайын жок,
Баатырдын уулу кеп айтат,
Бакай канга сөз айтат.
– Кана Бакай абаке,
Чоролор кайда болучу?
Эки чунак арстан жок.
– Коркпо ботом балдардан,
Арбак колдо балдарды,
Кудай кубат берер – деп,
Эсен болсо жаш балдар,
Эки,үч күндө келер – деп.
Кагылайын чоролор,
Калган кытай, тыргоотко,
Кара көңүл чунактар,
Калганына калмактын,
Катуу кыргын салгандыр.
Кубанычты көргөндө,
Кайра тартпас бала эле,
Кудай бетин салгандыр.
-Жок абаке ишенбейм,
Ар немени түгөнгүр
Аңдабаган неме эле.
Эчтемени чунак кул,
Элебеген неме эле.
Тушарына калчаны,
Теңебеген неме эле.
Кысталак кытай көп тыргоот,
Арачалап чорону,
Бөөдө өлтүрүп кеткен бейм,
Бөөдө ботом мерт кылып.
Оболоп учар чалгыным,
Өйдө чыкса өбөгүм,
Ылдый түшсө жөлөгүм.
Алтындан кылган сом балкам,
Агарып келген тыргооттун,
Алмамдан калган жоо аркам.
Күн жагында көлөкөм,
Ичим капа, тышым чок,
Өңгө жалган өлүм чын,
Өлүм айтып келеби.
Душман керез айттырбайт,
Ажал депкир таптырбайт.
Бул жалгандан мен кетсем,
Белим бекем бууган жок,
Уялаштан тууган жок,
Арстан турду кайгырып.
– Капа болбо баатыр – деп,
Жеңең Чүрөк кеп айтат.
Ай жаркын төрөм ойлончу,
Тилекти кудай береби.
Айтты койду дебегин,
Ойлочу келер ойрон – деп.
Кытайга кыргын салгандыр,
Канчоро менен күлүстөн,
Кара көңүл немелер.
Кубанычты көргөндө,

Алты күндө жаш балдар,
Аман болсо келер – деп.
Камсанаба падышам,
Капа болбо чородон.
– Койгун Чүрөк ишенбейм,
Күлүстөн төрө бар болсо,
Олжого кароо бала эмес,
Кызыгуучу жан эмес.
Күлүстөн бала келбесе,
Кабырганды сөкпөсөм,
Каныңды суудай төкпөсөм.
Аңкылдап Чүрөк калп айтып,
Жалган айтып турасың.
Күлүстөн менен Канчоро,
Эки чунак келбесе,
Калың ногой кырылгыр,
Каралды келбейт маа – деп.
Ишенбеймин саа – деп,
Баланын жайын билгидей,
Машаяк болуп кеттиңби.
Оюңдан сөздү чыгарып,
Олуя болуп кеттиңби.
Картайганда ой ойлоп,
Жакшы блуп кеттиңби.
Болду, Чүрөк, болду – деп,
Этият болгун ушуга.
Кабылан чоро келбесе,
Кан Акундун колуна,
Акыры сенден кечпесем,
Азыр салып бербесем.
Бейбак сенден кечпесем,
Мекеде султан пир урсун.
Төбөңдү тилип туз салып,
Таманың тилип кум салып,
Так ушундай кылбасам,
Алмамбет менен Чубактын,
Серек менен Сыргактын,
Атам Манас канкордун,
Ачууланды дебегин,
Азыр урсун арбагы.
Калың ногой журтунан,
Кара көңүл дебегин,
Көп айтпаса байкабас,
Көөдөк канкор дебегин.
Кармаймын сенин сөзүңдү.
Олуязада экениң,
Ойрон балдар көзүмө,
Алтынчы күнү көрбөсөм,
Арстаным балдар көрүнсө,
Астыңа күнү албасмын.
Артылтып камчы чаппасмын,
Убадама турармын.
Болду Чүрөк макул – деп,
Болукшуп атка минди эле,
Ногойдун баарын жыйды эле.
Күн жалган түш болгондо,
Бакайды көздөй салды эле.
Көк ала ат менен сойгутуп,
Абасы Бакай келди эле.
Көк ырапыс чопкутчан,
Кой чагыр мылтык ийнинде,
Асылы Бакай кеп айта:
– Кан султандын баласы,
Капа болбо – деп айтат,
Мен бир кароол карап келейин.
Боз-Мурун көздөй салды эле,
Абасы Бакай ойлосо,
Алтынчы күндөр өтүптүр.
Жетинчи күнгө жетиптир.
Жалгыз көздүү дүрбүсүн,
Көзүнө салып эр Бакай,
Болжоп карап калды эле.
Сары-Кайкы белестен,
Саналып жылкы көрүндү.
Жердин жүзүн бербеген,
Ичи капа тышы чок,
Бакай аралата караса,
Ичинде жайдак жылкы жок.

-Кудай маа берген бейм,
Чоролор аман келген бейм.
Калган кытай тыргоотко,
Аябай кыргын салган бейм,
Кумардан чыгып алган бейм.
Балдарды байкап караса,
Түрмөгү менен туруптур.
Үзөңгүсү кагышып,
Балдар келет жарышып.
Бакай кайра салды эле,
– Кан султандын баласы,
Камандай балдар келген бейм.
Катынына сүйлөнүп,
Капа болуп каласың.
Сүйүнчү, чунак, сүйүнчү!
Чоролор келет жарышып,
Тизгин колдо карышып,
Бир миллион атты айдап.
Кудай берип салыптыр,
Буудандарды булкунтуп,
Кабагы ачык жаркылдап,
Каткырып келет чоролор.
Кара калмак, тыргооттун,
Калганын такыр кырган бейм,
Кудай берип салган бейм.
Бура тартып Семетей,
Бу сөздү угуп кайран эр.
– Баки ногой чогул – деп,
Бакай канды ээрчитип,
Айчүрөктүн ордого,
Арстандын уулу Семетей,
Жаркыным Бакай мурапым,
Абакесин ээрчитип,
Арстаның келди чоң үйгө.
Айчүрөк менен Чачыкей,
Кыя тартып кылактап,
Аркан бою Бакайга,
Бала каздай бойпоюп,
Мелтиреген бейбагың,
Жүгүнүп келди чойкоюп.
Абасы аттан түшкөн соң,
Акырга атын байлады.
Ак эшикти көтөрүп,
Акырын ачты жеңеңиз.
Аюу талпак, чоң күрсү,
Алдына жая салды эле,
Абасы Бакай олтурду.
Алты бээнин терисин,
Аябай кылган зор саба,
Күмүш саптуу чоң бишкек,
Күпүлдөтө быштырды.
– Бышпай койчу балам – деп,
Баатыр Бакай айтканда,
Акундун кызы Чүрөгүң,
Акылга мол бейбагың,
– Ачкыл жандуу абам – деп,
Алтын аяк сыр кесе,
Баса куюп алды эле,
Бакай канга сунду эле.
Ачкыл жандуу абасы,
Аны тартып ийди эле.
– Жаркыраган жарыгым,
Жандырып куйчу дагы – деп,
Оозун басып балк этип,
Оң бөйрөгү болк этип,
Оңдонуп Чүрөк басты эле,
Жана баса куйду эле.
Жаркыраган бейбагың,
Абасына сунду эле.
Кабылан жолборс кеп айтат:
– Абаке Бакай арстаным,
Жаркыным Бакай абакем,
Олжосун өзү алды – деп,
Ногоюң күбүр кылбасын.
Калкыңдын баарын жыялык,
Жетим-жесир бар болсо,
Жеткизе баарын берлик.
Сага сүйүнчүлөп келгемин,

Бүтүм бөлөк чыгаргын.
Абасы Бакай айтканда,
Карс этип күлүп кайран эр,
– Алтымышты берем – деп,
Арстандун уулу айтканда,
Ыраазы болуп эр Бакай,
Артынан басып Семетей,
Боз-Дөңкүлгө чыгышты.
Камандай балдар келатат,
Үзөнгүсү кагышып,
Тамаша кылып жарышып,
Ак ордо көздөй арстандар,
Айлын көздөй бет алып.
Арстаның Бакай, Семетей,
Боз-Дөңкүлдө турганда
Аркан бою алдына,
Арстандар түшө калды эле.
Салам айтты жаш балдар,
Абасы менен көрүшүп,
Колун кармап калышып,
– Кесиреттүү жаш балдар – деп,
Ачууланды Семетей.
Кенедей жаным калсачы,
Эки чоро келбейт – деп.
Алакөөдөн сен эки ит,
Бөөдө өлүм болду – деп,
Кабыргаңды сөктү – деп,
Башыңды калмак кести – деп.
Эсимди минтип чыгарып,
Эмгиче эки ит не жаттың?
Канкор минтип айтканда,
Ачууланган канкордун,
Камандай болгон Күлчоро,
Кайраты бар ошончо,
Айта турган сөзү көп.
Жаңылып кетчү жан эмес,
Коркуп кетчү бала эмес.
-Кан аба Бакай калыс бол,
Баатырдын уулу Семетей,
Түбүнө жетпей калчанын,
Баатырын жайлап салгансып,
Эскара, Жолой эки кан,
Ээликмелүү бул иниң,
Ороккырын баш кылып,
Алтымыш алпын бир үйдөн,
Акыры жайлап салгансып,
Момунун айткан сөзүн көр.
Калганына калмактын,
Такыр кыргын көрсөтпөй,
Кумардан чыгып сайбай – деп,
Такыр кыргын кылбай – деп.
Аман болсоң угарсың,
Аз эле кытай кетти – деп,
Кыргын салып кыйраттык
Кара калмак тыргоотун,
Калганын такыр сулаттык,
Сен катындан бетер качасың.
Жармын кырып салдым – деп,
Катыныңа мактанып,
Кайра абаке барасың,
Сен кантип жеме кыласың.
Күнгөй өйдө Канчоро,
Түгөттүк кытай тыргоотту.
Туура сайдык калмакты,
Көрсөтүп кытай калмакка,
Көтмалдыны кечирип,
Тескей өйдө бет алып,
Тезектей терип мен сайдым.
Качан баатыр калмакты,
Кабылан аба сен сайдың,
Камандай балдар биз сайдык.
Каптабагын бизди – деп,
Билдик аба сизди – деп,
Жаман чоро экен – деп,
Баатыр ачууланба бизге – деп.
Ушу сөздүн эби жок,
Кан Бакайдын алдында,
Катыныңдай кулдарды,

Каптабагын жөнү жок.
Кызыл-Кыя эңкейтип
Санатта жок Канчоро,
Сапырылтып бул сайды.
Жыргалаңды өрдөтүп,
Чаар-Жондон өткөзүп,
Түпкө алдын киргиздим.
Кумардан чыгып ат жыйып,
Калмакка кыргын таптырып,
Кайра тарттык аба – деп,
Айбандын баарын чогултуп,
Ажалдуусун сулатып,
Колдо,кудай,колдо – деп,
Жерге-Тал келип биз жаттык.
Бар олуя кырк чилтен,
Бала Алмамбет, Чубактын,
Кара кезек кыргактын,
Камандай болгон Сыргактын,
Арбагына жалынып,
Кайберен кырк чилтен,
Пирлерине сыйынып,
Мекеде султан Айкожо,
Ак эшенге жалынып,
Баабединди чалдык – деп,
Бой жанчылып калды – деп,
Ат чаалыгып калды – деп.
Жерине кытай тыргоотту,
Жеткире кырып салдык – деп,
Минтип өчтү алдык – деп.
Кудай алсын тыргоотту,
Кыргын салып келдик – деп.
Тула бойдо тамтык жок,
Зооттун баарын чечиндик,
Олпоктун баарын жайдык – деп,
Эсибиз чыкты ошондо,
Эки жүздөй ок түштү,
Экөөбүздүн чопкуттан.
Кантип жаным калды – деп,
Катуу корктук ошондо.
Булгактагы испиртти,
Арактын баарын жыйганбыз.
Ак дарысын жана алып,
Ичтен өлчөп ичтик – деп.
Белден кубат кетирбей,
Олпоктор тосуп туруптур.
Кызуу болуп калыппыз,
Кыйшайбастан жүрүппүз,
Жыргалаңдын боюна
Жылкыны жайып салдык – деп,
Баабединди салдык – деп.
Болжолу жок салышып,
Ат чаалыгып калды – деп,
Ат өргүтүп алдык – деп,
Он алты күнү жаттык – деп.
Кайгырсаң канкор кулдарга,
Кур десе Коңур-Өлөң эңкейип,
Каарданып күүлөнүп,
Сен камандай кулга сүйлөнүп.
Каптагансып келесиң,
Эчтекени элебей,
Камандай кулду ардактап,
Сатпагансып келесиң.
Бизден башка эчтекени,
Таппагансып келесиң.
Бакай канды ээрчитип,
Кумардан чыгып кыргансып,
Мактангансып келесиң.
Бизден башка эчтемке,
Таппагансып келесиң.
Бакай канды ээрчитип,
Кумардан чыгып кыргансып,
Мактангансып келесиң.
Баки журтуң биригип,
Бачым олжо алгын – деп,
Баабединди чалгын – деп,
Балдары туруп айтканда,
-Макул,балдар,макул – деп,
Бакай канын ээрчитип,

Кең-Кол менен Таласты,
Каптап кетти көп жылкы.
– Кайдан келген жылкы – деп,
Кара-Буура, Чаткалда,
Кайкалап аткан көп жылкы,
Айбанга минип жарышып,
Арстандын үйүн бет алып,
Көп ногой келди бет алып.
– Баатырдын уулу кайда? – деп,
Баки ногой көп журту,
Баарысы келди үстүнө.
Карысы келди үстүнө,
Кожо, молдо ногойдун,
Эшени келди үстүнө,
Чечени келди үстүнө.
Далайды уккан даанышман,
Мыктылары келди эле.
Жоо бөрүсү көйкашка,
Мыктылары келди эле.
Жасайылын салынып,
Жаратканга жалынып,
Баки журттан бата алып,
Баабединди чалдырып,
Элине тойду бердирип,
– Олжодон келген жылкыңды,
Кабылан балдар бат чогулт.
Камчыга салып санады.
Бир миллон жылкы экен.
Бир-бирден бөлүп эр Бакай,
Бириндетип берди эле.
Карып менен жетимге,
Кан Бакай берди таратып.
Алтымыш атты эр Бакай,
Өзү энчилеп чыгарып,
Быйты күң келди күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп.
– Кабыргамды кыйратып,
Ногойдун баарын үркүтүп,
Ушак кылып иет – деп,
Убалым уктатпасын куйту кул.
Коңур-Өлөң сазына,
Кемирчек казып кедейтип,
Какмар кул мени талаага
Какшатып таштап кетти эле.
Соогатты арбын берем – деп,
Өзүң убада кылып кеткенсиң.
Келе олжомду бергин, ойрон кул!
Куйтуңдаган куйту күң,
Он беш ат алды ушу күң.
Бирин албай Семетей,
Эки чоро күлүстөн,
Ногойго жетпей калат – деп,
Отуз аттан берди эле.
– Жетпегенге бергин – деп,
Биз ыраазы баатыр – деп,
Карып менен жетимге,
Канкор бөлүп бергин – деп,
Кабылан балдар бөлдүрүп,
Жетимге баарын бердирип,
Батаны алды баатырлар.
Алмамбет менен Чубактын,
Серек менен Сыргактын,
Кылкандай болгон ногойдун,
Кызына тойду бердирип,
Арбакка атап чалдырып,
Баарынан бата алышып,
Көп жашаган ногойдон,
Карыдан бата алышып,
Урушар жоону жоюшуп,
– Кардашып жүргөн калчаны,
Кылымга толгон кытайды,
Кыйратып баарын жойдук – деп,
Касташканды сойдук – деп,
Кабыландар тынч алды.
Урушарга жоо жок – деп,
Урунарга тоо жок – деп,
Капыр менен мусулман,
Кандай мыкты келет – деп,

Камсанабай кабылан,
Калың ногой журтуна,
– Кара сууда кеме жок.
Калың ногой көп журтум,
Камсанабай жата бер.
Баатырдын жайын сураба,
Баянын айтып берейин,
Башынан ылдый келейин.
Айдаркандын эр Көкчө,
Казактан чыккан шер Көкчө.
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Шатемир экен кайыны,
Чачыкей экен зайыбы.
Күйөөчүлүк сүрөм  – деп,
Калың кара мал алып,
Алтын, күмүш зар алып,
Кайнын көздөй бет алып,
– Айдап барып бергин – деп,
Эки жигит ээрчитип,
Ашыкпай анан барам – деп,
Үй көтөрүп, бээ союп,
Даяр болуп турсун – деп,
Манастын уулу Семетей,
Эки чоро баш экен.
Энесинин эмчегин,
Экөөнө тилдеп эмизген.
Үйүндө жатып ээлигип,
Эр Семетей жээлигип,
Ак тайганын ээрчитип,
Ак шумкарын кондуруп,
Кылычын кынга салынып,
Аккелте мылтык асынып,
Жар кыдырып куш салып,
– Эриккеним жазам – деп,
Түпкүргө тайган жойлотуп,
Баатырдын уулу чыкканда,
Кайкынын сары белинен,
Кабылан баатыр Үмөтөй,
Салам айтты Семетей,
Алик алды Үмөтөй.
– Жол болсун, баатыр, жол болсун!
Өзүңүзгө жол болсун.
Эки жигит ээрчитип,
Эрдемсинип алыпсың.
Сонун жерге барчудай,
Жарактын баарын салынып,
Жоо жарагын бет алып,
Мыктысынып калыпсың.
Ар кайсыны ойлонуп,
Мыктысынып калыпсың,
Ыктуусунуп калыпсың.
-Өзүңдүн жайың ким болот?
Сөз сурамак улуксат,
Дин сурамак шарият,
Жөн сурамак изат – деп,
Жөнүңдүн жайы ким болот?
Эл сурамак сүннөт,
Элиңдин жайы ким болот?
– Баракелде баатыр – деп,
Ырас болот макул – деп,
Ушу сөзүң акыл – деп.
Жеримдин жайын сурасаң,
Сары-Арка деген жерим бар,
Калың казак элим бар.
Калың журтту башкарган,
Кан Айдаркан чоң атам,
Казактан чыккан өз атам,
Эр Көкчөнүн баласы,
Эр Үмөтөй мен болом.
Шатемир деген кайным бар,
Чачыкей деген зайбым бар.
Кундуздай кара чачы бар,
Так он төрттө жашы бар.
Айдатып ийдим малымды,
Көргөнү баатыр жарымды,
Кайнымды көздөй кат алып,
Эки жигит ээрчитип,
Алыс жерге барамын.

Өзүңдүн жайың ким болот?
– Өзүмдүн жайым сурасаң,
Бетеге белден бураган,
Бедеси менен ыраңы,
Ат боорунан ыргалган.
Элиги менен түлкүсү,
Алыс,алыс чураган.
Шай колдогон илгертен,
Кең-Кол, Талас жерим бар,
Келбеттүү ногой элим бар.
Чоң атам мыкты Жакып кан,
Капыр менен мусулман,
Катар аким сураган,
Кабылан Манас өз атам.
Манастын уулу Семетей,
Баатыр бала мен болом.
Баятан айтпай жайыңды,
Билдим эми өзүңдү.
Баатырлардын балдары,
Ошончо журтту багынткан,
Ошолордун балдары.
– Ободо жылдыз болсо экен,
Эр Көкчө атам айтчу эле,
Манас менен дос элем,
Баласы менен дос кылам.
Атакем ошол айтчу эле,
Ошо канкор сенсиңби?
Ободо жылдыз боз белем,
Экөөбүз убадалуу дос болуп,
Алыстан акыреттик болушуп,
Аккелте оозун өбүшүп,
Келме шаарат куранды,
Көкүрөккө урушуп.
Ак албарс мизин жалашып,
Акыреттик болушуп.
Катынымдан кечтим – деп,
Талак кат берип колуна,
Талак катты сунгун –деп,
Талак катка бербесе,
Эсебин азыр тапкын – деп.
Элин такыр чапкын – деп,
Кайынымдан кечтим – деп,
Үмөтөй кайра тартты эле.
– Кабылан досум тура тур,
Казак көйрөң дечү эле.
Катынымды бердим – деп,
Мактанып куру кетпегин.
Кан Акун деген кайным бар.
Кан Айчүрөк зайбым бар.
Катынымды берейин,
Сумсайып куру кетпегин.
– Катынга катын албайм – деп,
Каалаганың алгын – деп.
– Буурул ат менен ак олпок,
Сүйсөң алачтан түшкөн Аккелте,
Ушул үчөөн бергин – деп.
– Болот баатыр, макул – деп,
Ант ичишип, уу жалап,
Убадалуу шерт кылып.
– Беремин,досум,беремин,
Убадамдан кайтпаймын
Чочуучу буркан жерде – дейт.
Катуу багыт элде – дейт.
Кан Акун деген кайным бар,
Кайныма күздө барайын,
Акундун кызы Чүрөктү,
Катынымды алайын.
Келерки күздө барамын,
Бээжиндеги чочкодон,
Белиме саадак бууймун – деп,
Кылымга толгон кытайдан,
Манастын кунун кууймун – деп.
Өлтүрүп түпкө жетем – деп,
Өлсөм шейит кетем – деп.
Кенебей жаткан калчадан,
Кетирбей кегим алайын,
Өткөзбөй өчүм алайын.
Кылымга толгон кытайга,

Кыргын салып ийейин.
Кубат берсе кудайым,
Тамам кыргын көрсөтүп,
Таш коргонун талкалап,
Такыр кыргын кылайын,
Анан ат тонумду берейин,
Анан кийин келип ал.
Карагай найза май кылсам,
Ал калчаны жай кылсам.
Капыр менен мусулман,
Андан кийин жан түтпөйт.
Убадалуу жери бар,
Берендин уулу беркинин,
Ушу жолдо баатырга,
Катынынан кечкен соң,
Аты тонун аябай,
Бере турган жөнү бар.
Алты жылдар өткөн соң,
Сары-Аркада баатырдын,
Үмөтөйдөн кабар ал.
– Айтышкан сөздө бар болсоң,
Убадалуу шер болсоң,
Ушу сөздө бар болсоң,
Аңгемелүү кеп уктум,
Кылымга толгон кытайга,
Кыргын салды деп уктум.
Манастын уулу Семетей,
Убадалуу шер болсо,
Коңурбайды өлтүргөн,
Аты,тонун берсин дейт,
Калчага кыргын салды дейт.
Эр Үмөтөй кайран шер,
Арага киши жиберди.
Кайкынын сары белинен,
Кең-Колдун маңдай жагынан,
Камандай кулга кабылды.
Салам айтты Күлчоро,
Алик алды бул казак.
-Кайсы жакка барасың?
Эр Үмөтөй аяшка,
Берсе баатыр алып кел.
Айчүрөккө айтсын дейт,
Канкордун уулу досумдан,
Аколпок менен буурулду,
Досумдан алып берсин – дейт.
Эр Үмөтөй чоросу,
Эр Аалы деген мен болом.
-Атаңдын көрү казактын,
Катынын кайдан алдык биз.
Ат турсун акмак казакка,
Алакандай чолок жок.
Ажалдан мурун өлөсүң,
Азапты азыр көрөсүң.
Баатыр айтса болбоду,
Жээн казак торгоду.
– Маңка казак бастыр – деп,
Барсылдатып сабады.
Үмөтөйгө айта бар,
Айбандын оозун керсин де.
Урушчу мыкты шер болсо,
Колун курап Үмөтөй,
Атышар жерге келсин де.
Көтүн кысып ит казак,
Манастын уулу Семетей,
Сураганын берсин де.
Бөөдө кыргын көрбөсүн,
Катылам деп канкорго,
Казакты кудай урбасын.
Көпсө тогуз казакка,
Буурул ат деген эмне,
Ары жок казак чочконун,
Ат суратып турганын,
Тооруп алчу мыктыдай,
Тон суратып турганын.
Атышуучу немедей,
Акмак казак арсыз кул,
Ак келтени берсин – деп,
Жабдыкты сурап турганын.

Касиеттүү канкордун,
Касташканы арбын – деп.
Ээн жерден чоңсунуп,
Касташканы арбын – деп,
Карсылдатып токмоктоп,
Жолборстой күчтүү түгөнгүр,
Айта баргын жанагы,
Ажылдаган кысталак,
Үмөтөйгө айта бар.
Атышар болсо Үмөтөй,
Алты күндөн калбасын.
Катын болсо качсын – деп,
Эрдемсинген ит казак,
Ушуну менен угуп ал,.
Ат сураткан кишисин,
Тосуп туруп үч урдум.
Кабыланга катылбай,
Кабыргасын кыйратып,
Үмөтөй менен үч жиберген кишисин,
Каршылык кылсаң соёмун.
Жалынсаң мага жалбарып,
Араң жаның коёмун.
Ат сураткан арсызым,
Акмагыңа айта бар,
Кара көңүл Күлчоро,
Кан жөткүртүп бек урду,
Ушу жерде көп урду.
Төкпөй-чачпай кебимди,
Билесиңби өзүмдү,
Төрөңө жазбай айтып бар.
Какылдаган казактын,
Катынын кайдан биз алдык.
Семетей менен дос болуп,
Корккунунан канкордон,
Катынын берип кысталак,
Кантип ат сурап турганын.
Эгем таала кудайым,
Не салганын көрбөсүн.
Кабылан эмес чорого,
Эрегишип келем – деп,
Бөөдө казак өлбөсүн,
Азапты менден көрбөсүн.
Кайраттуу болсо казагың,
Козголбой турам Кең-Колдо,
Колун курап келсин – деп,
Келсе казак чочкого,
Семетей эмес айта бар,
Көрсөтөмүн ошого.
Бул суроомду бузбай – деп,
Төкпөй-чачпай жакшы айт,
Тооңду алап келе кой.
Кылчайбай жүрө берди эле,
Казак калды кайгырып,
– Ат суратып бу акмак,
Кап, атаңдын көрү сени – деп,
Бул кулу кан жөткүрттү мени – деп,
Асыл Манас баласы,
Арстан тууган түгөттөн,
Кулу мындай болгон соң,
Катының менен кара кий,
Бууданын кантип алат – деп,
Атаңдын көрү чочкого,
Тирүү туруп жалганда,
Айбанын кантип берет – деп.
Буудан аттан айрылса,
Бөөдө арам өлөт – деп,
Эр Семетей бербейт – деп.
Семетей эмес мына бул,
Камандай болгон кулуна,
Кабылса казак өлөт – деп,
Элеси кетти көрүнүп.
Сары-Аркада баатырга,
Үмөтөйгө сүйлөнүп.
Казакты мындай таштай тур,
Кең-Колдо жаткан кенебей,
Душмандын белин сындырып,

Туйгун тууган кайран эр,
Журтунун көөнүн тындырып,
Эми кандай мыкты келет  – деп,
Калмактын белин сындырып,
Камсанабай душмандан,
Кайран эр жатты ошондо.
Салбар катын Чачыкей,
Чүрөктү бузуп чочколор,
-Куу шыйрак канчык жөөт – деп,
Карып калган кезинде,
Кантип тоёт мунуң – деп,
Каратып бузду бул экөө.
Алакөөдөн кайран эр,
Алигиндей сөзгө агарып,
Кыйноо күндү көрсөтүп,
Салынды кылып кырк күнү.
Капа болбойт бейбагың,
Канкордун кылган ишине.
Кайышпады Айчүрөк,
Кереметинде билди эле.
Намаздигер шам менен,
– Кагылайын күлүстөн,
Энекемин сөзү ургур
Буурул аттын күчү ургур.
Арам кыял Канчоро,
Кошомат болуп салбарга,
Кошо бузду канкорду.
– Канчорону чакыр – деп,
Адамдын тилин албаган,
Алакөөдөн канкорго
Бүгүн алыскы жерден жоо келет.
Чалкалап жатсын салбарга,
Ал канкорду көздөй каттаба.
Ак дилиң менен күлүстөн,
Мага бир азыраак кызмат кылып бер,
Бууууданды бачым кармап кел.
Колуна бергин күлүктү,
Атакемин жылкысын,
Айдап кирип капкага,
Дарбазага кийирип,
Арам кыял чочкону,
Канчорону чакырып,
Жолдош кылгын ошону,
Таң тыяктан сөгүлүп,
Жарактын баарын салынып,
Жакшы тозгун душманды.
Апкөй тилдүү Канчоро,
Акмак кул түпкө жетпесин,
Этият болуп тосо көр.
Эрдемдүү бейбак ээлигип,
Эр талашып айтат – деп,
Канкор эрин тарттырып,
Чачыкейдей сулууга,
Ич күптү менен айтат – деп,
Акыры сени бузбасын,
Буудандын оозун бурбагын.
Акыры саат кылбагын.
Канкорго каршы болбосун,
Этият кылып тура көр,
Алдырып ийбе жылкысын.
Жылкынын баарын айдатып,
Дарбазага кийирип,
Намаздигер шам менен,
Капканы кайра бекитип,
Бейбакка буурул атты алдырып,
Ак октосун алды эле,
Ак үртүгүн жапты эле.
Сыр мамыга бек байлап,
Жакут шамын жандырып,
Ала жууркан, ак шейшеп,
Буруксуп бейбак жатты эле.
Эр Күлчоро канетсин,
Кабылан тууган кайран эр,
Канчорого барды эле.
-Жүр, Канчоро, жүр – деди,
Жарактын баарын бат салын,
Жаңыдан душман келет – деп,

Камынды баатыр Канчоро.
Апкөй тилдүү жөөткө,
Жаңылыш айтып салбасын.
– Барса баатыр баралык,
Кабылан чоро айтканда,
Туруучу чоро беркиби?
Суролпок кийип булкуюп,
Суркоён минип сойкоюп,
Сыр бараң мылтык асынып,
Буттай темир курчанып.
Кылычы кында кыңгырап,
Дарбазаны тосмокко,
Бастырып келди баатырлар.
Күүгүм кире күн бата,
Элдин алды жуп жата,
Камандай болгон чоролор,
Кайтарып турду кабылан,
Түн ортосу оогончо.
Тосуп турду жаш балдар,
Чыканактап койбостон,
Чырм этип уйку албастан
Эр Канчоро күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп.
– Атаңдын көрү акмак кул,
Улуусунуп күпүлдөп,
Апкөй тилдүү акмактын,
Тилин ээрчип каласың,
Уйкуну арам кыласың.
Дүрбөлөңдүү кысталак,
Чырт эттирбей адамды,
Канакей душман келгени?
Камандай болгон кысталак,
Катындын тилин аласың,
Канакей душман келгени?
Ич күйдү менен айтты  – деп,
Чачыкейдей жеңеңе,
Тарттырып ийип канкорун,
Күнүлүк менен айтат  – деп.
Канчоро минтип айтканда,
– Макул,баатыр,макул – деп,
Будурмак тоодо бар пияз,
Бул айтканың дагы ырас.
Адырмак тоодо бар пияз,
Ал айтканың дагы ырас.
Үйлөрүн көздөй бет алып,
Берендер кетти байды таштап.
Үй-үйүнө барышып,
Аттарды байлап салышып,
Жарактарды алышып,
Жай жайына илишип,
Катыны менен сүйлөшүп,
Карсылдашып күлүшүп.
Каткырыгы таш жарып,
Арстандар уйку алышып.
Балдарды мындай коё тур,
Сары-Аркада баатырдан,
Асыл мыкты Үмөтөй,
– Бул эмне кордугу,
Кысталак кыргыздын.
Өтүп кетти кордугу,
Катыныма каттабай,
Беш көкүл зайбым мен берсем,
Кысталактын ишин көр.
Ант уруп кеткен кысталак,
Кылган ишин карачы!
Кылымдын баарын чогултуп,
Беш миллион кол жыйып,
Кенебей жаткан жеринде,
Кең-Колдогу ногойдун,
Кызыл кыргын салбасам,
Канкордун уулун өлтүрүп,
Катынымды албасам.
Кара элечек кылбасам,
Үмөтөй атым курусун.
Сары-Аркадан Үмөтөй,
Сапырылган кол алып,
Санатта жок шер алып,
Качпай туруп атышар,

Кайраты бар эр алып,
Казактан колду мол алып,
Алтымыш атка ок дары,
Атышарга муну алып.
Атка минип алышып,
Арстанды көздөй бет алып,
Кең-Колду көздөй жол тарып,
Кенебей казак мол тартып,
Үйдү көздөй жол тартып,
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Найзанын учу кылкылдап,
Кылычтын мизи жылтылдап,
Жээк тартып тең келет,
Жерге тартып кең келет,
Жээкке тартып эл келет.
Мылтыктары бетинде,
Беш жүздөн мерген четинде,
Кыйкырыгы баш жарып,
Бакырыгы таш жарып,
Ашуу ашып таш басып,
Агыны катуу суу кечип,
Отуз күнү жол басып.
Найзалуунун баарысын,
Андан салды бир далай.
Найза тийсе былк этпес,
Ээрден көчү кыйшайбас,
Үзөңгүдөн бут тайбас,
Айлалууну бир бөлүп,
Мылтыктууну бир бөлүп.
Мылтык тийсе жыгылбс,
Мыктыларын бир бөлүп.
Кылкандай болгон көй кашка,
Кылычтууну бир бөлүп.
Кылычтаса кыйшайбайт,
Кыйындарын бир бөлүп.
Калкылдатып Үмөтөй,
Камчылууну бир бөлүп,
Карсылдатып сабаса,
Кашкулактай күчөгөн,
Каруулуну бир бөлүп.
Айбалта чабар балбанды,
Союл чабар күчтүүнү,
Мунун баарын бир бөлүп.
Аңыра чаап өлүүчү,
Акмактарын бир бөлүп,
Алакөөдөн жел колтук,
Сураганын койбогон,
Ачкылдан ичсе тойбогон,
Ал соргокторун бир бөлүп.
Коркоктун баары корголоп,
– Ажалдан мурун өлдүк – деп,
Ортосунан ойлосоң,
Ондон, бештен чогулуп,
Мунун баары бир түркүн,
Кең-Колго жакын калганда,
Кенебеген берендер,
«Болжолу бүгүн келет» – деп,
Жеңең Чүрөк бул билет.
Ал аңгыча жеңеңиз,
Азыраак уктап кетиптир.
Уйкунун мынча сааты бар,
Аскерди салып алдына,
Айдап келди Үмөтөй.
Батына албай баатырга,
Мыктысынган бул казак,
Козголбогон ногойго,
Койчу берен ичинде,
Кол салалбай коркушуп,
Баатырдын уулу түгөткө,
Батынып мылтык аталбай,
Ашкере бузук салалбай
Акмак казак кеңешип,
Жылкыны тийип жөнөтөт.
Дарбазаны талкалап,
Мамыда турган күлүгүн,
Баатырыңдын бууданын,
Ак өркөчү булактап,

Чоң куйругу чубактап,
Коштотуп алып жөнөдү.
Ак кыяны эңкейтип,
Жылкысын тийип Кең-Колдон,
Айдатып алып Үмөтөй,
Улуу жолго салдырып,
Колдун баары барышып,
Тизгини колдо карышып.
Казакты мындай таштаңыз
Акундун кызы Айчүрөк,
Күлүстөн күндөй чуркады.
-Камандай болгон кан чычкыр,
Көкүрөгүң соо болсо,
Көзүңдү ачып баш көтөр.
Айтпадым беле бая эле,
Уктап жатып аласың.
Моминтип жүрүп төрөңдү,
Канчороң экөөң биригип,
Салбар катын Чачыкей,
Акмактын тилин аласың.
Алыстан жоо келгенде,
Аңдабай жатып аласың.
Арстаныңдын бууданын,
Алып кетти Үмөтөй,
Качан барат Семетей.
Жылкысын качан алат  – деп,
Салбарынын жанына,
Малынын баарын тийдирип,
Мамыдан атын алдырып,
Катынынын кашына,
Жамбаштап жатып алат – деп,
Капа болуп кайгырып,
Жеңеңиз кайта кетти эле.
Суркоёнду токунуп,
Ал дүйнөлүк достусу,
Баласын таштап кете албай,
Арбагын сыйлап Манастын,
Беш миллион кол менен
Бу да калды жайында.

Таластан ногой мугурап,
Жандын жармы кырылып,
Өлөт белем абаке?
Кан Кошой менен Бакайга,
Ак сакалдуу карыга,
Эки чоро ээрчитип,
Жарактын баары шаркылдап,
Сырнайза колдо короктоп,
Аккелте мылтык ийнинде,
Кылычы белде кыңгырап,
Айбалта жанда зыңгырап
Кайраттанып кабылан,
Бала жолборс Күлчоро,
Камандай болгон Канчоро,
Эки бала кашында.
-Айла тапкын баатыр – деп,
Арстан Бакай Кошойго,
Кеңешке келген кайран эр,
Тапкын бачым аркыны,
Адам, айбан кырылды,
Айланы тапкын аба – деп,
Айдаркандын эр Көкчө,
Аяш ата уккун – деп,
Элемандын эр Төштүк,
Бери кел бери кашыма!
Алпаймат менен Көккоён,
Эки жээним бер кел! – деп
Аймыш,Кожош баатыр – деп,
Баатырларын чогултуп,
Айланы кандай кылабыз,
Уй түгүндөй капырга,
Кантип арга табабыз.
Баатырдын уулу айтканда,
-Капталбайлык калмакка,
Жекеме-жеке чыгарып,
Берендерин алалык.
Баатырларын алган соң,
Башкасы кайда барат – деп,
Кол коюшуп мөөр басып,

Кайра качкан шер болсо.
Калмактан мурун кырмакка,
Ушуга бекем турушка,
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрүшкө.
Ажалдуулар өлүшкө,
Убадалык шерт кылып,
Ак боз бээни союшуп,
Аябай антты кылышып,
Келме шаараб куранды,
Көкүрөккө урушуп,
Мындан мурун мындай жок,
Ушундай катуу жумушту,
Билген киши барсыңбы?
Айла менен суу буруп,
Суу бурганга жарачууң,
Мыкты баатыр барсыңбы?
Манастын уулу айтканда,
Дин ислам куруду элейип,
Туруучу бала эркиби,
Ботодой көзү жайнаган,
Эрдин кесе чайнаган,
Туурга конбой сайраган.
Кан төк десе жин төккөн,
Суу ич десе уу ичкен,
Адамдан башка түрк тууган,
Аягы менен тик турган.
Аруукедей зайбынан,
Алмамбеттин баласы,
Калайык-калкка кеп айтат:
-Кызыл түлкү жүнүндөй,
Күлгөнү кыздын үнүндөй.
Күлүстөн тууган жаш бала,
Кысталак кытайдан,
Кысылбагын журтум – деп.
Эми өлмөк болдук – деп,
Бузулбагын журтум – деп.
Кылымга толгон тыргоотту,
Уруша турган жер ошол.
Бел коргон менен бурган суу,
Берендердин баласы,
Кырыша турган жер ошол.
Кудай алсын тыргоотту,
Бир айла кылып келейин,
Бу жолду журтум мага бер.
Чолок чопкут тон кийип,
Күмүш кемер курчанып,
Кылымга толгон көп тыргоот,
Кудай алсын ошону,
Кылыктуу бала чорого,
Кырк кишидей көрүнбөйт.
-Сумсайбагын журтум – деп,
Намаздигер шам менен,
Бакай менен Кошойдон,
Батаны алып Күлчоро,
Саймалуу сары шым менен,
Басып калды салактап,
Айбалтаны таянып,
Камандай болгон күлүстөн,
Калмактын баарын жатсын деп,
Кара аштыкка жатты эле.
Ай шашке болгондо,
Коңурбайлап бакырат.
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Манжулап ураан чакырат.
Аскердин баары арбактап,
Кытайлар басып жүрөт дарбактап.
Арагын ичип алышып,
Камсанабай калмактар,
Кайлап жүргөн андан көп.
Жердин жүзүн бу бербей,
Жайнап жүргөн андан көп.
-Калмактар уйкуга кирди  – деп,
Баатырлары жатты – деп,
Кыжылдап жүргөн кытайды,
Эр күлүстөн кенебейт.
Ошончо журттун баарысын,
Тушарына теңебейт,

Асыл бала кенебейт.
Баатыр калча чочконун,
Балбандарын алсам – деп.
Суу кайтарган кечилди,
Жар кыдырып чуркады.
Кечилин кармап калды эле,
Калмактын башын алды эле
Алты кечил бир999 тууган,
Кабылан бала күлүстөн,
Калмакты сойду жуушатып.
Тактайды тартып ийди эле,
Кең-Колдун суусу күркүрөп,
Таласты каптап кетти эле.
– Сууну кудай берди – деп,
Баабедин союп көп ногой,
Бакай,Кошой,Семетей,
Эр күлүстөн не болду? – деп,
Эсен-аман көрсөк – деп,
Эси чыгып чочкодон,
Эшикте жүрдү бул үчөө.
Түн ортосу ооганда,
Эр күлүстөн келди эле.
– Кандай Бакай,Кошой? – деп,
Баатыр бала келди эле.
– Бали ыракмат балам – деп,
Эртесинде болгондо,
Сууну калмак бууй албайт.
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Айласы кетип бу турду.
-Батаңды бергин Бакай – деп,
Эскара,Жолой эки кан,
Кыдырып баарын көрдүм – деп,
Орок кыры кашында,
Алтымыш балбан бир үйдө,
Бир айла кылып келейин,
Абаке Бакай бата бер!
Менден коркпой жата бер!
Бакайдан бата алды эле,
Күлүстөн арыш салды эле.
– Сайып атар сак кел – деп,
Балам сагындырбай бат кел – деп.
Жолуңду кудай жолдосун,
Саа жолуккан кытай оңбосун.
Бата берип кан Бакай,
Мунажат кылып кудайга,
Жаратканга жалынып,
Кырк чилтенге сыйынып,
Баатыр Бакай калды эле.
Кабылан тууган күлүстөн,
Аңдып турду кытайды,
Суу алуучу жеринен.
Кечилин кармай калды эле,
Кечилдин башын алды эле,
Баш терисин сойду эле
Зоотунун баарын чечинтип,
Кара ыштыкка тыкты эле.
Кара тонун кийди эле,
Көк желетке, көк көйнөк,
Көлпүгүн кийип алды эле.
Башын тегерете сойду эле,
Кара чачтан бек кармап,
Баш терисин алды эле,
Башына каптай кийди эле.
Айдара чыгып алдынан,
Сок билектей кара чач,
Солкоюп чыгып артынан,
Малакайын кийген соң,
Карап турган кишиге,
Дидарын бузуп Күлчоро,
Кара көө сүйкөп бетине,
Жүзүмдөн таанып коёт  – деп,
Көк өтүк менен чойкоюп,
Кадимки кечил өңдөнүп,
Калдайларды шыкаалап,
Карап турсаң ошондо,
Жаткан экен кужулдап.
Нескара менен Жолойду,
Капшытынан көрдү эле.

Чокморлору чоюндан,
Чочколорду көрдү эле.
Эшиктен кирип эр бала,
Амбалдарга жүгүнүп,
Чойкоё түшүп бөлүнүп,
Көк өтүк менен түгөнгүр,
Көлпүкө түшүп келди эле.
Кандан дагы кара чай,
Калмагынча кара чай,
Тубардан кылган дасторкон,
Туурасынан жайды эле.
Камандын этин кести эле,
Кадимкидей жыйрылбай,
Арпадан кылган токочун,
Алдына туурап салды эле.
Карападан чөйчөкө,
Катар,катар куйду эле.
Азырак жерден айтышып,
Нескарага сунбастан,
Чоң Жолойго сунду эле.
– Акыры кечил биз десек,
Жүрөт белем карма – деп.
Калмактын баары күүлөнүп,
Эскара каны сүйлөнүп,
Баары турду түрлөнүп.
Нескара кандын кылычын,
Көзүнүн кырын салган бейм.
Көрүп калган Күлчоро,
Кайнап турган казанды,
Көмкөрө салды Күлчоро.
Күйүп турган чоң отко,
Төгө салды Күлчоро.
Эскаранын кылычын,
Керегеден алды эле.
Эшиктен тосуп турду эле,
Бирин тышка чыгарбай,
Эскара менен Жолойду,
Тандалган балбан ушу үйдө,
Алтымышын жуушатып,
Кан Коңурбай чочконун,
Каралдысы чоң Жолой,
Карманганы Нескара.
Ойлонгону Ороккыр,
Окшомдуу балбан чочкосу.
Баарын чоро жуушатып,
Эскаранын албарсын,
Таң тыяктан сөгүлүп,
Жер жарылып калды эле.
Кудуретке жалынып,
Күлүстөн чуркап калды эле.
Балага бата бериптир,
Бакай турган чырм этпей,
Камандай болгон Күлчоро,
Кара ыштык көздөй чурады.
Чопкут зоотун алды эле,
Колтуктап алып чунагың
Суу тосуп койгон тактайды,
Тактай, ташы аралаш,
Баары бирдей балбан кул,
Быркыратып Күлчоро,
Сууну буруп жөнөдү.
Агын суу келди дыркырап,
Айбандын баары чуркурап.
Баабединди чалышып,
– Бала тирүү белем – деп,
Мунажат кылып кудайга,
Бакай турду буркурап.
– Камандай болгон кабылан,
Кан Бакай абам аманбы!
Кабылан кулуң мен келдим,
Калчанын белин сындырдым,
Ногойдун көөнүн тындырдым.
Кудай алсын калганын,
Кыйраттым аба балбанын.
Арага киши салалык,
Айла менен алалык.
Арстан бала келгенде,
Абасы Бакай турду эле.

– Акыры жаным калсачы,
Айнегим аман келдиңби?
– Келдим, Бакай, келдим – деп,
Таанийсыңбы муну – деп.
Ишенбейсиң мага – деп,
Көрсөтөйүн саа – деп,
Алдына таштап албарсты.
Бакай ала койду эле,
Таңдын жарыгына салды эле.
Таңданып Бакай карады,
Анда Бакай күлдү эле.
– Айланайын жарыгым,
Акыры соогат маа бергин,
Айлансам болот арбакка,
Кагылсам болот кудайга.
Эрдемсиген чочкосу,
Бел байлаган берени,
Белгилүү калча чочконун,
Бели катуу жеринин,
Нескара кандын кылычы,
Бу да болсо таалайдан ,
Бакай кандын ырысы.
Кынына Бакай салды эле,
Канкордун уулу түгөткө,
Күлүстөндү ээрчитип,
Кошой менен Төштүккө,
– Кытайды кудай берди – деп,
Сүйүнчүлөп келди эле.
– Эмне болду аба? – деп,
Эр Семетей айтты эле.
– Күлүстөн кылды сонунду,
Камдагын аскер колуңду.
Алтымыш балбан бир үйдө,
Жаткан жерде жай кылды.
Камандай болгон күлүстөн,
Катары менен жуушатып,
Берендерин сулатып,
Бели сынды калмактын .
Жекеге киши чыгарып,
Балбандарын алалык.
Мыктынын баарын сулатып,
Айлалуусун жоготуп,
Акмакты анан кыралык.
Томого туюк чочкого,
Уй түгүндөй кытайды,
Аскердин баары жеп кетет,
Чочколор аш-тамакты элебейт,
Азык кылып апкетет.
Амал менен алалык,
Аскерди тыя туралык.
Найза сайчу мыктыны,
Берендин баарын жыялык.
Бели катуу арстанды,
Акырын бүгүн алалык,
Бириндетип кыралык.
Айлакер Кошой абаңды,
Элчиликке салалык.
Ушу сөздү токтотуп,
Камындырбай калчага,
Кабары тийип калгандыр,
Кан Кошойду алды эле,
Жалпы дин ислам кеңешип,
Кошойду салды элчиге.
Элчиликке эр Кошой,
Кан Кошой жүрүп калган соң,
Канкордун уулу Семетей,
Аскердин баарын чакырып,
Найзанын учу кылтылдап,
Кылычтын мизи жылтылдап,
Баатырсынган мыктылар,
Балбансынган күчтүүлөр,
Баары түгөл чогулду.
-Кошойдон кат бердик – деп,
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабыр кылгын журтум – деп.
Кан Бакай туруп кеп айтат:
-Кан Коңурбай калмактын,
Кошойго кандай сөз айтат,

Сөзүн аңдап алалык.
Атаңдын көрү калчага,
Ашыкпай анан баралык.
Уй түгүндөй капырга,
Томого туйгун качмака,
Капталбайлы капырга,
Капталсак тирүү калбайбыз,
Ушул акыл токтотуп,
Аскердин баарын белендеп,
Жай жайыңа жатпаңар!
Аңгыча Кошой келди эле,
Калктын баары кеп сурайт.
– Кана кан Кошой айтчы – деп,
Анда Кошой:-Бардым – дейт.
Эрегишер эр эмес,
Эптеп муну албасак,
Эрдиги бизден кем эмес.
Балбандарын алдырып,
Алтымыш балбан бир үйдөн,
Акырын барып кыйратып,
«Берендин уулу канкор» – деп,
Калмак бек тардыгып алыптыр
Андан бетер сүйлөнүп,
Калмактар каарданып калыптыр.
Капа болуп кысталак,
Кайраттанып алыптыр.
– Аскердин баарын жыям – деп,
Буркандын эс алганын көрөм – деп,
Буруттан ажалым жетсе
өлөм – деп.
Канкордун уулу Семетей,
Бу жыл ушунун күчүн көрөм – деп.
Калкыңа кыргын салбасам,
Эр бүлөңдү кыйратып,
Катыныңды жесир кылбасам,
Балаңды жетим кылбасам,
Кызыңды олжо кылбасам.
Шаңшытпай бүркүт кондуруп,
Жылдырып жылкы тийбесем,
Кара элечек кылбасам.
Кайраттанды чоң чочко,
Сенин калкыңа кыргын салбасам.
Байкабастан бурутту,
Бели катуу мыктымды,
Нескара, Жолой эки кан,
Ошондон мыктым Ороккыр,
Алтымышын өлтүргөн,
Атанган мыкты кем экен.
Анын жөнүн билбеди,
Арманда калган Коңурбай.
Аны андай таштай тур,
Калмакты мындай коё тур,
Канкордон кабар алыңыз.
Кара жаак эр Үрбү,
Калмактын тилин бу билди.
Манжунун тилин да билет,
Кылымдын тилин да билет,
Кытайдын тилин бу билет,
Орустун тилин да билет.
Баары тилди билген соң,
Бали ыракмат эрирби,
Эр Үрбүнү ээрчитип,
Эр Бакай, Кошой жүрдү эле,
Элчиликке келди эле.
Баатыр Үрбү канетсин,
Коңурбай менен сүйлөшүп,
– Кара калча – деп айтат.
Бу калмагынча кеп айтат.
Бакай, Кошой келди – деп,
Падышанын уулусуң,
Биз элчиңиз, элчибиз,
Элчиликке өлүм жок.
Капа болбо Коңурбай,
Каныңдан сура бул кепти
Канкордун уулу кеп айтты:
-Жекеме жеке чыгышып,
Күч сынашып алалы.
Жекеге киши чыгарып,

Алыбыз жетсе алалы,
Алтын, күмүш зар берип,
Айдатып калың мал берип,
Сулуу катын аябай,
Кытайга тартуу биз берип.
Калмакка тартуу берели,
Бек багынып берели.
Баатырларын чыгарсын,
Баарысын бирдей чогултсун.
Бирден чыгып сайышып,
Ажалдуубуз өлөлү.
Алдырып ийсек калчага,
Биз багынып берели.
Манастын уулу кеп айтат,
– Томого туюк урушуп,
Бөөдө журтту кырдырып,
Минтип кыргын таппайлы.
– Болду,Үрбү,болду – деп,
Анда калча кеп айтат.
Алдабасын бурут – деп,
Аскерим бар кеңешем.
Баатырларым бар эле,
Баарысын эми кырдырдым.
Аңдабай жатып алдырдым,
Бели катуу беренди,
Нескара, Жолой эки кан,
Алдырып ийдим арстанды.
Аңдабай жатып ушундай,
Апкөй тилге салбасын,
Амал менен албасын.
Алдабасын бурут – деп,
Ашкере антын берсин – деп,
Абасы Бакай, эр Кошой,
Атанган мыкты эме эле.
Көкөтөйдүн ашында,
Убадалуу шер эле,
Кайра тартпас неме эле.
Кан Бакай, Кошой келсин де,
Келип касам бербесе,
Агарбаймын анда – деп,
Аскеримди каптатам.
Алгара оозун бурамын,
Бурутту такыр кырамын.
Кырылгандан калганын,
Айдап барып Бээжинге,
Аскер кылып аламын.
Моминтип жолго саламын.
Кытай кийимин кийгизип,
Чоюн бутка чокунтуп,
Чочконун этин беремин,
Моминтип кытай кыламын.
Барып бачым жадал кел,
Үрбү кайра жөнөдү.
Бакай менен Кошойго,
Бастырып келип кеп айтты,
Баатыр Үрбү сөз айтты.
– Бек агарам ошондо,
Амалдуу тууган бурутка.
Аңдабай жатып бу жерде,
Балбандарым кырдырып,
Томого туюк алдырып,
Каарданып ит калмак,
Кайраттанып алыптыр,
Капа болуп калыптыр.
Каптатып ийип кокустан,
Кара калмак тыргоотту,
Каптатып ийип чочкосун,
Бөөдө кыргын салбасын.
Кайра салып калышты,
Кан Кошой, Бакай, эр Үрбү,
Калк алдында канкорго,
Бир-бирден чыксын деп айтты.
Аскерди бачым камдатып,
Алат күн баатыр бат чыксын – деп,
Калкына киши чаптырып,
Алпаймат менен Көккоён,
Анын колун чогултуп.
Муса кандын Музбурчак,

Мунун колун чогултуп.
Агыш менен Кожоштун,
Анын колун чогултуп,
Айдаркандын эр Көкчө,
Анын колун чогултуп.
Кол эсебин алышып,
– Кайра качпай жакшы тур,
Качканың болсо өлөсүң,
Бөөдө кыргын көрөсүң.
Менменсиген мыктыны,
Алдына жыйды чогултуп.
Жарактын баарын салынып,
Найзанын учу кылкылдап,
Кылычтын мизи жылтылдап,
Аскер турду кылкылдап.
Кара салды карачы,
Баатыр Үрбү, кан Бакай,
Аттанып чыккан кан Кошой,
Арстандын уулу Семетей,
Аскери менен чыкты – деп,
Коңурбайдай манжууга,
Барды баатыр бул төртөө.

## СЕМЕТЕЙДИН КАЛМАКТАР МЕНЕН УРУШУ

Аскериңди жыйгын – деп,
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Аскер башын чогултуп,
Берендин баарын бул жыйды.
– Жабу, жабу, жабу – деп,
Жабылып чыкты көп манжу.
«Коңурбай» деп бакырып,
Уран тартып көп кытй,
Урушмакка бул чыкты.
Атаңдын көрү ит калча,
Уй түгүндөй капырды,
Дин ислам жакка бет алып,
Каптатмакка бул чыкты.
Токтосун, калча, токтосун,
Ар жактагы Коңурбайдын
калкынан,
Калыска калмак бирөө чыкты.
Кан Коңурбай алдынан,
Улуксат алып калчадан,
– Урушпай тура тургун – деп,
Кичине сабыр кылгын – деп,
Калыс келип кеп айтты.
– Жекеге чыгып келсин – деп,
Бачым бурут келсин – деп,
Калмакка кайра жарышып,
Калыс кетти кайлашып.
Баатырдын уулу кайдасың?
Бачым чыгар аскерди!
Ушу сөздү айтканда,
– Калмактан кандай чыгат – деп,
Кана баатыр Үрбү барып кел,
Үрбүнү кайра чаптырды.
Борончу чыккан белсенип,
Баатыр Үрбү канетсин,
Бура тартып калды эле.
Чоң чочконун агасы,
Борончу чыкты камынып.
Калыстар карап турду эле
Калчанын жүзүн көргөндө,
Камандай болгон Күлчоро,
Араң турат ыктытып.
Качырганы сызылып,
Чоронун көөнү бузулуп.
Чочкого коё берсе деп,
Муса кандын Музбурчак,
Бу чыгып калды камданып.
Найзаны кармап калкылдап,
Калыстар турат ортодо.

Күн чыгыш жагы динсиз – деп,
Күн батыш жагы дин ислам.
Баатырдын колу эки араан,
Карап турду калыстар,
Качырышты баатырлар.
Муса кандын Музбурчак,
Кыска кармап кыңайып,
Ачуусу келип сурданып,
Болжолу жок эр экен,
Болумдуу мыкты Борончу,
Качырып келип эр неме,
Капталга койду Музбурчак.
Башын алып таштады,
Атын алып жөнөдү.
Кайра барып калмактан,
Боз келте чыкты камынып.
Буттай темир курчанып,
Кара олпок кийип булкуюп,
Калмак чыгып калганда,
Ар жагы калк мусулман,
Алпаймат чыкты аттанып,
Ага боюн сактанып,
Качырышып калды эле.
Ыргыта коюп кытайды,
Башын кесип салды эле.
– Малы кайда барат – деп,
Момуну байкап карачы,
Кайра чыгып келди эле.
Карагул качып көрүнбөйт,
Камандай болгон чородон,
Ошого чукул көрүнбөйт.
Коңурбай туруп бакырды,
Кечилдин уулун чакырды.
– Келишимдүү баатырсың,
Муну камдап чыгарды.
Жекеме жеке чыгышып,
Аттанып чыккан чоң манжу
Аскердин жармын алдырып,
Ардыгып калды чоң чочко.
– Атаңдын көрү бурут – деп,
Ардыгып калды бул чочко.
Кайраттанып эр калча,
Камандай болгон сур калча,
Аттанып өзү чыкты эле.
Аңдабай калып элөөсүз,
Шайымбетти атказды.
– Карагул чочко чыкты – деп,
Кан Коңурбай чочкого,
Канкордун уулу чыксын – деп.
Кан Шайымбет чыккан соң,
Аңдабастан калчаны,
Кан Шайымбет каралга,
Коңурбайды көргөндө,
Эсинен кетти адашып.
Эсенгиреп калды эле,
Аттан алып Коңурбай,
Көчүгүнө басты эле.
Сыр найзаны колтуктап,
Буурул атты жетелеп,
Желип жүрө берди эле.
Айласы кетти дин ислам,
Алдырып ийип чочкого,
Амал кылат кеңешип,
– Же алыбыз жетпейт бул итке,
Эр Күлчоро, эр Үрбү,
Бул экөөнү чакырып,
Баары туруп кеңешип,
Султан боюн теңешип,
Колун коюп мөөр басып,
Жоо аяган жаралуу,
Коңурбай менен Семетей,
Дос кылалык экөөнү,
Эр Күлчоро баргын – деп,
Сени көрүп агарат,
Камандай кулду көргөндө,
Кан Коңурбай чоңсунат.
Мусулмандан кат алып,
Баарынын колун койдуруп,

Баатыр Үрбү барды эле.
Кан Коңурбай чочкого,
Күлчоро менен эр Үрбү,
Карап турду кашынып.
Калмактан молдо чакыртып,
Баатыр Урбү ошондой,
Калмакча катты куп билет
Катты берип кытайга,
Кан Коңурбай окутту
Капырдан молдо чакыртып,
Баки амбал караса,
Баатыр Кошой баш болуп,
Алтымыш алп колу бар.
Куп ыраазы болду эле.
Шайымбетти чекеден,
Буурул атты мингизип,
Жаракты кайра берди эле.
Сыр найза менен кылычты,
Бошотуп алып эр Үрбү,
– Убада катың бергин – деп,
Карап тургун Үрбү – деп,
Катты жазды калмактар.
Амбалдын баары кол коюп,
Чоң Коңурбай манжусу,
Жакуттан соккон чоң мөөрдү,
Балпайта басып берди эле.
– Манастын уулу келсин – деп,
Убада сөзүн берди эле,
Шайымбетти ээрчитип,
– Калчаны кудай берсе  – деп,
Капа болуп Күлчоро,
Кап, динсиз чочко сени – деп,
Кайраттанып Күлчоро,
Калкына кайратына келди эле.
Калчанын коногуна кой берип,
Багынган киши өңдөнүп,
Моминтип алдап калчаны,
Алтын, күмүш зар берип.
Өрүшү менен мал берип,
Таманын жерге тийгизбей,
Талап кытай жөнөлдү.
Кайран Үрбү калмакка,
Кайта аттанып жөнөдү.
Байрак булгап бакырды,
– Аяшым балам келсин – деп,
Боз-Дөңгүлгө чакырды.
Арстандар басып каларда,
– Атсыз баргын аба – деп,
Жойболотту ичинен,
Билгизбей байлап берди эле.
Аколпокту жамынып,
Желбегей басты Семетей.
Артынан чуркап Күлчоро,
Мал менен баргын – деп,
Алдатып ийбе чочкого,
Алакөөдөн канкорсуң,
Этият менен чапкын – деп.
Артыңан аңдып турам – деп,
Бер жактагы баатырлар,
Баатыр Үрбү башында,
Бакайы бар алдында.
Алпаймат менен Көккоён,
Баатыр Төштүк, Эр Көкчө,
Манастын уулу кабылан,
Семетейдин кашында.
Баатырлар келди боз дөңгө,
Баарысы келип олтурду.
Көтөргөн үйдө кытайга,
Барып кабар айтканда,
– Баатыр досум келди – деп,
Асан Үрбүгө айтты эле.
– Аяш ата жүрү – деп,
Алыстан досуң келди – деп,
Арага Үрбү келгенде,
Арстандарды көргөндө,
Агарды калча Коңурбай.
Амбалдарын чакырып,
Он алты амбал тандады.

Алдында Карагул чуркап
кеп айтты.
– Апкөй тилге салбасын,
Агарбагын бурутка.
Алдатып ийбе ит калча,
Сени амал менен сойбосун.
– Кой Карагул балам – деп,
Айласы кетти буруттун.
Эми Семетей менен дос болуп,
Баары алпын чакырып,
Аскериң менен жүрү – деп,
Бээжинге алып барам – деп,
Атасындай канкорду,
Айбалта менен жай кылып,
Ичкен ашка уу кошуп,
Канкордун уулун өлтүрүп,
Камандай кулду баш кылып,
Кайрылып келип Бээжинден,
Кара-Буура, Чаткалда,
Калкынын баарын көчүрүп,
Карып калган Бакайды,
Кайкалап аткан ногойун,
Бакайга минтип билгизип.
Бир катынын кытайга,
Түгөл алып берем – деп.
Коңурбай басты балпайып,
Алты амбалын ээрчитип,
Ошондо басты шалпайып.
Калмагына эр Үрбү,
Ак дили менен айткансып,
Баркылдап атат калмакча,
Балдырап сүйлөп чоң Үрбү,
Калмактын тилин жат билет,
Катуу тилмеч бу Үрбү.
Калмагынча ант берип,
Семетейдин куранын,
Кытайга алып келди эле.
Кырка баары кармады,
Коңурбайдын куранын.
Кара сур тарткан бир манжу,
Коңурбайга карматып,
Семетейге берди эле.
Камандай болгон кысталак,
– Жаңкы качан келет чочко – деп,
Арка жагын көп карап,
Билгизбей канкор бек карап.
Эки жагын карабай,
Эр Коңурбай бул турат.
Баякы барган баатырлар,
Куранын кармап калмактын,
Кулкуюшуп турду эле.
Алдыртан туура карашып,
Зуңкуюшуп турду эле.
Насыбайын тартышып,
Мурчуюшуп турду эле.
Кырк көөкөрдө испиртти,
Такыр ичип алыптыр.
Буудан атты булкунтуп,
Сырнайза колдо короктоп,
Күмүш кемер курчанып,
Күндөй бети сур чалып,
Кылычы кында кыңгырап,
Келди чоро зыңгырап.
Желке чачы суюлуп,
Жаагынан сары түк чыгып,
Жездей болуп саргарып,
Бастырып келди кумсарып.
Алачыктай калчаны,
Жаза-буза тептирип,
Тепсетип кетти Күлчоро.
Коңурбай турду силкинип,
– Ой Семетей – деп айтып.
Ант бербегин маа – деп,
Агарбадым саа – деп.
Бакай, Кошой кашында,
Алпаймат менен Көккоён,
Айдаркандын эр Көкчө,
Арстандары астында.

Антташып туруп бул жерде,
Ант уруп кеткен жүрөт – деп,
Кеңешип турган Боз-Дөңгүл,
Ант ичишип, уу жалап,
Кеңешип жүргөн тоо эмес.
Каны ичине тартыптыр,
Кузгундай кулуң соо эмес
– Дини кара динсиз кул,
Дин билбеген пирсиз укул,
Олтуруп жерге сийбеген,
Этеги жерге тийбеген.
Атаңдын көрү эсер кул,
Эмне кылар арган бар.
Чап Семетей бачым – деп,
Баарысы дүрбөп калышты.
Он алты амбал калмакты,
Эки экиден басышып,
Кабылан тууган күлүстөн,
Он эки кулач сырнайза,
Оңдой кармап Күлчоро,
Капталдан ары бир койду.
Өпкөдөн каны көбүктөп,
Шашып кетип Семетей,
Сокудай башка жиберди.
Жаза чаап салыптыр,
Жарты башын алыптыр.
Чекесинен кан кетип,
Кайраттанып күүлөнүп,
Кан Коңурбай турду эле.
– Буркан урган бурут – деп,
Кармаша кетти канкорго.
Баатырдын уулу Семетей,
Балбансынган канкорду,
Баса кала жыгылды.
Айбандан чуркап Күлчоро,
Чурап түшүп балбан шер,
Аңтара салды калчаны.
Башын кести Семетей,
– Кан Коңурбай өлдү – деп,
Алдатып ийип бурутка.
Акмак калча өлдү – деп,
Коңурбайдын баласы,
Мискөкөр менен Чоркиндик,
Булар чыкты сүйлөнүп.
Амбалдын баары аттанып,
Канынын баары өлгөн соң,
Качмак болду көп кытай.
Камдалуу турат аскери,
Кан Бакай, Кошой баш болуп,
Манастап ураан чакырып,
Кылкылдаган калың кол,
Доолбасты чабышып,
Каптап тийди тыргоотко,
Кара калмак кытайга.
Намыстанып көп кытай,
Качпай туруп алышып,
Аскердин жарымын кырышып,
Кумардан чыга урушуп.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү мындан көп.
Көкүлдөрүн сербейтип,
Эр өлүгү мындан көп.
Аркырап агып сел болуп,
Өлгөн адам канына,
Көргөн пенде дел болуп.
Кең-Кол менен Таласка,
Күнү-түнү билинбейт,
Мунарыктап чаң болуп,
Коркок адам дом болуп.
Найза менен сайышып,
Найзанын баарын талкалап,
Бир кумардан чыгышып.
Кара калмак тыргоотту,
Кайрат кылып дин ислам,
Качпай туруп ошондо,
Кылымга толгон кытайга,
Кыргын салып урушуп.
Найзанын башы короктоп,

Айбалта башы сороктоп,
Кылычтын мизи жылтылдап,
Мылтыктын үнү зоо жарып.
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган калың чуу,
Аягынан турду эле.
Кубат берип кудайым,
Бээжинди көздөй сүрдү эле.
Канча колу өлгөнүн,
Канчасы тирүү калганын,
Эсеп албай арстандар,
Аябай кирип алышып,
Айбалта менен салышып,
Кыйла жерге урушуп,
Сабынан кармай калышып.
Кылыч менен салышып,
Жез тутка колго алышып,
Тиктеп туруп урушуп.
Тизгиндин баары үзүлүп,
Тизенин баары сүзүлүп,
Чоң токойду жоюлтуп,
Союл менен салышып
Койчо кирип алышып,
Колтуктун баары чоюлуп,
Колдун баары союлуп.
Канчасы өлүп калганын,
Канчасы тирүү калганын.
«Дин ислам» – деп бакырып,
Мусулманча кыйкырып,
Кайра тартты дин ислам.
Кырк миллион колунан,
Алты күндө чогулду.
Он миллион кол калган,
Эгемдин не салганын көрүптүр.
Жамандардын баарысы,
Аскерден мыктылар
Аман-эсен калыптыр.
Арстан уулу Семетей,
Туулга темир башында,
Туйгуну Бакай кашында.
Ар жагында көп колдо,
Асыл Кошой кашында.
Азаматтын астында,
Алкым жакта көп колдо.
Баатыр Төштүк башында,
Бар азамат астында.
Аякы колду карасаң,
Алпаймат менен Көккоён,
Аскери турат астында.
Андан мындай карасаң,
Төмөнкү башат чоң жолдо,
Кыз-Мазардын оюнда,
Кең Таластын башында,
Айдаркандын эр Көкчө,
А да турат кашында.
Аскердин баары былкылдап,
Найзанын учу кылкылдап.
Бу да эсен бул турат.
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Кыйла колун кырыптыр.
Карагулду кан Бакай,
Кармап байлап алыптыр.
Байтайлакка айдатып,
Кол эсебин алышты.
Семетей,Бакай колунан,
Беш миң колу өлүптүр,
Өңгөсү тирүү калыптыр.
Жана Бакай санаса,
Жаралары алтымыш.
Эр Төштүк эсеп алды эле,
Эки жүздөй кол өлүп,
Өңгөсү тирүү калыптыр.
Баатыр уулу Семетей,
Бакай, Кошой кашында,
Кырк жетиси жаралуу,
Кыйла колу дагы аман.
Айдаркандын эр Көкчө,
Ал эсебин алды эле.

Беш жүз киши өлүптүр,
Өңгөсү аман калыптыр.
Баатырлардын баары аман,
Жетимиш киши өлүптүр.
Кол эсеби бүткөн соң,
Он жети күндө чогулуп,
Калкынын баарын кан Бакай,
Олжолоп алып кытайды,
Шыманса билек күч болду,
Кытайдын атын чогултса,
Кыргын тапкан калмактан,
Бир миллион ат калган .
Ошо күндөн ушу күн,
Олжого кызып алышып,
Эсинен чыгып калыптыр.
Күлчоро менен Канчоро,
Жаш балдардан дайын жок.
– Кан ичменин баласы,
Кабылан канкор тукумун,
Атамдын тилин албады.
Ат тонунан айрылган,
Казактан чыккан эр Көкчө,
Эр Көкчөнүн баласы,
Үмөтөйдү өлтүрүп,
Бузулган канкор сөзүнөн.
Колдоп жүрчү канкорду,
Сыйкыры кеткен үзүлүп,
Сыймыгы кеткен боюнан.
Ал ат минсе арыбас,
Арка мойну жоорубас.
Качырып жоого тийбеген,
Канкордун көңүлү оорубас.
Аколпок менен Тайбуурул,
Урушуп жоого бет алса,
Урушту бузчу Аккелте,
Жарагынан айрылган.
Суркоён семиз болгондо,
Бооруна казы алган – деп,
Чоң семирип калган – деп
Канчородон кат тиет.
«Алакөөдөн канкорду,
Азгырып алып жыгам – деп,
Кабылан жолборс Манастын,
Камырын тайып алам – деп,
Ээликтирип канкорду,
Ээрчип алып баралы.
Таластын сары талаада,
Кара суунун боюнда,
Салалык баатыр кызыкты.
Кетирбей кегим алайын,
Өткөзбөй өчүм алайын.
Эр Кыяз баатыр келсин де.
Ат тонунан айрылган,
Бузулган канкор сөзүнөн,
Сыйкыры кеткен өзүнөн,
Сыймыгы кеткен боюнан,
Азганакай кол менен,
Тоо торудай күлүгү,
Урушуп күлүк болду – деп,
Өз колум менен беремин,
Ногойго колун салбасын,
Олжо кылып албасын.
Чүрөктү берем олжого,
Быйты күңдү ээрчитип,
Камандай болгон чоронун,
Бир кулу менен коёмун.
Көк байталга мингизип,
Калмактан калган Карагул,
Жылкычы кылып коём – деп,
Кара тонун кийгизип,
Карадан соккон кементай,
Муну каптай кийгизип.
Малакайын кийгизип,
Моминтип сайып алалык.
Чоң чокою бутунда,
Кара байпак кийгизип,
Көкчолоктун карындашы
көк байтал,

Олжого кулду беремин.
Баатыр Кыяз бат келсин,
Тукум болсо бул Кыяз
Кетирбей кегин алсын – деп.
Өткөрбөй өчүн алсын де.
Өзү көргөн жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Келсин Кыяз бачым – деп».
Буурул аттын күчү ургур,
Каныкейдин сүтү ургур.
Мекеде султан пир ургур,
Ак пайгамбар дин ургур.
Колун коюп мөөр басып,
Ак кагазга кат жазып,
Алдыртан катты бул берген.
«Ант уруп кеткен кысталак,
Он сегиз күнү жол басып,
Окшомдуу Кыяз келсин де.
Кожо, молдо, эшенин,
Кошо жыйсын чеченин.
Көп жашаган карылар,
Жол баштатып алсын де.
Баатырларын чакырып,
Кол баштатып алсын де.
Аскерди арбын алсын де,
Коркоктун баарын койсун де.
Айбалта чабар күчтүүнү,
Найзакерден мыктыны,
Алдына салып келсин де.
Камчылууну бир бөлүп,
Ортосуна койсун де.
Карсылдатып сабаса
Кашкулактай күч алган,
Балбандан тандап алсын де,
Арт жагына койсун де.
Кең-Колдо жаткан канкорду,
Келип кунун алсын де.»
Ант уруп кеткен кысталак,
Алдыртан катты бул берди.
Катым маалы болду – деп.
Камынат бүгүн Канчоро,
– Берендин уулу бер кел – деп,
Баатырдын уулу Семетей,
Падышам төрөм барсызбы?
Абам уулу айжаркын,
Арстаным абам барсыңбы?
Бар болсоң баатыр бери чык,
Сур чопкутту чамынып,
Казандай кара кемчет бөрк,
Баатырдын уулу Семетей,
Кулак салгын бир кепке.
Кеп айтайын сизге – деп,
Кеңешемин аба – деп.
Келбеттүү Чүрөк алганың,
Алты жыл, алты ай болду – деп,
Кана арыстаным аба ойлончу,
Ошо күндөн ушу күн,
Камандай болгон калчадан,
Айлантпай акың алдың – деп,
Кетирбей кегиң алдың – деп,
Кылымга толгон кытайды
Кыйратып кыргын салдың – деп,
Баатырдын баарын жай кылдың.
Нескара, Жолой эки кан,
Эки досум баш болуп,
Опсуз мыкты Ороккыр,
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Аскерин минтип алдың – деп,
Намысты алдык айлантпай,
Өчүндү алдың өткөзбөй,
Теңиңди алдың кетирбей.
Урунарга тоо жок – деп,
Урушарга жоо жок – деп,
Тууганың таба кылбасын.
Душманың уят кылбасын,
Касиеттүү султандын,
Камырын тайып келелик.
Кесири уруп кетпесин,

Ойлонсоңчу абаке,
Кан султан Манас атаңдын,
Кусуру уруп кетпесин.
Ак боз бээни алалык,
Жүрү абаке баралык.
– Макул,баатыр,макул – деп,
Ушу сөзүң акыл – деп,
Баштатан айтсаң болбойбу,
Баракелде Канчоро.
Күлүстөн кайда чакыр – деп,
Абакем кайда алдыр – деп,
Карагул кайда бат чаптыр.
Ак боз бээни алдырам,
Жетелетип алайын,
Атам Манас канкордун,
Арбагына чалайын.
Кудайга алкыш кылайын,
Серек менен Сыргактын,
Алмамбет менен Чубактын,
Кыргын салчу душманга,
Кылкандай болгон кырк бөрү,
Арбагында колдосун.
Жолумду кудай жолдосун,
Жолборсторум колдосо,
Кыдыр Назыр колдосо,
Кырк чилтен мени колдосо,
Кубат берип колдосо,
Касиеттүү атамдын,
Камырын кантип тайыбай,
Айчүрөктүн ордодон,
Аттанып чыгат Семетей,
Суркоёнду токутуп,
Суролпок кийип булкуюп,
Ичи капа, тышы чок,
Атадан калган мурапы
Ак келте мылтык мында жок.
Алдадан ажал келбесе,
Адамдын алы жетпеген,
Аколпок тону дагы жок.
Кылыч менен найза бар,
Алакөөдөн канкордун,
Алдында буурул аты жок,
Алдадан башка айла жок.
Ажал депкир тарттырбайт,
Өңгө жалган, өлүм чын,
Көк ала ат менен сойкутуп,
Абасы Бакай келди эле.
– Кагылайын жалгызым,
Кайсы жакка барасың.
– Ит агытып, куш салам,
Кагылайын абаке.
Калк башкарып жата бер,
Канкордун уулу келгиче,
Капа болбо абаке.
Касиеттүү султандын,
Ошо күндөн ушу күн,
Камырын тайып келбепмин,
Арбагы мени узатпайт.
Ашыгын тайып келем – деп,
Сырбараң мылтык асынып,
Сырнайза колдо колкоюп,
Арам өлгөн Суркоён,
Үч ыраңы үстүндө,
Келишимдүү күлүктүн,
Кеги калып ичинде,
Кетирбей кегим алсам – деп,
Өткөзбөй өчүм алсам – деп,
Каарданып бул жүрөт.
Канкордун уулу Семетей,
Алда жалган дүнүйө,
Камандай болгон чочконун,
Өңгө жерин ойсом – деп,
Дал орто этин сойсом – деп,
Олжого кулду берсем – деп,
Отунчу кылып салсам – деп,
Кан жөткүртүп токмоктоп,
Кайгы күндү көрсөтүп,
Каны калса бир кашык,

Эти калса көк жашык.
Эмгектүү күндү көрсөтөм,
Арманым жок алдага.
Арам кыял ант ургур,
Азгырып чыкты Кең-Колдон.
Таласты көздөй бет алып,
Арстандын уулу кабылан,
Аттанып чыгат элинен.
Энеси келип кеп айтат,
Эр Семетей жанында,
Ак боз бээни коштоптур,
Ант уруп кеткен Канчоро,
Күйүп турат Күлчоро.
Эмгегин тарткан энеси,
Эр немеге кеп айтат.
-Айнегим кулак салчы – деп,
Кайсы жакка барасың.
Карып калган бейбака,
Кайгыртып каран салбачы.
Эрдим ашка жеткенде,
Тумшугум ташка тийбесин.
Туйгун Манас атакең,
Туз көмгөндөй болбосун.
Кара тумшук Каныкей,
Картайып калган кезинде,
Кайгы күндү көрбөсүн.
Асылым жалгыз барбагын,
Айлантып каран салбагын,
Койгун жалгыз барбагын.
Самооруң алтын жез эмес,
Күйүтүң маа тарттырба,
Күмбөзгө барар кез эмес.
Беделиң алтын жез эмес,
Бейпайың маа тарттырба,
Карып калган чагымда,
Кайгыңды маа тарттырба.
Кабылан Манас атаңдын,
Камырын таяр кез эмес,
Азапты маа тарттырба.
Алдыңда буурул атың жок,
Тозогуң маа көрсөтпө.
Аколпок тонуң андан жок,
Жарактын жарымы такыр жок,
Барба чунак сарайга.
– Кой энеке кокуй күн,
Картайып калган кезиңде,
Карылык кылып энеке,
Калжып калган экенсиң.
Ар кайсыны көп айтып,
Алжып калган экенсиң.
Өзүм бүгүн барбасам,
Касиеттүү атамдын,
Камырын тайып келбесем.
Тукум болбой жерге кир,
Душман ногой кырылгыр.
Туура шылдың кылбайбы.
Асыл тууган атамдын,
Зыкыры мени урбайбы.
Эсебимди таппайбы.
Алмамбет менен Чубактын,
Серек менен Сыргактын,
Арбагы кошо урбайбы.
Кой энеке барам – деп,
Эриккеним жазам – деп.
Баатырдын уулу болбоду,
Эмгегин тарткан энеси,
Нечен жерден торгоду,
Торгогонго болбоду.
Энеси тажап болгон соң,
Басып келип Каныкей,
Жалгызына сөз айтат.
– Бармак болдуң күмбөзгө,
Байкап уккун жалгызым,
Эненин тилин албадың.
Бейпай кылбай энеңди,
Берениң атаң Манастын,
Белгисин айтып берейин.
Мындан ары бет алсаң,

Бөкөйдүн бөксө белинде,
Ошо күндөн ушу күн,
Уюлгуп жатат кара таш.
Капыр менен ошо кас,
Кайгыда жатса чачылуу.
Андан ары барып кел
Атаңдын ак сарайын таба кел.
Саа кудайдын бергени.
Кара таш калса чачылып,
Эсилим жалгыз өлгөнүң,
Эмгекти энең көргөнү,
Сарайга барбай кайта кел.
Кара тумшук Каныкей,
Энекеңе айтып кел.
Андан ары сен барсаң,
Боз мурундун алдында,
Кара суунун кашатта,
Төрт күлчөгө салдырдым.
Атакең Манас канкордун,
Ак күмбөзү көрүнөт.
Чын олуя кырк чилтен,
Кабылан Манас колдосо,
Күмбөздүн ичи жаңырып,
Арбагы үн салар – деп,
Саа кудай бергени.
Күмбөздөн тоош чыкпаса,
Сени кудай каргаган,
Бир түнөбөй кайтып кел.
Эмгегиңди тарттырба,
Элиңе такыр айтып кел.
Төрт-Көлдүн төмөн жагында,
Төрө атаң сайган багында,
Кайнардын кара көзүндө,
Как чыгардын көзүндө,
Чырпыгы чынар болгондур,
Чынары панар болгондур.
Бар-Көлдүн маңдай жагында,
Үч-Кошойдун бөксөдө,
Кыдыра чыккан талы бар.
Пириси тирүү чоң кайнар,
Ошо күндөн ушу күн,
Асылуу жатат бир казан,
Атаңдан калган чоң казан.
Жазалыгын салынып,
Жаратканга жалынып,
Кудуретке сыйынып,
Акырет кеткен атаңдын,
Алмамбет менен Чубактын,
Серек менен Сыргактын,
Арбагына жалынып.
Ак эшенге сыйынып,
Кайып уулу кырк чилтен,
Пирлериңе жалынып.
Баатыр ата колдо! – деп,
Баабединди чалдырып
Жалынын жаба жактырып,
Капкара казанды карап тура көр,
Капкара болуп кайнаса,
Кайгыны энең көргөнү,
Кабылан балам өлгөнүң.
Ооз тийбей кайтып кел!
Эмгегиңди көрсөтпөй,
Энекеңе айтып кел.
Эсен барып, соо келгин,
Саламат барып, сак келгин,
Сагындырбай бат келгин.
-Асылым энем аман тур,
Бар акылың угуздуң.
Баатырдын уулу келгенче,
Бакай экөөң эсен тур.
Арстаның жүрмөк болгондо,
Ар акылга даанышман,
Акундун кызы Айчүрөк,
Акырын басып сойкоюп,
Арстанына кеп айтат.
-Урумдан калган чоң ичик,
Буластата жамынып.
Кыя тартып кыйкайып,

Соорун салып сумсайып.
Арстандын уулу канкорго:
– Атамдын уулу падышам,
Айжаркын төрөм кулак сал.
Кеп айтайын сизге – деп,
Кулагың тозгун бизге – деп.
Ушу бүгүн барбагын,
Санаалуу кылба бизди – деп,
Сактай көр төрөм сизди – деп
Азабың бизге тарттырып,
Ичимде алты айлык парзант бар,
Күйүп ыйлап ийбейин,
Күйүткө күйүп парзантың,
Аманат өспөй калбасын.
Кой жркын төрөм барбагын.
Кайгыңды маа тарттырып,
Каран күн төрөм барбагын.
Түндөгү түшүм жаман түш,
Билегим кетет сабынан,
Жүрөгүм кетет кабынан.
Билбеген адам айтчу эле,
– Акундун кызы Чүрөк – деп,
Карапайым бейбак – деп.
Калкымдан билген айтчу эле,
Пери ойногон жерине,
Перинин кызы туул кеткен,
Керемети бар долу – деп.
Бешикте жаткан жеримде,
Беш периште дем салган.
Тилимде сөөлүм бар,
Таңдайымда мөөрүм бар.
Ар акылга даанышман,
Азаптуу бейбак мен келдим.
Арстан төрөм барбагын,
Айлантып каран салбагын.
Түндөгү түшүм ойлосом,
Билегим кетет кабынан,
Жүрөгүм кетет табынан.
Бүгүн бир жеримди көрөмүн,
Же ушул жыл бейбак өлөмүн.
Жүрөгүм туйлап кабынан,
Көк өзөн боюн өрт алат,
Көк чабырмак чалдыгат.
Ак өзөн боюн өрт алат,
Ак чабырмак чалдыгат.
Кең-Колдун талаасын,
Башынан ылдый сел жүрөт.
Койгун баатыр барбагын,
Кырылган ногой көп журтуң,
Кыйноону журтуң көрбөсүн,
Эмгекти энем көрбөсүн.
Азапты абаң көрбөсүн,
Акмак салбар Чачыкей,
Сүйгөнүнө тийбесин.
Кайгыңды бизге тарттырба,
Каран күн төрөм барбагын,
Тултугуй мүйүз көк бука,
Суу түбүндө өкүрөт.
Бул эмне болуучу,
Бул түшүмдү жоручу.
Калчагай мүйүз ак эркеч,
Ай батыш көздөй баркырап,
Бул эмне болуучу?
Кырк эмчектүү кер канчык,
Эшикке чыгып каңшылайт,
Үйгө кирип шимшилейт.
Бул эмне болучу?
Алтын чынар чоң терек,
Ай батыш көздөй жыгылды,
Айдай сулуу зайбыңдын,
Алдага үнү угулду,
Бүк түшүп энем жыгылды.
Бул эмне болучу?
Күмүш чынар чоң терек,
Күн батыш көздөй жыгылды,
Бул эмне болучу?
Койгун төрөм барбагын,
Кайгыртып каран салбагын.

Кабылан арстан атамдын,
Камырына барбагын.
Кейишиң бизге тарттырба,
Келбеттүү сарай күмбөзгө,
Келишимдүү камырга,
Келерки күздө барсаңчы.
Алдыңдагы Суркоён,
Кара тер басып болуптур,
Койгун баатыр барбагын,
Азапты маа салбагын.
Асылым төрөм барбагын,
Үстүңдөгү Аколпок,
Босторуңку көрүнөт.
Бул эмне болучу?
Султан боюң былк этпей,
Шалдайыңкы көрүнөт.
Тула боюң суналып,
Далдайыңкы көрүнөт.
Кызыл чырай нур кетпей,
Кубулуңку көрүнөт.
Жакуттай болгон эки көз,
Жумулуңку көрүнөт.
Кылычың кында кыңгырайт,
Бул эмне болучу?
Саадагың санда шаңгырайт,
Айтор бейбак Чүрөктүн,
Айнектей көзү жалдырайт.
Айлантып каран салбагын,
Кош айжаркын төрөм барбагын.
Айчүрөк жеңең айтканда,
– Эки чоро бер келчи!
Апкөй тилдүү бу күңдүн,
Азгырып айтып турганын,
Эсти минтип чыгарып,
Эби жок чечен канчыктын,
Эптеп айтып турганын.
Өлдүң,канкор, өлдүң – деп,
Түрдөнгөн Чүрөк канчыктын,
Түшүн айтып турганын.
Апкөй тилдүү Чүрөктүн,
Акмакты кудай урганын,
Азгырып айтып турганын.
Туулмак бар, өлмөк бар,
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрмөк бар .
Илгертен бери ушундай,
Салып койгон эрмек бар.
Санаты күмүш камырга,
Эмне сөздү айтасыз.
Энекем экөөң киришип,
Барбагын деп коргойсуң.
Ажал келсе кудайдан,
Өлүмдөн кантип коргойсуң.
Тилиңди алсам долу – деп,
Көк өзөн боюн өрт алса,
Оюңдан сөздү чыгарып,
Олуя болуп кеттиңби,
Башка айтпайт мындай сөз,
Машаяк болуп кеттиңби.
Көк өзөн боюн бет алса,
Оттой болуп көп ногой,
Дүркүрөп өсө тургандыр.
Кең-Кол менен Таластын,
Башынан ылдый сел жүрсө,
Суудай болуп ногоюм,
Ырыскы келе тургандыр.
Мунун несин айткыдай.
Тултук мүйүз көк бука,
Суу түбүндө өкүрсө,
Арам кыял бейбак – деп,
Акун кандын долу күң,
Атаң өлө тургандыр.
Акчагай мүйүз ак эркеч,
Ай батыш карап маараса,
Алда кандай энекең,
Кан Акундан ажырап,
Какшап ыйлап какылдап,
Кара кие тургандыр.

Алтын чынар чоң терек,
Ай батыш карай жыгылса,
Агаң Ажыбай өлө тургандыр,
Анын несин айткыдай.
Күмүш чынар чоң терек,
Күн батыш көздөй жыгылса,
Иниң Курманбай өлө тургандыр,
Мунун несин айткыдай.
Үстүмдөгү Аколпок,
Бөксөрүңкү көрүнсө,
Өзүмдөн артык эр сайып,
Тонун кийип алармын.
Мунун несин йтасың?
Алдымдагы Суркоён,
Коштолуңку көрүнсө,
Өзүмдөн артык эр сайып,
Атын минип алармын,
Мунун несин айтасың.
Султан боюң былк этпей,
Ит агытып, куш салып,
Эриккенди жазам деп,
Ат чаап жүрүп алайып,
Тула боюм шалдайып,
Жанчылып кала тургандыр,
Мунун несин айтсың.
Кызыл чырай ур бетим,
Кубулуңку көрүнсө,
Эки кулга сүйлөнүп,
Ачуум келе тургандыр,
Анын несин айтасың.
Жакуттай болгон эки көз,
Жумулуңку көрүнсө,
Күндөп-түндөп жол тартып,
Тамашаны салам – деп,
Уйкум келе турганы.
Кынымда кылыч кыңгырап,
Бу да турса кайгы да,
Кылым да жок эр кырам,
Мунун несин айтсың.
Саадагым сайда шалдырап,
Санатта жок эр кырам.
Сенин эки көзүң жалдырап,
Эсиң ооп олтурсаң,
Олжого көзүң тоёр –деп.
Өзүң өлүп киесиң,
Каарданып кайгырсаң,
Кан Акунга көрүнсүн.
Кара башың жегир – деп,
Камандай балдар көрдүңбү,
Капырдын айткан сөзүн көр.
Оозуна бекер алгысыз,
Опсуз сөздү бул сүйлөп.
Үзүлүп кетсең өз башыңа
тийсин – деп.
Камандай балдар бери кел,
Арам кыял жөөттүн,
Азгырып айтып турганын.
Качырып келип кабылан,
Капшытка тартып ийди эле.
Аркасына тийгенде,
Шуру, бермет, жакут таш,
Жамгырдай болуп төгүлдү.
Чабылып эти бөлүндү,
Жайылып эти көрүндү.
Аппак эти бөлүндү,
Аркырап каны төгүлдү.
– Кылмышым болсо чаба бер,
Кайгырбаймын камчыңа.
Энемин тилин албадың,
Өз убалың өзүңө,
Эмгегиңди тарта бер.
Айчүрөк тилин албайсың,
Азабың бирге тарттырдың,
Болду, бала, болду – деп,
Керген талпак мен болдум,
Керилип чабар сен болдуң.
Чойгон талпак мен болдум,
Чоюлуп чабар сен болдуң.

Кабылан төрөм чаба бер,
Кабыргам капшытынан сөгүлөр.
Санаттуу төрөм сен чапсаң,
Саатым жерге төгүлөр.
Азабыңды тарттырдың,
Айткан тилди албайсың.
Үйүңдү тирүү көрбөйсүң,
Төрөнү айтса билбейсиң.
Көп какшатып укпайсың,
Көөдөк төрөм экенсиң.
Айланайын күлүстөн,
Аганын тилин албадың.
Этият болгун абаңа,
Сандыргалуу күлүстөн,
Сак болгунуң канкорго.
Саймалуу калпак сары учкай,
Санаам бирге күлүстөн.
Кечтелүү калпак кең чалбар,
Кеңешим бирге күлүстөн.
Кабагы бүркөө капырдын,
Канчорого сак болгун.
Азабын бирге тарттырды,
Алакөөдөн бул канкор,
Ороло басып бейбактын,
Орозого кирди ошондо.
Окшомдуу жеңең санааркап,
Айтып-айтпа саа пайда жок,
Армансыз дүйнө кайда жок,
Алда кандай иш болот.
Арстаның жүрө берди эле,
Эки чоро ээрчитип.
Эки чоро кайран эр,
Эр Семетей падышаң,
Ак боз бээни жетелеп,
Капа болбой кайран эр,
Камырды көздөй бет алып,
Кабылан жүрө берди эле.
Түпкүргө тайган жойлошуп,
Акшумкарын талпынтып,
Суркоёнду алкынтып,
Кабылан жолборс арстаның,
Касиеттүү кайран эр,
Аң тери сайып илдирип.
Жар кыдырып куш салып,
Жаргак таман соно алып,
Канжыгага байлатып,
Канжыгадан артканын,
Каз,өрдөктүн калганын,
Канжыгадан артканын,
Куюшканга тээктеп.
Күмбөздү көздөй бет алып,
Үч-Кошойдун бөксөгө,
Салып чыгып келди эле.
Канкордун уулу кайран эр,
Кара ташка келди эле.
Канчоро менен Күлчоро,
Ак боз бээни жетелеп,
Артынан чыгып келди эле.
Кабылан байкап караса,
Калмактан калган чачылып,
Айбандын оозу ачылып,
Таш бириндеп чачылып.
– Кана кагылайын чоролор
Каныкей энем асылдын,
Айтымышы келди – деп,
Келгин балдар кетели.
Кабылан канкор айтканда,
Канчоро келди күүлөнүп,
-Эрдигиң бар эсиң жок,
Энемелүү экенсиң,
Эчтеке менен ишиң жок.
Катын сөзү бекер сөз,
Карынын сөзү жалган сөз.
Койчу абаке кокуй күн,
Айчүрөк залим айтты – деп,
Арданбагын ал сөзгө,
Каныкей энем айтты – деп,
Капа болбо бул сөзгө.

Ай, жарыктык аба ойлончу,
Мал аяйсың – деп,
Эр Канчоро канетсин,
Кебин айтты тегиздеп.
Аңги чапчып кеткендир,
Буура отоп кеткендир,
Бука челип кеткендир,
Алаткүн аба койчу – деп,
Мынча келип калган соң,
Шылдың болбой ногойго,
Акмак болбой ногойго,
Алаткүн аба баралык.
Капа болбо кан султан,
Сарайды тайып алалык,
Эки күнү куш салып,
Эриккенди жазалык,
Эр Семетей баралык.
Баатырдын уулу кайран эр,
Бармагын тиштеп баш чайкап,
Баатырың жүрүп калды эле,
Сарайды көздөй бет алып,
Күмбөздү көздөй жарышып.
Эр Күлчоро кеп айтат:
Эр немеңе сөз айтат.
– Кокуй күн аба – деп айтат,
Кулагың салгын аба – деп,
Кеп айтайын сага – деп.
Кабагы бүркөө капырдын,
Канчорону көрдүңбү?
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрбөгүн.
Ардактап баккан эки уулуң,
Эки итинден көрбөгүн.
Катар жүрүп берейин,
Катар айтып салсаңчы,
Кайта үйгө барсаңчы.
Жалгыз элең султаным,
Жалпы ногой журтуңдан,
Жаңыртып черүү алсаңчы?
Элиң келип сөз айтса,
Катыны башка чочконун,
Жамаса да болбойт бейм.
Жамандык кылды эки кул,
Жабыштырдым чочкону,
Каршылык кылды эки кул,
Кайсады экөөнү катар – деп.
Султан боюн теңешкен,
Өлтүрөлү ушуну – деп,
Эки чочко кеңешет.
Эптеп айтып салдың – деп,
Элиңе минтип айтсаңчы,
Кадеми каткан кулуңа,
Кайгыңды маа тарттырба.
Асыл Бакай, энеңе,
Кайгыңды маа көрсөтпө.
Эр күлүстөн айтканда,
Эр Семетей кеп айтат:
– Кой, Күлчоро, кой эми,
Балалык менен айтасың,
Эрдигиң менен сүйлөсөң,
Энөөлүк менен айтасың.
Жаркыным чором антпегин,
Жамандык кылбайт мага – деп.
Канетип баатыр Күлчоро,
Каршылык кылса мага – деп.
Андай айтпа күлүстөн,
Алмамбет менен Чубактай,
Арстандан калган туяктай,
Андай айтпа чунактар.
Камсанабай кайран эр,
– Капа болбо чоро – деп,
Күмбөздү көздөй жарышып,
Тизгиндер колдо карышып.
Боз-Мурундун алдында,
Кара-Суунун кашатта,
Канкайып турган күмбөзгө,
Шай колдогон канкордун,
Кабылан жолборс баласы,

– Кан атаке колдо – деп,
Толгомо саптуу чоң камчы,
Сол бөйрөккө таянып,
Солкулдап ыйлап кайран эр,
Оң бөйрөккө таянып,
– Окшомдуу ата колдо – деп,
Баатырдын уулу болоктоп,
Бастырып келди солоктоп.
Салаңдап ыйлап үч бала,
Күмбөзгө түшүп алышып
Жаасин окуп жат айтып,
Жаңы бата кылышты.
Күмбөздөн арбак үн чыкпайт,
Эси чыкты Семетей,
Канакей атам колдобойт,
Күңгүрөнүп үн чыкпайт.
– Катыгүн балдар кетели,
Кана атам, канакей,
Арбагыңдан үн чыкпайт.
– Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эр Канчоро кеп айтат.
Эр Семетей абаке,
Эмне сөздү айтасың.
Койчу кокуй баатыр – деп,
Көп айтпаса билбеген,
Көөдөк адам экенсиң.
Колдогону арбактын,
Кайдан жүрүп билинет.
Жөлөгөнү арбактын,
Кайдан катуу көрүнөт.
Катыгүн аба койчу – деп,
Бир кепти уксаң абаке,
Ырымсынып каласың.
Карынын кебин укканда,
Катуу кармап аласың.
Моминтип жүрүп абаке,
Балакетке саласың.
Асыл тууган Манастан,
Касиеттүү канкордун,
Камырын баатыр тайыбай,
Калың ногой журтуңа,
Кай бетиң менен барасың.
Касиеттүү абаке,
Баатыр Манас атаңдын,
Арбагы колдойт өзүңдү,
Уккун баатыр сөзүмдү.
Андан туруп аттанып,
Намаздигер шам менен,
Шаймерен жолборс Канчоро,
Капа болуп Күлчоро,
Ээрчитип алып Семетей,
Баатырдын уулу кайран эр,
Мазарды көздөй жүрдү эле.
Кыдыра чыккан талы бар,
Кыдыр пирлер дагы бар
Ак тайлак боздоп башынан,
Ал сыйкыры дагы бар.
Жакут шамы жаркырап,
Жуманын кадыр түнүндө,
Бул да күйөт жаркырап,
Бул сыйкыры дагы бар.
Кайнары келип жарышып,
Кабыландар келген соң,
Чырпыгы чынар болуптур,
Чырпыгы панар болуптур.
Күндүзгү күнкү немедей,
Периси тирүү мазары,
Баш жагынан байкашып,
Келишимдүү казанды,
Башаттан таап алышып.
Жаасын окуп жаңкы агаң,
Жаратканга жалынып,
Мекеде султан Айкожо,
Пирлерине сыйынып.
Кашкардагы канкоруң,
Кан кожого жалынып.
Ак эшенге сыйынып,
– Кыдыр мазар колдо – деп,

Оңдо, кудай, оңдо – деп,
Он эки пирге кол берген,
Туректуу атам колдогун.
Алда кудай алда – деп,
Алтымыш пирге кол берген,
Арбактуу атам колдо – деп.
Алмамбет, Чубак ыргагы,
Айылдан чыккан кырк бөрү,
Арбагыңда жөлө – деп.
Кайып уулу кырк чилтен,
Пирлер келип жөлө – деп.
Асылдарың колдо – деп,
Баабединди чалды эле,
Баатыр Манас атамдын,
Шайыгына сыйынып,
Сымбаттуу арстан кайран эр,
Күлчоро менен Канчоро,
Ары-бери болушуп,
Ак боз бээни союшуп,
Мис казанга салышып,
Жалынын жаба жактырып,
Жаратканга жалынып,
Казанды байкап караса,
Капкара болуп кайнады,
Канкордун көзү жайнады.
Ачуусу келип кумсарып,
Ит жегирди алар – деп,
Көмкөрө тепти казанды.
– Кудай мени урду – деп,
Бейлим тарткан экемин.
Белгилүү баары келди – деп,
Эр Күлчоро кайран эр,
– Берендин уулу өлдү – деп,
Азапты жүрүп көрдү – деп,
Арстанды уулу өлдү – деп,
Капа болуп Күлчоро,
Кайгырып ыйлап Күлчоро.
Анда туруп Канчоро:
-Алаткүн аба кантесиң,
Көөдөк төрөм экенсиң.
Кеп айтпаса билбеген,
Көөсөр канкор экенсиң.
Көп жыл болду казанга,
Көсөрлөр кайдан эт салсын,
Абыке,Көбөш салбарлар,
Арамдар кайдан эт салсын,
Бул казанды байкабай,
Баатырым абам сен жүрдүң,
Качан этти салат – деп,
Капа болуп мен жүрсөм,
Канкордун уулу жөн жүрдүң.
Карып калган абышка,
Кан Бакай кайдан байкасын,
Сандыргалуу Сары кан,
Баары таз кайдан ойлосун,
Калың ногой кырылгыр,
Кайдан билсин казанды,
Эскирип калган турбайбы,
Эскиргенин байкабай,
Сени кудай урган турбайбы.
Дат басып калган зор казан,
Элде мурун ушундай,
Капкара болуп кайнайт – деп,
Датынын баары чыкты эми,
Казан менен урушуп,
Катыгүн аба кантесиң.
Койчу, баатыр, койчу – деп,
Кабылан менен урушуп,
Канчоро кайта чогултуп,
Кайра баатыр кайнатып,
Жалынын жаба жактырып,
Абдан салып бышырып.
Чачтай кылып эт туурап,
Казы кертип, жал туурап,
Канчоро капыр оңбосун,
Ант уруп кеткен кысталак,
Алып келип алдына,
Арстанына берди эле.

Байрак булгап бакырды,
Баатырдын уулу Семетей,
Алдына даам келгенде,
Күлчорону чакырды.
Эр Семетей чакырса,
Эр Күлчоро кеп айтат:
– Эрбилбей төрө иче бер,
Куу тумшук кулду чакырбай.
Капа болуп Күлчоро,
Сүйүнүп жүрөт Канчоро.
– Тилекти кудай берсе – деп,
Болжолу эртең болот – деп,
Болумдуу Кыяз келсе – деп,
Кантер элем канкорду.
Кабылан Кыяз келсе – деп,
Кең-Колдогу ногойду,
Кебелтпей өзүм бийлесем.
Так ошентип кек санап,
Арстан тууган чунагың,
Суркоён менен Кактелки,
Эки чоро жетелеп.
-Эми арга не болот,
Эси чыгып канкордун,
Туйгун тууган Күлчоро,
Камсанабайт душмандан.
Чыканактап койбостон,
Чырм этип уйку албастан,
Санабай жылдыз батырды,
Эки күлүк жетелеп,
Кара кыяк чалдырып,
Ыраңдуу жерден откоруп,
Жарагы кетпей жанынан,
Кылычы кетпей колунан.
Күлбөй күндү чыгарып,
Күн шашке болгондо,
Күлүктү сайдан сугарып,
Жаңыртып токуп аттарды,
Суркоёндой күлүктү,
Кереге байлап салды эле.
Кактелки менен тоболгоп,
Боз-Мурундун үстүнө,
Салып чыгып барды эле.
Санаттуу чоро кайрылса,
Сапырылган калың кол,
Ак-Кыянын алдында,
Айдай сары талаада,
Кара-Суунун кашаттан,
Бурулуп чаңы көрүндү.
Ошону чоро байкаса,
Улуу жолдон чаңдалат.
Кайрыла калып Күлчоро,
Суркоёнду жетелеп,
– Адамдын тилин албаган,
Алаткүн канкор бат мин – деп.
– Эмне болду күлүстөн?
Эр Семетей турду эле.
– Эмнеси курусун,
Арстаным аба көрдүңбү.
Асманда чаңды карачы,
Кокуй күн аба бат мингин,
Эмненин чаңы чыкты – деп,
Эр Семетей кеп айтты.
Эр Канчоро деп айтат,
– Айжаркын аба байкасаң,
Жаркының Манас атакең,
Жапан кулан карматып,
Жылкым сурча болсун – деп,
Куландан салган айгырын.
Асыл атаң өлгөндө,
Бакдөөлөттүн балдары,
Абыке, Көбөш эки арам,
Бака баш, кой баш төрт арам,
Окшомдуу атаң өлгөндө,
Олжолоп бөлгөн салбарлар.
Кагылайын абаке!
Эсил атаң өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө,
Эки арам малды бөлгөндө,

Эмгекти энең көргөндө,
Ак үйдү чапкан талкалап.
Акмак кылып жаманды,
Күң баласын өлтүрүп,
Касиеттүү Букарга,
Чымындай жанын калкалап,
Жамандарга кармалбай,
Ойрон тапкан илгери.
Жапан болуп кетти эле,
Жердеп жүргөн жерине,
Суулап жүргөн сууна,
Суу сагынган турбайбы,
Жер сагынган турбайбы,
Кулан кеткен турбайбы.
Куландын чаңын бул көрүп,
Кулду кудай урган турбайбы.
Арстаным аба сен барда,
Уруша турган эр жок – деп,
Сага каршы чыгар шер жок – деп,
Кара сууда кеме жок,
Капыр менен мусулман,
Алып барып кыйраттың.
Менменсиген мыктынын,
Эрдин баарын кыйраттың.
Мусулман менен капырдын,
Шердин баарын сулаттың.
Кайдан келди душман – деп,
Ичим капа, тышым чок,
Сага тең келе турган киши жок.
Кайдан келди мыкты – деп,
Камсанаба аба – деп,
Канчоро торгоп азгырды.
Кап ушул акмак кулду кантем – деп
Күлүстөн кайра салды эле.
Болжогон дөңдөн караса,
Жети сан кара жедигер,
Жээк тартып тең келет,
Жерге тартып кең келет.
Мылтыктары бетинде,
Бейлеп карайт Күлчоро.
Беш жүздөй мерген четинде,
Найзанын учу кылкылдайт,
Кылычтын мизи жылтылдайт,
Жерге тартып кылкылдайт,
Жээкке тартып былкылдайт.
Ак асаба кызыл туу,
Адашып жүргөн ызы-чуу.
-Кайдасың, баатыр, кайда – деп,
Бакырып жүргөн андан көп.
Акмак Кыяз оңбо – деп,
Жолдошунан ажырап,
Чакырып жүргөн андан көп.
Калың кара эл келет,
Каптап кетер сел келет.
Калың колдун ичинде,
Кара көңүл шер келет.
Качпай туруп атышар,
Кайраты бар эр келет.
Коркоктун баары корголоп,
Сийдиктери шорголоп.
– Кудай бардыр Кыяз – деп,
Катыным жесир калды – деп,
Балдарым жетим болду – деп,
Буркурап жүргөң мындан көп.
Алыскы жерде кайным – деп,
Алынбай калды зайбым – деп,
Зыркырап жүргөн мындан көп.
Кайра салып Күлчоро:
– Адамдын тилин албайсың,
Арам өлдүң кандайсың?
Булкунуп келди Күлчоро,
Арам кыял чочконун,
Апкөйүнө кирдиңби.
Азабың бизге тарттырып,
Ат тонуңдан ажырап,
Алаткүн аба өлдүңбү.
Акмак канкор бат аттан,
Урушарга жоо жок – деп,

Ырысыңды жедиңби.
Эмгегиң бизге тарттырдың,
Эми арга не болот?
Кабылан жолборс кайран эр,
Кысталак кайда? – деп,
Канчорону караса,
Тыш жагында төрөңдү,
Карап турат Канчоро.
– Илгерки Манас дос эле,
Кыйналбагын аба – деп.
Анжыян менен Кашкардан,
Абалың билем төрөм – деп,
Абай кылгын абаке
Кыйла колун чогултуп,
Кызыл сарт келип калбасын.
Кыйкырышып тил айтып,
Кыйратпайлык бул колду,
Акыры зобун келтирбей,
Айжаркын аба аял кыл.
Канчоро айтып болгуча,
Мынтык атып бакырып,
«Эр Кыяз» деп чакырып,
Эңкейип түштү белестен.
– Айланайын Күлчоро!
Атаганат дүнүйө,
Аты, тонум болсочу.
Алкым жолду сен алгын.
Жаркыным баатыр Канчоро,
Жака жолду сен алгын .
Ногойго келген чоң жолду,
Азганакай кол экен,
Качпайлык, балдар, качпайлык!
Кабылан Манас атамдын,
Күмбөзүнө мен турдум.
Кабылан тууган Күлчоро,
Алкымды карап турду эле.
Карсылдатып кылычтап,
Айдап келет эр Кыяз.
Кайра качкан кол болсо,
Кылыч менен кыйратып,
Кайраттнып булкуюп,
Кара сакал, кыл мурут,
Казандай кара бөркү бар.
Кара олпок кийип зуңкуюп,
Асабасы жаркылдап,
Куу найза колдо койкоюп,
Оң колунда чойкоюп,
Ойрон Толтой баласы,
Эр Кыяз келет зоңкоюп.
Камандай болгон Күлчоро,
Капа болду кайран эр,
Кабылан жолборс, арстан шер.
– Ата жалган дүнүйө!
Ата арман дүнүйө!
Жакада турган жалгыздын,
Кан ичменин тукуму,
Кабылан канкор жолборстун,
Алдында буурул ат болсо,
Аз күндүк эле иш экен.
Калың колду көргөндө,
Капа болду күлүстөн.
– Жакын кирип келсин  – деп,
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Бала жолборс кайран эр,
Алданын не салганын көрөйүн.
Кайраттанып кумсарып,
Үч чакырым келгенде,
Алымсынбайт ал колго.
-Баабедин! – деп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Туруучу чоро беркиби.
Алмамбет! – деп кыйкырып,
Серек, Сыргак, Чубак – деп,
Өкүргөндөн бакырып,
Өз ураанын чакырып.
Айкыргандан кыйкырып,

Арбактын баарын чакырып.
Кабылан жолборс күлүстөн,
Токтоно албай арстан шер,
Эр Семетей турчубу.
Суркоёнго камчы уруп,
Карсылдатып катуу уруп.
– Манас, Манас, Манас! – деп,
Кубат бергин кудай – деп.
Ак сарай күмбөз түбүнөн,
Арстаның тийди кыйкырып.
Кан ичменин тукуму,
Канкорду кудай бере көр,
Кан Чубак ата колдой көр.
Төмөнкү башат кемерден,
Канчоро тийди кыйкырып.
Күлүстөн тууган Күлчоро,
Баштап жоого тийгенде,
Кыдыр Насыр кырк чилтен,
Кырк кишидей көрүнүп.
Кыйкырып тийчү башында,
Бул зымкырый жоголду.
Кабылан жолборс арстандын,
Кантип иши оңолду.
Ичи капа, тышы чок,
Сары илебис чопкутчан,
Санаттуу чоро караса,
Ар жагында жүрүүчү,
Атасы Манас арбагы,
Кан Алмамбет көрүнбөйт.
Капа болду Күлчоро,
Алпкаракуш зымырык,
Асмандан тийчү заңкылдап,
Кыйкырып ыйлайт кайран эр.
Ителгидей кара көз,
Ирмебестен жаш кетип.
Ажыдар ак жылан,
Белинде жүрчү чырмалып.
Ызгырылып ышкырып,
Көсөө куйрук көк дөбөт,
Арт жакта жүрчү карсылдап.
Ал зымырык жоголду,
Кабылан жолборс канкордун,
Кантип иши оңолду.
Кара чаар кабылан,
Кайсап салчу эмедей,
Алдынан тийчү айкырып,
Ал колдоочусу жоголду.
Сыймыгынан ажырап,
Койкоюп жалгыз бул үчөө,
Кайрат кылып алгансып,
Башында буурул барында,
Арбактын баары көрүнүп.
Жоболоңдуу жолборстон,
Жоо тура албай качуучу,
Артынан кыргын салуучу,
Ажалы жетти арстандын,
Он миллион кол экен,
Үч миңден качабы.
Кайраттангып алышып,
Камандай болгон Күлчоро,
Качырып тийди көп колго,
Санатта жок сан колго.
Сапырылтып кырмакка,
– Колдо, Манас, колдо – деп,
Качырып тийди Семетей.
Берендери тийгенде,
Бетине пенде чыгалгыс,
Айбаты бар ушунча.
Күлчоро менен Семетей,
Ылааачын тийген таандай,
Быркыратып бөлдү эле.
Бөрү тийген миң койдой,
Дыркыратып бөлдү эле.
Ажалдуунун баарысы,
Арстанга тутулуп,
Азаптуунун баарысы,
Аттуу, жөөлүү болушуп,
Араң качып кутулуп.

Жаагына эсер түк чыгып,
Ачуусу келип сурданып,
Кайраттанып Күлчоро,
Ктуу тийди кырданып.
Коргошундай чорону,
Койбой Телки көтөрүп.
Салмоордой баланы,
Салмактабай Кактелки,
Керт эттирип чөп үзбөй,
Сеп эттирип суу жутпай,
Ободон кудай билбесе,
Он сегиз күнү жүгүрдү,
Ойрон кулду көтөрүп.
Алдына келип кабылса,
Найза менен бишкектеп,
Сырбараң менен бир коюп.
Эшик төрдөй келгенин,
Айбалта менен сулатып.
Жанаша түшкөн эр болсо,
Калтырбастан Күлчоро,
Кылыч менен кыйратып,
Кумардан чыгып сулатып.
Басмайылы үзүлүп,
Көктөп жаткан мындан көп.
Ар кайсы жерден өңөрүп,
– Атаң менен жерге кир,
Акмак Кыяз оңбо – деп,
Өксөп жаткан андан көп.
Союл тийип шыйракка,
Аксап жаткан андан көп.
Айбалта тийип башына,
Алжайып жаткан андан көп.
Кара кан кетип заркырып,
Кансырап жаткан андан көп.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү мындан көп.
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү мындан көп.
Кылыч тийип колуна,
Чолоюп жаткан мындан көп.
Сырнайза тийип көзүнө,
Олоюп жаткан андан көп.
Алты аралап киргенде,
Алты жүзүн майдалап,
Алды жагын аралап,
Алымсынбай Күлчоро,
– Акмак Кыяз кайда? – деп,
Жети аралап киргенде,
Жедигерди кыйратып,
Кумардан чыгып күлүстөн,
Кайра чыгып калышып,
Тамактанып алышып,
Кыргын тапкан көп колдун,
Аттарынан жетелеп,
Ээр токум ыргытып,
Баабединди чалышып,
Эс алышып калышып,
Ак дарыны алышып,
Жарага сээп алышып.
Жана эс алып алышып,
Найза менен сайышып,
Аябай кирип алышып.
Найзанын баары быркырап,
Асманга чыгып зыркырап,
Калган колдун баарысы,
Качып жүрөт зыркырап.
Мылтык менен атышып,
Саадакта огу саналып,
Күпсөрдө дары куюлуу,
Союл менен салышып.
Колтуктун баары чоюлуп,
Колдун баары жоюлуп.
Тизгиндин баары үзүлүп,
Тизенин баары созулуп.
Ак –Кыянын талаасы,
Таластын бою чаң болуп,
Жердин жүзү кан болуп.
Ошо кыргын ойлосоң,

Далай жерге даң болуп,
Уккан адам маң болуп,
Адамдын баары сак болуп,
Бурак чаңдан көрүнбөйт.
Кара олпоктор ак болуп,
Кар жилиги боз болуп,
Коркок адам дос болуп,
Отуз үч күн урушуп,
Арам кыял Канчоро,
Болоту жетпей калгансып,
Болоттон өксөп калгансып,
Амалы менен бул жүрүп,
Ок дарысы түгөнсүн,
Кара жандан түңүлсүн.
Азыр качсам кысталак,
Кыйык атып салат – деп,
Аргасы жок Канчоро,
Амалы жок Күлчоро,
Арамдык менен Канчоро,
Араң жүрөт Күлчоро.
– Башын кесип салсам – деп,
Кактелкинди сойкутуп,
Оолак четтеп бул жүрөт.
Акыштанып сага – деп,
Кудурет алда жараткан,
Кыябына келтирсе,
Кыйка атып салбасам.
Ок жаңылып кетти – деп,
Канкорго кабар бербесем.
Кезеги келбей Күлчоро,
Келтирбей жүрөт Канчоро.
Айдай сары талаада,
Тоодой болгон Кыязды,
Арстандын уулу кайран эр,
Алдына салып алыптыр.
Бура тартты Күлчоро,
Кактелкидей күлүктү.
Башка, көзгө койгулап,
Баатырдын уулу келатат.
Өкүнүп барат Семетей,
– Өлчөлүү жерге жакшы сай,
Өзү мыкты Күлчоро,
Жакшы сайгын баатыр – деп,
Жете албай келет Күлчоро.
Баатырдын уулу канкору,
Чендебей келет Тоотору.
Ак кыянын алдында,
Айдай сары талаага,
Аңтара сайып аларда,
Кабыргасын сөгөрдө,
Баатырсынган Кыяздын,
Кан султандын белгиси,
Бали ыракмат баатырың,
Башын кесип аларда,
Аңгемени саларда,
Аңтара сайып саларда,
Атын олжо кыларда,
Өзү мыкты Семетей,
Өпкөдөн ары коёрдо.
Ошо жерде соёрдо,
Жедигердин Кыязга,
Жеткилең мыкты Семетей,
Жетип найза урарда,
Арам өлгөн Суркоён,
Аңгекке бутун салды эле,
Ат кырданып кетти эле.
Аттанып кетти эр Кыяз,
Арманда калды кайран эр.
Маңдайдан туруп эр Кыяз,
Кыйкырып Кыяз кеп айтты:
-Кара жолтой союлгур,
Кан атамды кайсаган.
Жоболоңдуу Суркоён,
Жону кандуу кысталак,
Оң кулагын жаптырып,
Олжого кетип кысталак,
Атамды эстен чыгарып,
Ардыкпай чуркап жүргөнүн.

Колума тийип Суркоён,
Кабырганды сөкпөсөм,
Талпагың ташка жайбасам.
Куйругуң кумга сайбасам,
Кысталак саа кылбасам.
Эр Кыяз атым курусун,
Кан ээң келсе Жет-Кайттан,
Кырдын куройт Суркоён.
Куройттоп чочко кыйкырды,
Суркоёнду чакырды.
Кыяздын үнүн укканда,
Муунунун баарын муң алып,
Көкүрөгүн дарт алып,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Кабыргасы сөгүлүп.
Атайын күлүк Тоотору,
Бек кишенеп ийген соң,
Бейлин бузуп союлгур,
Башын кескен эмедей,
Өпкөсүн кагып болоктоп,
Өлүп калчу эмедей,
Өйдө-ылдый болуп турду эле.
Аты жүрбөй калган соң,
Айласы кетет жалгыздын.
Он эки мүчө болоктоп,
Арстаның ыйлап болоктоп,
Буурулу түшүп эсине,
Буркурады кайран эр.
Аколпок менен Аккелте,
Ат-тону түшүп эсине,
Зыркырады кайран эр.
Сырбараң мылтык таянып,
Алдында турду болоктоп.
Жалгыздын жайы курусун,
Жаман кейип болоктоп,
Ар неме түшүп эсине,
Капа болуп кайран эр,
Аколпок менен Аккелте,
Жарактын баарын көп санап.
– Алты айчылык жол бассам,
Арыбаган жылкы эле.
Арка мойну кызарып,
Жорубаган жылкы эле
Качырып жоого тийгенде,
Акыры арстан мен шордуу,
Көңүлүм артык буудандан,
Оорубаган жылкы эле.
Ат-тонуман ажырап,
Ажалым жеткен турбайбы.
Эмгегим тартып чоңойткон,
Энемин тилин алсамчы.
Эсерге кайдан мен бердим,
Атамдан калган мурапым.
Апамын тилин алсамчы,
Кан Акун кызы канчыктын,
Ар акылга даанышман,
Айчүрөк тилин алсамчы.
Күйүтүм тарткан кайран эр,
Жанымдан артык жарыгым,
Күлүстөн тилин алсамчы.
Арстандын тилин албаган,
Ат-тонумдан айрылып,
Ажалым жеткен турбайбы.
Сыйпанарга куйрук жок,
Кулунга чалыш мен жалгыз,
Кашынарга шайым жок.
Жыланга чалыш мен шордуу,
Эңкейип калган кезинде,
Энемдин жайы не болот.
Эс алды бекен чочко – деп,
Ээр токум шыпырып,
Кара-Сууга жетелеп,
Өлөңдүн башын чалдырып,
Чаалыгып чарчап калдыбы,
Семиздеп калып бул доңуз,
Чаалыга түшүп чарчады.
Эс алды бекен эми – деп,
Чочко Кыяз сени – деп,

Кайра баатыр токунуп,
Бастырса бала Семетей,
Анда-мында бир сермеп,
Арам өлгүр ыргалып,
Бута атым жерге узабайт.
Кабылан жолборс кайран эр,
Капа болуп кайгырып,
Алкымда жүргөн арстаның,
Калган кол менен урушуп,
Кыргын салып кыйратып,
Кайраттанган мыктысын,
Камандай чоро сулатып,
Байрак булгап бакырды.
Жакада жүргөн баатырды,
Алкымдан төрөң чакырды.
Эр Күлчоро баатырды,
Эсиңгиреп жалгызың,
Эр Семетей чакырды.
Каран калган Кактелки
Көрүнгөн жерде көрүнөт,
Көк түтүн болуп созулат.
Бала келди самсытып,
– Ай жаркын абам не болду?
– Не болгону курусун,
Өлөт деген ушубу?
Өчөт деген ушубу?
Тумшугу жок мен шордуу,
Өйдө чыксам өбөк жок,
Ылдый түшсөм жөлөк жок.
Аталаш алтоо болгончо,
Эмчектеш экөө болсомчу.
Эгем таала жараткан,
Жалгыздын жайы ушубу.
Жалгыздын күнү бул болсо,
Ичкен суусу курусун,
Көргөн күнү курусун.
Курбуга чыккан жалбыздык,
Ар бир башка келтирип,
Кууратты ңбы жалгыздык.
Тектирге чыккан жалбыздык,
Теңселттиңби жалгыздык.
Эсим кетти Күлчоро,
Эми арга не болот.
Эсенгиреп кайран эр,
Кабылан канкор айтканда,
– Капа болбо баатыр – деп,
Эр жалгызы сен элең.
Эмгегиңе мен элем.
Атадан жалгыз сен элең.
Ажалыңа мен элем.
Камандай кулуң жанында,
Катыгүн аба кантесиң.
Арканда калган туяк жок,
Ордуңду басар тууган жок.
Азабыңды тартайын,
Арт жагыңа калбайын.
Алдыңа мурун кетейин,
Акыреттен көздөшкүн.
Мына Кактелкини минип, бат
кутул.
Суркоён ээн калсын,
Алда таала эгемин,
Не салганын көрөйүн.
Ажалым жетсе өлөйүн,
Капаңды маа тарттырба,
Азабың маа көрсөтпө,
Кактелки менен бат кутул.
Абакесин мингизип,
Алкым жолго түшкүн – деп,
Жаныңды алып бат кутул.
Бакайга жетип бачым айт,
Ногойго жетип эрте кайт,
Сары канга кабар айт.
Берендерди чогултуп,
Аман жетсең абаке,
Аскерди жыйып эрте кел.
Кактелкини мингизип,
Кабыланды качырып,

Кайран чоро күлүстөн,
Суркоёнду минди эле.
Ай жаркын абам кетсин –деп,
Кайра кирди качырып.
Ак-Кыяны ашырып,
Кызыл кыргын кылды эле.
Тизгин колдон тайды эле,
Кыйратып чоро сайды эле.
Камыштай кылып жапырып,
Ураан тартып чакырып,
Күлүстөн тууган чунагың,
Күндүк жерге сайды эле.
Куйкалары курушту,
Суркоён менен урушту.
– Арам өлгөн союлгур,
Абакем минсе жүрбөйсүң.
Кула минсе союлгур,
Жүгүргөнүң билинбейт,
Туягың жерге илинбейт.
Кан султандын баласы,
Кабылан минсе баспайсың,
Алты кырды ашпайсың.
Башыңды кесип саламын,
Эмнеге кегиң бар.
Суркоён туруп күүлөндү,
Кадимкидей жаныбар,
Кишиден бетер сүйлөдү.
– Капа болбо чоро – деп,
Душмандык кылсам өлтүргүн.
Кекселик кылып баспасам,
Башымды кесип отко сал.
Топурак басты төрөңдү,
Багалчагым майышты,
Омуртка сөөгүм сыздады.
Өтүрүк айтсам өлтүргүн,
Жан калкалап алмакка,
Жалган айтсам жарып сал.
Кабылан болсоң абаңды,
Кактелкиге мингиздиң,
Карыш жерге узабай,
Кайгырып ыйлап тургандыр.
Бута атым жерге узабай,
Бурулдап ыйлап тургандыр.
Бул сөзүмө агаргын,
Кабылан бала күлүстөн:
– Арам өлгөн союлгур,
Алда кандай кеп айтат.
Эси чыгып элейип,
Салып чыгып келди эле.
Арстан бала ошондо,
Алкым жолду караса,
Бута атым жерге узабай,
Бул аныктыр чын экен.
Буркурап ыйлап Семетей,
Күлүстөн келди кыйкырып.
Абакесин чакырып.
-Ай жаркын абам не болдуң?
-Түшкүн чоро бачым – деп,
Ажал жетти күн бүттү,
Ат солбуп минсем баспады.
Айланайын күлүстөн,
Адамдын тилин албаган,
Ар пенде мендей өлүүчү
Өлгөнүнөн калганы,
Өчпөстөн отун жагуучу.
Кейибей уккун күлүстөн,
Керезимди айтайын.
Бек байлангын белиңди,
Абакем арстан өлдү – деп,
Жалпы ногой журтуң,
Сындырбагын белиңди.
Курсактагы парзантты,
Кубат кылгын кургурум.
Беренден калган парзант – деп,
Бек сактагын ошону.
Кыз төрөп койсо Айчүрөк,
Өлбөс жерге берсин – деп,
Өз оокатын кылгын – деп,

Акылга мол жеңеңиз,
Айчүрөк экөөң биригип,
Эптеп жаның багыңар.
Аманат сага тапшырам,
Жеңеңди жакшы багып ал.
Жесирдин тонун кийгизбе,
Кайраты бар шер элең,
Кабылан жолборс эр элең
Кайраным абам өлдү – деп,
Капа болбо күлүстөн,
Кубатыңдан ажырап,
Кумсарып ыйлап нетесиң.
Аманатты жакшы бак,
Кунан жорго мингизип,
Алтын күрмө кийгизип,
Атасын жуткан чунактын,
Алты ай перзент курсакта,
Азабын тартып жакшы бак,
Атадай болуп асырап,
Акыл насаат үйрөтүп,
Агадай болуп көздөп бак.
Тукумум болсо туягым,
Кейибей баксаң ошонум,
Кегиңди алып берер – деп,
Каныкей байкуш энемди,
Бөөдө энем өлбөсүн,
Катын башын эр кылсын,
Акыры жанын кыйбасын,
Арам өлүм болбосун.
Өкүмгө жетпей калбасын,
Кан Бакай менен Каныкей,
Кайрат кылсын байкуштар.
Безилдеп ыйлап ийбесин,
Абакем өлдү деп барсаң,
Бейбак бетин айра тартпасын.
Айдай болгон бул бетин,
Айра тартып албасын.
Анаңа күнү кылбасын,
Каныкей байкуш карыпка,
Катындык кылбай Айчүрөк,
Курсактагы парзантты,
Кубат кылсын байкуштар,
Беренден калган перзент – деп.
Арстаны керез айтканда,
– Чоң энекем Чыйырды,
Сексен үчтө кезинде,
Кабылан көзү өткөндө,
Карыган кемпир не болот.
Кагылайын арстаным,
Карыганда кууратып,
Каканакта баланы,
Канетип күйүп жүрөбүз.
Акылыман шашамын,
Айчүрөктү алам – деп,
Күнөөкөр болуп кудайга,
Сенин төшөгүң кантип басамын.
Андай айтпа абаке!
Сүйгөнүнө тийсин – деп,
Же сынадыңбы арстаным.
Кабылан сенден айрылып,
Калың ногой журтумда,
Канетип тирүү жүрөмүн.
Какылдаган зайбыңды,
Кай бетим менен аламын.
Кой абаке сөзүңдү.
Кадеми каткан мен шордуу,
Кайгырбай кантип жүрөмүн.
Азабыңды тартпаймын,
Аманатың кийбеймин,
Артыңдан калбай өлөмүн.
Канкорум сенден айрылып,
Кайсы күндү көрөмүн.
Карып калган Бакайга,
Кабылан төрөң өлдү – деп,
Канетип айтам кургурга.
Эр Семетей өлдү – деп,
Энеңе кантип айтамын.
Абакем сенден айрылып,

Айдай сулуу жеңеме,
Чүрөккө кантип айтамын.
Төрөңдөн калган жалгызың,
Чоң энекең Чыйырды,
Семетейиң өлдү – деп,
Карып болгон кемпирге,
Сен бычакка түшүп өлгүн – деп,
Кантип айтам кургурга.
Арт жагыңды ойлончу,
Талаа толгон мал калды,
Ойрон кулуң баш болуп,
Талоонго түшкөн мал калды.
Үйүң толгон мал калды,
Үшкүрттүңбү чороңду,
Үлүшкө түшкөн жан калды.
Эр Күлчоро буркурап,
Кой абаке кокуй – деп,
Кабылан сенден ажырап,
Калың ногой журтуңа,
Кара жолтой ак өлкө,
Бакай канды баш кылып,
Баарысын бирдей шыбырдап,
Канетип барам мен шордуу.
Күлчоро минтип турганда,
Эр Семетей кеп айтат:
– Буркураба кысталак,
Кайраттангын – деп айтат.
Арстаның төрөң сурданып,
Өкүнбөгүн Күлчоро,
Бул жалганчы дүйнөдөн,
Өрдөк учса көл калат,
Өлбөй тирүү ким калат.
Мурункулар өлбөсө,
Мусайып кана жалганда,
Эртегилер өлбөсө,
Эр Семетей мен тургай,
Абасынан айрылган,
Арстан чоро сен тургай,
Байлатып калган базардан,
Багын ачкан Кошойдон,
Атасынан бошогон,
Алар гана жалганда,
Ушу жалган дүйнөдөн,
Байыркыдан алп өткөн.
Байкуш жалгыз мен тургай,
Пайгамбарлар жалпы өткөн.
Эртеңкиден алп өткөн,
Эгем сүйгөн пендеси,
Эр Сулайман дагы өткөн.
Кайрат кылсаң болбойбу,
Катындан бетер ыйлабай.
Акмак чоро байкачы,
Алмамбет, Манас шер өткөн.
Атабыз гана жалганда,
Серек, Сыргак шер өткөн.
Баатыр Манас чоросу,
Кырк чоро, Чубак, Кызыр шер,
Кылкандай болгон көй кашка,
Кырк жайсаң өткөн дүйнөдөн.
Киндиги болот Китен алп,
Пилди минген Чоюн алп,
Кенжеси экен Маңкүрс алп,
Алар өткөн дүйнө ушул.
Жамбыл пилди жайлаган,
Жал куйругун байлаган,
Каршы чыккан жоо болсо,
Камандай болуп кайсаган.
Кайран Төштүк эрендер.
Булар өткөн дүйнө ушул.
Жылкыдан тууган кер коңур,
Бечара пенде мен тургай,
Белгилүү чоро сен тургай,
Алда таала достусу,
Кылычын жоого кыйнаган,
Азирет Аалы шер да өткөн,
Үрүстөм достум эр өткөн.
Асыл абам өлдү – деп,
Өкүнбөгүн Күлчоро.

Амир Темир шер өткөн,
Мен тургай жалган дүйнөдөн,
Нечен түрдүү пенде өткөн.
Коштошомун саа – деп,
Кокуй чоро бат кутул,
Ат солбуп минсем жүрбөдү,
Ажалым жеткен күн беле,
Тагдыр жетип суу бүттү.
Мени кудай урган турбайбы,
Акмак казак досум – деп,
Же Бакайдын тилин алсамчы.
Эмгегин тарткан куу тумшук,
Каракан кызы Каныкей,
Кайгымы тартар куу кемпир,
Же ошонун тилин алсамчы.
Айчүрөк жеңең күлүстөн,
Же экөөндүн тилиң алсамчы.
Көнөчөктөй көөдөнүм,
Көк жорулар ойбосун,
Абаң бөрүнүн богу болбосун.
Жакуттай болгон эки көз,
Кузгун капыр конбосун.
Күнгө бетим күйбөсүн,
Күн аптабы тийбесин.
Жайылтып жалгыз таштаба,
Эптеп сөөгүм ала көр,
Айла кылып ала көр.
Жар көчүрүп кете көр,
Кайрат кылгын күлүстөн,
Алкымдан бир өбөйүн.
Кайрат кылгын асылым,
Каныкей менен Бакайды,
Өз колуңа ала көр.
Кара тумшук байкушту,
Айлаң келсе Күлчоро,
Канчоро чочко колуна,
Кайгы күндү көрсөтпөй,
Карып кылбай бага көр.
Сары жүнү түшпөгөн,
Жазгы отогу жылкыдай,
Арык кылбай бага көр.
Коштошомун сага – деп,
Алкымынан бек жыттап,
– Аман бол баатыр – деп,
Кучакташып өбүшүп,
Суркоёнду жетелеп,
Ойрон кулду карасаң,
Ногойду көздөй жөнөдү.
Баатырдын уулу Семетей,
Өлүүгө чоң жолдо алкымда,
Калды арстан шер.
Касиеттүү кайран эр.
Камандай чоро ойлонду,
Жалдыратып жалгызды,
Жалгыз таштап кете албай,
Капа болуп кайран эр,
Кайгырып ыйлап кайран эр:
-Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн.
Арстан тууган абамды,
Биттейимде бирге өскөн,
Бармактайдан башка өскөн,
Тай кунандай тебишкен,
Тартышып эмчек эмизген,
Асыл тууган абамды,
Кескилетпей душманга,
Ошонун сөөгүн мен шордуу,
Өңөрүп жүрүп өлөйүн.
Кайкы сары белестен,
Үйдөй болгон кара арча,
Суркоёнду бек байлап,
Кууну ташка чапты эле,
Бир атым дары чыкты эле.
Саадактын баарын аңтарса,
Жалгыз огу калыптыр,
Кулдурата урду эле.
Койчагырды дүрмөттөп,
Чоро карап турду эле.

Төмөнкү башат кемерден,
Сары белес чопкуттан,
Суртелкини сойкутуп,
Канчоро чыгып келди эле,
Ок жеткис жерге турду эле.
Ошо мыкты Канчоро,
Канкорду көздөй үн салды.
– Манастын уулу Семетей,
Кулагың салгын мага – деп,
Азыр айтамын сага – деп.
Атаңдын көрү канкор – деп,
Жоону сайса мен сайдым,
Кай жерде экөөң көп сайдың.
Опурма белди ашканда,
Ойгутту барып чапканда,
Коркоктук кылып Семетей,
Колуңдан чыга качтыңбы?
Душманга колтук ачтыңбы?
Э, кысталак Семетей,
Кыз-Мазар белин ашканда,
Кырыңдан чыга качтымбы,
Мында колтук ачтымбы.
Кылымга толгон кол алып,
Бээжинден келди Коңурбай,
Таластын суусун бурган – деп,
Баарысын айтып нетейин,
Кыскартып айтып кетейин.
Кысталак Семетей,
Кытайга кыргын салганда,
Коңурбайды баш кылып,
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Аскер башын алганда,
Нескара, Жолой, Ороккыр,
Эсердин эрин өлтүрүп,
Эңкейтип минтип алганда,
Коркоктук кылып сороктоп,
Сөгүнө чыга качтымбы?
Мында колтук ачтымбы?
Баарысын айтып нетейин,
Ак жанымды булгадың,
Чачыкей менен ашык деп,
Койчу баатыр үстүмөн,
Төрт жанымды кердирип,
Казык кагып байлатып,
Камандай кулга Семетей,
Кан жөткүртүп урдурдуң.
Канкор мына мында бир кылдың.
Акшумкар издеп жөнөдүң,
Аккан суута барганда,
Камандай кулга көрсөтүп,
Атка тегиз зар жүктөп,
Алып кирдиң Үргөнчкө,
Канкор мына мында бир кылдың.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Кабар берди кайнагаң.
Калети барбы Семетей,
Айчүрөктү берем деп,
Болжоп келди Боз-Дөңдө,
Жер кашатты болжодук.
Бүгүн Толтой келет – деп,
Кабар берди кайнагаң.
Мен барам десем болбодуң,
Ачууланып торгодуң.
Камандай болгон Күлчорон,
Анда он экиде жашы бар,
Сербейген саамай чачы бар.
Жолборсум деп санасам,
Жолду бербей койдуңбу.
Мыкты Толтой, эр Көбөш,
Зорду бербей койдуңбу.
Он экиде жаш бала,
Ойрон кулга тоздурдуң.
Жарадар кылып келгенде,
Жаштык кылып салганда,
Мобу сөзүм айтайын.
Арманда калып келгенде,
Ат үстүнөн чочкого,
Сайыша албай келгенде,

Баарысын айтып нетейин,
Эр Толтойду өлтүрүп,
Жети кандуу Суркоён,
Жет-Кайтты көздөй качканда,
Жеркенин сары талаада,
Жетип кармап алгансың,
Эки телки мингенбиз,
Эр Толтойду жай кылып,
Соогаттап аба жарышып,
Өзүбүзгө келгенбиз.
Он бештеги мен турсам,
Он экиде жаш бала,
Ойрон кулга бергенсиң,
Мына мында бир кылдың,
Так ушуну менен үч кылдың,
Аягында күч кылдың.
Эр Кыязга кетпесем,
Ногойго аким болбосом.
Окшомдуу сулуу зайбыңды,
Ойрон кулду баш кылып,
Олжого экөөң бербесем,
Канчоро атым курусун.
Чачыкейди албасам,
Ак үйүңө кирбесем,
Төшөгүңдү баспасам,
Кан ичменин тукуму,
Моминтип сага кылбасам.
Каныкей менен Бакайга,
Кайгы күндү көрсөтүп,
Кан жөткүртүп токмоктоп,
Так ушундай кылбасам.
Кетирбей кегим албасам,
Өткөрбөй өчүм албасам,
Азыр урсун Чубактын,
Атакемдин арбагы.
Канчоро атым курусун,
Төшү түктүү жер урсун,
Айтымына жетпесем,
Төбөсү ачык көк урсун.
Кан ичменин тукуму,
Кабылан Манас баласы,
Кабырганды сөкпөсөм,
Каныңды суудай төкпөсөм.
Токойдон отун чогултуп,
Сөөгүңдү өрттөп ийбесем.
Ойротту бузган колуңдун,
Оң кечирин сөкпөсөм,
Дал орто этин сойбосом.
Окшомдуу сулуу зайбыңды,
Быйты күңдү ээрчитип,
Эр Кыязга бербесем,
Өчүмдү минтип албасам.
Кетирбестен Семетей,
Кегимди минтип албасам.
Канчоро атым курусун,
Кош Семетей аман бол,
Эр Кыяз көздөй бет алып,
Эми качты Канчоро.
-Токто, баатыр, токто – деп,
Кабылан жолборс кыйкырды.
Ногойго аким кылайын,
Ойрон чоро токтогун.
Душмандык жолун баштаба,
Калкыма аким кылайын,
Канкорду жалгыз таштаба.
Ногойго султан кылайын,
Ой Канчоро кайра тарт.
Кыйрымдан кыз тандатып
берейин.
Калың ногой журтума,
Кан көтөрүп салайын.
Кайра тарт, чором, кайра тарт!
Кылчайбады кысталак,
Буркурап ыйлап Семетей,
Анда туруп кеп айтат:
-Буудандын оозун бул чочко,
Бурганы жүргөн турбайбы.
Зили байкуш жалгызга,

Бөлөктүгүн билгизип,
Маа кылганы жүргөн турбайбы.
Жараткан жалгыз жан экен,
Жатыны башка чочкону,
Жамаса да болбойт бейм.
Кысталактын кылганын,
Көрсөткөн ишин карачы.
Көгөргөн кудай не кылдым,
Энебиз башка болгон менен,
Атабыз бирөө эмеспи.
Белин бекем бууганда,
Мени ошондо эле кудай урган турбайбы.
Бу жорук маа чала – деп,
Элөөсүз чочко экенмин.
Айлансамчы мен шордуу,
Абыке,Көбөш туугандан.
Жалгыздыгы курусун,
Баркырап ыйлап жаңкы агаң,
Сырбараңды таянып,
Кашатта турду болоктоп,
Баатырдын уулу солоктоп.
Кайгырып ыйлайт Семетей,
Кабыргасы сөгүлүп.
Баатырдын уулу Семетей,
Башатта турат болоктоп,
Жалгыздыгы курусун,
Кайгыдан көрдү Күлчоро,
Каршылык айтып канкорго,
Кыязды көздөй качканын,
Кысталакты көрдү эле,
Бир атым огу калыптыр.
Кылбаса деп акмак кул,
Артынан түштү Күлчоро.
Жер кашат менен келатат.
Камандай болгон кайран эр,
Арам кыял чочко – деп,
Энесинин сүтү ургур,
Буурул аттын күчү ургур
Берденкеси барында,
Бетке алганын кетирбес,
Белгилүү мерген күлүстөн,
Бузулган канкор сөзүнөн,
Зикири кеткен оозунан.
Кашатка кире бергенде,
Капа блгон күлүстөн,
Калпакка атып салды эле.
Өз башын өзү кокуйлап,
Арманда калып Күлчоро,
-Алтымыш эрди жазбадым,
Баарын да байлай атып өлтүрдүм.
Ай карангы түн беле,
Жараткан кудай жасаган,
Жалдыраган жалгыздын,
Ай жаркын тууган абамдын,
Ажалы жеткен күн беле.
Капа болуп Күлчоро,
Канкоруна көрүнбөй,
Кайра тартты Күлчоро.
Канчоро барды кыйкырып,
-Эр Кыяз! – деп кыйкырып.
Баатыр Кыяз барсыңбы?
Баракелде эрдикке,
Маашыр болдум шердикке.
Эсенсиңби эр Кыяз!
-Амансыңбы досум – деп,
Тукум сендей болуп – деп,
Туяк сендей болот – деп.
Аттарынан айрылган,
Айласы кетти канкордун,
Алдымда турат Семетей,
Касиеттүү досум – деп.
Колуң канча эсепте,
Канкордун уулу Семетей,
Катуу кыргын салды эле.
Кысталак Күлчоро,
Кыргын салды элиңе.
Кылымдын баарын чогултчу,

Амандыгы курусун,
Менменсиген колумда,
Берендин баарын кырдырдым,
Ажалдуулар өлдү – деп.
Камандай болгон кысталак,
Кан жөткүрттү калкымды.
Жет-Кайтты көздөй кетти – деп,
Өлсөң өзүң өлгүн – деп,
Өлбөсөң тирүү келгин – деп,
Тогуз жүздөй кол менен,
Намыс кылып мен калдым.
Канчоро айтчы жообуңду,
Сени да апкөй тилдүү кул деген.
Амал менен келбегин,
Ары тургун жолобо,
Атыңан түшүп жөө келгин.
Жоо аяган жаралуу,
Куулук кылып келбегин.
Жарактын баарын ташта – деп,
Жалаң басып кол бер – деп,
Мен атыман түшпөйм – деп.
Сенин ак экениң билейин,
Келме шаарат ак куран,
Куранды алып келчи – деп.
Куран кармап берчи – деп,
Баатыр Кыяз айтканда.
– Алдыртан кагаз кат берсем,
Катка колум мен койсом,
Атаңдын көрү акмактын,
Камандай болгон кулуна,
Калпагыма аттырып,
Качып келсем алдына,
Касам алып турганын.
Канкорго кайра барбасам,
Камандай кулун чакырып,
Кысталак Кыяз кыйратып,
Калган колуң кырбасам
Кылчайбай басты Канчоро,
Камандай Кыяз каткырды,
– Тамаша кылган сөзүмө,
Таарынбагын досум – деп.
Оюн кылган сөзүмө,
Опсуз досум таарынба.
Акмак кылба мени – деп,
Тамаша кылдым сени – деп.
Таарынбагын баатыр – деп,
Келме шаарат ак куран,
Көкүрөккө урушуп.
Өлүп кетчү ант кылып,
Аябай жатып шерттешип,
Акыреттик дос болуп,
Антташып алып аттанып,
Калкынын баарын чогултуп,
Канчоро, Кыяз кеңешип,
Кол эсебин алышып,
Азганакай кол калган,
Баатыр Кыяз досунун,
Кырк чоросу бүт калган.
Тогуз жүз кырк кол калган.
Ичи капа, тышы чок,
– Кайрат кылгын кайран эр,
Эми кетирбей кегим алып бер,
Өткөрбөй өчүм алып бер.
Убадалуу шерт кылгын,
Баатыр досум эр Кыяз,
Калкыма колуң салбайсың.
Казак, кыргыз журтуму,
Элимди олжо кылбайсың.
Кел убадаңды бергин – деп,
Сен аскериңди чакырып,
Кайрылган калың колуңдун.
Аттууну жыйып аласың,
Аскериңе кеп айтып,
Алымсынып каласың.
Айдап жолго саласың,
Айлымды көздөй барасың,
Ашыкпай конок болосуң.
Касамыңды бергин – деп,

Анан канкорду көздөй барасың.
Ойрондун зайбы Чүрөктү,
Быйты күнүн ээрчитип,
Оң кежирин оёмун,
Ойротту бузган Күлчоро,
Ал орто этин соёмун.
Кан Бакайдын колунда,
Калмактан калган кысталак,
Карагулду баш кылып,
Олжого минтип беремин.
Ногойго аким боломун.
Чачыкейди аламын,
Айчүрөктүн ордого,
Ашкере кирип алам – деп,
Аңгемени салам – деп.
Чачыкейдей сулуунун,
Капасын минтип чыгарып,
Намысын алып беремин.
Олжолуу болгон ногойду,
Карып кылба журтумду.
Эр Кыяз менен Канчоро,
Өз колум менен берем – деп,
Айдап жолго саласың,
Бергенимди аласың.
Душмандык кылып урушсаң,
Эгемдин не салганын көрөсүң,
Эр Кыяз менден өлөсүң.
– Сен андай айтпа Канчоро,
Баатыр Кыяз кеп айтат.
– Байкагын баатыр – деп айтат.
Сен андай айтпа сөзүңдү,
Билдим Канчоро досум өзүңдү.
Уктум аз-аз сөзүңдү,
Арамдык ойлоп каласың,
Мындай сөздү сен ойлоп,
Мөөрүңдү басып, кол коюп,
Калкымда жаткан жеримде,
Катты не үчүн бересиң.
Касам алып досуңдан,
Катының менен куруп кал.
Канга канды аламын,
Кан атамды өлтүргөн,
Канчоро баатыр башта – деп,
Эсебин алды колунун.
Качканы качып кетиптир,
Канчоро, Кыяз чогултса,
Ажалдуусу өлүптүр.
Аттуу, жөөлүү болушуп,
Жедигер калкы чогулуп.
Эгем таала кудайдын,
Не салганы бул жерде.
Атаңдын көрү Кыязга,
Кошомат кылам деп жүрүп,
Бөөдө арам өлбөйлүк.
Атаңдын көрүн урайын,
Акмак Кыяз өзү өлсүн,
Айылды көздөй кетем – деп,
Жет-Кайтты көздөй жөнөгөн.
Камчыга салып санаса,
Тогуз жүз колу калыптыр.
Тондуу кылып баарысын,
Атсызына ат берип,
Тоздурбаймын журтум – деп,
Аттуу кылып баарысын.
Айбандын баарын мингизип,
Олпоктун баарын кийгизип.
Ойрондун уулу Семетей,
Эр Кыяз менен Канчоро,
– Аяш атаң мен бар – деп,
Камсанаба душмандан,
Камандай кулдан коркпо – деп,
Кудай алсын ошону,
Эки журт коркпо Бакайдан,
Картайып калган абышка,
Канча күчү бар дейсиң.
Арамдык кылба душман – деп,
Чоро канкорду барып өлтүрөм.
Камсанаба Кыяз – деп,

Канкорду көздөй жарышты,
Тизгин колдо карышты.
Эр Күлчоро буркурап,
Кайкыдан карап зыркырап.
Алмадай башын ашырып,
Тула боюн жашырып.
– Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн.
Периштелүү беренди,
Кан султандын баласы,
Кабылан канкор абамды,
Ойрондун уулу Семетей,
Олуязаада төрөмдү,
Канчоро менен эр Кыяз,
Эрдемсиген эки иттин,
Кудурет алда жеткизди,
Өлтүргөнүн көрөйүн.
Тирүү туруп жалганда,
Касиеттүү төрөмдүн,
Сөөгүн кантип берейин.
Өңөрүп жүрүп ошонун,
Касиеттүү султанды,
Жалгыздын сөөгүн бастырбай,
Айла кылып мен шордуу,
Ала качып кетейин.
Итке, кушка жыттатпай,
Бир жерге жалгыз султанды,
Жер көчүрүп бекитип,
Акыры жаны чыкса да,
Айбалта менен жыра чаап,
Аманат коюп кетейин.
Көкүрөктө жан болсо,
Эгемдин не салганын көрөйүн.
Абамдын сөөгүн таштабай,
Өңөрүп жүрүп өлөйүн.
Кудурет алда жеткизди,
Кап, Канчоро сени – деп,
Кайгырып турат кайкыда.
Эр Канчоро, эр Кыяз,
Аскерин жыйып алышып,
Аскеринин баарысы,
Тогуз жүздөй киши экен.
Камчыга салып санады,
Алданын салган иши экен,
Арман кылат Күлчоро.
Жарактын жарымы калса – деп,
Атаа, кантет элем ушуну,
Ителгидей кара көз,
Ирмебестен жаш кетти.
Эр Күлчоро болоктоп,
Арман кылып кудайга,
Арстаның ыйлап турду солоктоп.
Алкымда турат Семетей,
Кайран эр калың колду байкабай.
Эр неме өлөөрүн эми билди эле,
Кайрат кылып кумсарып,
Баатыр башатты көздөй басты эле,
Баатыр барып даарат алды эле.
Эки ирекет намазды,
Эси чыкпай Семетей,
Эптеп окуп алды эле.
Он ирекет намазды,
Кабылан топтоп окуп алды эле.
Келме шарип ак куран,
Төшүнөн сууруп алды эле.
Барагын тартып баатыр шер,
Жаратканга жалынып,
Жаасин окуп турду эле.
Калың колду элебей,
Туйгунуң тушарына теңебей,
Өлөмүн деп санабай,
Эчтемени элебей,
Тербелбей туруп берди эле,
Кайран эр качпай туруп берди
эле.
Эрдигин байка канкордун,
Жоболоңдуу жолборстун,
Чочубай туруп бергенде.

Жоо беттебей турду эле.
Козголбой турган канкорго,
Көп кол батынбай турду эле,
Кол салалбай турду эле.
Былк этпей турат Семетей,
Мылтык менен аталбай,
Найза менен саялбай,
Акбалта менен чабалбай,
Аркасын Кыяз аталбай,
Касиеттүү канкорго,
Батына албай баатырга,
Жаркыраган жанагы агаң,
Жазганып турат калың кол.
Баатыр Кыяз сүйлөдү:
-Баарыңар бирден жалтанып,
Койчу журтум ойлогун.
Бет алдынан барайын,
Берендин жүзүн көрөйүн,
Бет алышып келейин
Санааркабай турганын,
Саламдашпай көрөйүн.
Коркуп кетип ий десе,
Жалынып ийсе мага – деп,
Жалынтпай найза салайын.
Кылыч менен чабайын,
Кыйналтпай жанын кыяйын.
Көк найза менен кокоюн,
Көп какшатпай соёюн.
Тоотору менен булкунтуп,
Тоодой Кыяз эр неме,
Сырбараң мылтык ийнинде.
Кылычты кындан бошотуп,
Көк ала түпөк көк найза,
Көрсөтмөк болду канкорго.
Тизгинин чоюп булкунтуп,
Тоотору менен бастырып,
Кашына келди канкордун.
Касиеттүү арстандын,
Аркан бою эр Кыяз,
Алдынан салам айтты эле.
«Алеки салам» деп айтпайт,
Башты ийкейт кайран эр,
Кишисиңби ,ит дебейт.
Үшкүрүнүп ийгенде,
Канкоруңдун оозунан жалын
шыркырайт.
Бармагын тиштеп баш чайкап,
Муңая түшүп кумсарып,
Буурул атты көп санап,
Күлүгү түшүп дитине,
Атышып жоого бет алса,
Чаалыкпаган чарчабас,
Алтымыш күнү жүгүрсө,
Айбаны түшүп эсине,
Муңая түшүп үшкүрүп,
Буурулу түшүп дитине.
Алдадан ажал келбесе,
Найза сайса өтпөгөн,
Атышып жоого бет алса,
Адамдын алы жетпеген.
Ачууланса замбирек,
Аккелте менен Аколпок,
Артык түшүп дитине.
Бакайдын тилин байкабай,
– Акмак казак маңкага,
Атымды неге бердим – деп.
Ажалым жеткен турбайбы,
Арман кылып Семетей,
Көзүнөн жашын албады.
Белгилүү Кыяз кайран эр,
Бет алдынан карады.
Бет алдынан байкаса,
Периште турат ийнинде.
Кызыл чийкил жаш бала,
Жакут ташы башында,
Алтын аса колунда.
Арстан Кыяз байкаса,
Алдында турат чарк уруп.

Кара чаар кабылан,
Алдында жатат комдонуп.
Кабылан турат кебелбейт,
Эр Кыязды элебейт.
Калк башкарып токтоткон,
Канчорону көп карайт.
– Шайманым болсо алдымда,
Кантээр элем кысталак.
Арманда турат арстан шер,
Кайгырып берет кайран эр.
Канетсин Кыяз баатыр эр.
Тооторудай күлүктү,
Каң дедире бир салып,
Кара олпок кийип булкуюп,
Каарданып күүлөнүп,
Канчоро кулга сүйлөнүп,
Келди Кыяз күүлөнүп.
– Кесиреттүү чочко – деп,
Ант урган акмак ойло – деп,
Эчтекени элебей,
Эсер чочко экенсиң.
Ант уруп кеткен акмак кул,
Ырас арсыз экенсиң.
Энесинин сүтү ургур,
Бууданынын күчү ургур,
Мекеде султан пир ургур.
Ант уруп кеткен кысталак,
Ак пайгамбар дин ургур.
Акмак чоро болбосоң,
Арстандын уулун карачы!
Адамдын колу барабы?
Жаман киши өңдөнүп,
Коркок адам өңдөнүп,
Корголоп качпай кысталак,
Балкайып туруп бергенин,
Жалганда мындай жок экен.
Сол бөйрөгү болк этсе,
Солду чабар неме экен.
Кан султандын баласы,
Менин атамды өлтүрдү,
Өлтүргөнү эп экен.
Калкынан келген качкын кул,
Атакемди азгырып,
Апкөй тилге салыптыр.
Касташып келген Чынкожо,
– Кайнына кыргын салам – деп,
Какылдаган Чүрөгүн,
– Катынын олжо кылам – деп
Эрдемсинип келиптир,
Касиеттүү канкордун,
Катынын өзүм алам – деп.
Чоңсунуп келип атакем,
Эр Чынкожо, эр Толтой,
Семетейден өлүптүр.
Чоңсунган пенде өлүүчү,
Бир өлмөктөң үч өлсүн,
Асыл атам эр Толтой,
Апкөй тилге бул кирип,
Акмактыктан өлүптүр.
Муну өлтүрүп нетейин,
Эр жалгызы турбайбы,
Жалгызды жалгыз өлтүрүп,
Жети тоомат түбүндө,
Дарс окуган эр Кыяз,
Күнөөкөр болуп кудайга,
Жаандамда калбайбы.
Муну өлтүрүп нетейин,
Үй көтөртүп, бээ союп,
Тоо торусун беремин.
Суркоёнду баш кылып,
Касиеттүү баатырдан,
Канкор менен дос болуп,
Каалаганым аламын.
Кан султандын баласы,
Кабыланды ээрчитип,
Канчоро чочко кете бер.
Эр жаңгызы арстанга,
Ошончо эмгек көрсөтүп,

Жалганчы жарык дүйнөдө,
Алышып жүрүп өтөмүн.
Жет-Кайтка эсен кетемин,
Муну өлтүрүп нетемин.
Келме шарип ак куран,
Көкүрөккө урамын,
Өлүп кетчү ант кылып,
Убадалуу шерт кылып,
Кабылан менен дос болуп,
Каалаган малым аламын,
Кан Кыяз туруп муну айтты.
Канчоро туруп күүлөндү,
– Атаңдын көрү чочко – деп,
Ант уруп кеткен кысталак.
Өлтүрбөй тирүү сен кетсең.
Жет-Кайтка сени жеткизбейт,
Жоонун түбү жоо деген,
Суунун түбү суу деген,
Дуунун түбү дуу деген.
Баатыр Кыяз байкачы!
Адам айтса байкабай,
Энөө манжу итсиң – деп,
Эр болбой сен жерге кир,
Үмөтөйдү өлтүрүп,
Сөөгүн жүктөп берди эле.
Буудан атын алдырса,
Аккелте менен Аколпок,
Жарак аты келгенде,
Кабыштырат ордуңду.
Кара жер менен тең кылып,
Кайыбы тийсе колуңа,
Калкыңа кыргын салбайбы.
Кара элечек кылбайбы.
Катының жесир кылбайбы,
Жеткайттагы жедигер,
Жеткилик куулуп келгенде,
Жеке Кыяз сен эмес
Жетип бузук салбайбы,
Моминтип кыргын салбайбы.
Тукумуңду үзбөйбү,
Түбүңө Кыяз жетпейби.
Эсен койсоң канкорду,
Камандай кулун ээрчитип,
Кан Бакайы баш болуп,
Калың аскер жыйбайбы,
Катының жесир кылбайбы,
Balaңды жетим кылбайбы.
Кара көңүл кысталак,
Моминтип караан кылбайбы.
Болумдуу мыкты канкор – деп,
Боору эзилип турганын,
Мындан көрө эгемдин,
Не салганын көрсөңчү.
Толтойдон тукум болгуча,
Жет-Кайттагы жедигер,
Аким болуп билгиче,
Ат жалын тартып мингиче,
Толтойдон тукум болгуча,
Туулбай туна чөксөңчү.
Эрдемсинип элиңен,
Эрбейип атка мингиче,
Элиңен келип канкорду,
Кунун албай атаңдын,
Коркуп кеткен өңдөнүп,
Тукум болуп жүргүчө,
Туулбай жерге кирсеңчи.
Укпаймын сенин сөзүңдү,
Кудай алсын өзүңдү.
Кузгун ойсун көзүңдү,
Ишенбеймин сага – деп,
Туулбай туна чөксөңчү,
Бул көркчө өлсөңчү.
Эчен түрдүү кордукту,
Көрсөткөн канкор чоңдукту.
Алышта сууну бурдурган,
Ак дили менен канкоруң,
Кызматын кылсам өлгөнчө,
Катыным менен ашык – деп,

Камандай болгон кулуна,
Кан жөткүртүп урдурган,
Момундай кызык иш кылган.
Ак жанымды булгады,
Бул кылганын кантейин,
Чогулуп кыздар турганда,
Какшыктап канкор сүйлөнүп,
Эркелеп айтсам бул канкор,
Эски кеги бар беле,
Атка таңып сарпочтоп,
Алып кирген чоң суугa,
Анда акмак бир кылган.
Сенин атаң Толтойду,
Көңтөрө сайып көчүккө,
Катынына мактанып,
Жет-Кайтты көздөй Суркоён,
Арбактуу күлүк буурул ат,
Айкөлдүн сары талаада,
Аман болсо көрөрсүң,
Таманынан чыгарбай,
Буурул ат жеткен болбостон.
Атаң турсун кысталак,
Атаңын шагын сындырган.
Маанайын пас кылганда,
Ошондон кийин Суркоён,
Жет кандуу жарыктык,
Оң кулагын кескенде,
Алты жаны кеткенде,
Арданып ыйлап Суркоён,
Маанайы бош болгондо,
Ардыгып ыйлап калган – деп,
Көңүлү чөгөт болгон – деп.
Он бештеги мен турсам,
Он экиде ойронго,
Камандай болгон кысталак,
Капыр кулга бергенде,
Катуу калдым каршыгып,
Кезекти кудай келтирсе,
Кең-Колдон алып көчүңдү,
Бир албасам өчүмдү.
Бир кылбады үч кылды,
Аягында күч кылды.
Сенин колуң барбаса,
Өзүмдүн колум барат – деп,
Көп айтпаса билбеген,
Көөдөк Кыяз акмактын,
Айтып турган сөзүн көр,
Сүйлөп турган сөзүн көр.
Толтойдон тукум болгуча,
Калкыңдан колду чогултуп,
Эркексинип келгиче,
Туулбай жерге кирсеңчи,
Бу көрөкчө өлсөңчү.
Эчтекени элебей,
Эсер чочко экенсиң,
Атанын кунун ойлобос,
Акмак чочко экенсиң.
Кан ичменин уулунан,
Калтаарып коркуп турганың,
Чочкону кудай урганын.
Өткөзбөй өчүм алам – деп,
Кетирбей кегим алам – деп,
Кысталак колуң барбаса,
Өзүмдүн колум барат – деп,
Талаша кетти найзаны.
Канкордун уулу Семетей,
Колунан көрүп пайданы.
– Баракелде Канчоро,
Эми өзүм саям арстанды,
Кан атам өчүн алайын.
Каруудан кармап тура көр,
Аркасына бара көр.
Кармай калса найзаны,
Балбан тууган эр неме,
Жара шилтеп койбоюн.
Өлчөлүү жерге саяйын,
Өзүм жайлап коёюн.
Тегеректеп келди эле,

Тербелбей турду Семетей,
Өлөмүн деп ойлобой,
Кашкайып туруп берди эле.
Анда арстан кеп айтат:
– Атаңдын көрү кысталак,
Таңылсып карап калаасы.
Найзаңды кармап колуна,
Шаңданып карап каласың.
Бачым сайгын мени – деп,
Канчоро келди анткор кул:
– Ай жаркын абам аман бол,
Ат-тонунан айрылган,
Арманда сиздей болучу,
Капа болбо падышам,
Кагылайын султаным,
Колуңду берчи көрүшүп.
Канчоро басып келгенде,
Бир туруп темирдей,
Темирдей болуп карарды,
Бир туруп чоктой кызарды.
– Укпаймын чочко сөзүңдү,
Кысталак кудайга койдум өзүңдү.
Тел козудай жалгызым,
Эмгектүү тууган энемдин,
Эмчегин телип эмиздим.
Ардактап баккан акмак кул,
Ак сүтү урсун ошонун.
Алмамбет менен Чубактын,
Серек менен Сыргактын,
Атам Манас султандын,
Арбагы урсун кысталак,
Ант уруп кеткен сан талак.
Буудандын оозун сен эки ит,
Зили жалгыз канкорго,
Кылганы жүргөн экенсиң.
Жатыны башка чочкону,
Жамаса да болбойт бейм.
Энеси башка чочкону,
Эптесе да болбойт бейм.
Укпайм сенин сөзүңдү,
Кудайга койдум өзүңдү.
Жараткан кудай жеткирди,
Каныкей өлтүр деп айткан,
Өзүңдүң каның ичет – деп.
Энекем айтса болбодум,
Жаркыным энем айтканда,
Жашыңда жайлап салбай – деп,
Бул жорук мага чала – деп,
Кудай бардыр сага – деп.
Тура тур, Кыяз, тура тур!
Сен да бааатыр экенсиң,
Азыраак абай кыла тур.
Абайлап карап турушту,
Белдемчиде себилин,
Белинен чечти темирин.
Колтукка койгон тамырын,
Төшүнөн чечти сапылын,
Баатыр алып таштады,
Башындагы темирин.
Туулга деген сапылды,
Тула бойдон алды эле,
Тулку бойдо темирди,
Чолок чопкут тон чечти.
Буладан кылган чоң көйнөк,
Буластата айырып,
Ак төшүн ачып берди эле.
Касиеттүү канкорду,
Батып Кыяз саялбай,
Көңдөйдү шилтеп койду эле.
Арстан уулу болоктоп,
Дал ортодон тамырын,
Жарым кез чыкты короктоп.
Алагай көзү созулуп,
Кан султандын баласы,
Кырынан кетти кыйшайып.
Алагар көзү жумулуп,
Кызыл өңү бузулуп,
Комдогон төөдөй болпоюп,

Кырынан кетти золпоюп.
– Баракелде эрдикке,
Баатыр Кыяз сен досум,
Ыраазы болдум мен досуң.
Берендин уулу канкорду,
Перинин кызы апкетет,
Нурдун кызы апкетет.
Пирге сөөгүн көрсөтпөй,
Чоң токой көздөй баралы.
Эр башына бир жыгач,
Отунду чаап келели.
Үстүнө абдан үйөлү,
Сөөгүн өрттөп салалы.
Ногойду көздөй баралы,
Ойронду кармап алалы.
Оң кечирин оёюн,
Дал орто этин соёюн.
Кетирбей кегим алайын,
Өткөзбөй өчүм алайын,
Канчоро туруп муну айтты.
Капа болуп Күлчоро:
– Баатырымды өлтүрдү,
Баркырап ыйлап турду эле,
Кудайга үнү угулду,
Зыркырап ыйлап ийди эле,
Айчүрөктөн жат окуп,
Алган экен адистеп,
Жайдым тилин жат билип,
Араптын тилин куп билип,
Аш бышымдын ортодо,
Айылга булут жиберип,
Айдын көзүн имерип.
Күйүгүп ыйлап жай айтып,
Күндүн көзүн имерип.
Кылаан кызыл сырдантып,
Асмандан булут сурдантып,
Тумшукка туман токтотуп,
Бөксөгө мөндүр түшүрүп,
Өзөнгө нөшөр төктүрүп,
Жакага жамгыр жаагызып,
Ала кайыр бурганак,
Калпактай болгон сары кар,
Асмандан түшүп замбарып.
Карыш пенде көрүнбөй,
Кемерден карды түшүрүп.
Бурганак шамал сыр канап,
Жандын баары чуркурап,
Арстан тууган күлүстөн,
Ала кайыр түшүрүп,
Акмак кылып жутатып,
Абасын издеп келди эле.
Камандай чоро кайгырып,
Кабыланын байкаса,
Муруту арпанын кылканындай
сайылып,
Сакалы жатат жайылып.
Алагар көзү созулуп,
Өңү кетип бузулуп,
Кайран эр жаткан сызылып.
Ак чор кетип бузулуп,
Түкүрсө, жөтөлсө,
Көнөктөп кара кан кетип.
Карса-карса жөтөлсө,
Кабылан башын көтөрсө,
Кашыктап кара кан кетип,
Баатырдын түрүн көргөндө,
Башы-көзүн койгулап,
– Бул тай кунандай тебишкен,
Тартышып эмчек эмишкен.
Күн жонтойду жаным бир,
Көмөкөйдө тилим бир,
Азабыңды тарттырбай,
Аманатты күйгүзбөй,
Ала жат төрөм кулуңду.
Кантип адам боломун,
Ай жаркын аба падышам,
Артыңда парзант балаң жок,
Жаркын төрөм ала жат.

Кагылайын кан абам,
Кадимсиз кулду таштап,
Арстан бала кыйкырды.
Абакелеп чакырды.
Кадеми каткан мен кулуң,
Кагылайын абаке,
Кантип адам боломун.
Ала жат – деп кыйкырды.
Баатырдын үнүн укканда,
Козголо албайт кайран эр.
Колун шилтеп чорого,
– Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн.
Туйгун тууган абакем,
Душманга сени таштабайм,
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрөйүн,
Өңөрүп жүрүп өлөйүн.
Түшө калып балбан шер,
Камандай болгон кайран эр.
Кайраттанып балбан эр,
Камтый кармап кайран эр.
Кактелкиге мингизип,
Арстан тууган Күлчоро,
Атына чурап минди эле.
Арстанды өңөрүп,
Сыр бараң мылтык ийнинде,
Сумсайтып чоро өңөртүп,
Суркоёндой күлүктү,
Жеке кул коштоп Күлчоро,
Арстандын уулун өңөрүп,
Алкым жолго түштү эле.
Артынан ала кайыр жаадырып,
Алдына күндү тийгизип,
Алкым жолго слды эле.
Кең-Колдун кашына,
Арчалуу мазар түбүнө,
Ала качып кутулуп,
Алып барып абасын,
Бетегени жулду эле.
Белден төшөк салды эле.
Ак каңкыны апкелип,
Арстандын башына,
Ак каңкы ээрин жаздады.
Булгары тердик көк желдик,
Муну жая салды эле.
Кара кымкап көрпөчө,
Канкорго жая салды эле.
Канын аарчып төрөсүн,
Кыңайыңкы жаткызып,
Буладан кылган чоң олпок,
Муну жаба салды эле.
– Ай жаркын төрөм абамды,
Айланайын Суркоён,
Алдадан амир болгончо,
Айбандан сонун мал элең,
Айчүрөк жеңең келгиче,
Алдадан амир болгуча,
Алтын чатыр болуптур.
Күнгө бети күйбөсүн,
Күмүш калкан болуптур.
Ак тайган келди каңшылап,
Куштан тууган кумайык,
Ай жаркын төрөм арстанга,
Айтылуу капыр келбесин.
Перинин кызы келгиче,
Баккан ээңе сакыт бол.
Кагылайын ак тайган,
Аманат бердим ээңди,
Упада башка болгон соң,
Учаарда кудай жеткизген.
Кагылайын ак шумкар,
Кан ээңди сактасаң.
Көнөчөктөй көөдөнүн,
Көк жорулар ойбосун,
Жорунун жеми болбосун.
Жакуттай болгон эки көз,
Кузгун капыр ойбосун.

Кан Акундун баласы,
Алтымыш уруу тил билген,
Айчүрөк жеңем келгиче,
Кан ээнди ак шумкар,
Айбан да болсоң жаныбар,
Абакемди тапшырам.
Ай жаркын төрөм абамдын,
Арстанымдан ажырап,
Эмгегим тарткан энеси,
Кабылан уулуң өлдү – деп,
Кантип айтып барамын.
Касиеттүү Бакайга,
Карып калган абышка,
Кантип айтып барамын.
Кара жолтой ак үйгө,
Кара тумшук мен шордуу,
Кай бетим менен барамын.
Арстандын уулу өлдү деп,
Байкуштарды сыздатып,
Баарын бирдей боздотуп,
Буркуратып баргыча,
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрсөм бейм.
Арстанымдын жанына,
Жанаша жатып өлсөм бейм,
Жаш жанымды кыйсам бейм.
Токмокту жеп чочкодон,
Тозоктуу күндү көргүчө,
Аманатта баласын,
Азабын тартып күйгүчө,
Артынан калбай өлсөм бейм.
Канатымды кайсап жеп,
Кабылан сенден ажырап,
Кантип адам болом мен.
Колу-бутум кошо жеп,
Койчу абакемден ажырап,
Эми кантип адам болдум – деп.
Атка минсе кагышкан,
Үзөңгү бутта карышкан,
Аманатты күйгүзбөй,
Акмак кулду ала жат.
Кайгыңды аба тарттырбай,
Камандай кулду ала жат.
Карагай найза колго алып,
Айкын ала төргө алып.
Жоону сайдым мен шордуу,
А да сенин арганң бейм.
Ошондон өлбөй не болдум.
Кыз-Мазар белин ашканда,
Кагылайын абаке,
Кылымды барып чапканда,
Кыйратып жоону сайгамын
Андан өлбөй не болдум.
Алда сенин арганыз,
Ай жаркын аба ала жат.
Корумду белин ашканда,
Анжыяндык акмак сарт,
Анжыянды чапканда,
Кан Бакайды ээрчитип,
Кашкарды барып чапканда,
Мында өлбөй не болдум.
Абакем сенден ажырап,
Ушу күндү не көрдүм,
Айчүрөктү алганда,
Качып кеткен качкын кул,
Кол токмоктой көк этти,
Ойлобостон аттырып,
Ободон колунун оймо жең өттү.
Кулук зилдеп шишиген,
Арганң кетип турганда,
Акмак качкын Чынкожо,
Асмандан окту жаадырып,
Арганды такыр кетирип,
Манастан калган жалгыз ок,
Каракан кызы Каныкей,
Аягымды аткын – деп,
Жаканда жапшыра тигип бергемин.
Ободо жүргөн чочкону,

Абаке асмандан атып түшүрдүм.
Андан өлбөй не болдум.
Арстаным сенден ажырап,
Ушу күндү мен көрдүм.
Буркурап ыйлап Күлчоро,
Кечээ кебез өтүк, кендир кур,
Кечилдин каны Байкоңур,
Алтын айдар, шуру чок,
Адамда мындай мыкты жок.
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Эң улуусу Ороккыр,
Андан кийин Нескара,
Кенжеси экен чоң Жолой.
Чоюн баштуу чокмору,
Он эки батман колунда.
Алтымыш эки балбаны,
Суу алып аткан жеринде,
Көптүгү мерген дейт кытай,
Таластын суусун бурганда,
Чүйдү көздөй бет алып,
Буралып агып сөңүлдө,
Кечилин кармап өлтүрүп,
Калың ногой журтуңдун,
Кара кыргыз калкыңдын,
Айласы кетип турганда,
Кечилин кармап өлтүрүп,
Баш терисин сойгомун.
Кызматын кылып чочконун,
Кытайча баары кийинип,
Нескара канга сунбастан,
Чоң Жолойго сунгамын.
– Бурут экен карма – деп,
Булкушуп баары турганда,
Казандагы кара чай,
Көмкөрө салдым отуна.
Нескаранын албарсын,
Үстүндө турган илилүү,
Аны көрүп байкагам.
Кылычын алып колума,
Кытайдын баарын сулаттым
Бирин бири чыгарбай,
Ай жаркын төрөм абакем,
Анын баарын сулаттым,
Мындан өлбөй не болдум.
Абакем сенден ажырап,
Алды каткан мен шордуу,
Аманат бала көрөм – деп,
Ушу күндө не көрдүм.
Алооке кандын үч уулу,
Кытайдан алган зайбынан,
Борончу боз келте,
Калмактан алган зайбынан,
Кара көңүл чоң чочко,
Байкоңурдун баласы,
Эң улуусу Керкөкүл,
Ортончу уулу Оркөкүл,
Эң кенжеси Чоркиндик,
Калмакты катар кайсагам,
Мында өлбөй не болдум.
Ай жаркын абам ажырап,
Ушул күндө не көрдүм,
Мында өлбөй не болдум.
Бул жорукту көргүчө,
Бычакка түшүп өлсөм бейм.
Ай жаркын абам арстаным,
Адырда жылкы алабаш,
Аргымак аты аралаш.
Азабыңды тарттырбай,
Ай жаркын абам кор кылбай,
Асылым төрө ала жат,
Кара-Буура, Чаткалда,
Кырылган ногой кантээр дейм.
Ата, кантип барам байкушка.
Окшомдуу Манас өлгөнү ак,
Кайрат кылып кайран эр,
Кабылан жолборс Күлчоро,
Башы-көзүн койгулап,
Айылдын бери четинде,

Арабадай аңкайган,
Ак күмбөздөй шаңкайган.
Желбоосу жезден зор ак үй,
Зымдан боосун тактырган.
Зыңгыраган чоң ак үй,
Жез канаттуу бейбагың,
Жеңең Чүрөк ошондо.
Башкы баатыр чоң ак үй,
Он эки канат чоң ак үй,
Буладан боосун тактырган,
Эмгектүү бейбак Каныкей,
Баткалышта боз айыл,
Устукан сөөгү мисте – деп,
Атадан калган мурапы,
Абасынын айлы ушул.
Алкымдагы көп айыл,
Сандыргалуу сүйлөгөн,
Сары кандын айлы ушул.
Баатырынан ажырап,
Камандай болгон кайран эр,
Башы-көзүн койгулап,
Бакырып түштү ошондо.
Кан Бакайлап чакырып,
Каныкейлеп бакырып,
Айчүрөк деп чакырып,
Жүрөгү кетип кабынан,
Билеги кетип сабынан,
Чыңырып чыкты Каныкей.
Бөдөнөдөй сакалын,
Бөлөк жулкуп ыргытып,
Сакалын жулуп ыргытып,
Бакай келди бакырып.
Күлчорону чакырып,
– Эмне болду чунак – деп,
Ак камчыны таянып,
Арстан бала болоктоп:
– Кагылайын кан Бакай,
Алтын катын Каныкей,
Оозуңду ачып өпкөнүң,
Байкуш эне бел байла.
Асыл эне Каныкей,
Ажырадың уулуңдан.
Урады коргон калаасы,
Уста төрөм баласы,
Каныкей байкуш, кан Бакай,
Капыр Кыяз келди – деп,
Айбаны жүрбөй калды – деп,
Арстаным абам өлдү – деп,
Ант уруп кеткен Канчоро,
Кыязга кирип кетти – деп.
Тогуз жүздөй кул калды,
Кыска жерден айтайын.
Канатымды кайсап жеп,
Кабыландан ажырап.
Кара тумшук мен келдим,
Кан Бакай аба, Каныкей,
Колу-бутум кошо жеп,
Козголо албай мен келдим.
Кейибе эне Каныкей,
Арызданбагын кан Бакай,
Керезин айтам уулуңдун.
Арстаным абам көп айтты,
Адамдын тилин албаган,
Ар пенде мендей өлүүчү.
Айла кылып мен шордуу,
Адаштырып акмакты,
Өңөрө качтым абамды.
Ала кайыр салдым – деп,
Абамды ала качтым – деп.
Айчүрөктүн ичинде,
Алты айлык парзант бар – деди.
Энеке, Бакай, Каныкей,
Үчөөбүздү өлбө – деп,
Курсактагы кургурду,
Азабын тартып жүргүн – деп.
Аманатты күйгүн – деп,
Каканакта баланы,
Кан Бакай менен Каныкей,

Кабыландан ажырап,
Кантип жобоп жүрөбүз.
Чоң энеси Чыйырды,
Картайып калган кези – деп,
Артымдан калбай келсин – деп,
Бычакка түшүп өлсүн – деп.
Ушу сөздү айтты эле
Өчпөстөн отун жаксын – деп.
Аманат калган баланы,
Кагылайын Каныкей,
Кан абамдан ажырап,
Кантип күйүп жүрөйүн.
Акундун кызы Айчүрөк,
Сизге арстаның
Аманат катуу сөз айтты.
Айдай болгон бетиңди,
Айра тартпа – деп айтты.
Берениң төрөң кеп айтты.
– Бейпай болбо жеңе – деп,
Бетиңе беш тырмак салба –
деп айтты.
Катын башын эр кылсын,
Кокустан ургаачылык кылбасын.
Арызданып ыйлап ийбесин,
Күйүткө күйбөсүн,
Аманатым өспөй калбасын.
Тумшугу жок мен шордуу,
Туяксыз өтүп кетпейин,
Ушу сөздү айтты эле.
Чоң энеси Чыйырды,
Сексен үчтө кези экен.
«Айнегиң өлдү» – деп угуп:
– Кабылан сенден айрылып,
Карып болгон мен кемпир,
Кайсы күндү көрөм – деп.
Кара саптуу канжарды,
Жүрөккө булгап алды эле,
Төшөктө шейит болду эле.
Каракан кызы Каныкей,
Канжарды келип талашты.
– Айланайын жарыгым,
Кабылан Манас атаңа,
Жыйырма беш жашында,
Кырк чоросу башында,
Так он төрттө чагымда,
Алтымыш ала жорго айдап,
Сан сарала бээ айдап,
Кагылайын айнегим,
Кара нар алтын,күмүш жүктөтүп,
Кабылан атаң алганда,
Асыл атаң падыша,
Элүү бешке келгенче,
Бир парзанттын айынан,
Бейпайды тарттым мен шумпай.
Кырк эки жашка келгенче,
Согончогум канабай,
Тилегеним баалабай,
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Кандагайын кийгенде,
Кан Кошой бата бергенде,
Кан Коңурбай баш болуп,
Кылымга толгон көп кытай,
Кошо бата бергенде,
Жарыгым жалпы журт бата
бергенде.
Жатыныма түйүлдүң.
Жаркының султан атакең,
Буркурап ыйлап турганда,
Букардын көк ташына чийилген.
Эрдим ашка жеткенде,
Тумшугум ташка тийдиби.
Эки аркар жылдыз баткыча,
Эки айланып эмизген,
Эмгектүү энең мен мында,
Аманатың күйбөйм – деп,
Азабың тартып жүрбөйм – деп.
Бычакка түшүп өлөм – деп,

Кайсы күндү көрөм – деп,
Талаша кетти канжарды.
Акылга мол бейбагың,
Окшомдуу бейбак сулуу күң:
– Сабырдын түбү сары алтын,
Сабыр кылгын энеке.
Кейибегин канкорго,
Кекетпегин кудайды.
Баатыр уулуң бу тургай,
Капыр менен мусулман,
Кылымдын баарын багынткан,
Катар аким Сулайман,
Кагылайын энеке
Кан атам кана жалганда.
Алмамбет, Чубак, Эр Сыргак,
Алар кана жалганда.
Үч эркин шейит пенде өлгөн.
Жалгыз уулуң бу тургай,
Азирет Аалы шер өткөн,
Үрүстөм дастан шер да өткөн,
Үч түркүн шейит пенде өткөн.
Жаныңды кыйсаң энеке,
Жүзү кара болосуң.
Күнөөкөр болуп кудайга,
Өлүмгө жетпей каласың,
Арам өлүм болосуң.
Айланайын абаке,
Кейибегин энеке.
Кегимди алып беремин,
Алты ай перзент курсакта,
Кубат кылсак болбойбу,
Медер кылсак болбойбу.
Кыз төрөп койсом
Өлбөс жерге берелик.
Баатыр уулу артынан,
Баарыбыз бирдей өлөлүк.
Каныкейди токтотуп,
Айчүрөгүң камандай болгон чорого,
Басып келип кеп айтат.
– Өлгөн адам тирилбейт,
Жаны барбы жалгыздын.
Жаны болсо жалгызды,
Аманат бала туулгуча,
Пери кызына таптырам.
Айчүрөк жеңе айтканда,
Көңдөйлөй тийип калды эле.
-Ала кайыр түшүрүп,
Адаштырып Кыязды,
Алып качып кутулдум.
Кең-Колдун башында,
Алчалуу мазар түбүндө,
Арстаның жатат ошондо.
Алда таала кудайдан,
Биринчи себеп болбосо,
Эки себеп жеңетай,
Акылга мол жеңетай,
Асылы сизден болбосо,
Арстаның тагдыры жетип күн бүтүп,
Алеттен өтмөк болду – деп.
Көкүрөктө жаны бар,
Асыл жеңе бат жеткин.
-Беренимди тапшырып,
Пери кызына барайын,
Бек көздөтүп келейин.
Арстан тууган абаңды,
Пери ойногон жерине,
Кайкынын сары белине,
Безилдеп ыйлап барайын.
Арабчалап тил окуп,
Перинин кызын чакырып,
Аманат бала туулугуча,
Көктүн кызы Көк мончок,
Ургандын кызы Урпейим,
Кандын кызы Карлыгач,
Ант ичишип уу жалап,
Касиеттүү агаңды,

Капа болбо күлүстөн,
Пери кызынын колуна,
Бек тапшырып келейин.
Ары барыш үч күнү,
Бери келиш үч күндө,
Арстаныңды тапшырып,
Алты күндө келермин.
Көйкаптуу жеңең келгиче,
Камандай болгон кайран эр,
Калың ногой журтуңа,
Кабар берип баарына,
Каралды кылып өлгөн – деп,
Кайраты бар киши эле,
Сары канды ала көр.
Абакеңди баш кылып,
Аргын, ногой журтуң,
Ант ургурду жолотпой,
Эрдемсиген эр Кыяз,
Берениң Бакай абаңды,
Бейбак жеңең келгиче,
Бетиңе таңуу кыла көр,
Белестен колду тосо көр.
Калган кол менен күлүстөн,
Кайраттанып урушкун.
Алдырып ийсең акмакка
Арга барбы өлөрбүз.
Жараткан кудай колдосо,
Биз да бир жарык көрөрбүз,
Же ошентип жүрүп өлөрбүз.
Кайрат айтып чакырып,
Быйты күндү чакырып,
Аптаманы алдырып,
Ысык суу менен муздак суу,
Чабыштырып алды эле.
Айчүрөк кебин алды эле
Ак куу кебин кийди эле.
Канатын чаап какылдап,
Куйругун чаап булгалап,
Жаратканга жалынып,
Жылдызга чыкты зымырап.
Оболоп учуп күрүлдөп,
Асманга чыкты зыркырап.
Көйкапты көздөй бет алып,
Көмкөрүлүп жөнөдү.
Мелтиреп учуп жетти эле,
Пери ойногон жерине.
Какылдаган бейбагың,
Кайкынын сары белине,
Алтын жаак комузду,
Айчүрөк жеңең алды эле,
Аркыратып какты эле.
Тоонун баары түкшөлүп,
Токойдун баары чайпалып,
Алда таала какшатты.
Кереметтүү жеңең Айчүрөк,
Кейип ыйлап какканда,
Асман сымал кара жер,
Бузулуп кете жаздады.
Комуздун үнү чыкканда,
«Бул эмне шумдук» – деп,
Пирдин кызы зыркырап,
Белеске келди чуркурап.
Бейбакты көрүп зыркырап.
Эжелери келгенде,
Эби жок сулуу Айчүрөк,
Эми ыйлады буркурап.
-Ыйлаба, сиңдим, ыйлаба,
Эмне түштү башыңа,
Эсиңди жыйып бачым айт.
-Эмнеси курусун,
Ой,эжелер улуулар,
Перинин кызы сулуулар.
Бейпайды сиңдиң көрдү – деп,
Алыстан душман келди – деп,
Ант уруп кеткен какмардан,
Атамдын уулу кан жездең,
Азапты күйөөң көрдү – деп.
Кең Жет-Кайт деген жеринен,

Жедигер деген элинен,
Эр Толтойдун баласы,
Жетим калып жетилип,
Ат жалын тартып миниптир.
Калың кара көп журтун,
Аким болуп миниптир .
Дигерден эле кол жыйып,
Ашуу ашып, таш басып,
Аскерди арбын жыйыптыр.
Кенебей жатып жезденер,
Кең Таластан бастырып,
Ат-тонунан ажырап,
Ат семиз деп баспады.
Келишимдүү Суркоён,
Кеги бар экен ичинде.
Окшомдуу Толтой өлгөндө,
Олжого келген Суркоён.
Адамдын тилин албаган,
Алакөөдөн күйөөңүз,
Кулагын чаап салыптыр.
Бек ардыгып Суркоён,
Топурак басып жезденди,
Көтөрмөксөн болгонсуп,
Алы-күчү кеткенсип,
Анда-мында бир шилтеп,
Аты жүрбөй калыптыр.
Ошончо колдун баарысын,
Кактелки менен күлүстөн,
Калың колду кырыптыр.
Ат-тонунан айрылган,
Жоонун аты союлгур,
Алкымда жөө калыптыр.
Айласы кетип турганда,
Тай кунандай тебишкен,
Тартышып эмчек эмизген,
Касиеттүү энемдин,
Ак сүтүн актап Күлчоро,
Калган кол менен урушуп,
Кактелки оозун кериптир,
Кан жездеңе келиптир.
«Абаке арстан кутул» – деп,
Атын түшүп бериптир,
Аты жүрбөй калыптыр.
Эки ат жүрбөй калган соң,
Эптеп байкуш кутул – деп,
Кабылан жездең айтканда,
Камандай чоро болбоптур.
Ачууланып кетирип,
Суркоёнду коштоп жөнөлүп,
«Абамдын сөзүн алам» деп,
Ала кайыр түшүрүп,
Кардуу бороон бурганак,
Көөдөк жездең Семетей,
Олуязаада канкорго,
Батынып найза салалбай,
Көңдөйлөй сайып коюптур.
Асмандан туман учуруп,
Айла кылып Күлчоро,
Ала качып кутулду.
Арчалуу мазар түбүнө,
Кең-Колдун башында,
Тайган менен ак шумкар,
Кабылан жездең жанында,
Кайтарып турат күйөөңдү.
Асыл эжем бат баргын,
Алаттан өтүп кетпесин.
Өлгөн адам тирилбейт,
Көкүрөктө жаны бар.
Көк мончок эже бат жеткин,
Адамзат бар ичимде,
Кыязды кексиз кылайын.
Алты жыл, алты ай ичиме,
Алты жашар кылайын.
Кыз төрөп койсом эжеке,
Өлбөс жерге берейин,
Силерге учуп келейин.
Эркек төрөп мен койсом,
Эрбейтип атка мингизип,

Элиме алып келейин.
Кетирбей кегим алайын.
Акылга мол энемдин,
Ак сүтү урган акмактан,
Айлантпай өчүм алайын.
Акылга дыйкан абамдын,
Намысын алып берейин.
Арстанымды бергиле!
Талашпаймын үч кыз – деп,
Антташып алып Айчүрөк,
Көктүн кызы Көк мончок,
Кандын кызы Карлыгач,
Оркондун кызы Үрпейим,
Үч кыз чыкты кейишип.
Перинин кызы бейбактар,
Жанга себеп дарыны,
Аябай жанга алышып,
Кебин кийип үч кыз,
Айчүрөктү ээрчитип,
Көй каптан учат асманга.
Зыркырап учуп жарышып,
Кең-Колго келди зымырап.
Асмандан туруп болжолун,
Айтып берди жеңеңиз.
Беренди көздөй бет алып,
Үч кыз учуп жөнөдү.
Алда-таала билбесе,
Ашкере көргөн адам жок,
Аңгемесин байкап ук.
Аңгыча кыздар барбаса,
Арстандын уулу Семетей,
Алаттан өтмөк болуптур.
Анттан кетпей Суркоён,
Антташкан экен Күлчоро,
Күнү-түнү үч күнү,
Шибердин башын чалбаптыр.
Башаттан барып суу жутпай,
Күн аптабын тийгизбей,
Көлөкө болуп турам – деп,
Ыргайдай жарап алыптыр.
Куштан тууган кумайык,
Кан султандын баласы,
Кабыланга ылайык,
Аруулунун баарысын,
Жолборс, карышкыр кабылса,
Ак тайган кырып туруптур.
Ант уруп кеткен Канчоро,
Айбанча кызмат кылбаптыр.
Канаттууну жолотпой,
Бүркүт менен жоруну,
Кара карга, кузгунду,
Ак шумкар кырып туруптур.
Аңгыча кыздар барбаса,
Арстаның алаттан өтмөк болуптур.
Алда таала билбесе,
Араң жаны жатыптыр.
Кабыланды чечинтип,
Басып келип Карлыгач,
Жарага дары септи эле,
Сыйкыр дуба салды эле.
Арстаның улутунуп,
Үшкүрүп оодарылып кетти эле.
Көктүн кызы Көкмончок,
Үрпейим дуба урду эле,
Жарага дары салды эле.
Уктап калган эмедей,
Улутунуп турду эле.
Эки жакты көп карап,
Эс алып төрөң турду эле.
Үч кыз жарыша добуш салды эле,
Азгырмакка арстанды,
Эс алдырбай тороду эле.
Калың ногой көп журтун,
Кара кыргыз бул калкың,
Эсинен баарын чыгарып,
Каныкей менен Бакайды,
Катар эстен чыгарып.

Аманат бала ичинде,
Айчүрөктү эстетпей,
Жанына кандай дос эле,
Күлчорону эстетпей,
Бир пияла чай камдап,
Дуба салып берди эле.
Арстан тууган төрөңдү,
Азгырды белем бул үч кыз.
Калк эсинен чыгарып,
Нурдун уулу кылды эле.
Суркоёнду жетелеп,
Бачым кыздар токуду.
Дубанын күчүн карачы,
Кош ууч арпа берди эле,
Пирдин аты болду эле.
Акшумкарды кондуруп,
Муштумдай этти берди эле,
Перинин кушу болду эле.
Ак тайганды чакырып,
Аяктай этти берди эле,
Перинин ити болду эле.
Берениңди ээрчитип,
Көйкапты көздөй жүрдү эле.
Айтып айтпай пайда жок,
Армансыз дүйнө кайда жок.
Арстанды андай таштай тур,
Пери кызынын колуна,
Беренди андай коё тур.
Бейпай болгон шордуулар,
Беркилерден кабар ал.
Кабылан жолборс күлүстөн,
Кайраттанып кайран эр,
Арстанынан айрылып,
Абакесин ээрчитип,
Жарактын баарын жаңыртып,
Жан жанына байланып,
Сары кан көздөй келди эле.
– Сары кан аке барсыңбы?
– Бармын балам – деп айтты.
– Баатырдын уулу өлдү – деп,
Бат камынгын каным – деп,
Күлүстөн чоро айтканда,
Күйүнүп кетти зор каның.
Ак тулпарын токутуп,
Жоо жарагын мол алып,
Койчагыр мылтык асынып,
Буттай темир курчанып,
Темир зоотун бек кийип,
Ак олпогун кийинип,
Куу найзаны колго алып,
Каарданып кайран эр,
Кайраттанып аттанып,
-Ант урган чочко кайда? – деп,
Канчорону көп издеп.
Ногойдон колду чакырса,
Биз Канчоронун калкыбыз,
Саа кошомат кылбайбыз.
Кабылан баштап барганда,
Калкынан аскер чыкпады.
Аргасы кетип күлүстөн,
– Атаңдын көрү ногой – деп,
Кайраттанып кайран эр,
Кан Бакайга кеп айтат.
– Кагылайын абаке,
Өлөт деген ушубу?
Же өчөт деген ушубу?
– Калың ногой кырылсын,
Кайрат кылгын – деп айтат.
Өлсөк өлүп каларбыз,
Өлбөсөк өчтү аларбыз.
Капа болбо жарыгым,
Көшөкүр ногой кырылгыр,
Көрүнгөн эрдин журту – деп,
Илгертен бери ар кошкон,
Кабылан Манас кан султан,
Кырылгырды бул кошкон,
Ар кошкон акмак бул журт – деп,
Арман кылба чырагым.

Кетирбей кекти аларбыз,
Өлбөй тирүү биз жүрсөк,
Өткөрбөй өчтү аларбыз.
Кайра салып калышты,
Үч-Кошойдун бөксөгө,
Кан Бакайды ээрчитип,
Касиеттүү Сары кан,
Ак тулпар менен сойкутуп,
Анда келет Сары кан.
Асыл каның күүлөнүп,
-Ант уруп кеткен Канчоро,
Асыл Бакай күүлдөп,
Ачууланып дүүлдөп,
Камандай болгон күлүстөн,
Каарданып кайран эр,
Кайкыдан болжоп караса,
Качканы качып кетиптир .
Аттуу-жөөлүү болушуп,
Жет-Кайтты көздөй кетиптир.
Баатыр Кыяз, Канчоро,
Антташып алып дос болуп,
Албарстын мизин жалашып,
Антты-шертти оозанып,
Келме шарип ак куран,
Көкүрөккө урушуп.
-Ногойду олжо кылбайсың,
Калкыма кол салбайсың.
Өз колум менен берем – деп,
Калың ногой журтумдан,
Каалаганың аласың.
Оң кечирин оёмун,
Дал орто этин соёмун.
Бир колу менен коёмун.
Күлчородон өчүмдү,
Момундай кылып аламын.
Сандыргалуу чочкого,
Сары канга сак бол,
Болот киет зор каның,
Ок жаңылбайт ал канга.
Олпоктору темир – деп,
Алышсаң алың жетпейт – деп,
Ачуусу келсе Сары кан,
Желкесинде чыныдай болгон
кара мең,
Эки көздүн ортого,
Аяктай болуп салаңдап,
Жаны ошо жерге келгенде,
Адис элең эр Кыяз,
Аңдып турам мен Кыяз.
Ак тулпар алып жөнөтөм,
Кудай берсе бул канды,
Өңгөсүнөн коркпоймун,
Ал өзүм билчү ногой – деп.
Алты күнү ашыкпай,
Түндүгүнө тай соём,
Туштүгүнө кой соём.
Алтымыш нарга пул жүктөйм,
Малынын баарын кыйдырып,
Каалаганың аласың.
Кокустан окшомдуу ногой
элимди.
Ногойду көрүп кызыксаң,
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрөмүн.
Калкымдан аскер чогултуп,
Кан Бакайды баш кылып,
Атышып атып өлөмүн.
Алдырып ийсем сага – деп,
Не салганын кудайдын,
Акыры өзүм көрөмүн.
Акыры өзүм көрөм – деп,
Анан кийин калкымды,
Олжо кылып берем – деп.
Болбосо сабыр кылыңыз,
Акыреттик досумсуз.
Окшомдуу сулуу Чүрөгүң,
Олжого муну беремин.
Оң кечирин оёмун,

Көк байталга мингизип,
Көрбөгөндү көрсөтүп,
Кийбегенди кийгизип,
Быйты күңдү ээрчитип,
Муну олжого беремин.
Убадалуу шерт кылып,
Аябай жатып ант кылып,
Калган колун чогултуп,
Канчоро менен эр Кыяз,
Ар жактан чыкты шаңданып,
Атышарга камданып.
Күлчоро жалгыз кургуруң,
Абасы Бакай жанында,
Сары каны алкымда.
-Качпа, качпа, качпа – деп,
Качырып чыкты күлүстөн.
-Бакай кан» деп бакырып,
«Манас, Манас Манас» – деп,
Манастап ураан чакырып,
Кайраттанып кайран эр,
Качырып тийди Күлчоро.
Турчу каның беркиби,
Алкымдан тийди зор каның,
Жазганбай тийди чоң каның.
Ала кайыр саларда,
Асыл каның тийген соң,
Сары кан келет бакырып,
– Мекеде султан пир ургур,
Ак пайгамбар дин ургур.
Ант уруп кеткен Канчоро,
Кабылтса кудай өзүңдү,
Кабырганды сөкпөсөм.
Каныңды суудай төкпөсөм.
Жедигердин эр Кыяз,
Жериңе жете кырбасам.
Кысталак соо кылбасам,
Кыргын салып ийбесем,
Санатта жок кылбасам,
Сары кан атым курусун.
Айкырыгы баш жарып,
Алмамбеттеп чакырып,
Бакырыгы таш жарып,
Кан Чубак деп чакырып.
Эр Ажыбай эр чоро,
Эр Сыргактап чакырып,
Ак тулпар менен келатат.
Аңдып турган эр Кыяз,
Казандай кара зор баш – деп,
Кара меңге тийгин – деп,
Сыр бараңды бетке алып,
Тоорудай күлүктү,
Арта салып турду эле.
Эркесинен жазганбай,
Эрдигин кара Кыяздын,
Заң дедире бир койду.
Жара атты чоң башты,
Ак тулпардын үстүнөн,
Асыл каның кулады,
Арманда баатыр сулады.
Аңдып турган Канчоро,
Бастырып келип эр Кыяз,
Айтканындай кылыптыр,
Ак тулпар алып жөнөдү.
Бастырып келип эр Кыяз:
– Балдар тоноп алгын – деп,
Кырк чоросун кыйкырды.
Кысталак Канчоро,
Качып жүрөт кылтылдап,
Четтеп качып бултулдап.
-Апкөй тилдүү чочко – деп,
Арам кул саа кылбасам,
Ала кайыр түшүрүп,
Камандай болгон кайран эр,
Мылтык менен аткылап,
Карсылдатып ийди эле.
Алдына жакын келгенин,
Найза менен бишкектеп,
Айбалта менен сулатып,

Атынын бутун сый атып,
Кылыч менен кыйратып,
Кыргын салып күлүстөн,
Сүрүп салып кан Бакай,
Кайраттанып бакырып.
– Качпай балам сайыш – деп,
Он сегиз күнү атышып.
Ойротту бузган күлүстөн,
Он сегиз күн болгондо,
Жарактын баарын талкалап,
Күпсөрдөн дары күбүлсө,
Камандай болгон кайран эр,
Кара жандан түңүлүп,
Алтымыш жерден найза жеп,
Арстан бала кансырап,
Ала кайыр түшүрүп,
Калпактай болгон сары кар,
Асмандан түштү зампарап.
Кемерден карды жаадырып,
Келиштирип күн жайлап,
Жан куткарып алмакка,
Жаңгыз калган күлүстөн,
Күр токой көздөй чурады.
Айбандан күлүк Кактелки,
Кайран чоро агытып.
Адырды көздөй бет алып,
Кактелки жүрө берди эле.
Кан Бакайдан кабар ал,
Асыл Бакай абасы,
Айбалта тийип кансырап,
Найза тийип алсырап,
Алтымыш жерге найза жеп,
Араң качып кутулду.
Күн жалган түш болгондо,
Күн ошондо ачылды.
Эс алышып алышып,
Эр Кыяз менен Канчоро,
Эсептеди бул колду.
Буудандын оозун буруптур,
Тогуз жүз колун Күлчоро,
Бирин койбой кырыптыр,
Кырк чоро менен калыптыр,
Күн ошондо ачылды.
Кемерден кар түшүптүр,
Өйдө-төмөн жарышып,
Ойротту бузган чорону,
Ойдон издеп табалбай,
Тоодон карап табалбай,
Ай мокошоп алсырап,
– Арам кул кайда кетти? – деп,
Казаттан карап турушту.
Күлчоронун үстүнө,
Сагызган келип чуркурап,
Сагызганды көргөндө,
Күлүстөн сөөгү зыркырап.
– Сагызган мындай болчу эмес,
Сагызганды көрөлүк,
Баарыңар барба – деп айтты.
– Мен барам – деп ошого,
Алпайматтын баласы,
Кер айгыр минген боз бала,
Улуксат сурап аттанды.
Асыл Манас тукуму,
Карындашы Карлыгач,
Карлыгачтын балдары,
Эр Боз бала бул экен,
– Мен барам – деп айтты.
– Болду эрте баргын – деп,
Адамзат болсо алып кел,
Бөлөк болсо бачым кел.
Өлгөн өлүк болбосун,
Өзүң бала эрте кел.
Улуксат алып эр бала,
Кер айгыр менен сойкутуп,
Жетип келди боз бала.
Айбандан түшүп карады,
Жаткан экен чирикте,
Сары шым менен залкайып,

Күмүш кемер курчанып,
Күлүстөн жаткан суйсалып.
Кызыл өңү кубарып,
Жаткан экен кансырап,
Арстан бала алсырап.
Эр Боз бала кеп айтат:
– Ардыкпагын арстан шер,
Кудуреттин буйругу,
Тардыкпагын арстан шер.
Акыреттик дос болуп,
Кучакташып кайран эр,
Арыраак барып жаткын – деп,
Булгары тердик ичмектен,
Кесип алып Боз бала,
Канаттууга ишенип,
Ичмекти кармап барды эле.
– Ой, аяш ата Канчоро!
Акылсыз киши белемсиң.
Канаттууга ишенип,
Кабылан Кыяз экөөңөр,
Боо үйүлүп сагызган,
Жаткан экен кужулдап.
Жүрүгүлө кетели,
Ногойду көздөй баралы.
Эр Боз бала айтканда,
– Ишенбейм – деп кеп айтты.
Канчоро туруп сөз айтты:
– Бул асыл Манас жээни эле,
Карлыгачтын тукуму.
Кой ишенбейм мунуңа,
Өзүм барып келем – деп,
Суртелки менен сойкутуп,
Тоотору менен эр Кыяз,
Кырк чорону ээрчитип,
Канчоро кулдун артынан,
Баары жүрдү жарышып.
Канчоро келип караса,
Айбандан чурап түштү эле.
Кайран эр жатат золкоюп,
Чолок чопкут тон менен,
Күмүш кемер курчанып,
Күндөй бети сур чалып.
Каарданып Канчоро,
– Камандай болгон чочко – деп,
Кай жакка качып барасың.
Каңк дедире бир коюп,
Жетелеп чыкты чириктен.
– Азыр сени өлтүрөм,
Азаптуу күндү көрсөтөм.
Кулум сени өлтүрбөйм,
Кууратып жумшайм сени – деп,
Күлүстөндү чечинтти,
Айтып-айтпай пайда жок,
Чечинбей турган айла жок.
Аңгыча Карагул келди күшүлдөп,
– Айланайын Канчоро,
Мен айтайын сен тыңда.
Ушундан кетирбей кегим алайын,
Өткөзбөй өчүм алайын.
Бул кулдун зоотунун баарын,
Маа бер – деп.
Чочкоңду чопкуттун баарын
чечкин де.
Кара тон менен кементай,
Карагул чечип берди эле.
Бул күйүк супа дамбал,
Муну кийди Карагул.
Чолок чопкут тон кийди.
Сары шымды берди эле
Кырым маасы зайпана,
Муну чечип кайран эр,
Эр Карагул кийди эле.
Казандай кара суусар бөрк,
Камтый кийди Карагул.
Мата көйнөк кир дамбал,
Баатыр чоро кийди эле.
Оң кечирин Канчоро,
Жалкыны карыш жойболот,

Канчоро оё кести ошондо.
– Намызыңды алдың – деп,
Ары тургун эми – деп,
– Кезекти кудай келтирсе,
Арбак ургур сени – деп,
Эми менин аяр жаным калдыбы,
Аянар алым калдыбы.
Сол кол менен чочкону,
Солк этпей туруп чорону,
Жаактан ары бир койду.
Кан түкүрүп Канчоро,
Камандай болгон чорону,
Камчы менен бир салды.
Карагулдун кара кийимин,
Өрө кийиз чоң байпак,
Чоң чокойду кийгизип,
Кементай менен кара тон,
Камтый баатыр кийгизип.
Кансырап барып Күлчоро,
Эсенгиреп кансырап,
Кара дары септи эле.
Эс алып калды күлүстөн,
Калмактан калган баатыр кул,
Малакайын кийгизип,
Көк байталды алдырып,
Сары кийиз чоң тердик,
Ыңырчак ээр тоокутуп,
Күлүстөндү мингизип,
Ногойду көздөй келди эле.
Мейманкана зор үйдө
Көтөрдү баатыр чоң үйдү,
Эр Кыязды коноктоп,
Камандай кулду көргөндө,
Каныкей, Бакай солоктоп,
Айчүрөк жеңең солоктоп,
Арманда жүрөт Күлчоро.
Семиз бээни алдырып,
Канкордун малын чогултуп.
Эр Канчоро турчубу,
Ногойдун баарын жыйдырып,
Жар чакырып баарына,
Кан жөткүртүп үч урган,
– Журтум мына камандай кулду
көрдүңбү.
Карагай найза ыргайсың,
Канчоро каның турганда,
Кадимкиңдей жыргайсың.
Баки журтум баарыңар,
Баабединди чалыңар.
Каныкей менен Бакайды,
Чоочун мейман кеткиче,
Жайына коё турайын.
Алыскы жерге узатып,
Эр Кыяз досум кеткен соң,
Абышка менен кемпирге,
Билгенимди кылайын.
Эр Канчоро кеп айтты:
– Эр Кыяз досум – деп айтты.
Алты күнү жаткын – деп,
Ар кебим болсун – деп,
Бой сергитип алгын – деп,
Ат өргүтүп алгын – деп,
Аз гана күнү эр Кыяз,
Ашыкпай досум жаткын – деп.
Коногуна тай союп,
Түштүгүнө кой союп.
Эр Кыязды коноктоп,
Ызааттап баатыр сыйлашып,
Жетинчи күндөр болгондо,
Ногойдун баарын чогултуп,
Кожо,молдо, эшениң,
Акылга зирек чечениң,
Сөз жагынан мыктылар,
Көмкөрө ногой баарың ук,
Найзакердей мыктың ук..
Жоо бөрүсү көй кашка,
Эл четине барганың,
Карагай найза ыргайсың.

Кан ичменин баласы,
Кабылан канкор барындай,
Кадимкиңдей жыргайсың.
Эмгек салам мынабу
Энеси менен Бакайды,
Тозоктуу күңдү көрсөтөм.
Камандай болгон Күлчоро,
Алтымыш атан алдырды.
Көп ногой турат буркурап,
Бакай менен Каныкей,
Сай сөөгү зыркырап,
Аргын, ногой чуркурап.
Асылдарды көргөн соң,
Адамдын сөөгү зыркырап.
Ажыратат арстанды,
Кайраттуу Бакай, Каныкей,
Канчоронун колунда.
Айтылуу сулуу жеңеңиз,
Ойроттун баарын бул бузган,
Окшомдуу баатыр Күлчоро,
Быйты күңдү ээрчитип,
Олжого берет Канчоро.
Алтымыш атан алдырып,
Алтын, күмүш, жакуттан,
Айчүрөк себин жүктөтүп,
Болумдуу сулуу жеңеңди,
Чүрөк жасалганы салынып,
Жаратканга жалынып,
Жаркырап кийип кумсарып,
Быйты күңдү чакырып,
Кер жоргого мингизип,
Кешиги жок чорону,
Кементайды кийгизип,
Малакай бар башында,
Камандай Кыяз кашында.
Ногойдун малын чогултуп,
Кулундап салган айгырын,
Арыстай болгон сур жылкы,
Карткүрөңдү баш кылып,
Андан берди миң жылкы.
Айдаркандын эр Көкчө,
Көңтөрө тийген Күлчоро,
Көкаланы баш кылып,
Мындан берди бир миңди,
Коңурбайдын жылкысы,
Алгараны баш кылып,
Айчүрөктүн дубасы,
Аягын байлап коюптур,
Дубакөй бейбак жеңеңиз.
Дуба менен байлаган,
Колун сүйрөп Алгара,
Кара тору көп жылкы,
Андан берди бир миңди.
Кара-Буура баткалдан,
Кең-Колдун куйган чатынан,
Капталуу кара коргондон,
Он сан ногой элинен,
Окшомдуу сулуу жеңеңди,
Олжого берди Канчоро.
Калың ногой чуркурап,
– Кырса кырып ийсин – деп,
Арстандын зайбына,
Касиеттүү Чүрөккө,
Учурашып калабыз.
Кол алышып көрүшүп,
Абысын-ажы буркурап,
Алкымынан өбүшүп,
Калың ногой дыркырап.
Каныкей менен кан Бакай,
Чуркурап калды чыркырап.
– Айнегим жалгыз тура тур,
Азырак аял кыла тур.
Аманат кеткен ичиңде,
Качанга жете күйөбүз,
Кайгы тартып жүрөбүз.
Боздотпочу бейбакты,
Боолголоп айтып кетчи – деп,
-Акылга дыйкан абакем,

Ар акылга даанышман,
Атамдан калган мурапым,
Кабыланды төрөгөн,
Кагылайын энеке,
Канчоро кулдун колунан,
Өчпөстүн отун жагабыз,
Өлбөстүн күнүн көрөбүз.
Алты жыл алты ай күйгүлө,
Жаратканга жалынып,
Акырет кеткен зор атам,
Алмамбет, Чубак, Сыргакты,
Арбагына сыйынып,
Кейибей жүргүн энеке.
Кексиз кылам Кыязды,
Кыз төрөп койсом энеке,
Өлбөс жерге берейин,
Силерге кайра келейин.
Баатыр уулу артынан,
Баарыбыз бирдей өлөлү.
Аманат бала туулгуча,
Аңгыча азап көрөлү.
Каныкейди кучактап,
Аман тургун эне – деп,
Ак эмчектен бек жыттап.
Бакай канды чакырып,
Ак сакалдан бек жыттап,
Бакайды алкымынан көп жыттап.
– Аман тургун асылдар,
Эми айтып-айтпай пайда жок,
Ажырашты байкуштар.
Өзү мыкты канкордун,
Өлгөн жери ушу бейм.

## С Е Й Т Е К

## I БӨЛҮМ.

## АЙЧҮРӨК МЕНЕН КҮЛЧОРОНУН ОЛЖОДО БОЛГОН КҮНДӨРҮ. СЕЙТЕКТИН ЖАШ БАЛАЛЫК ДООРУ

Илеги тийген илгертен,
Кыдыр тийген кыйладан,
Бата тийген байыртан,
Шайы колдогон башынан,
Дуба тийген жашынан.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Алган сайын өрчүгөн.
Кан султандын тукуму,
Ка былан жолборс кайран эр,
Эр Семетей баласы,
Эр Сейтектин маанисин,,
Укчу ушунун даанасын!
Угузайын маанисин.
Аманат калган курсакта,
Айчүрөктүн ичинде,
Окшомдуу сулуу энеси,
Олжого алган эр Кыяз.
Эми жеңеңизди ээрчитип,
Жет-Кайтты көздөй жөнөлгөн.
Калмактан келген Карагул,
Тору айгыр минип булактап,
Олжого кошо бул келген.
Кылымдын баарын кыйраткан,
Алтымыш амбал, кырк жаңжу
Бай Коңурун баш кылып,
Күлүстөн тууган Күлчоро,
Кетирбей алам кегимди,
Өткөзбөй алам өчүмдү.
Кыязга кызмат кылам – деп,
Кысталак калмак кул,
Кошо жүрдү Кең-Колдон.
Жылдырып жылкы айдатты,
Өргө бээни байлатты.
Ободон кудай билбесе,
Аны көргөн пенде жок.
Камандай болгон кайран эр,
Адам билбейт айтканын,
Арабча сүйлөшөт.
– Алаткүн жеңе алдаба,
Аманат барбы ичиңде?
Аманат бала бар болсо,
Кайгы күндү көрөйүн,
Тумшугу жок мен шордуу,
Душмандан азап көрөйүн.
Каным калсын бир кашык,
Этим калсын көк жшык.
Эмгектүү күндү көрөйүн,
Ичиңде парзант жок болсо,
Мен бычакка түшүп өлөмүн.
Арстанымдан калбаймын,
Артынан калбай кетемин,
Тозоктуу күндү көрбөймүн.
Токмокту жебейм душмандан,
Кой жеңетай сырыңды айт!
Жашырбай Чүрөк чыныңды айт!
Кабылан чоро айтанда,

Анда Чүрөк кеп айтат:
– Айланайын – деп айтат,
Кештелүү калпак, кең чалбар,
Кеңешим бирге күлүстөн.
Саймалуу калпак сары учкай
Санаам бирге күлүстөн,
Craлуу болбо чырагым!
Капа болбо чунагым!
Мени жазыктуу күндү көрсөтүп,
Жалган айтсам бул сөздү,
Азаптуу күндү көрсөтүп,
Калп эле айтсам бул сөздү,
Мекеде султан пир урсун!
Айланайын күлүстөн,
Ак пайгамбар дин урсун!
Алтымыш пирге кол берген,
Жалган айтсам күлүстөн,
Акырет кеткен атамдын,
Алмамбет менен Чубактын,
Серек менен Сыргактын,
Арбагы урсун мени – деп.
Айланайын күлүстөн,
Аманат бар ичимде,
Курсактагы кургурдун,
Азабын тартып жүрө бер.
Акмак Кыяз колунда,
Арманың алып беремин.
Кейибей жүргүн күлүстөн,
Кегиңди алып беремин.
Камсанаба кабылан,
Кайгыңды алып беремин,
Өчүңдү алып беремин.
Катындык кылып мен бейбак,
Жалган айтсам бул сөздү,
Жараткан кудай эгем
Көө сыйпасын бетиме.
Күнөөкө болуп калайын,
Күнөөңдү мен тартамын.
Акыретке барганда,
Азабыңды тартайын.
Жети тозок түбүндө,
Тозогуңду тартайын.
Жет-Кайттан чыккан Кыязды,
Акмакты кексиз кылайын.
Ичиме алты жыл, алты ай
өскүзөм,
Алты жашар кыламын,
Курсактагы кургурду.
Байкушум,
Кубат кылып жүрө бер,
Эр Кыяздан кабар ал!
Кечээ өзү көргөн жол менен,
Ашуу ашып, таш басып,
Агыны катуу суу кечип,
Кыябы кырк күн жол жүрүп,
Кең Жет-Кайт деген жерине,
Жедигер деген элине,
Жетти Кыяз падыша.
– Эр Кыяз баатыр келди – деп,
Агайга акараат көргөзүп,
Семетейди өлтүрүп,
Баатыр Кыяз падыша,
Мал олжолоп келди – деп.
Окшомдуу Чүрөк зайыбын,
Олжого алып келди – деп.
Ойротту бузган Күлчоро,
Олжого кошо келди – деп.
Калмактан калган Карагул,
Каапыр кошо келди – деп,
Жесирдин баары чуркурап
Жедигер калкы чуулдап,
Жетимдин баары чыркырап,
Буудандын оозун бурду – деп,
Жет-Кайттан келген тыргооттон,
Уккан экен жесирлер.
-Күлчоро кул кырды – деп,
Чийкилей этин жейбиз – деп.
Он миллион жесирлер,

Ойрон чунак жай кылган,
Ошо чоро ушу – деп,
Баатыр Кыяз токтотту.
Он жети күнү той берип,
Он миллион бай келди.
Алты жүз молдо алдырып,
– Өлтүргөн менен пайда жок,
Минген атын күтөбү,
Амириң бир чородон бүтөбү?
Кыйнап салып өлтүрбөй,
Азаптуу күндү көрсөтөм.
Калкынын баарын кайтарды,
Энчи бөлүп чыгарып.
Эрдүү кылып баарысын,
Жетим-жесир кайтарды.
Орогой чоку башынан,
Тогуз кул келди жарышып.
-Соогат баатыр Кыяз – деп,
Соогатка эмне камдадың?
Касиеттүү падышам,
Кана кайсыны камдап келдиң?-
деп.
-Кагылайын балдарым,
Кан Семетей жигити,
Өзөндүү жерге өрт койгон,
Өткүр тууган жинди кул,
Кылымдын баарын кыйраткан,
Атка минген токтомдуу,
Алптын баарын сулаткан,
Капыр менен дин ислам,
Чоңсунганды сулаткан .
Каршы чыккан душманды,
Астынан чыгып кыйраткан.
Адамдан мыкты баатыр кул,
Кан атам Толтой Багышты,
Аяш атам Чынкожо,
Аскери менен сулаткан.
Кан ичмей канкор чоросу,
Камандай болгон Күлчоро,
Аттанып чыкса ак жолтой,
Качырган жоого сан колдой.
Камандай болгон түгөнгүр,
Капыр чоро мына бу!
Карагул байкуш калмактан,
Эби жок жүйрүк кул экен,
Эптеп тирүү жүрүптүр.
Айдардын баарын алдырып,
Алдын кесип салдырып
Мусулманча тил сүйлөп,
Жанын багып жүрүптүр.
Болбосо жабыштырмак Күлчоро,
«Кетирбей кегим алам – деп,
Өткөзбөй өчүм алам» – деп,
Кошо калды кайран эр.
Ушуну кан көтөрүп коюңар,
Опсуз кулду алып барып,
Отунга салып кыйнаңар.
Эки күндөн өткөрбөй,
Эс алдырбай уруңар!
Бээ байлаткын шабырга,
Балдарым, бербегин тыштуу
кабырга!
Сол кол менен суу куйдур!
Он эки аркан отунду,
Сол ийнине көтөрткүн!
Отун өйкөп далысын,
Сол далысы союлсун.
Бир чыныдай кымызды,
Бир чака сууга куюңар,
Үч убак берип кыйнаңар!
Өпкө, бор тиштетпе,
Бир ууртам сорпо ууртатпа!
Бир сындырым нан бербе!
Моминтип кыйнап салыңар!
Кылымдын баарын кыйратты,
Берендин баарын сулатты.
Бейпай кылып коюңар,
Кылганы жетсин башына

Кыштын күнү болгондо,
Тебетей бербе башына.
Чокой бергин бутуна,
Жалаң тонду кийгизгин,
Жалаң шымды кийгизгин!
Жазыкты минтип тарттыргын.
Карагулду көтөрткүн,
Кан болсун байкуш бул калмак,
Акмак кулга көтөртүп,
А дагы өчүн алсын – деп,
Азаптуу күндү көрсүн – деп,
Сол колу менен бээ сойсун,
Кызматка салып коюңар.
Боору ооруган кишини,
Аш-тамак уурдап бергенди,
Айткыл балдар мага – деп,
Айттымбы балдар сага – деп,
Табыш кылып берди эле.
– Кул сени кудай бериптир.
Көк байталга мингизип,
Карчыктай калдайып,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Айтып-айтпай пайда жок,
Армансыз дүйнө кайда жок.
Бир аманат дартынан,
Азаптуу күндү кайран эр,
Арстан бара көрөт бейм.
Ооздугу жулунуп,
Баланын түрүн көргөндө,
Акылга мол Айчүрөк,
Күйбөгөн жери күл болуп,
Бышпаган жери чок болуп.
Аргасы жок жеңеңиз,
Аманаттан токтолот.
-Бара бер байкуш бала! – деп,
Ителгидей кара көз,
Ирмебестен жаш кетип,
Жеңеси ыйлап солоктоп,
Кылчактап ыйлап болоктоп.
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Кабыргасы сөгүлүп,
Кайгырып ыйлап кайран эр.
Көөдөк кулдар беренди,
Көк бөрү тартып жөнөдү.
Көк байталдын үстүнөн,
Жарасынан чапчышып.
Кайраттанып кайран эр:
– Карагул өчүң ала бер!
Мен да сендей кылгамын,
Байконуруң бай кылып.
Алтымыш амбал, кырк жаңжуң,
Нескара менен Жолойду,
Мен да баарын кыргамын,
А да болсо бир кезек.
Эрдигим жетти башыма,
Бул ыза мага чала – деп,
Бу да болсо бир кезек,
Жанымды кыйсаң болду – деп.
Карсылдап күлүп кайран эр,
Капа болбойт арстан шер.
Кайраттанат моминтип:
-Кайратын көрчү кулдун – деп,
Тогузу токмоктошту ошондо,
Кан жөткүртүп жөнөдү,
Тизгини колдо карышып,
Үзөнгүсү кагышып.
Арагай чоку башына,
Кулдар барды жарышып.
Агайдан келген көп жылкы,
Үч миллион бул жылкы.
Жылкыга кошуп ийди эле,
Бир суугa батпай кетти эле
Баабединди чалдырып,
Кудайга алкыш кылышып
Карагулдай калмакты,
Кайгыга салды чорону.
Азаптан башы арылбайт,
Баатыр кулду байкап ук!

Сол колу менен бээ саады,
Сол колу менен бээ байлап,
Сол колу менен бээ союп,
Он эки карыш чоң казан,
Аякча кармап бул асып.
Күчүн көрчү кайран эр,
Казан асып, от салып,
Кайгы күндү бул көрүп,
Күрсүлдөдү бул чоро.
Он эки аркан отунду,
Айтымынча Кыяздын,
Сол ийнине көтөрүп,
Карса-карса жөтөлүп,
Карышка боюн көтөрүп,
Кайраттанып кайран эр,
Токмокту жеп кулдардан.
Болумдуусу боз бала,
Болуша жүрдү аз гана.
Боз бала жокто боздотуп,
Карагул чочко какшатып,
Катуу жумшап байкушту,
Азаптады калмак кул.
Карагулду көтөрүп,
Кабылан жолборс эр неме,
Көтөрүп брып сийгизип,
Көтөрүп барып чычырып,
Ичи капа, тышы чок,
Кайгы тартты жаш бала.
Кабылан жолборс Күлчоро,
Кайраттанып бул жүрөт.
– Аманат бала күйөм – деп,
Азаптуу күндү көп көрдү.
Көрбөгөнү көр болду,
Жебегени бок болду,
Кылбаган жумуш жок болду.
Маанайын бас кылышып,
Кудай бардыр тогуз кул,
Токмоктошуп урушуп,
Бээ байлатты шабырга.
Бейпайга салып чорону,
Бербеди тыштуу кабырга
Туйгун тууган күлүстөн,
Душмандан көрдү тозокту.
Өзү мыкты кайран эр,
Бир аманат күйөм – деп,
Канкорунан ажырап,
Калмактан көрдү азапты.
Төшөгүн салып төрөдөй,
Эртең менен турганда,
Кололуу кумган колго алып,
Колу-жүзүн бу жууду.
– Көтөрүп көргүн кулум! – деп,
Көөдөк калмак бир салат,
Көтөрүп берет кайран эр.
Чындап ачуу келгенде,
Чыркыратып көп урат.
Чачтай кылып эт туурап,
Майдалап этти бат туурап,
Карагулдай калмакты,
Мамык төшөп алдына,
Баладан бетер калмакты,
Олтургузуп калмакты,
Оң колунда дарман жок,
Сол колу менен сугунтат.
– Мурутумду май кылбай,
Жакшы сугунт кулум – деп,
Жаактан ары бир коёт.
Акмактарга урдурбай,
Арачалап Бозбала,
Акыреттик дос экен.
Арстан тууган чорону,
Алты жыл азап тарттырып,
Азапка салды моминтип.
Он эки аркан колго алып,
Ак балтаны жана алып.
Кар токой көздөй басты эле.
Арман кылып буркурап,
Жараткан кудай не кылдым?

Жалгызымдан ажырап,
Тай кунандай тебишкен,
Тартышып эмчек эмишкен.
Чабуулда бирге чабышкан аба ай!
Жамбашты бирге алышкан аба ай!
Атыша чыккан жоо болсо аба ай!
Каршы чыккан шер болсо аба ай!
Касташа чыккан мыктыны аба ай!
Катары менен кайсады аба ай!
Кусуруң уруп ошонун аба ай!
Асылым менден ажырап аба ай!
Аманат бала күйөм деп аба ай!
Азапты тартып жүрөм деп аба ай!
Токмокту жеп кулдардан аба ай!
Каным калды бир кашык аба ай!
Этим калды көк жашык аба ай!
Эмгектүү күндү көп көрүп аба ай!
Арбагы гана тирүү ай жаркын аба
ай!
Ала жаткын кулуңду аба ай!
Камандай болгон мунуңду аба ай!
Кайгы күндү көрсөтпө аба ай!
Канатымды кайсап жеп аба ай!
Кайрылып учпай жүрөмүн аба ай!
Колу-бутум кошо жеп аба ай!
Козголуп баспай жүрөмүн аба ай!
Аманатты күйөм деп аба ай!
Калмактан кайсы күндү
көрөм деп аба ай!
Кайгыңды тартып ай аламбы
аба ай!
Эртеңден кетем кезерип аба ай!
Бешимде барам өзөрүп аба ай!
Карагул калмак оңбосун аба ай!
Кетирбей кегин бек алды аба ай!
Өлтүрмөк болду тогуз кул аба ай!
Бир чака сууну алам да аба ай!
Жалдырап жатып кулдардан аба ай!
Жалынып жатып калмактан аба ай!
Бир чыны кымыз аламын аба ай!
Бир чака суугa кошомун аба ай!
Күлүстөн тууган Күлчоро аба ай!
Күйүттү тартты эр чоро аба ай!
Бир чыны суу арттырсам аба ай!
Куу тумшук кулдун күнү жок
аба ай!
Казан асып эт салам аба ай!
Жалынып жаба жагамын аба ай!
Бал кайната бышырам аба ай!
Чачтай кылып эт туурайм аба ай!
Бир ууртам сорпо ууртатпай
аба ай!
Өпкө, карын жедирбейт аба ай!
Чүйкөлөп кечир бышыртпайт
аба ай!
Акыреттик Бозбала аба ай!
Араң уурдап бул берет аба ай!
Айлансам болот дос бала аба ай!
Азаптуу күндү көрсөтпөй аба ай!
Аманат калган балаңды аба ай!
Азабын тарттым мен шордуу
аба ай!
Өлөйүн десем жан таттуу аба ай!
Кирейин десем жан таттуу аба ай!
Жараткан кудай жан эгем аба ай!
Жалпы олуя кырк чилтен аба ай!
Мендей пенде жашайбы аба ай!
Бейпай күндү көрсөтүп аба ай!
Пендесин кудай не жасайт аба ай!
Кайрат кылды кайран эр.
Азаптуу күндү көрөмүн аба ай!
Ошентип жүрүп өлөмүн аба ай!
Жараткан кудай жасаса аба ай!
Жалпы олуя колдосо аба ай!
Адашып келген тыргооттон аба ай!
Алмамбет атам колдосо аба ай!
Ишимди кудай ондосо аба ай!
Курсакта калган кургурду аба ай!

Ошого кубат кылсам болбойбу
аба ай!
Беренден калган парзант деп
аба ай!
Медер кылсам болбойбу аба ай!
Кайраттанып кайран эр.
Кой мен куруган жан,
Кубатымды кетирбейм.
Он эки аркан отунду,
Солк эттирбей Күлчоро,
Орокой чоку башында,
Жолборстой күчтүү кайран эр.
Же азаптан алда арылтпайт,
Отунду олутуна таштабай.
Жалаң көө сары кериге,
Таштап ийди кайран эр.
Кулап келип чоң отун,
Капшытта жаткан Карагул
Капшыра басып калды эле.
Камандай болгон калмакты,
Капшыра басып калды эле.
Тогуз кулду кыйкырды,
Карагул төшөктө жатып чакырып:
– Бул кулга күч кирип калган
турбайбы.
Бу кубатты ким берди?
Тогуз кулга бат жүгүр!
Отунду оолатып салчы
бачым – деп
Карагул калмак кыйкырды.
Эр Кыяздын тогуз кул,
Тогуз калтек салды эле.
Отунду араң оолатып,
Карагулдай калмакты,
Канын төшөктөн сууруп алды эле,
Күлчоро Бозбала көздөй
качты эле.
Тогузу жетмек болгондо,
Бозбала келип калды эле.
Акыреттик арстанга,
Акыры камчы чаптырбай,
Кулдардан арачалап алы эле.
Кайта келип чогулуп,
Кылымдын баарын кыйраткан,
Кызматын кылды кулдардын,
Кылыгы артык Күлчоро,
Төшөгүн салып бул кулдун,
Тамагын камдап байкуштун,
Кечээ тамактантып кулдарды,
Кудайга алыш кылды эле.
Чаптан салган төшөктү,
Ыңырчак ээрин жазданып,
Сары кийиз чоң тердик,
Алдына жая салды эле.
Кешиги жок кайран эр,
Кементайын төшөнүп,
Кара тонун жамынып,
Береке алда боз бала,
Кезерип чоро жатканда,
Боконо моюн ич этин,
Алып келип Бозбала,
Кайран эрге берди эле.
-Капа болбо, жегин – деп,
Кейибей жүргүн күлүстөн,
Сен дагы кетирбей кегиң аларсың.
Өкүнбөй жүргүн кайран эр,
Өткөзбөй өчүң аларсың.
Кубатты берсе кудайым,
Алмамбет, Чубак, Сыргагы,
Кан султан Манас колдосо,
Кайгыдан алда арылтар,
Капа болбо кайран эр.
Агарып таңың атар – деп,
Кыйноондон кудай арылтар.
Күлүстөн саа кызарып күн
чыгар – деп,
Ошондо кыргызчылык кыларсың.
Кайран эр калыбыңа келерсиң.

Ошондо баатыр досуңа,
Кылчайбастан кетерсиң.
-Ай андай айтпа Бозбала,
Ушу кудай калыбыма жеткизсе,
Алда таала арманымдан арылтса,
Кабылан абам барындай,
Кудай калыбыма келтирсе,
Калың ногой журтума,
Кан көтөрөм сени – деп,
Баатыр,душман көрбө мени – деп.
Сонун тууган табам – деп,
Жакшы аттуу болуп кулдарга,
Анысын жулуп алам – деп,
Мунусун жулуп алам – деп,
Кара тон менен кементай досум,
Кара шымды карачы,
Сан-сан болуп бөлүндү,
Кулуңдун эти көрүндү.
Кулдар мени урат – деп,
Байталдын күчүн сурап бер,
Жаныма жакын туруп бер.
– Жана карап жаныңда,
Кошо карап турамын.
Чекеге сени черттирбейм,
Этегиңе чаптырсам,
Мекеде султан пир урсун,
Ак пайгамбар дин урсун.
Акмак калмак чочкого,
Карагулга чаптырсам,
Алмамбет менен Чубактын,
Серек менен Сыргактын,
Кабылан Манас таякем,
Азыр урсун арбагы.
Кайрат берип Бозбала,
Карагулду көтөрүп барып сийгизип,
Көтөрүп барып чычырып.
Кололуу кумган колго алып,
Колу-жүзүн жуунуп,
Чачтай кылып эт туурап,
Алыштырып кайран кул,
Мамык төшөп алдына,
Көтөрүп барып калмакты,
Төшөгүнө жаткызды.

## АЙЧҮРӨКТҮ КӨРҮҮГӨ КҮЛЧОРОНУН КЕЛГЕНИ

Эки колу боорунда,
Салам айтып кулдарга,
– Ай Карагул падышам,
Ай тогуз кул акелер,
Кулак салгын акелер!
Сонун кумган таап алып,
Жакшы аттуу болуп сиздерге,
Кара тон менен кементай,
Сан-сан болуп бөлүндү,
Курган кулуңдун эти бөлүндү.
Кара тон менен кементай,
Кара шымым бөлүндү.
Көйнөгүм менен дамбалым,
Маталык кылып кысталак,
Бир элидей кир болду,
Күлчоро кулуң ит болду.
Баатырлар, байкуш кулуңа,
Байталдын күчүн бериңер!
Быйты күңгө жаматып,
Кир-коогумду жуудуруп,
Агаргансып келейин,
Улуксат бергин баатырлар!
Карагулдун алдында,
Тооп кылып томсоруп,
Төшөктө жатып төрөсү,
Эскара кул кеп айтат:

– Балдар!
Байталдын күчүн бергиле.
Бул кулум,
Барса барып келсин – деп.
Ай Күлчоро кулум кулак сал,
Эрте барып жадал кел!
Бээнин бир саанынан калбай кел.
Калсаң кулум өлдүң – деп,
Азапты менден көрдүң – деп,
Менин заарам кыстап келгенде,
Көтөрүп чыгар киши жок,
Тогузунун иши жок.
Табарсыгым ооруса,
Кулум саа кылбасам!
Кабыргаңды сөгөмүн,
Ажалдан мурун өлдүң – деп,
Азапты менден көрдүң – деп.
Эрте барып жадал кел кулум!
-Баатыр канымм ыракмат,
Айтымыңа келейин.
Убактымдан мен калсам,
Карагул сенден өлөйүн.
Калбай бачым келейин,
Кулдук аке!
Сары кыйыр чоң тердик,
Кайран чоро көтөрүп,
Ак жүгөн менен ак нокто,
Астынан сууруп алды эле.
Боз балага шыбырайт:
– Ал дүйнөлүк боз бала,
Акыреттик дос бала,
Баатыр,
Ьая эртең кеттим кезерип,
Азыр келдим өзөрүп.
Бир чыны кымыз сурап бер,
Бир чака суугa кошоюн,
Көкүрөк чайкап жутайын.
Байкуш бала айтканда:
– Ай Карагул падыша,
Ой тогуз кул кулак сал.
Эртеден кечке азапка ,
Саласыңбы бул байкушту тозокко
Эти калды көк жашык,
Каны калды бир кашык.
Окшомдуу жеңең Айчүрөк,
Сандыргалуу сулуу күң,
Шагы сынып калбайбы.
Ошо өз колум менен берейин.
Ким киминң жаман көрбөңөр,
Өңүнө кызыл жүгүрсүн.
Курган байкуш бул кулум,
Кубаттанып барсын – деп.
Чарадай болгон чуңкул баш,
Алты бээнин терисин,
Аябай кылган чоң саба,
Күпүлдөтө бышты эле.
Баса куюп байкушка:
– Байкуш бачым ичип ий!
Айланайын Бозбала,
Акырын айтып шыбырайт.
– Теги тогуз ит бирөө тийбесин,
Бирөө чаап ийбесин.
Иттей болгон акмактарга,
Арстандын барында,
Ачкыл жандуу куу тумшук,
Такыр тартып ийди эле.
Алдырып ийип ачкылга,
Кичине
Бул жерде мас болуп,
Эмгектүү күндү көп көргөн,
Этинен ооган күлүстөн,
Кызымтал болуп баатырың,
Бармагын тиштеп баш чайкап,
Көзүнөн жашы кылгырып:
-Тилегим кудай берсе – деп,
Тилекке кудай жеткизсе,
Азабын тарткан аманат,
Жез канаттуу Айчүрөк,

Эркек төрөп берсе – деп.
Эрбейтип атка мингизсем,
Арт жагымдан ээрчитип,
Көлөкө кылып көрсөтсөм.
Кайгы күндү көрсөткөн,
Карагул сени баш кылып,
Кантээр эле кулдар – деп
Капа болуп күлүстөн,
Жылкыны көздөй жаш бала,
Карачыктай калдайып,
Басты чоро шалдайып.
Кабыланды көгөндө,
Чаңызгып үркүп көп жылкы,
Куйругун салып сыртына,
Чаңызгып үркүп жөнөдү.
Кыройттап бала кыйкырды:
– Кыройт, кыройт кырылгыр!
Талпагың ташка жайылсын,
Куйругуң кумга сайылсын.
Айбаны минтип жоолайт – деп,
Адамы кайсы аясын.
Абакем сенден айрылып,
Тозоктуу күндү көрсөтпөй,
Артындагы кулуңду,
Улугум төрөм ала жат!
Алда кагылайын кууратпай,
Аманат жаным тартсаңчы!
Буркурап бала ыйлады.
Баланын үнүн укканда ай,
Бакай кандын Көкала,
Көк жөлөктүү карындаш,
Көк байтал
Буркурап турган чорого,
Буудан байтал келди эле.
Көк байтал келди булактап.
Ыйлап келип толукшуп,
Маңдайынан өптү эле.
Баатыр бала күлүстөн:
-Айланайын көк байтал,
Айтарга тилиң болсочу ай.
Эмне түштү эсиңе,
Айланайын жарыктык.
Абакемден ажырап,
Аманат бала күйөм – деп,
Азаптуу күндү көп тартып,
Токмок жеп калмактан.
Берендерден ажырап,
Бейпай күндү көп көрдүм.
Мойнунан ары кучактап,
Боздоп ыйлап күлүстөн,
Тумшугунан бек жыттап:
– Тулпар, байтал – деп жыттап,
Алдага карап аркырап,
Баланын сай сөөгү зыркырап.
Ак жүгөн менен ак нокто,
Баатыр бала байталга,
Башынан сылап кайран эр,
Сары кийиз чоң тердик,
Арта салып байталга,
Камандай болгон кайран эр,
Ыңырчак ээр көк желдик,
Акырын салып үстүнө,
Кементайды үч бүктөп,
Көрпөчө кылып алды эле.
Басмайылы сызмадан,
Баатыр бала тартты эле.
Жип куюшкан, жип өлөң,
Үзөңгү кылып кайран эр.
Кийиз крун курчанып,
Бали ыракмат жаш бала,
Малакайы башында,
Кара тон менен калдайып,
Кайран бала минди эле.
Айтып-айтпай пайда жок,
Аманат көздөй бет алып,
Армансыз дүйнө кайда жок.
– Кең Жет-Кайттын чатында,
Жез канаттуу Айчүрөк,

Аманат кандай болду – деп,
Жеңесин көздөй жүрдү эле.
Жоргосуна тундуруп,
Басыгына көндүрүп,
Дөбөдөй болгон ак үйдү,
Көрдү чоро зор үйдү.
Байкуш бала байкаса,
Тоодой болгон эр Кыяз,
Боз-Дөңгөлдүн башында,
Аюу талпак кургуру
Алдына жая салдырып,
Керебеттин үстүндө,
Белине кемер чалынып,
Казандай кара бөрк кийип,
Кара сур тартып олттурган.
Арстан бала караса,
Айдай сулуу жеңес,
Атын кармап бул турат.
Байталдан түшүп жаш бала,
Мамыга байлай салды ошол.
Боз-Дөңгөлдө Кыязга,
Болумдуу чоро күлүстөн,
Салам айтып келди ошол.
Салам айтса алик жок:
– Кайдан келдиң кулум! – деп,
Карагул кулум баш болуп,
Балдарым баары аманбы?
Эсенсиңби Күлчоро,
Кабыргаңды сөкпөсөм,
Каныңды суудай төкпөсөм,
Какшатпасам кул – деди.
Кара тондон кармады,
Камтый кармап байкушту,
Баланы жерге урду эле.
Токумдай кылып боз дөңгө,
Томолотуп тепкилеп,
Кудайга үнүн угузуп,
Чий мойнун чыгарып
Чыркыратып тепкилеп,
Алын такыр кетирди.
Акмак Кыяз тепкилеп,
Арстан тууган чоронун,
Ал үнүнө чыдабай,
Жеңеси келди зыркырап.
– Арача, Кыяз, арача,
Арстан Кыяз кантесиң?
Эсин кулдар оодарган,
Эмне кылар алы бар.
Эмгектүү күндү көп көргөң,
Карагул калмак баш болуп,
Кайгыга салып коюптур.
Отун алып, суу куюп,
Каруусу кеткен байкуш кул.
Касиеттүү падышам,
Ачуу шайтан акыл дос,
Сабырдын түбү, сары алтын,
Сабыр кылгын падышам.
Эмгектүү күндү көп көргөн,
Эмне кылар алы бар.
Катыгүн Кыяз койгун – деп,
Ушунун канын бергин! – деп.
Үстүнө келип жеңеси,
Чыркырап жата калды эле.
– Бердим Чүрөк сага – деп,
Мындан кийин Айчүрөк,
Кулагың салгын сөзүмө,
Көрсөтпөгүн көзүмө!
Көрсөтүүчү болсоң көзүмө,
Экөөң тирүү жүрбөйсүң.
Атымды бери тарткын! – деп,
Тооторудай күлүктү,
Туура тартып Айчүрөк,
Жөлөп-таяп атказды.
Тоодой Кыяз чочкосу,
Желип жүрө берди эле.
Жет-Кайттагы чоң үйү,
Беш жигитин ээрчитип,
Капыр Кыяз чочконун,

Карааны кетсин бурулуп.
Карап турду Айчүрөк,
Ак-Кыядан эңкейип.
Акмак Кыяз кеткен соң,
Басып келди балага,
ЖанынаЧүрөк булактап.
– Ыйлаба, чоро,ыйлаба!
Жеңеңдин жанын кыйнаба!
Кой күлүстөн кантесиң,
Кагылайын чырагым,
Кештелүү калпак кең чалбар,
Кеңешим бирге күлүстөн.
Саймалуу калпак сары учкай,
Санаам бирге чырагым,
Капа болбо кабылан.
Ажалдуу пенде өлүүчү,
Аркасында калганы,
Аманатты күйүүчү,
Азаптуу күндү көрүүчү.
Кейибей жүргүн күлүстөн,
Кегиңди алып беремин.
Өкүнбөй жүргүн байкушум,
Карса-карса жөтөлгөн,
Кайрат кылсаң болбойбу!
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Күчкө боюң көтөргөн,
Эмне келдиң күлүстөн?
Эмгектүү күндү көрсөтүп,
Аманат бала туулгуча,
Арстан бала не келдиң?
Кайгы күндү көрсөтүп,
Кабылан чоро не келдиң?
Анда чоро кеп айтат:
– Ай алаткүн жеңе – деп айтат.
Укпаймын жеңе кебиңди,
Кой жеңетай сөзүңдү.
Мен минтип жүрүп өтөрмүн,
Ажалым жетсе өлөрмүн,
Алданын не салганын көрөрмүн.
– Кой жеңетай укпаймын,
Каным калды бир кашык,
Этим калды көк жашык.
Калмак кулдан токмок жеп,
Бир аманат күйөм – деп,
Азаптуу күндү көп көрдүм.
Токмокту жеп кулдардан,
Торгойдой этим калбады.
Отун алып, суу куюп,
Кадемим катты жеңетай!
Карагулду көтөртүп,
Бер жакта тогуз кулдан токмок жеп.
Баарысын айтып нетейин,
Кара тон менен кементай,
Азабын тарттык түгөттү.
Аманат бала кантты – деп,
Сан-сан кылып болдум – деп.
Айла кылып жеңетай,
Баатырдан байталдын күчүн алдым – деп.
Эмгекти көргөн мен шордуу,
Эптеп жеңе келдим – деп.
Ошентип кара тумшук мен шордуу.
Кайгы күндү көрдүм – деп.
– Кейибей жүргүн күлүстөн,
Капа болбо кайран эр.
Калмак кулга кайгырба,
А дагы карагай найза ыргасын.
Сен да далай берендерин жай кылдың.
Кабылан абаң барында,
Канча колду өлтүрдүң,
А да болсо бир кезек.
Муңканбай жүрсөң болбойбу,
Бу да болсо бир кезек.
Бейбактын тилин алсаңчы,
Бейпай блбой жүрсөңчү.
Жүрү сугатыңа бал ич – деп,

Суусунуңа чай ич! – деп.
Чоң үйдү көздөй жеңеңиз,
Күлүстөндү ээрчитип,
Жанаша басып байкуш кул,
Бара жатат үйүнө.
– Азаптуу күндү көрдүм – деп,
Аманатка келдим – деп.
Кубулжуган бейбактын,
Курсагы кантип калды – деп,
Чүрөктүн ичин көп карайт,
Өстү бекен – деп карайт.
Кайгылуу байкуш караса,
Кайкайган экен Айчүрөк.
Курсагы өсүп жеңеңиз,
Чалкайган экен Айчүрөк.
Абдан өсүп курсагы,
Заңкайган экен жеңеңиз.
Курсактагы кургурга,
Кыңк деген үнүн уксам – деп,
Кубат кылт Күлчоро.
Кудуңдап чоросу бутун,
Кубаттанып кургуруң,
Ак эшикти ачты эле.
– Арстан бала киргин! – деп,
Аюу талпак күрсүнү,
Алдына жая салды эле.
Шайы жууркан төшөдү,
Санаттуу чоро астына.
– Арстан бала олтур – деп.
Быйты күңдү чакырат,
Жуурканыңды жыйгын – деп.
Күлүстөн бала күйгүзбө,
Жууркаының менен артын – деп,
Кагылайын чоро олтур – деп.
Айчүрөк жеңең айтканда,
Күлчоро аргасы жок олтурду.
Тубардан кылган дасторкон,
Туурасынан жайды эле.
Абдыраны ачтырып,
Аш-тамактын баарысын,
Бейиш аштай чачтырып.
Соку-соку кант чагып,
Батноско бал салып,
Жая кесип, жал берип:
– Кейибегин чоро – деп,
Кесепке коюп бал берип.
Келишимдүү жеңеси,
Тамактанып алган соң,
Күлүстөн тамактанып
болгон соң.
Кайран чоро кеп айтат:
– Катыгүн жеңе – деп айтат,
Кара тон менен кементай,
Кара кан тытып болду – деп,
Быйты күңгө жаматып,
Эр падышам барындай,
Эркелеп жатып этейин.
-Капа болбо чоро – деп,
Кайта басып жеңеси,
Быйты күңдү чакырып,
Кементай менен кара тон,
Коболоп берчи күңүм – деп,
Жаңы баркыт берди эле.
Коболду Быйты күң,
Кудай бардыр куйту күң.
– Саңырсыган сасык кул,
Сасыбай ары олтур – деп,
Каңырсыган какмар кул,
Каңырсыбай ары олтур!
Жарага муштап куйту күң,
-Бир кылбадың үч кылдың.
Бээжинден жылкы тием – деп,
Кытайга кыргын салам – деп,
Арстан жездем Семетей,
Абакемди ээрчитип,
Кыл-Эртиштин боюнан,
Кара-Суунун булуңдан,
Касмактан жылкы алганда,

Асыл жездем кабылан,
Эр Байкоңур чочкого,
Элөөсүз жездем аттырган.
Кой башындай коргошун,
Омуроо чаят ок чыкпай,
Кудай бардыр ойрон кул,
Эсим чыгып Бакайдан,
Эжеме кабар айттырды ээ!
Эжеме кабар бергенде,
Жездеме эжем кеткенде,
Кудай бардыр какшаал кул,
Ногойго бузук салат – деп,
Кабакайды оротуп
Арам Быйты салат – деп,
Алдап жанга чакырып,
Оозу-мурдум таңгансың,
Кандагайга салгансың,
Канжыгага бөктөрүп,
Какшаал кул,
Кара сазга түшүрүп,
Беш күн болжоп какмар кул,
Кешигимди кездетип,
Кемирчек казып бергенсип,
Ошо кегим ушу – деп,
Жарасына бек муштап,
Ары олтур – деп бек муштап.
Кайышпай баатыр кайран эр,
Карс этип күлүп Күлчоро,
– Сен да кегиң ала бер!
Өткөзбөй өчүң ала бер!
Кантейин алда жеткирди.
Кайта келип Айчүрөк,
Быйты күңүн каратты.
Кири-когун жуудуруп,
Жаңыртып берди байкуштун,
Кара тон менен кементай,
Кара баркыт жаматып,
Кийиз курун курчанып,
Малакайы башында,
Анда чоро кеп айтат:
-Айчүрөк жеңе – деп айтат.
Кагылсам болот кудайга,
Эче күн эмгек тартамын,
Аманат өсүп калыптыр.
Кара калдай калмактан,
Канча жыл азап тартамын.
Боздотпо жеңе мени – деп,
Болжолун айтчы эми – деп.
Эмгектүү күндү көрөйүн,
Эми эче күндө келейин?
Эрте аттанам кулдарга жеңе,
Моймолжубай жооп берчи.
-Макул айттың күлүстөн,
Ырас айттың чырагым.
Бүгүн он эки мүчөм ооруйт,
Кудайга алыш кылып жүр!
Толгоо көргөн өңдөнөт,
Томсорбой жүргүн күлүстөн.
Токмокту жеп кулдарадан,
Карагулдан таяк жеп,
Күлүстөн капа болбо, жүрө бер.
Эгем ишиң оңдосо,
Кубатты берсе кудайым,
Алды каткан байкушум,
Эки айдан кийин бир келчи!
Алтымыш күндө бир келчи!
Атказып туруп Айчүрөк:
– Кош күлүстөн аман тур!
Колун кармап жеңеси,
Балпайып кайра басканда,
Кубат кылып кургуруң,
Күлүңдөп чоро сүйүнүп.
Эр Күлчоро канетсин,
Эми чоро бастырды.

## КҮЛЧОРОНУН ЖЫЛКЫЧЫЛАРГА КАЙРА БАРГАНЫ

Орогой чоку башына,
Түйүлтүп чыгып келди эле.
– Акмак кулдар не болду? – деп,
Карагул калмак баш болуп,
Кулдар каарданып жатабы?
Дагы араң жаным калабы,
Акмак кулдар урабы.
Башатка түшүп кайран эр,
Агыт берип байталды,
Ээр токум көтөрүп,
Эми чоро келди эле.
Салам айтты кулдарга,
Кудай бардыр ант ургур!
Карагулу баш болуп:
– Бул кулдун жакасы,
Агарып калган турбайбы!
Кулга кубат кирген турбайбы!
Байкушту карсылдатып чыгышты.
Чоронун үнү чыкканда,
Желенин башында жаткан Боз
бала,
Эшиктен кирип келди эле.
– Атаңдын көрү кулдар – деп,
Арачалап алмакка,
Калмактан калган Карагул,
Эртеден кечке кыйнайсың,
Эмне кегиң бар эле.
Ажыртып алды эле,
Арстан тууган чорону.
Аманат бала туулганча,
Азапка минтип салды эле.
Көзүн кысты Бозбала,
Карагулду көтөрүп,
Калмакты заара кылдырып,
Төшөгүнө жаткызып,
Кызматын кылды кулдардын.
Чочколордун ичине,
Чорону мындай таштай тур!

## СЕЙТЕКТИН ТУУЛГАНЫ.
## ЭР КЫЯЗ СЕЙТЕКТИ ӨЛТҮРМӨК БОЛГОНУ

Аманат бала көтөргөн,
Айчүрөктөн кабар ал!
Баатыр Кыяз кеп айтат,
Беш жигитин чакырып:
– Кенжеси элең чырагым,
Келишимдүү ак жигит .
Келбеттүү сулуу жеңеңдин,
Билбедиң бекен бейбакты.
Мен билемин Чүрөктү,
Кубулжуган түгөттү.
Баштагы кылыгынын бири жок
Мурунку кызматынын бирөө жок.
Томсоруп туруп кеп сүйбөйт,
Толгоо кирген өңдөнөт.
Балам кулак салгын сөзүмө,
Көрүнбө Чүрөк көзүнө.
Намаз шам менен дигерде,
Анда барба чырагым!
Күүгүм кирсин, күн батсын,
Элдин асты куп жатсын.
Абайлап тургун канчыкты,
Абдан толгоо киргенде,
Эртерээк кабар бере көр!
Алдатып койбо акмак кул,

Жоонун түбү жоо белем,
Доонун түбү доо белем,
Суунун түбү суу белем.
Аңдып тургун ак жигит,
Ар акылга так жигит.
Күүгүм кирди, күн батты,
Жаркырап ыйлап жеңеңиз,
Жаратканга жалынып,
Быйты күңгө кеп айтат:
-Байкап кара Быйты күң,
Ашкере кара акмак күң!
Арамдык кылба какшаал күн,
Жер аруулап келчи – деп,
Жеңең Чүрөк каратып.
Боз-Дөңгө чыгып Быйты күң,
Боолголоп байкаса,
Жер үстүндө жандар жок,
Айбандан башка адам жок.
– Айланайын эже! – деп,
Быйты күң кайра чуркады.
Жагып шамын жандырып,
Жаратканга жалынып,
Асыл ата колдо! – деп,
Арбактарга сыйынып,
Алмамбет, Чубак колдо! – деп,
Серек, Сыргак, Ажыбай,
Беренден клган перзентке,
Кубат бергин кудай! – деп.
Кайып уулу кырк чилтен,
Алда кандай иш болот,
Асыл ата колдо! – деп.
Алдына мамык төшөтүп,
Жеңеңиз толгоо жегенде,
Ак жигит кайра салды эле.
– Баатыр Кыяз аттан – деп,
Барып кабар берди эле.
Беш жигитин эр Кыяз,
Беш жагына чаптырып,
Беш кемпирди алдырып:
– Эсте энелер! – деп айтат.
Байбичелер байкап ук,
Баарыңарга айтамын.
Көп жашаган илгерки,
Карыңарга айтамын.
Олжодон келген Чүрөгү,
Бек агарабайм жанагы,
Апкөй тилдүү түгөттү.
Ошоо толгоо кирген өңдөнөт,
Акыры душман баласы,
Эр Канчоро бул досум,
Абдан айткан сөзү бар.
Өзүмдүн уулум дебесмин,
Ырысымды жебесмин.
Аңдып турам артынан,
Канчоро досум какшаган.
Алдатып ийбе энелер,
Адамзат кызы эмес – деп,
Апкөй тилдүү жөөт күң,
Акмак кылып Кыязды,
Перинин кызы бейбак – деп,
Безилдеп айткан Канчоро.
Акыреттик досумдан,
Аңгемесин көп уктум.
Касиеттүү кан Акун,
Кайкынын сары белинен,
Пери кызы тууп кеткен,
Пери ойногон жерине.
Алда таала кабылтып,
Акун кандай канына,
Алда кандай зайбына,
Асыранды кыз деген.
Көйкаптан келген жөөт дейт,
Көбүрөөк айтты Канчоро.
Алтымыш уруу тил билген,
Арабча окуган
Апкөй тилдүү жөөт дейт.
Алаткүн эне сак болгун!
Байбичелер баарың ук!

Бала жаркырап жерге түшкөндө,
Баланын аягын сыйпап туруңар!
Эркек болсо баласы,
Киндигин кесип алгансып,
Ичин жарып салыңар!
Кыз төрөп койсо Айчүрөк,
Кыйнабай кесип киндигин,
Маа сүйүнчүгө келиңер!
Бешөөңө беш миң дилде беремин,
Эркек болсо өлтүрсөң,
Бешөөңү беш жерге аким кыламын.
Белгилүү Кыяз кайран эр,
Аңдытып коюп кемпирге,
Кайтартып коюп капырга,
Аңдып туруп артынан,
Акмак Кыяз, чочко кул,
Туйгун тууган канкордун,
Тукумун үзүп салмакка,
Жоготмокко баласын,
Канчоро, Кыяз кеңешкен.
Аябай чочко какшаган,
Канчоро тилин алсам – деп,
Аңдытып койду эр Кыяз.
Тышынан багып турган бейм,
Туйгундан калган туякты,
Өлтүрмөккө чунакты.
Кара олпок менен болоюп,
Кемер курун курчанып,
Келишимдүү эр Кыяз,
Кемпирлерге кайтартып,
Жалкыны карыш жойболот,
Кылычын кармап колуна,
Тышынан багып бул турду,
Аңдытып турду бул акмак.
Келишимдүү жеңеңиз,
Кереметинеде бул билип,
Ачынтып толгоо аябай,
Айчүрөк жеңең кеп жеди.
Аңдытып турат капырлар,
Түн ортосу болгуча,
Түгөт кемпир уктабайт.
Төрт кемпири үргүлсүн,
Угуп турсаң даанысын,
Сокусун минген желмогуз,
Сок билегин колго алып,
Камчы кылган куу кемпир.
Туткучун үзөңгү кылган шум
кемпир.
Катуу каткан куу кемпир,
Дамбалы этине каткан куу кемпир
Өзүн кудай аткан бул кемпир,
Апкөй тилдүү шум кемпир.
Ысык ичип, суюк чычкан бул
кемпир.
Куу тикенек менен,
Катуу аарчыган бул кемпир.
Каш-кабагы тырышкан,
Көрүнгөн менен урушкан.
Жөө жомок айтып жоодурап,
Жөргөмүштөй бул капыр.
Соомот айтып буркурап,
Ар кайсыны бир айтып,
Акмак кемпир уктатпайт.
Аны мындай таштаңыз!
Айчүрөк жеңең ой ойлоп
Оюна кирди арденке.
Мастан кемпир кантет – деп,
Аргам келбейт акмакка,
Амалым келбейт чочкого.
Аргам жетпейт түгөткө.
Айла кылсам кантет – деп,
Безилдеп ыйлап жеңеңиз,
Буркурап ыйлап кудайга,
Мунажат кылды Айчүрөк.
Береним берген аманат,
Эжеме кабар эрте айт.
Бейпай болуп Айчүрөк,
Көй каптагы Көкмончок,

Периштесин жиберди.
Көкмончокко келди эле,
Жарым саатта жаркылдап,
Көк кепиччен кабы менен,
Көкмончок асман зыркырап,
Аш бышымда келди эле.
Көк мончок,
Чрт этип түшүп эшикке,
Көкмончок,
Кубулуп үйгө кирди эле.
Кызыл тору келинчек,
Тору элечек башында,
Эшиктен жаркырап кирип
келгенде.
– Байбичелер экен – деп,
Жалынды минтип Көкмончок.
-Эриме келип тийгени,
Алты жыл жүзү болду – деп.
Ошо күндөн ушу күн,
Согончогум канабай,
Тилегеним балабы ай!
Энелер,
Мазарлуу жерге түнөдүм,
Кудайдан парзант тиледим.
Ак сакалдан бата алдым,
Ошо күндөн ушу күн,
Куу шыйрак канчык атандым.
Киндигин кесип алам – деп,
Аланайын энелер,
Акылга дыйкан жеңелер,
Ушул баланын,
Киндигин маа бериңер!
Киндигин кесип алайын,
Баланы кысып боорума,
Ысыгы өтсүн баланын.
– Берсек кандай – деп айтып,
Төрт кемпири кеңешет.
Жргөмүштөй куу кемпир,
Бербес болду шум кемпир.
Айласы кетип Айчүрөк,
Арабча окушат.
Адам билбейт тилдери,
– Айланайын эжеке ай!
Убакты жакын келатат,
Ушул сөзгө кулак сал.
Эшикке чыгып карачы,
Беш жылдызы, беш чолпон,
Кайсы жерге келип тууду экен?
Таңкы тийген чолпонум,
Ал жылдыз кайда тууду экен,
Бачым чыгып байка! – деп.
Бешенеси беш чолпон,
Бейбактын,
Беш жагынан тууптур.
Таңкы тийген чолпону,
Таңга жакын бул тууган,
Катыгүн сиңдим кантейин,
Баары жылдыз тууптур.
Байкап кирип келди эле,
Айчүрөккө айтты эле.
– Сыйкырдын күчүн көрсөт – деп,
Беш желмогуз кемпирге,
Беш уруу дуба ур! – деп.
Перинин күчүн карачы!
Сыйкырды жүргүздү,
Төрт кемпирге төрт уруу,
Бетине дуба урдурду.
Төрт кемпир,
Төрдү көздөй жыгылды,
Жөргөмүштөй кемпирдин,
Кырк ариби бар экен
Кылымдан ашкан жеңеңде,
Кырк жети ариб бар экен.
Жети ариб менен кемпирлер,
Кемпирдин баары жыгылып,
Кудай берип салды – деп,

Чүрөк Быйты күңдү чакырып:
– Алдына мамык койгун – деп,
Баланын эти оорур – деп.
Бачым күңүм төшө! – деп,
Айчүрөк жеңе айтканда,
Ак мамыкты апкелип,
Алдына жая салды эле.
Баатырдан калган аманат,
Баркырап жерге түштү эле.
Арстандын уулу энекең,
Алтындай болгон саамайы,
Жаркырап жерге түштү эле.
Тыбырчылар зарылдап,
Теги чунак куу жетим,
Баласы ыйлап баркырап,
Басылбай чунак заркырап.
Шашкаландуу Көкмончок,
Шашып калды эжеси.
Баланын киндигин кыйып алмака,
Аспап таппай эжеси.
Айласы кетти Көкмончок,
Семетейдин ак маки,
Алтын саптуу зор маки,
Болоттон соккон зор маки.
Ак дарыны септи эле,
Киндигин кыйып жалгызды,
Ак була менен бууду эле,
Ак тердикке ороду,
Арстандын уулун Көкмончок,
Акундун кызы Айчүрөк,
Жаркырап ыйлап,
Жаратканга жалынып,
Мунажат кылды кудайга.
Буркурап ыйлап Айчүрөк:
– Айланайын атаке,
Алты ай перзент курсакта,
Атасын жеген баланды,
Асылым атам колдо – деп.
Алмамбет, Чубак, кырк жайсаң,
Серек менен Сыргагы,
Атакемдин чоросу,
Арстандар,
Арбагыңда колдочу!
Ушу сөздү көп айтып,
Женең,
Буркурап ыйлап кудайга,
Быйты күңдү «алып кел!»деп,
Күмүштөн соккон илеген,
Ысык суу менен мыздак суу,
Чабыштырып жеңеңиз,
Жаркырап алып Айчүрөк,
Жаратканга сыйынып
Ак куу кебин кийди эле,
Боюн суугa салды эле,
Канатын чаап какылдап,
Жеңеңиз,
Куйругун чаап булкулдап,
Боюна даарат алды эле.
Жеңең ак чабактай булактап,
Дааратын алып илинбей,
Чүрөк басып калды билинбей.
– Кел эжеке бачым – деп,
Бейбак баланы алды алдына.
– Күмүштөн кылган илеген,
Быйты күң бачым алып кел! – деп,
Асылдан калган айнекке,
Арам сүттү бербейм – деп.
Буладан кылган ак эмчек,
Буркуратып саады эле,
Жеңең бура кармап алды эле.
Жумурткадай эмчекти
Жыластын уулу жалгызга,
Окшомдуу сулуу жеңеңиз,
Жана ойронуңдун баласы,
Оозуна салып эмчегин,
Эмбейт жетим баркырап,

Баатырың ыйлап атат заркырап.
Чүрөк жеңең кеп айтат:
– Тозогун бизге тарттырган,
Торгойдой болгон чырагым.
Айчүрөк болоктоп,
Жаратканга жалынып,
Эми ыйлады солоктоп.
– Эмчегим эмбей куу жетим,
Эмне түштү эсиңе?
Эндиреп ыйлап энеси,
Баланын үнүн укканда,
Баягы кемпир не болгон – деп,
Кайтартып койгон беш кемпир,
– Каргышыңыз не болгон?
Камандай Кыяз эшиктен,
Кирип келди күүлөнүп:
– Атаңдын көрү беш кемпир,
Тоодактай катуу тамтайтып,
Кара баскан куу кемпир,
Шумдуктуу кемпир не болду?
Жөргөмүштөй кысталак,
Жөөт кемпир не блду?
Күүлөнүп кирип келди эле,
Беш кемпирге сүйлөнүп,
Түрлөнүп кирип келди эле.
– Арыптуу тууган жөөт күң,
Аман тууган турбайбы!
Киндигин кесип Быйты күң,
Киндик эне бул болуп,
Апкөй тилдүү Чүрөктү,
Баласы менен олтуруп,
Беш кемпир саа кылбасам!
Бешөөңдүн башың албасам!
Капыр Чүрөк жөөттү,
Айчүрөктү баш кылып,
Кемпирлери,
Баарыңды кайсап салбасам!
Эр Кыяз келди түрлөнүп,
Эби жок катуу сүйлөнүп.
Эр Кыяз түрүн көргөндө,
Көкмончок кер жылан болуп,
Тактайынын алдына кирип
качты эле.
Көтөрүп алып баласын,
Жез канаттуу Айчүрөк,
Чыркырап тура калды эле.
Кара көңүл Кыяздын,
Катуу ачуусу келди эле.
– Кайтартып коюп кемпирди,
Апкөй тилдүү жөөт күң,
Эмне кылып чыктың? – деп,
Акмак Кыяз күүлөндү.
– Кемпириңди кара басты дейсиңби,
Ойготсом кемпир тербелип,
Деги бирөө кебелбейт.
Аргам кетип кантейин,
Акмак Кыяз ойлосоң,
Өзүм кестим киндигин .
Арабча окугам,
Амалдуу канчык сөзүн көр!
Кылычын сунуп бул турду,
«Өлтүрөм!»деп жулкунду.
– Асыл Кыяз мен десем,
Акмак Кыяз экенсиң!
Капа болуп Айчүрөк,
Каарданып күүлөндү.
Атанын уулу мен десем,
Атаң менен жерге кир!
Атаңа наалат келтирдиң,
Акмакты кудай рганбы?
Өзүнүн ичинен чыккан баласын,
Бул өлтүргөнү турганын.
Акмакты кудай урганын,
Акылдуу, мыкты мен деесем,
Ар бузукка көп кирген,
Акылсыз, акмак турбайбы.
Окшомдуу Чүрөк зайбыңды,
Ойлонсоңчу ит Кыяз,

Олждодон алып келгениң,
Эче жыл болду эсепте!
Алты жыл, төрт ай болду – деп,
Билесиңби ит Кыяз!
Мени олждодон алганың,
Өзүнөн бүткөн баласын,
Өлтүргөнү турганын,
Чочкону кудай урганын!
Өлтүрөмүн дегениң,
Ырысыңды жегениң.
Балам турсун какшаалым,
Катыныңдан айрылдың.
Амалым саа кылбасам,
Ажалым жетсе өлбөсөм.
Какшаалым саа кылбасам,
Калкыңа кыргын салбасам.
Атыңа кесир кылбасам,
Алып кел какмар колуңду,
Көргөзбөсөм сонунду!
Ырысыңды жейсиңби?
Акмак Кыяз ойлончу,
Алдыңдагы бейбакты
Адамзат кызы дейсиңби?
Бала өлтүрөм дегениң,
Ырысыңды жегениң,
Эгемдин не салганын көргөнүң.
Эми Кыяз өлгөнүң,
Эмгекти минтип көргөнүң.
Ак куу кебим киейин,
Асмандап учуп албасам,
Обого чыгып зыркырап,
Эңиштеп учуп эңкейип,
Пери элине барбасам.
Periден колду албасам,
Бура тартап барбасам,
Кан Акундун шаарынан,
Касиеттүү ополдон,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Эки агама буркурап,
Азыр ыйлап барбасам.
Мындан колду албасам,
Тууранны көздөй май алып,
Туюнтайын ит Кыяз!
Буудайык кандын Музбурчак,
Мындан колду албасам.
Агыш менен Кожоштон,
Аябай колду жыйбасам,
Букарды көздөй барбасам,
Кайын энемдин төркүнү,
Каракандын шаарынан,
Мындан колду жыйбасам!
Эстейсиңби ит Кыяз.
Берендин баарын чогултуп,
Элиңе кыргын салбасам.
Катының жесир кылбасам!
Какшаалым саа кылбасам!
Кара элечек кылбасам,
Баарыңа кыргын көрсөтүп,
Кызыңа кыргын салбасам,
Кысталак саа кылбасам!
Санатта жок бузукту,
Салбасам какмар кызыкты!
Кабыргаңдыы сөктүрүп,
Каныңды суудай төктүрп,
Так ушундай кылбасам!
Өлтүрчү Кыяз эр болсоң,
Атадан,
Артылта тууган шер болсоң,
Атадан кеткен акмактын,
Алакөөдөк какшаалдын,
Айтып турган сөзүн көр!
Убада кылам сага – деп,
Ушул айтымыма жетпесем,
Акырет кеткен арстандын,
Арбагын сыйлап күйөмүн.
Ушул убадама жетпесем,
Атам Акун канга тиейин.
Болжоп Чүрөк айтканда,

Бозоро түштү эр Кыяз.
Сезе түштү сексейип,
Эси чыгып элейип:
– Бу капыр, кандай каргыш
кылды? – деп,
Анда Кыяз күүлөндү,
Айчүрөккө сүйлөндү.
– Береке алда бейбагым,
Билбей койду дейсиңби?
Атаңдын көрү долуну,
Кантээр экен деп келсе,
Акмактын айткан сөзүн көр!
Ойлоп турган кебин көр!
Денемен чыккан баламды,
Чыным менен мен шордуу,
Акмактык кылып мен Кыяз,
Өлтүрөм деп ойлосом,
Кудай эсебимди таппайбы!
Жети тамак түбүндө,
Долу мен баламды өлтүрсөм,
Жааннамда жатпамбы?
Атаңдын көрү акмак – деп.
Аргам кетти деп ойлоп,
Шайтаның кууп салмакка,
Периштелүү мен Кыяз,
Эшиктен кирип мен келсем,
Эсердин айткан сөзүн көр!
Катындык менен айтканын,
Каргыш алып турганын,
Капырдын айткан сөзүн көр!
Шайтаның келбейт жаныңа,
Атам,
Толтойдон калган албарс – деп,
Алдына сайып коюп,
Кармап тургун Чүрөк – деп,
Эр Кыяз койду алдына.
Анда Чүрөк кеп айтат.
– Тагдырым жетип күн бүтсө,
Алдадан ажал келгенде,
Алып калбайт кылычың,
Алып кет муну Кыяз! – деп,
Арт жагынан ыргытты.
Кайра басып эр Кыяз,
Төрдөгү жаткан беш кемпир,
Шыйрактан байлап кумсарып,
Сүйрөп чыкты эшикке.
Албарсын колго алды эле,
Башын чаап салды эле.
Баракелде эр Кыяз,
«Баласын кантип өлтүрөм»,
Айласы кетти акмактын.
– Эртеңки күндөн атпай – деп,
Эл чогултуп жыяйын,
Алтымыш ала бээ союп,
Калкка кабар берейин.
Айчүрөктүн үстүнө,
Эл көчүрүп келейин.
Беш жүз үйдү көтөрүп,
Ат койдуруп алам – деп.
Этегиме салайын,
Элге шилен бердирип,
Ажыга азан айттырып,
Молдого тепкир түшүртүп,
Алдап уулун алайын.
Үй көтүндө көк ташка,
Тайгаланып жыгылып,
Ташка мээсин чабайын.
Кан ичменин тукумун,
Бир жолу туз көмгөндөй кылайын.
Мээлеп турсам баласын,
Менден бир чалымы жок экен.
Кайнардын кара көзү – деп,
Семетейдин баласы,
Как канкордун өзү – деп.
Так ошону ойлонуп,
Арам кыял ит Кыяз,
Арамдык ойлоп бул Кыяз,
Беш жоргону жетелеп,

Жет-Кайттагы элине,
Келди Кыяз үйүнө.
Кемпир кебин сураса,
Кеп айтпады бул Кыяз.
Калкы сөзүн сураса,
Сөз айтпады бул Кыяз.

## СЕЙТЕККЕ АТ КОЮЛГАНЫ

Кабагын бүркөп кумсарып,
Калкына кабар бермекке,
Беш жигитти чаптырып,
Жет-Кайттагы эр Кыяз,
Жедигердин баарына,
Калкына кабар бердирип.
Арамдык ойлоп баладан,
Жарым айлын көчүрүп,
Жет-Кайттын куйган чатында,
Жеңеңиздин үстүнө,
Жетип айлын кондуруп,
Мал ататып сойдуруп,
Алтынчы күн болгондо,
Калкынын баары жыйылды.
– Калк чогулуп болду – деп,
Эли абдан келген соң,
Кыяз эки жүз үйдү көтөрүп,
Малынын баарын жыйдырып,
Алтымыш ала бээ союп,
Аябай Кыяз тай союп,
Жан аябай эр Кыяз,
Короосу менен кой союп,
Жаратканга жалынып,
Чүрөк ак боз бээни алдырып,
Акырет кеткен Манастын,
Арбагына сыйынып,
– Алмамбет менен Чубак – деп,
Серек менен Сыргак – деп,
Кыргын салуучу душманга,
Кылкандай болгон көй кашка,
Бек жалынып арбакка,
Кудайга алыш бул кылып,
– Кууратпагын кудай! – деп,
Туйгундан калган канкорду,
Кайып уулу кырк чилтен,
Жараткан жалгыз жан эгем,
Жалгызымды колдо! – деп,
Чүрөк баабединди чалдырып,
Алты күнү той берди.
Жетинчи күнгө жеткенде,
– Алып карамак болду – деп,
Бачым Чүрөк салгын – деп.
Калк кете элек бачым – деп,
Кара олпокту тозду эле.
Ак балага оротуп,
Айнекти салып берди эле.
Баланы салып берген соң,
Жана Чүрөк сөз айтат:
– Кана падышам Кыяз тура тур!
Кулагың салып уга тр!
Кең Жет-Кайт башы жер экен,
Мен сизге келип тийгени,
Калкыңдын жүзүн көрбөдүм,
Калкыңыз кандай эл экен?
Жериңиз Жет-Кайт жер экен.
Сиз менен кошо барайын,
Карыяң кандай жан экен.
Баатыр болчу бар бекен?
Кожо,молдо,эшенден,
Акылга зирек чеченден,
Көп жашаган карыдан,
Мекеге барган ажыдан,
Балага бата алайын.
Сиз менен кошо барайын,

Калктан бата алайын.
Каардантпа падышам!
Кармаша чыкты Айчүрөк,
Бала жакы этектен ,
Кармаша чыкты жеңеңиз.
Көктүн кызы Көкмончок,
Көрүнбөй турат бул түгөт.
Жанына чечен бейбагың,
Ширин сөзүн угузуп,
Артындагы көк таштан,
Азгырып алып жөнөгөн.
Арт жагында калыптыр,
Арманда калды эр Кыяз.
Апкытта турат Айчүрөк,
Жез канаттуу Чүрөктү,
Жедигер көрүп турду эле.
Булут тийген көл өңдүү,
Муңайып турат бейбагың.
Муңайып турган жеңеңди,
Пери ургандай беттенген,
Көбүк кардай эттенген,
Ак сакалдуу карысы,
Алкап жатат баарысы.
Моймолжуган жеңеңди,
Болжоп турган адам жок.
Айчүрөктөн сүрдөшүп
Элейишкен андан көп.
Арденкени бир окуп,
Селейишкен андан көп.
Сары тиш болгон катындан,
Сөз жагына ыктуудан,
Сумсайган сулуу мыктыдан,
Баары карап жарданат.
Эки жүз катын бириксе,
Айчүрөккө тең келбейт.
Баатыр Кыяз кайран эр,
Балбансыган арстан шер.
Көтөрө албай баланы,
Атасынан бабасы,
Шай колдогон чунакты.
Салмоордун ташындай,
Салмагы бар ошондой,
Койчу чунак жетимдин.
Көөдөк Кыяз баланы,
Көтөрө албай чунак ты,
Коргошундай салмагы,
Кыдыр Назар колдогон,
Ишин кудай оңдогон.
Кубатты бергин кудайым,
Илеги тийген илгертен,
Көтөрө албай баланы,
Көзү кетти чекчейип,
Бели кетти мекчейип.
Көөсөр Кыяз көөдөктүн,
Алы кетти алсырап,
Ачуусу келди кумсарып.
Ачууланды көп журту.
-Баламдын атын бат кой – деп,
Ажы азан айткын – деп,
Молдоке депкир түшүр – деп,
Кожо-молдо экен – деп.
Акылга зирек чечен – деп,
Баки журт бачым ат кой – деп,
Ачууланып күүлөндү.
Баатыр Кыяз падышаң,
Ак сакалды карады,
Аксакал ажыларды карады.
Молдолор кара сакал карады.
Кара сакал үшкүрүп,
Боз баларды карады,
Боз балдар жерди карады.
Баланын атын табалбай,
Баки журт акмак болду эле.
Аягында,
Айчүрөк турат шаңкайып,
Жакуттай болуп жаркырап,
Кыргоолдой мойну койкоюп,
Жеңең карап турду чойкоюп.

Көп журтуна көрүшпөй,
Көкмончок турат билинбей,
Караса көзгө илинбей.
Айчүрөк экөө кеңешип,
Султан боюн теңешип.
– Көмкөрө журтун баарысын,
Эжеке көзүн байла! – деп айтты.
Камындырбай көп калкты,
Дубанын күчүн карачы!
Аттанып чыккан көй каптан,
Ариби артык Көкмөнчок,
Арабча жүргүздү,
Кереметин бейбак билгизди,
Ачык күндү бүркөдү,
Жөө туман түшүп көрүнбөй,
Жанаша киши билинбей,
Жакага туман уюду.
Шыбыргак шамал жүрдү эле,
Ымыктап күн жаады эле.
Калктын баары элейип,
Бирин-бири карап селейип:
– Бул кандай шумдук болду – деп,
Эси чыгып калайык,
Эсенгиреп делейип,
Акмак кылды Айчүрөк,
Арабча тил окуп.
Көп журттун баарын көрсөтпөй,
Көз байлады Көкмончок.
Ширин сөзүн угузуп,
Айчүрөк шыбырап айтып каргады.
Жел токтотуп кулагын,
Аш бышымдын ортодо,
Тамам дүлөй кылды эле.
Көзүн байлап Кыяздын,
Мунарык кылып койду эле.
Калың журт турду элейип,
Айдай сулуу жеңеңдин,
Тизе жерге тийгенде,
– Калмакка тең болгун деп,
Улуксат ушул калкым – деп.
Окшомдуу сулуу жеңеңиз,
Оң колун алып бооруна,
Балага себеп болор – деп,
Моминтип турат Айчүрөк.
Жаратканга жалынып:
– Балага кубат бергин – деп,
Арбактарга сыйынып.
Акундун кызы Чүрөгүң,
Ал аңгыча байкасаң,
Туманга батып аралаш,
Туюнбады көп журту.
Алын аса колунда,
Жакут таажы башында,
Куу баштыгы ийнинде,
Кызыл чийкил дубана,
Жаркырап келди кашына,
Куу жетимдин астына.
Дубана туруп үн салды:
– Баки кара жедигер,
Баарыңар бокту жедиңер.
Эки экиден кеңешип,
Эми эмне дедиңер?
Узун кулак сарыңды,
Кожо, молдо, эшениң,
Кошулуп өлсүн чечениң.
Илеги тийген илгертен,
Атасынан бабасын,
Кыдыр Назар колдогон,
Кудай сени оңдогон.
Түп атасы Бөён кан,
Бөён кандан Чаян кан,
Чаян кандан Каракан,
Каракандан тараган,
Кан Жакып кан болуучу.
Жакып кандын баласы,
Баатыр Манас падыша,
Асыл Манас баласы,
Кан султандын тукуму,

Батадан бүткөн Семетей,
Үй айлана бергиче,
Айдай кара тал болгон,
Үч периште жар болгон.
Короо айлана бергиче,
Короодой кызыл тал болгон,
Кожо Кыдыр жар болгон.
Атасы Манас кабылан,
Орто Кең-Кол жайлаган,
Он төрт атын байлаган,
Жарак жабдык шайлаган.
Каршы чыккан душманды,
Алдына салып айдаган.
Ачуусуна тийгенде,
Азууга салып чайнаган.
Ошо Манас баласы,
Арстан артык Семетей,
Ар кылган иши оң болгон.
Атыша чыккан душманын,
Алдырып ийип кор боолгон.
Акы сурап чоң болгон,
Семетейдин уулу – деп,
Баласы Сейтек болсун – деп,
Капыр менен мусулман,
Катар атын сурасын.
Кыдыр атын койду эле,
Көрүп турган пенде жок,
Көздөн кайым болду эле.
Кан Акун кызы Айчүрөк,
Каршы айтты Кыязга:
– Калкың менен жерге кир!
Дубанача болбойт – деп,
Кайда жүргөн калк – деди.
Каргыш тийсин журтуңа,
Баки журтуң кырылсын.
Баламды берчи Кыяз! – деп,
Баланы алып колтуктап,
Он эки канат зор үйдү,
Мейманкана зор үйдү,
Мелтиреген чоң үйдү,
Ороло басып кирди эле.
Артынан чуркап эр Кыяз,
– Жаркыным Чүрөк! – деп айтат.
Дубана кандай шумдуктуу,
Безилдеген дубана,
Эмне сөздү козгоду
Калкылдаган дубана,
Кандай күйдү айтты? – деп,
Элге айтты тарттырып.
Эт бердирип турганда,
Эмне шумдук болучу?
Күн бүркөлүп тутулду.
Асмандан булут туманы,
Карыш жер Чүрөк көрүнбөйт,
Караңгы болду тал түштө,
Күн ымырап жаады эле.
Шыбыргак шамал желдеди.
Шыпылдап шамал жүрдү эле,
Көз байланрды көп журттун,
Жалпы журтум селейди,
Жандын баары элейди.
Эртерээк айтчы Айчүрөк,
Эсим чыгып делдейдим,
Таза турган кулагым,
Дүркүрөп дуулдап,
Дүлөй болуп калдым – деп.
Эчтеңкеге жетпеди,
Көзүм,
Мунарык болуп калды – деп,
Эч эчтеңке көрүнбөй.
Кандай шумдук болду? – деп,
Баламдын аты не болду?
Кана Чүрөк бат айтчы!
Арстан Кыяз айтканда,
Анда Чүрөк кеп баштайт.
– Койчу Кыяз кантесиң?
Жедигердин мыктысың,
Жеңил арстан экенсиң.

Желбегей басып жүргөндө,
Жел токтоп калды не болор?
Асмандан булут түшкөнү,
Алда таала буйругу.
Андай айтпа эр Кыяз,
Сага,
Каршылык кылган кор экен,
Колдогонуң зор экен.
Түп атасы жедигер,
Жедигерден эр Багыш,
Эр Багыштан эр Толтой,
Эр Толтойдун абаласы,
Эр Кыяздын баласы,
Баатыр Кыяз блсн – деп,
Баки журтту багынткан,
Атанып Кыяз эр чыккан.
Как атасындай болсун – деп,
Кыдырың койду бул атты.
Деп ушу сөздү айтканда,
Оолукту Кыяз күпүлдөп:
– Мындан кийин тим жүргүн,
Алты бабам, жети атам,
Жедигерден бери тарта,
Колдогонум ушундай.
Аким сурап сөз болгон,
Падыша чыккан душмандар,
Кырдырып салып кор болгон,
Кыдырларым ушундай.
Мындан кийин тим жүр – деп,
Көрүнгөн экен сага – деп,
Мындан кийин мага – деп,
Чоңсунуп калды эр Кыяз.
Айчүрөккө мактанып,
Эрсинип калды эр Кыяз.
Эшитбегенин элебей,
Шерсинип калды эр Кыяз.
Баатырсынып балактап,
Мактанып калды Чүрөккө.
– Кол койдук баатыр сага – деп,
Апкөй тилдүү жөөт күн,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ширин сөзүн угузуп,
Келишимдүү чечен күң,
Кыязга келип сөз айтат.
– Мындан кийин артыңдан,
Артыңдан кайбат айтпайын.
Асылым Кыяз падышам,
Катындык кылып мен бейбак,
Мен ургаачылык кылыпмын.
Мындан кийин унчуксам,
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун.
Мекеде султан пир урсун,
Кырк жылы кызмат кылайын,
Кылымды бузган падышам,
Оюңа алба аны – деп.
Көкмончокко кеп айтат:
– Эжеке калк убалы болбосун,
Көмкөрө журтту көрсөтпөй,
Көзүн байлап салдың – деп.
Дубакөй эже Көкмончок,
Дубаны кайра жандыр! – деп.
Көкмончок чыгып эшикке,
Көрүнбөдү калкына.
Перинин кызы мен бейбак,
Бек кеңешти калкына,
Шойкомдуу оозу шок экен,
Белгилүү сулуу Көкмончок,
Пери кызында жок экен.
Аалам дүйнө бейбагың,
Аягынан кайта окуп,
Дубасын алды бейбагың.
Жалган түштө ачылды.
Шыбыргак шамал басылды
Элдин баары үшкүрүп,
Жедигер журту элейип,
Эл эсенгиреп селейип:
– Эмне шумдук болду? – деп,

Эмне койду дубана,
Кулагым укпай калды – деп,
Карганып жаткан мындан көп.
– Мен да билбей калдым – деп,
Кана көп жашаган карылар,
Көптү көргөн сарылар.
Кожо, молдо, эшендер,
Түйрүк ооз чечендер.
Калктын баары кеңешип,:
– Бул кандай заман болду? – деп,
Айлын көздөй жарышып,
Баары үйгө барышып,
Жаратканга ажалынып,
Баабединди чалышып.
Баланын атын уга албай,
Баары туюк калышып.
Калайык калкын таштаңыз!
Баатыр Манас тукуму,
Баладан кабар алыңыз!
Батыр Кыяз кеп айтат:
– Баланын атын койдурдум,
Мал аябай сойдурдум.
Эсептейин Айчүрөк,
Эче күндө келейин.
Баатыр Кыяз айтканда,
Чүрөк,
Момундай сөз башатады.
– Арылбаймын жакында,
Батыр Кыяз падышам.
Жетимиш күндө келгин! – деп,
Артык болжоп салды эле.
Акмак кылып Кыязды
Чоң үйүн көздөй узатып,
Убара болуп Айчүрөк,
Эр Кыязды кетирип,
Эмгегин тартат баланын.
Акмак кылып кетирип,
Азабын тартат жалгыздын .
Ээрчип жүргөн пенде жок,
Курсакта жатып чоңойгон,
Куу жетимден кабар ал.
Элүү күндө эне – деп,
Арбактап басты куу жетим.
Каргадай болгон жаш бала
Эртеңде кетет чүкө атып.
Карды ачканда жалгызың,
Эмчеги түшүп эсине,
Түштө келип бир эмет.
Түштө кетет чүкө атып,
Бешимде келип бир эмет.
Бейбагын тартты Айчүрөк,
Арстандын уулу токтонбойт,
Азабын тартты жеңеңиз.
Чыдай албай эр Кыяз,
Кабарын угуп калган бейм.
-Кабылан Манас тукуму,
Семетейдин өзү  – деп,
Өзү эмес чунак көзү  – деп.
Кайнардын кара көзү  – деп,
Калкынан Кыяз сөз угуп,
Как Семетей өзү –деп.
Сүннөткө отургузуп,
Адалдатып алам – деп.
Кыяз аябай малын айдатып,
Жана Кыяз той сойду.
– Баламды алып келчи – деп,
Эркелетип алгансып,
Атка өңөрөм дегенде,
Акылга мол Айчүрөк:
– Ат үйрөтпө баланы,
Жаман болор уулуң – деп.
Эси жок эсер болот – деп,
Алаткүн Кыяз падышам,
Акмак болот уулуң – деп.
Атка өңөртпөй алды эле,
Кыяз кыйыгы менен карады.
Айчүрөккө билгизбей,
Бармагын тиштеп бш чайкап:

– Как Семетей өзү – деп,
Өзү эмес, чочко көзү – деп,
Элине шилен бердирип,
Калкынан бата алсак – деп,
Кайта тойду бул берип,
Жана устараны камдатып,
– Оо баламды берчи
Чүрөк! – деп,
Алдына алды эр Кыяз.
Жанында турду жаркырап.
Аргасы жок Кыяздын,
Көкмончок турат зымырап.
Айчүрөк жеңең какылдап,
Акмак кылып көп калкты,
Азгырды минтип Кыязды.
Ширин сөздү угузуп,
Ал кепти айтып наалытып,
Бул кепти айтып жоолутуп.
Адаштырып Кыязды,
Айчүрөк жеңең байкаса,
Устарада уу турат.
– Устараң мокок болбосун,
Баланын жаны кыйналат.
Келе бери, уста! – деп,
Устараны алды эле.
Апкөй тилдүү жеңеңиз,
Таза устара берди эле.
Тамам сөзүн угузуп,
Чечен бейбак азгырып,
Колун адалдатып алган соң,
Санаасы тынды Кыяздын.
– Кан ичменин тукуму,
Кандай эми жайың? – деп,
Баланды жакшы оро – деп,
Тукумун үздүм канкордун,
Ичинен пикир көп ойлоп,
Туз көмгөндөй кылдым – деп,
Калк таратты эр Кыяз.
– Жана Кыяз каным – деп,
Чүрөк жаныңа жолдош болом –деп,
Эми он беш күндө келгин! – деп,
Эр Кыязды жөнөтүп,
Ак дары салып Айчүрөк,
Алты күнгө жеткизбей,
Канкордун уулу жетимди,
Айыктырып салды эле.
Бала өлөт десе өөрчүдү.
Баланын жайын көргөндө,
Баки журт жандан түңүлдү.
Ана өлөт, бала жок,
Мына өлөт, бала жок.
– Кошкун сиңдим аман тур – деп,
Чүрөктүн алкымынан бек жыттап,
Аракет кылып баланы,
Алып калдык – деп жыттап,
Аман тургун – деп жыттап,
Таежеси көп жыттап,
Аманатсың кудайга,
Эрбейтип атка мингиз – деп,
Как жездемдей болсун – деп,
Бышыктыргын башынан,
Акыл-насаат үйрөткүн,
Атасындай болсун! – деп.
Көкмончок,
Көйкапты көздөй жөнөдү.
Баланын жайын коё тур.

## СЕЙТЕКТИ КӨРҮҮГӨ КҮЛЧОРОНУН КЕЛГЕНИ

Баатырлардын колунда,
Күлүстөн тууган Күлчоро,
Күйүттү тарткан бул чоро,
Байкуштан кабар алыңыз!
Карагулдан таяк жеп,
Кайгы тарткан кайран эр.

Акмактардын колунан,
Бир аманат дартынан,
Азапты көргөн асыл эр.
Айтып-айтпай пайда жок,
Армансыз дүйнө кайда жок.
Кайгы күндү көп көргөн,
Камандай болгон кайран эр.
Бир күнү-түнү Күлчоро,
Капа болду арстан шер.
– Эки ай, он күн өттү – деп,
Тулпардан калган туягым,
Туйгундан калган аманат,
Эмне болду чырагым.
Эсенгиреп бул чоро,
Акылга мол Айчүрөк,
Ырысым катып мен шордуу,
Кыз төрөп койду бекен – деп,
Эгем эмгегимден арылтып,
Тилекти кудай бердиби?
Эркек төрөп койдубу?
Эр Кыяз чочко сойдубу?
Чочконун мөрөйү устун болдубу?
Азаптуу жеңе Айчүрөк,
Айнектин жайын калкалап,
Акмак кылып Кыязды,
Алып калдыбы чын – деп.
Эгемдин көп салганын көрдүбү?
Эмгектүү чоро куу тумшук,
Карагулдай калмактан,
Токмоктонуп мен шордуу,
Таяктан жүрүп өлдүмбү?
Буркурап ыйлап кудайга,
Мунажат кылып күлүстөн,
Шайыгына сыйынып,
Айкожо менен кан Кошой,
Пирлерине сыйынып,
Жаратканга көп ыйлап,
Жасаганга бек ыйлап,
«Колдо Манас» деп ыйлап,
«Жөлө Алмамбет» деп ыйлап,
– Пери кызынын колунда,
Беренім абам падышам,
Арканда калган ай жаркын,
Жаркыным жалгыз колдо – деп,
Жасаганга жалынып.
Кайран эр,
Буркурап ыйлап төшөктө.
Эгем,
Эмгегимден арылт – деп,
Кудурет,
Тозогумдан куткар – деп,
Өлүп кетүүчү эмедей,
Өпкө кагып Күлчоро,
Өзү жалгыз бул ыйлап
Өз алдынан көп ыйлап,
Кудайга,
Мунажат кылып көп ыйлап,
Кубат бер кудай – деп ыйлап.
Чөптөн калың төшөгү,
Сары тердик салынып,
Саргайып ыйлап Күлчоро,
Кумсарып ыйлап кайран эр.
Кийиз куру жанында,
Кементай менен кара тон,
Камандай байкуш жамынып,
Кайгырып атып уйку алды.
Таң тыяктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Чымчык чыркылдап талга конду эле.
Торгой добуш салды эле,
Обонун жели зыркырап,
Асмандагы көп жылдыз,
Күн батыш көздөй буркурап.
Теректин башы шуудурап,
Жандын баары жадырап,
Жана туруп каларда,
Бая атын койгон жалгыздын,
Кызыл чийкил дубана,

Байкушка сүйүнчүлөп келди эле.
– Сүйүнчү,байкуш, сүйүнчү,
Кементайың кийинчи!
Агарып таң атты – деп,
Кызарып күн чыкты – деп.
Алда таала
Азабыңдан арылтты,
Арбак колдоп өзүңдү.
Ук Күлчоро сөзүмдү,
Алмамбет, Чубак колдоду,
Серек, Сыргак, кырк жайсаң,
Семетейдин тукуму,
Баатыр Манас баш болуп,
Баарысы келип колдоду.
Кыяз тоюн сойду – деп,
Кылым тыным таппады.
Өзүм атын койдум – деп,
Жети атасын айттым – деп,
А тын коюп кайттым – деп,
Аты Сейтек болду – деп.
Обдулуп турчу кургурум!
Эгем эмгегиңден арылтты,
Эмнеге жатасың!
Көздөн кайым болду эле.
Ойготуп коюп ошондо,
– Бул эмне болуп кетти? – деп,
Эр Күлчоро турду эле.
Байкуш бала күлүстөн,
Бай жагын байкап караса,
Башына чолпон тийиптир.
Аяк жагын байкаса,
Ай жаңырып калыптыр.
Кудай берип салган бейм,
Кудуңдап байкуш сүйүндү,
Кементайын кийинди.
Кудай мага берген бейм!
Он эки аркан колго алып,
Азирет колдоп тургуча,
Ак балтасы колунда,
Отунду көздөй чуркады.
Намазын окуп алмакка,
Азаптуу күндү көп көргөң,
Намазын каза кылбаган,
Арстан тууган кайран эр.
Алакан жайып дубага,
Жаасын окуп жаңкы эме,
Кайраттанып шер неме,
Кабылан жолборс эр неме,
Катуу байкуш сүйүнүп,
Он эки аркан отунду,
Сол ийнине көтөрүп,
Солк эттирбей күлүстөң,
Отунду алып келди эле.
Олутуна таштады,
Казанын асып кулдардын,
Камандай болгон кайран эр,
Кайраттанып арстан шер,
Аш-тамагын жайнатып,
Казанын асып кайнтты.
Тамак-ашын даярлап,
Күндүн нуру чачырап,
Тоо тоонун башына,
Жайылып тийип келгенде,
Жанагы кулдар турганда,
Кулдар туруп эле элейет.
-Бул эмне мынча эрте – деп,
Уктабай туруп калды – деп.
Кандай шумдук болду – деп,
Бир жерден кабар укканбы?
Бул эмне,
Мынча көтөрүлүп калды – деп.
Үшкүрүнүп тогуз кул,
Баары жүзүн жуушту.
Карагулду көтөрүп,
Көтөрүп барып сийгизди.
Камтый кармап калмакты,
Олтургузуп койду эле.
Төшөгүн оңдоп салды эле,

Сол колу менен сугунтуп,
– Жакшы сугунт кулум – деп,
Жаактан ары бир коёт.
Эби менен сугунт! – деп,
Ээктен ары бир коёт.
Айтып-айтпай пайда жок,
Күлчородо арга жок.
Улутунуп үшкүрүп,
Кумсара түшүп кайран эр,
Көтөрүп барып жаткызып,
Ыңгырантып калмакты.
Боз бала келди аңгыча,
Салам айтып эшиктен.
Эр Күлчоро канетсин,
Тамак жасап берди эле.
Же бир кабырга жедирбейт,
Же өпкө карын бердирбейт.
Эр Боз бала чакырды:
– Эр Күлчоро бер кел! – деп.
Табагына чакырды,
Акмактардан жазганбай,
Азыр сени өлтүрсө,
Алып жегин мындан – деп.
Жүрөгүң түшүп калганбы?
Деги коркок адамсың,
Койгун баатыр Күлчоро,
Камсанаба жаныңда!
Эки жакты карабай,
Энтелебей жөн же – деп.
Коркпо,баатыр,коркпо – деп,
Тамактантып койду эле.
Баатыр туруп ошондо,
Бата тилеп Күлчоро,
Баары бата кылышып,
Конокко кымыз куюшуп,
Бир-бирине сунушуп,
Он бир кулдар ичкен соң,
Карагул менен он бир – деп,
Боз бала менен он эки,
Күлчоро менен он үч бейм.
Эр Күлчоро кеп айтат:
– Акелер, эстегиле – деп айтат.
Баякы кууган дейсиңби?
Жакшы отун таап алайын,
Кементай менен чапаным,
Далысы,
Сан-сан болуп тытылды.
Баякыдан дагы эрте келейин
Кагылайын акелер,
Кечигип калсам өзүмдү,
Кабыргамды сөгүңөр!
Канымды суудай төгүңөр!
Кадамымды катырып,
Как ошондой кылгын – деп.
Төшөктө жатып Карагул:
– Кулум,
Баягыңдан эрте кел!
Жез канаттуу Айчүрөк,
Жеңеси акыл-насаат айткан бейм,
Көнүлү көтөрүлүп калган бейм.
Байкушум барып келгин – деп,
Уруксат берди зор кулу.
Баки кулдар чуркурап:
– Барсын, эрте келсин – деп,
Уруксат берди бул кулдар.
Эр Боз бала кеп айтат:
– Кулдар эстегиле! – деп айтты,
Жез канаттуу Чүрөккө,
Өңүнө кызыл жүгүрүп,
Кичине
Кубаттанып барсын – деп.
Чарадай болгон чоң уй баш,
Баса куюп Боз бала,
Эки аяк кымыз берди эле.
Эки аяк кымыз ичкенде,
Ээликмеси кармады.
– Кой, акелер, аман тур!
Жүгөнүн кармап колуна,

Баатыр бала күлүстөн,
Боз бала менен көрүшүп,
Учурашып алышып,
Эр Күлчоро сурданып,
Урушкансып басты эле.
– Кан Алмамбет колдо! – деп,
Кубаттанып басты эле.
Кубатты кудай бергин – деп,
Шаңданып чоро басты эле.
Көтөрүлүп күлгөнсүп,
Кабар берген дубана,
Кандай жорук болду – деп,
Таң калып чоро басты эле.
Карачыктай кайран эр,
Жылкыга басып келди эле.
– Көк байтал кайда жүрөт? – деп,
Көзүн салып калды эле.
Жуушап жаткан көп жылкы,
Камандай кулду көргөндө,
Чатырап үркүп калды эле.
Куйругун салып сыртына,
Кошкуруп үркүп калды эле.
Кыроойттоп бала кыйкырды:
– Кырылгыр – деп чакырды.
Ойрондун үнүн укканда,
Опсуз буудан көк байтал,
Оюн салып жанына,
Окуранып келди эле.
Моюндан орой кучактап,
Тумшугунан бек жыттап,
Капа болуп көп жыттап:
– Кагылайын байтал – деп,
Башта ыйлап келгенсиң,
Не жөнүңөн сүйүндүң?
Эркелетип эр неме,
Ак нокто менен ак жүгөн,
Катар катып эр неме,
Тумшугунан бек жыттап,
«Тулпар, байтал» деп жыттап,
Сары кийиз, чоң тердик,
Арта салып кайран эр,
Ыңырчак ээрин токуду.
Башына илип сызмадан,
Тарта салып кайран эр,
Үзөнгү жасап түшүрүп,
Жип туюктап алды эле.
Чоң чокойду теминип,
Баатыр бала минди эле.
Жоргосуна тундуруп,
Жеңесин көздөй жүрдү эле.
– Болумдуу Кыяз чочконун,
Болжолунда барамбы?
Акмак Кыяз өзүбү,
Араң жаным калабы?
Колдо, кудай, колдо – деп,
Кожо Кыдыр жөлө – деп,
Алда кудай алда – деп
Алмамбет, Сыргак, Сереги,
Арстан Чубак кайран эр,
Арбагыңда колдо – деп.
Кан султан Манас жөлө – деп,
Ак эшендер колдо – деп,
Азабын тарткан чунакты,
Айнегим тирүү барбы? – деп,
Алкымынан өпсөм – деп,
Курсагынан көп жыттап,
Кубаттанып калсам – деп.
Куурап калган күлүстөн,
Эки буту салактап,
Эи көзү алактап,
Эми келет Күлчоро,
Кең Жет-Кайттын чатында,
Жеңесинин зор ак үй,
Мейманкана чоң ак үй,
Алды каткан кайран эр,
Боз дамбалды көп карайт,
– Болбосун Кыяз! – деп карайт.
Кудай мага бердиби,

Баатыр Кыяз жок экен.
Жез канаттуу жеңекем,
Башта чыгып турчу эле,
Бала эмизип жатабы?
Эмне үчүн чыкпайт? – деп,
Бастырып келип күлүстөн,
Мамыга байлап байталды,
Басып калды дарбактап.
Кара тон менен калдайып,
Ак эшикти көтөрүп,
Кайран эр кирди калдайып.
Алтын чайнек кайнатып,
Аш тамагын жайнатып,
Тубардан кылган дасторкон,
Туурасынан жайдырып.
Басноско бал салып,
Кертип-кертип дан салып,
Соку-соку кант чагып,
Камандай болгон кайран эр,
Жеңесин пейлеп карады.
Ак жүккө турат сүйөнүп,
Быйты күң турат култуюп.
Баарысы менен иши жок,
Шер жакты көп-көп карайт.
– Бешик кайда? – деп карайт.
Эч жакта бешик жок,
Куу тумшук кулда кешик жок.
Жаагынан сары түк чыгып,
Жездей болуп саргарып,
Темирдей болуп карарып,
Чоктой болуп кызарып,
Желке чачы суюлуп,
Кара шырдак алдында,
Кара саптуу чоң канжар,
Камтый кармап ошондо,
Бакырып ийди күлүстөн:
– Акмак канчык оңбо – деп,
Аргымак аттын аласы,
Аманат калган курсакта,
Аманат кокуй баласы,
Азабын тартып жүргөмүн.
Катыгүн канчык бат айткын!
Айнегимдин баласы,
Кокуй күн жөөт оңбогун.
Алды каткан жанымды,
Акмак канчык көп алдап,
Аманат жаным кууратып.
Абакемден ажырап,
Курсактагы жетимди,
Кубат кылып жүргөмүн.
Мен шордуу,
Медер кылып жүрөмүн.
Беренден калган парзант деп,
Тулпардан калган туяк деп,
Тумшугу жок мен шордуу,
Азабын тартып куурадым.
Капыр канчык, бат айткын!
Канакей,
Аргымак аттын аласы?
Азаптуу күндү көрсөткөн,
Канакей,
Арстандын баласы.
Тогуз кулдан токмок жеп,
Тозоктуу күндү көп көрдүм.
Томсорттуңбу жөөт күң,
Кысталак,
Канакей,
Аргымак аттын аласы?
Азаптуу күндү көрсөткөн,
Канакей,
Арстанымдын баласы.
Тогуз кулдан токмок жеп,
Тозоктуу күндү көп көрдүм,
Томсорттуңбу жөөт күң.
Кысталак,
Кана Кыяз чочко кул?
Долу,
Кылыгыңды бердиңби,

Акмак Кыяз доңузга.
Акыл айтып кеңешип,
Эр жандуу канчык,
Долу күң,
Пери кызынын колунда,
Беренимди унутуп,
Абамдан калган парзантты,
Эркек төрөп калган бейм.
Эр Кыяз,
Эри менен кеңешип,
Өлтүрүп салган бейм.
Эгемдин,
Не салганын көрбөсөм?
Тозоктуу күндү көргөнчө,
Бул көрөкчө өлбөсөм!
Капа болуп кайран шер,
Качырып сала берди эле.
Анда Чүрөк кеп айтат:
– Кеңешим бирге күлүстөн,
Саймалуу калпак сары учкай,
Санаам бирге күлүстөн.
Санап уул,
Ыйлаба уул ыйлаба,
Бейбактуу жаным кыйнаба!
Эсебиңди кудай оңдосун.
Катыгүн,
Капа болбо кайран уул.
Баласын,
Кан султан атам колдогон.
Асылым уул ыйлаба!
Айнегиңди,
Алмамбет, Чубак колдогон,
Серек, Сыргак жөлөгөн.
Айнегиңди,
Ажалдан алып калдым.
Өтүрүк айтсам өлтүр – деп,
Чором мени,
Жалган айтсам жарып сал!
Бая эртең кеткен чүкө атып,
Токтолбой койду ээлигип.
Томсорбогун күлүстөн,
Торгойдой болгон жетимиң,
Бая эртең,
Чүкө атып кеткен ээлигип,
Кудай сени,
Кара тондон арылткан.
Кейиш жок байкушум,
Кудай сени,
Кементайдан арылткан!
Тилегиң кудай берген – деп,
Көйкаптан Көкмончок,
Эжекем келген – деп.
Асылдан калган айнекти,
Ажалдан алып калдым – деп.
Аракет кылдым моминтип,
Эмнеге ыйлайсың?
Чуулганды көрсөткөн,
Уул келер көрөрсүң.
Кашкайып аккан кашка суу,
Булагың келер көрөсүң.
Атасын,
Курсакта жаткан куу жетим,
Сенин чырагың келер көрөрсүң.
Мынакей,
Ак сүтүм агып турбайбы.
Күлүстөн!
Жалган айтсам бейбакты,
Акырет кеткен атамдын,
Арбагы мени урбайбы?
Кокуй күн уул ыйлаба!
Бейбакты кудай урбайбы!
Арстанымды төрөгөн,
Алтын жатын энекем,
Анын кусуру уруп кетпейби.
– Көп айтпачы жеңе – деп,
Күлчоро көп ыйлап ийди эле.
– Кокуй күн,
Балага кесир болбойбу?

Чуулганды көрсөткөн,
Уул чунакка кесир болбойбу?
Кубатың кетип калганбы?
Күйүт күндө көп тартып,
Сенин,
Күчүң кетип калганбы?
Кулдар уруп жүргөндө,
Кокуй күн,
Кубатың кетип калган бейм?
Акмактар уруп жүргөндө,
Акылың кетип калган бейм?
Эмчегим ооруп турат – деп.
-Айнегимди көрсөтчү!
Бачымыраак бат дечи.
Бат көрсөтчү көзүмө,
Кадамы каткан мен шордуу,
Канетип чыдайм жеңе – деп.
– Энтелебе күлүстөн,
Энекелеп талпаңдап,
Куу жетим,
Эмчегине келет – деп.
– Айнегимди көрсөтчү!
Айткан ширин сөзүңө,
Асили,
Азаптан кудай арылтса,
Жеңе сенин,
Айткан ширин сөзүңө,
Азаптуу бууган Күлчоро,
Айланайын,
Куу тумшук кул өзүңө.
– Алаткүн уул антпегин!
Алтын баштуу катындан,
Бака баштуу эр ийги!
Айткан ширин сөзүңдөн,
Сана капа күлүстөн.
Жеңең,
Садага кетсин өзүңдөн.
Ашыкпай бала чай ич – деп,
Айнегиң келер – деп,
Куу жетим,
Таанып бекен сени – деп.
Өпкөсү туруп өрөпкүп,
Эрдиги менен Күлчоро,
Эптеп атып,
Эки чыны чай ичти.
– Аш-тамак барбай кардыма,
Ары жылбайт кантейин.
Айнегимди көсөтчү!
Дасторконду жыйдырып,
Ак эшикти кыйшайтып,
Акырын карап Айчүрөк:
– Чүкөсү келет колунда,
Кайраттанып бек олтур!
Эр Күлчоро тек олтур!
Кайран эр,
Кайраттанып тек олтур!
Кечээ ойрондун,
Оозунан түшүп калгандай,
Ай жаркын төрөң Семетей,
Атасынан айрылгыс,
Куу жетим кирип келгенде,
Абакең кирип келгенсип,
Бакырып ийбе күлүстөн.
Кокуй күн,
Жетим бери кел – деп,
Чакырып ийбе кокустан.
Кайран эр,
Кайраттанып бек олтур!
Канетип ыйлап ийбесин,
Чунагың,
Кирип келди эрбейип.
Энекесин көп карап,
Асыл Күлчоро көп карап.
Күлчоро,
Алдыртан олтур көп карап.
Кысталак Кыяздан,
Чалымы барбы – деп карап.
Балжыр беттүү, ак жүздүү,

Баатыр абаң бул өңдүү.
Айлансам болот арбакка,
Астыртан ыйлап Күлчоро,
Күлүстөн,
Кайраттанып ийгенде,
Оозунан жалын шыркырап,
Түгөттүн,
Көзүнүн жашы буркурап.
Баланын,
Чолпондой көзү жалдырап,
Колунан,
Чүкөсү түштү шалдырап.
Жаш бала,
Басып келип умтулуп:
– Атамдын тайы болбосун,
Бакырып ыйлап көп айтат.
Алаткүн,
Айчүрөк эне бат айтчы!
Кандай,
Азаптуу күндү көп көргөн.
Кагылайын энеке!
Кайгы күндү көп көргөн,
Кара тон кийген киши ким?
Жаш бала,
Жардагансып энесине,
Куу жетим,
Улутунуп туруп кеп айтат:
– Куур тон кийген киши ким?
Малакайы башында,
Кайран эр,
Баатыр экен жашында.
Башта аким жүрүп зор болгон,
Энеке!
Кайда жүрүп кор болгон!
Жеримди Жет-Кайт дечү элем,
Жедигер элим дечү элем,
Кысталак,
Кыязды атам дечү элем.
Токтонбой жүрдүм ээлигип,
Мен шордуу бүгүн жээлигип.
Жерим Талас беле эне!
Кокуй күн,
Чоң атам Манас беле эне!
Бая эртең,
Өмөк токуган кемерден,
Баласын уруп ыйлатсам,
Атасын,
Курсакта жуткан жетим – деп,
Коңшу болуп кургур – деп,
Олжого келип кан ичкир!
Баламды уруп жин чычкыр!
Бая эртең кемпир айтты эле,
Атаңды тарткан кан чычкыр!
Каныкейди таап ал – деп.
Токмокту жеп кулдардан,
Атамдан калган мурапы,
Карагулдан таяк жеп,
Камандай болгон Күлчоро,
Азапты тартып жүрөт – деп,
Кан чычкыр,
Айнегимди урасың,
Атаңды таап алгын – деп.
Алаткүн эне бат айтчы!
Кандай кемпир бул эле?
Катыгүн эне кантесиң,
Атакемдин барында,
Аттанып чыкса акжолтой,
Качырган жоого сан колдой,
Арстаным абам болбосун.
Кайнардын кара көзүбү?
Кабылан абам өзүбү?
Бала Сейтек айтканда,
Бакырып ийди абасы:
– Айнегим бери келчи! – деп,
Чакырып ийди абасы.
– Кайнардан калган булагым,
Туйгундан калган чунагым.
Тулпардан калган туягым,

Амансыңбы чырагым!
Ай жаркын төрөм абамдан,
Аманат калган сенсиңби?
Азаптуу абаң менминби?
Кашкайып аккан булагым,
Кагылайын чыргым.
Азабың мага тарттырдың,
Аманат калып курсакта.
Өңүмбү менен түшүмбү?
Тилегим кудай бердиби?
Ай жаркын абам келдиби?
Азапты алда арылтып,
Кудай мага бердиби?
Айланайын айнегим!
Ама-эсен бердиби?
Эми ыраазы эгеме,
Акыры сени көрсөткөн,
Арбактарга ыраазы.
Арстан бала буркурап,
Кучактап алып чыркырап,
Кучактап ыйлап турганда,
Кайрат айтат Айчүрөк:
– Кой Күлчоро күлүстөн,
Катындан бетер ыйлабай,
Кайрат кылсаң болбойбу!
Мынча кудай берген соң,
Агарып таң аткан соң,
Капа болбо күлүстөн.
Кагылайын Күлчоро,
Баланы бери берчи! – деп,
Колунан алып жетелеп,
Буладай болон ак эмчек,
Оозуна салды эле.
Абакеңди жашытпа,
Айланайын айнек – деп.
Кабыланды кайгыртпа,
Катыгүн аста эмгин! – деп.
– Эмчегиңди эмбейм – деп,
Ары алпаргын эне – деп.
Кара тонду кийгизип,
Кайсак жумшап койгонсуң,
Кайгыга салды абамды.
Каны калып бир кашык,
Көөдөк тозок көрүптүр.
Эти калып көк жашык,
Кагылайын абакем,
Кандай күндү көргөн – деп.
Анда Чүрөк кеп айтат:
– Алаткүн айнек ыйлаба!
Андай айтып сөзүңдү,
Арстаныңды кыйнаба
Айтып-айтпай пайда жок,
Армансыз дүйнө кайда жок.
Азапты көргөн абаңды,
Ажыратып алмакка,
Мен энеңде дарман жок.
Аманат калдың курсакта,
Азапты тарттык дартыңдан.
Токмокту жеп кулдардан,
Тозоктуу күндү көргөн – деп,
Окшомдуу атаң өлгөн – деп.
Энекең менен абакең,
Олжого экөө келген – деп.
Ойроттун баарын багынткан,
Окшомдуу атаң Семетей,
Ардактап баккан колуна,
Канчоро менен Кыяздан,
Ажал атаң алган – деп.
Кыска жерден айтайын,
Кыйнабагын абаңды.
Ар акылдын баарысын,
Абаке уккун даанасын!
Эсен болсоң угарсың,
Ар акылдын баарысын.
Азабың тарткан күлүстөн.
Абакеңди угарсың,
Айтып-айтпай пайда жок,
Армансыз дүйнө кайда жок.

## СЕЙТЕК КҮЛЧОРОГО ЖЫЛКЫЧЫЛАРДАН ТЕҢДИГИН АЛЫП БЕРГЕНИ

Айчүрөк жеңең айткан соң,
Анда чоро кеп айтат:
– Айланайын жаңгызым,
Акыры сени көрдүм – деп.
Болдум ыраазы кудайга,
Балтыр этиң толсун – деп,
Баатыр абам тукуму,
Балбан абам тукуму,
Балбан чагың болсун – деп,
Чырымтал жонуң толсун – деп.
Энеңдин сүтү таңдайда,
Балапан сүтүң маңдайда.
Эртерээк жылкы барайын,
Кызматын кылып кулдардын,
Эки айча эмгек тартайын.
Эр Күлчоро айтканда,
Баатырдын уулу көп айтат:
Бали ыракмат жаша! – деп,
– Койчу абаке – деп айтат,
Карагул калмак чочкодон,
Катуу таяк сен жепсиң.
Кайратың кетип калган бейм,
Эси чыккан эмедей,
Эмне сөздү айтасың?
Коркпо аба кулдардан,
Кондурамын сени – деп,
Жаш дебегин мени – деп,
Эртең өзүм кошо барайын,
Кулдардын күчүн көрөйүн.
Туйгун султан атамдан,
Тукум болуп жүргүчө,
Туубай туна чөгөйүн.
Күйүкпө аба Күлчоро!
Капа болбо кокуй күн,
Кара калмак динсиздин,
Акмактын күчүн көрөйүн.
Жат абаке бүгүн – деп,
Болбой жатып жаш бала,
Кондуруп калды арстанды.
Коногуна кой союп,
Коноктоду чорону.
Белден төшөк салдырып,
Беренден калган жалгызың,
Бел байлагын мени – деп.
Урдурбайм кулга сени – деп,
Ошо күнү күлүстөн,
Кабылан баатыр барындай,
Алп уйкуну салды эле.
Таң тыяктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Караса жылдыз батыптыр,
Таң кашкайып атыптыр.
Обонун жели зыркырап,
Асмандагы көп жылдыз,
Күн батыш көздөй быркырап,
Камыштын башы шуудурап,
Кара кач торгой чулдурап,
Тешик башы шыбырап,
Жандын баары кыбырап.
Чымчык,
Чыркылдап талга конуптур.
Торгой дабыш салыптыр,
Таң кылайып калыптыр.
Кайгы тарткан Күлчоро,
Уйкусу абдан каныптыр.
Бойпоюп жеңең турду эле,
Быйты күндү тургузуп
Аш-тамагын жайнатып,

Алтын чайнек кайнатып,
Тубардан кылган дасторкон,
Туурасынан салдырып,
Батноско бал салып,
Кертип-кертип дан салып,
Келбеттүү чоро күлүстөң,
Сугатына бал берип,
Суусунуна чай берип,
Тамактантып Күлчоро,
Күлүңдөгөн эр чоро,
Көй байталды токунду.
-Жеңе коштошомун сага – деп,
Колуңду берчи мага – деп,
Баланы берчи мага – деп.
Мамык кармап колуна,
Эр Сейтекти жетелеп,
Өңөртүп бейбак баланы,
Өңөрүп коюп кеп айтат,
Чылбырдан кармап Айчүрөк,
Чындап сөзүн бек айтат:
– Бешикте жаткан жеринде,
Беш пеpиште дем салган.
Тилинде чыккан сөөлү бар,
Таңдайында мөөрү бар.
Көйкаптан келген жеңеңиз,
Алда таала кудурет,
Акун канга кабылткан,
Айчүрөк жеңеңди,
Пери ойногон жеринен,
Перинин кызы тууп кеткен.
Кайкынын сары белинен,
Айтылуу сулуу бейбакты,
Акун кан таап алыптыр.
Кудай берип салды – деп,
Калың тойду сойдуруп,
Элге тойду бердирип,
Калкынан бата алды эле.
Калкы туруп кеп айтат:
– Айчүрөк койсок – деп айтат.
Айтымынча коюшуп,
Калкынын баары тараптыр.
Эртеңки тийген күн жүздүү,
Кечинде тийген ай жүздүү,
Пери ургандай беттенген,
Көбүк кардай эттенген.
Алкымы айдай көрүнгөн,
Ар акылга даанышман,
Акылга зирек бейбагың,
Коболоң чачтуу, кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү.
Буруксуган бейбагың,
Күлүмсүрөп кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Жазы маңдай, аркар көз.
Жаркыраган бейбагың,
Жана сөзүн бул баштайт.
Алтымыш уруу тил билген,
Арабча окуган.
Айтылуу сулуу бейбагың:
-Кулагың салгын мага – деп,
Кеп айтайын сага – деп.
Алдыңдагы чунакка,
Ар акылдын маанисин,
Абдан айткын даанасын.
Эмчектеги эсерге,
Акыл-насаат үйрөтүп,
Бышыктыргын жетимди!
Абдан айтып сөзүңдү,
Угузгун абдан кебиңди.
Ырысын чунак жебесин,
Жет-Кайтты жерим дебесин.
Кылымдын баарын кыйраткан,
Кыязды атам дебесин.
Талас, Кең-Кол жерин айт!
Окшомдуу ногой элин айт!
Кара кыргыз калкын айт!
Түп атасын түрүп айт!

Түбүнөн бери койбой айт!
Келеңкер чачпак, кең соору,
Келиндери керме каш,
Келбеттүү жакшы журтун айт!
Кыргый сөөк кынжыйган,
Кылыктуу ногой калкын айт!
Кожо,молдо, эшенин,
Кошуп айт чечен зирегин!
Чоң атасы султанды,
Абдан айтчы Манасын.
Кабылан тууган Семетей,
Атакесин төрөгөн,
Алтын жатын энесин,
Абдан айтчы ошону.
Пайгамбар сындуу бабасын,
Балага айткын абасын.
Ант уруп кеткен какмарды,
Энемдин сүтү ургур,
Мекеде султан пир ургур,
Ант уруп кеткен чочкону,
Абдан айткын чорону.
Канчородой какмарды,
Какшатып жумшап жүргөндү,
Сасыган салбар чочкону,
Кусуру урсун энеңдин.
Кудай бардыр канчыкты,
Аман-эсен мен көрсөм,
Кантээр элем какшаалды?
Асыл энем байкушка,
Азаптуу күндү көрсөттү эле
Чачыкейдин маанисин,
Абдан айтчы даанасын.
Акыл айттым сага – деп,
Аманатың туулгуча,
Азабыңды тарттың – деп.
Аманат бердим сага – деп,
Арман кылба мага – деп.
Аманатың бердимби?
Айнегиңди алдынбы?
Тулпардан калган күлүстөн,
Туягыңды алдыңбы?
Атасын жеген алты айда,
Чунагыңды алдыңбы?
Найзага таккан күлүстөн,
Желегиңди алдыңбы?
Арстандан калган күлүстөн,
Белегиңди алдыңбы?
Чүрөктөн кабар болгуча,
Алты күнү бек карма!
Алтынчы күн өткөндө,
Жети күнү кармап жат,
Сегиз күнү кармап жат!
Торгойдой жетимге,
Тогуз күндө жетемин.
Акмак Кыяз чочконун,
Тооторудай күлүгүн,
Айдап келип берейин.
Бек агаргын бейбакка,
Коштошуп алып Күлчоро,
-Кош жеңетай, бат кел! – деп,
Өңөрүп алып баланы
Камандай болгон кайран эр,
Канкорунун барындай,
Кадимкидей сүйүндү.
Арстан бала кеп айтат:
– Айнегим кулак салгын – деп,
Кеп айтайын сага – деп.
Анда бала кеп айтат:
– Айланайын абаке,
Жаңкы Чүрөк эне – деп.
Эмне сөздү көп айтты,
Эл-журтум айт – деп айтат.
Атым башка белем да,
Калкым башка белем да.
Алда кандай сөз болду?
Абаке айтчы маанисин,
Байкатчы баары даанасын.
Баатыр аба айткын – деп,

Бала туруп айтканда,
Анда чоро кеп сүйлөйт:
– Айтайын чунак эми – деп,
Балалык кылбай байкап ук!
Жаштык кылбай жакшы ук!
Жет-Кайтты жерим дебегин,
Жедигер элим дебегин!
Талас, Кең-Кол жериң бар,
Кара кыргыз элиң бар.
Башынан ногой аталган,
Ногой эмес ойлосоң,
Окшомдуу кыргыз элиң бар.
Баатыр Манас чоң атаң,
Семетей канкор өз атаң.
Торгойдой жетим байкап ук!
Өз атаңды төрөгөн,
Каракан кызы Каныкей,
Касиеттүү чоң энең,
Пайгамбар сындуу бабаң бар.
Ант уруп кеткен канкору,
Сасыган салбар Чачыкей,
Тозокко салып койгондур.
Тон кийгизип энеңе,
Беш терини ийлетип,
Бейпайга салып койгондур.
Эки торпок кайтартып,
Эмгекке салып койгондур.
Салбардын жайын минтип ук!
Азапты минтип көргөнү,
Акмак чоро Кыяздан,
Арстаның атаң өлгөн – деп,
Азапты абаң көргөн – деп.
Айлантпай өчүң аларсың,
Анысын айтып нетейин!
Тогуз айгыр мингендир,
Карагул менен дос болуп,
Жолду тосуп калгандыр.
Камандай болгон калмагың,
Канетип алың жетет – деп,
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрдүм – деп,
Куу тумшук сенин дартыңдан,
Кулдардан эми өлдүм – деп.
– Ой абаке коркпо – деп,
Чекеге сени черттирсем,
Этегиңе чаптырсам,
Акмактарга урдурсам,
Акырет кеткен Манастын,
Алмамбет менен Чубактын,
Серек менен Сыргактын,
Азыр урсун арбагы.
-Болду, чунак, болду – деп,
Күн шашке болгондо,
Күлчоро байкап караса,
Тизгин колдо карышып,
Кулдар келет жарышып.
Карагул келет күүлөнүп,
Укуругу колунда,
Күлчорого сүйлөнүп:
– Кечетен бери акмак кул,
Бээ байлаган киши жок,
Бээни сааган киши жок.
Карагул менен мына бул,
Тогузунун иши жок.
Акмак кул саа кылбасам!
Кабырганды сөкпөсөм,
Каныңды суудай төкпөсөм.
Деп кулдарды көрүп Күлчоро,
Эми ыйлады эр чоро:
– Кантип алың жетет – деп,
Катыгүн чунак оңбо – деп.
Калмактын сөзүн көрдүңбү?
Кууранган жетим оңбогун!
Кулдардын жайын карачы!
Кантип жаным калсын – деп.
Капа болуп Күлчоро,
Байталдан чурап түштү эле.
Аягына чүрүшүп,

Отура калды бүрүшүп.
– Кокуй күн аба кантесиң?
Кемерге барып жаткын – деп.
Жорголоп чоро жатты эле
Суу жеп кеткен кемерге.
Баатырдын уулу жаш бала,
Бастырып барды кулдарга.
Салам айтты жаш бала,
Алик алды Карагул.
– Ай тогуз кул акелер,
Алыстан иниң мен келдим,
Амансыңбы акелер!
Акмак кулга күүлөнбө,
Кысталак кулга сүйлөнбө!
Ошонун,
Бир ашык канын бериңер!
Мындан кийин уруңар!
Бүгүн кулду бериңер,
Арача, баатыр,арача.
Арачалап турганда,
Айланайын айнегим,
Анда кулдар булкунат:
-Баарыбыз бала сеники,
Күлчоро кул меники.
Коё бер! – деп күүлөнүп,
Булкунуп калмак сүйлөнүп.
Ачуусу келип жаш бала,
Атасынан бабасы,
Шай колдогон жалгызың,
– Дини кара динсиз кул,
Дин билбеген пирсиз кул.
Кубарың куну жок эле,
Зайбыңдын өчү жок эле,
Байкоңур куну бар эле.
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Каныңдын куну бар эле,
Зайбыңдын өчү жок эле.
Кантээр экен деп айтса,
Калмактын күчүн карачы!
Балбан тууган бадырек,
Балбандын күчүн карачы!
Колундагы укурук,
Калмактан жулуп жаш бала,
Тизеге салып сындырды,
Кулдардын көөнүн тындырды.
Арстандын уулу жаш бала,
Айгырлардын үстүнөн,
Аңтара чапты баарысын.
Онун он жерге жыга чапты эле,
Болушуп жүргөн Бозбала,
Муну кошо чапты эле.
Кулдардын,
Эсебин кудай тапты эле.
Баатырдын уулу жалгызың,
Карсылдатып токмоктоп,
Кан жөткүрттү кулдарды.
– Колуңдан келет кулдар – деп,
Кана Күлчоро урчу – деп.
Кулдар,
Күчүң болсо кырчы! – деп.
Кемерде жаткан күлүстөн,
– Ай жаркын абам келдиби?
Алда таала бердиби?
Эр Семетей падышам,
Эми жолдош болдубу?
Ошондо чуркап Күлчоро,
Карагул көздөй бет алып,
Кайран эр басып калды эле.
– Амансыңбы падышам,
Ай Карагул арстаным,
Ай тогуз кул акелер,
Карагул абам баш болуп,
Амансыңбы акелер!
Басып келди арбактап,
Эр Күлчоро дарбактап.
Кара олпок кийген калмакты,
Оң колунда дарман жок,
Оё кесип салышып,

Сол колу менен Күлчоро,
Кара олпоктон кармады.
Түйүнчөктөй бул кулду,
Касиеттүү Күлчоро:
– Кетирбей кегим алайын,
Эр болсоң калмак өлтүрчү!
Эми сенден алайын,
Камтый кармап калмакты,
Калдайтып жерге салды эле.
Арстан трууган күлүстөн,
Чалкасынан басты эле.
Өлтүрүп көрчү мени – деп,
Сийе элек болсоң падышам,
Сийгизейин сени – деп.
Аттан түшө тепти эле,
Чоң чокой менен кайран эр.
Чердейген ичке беш тепти,
Оозунан канын келтирди.
Оң жагына бир коюп,
Сол жагына бир коюп,
Соройтуп башын калмакты,
Эрмек кылып Күлчоро.
Мурутун булкуп ыргытты,
Оозунан тишин кыйратты.
Чач, кирпигин жулду эле,
Жылма жигит кылды эле.
Желип-желип койду эле,
Ийрип койсо тизесин,
Оозунан кетти кара кан.
Көрсөттү белем калмакка,
Көтүнөн кетти сары зил.
– Канча урдуң мени – деп,
Эмне күндү көрсөттүң.
Эми өлтүрүп этейин,
Как өзүңдөй кылбасам!
Канчорону көрсөтүп,
Сени азапка салып койбосом.
Бул жорук саа чала – деп,
Көөсөр калмак коё тур,
Көрсөтөмүн дагы көп.
Өйдө тур, калмак, өйдө тур!
Баланы байкап караса,
Тогуз кулун токмоктоп:
– Атаңдын көрү сени – деп,
Күлчорону ургун – деп.
Кырамын кулдар сени – деп,
Бала Сейтек канетсин?
Барсылдатып баарысын,
Башы-көзүн жара чаап,
Кудуреттин буйругу,
Баатырдын уулу келгенде,
Кабылан тууган Күлчоро,
Кайратына келди эле.
– Бери келчи айланайын,
Кең-Колдон алып көчүмдү,
Кереттүү бурук кул,
Эми алайын өчүмдү.
Таластан алдың сартымды,
Кезекти кудай келтирип,
Эми алайын өчүмдү,
Кандайсың калмак эми – деп,
Жаак-башка койгулап,
Оозунда тишин талкалап,
Алсыратып калмакты,
Арманы чыкты чоронун.
– Атаңдын көрү сени – деп,
Көрсөтө элек көп – деди.
Тура тур калмак шашпагын!
Жалгызымды көрсөткөн,
Жаратканга ыраазы.
Айнегимди көрсөткөн,
Арбактарга ыраазы.
Арманым чыкты, болду – деп
Чоңсунбайын чочкого,
Балага кысыр болор – деп,
Айланайын айнегим,
Буларды,
Эмне кылсаң өзүң бил!

Болушуп жүргөн Бозбала,
Чоң атаң Манас баатырдын,
Карындашы Карлыгач,
Чыйырдыдан туулган.
Бу да сенин тукумуң.
Акмактарга урдурба!
Болушуп жүргөн Бозбала,
Акыреттик дос бала.
Азаптуу күндү көрсөтпөй,
Алып калган жанымды.
Болбосо калмак соймок – деп,
Каныма канча тоймок – деп,
Балалык менен байкабай,
Белгилүү мыкты жээниңди,
Бекер чаап коюпсуң.
– Койчу абаке кокуй күн,
Арам кыял калмакты,
Азап көрүп жүргөндө,
Тогуз кулдан токмок жеп,
Отун алып, суу куюп,
Тозок көрүп жүргөндө,
Акылыңдан адашпа!
Коркок болуп калыпсың,
Талас, Кең-Кол тыякта,
Окшомдуу ногой көп журтуң,
Кара кыргыз калкыңды,
Бакайды кошуп айтканча,
Касиеттүү калың журт,
Кары-жашын айткыча,
Досуңду айтсаң болбойбу!
Көп айтпаса билбеген,
Көөсөр абам экенсиң.
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрбөйт  – деп,
Жаңгыз жээним Боз бала,
Бир чапкандан өлбөйт – деп.
Кабыргасы абаке,
Капшытынан сөгүлөр.
Санаттуу бала чапканда,
Сааты жерге төгүлөр.
Эчтеңке болбойт бала – деп,
Бертине элек мен жетим,
Берендин уулу чапкандан,
Санаттуу жетим урганда,
Сааты чыгар жетимдин.
Капа болбо аба! – деп,
Карсылдап күлүп кайран эр!
Ак болоттун мукулу,
Асыл Манас падыша,
Таякеси тукуму.
Мен да ушуну көрсөм – деп,
Буркурап ыйлап кудайга,
Мунажат кылып жүрөмүн.
Арбак менен алдага,
Мен ыраазы эми – деп,
Кетирбей кекти алалык.
– Асмандан учкан чаңсыңбы?
Айнегиңди көрдүңбү?
Кана баатыр Күлчоро,
Убадаңда барсыңбы?
Кара кыргыз калкыңа,
Кайгы көрүп жүргөндө,
Кан көтөрөм дегенсиң.
Айтышкан сөздө барсыңбы?
Кана айтчы баатыр алдыңкы,
Айнегиңдин алдында.
– Атаганат Боз бала,
Ырысыңды жейсиңби?
Эрмегин көрүп чоронун,
Сени эсинен чыгарып,
Эсирип калды дейсиңби?
Кара кыргыз калкыма,
Ала барам өзүңдү.
Күнөөкөр болбойм кудайга,
Антка-шертке учурап,
Акмак болбойм сага – деп,
Убадамда бармын – деп,
Аман болсо көрөрсүң,

Азыр айтып нетели?
Жылкыга бачым баргын – деп,
Үч жылдан бери туу эле.
Баласын Манас колдосо,
Кубат берсе кудайым,
Алмамбет менен Чубакты,
Акырет кеткен Манастын,
Арбагына чалайын,
Бачым барып камдап тур!
Бозбаланы чаптырып,
Жылкыны көздөй желдирип,
Келишимдүү кер айгыр,
Атырылтып туюлтуп,
Жылкыны көздөй жүрдү эле.
Баатырдын уулу эр Сейтек,
Көк байталды агытып,
Тору айгырды минди эле.
Торгойдой болгон жаш бала,
Барсылдатып токмоктоп,
Канкордун уулу жалгызың,
Кан султандын тукуму,
Карагулду баш кылып,
Барсылдаты токмоктоп:
– Он эки аркан отунду,
Солк эттирбей Күлчоро,
Сол ийнине көтөрүп,
Ушу чоку башына,
Тынбай алып баруучу.
Карагулдун кара олпок,
Кан абасын салдырып,
Карсылдатып токмоктоп,
Кан жөткүртүп кулдарды,
Көтөртүп барды абасын.
Бозбала кадап боз бээни,
Тору айгырдан түштү эле.
Торгойдой болгон жаш бала,
Тогуз кулду чакырып,
Тогуз чака суу куюп:
– Бирууртам койсоң өлөсүң,
Калмак кулуң баш болуп.
Бачым ичкин кулдар – деп,
Баатырдын уулу жаш бала,
Азапка салып жаш бала,
Акмактар чыкты жарыша,
Эшикке чыгып алышып,
Курсагын күнгөактшып,
Күбүрөшүп сүйлөшүп:
– Эр Кыяздын уулу – деп,
Бекер айтып салыппыз.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түптүү канкор тукуму,
Алган сайын өөрчүгөн,
Өткүр Манас тукуму,
Бул канкордун уулу турбайбы.
Камандай болгон Күлчоро,
Өкүрүп келген турбайбы,
Кудай урган турбайбы.
Эми арга не болот? – деп,
Күбүрөшүп турганда,
Карагулдун камчысын,
Кабылан бала алды эле.
Барсылдатып токмоктоп,
Баарын кууп келди эле.
Анда чоро кеп айтат:
– Койгун, чунак, койгун – деп,
Кесир болор – деп айтып,
Көрбөгөндү көрсөм – деп,
Так ушинтип жүрүп өлсөм – деп.
Өз убалы өзүнө,
Текебер болсо, боо болсун,
Кесир болсо, боо болсун.
Урдурбай койду Күлчоро,
Баарысы чыкты эшикке.
Эр Күлчоро баштады,
Жазайылын салынып,
Жаратканга жалынып,
Акырет кеткен Манастын,
Алмамбет менен Чубактын,

Серек менен Сыргактын,
Мекеде султан Айкожо,
Кайып уулу кырк чилтен,
Арбактарга сыйынып.
– Жараткан кудай колдо! – деп,
Баабединге чалдырып!
«Балаңды Манас колдо!» – деп,
Ак боз бээни мууздатып,
Кайта басты Күлчоро.
Кабылан тууган эр Сейтек,
Кан султандын тукуму,
Бер жагында жетөөнү,
Жети кулду чакырып,
Токмоктотуп койду эле.

## КҮЛЧОРО, СЕЙТЕК ЖАНА АЙЧҮРӨКТҮН СЕМЕТЕЙДИН ДОСУ КЫЗЫЛ САРТКА КЕЗИГИШКЕНИ

Карагулду чакырып,
Карсылдатып токмоктоп,
– Казан аскын чочко- – деп,
Кан султандын тукуму,
Кабылан Сейтек жетимиң,
– Арстан ага чечин! – деп,
Казыдан кесип алды эле.
Эр Күлчоро чечинсе,
Эси чыкты баланын.
Тамам тозок көрүптүр,
Чегедек өйкөп далысын,
Далы артынан оюлуп,
Табактын оозундай жери оюлуп,
Тарамышы кармап туруптур.
– Кагылайын аба! – деп,
Канетип киши болосуң?
Казыдан эритип жарага,
Терисине ороду.
Алты күндөй болгондо,
Арстандын уулу караса,
Айыкмак турсун күчөптүр.
Берендин уулу жалгызың:
– Мен бул жерге турбайм – деп,
Абакемдин достусу,
Бозбала жылкы чогулт – деп.
Арстан тууган абамдын,
Далысына дары издейм.
Келишимдүү абамдын,
Кечирине дары издейм
Кең жолдун боюн тозом – деп,
Жаккан отун өчүрүп,
Жолум үйдү көчүрүп,
Бала турду буркурап.
Жылкысын көрүп жалгыздын,
Ыйлап турду буркурап,
Күлчоросу зыркырап,
Жолдо турду чуркурап.
Касиеттүү Карткүрөң,
Балага келип болоктоп,
Адамдан бетер айбаны,
Аттары ыйлап турган соң,
Адамзат пенде чыдайбы?
Аяттан куран окунуп,
Карткүрөңдү токунуп,
– Бала Сейтек мингин – деп,
Баатыр бала күлүстөн,
Асылым жалгыз мингин – деп.
Арстандын улун мигизип,
Тору айгырды токутуп,
Жолум үйдү чечтирип,
Томуктай болгон жалгызың,
Топтотуп жылкы айдатып.
Бозбаланы чакырып,
Кайра тартып жаш бала,
Карсылдатып кулдарды,
Каарданып күүлөнүп,

Карагулду чакырып,
Чоң сабаны көтөртүп,
Карс дедире бир салып,
Алты бээнин терисин,
Алптын жайын карачы!
Аябай кылган чоң саба,
Төкпөй-чачпай көтөрүп,
Бир жагында тогуз кул,
Жолум үйдү көтөрүп.
Жолборстой болгон кулдарга,
Жоболоңдуу куу жетим,
Казан аяк көтөртүп.
Төшөк, жууркан, көлдөлөң,
Төрөндүн уулу көтөрүп,
Жаркыраган жетимиң,
Улуу жолдун боюна,
Акырын тушап келди эле.
Жолум үйдү көтөртүп,
Ак сары бээни байлатып.
Күрөң ат менен жаш бала,
Эртесинде болгондо,
Жер арытып, жол чалып,
Кербенди тосуп турду эле.
Кербен жолун тозгондо,
Буруп жолду караса,
Жерге тартып кең келет,
Жээк тартып тең келет.
– Калың кол келет былкылдап,
Кайда аттанган кол – деди.
Канкордун уулу эр Сейтек,
Карап турду бул колду.
Келбеттүү бала байкаса,
Кербенчи десе колу бар,
Аскер келет артында.
Куу найза колдо койкоюп,
Көк кепич бутта чойкоюп.
Сырбараң мылтык ийнинде,
Кылычы келет кыңгырап,
Чолок чопкут тон кийген.
Кызыл сарт келет зыңгырап.
Укурук моюн узун сарт,
Кызга окшомдуу кызыл сарт.
Сумсайыңкы сулуу сарт,
Алдына жакын келди эле,
Аркан бою бута атым,
Баатырдын уулу жаш бала,
Аркан бою келгенде,
Салам айтты сарттарга,
Алик алды кызыл сарт.
Анда Сейтек кеп айтат:
– Кайдан келе жатасың?
Кайда бара жатасың?
Аскери арбын көрүнөт,
Кайсы шаарды бет алып,
Айтчы сартым чыныңды?
Кыргын салам сага – деп,
Бачым айткын мага – деп.
Көрсөтөмүн сага – деп,
Арстандын уулу айтканда,
Анда сартың кеп айтат.
– Жайымды сурап нетесиң?
Жөнүмү сурап нетесиң?
Эрдемсибе чырагым,
Өзүңүн жайың ким болот?
Же Семетейдин жээнисиң,
Же Семетейдин тайысың.
Же кайнардын кара көзүсүң.
Же как чынардын өзүсүң,
Же,
Тулпардан калган туяксың.
Айчүрөктүн ичинде,
Же аманаттын өзүсүң.
Акырет кеткен досума,
Эткен окшош бала элең,
Кайдан келген жан эле.
Менин жайым сурасаң,
Баатыр Манас сарты элем.
Манастын өзү өткөндө,

Аңгемелүү кеп уктум.
Аяш энем сүт ургур,
Мекеде султан пир ургур,
Ак пайгамбар дин урсун.
Каныкейдин сүтү ургур,
Жет-Кайттагы жедигер,
Кыязга кандык берди – деп,
Так ушундай сөз угуп,
Он миллион кол алып,
Окшомдуу Кыяз келди – деп,
Манастын уулу Семетей,
Баатыр досу өлдү дейт.
Кысталак Канчоро,
Кыязга кирип кетти дейт.
Окшомдуу аяш Айчүрөк,
Ойротту бузган Күлчоро
Ошол эки байкушту,
Олжого кетти деп угуп,
Аяш атаң мен болбо!
Алты ай перзент курсакта,
Айчүрөктүн ичинде,
Аманат чунак сен болбо!
Эр Кызыл сарт кеп айтты.
Так ошондой сөз айтты.
Баатыр сартың айтканда,
Бала түштү айбандан.
Атынан чурап түштү эле.
Чылбыр салып мойнуна,
Чындап ыйлап жаш бала,
Кызыл сартка келди эле.
– Атакемдин достусу,
Аяш ата аманбы?
Акыреттик досуңдун,
Аяшыңдын ичинде,
Аманат калган мен болом.
Арстандын уулу менминби,
Аяш атам сенсиңби?
Атым тартуу баатыр – деп,
Азыраак тилим тийди – деп.
Аяш атам аманбы?
Кызыл сарт алып жүгүрдү,
Көрүшүп калды арстаның.
– Амансыңбы чырагым,
Асылдан калган туягым.
Тулпардан калган туягым,
Туйгунум,
Досумдан калаган чырагым.
Бооруна кысып баланы,
Боздоду байкуш кызыл сарт.
Кызыл сарт ыйлап буркурап:
– Арстаның атаң барында,
Камандай болгон кайран эр.
Күмүрөй салуучу душманг,
Күлчоро абаң барбы? – деп.
– Абамдын көргөн күнү курусун,
Арстандун уулу кеп айтат:
– Ичкен суусу курусун,
Оң кечири оюлган.
Далы ортосу жоюлган,
Отун үйлөп союлган.
Эчен түрлүү тозокту,
Калмактан калган Карагул,
Отунга салып кыйнаптыр.
Отун алып, от жагып,
Азаптуу күндү көп көрүп,
Эки күндөн эс алып,
Баш көтөртпөй токмоктоп,
Эти калган көк жашык,
Каны калган бир кашык.
Кайгы күндү көп көргөн,
Кабылан жатат төшөктө.
Айла сенден болбосо,
Аргасы кеткен абаңдын.
Кызыл сарт үнү чыкканда:
– Эшикке мени чыгар – деп,
Карагулду чакырды.
Карагул эшик ачты эле,
Кайран чоро чыкты эле,

Кызыл сарт көрө койду эле.
-Кабылан абам тиги – деп,
Канкордун уулу айтты эле.
Кара тон менен Күлчоро,
Чоң чокою бутунда,
Кара шымы көчүктө.
Кийиз курун курчантып,
Кара тон менен сумсайып,
Кайран эр басып калды эле.
Кызыл сарт келет дарбактап,
Анда-мында аңыртып.
Арстан тууган Күлчоро,
Кучакташып калды эле:
Камандай болгон кайран эр,
Эр Кызыл сарт кеп айтат:
– Сен да ушундай болдуңбу?
Ушу күндү көрдүңбү?
Кете тон кийген кайран эр,
Кементай кийип куурапсың.
Баатыр досум барында,
Бадана кийбес кайран эр,
Кара тон кийип куурапсың.
Башта келген заманбы?
Баатыр чоро аманбы!
Айчүрөк аяш барбы? – деп,
Айнегимди төрөгөн.
– Кабылан абам өткөндө,
Кайгы күндү көрдүк – деп.
Эр Кызыл сарт баатыр – деп.
Эмнени айтасың,
Биздин, кайсы арманды сурайсың.
Армандын жайын мен айтсам,
Ат көтөрүп тура албайт.
Көтөрбөгүн бул сөздү,
Өчпөстүн отун жакканбы?
Атаа,
Каргадай болгон айнегим,
Алты ай калды курсакта.
Ушунун,
Азабын тартып жүргөнбүз.
Кайсы акылды сурайсың,
Менин оң кечирим ойгон – деп,
Дал ортомду сойгон – деп.
Канчоро берген олжого,
Айчүрөк менен мени – деп,
Аман көрдүм сени – деп.
Көрбөгөнүм көр болду,
Жебегеним бок болду,
Кылбаган ишим жок болду.
Кыйноого салды кулдар – деп,
Канетип адам боломун,
Жарамды көрчү баатыр – деп,
Жана чоро айтканы.
– Баабединди чалалык,
Баатыр,
Кудайга наалыш кылалык.
Эр Кызыл сарт, Күлчоро,
Ээрчип басып калды эле.
Эр Күлчоро кеп айтат:
– Баатыр Сейтек жаш бала,
Жылкыны жыйган – деп айтат.
Турчу баатыр бери – деп,
Эр Бозбала аттанып,
Өзүнүн малын чогултуп,
Сур жылкыны жыйды эле.
Сумсайып сарттар турду эле,
Сур бээни кармап келди эле.
Минилбеген эзелтен,
Кур бээни кармап келди эле.
Укурук салып мойнуна,
Кудайга наалыш кылды эле.
Жаасын окуп молдо сарт,
Сарттын баары буркурап,
Жана бата кылды эле.
Акырет кеткен Манастын,
Жаратканга жалынып,
Арбагына чалды эле.
Наалыш кылып кудайга,

Карагулду чакырып,
Тогуз кулга сойдуруп,
– Карагул, казан аскын – деп,
Бери кел, баатыр, бери кел! – деп,
Эр Кызыл сарт, он кожо,
Күлүстөңдү чакырып,
Чечиндирди баатырды.
Кабылан төрө чечинди,
Сарттын баары күжүлдөп:
– Атаганат кайран эр,
Канетип тирүү жүрдү? – деп,
Сарттын баары таң калып.
Отун өйкөп далысын,
Табактын,
Оозундай жери оюлуп,
Тарамышы кармап калыптыр.
Койчу ошо сарт келбесе,
Колу түшмөк болуптур.
Аюу деген ак дары,
Кырма кызыл дарыны,
Кайнатма кара дарыны,
Ак дарыны алышып,
Арбын септи жарага.
Ичинен өлчөп берди эле,
Алда таала билбесе,
Жанында турган киши жок.
Алты күндө караса,
Кечири өсүп калыптыр,
Эптеп жара бүтүптүр.
Була көйнөк, суп дамбал,
Муну кийди Күлчоро.
Бешмант, тон кийип белсенип,
Пери ургандай теңселип,
Кырым маасы зайпана,
Буладан кылган чоң чулгоо,
Бутуна чалып Күлчоро,
Суусар бөрктү кийди эле.
Кызыл өңүн сур чалып,
Анжыян жоолук курчанып,
Бали ыракмат күлүстөн,
Байбачадай болду эле.
Баатырдын уулу чакырып:
– Айланайын айнегим,
Акыры сени көрсөткөн,
Айлансам болот кудайга.
Колумдун күчүн көрөйүн,
Толук жааны тартам – деп,
Жети катар кетмен кой,
Жаа менен атам – деп,
Баатырдын уулу эр Сейтек,
«Атып көр аба баатыр»деп,
Жети катар кетменди,
Үч бута атым алпарып,
Бута коюп берди эле.
Жаанын огу зыркырап,
Төрт кетмен кетти баркырап,
Үч кетменге жетпеди.
Алда жалган дүнүйө ай,
Үч жылдык күчүм кетиптир.
Жана дары ичти эле,
Тышынан арбын сүйкөтүп.
Эр Күлчоро турчубу?
Жана жааны алды эле,
Кол каруусун көрмөккө,
Жааны чойду эрмекке.
Жаа ийилип качырап,
Ачуусу келип сурданып,
Тартып ийди күлүстөн.
Талкалады кетменди,
Жети катар кетменден,
Жаанын огу жукпады.
Жети кулач ар жактан,
Жерге кирип кетти эле.
Кубат берсе кудайым,
Текебер болуп кетпесе,
Теги олуя колдосо,
Тилекти кудай берет – деп,
Карсылдады кайран эр.

Ар акылга даанышман,
Азапты андан арылткан.
Акылга мол түгөнгүр:
– Айчүрөк качан келет? – деп,
Карагулду чакырды.
– Калмагым бери келчи? – деп,
Тогуз кулду чакырды.
Токмоктогун баатырлар,
Баарыңар келгин! – деп айтып.
Эр Күлчоро чакырды.
Кызыл сарттын ак баки,
Болоттон соккон зор баки.
Кере карыш чоң баки,
Кырка баарын Күлчоро,
Олтургузуп койду эле.
– Кыймылдаба, былк этпе!
Карагулга келди эле
Оң кечирин баарысын,
Оёо-оёо кести эле.
Бир колу менен койду эле,
Кызматка салып баарысын,
Кыйнап жумуш кылдырып,
Канкорунун барындай,
Кайратына келди эле.
– Акыл ашса пайда – деп,
Азаптуу күндү көрсөткөн,
Акмак Кыяз кайда? – деп.
Жез канаттуу түгөнгүр,
Жеңем качан келет? – деп,
Баатыр жүрдү сурданып.
Кайраттанып кайран эр,
Эр Кыязды самаса,
Желке чачы суюлуп,
Жаагынан сары түк чыгып,
Ачуусу келди сурданып.
Араң жүрдү Күлчоро,
Баатырдын уулу жаш бала:
– Кабылан абам күлүстөн,
Кадимкидей болду – деп,
Капа болбой калды – деп,
Эмчегин эстеп баркырап,
Эми ыйлады заркырап:
– Ай жаркын аба күлүстөн,
Айланайын аба – деп.
Менин,
Энекем качан келет? – деп.
Эмчегин эстеп куу жетим,
Аш-тамаккка чунагың,
Алымсынбай бул жүрдү.
Убара кылып абасын,
Ушалады куу жетим.
Балдарды мындай таштай тур!
Баякы Чүрөк жеңеңден,
Эр Кыяздан кабар ал!
Болумдуу Чүрөк жеңеңдин,
Болжолу бүгүн – деп ойлоп,
Болумдуу Кыяз келиптир.
Апкөй тилдүү жеңеңиз,
Акылга мол түгөнгүр,
Акмак кылат Кыязды.
Ирмегени билинбей,
Таманы жерге илинбей,
Коногуна кой союп,
Коноктоду Кыязды.
Апкөй тилдүү бейбагың,
Акмак кылып Кыязды,
Шамаласын жандырып,
Сырын бербей бейбагың,
Азыраак өлчөп берди эле.
Кулады жерге мас болуп
Кубулжуган бейбагың,
Анда туруп кеп айтты.
Сөзү ширин түгөнгүр,
Ал кепти айтып соолутуп,
Акмак кылып жөөлүтүп,
Капакөй, бейбак сыйкырчы,
Көзүн байлап бейбагың,
Акылды айтып кубантып,

Ширин сөзүн угузуп:
– Баатыр Кыяз – деп айтат,
Ар кайсыны бек айтат.
Акмак кылып Кыязды,
Санатта жок иш кылып,
Тоодой Кыяз зомпоюп,
Төшөктө жатты зулкуюп.
Жеңең Чүрөк чойкоюп,
Акмак кылды Кыязды.
Айчүрөк кебин кийгизип,
Шайтанды берип койнуна,
Санатта жок иш кылып,
Ак куу болуп зымырап,
Түндөгү түн түгөнгүр,
Таң тыяктан атканда,
Эр Кыязга эркелеп,
Ордунан турду Айчүрөк.
– Даарат алгын баатыр – деп,
Эр Кыязды кийинтип,
Акылын айтып жеңеңиз,
Аш-тамагын берди эле.
Алтын какак испиртти,
Сыр кесеге куйду эле,
Сумсайып сунуп турду эле.
– Баарысын берчи Чүрөк – деп,
Бул не эткен ширин даамың – деп,
Ошондо эстейт эр Кыяз:
– Ай, Айчүрөк долум – деп.
Менин айнегим Сейтек
кайда? – деп.
Жаркыным Сейтек кайда? – деп,
Балам кайда кетти? – деп.
Баатыр Кыяз айтканда,
Анда Чүрөк кеп айтат:
– Балаң менен куруп кал!
Кагынып кеткен уулуңду!
Карагулуң баш болуп,
Жылкыга алып кеткен – деп.
Ээликтирип ээрчитип,
Бүгүн сегиз күн болду,
Эмчегимди сүт тепти,
Ийниме сүтүм чыкты – деп,
Ашкере Чүрөк айтканда:
– Атыңдын күчүн бер – деди.
– Тооторуну канетип аяйын,
Чүрөк,
Эрте барып, жадал кел!
Тооторуну токуду,
Жаркыраган жеңеңиз,
Арбактарга сыйынып,
Ак куржунду бейбагың,
Ала чыкты эшикке.
Арта салды бууданга.
Анда Кыяз кеп айтат:
– Бул эмне Чүрөк? – деп айтат.
– Кокуй Кыяз койчу! – деп,
Чоюлган жеңең сөз айтат.
Жылкыга кеткен уулуңду,
Кантип куру алып келемин.
Карагулуң баш болуп,
Тогуз кулдун тону бар.
Ушу жолдо зайбыңдын,
Алып барып берчү жолу бар.
– Айталбай турам сөзүмдү,
Акылыңа ыраазы.
Койчу Кыяз кайран эр,
Кошомат кылып аткарды.
Тоотору күлүк кишенейт:
-Катынга атын алдаткан,
Кан ээм Кыяз аман бол!
Жөөткө атын алдаткан,
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрдүң – деп,
Эми ээм өлдүң – деп.
Көрүнбөйсүң мага – деп,
Акмак кылды Айчүрөк,
Алат күн ээм эсиң жок.
– Акмак Чүрөк тура тур!

Тоотору күлүк не деди.
Чочко канчык тура тур!
Акмак болду эр Кыяз,
Ат-тонунан ажырап,
Сыймыгы качты бул Кыяз.
Анда Чүрөк кеп айтат:
– Тооторуң менен жерге кир!
Тооторуң менен көргө кир!
Алдымдан буудан кармады,
Жакуттан соккон чач мончок,
Башка-көзгө койгулап,
Апкөй тилдүү бейбагың,
Унчуктурбай бууданын,
Сыйкырдын күчүн карачы!
Дубакөй бейбак долу күң,
Тилин байлай салды эле.
Күңгүрөнүп Тоотору,
Тил айта албай калды эле.
– Тооторуң менен жерге кир!
Айбанатка ишенген,
Акылсыз Кыяз экенсиң.
Эртең келебиз – деп айтат.
Тоотορум келбейт дебегин,
Катыным келбейт дебегин,
Камсанаба падышам.
Ээлигип жүрө берди эле,
Боз олпок менен болкоюп,
Алдатып ийип ат-тонун,
Апкөй тилдүү бейбакка,
Боз-Дөңгөлдүн башына,
Олтуруп калды зулкуюп.
Ал аңгыча болбоду,
Арам өлгөн Тоотору:
-Канчык сага кылбасам – деп,
Ичинен күлүк ойлонуп,
Талпагың ташка жайбасам,
Бейбак сага кылбасам!
Билектей болгон зор ооздук,
Катыра тиштеп алды эле.
Анда-мында шилтетип,
Апкөй тилдүү жеңеңиз,
Арабча тил окуп,
Аягын байлай салды эле.
Ал аңгыча түгөнгүр,
Ак-Кыяны эңкейип,
Аскерди көрүп алды эле.
Кызыл сарттын чоң чатыр,
Берки четке тарттырып,
Муну тигип салыптыр.
Көчө-көчө көп чатыр,
Айчүрөк жеңең байкаса,
Аскердин арбын чатыры,
Кызыл сартты көдү эле.
Даарат алган жеринде,
«Кызыл сарт аяш экен» – деп,
Кылкыйып жеңең келди эле.
Баатырыңдын баласын,
Көтөрүп жүрөт абасы.
Баатыр уулу баркырап,
Басылбайт куу жетим,
Ыйлап жүрөт заркырап.
– Энекең келе жатат – деп,
Көтөрүп туруп чунакты,
Көрсөттү баатыр Чүрөктү.
Түшүрүп жерге койгондо,
Энесин көрүп эрбеңдеп,
Баласы келет сербеңдеп.
Баягы Чүрөк канетсин,
– Карааныңдан жалгыз – деп,
Тоотορудай күлүктөң,
Акырын түшө калды эле.
Буудай өңдүү, ак жүздүү,
Жоруксуган бейбагың,
Муңканып ыйлап болукшуп,
Кучактай калып баласын:
– Эсенсиңби айнек! – деп,
Жерден камтый алды эле.
Бооруна кысып бойпоюп,

Тооторуну жетелеп,
Буладай болгон ак эмчек,
Муну салып оозуна,
Алымсынып куу жетим,
Калган экен куу жетим.
Бек сагынган ак сүтүн,
Абдан уйку кансын – деп,
Айчүрөк жеңең ошондо,
Ат жетелеп басты эле.
Кызыл сарт менен Күлчоро,
Жанаша басты жарышып.
Эр Кызыл сарт арбактап,
Басып калды дарбактап.
Айчүрөк менен Кызыл срт,
Алдага үнү угулуп,
Кучакташып көрүшүп,
Жаш баладай өбүшүп:
– Аяшым асыл аманбы?
Сен да ушундай болдуңбу?
Аманат бала калды – деп,
Азабын тартып жүрдүңбү?
Асыл аяш ыйлаба,
Бейбактын жанын кыйнаба.
Айтып-айтпай пайда жок,
Армансыз дүйнө кайда жок.
– Тагдыр жетип күн бүтсө,
Досуңуздай болуучу,
Ажалдуу пенде өлүүчү.
Аркасында калганы,
Азабын минтип көрүүчү.
Кылымдан ашкан Кыязды,
Акмакты кексиз кылдым – деп,
Алты жыл, алты ай азапты,
Ашкере көрдү тозокту.
Аманатты көрдү – деп,
Ошо күндөн ушу күн,
Тозоктуу күндү көрдү – деп.
Ошо күндөн ушу күн,
Ушу убакка келдик – деп,
Кичине, жарыкчылык көрдүк – деп.
Баабединди союшуп,
Кызыл сартты чакырып,
Энчи бөлүп бермекке,
Чыйырчыктай сары ала,
Чыбык куйрук кара ала,
Баары өңчөй жаныбар,
Башайыдай сары ала.
Кубат берсе кудайым,
Жеңеңден жебе убайым.
Акмак кылып Кыязды,
Бир айла кылып келермин.
Кийинчи чоро зоотуңду,
Ак куржунду алды эле.
Кызыл сарты баш болуп,
Аскердин баары таң болуп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ак куржунду ачты эле
Акылга мол Каныкей,
Жасаткан экен чорого.
Келиштирип келтирген,
Бөлөкбай уста баш болуп,
Алты устаны узаткан.
Белдемчи деген себилин,
Беш кадамал темирин,
Белине кынай чойдурган.
Өзү мыкты балдарга,
Атышып жоого бет алса,
«Өпкөгө зыр тиет» деп,
Кемер кулдун алдына,
Туура болот койдурган.
Колтукка койгон темирин,
Кош кабырга себилин,
Эмчегине кынай койдурган.
Чүрөккө мылтык тиет – деп,
Акылдуу бейбак Каныкей,
Ак була чопкут алдына,
Туура болот койдурган.
Туулга деген себилди,

Тулку аяктай темирди,
Башка кынай чойдурган.
Башка айбалта тиет  – деп,
Кундуз бөрктүн астына,
Кубулжутуп Каныкей,
Туура болот койдурган.
Замбирек огун тосор- деп,
Өпкөгө зобун кетер деп,
Ок сокмогу өтө  – деп,
Жан кыйналып жаш балдар,
Кыянат көздөй кетер – деп,
Алып салып ногойго,
Алты атанды комдотуп,
Анжыян Кашкар ак була,
Алыскы шаардан алдырган.
Бөлөкбайды чакырып,
Огуну буттап алдыыртып,
Эгендиден эгеткен,
Жең жакасын теңеткен.
Сары тиш болгон катындан,
Акылдууну жыйдырып,
Бир катары шайыдан,
Буруп келип койдурган.
Бир катары буладан,
Бир катары жибектен,
Толкундан чыккан кызыл кум,
Торко электен элетип,
Кыябы менен Каныкей,
Кызыл кумдан септирген.
Булгаары менен чаптаткан,
Бурамалап чаптаткан,
Таш желимдеп чаптатып,
Бейдана менен каптаткан.
Бараңдын огу батпаган,
Замбирек огу жадаган.
Атышып жоого бет алса,
Найза сайса өтпөгөн.
Алдадан ажал келбесе,
Адамдын алы жетпеген.
Калкам жака кынама,
Туура темир бурама.
Туш-тушуна кынама,
Мактанчылык сөз эмес,
Байкап карап турмака,
Баатырдын зоотун сураба!
Алтымыш жерден бурама,
Баары ошондой кынама.
Күлүстөн,
Олпоктун баарын кийди эле,
Күмүш кемер курчанып,
Күндөй бети нур чалып.
Баатырынын барындай,
Кабылан, жолборс кайран эр,
Кадимкидей болду эле.
Кармаса колго билинбейт,
Караса көзгө илинбейт.
Манастан калган нар кескен,
Шилтеп ийсе билинбейт,
Тийген жери илинбейт.
Камандай чоро жарашты,
Баарын бирдей салынды.
Камынып коюп Айчүрөк,
Боз жоргону минди эле.
– Армансыз болгун чоро – деп,
Акмак Кыяз келет – деп,
Чоң үйүн көздөй жөнөдү.
Эми күлүстөндөн кабар ал:
– Тооторуну жетелеп,
Баатыр абам барындай,
Калыбына келгенсип,
Азабын тарткан айнегим,
Ат кылып минип жүрөбү?
Кантип өзүм минейин,
Арбак уруп кетпейби!
Баатырымдын мен шордуу,
Баласына мингизем.
Айнегим жалгыз бери кел – деп,
Атыңды минип көргүң – деп,

Басыгын көргүн бастырып.
Бала Сейтек мингенде,
Куп жараштуы болпоюп,
Атасы арстан кабылан,
Семетейдей золкоюп.
Ырымдап атка мингизип,
Баланы кайра түшүрүп,
Камандай болгон Күлчоро,
Адырга салып тердетип,
Аркыратып күлүктү,
Намаз шам менен келди эле.
Тооторуну жайдактап,
Мамыга байлап салды эле.
Боз баланы чакырып,
Жаракты берип жанына,
Кайтартып коюп күлүстөн,
Карагулду чакырып,
Тогуз кулду айдатып,
Бутуна кишен салдырып,
Аскер башы кара сарт,
Кара сакал балбан сарт.
Ошончо журтка далдал сарт.
Тогуз кулду кишендеп,
Карагул менен он болду,
Кайтартып койду Күлчоро.
Эми Чүрөктөн кабар ал!
Боз-Дөңгөлдө болкоюп:
– Айчүрөк качан келет – деп,
Кара олпогун жамынып,
Кара сур тарткан эр Кыяз,
Олтурган экен тултуюп.
Күн шашке болгондо,
Боз жоргону жылжытып,
«Камынып калат Кыяз» – деп,
Капыс жерден чыкты эле.
Эр Кыяз баатыр үн салат,
Чүрөк мамыга атын байлады:
– Акмак Чүрөк жөөт күң,
Апкөй тилдүү канчык – деп,
Тоотору атым кана – деп,
Томсоргон жөөт оңбо – деп.
– Тоооторуң менен жерге кир!
Алты айдан бери Тоотору,
Жыла басып байланып,
Туурасы бошоп калыптыр.
Тегеренип калды – деп,
Жылас болсун Тоотору,
Жылкыда аксап жатат – деп.
– Арам кыял канчыктын,
Апкөй тилдүү жөөттүн,
Айтып турган сөзүн көр!
Алты айчылык жол басса,
Тулпардан бүткөн жылкы эле,
Туягы болот мал эле.
Ашуу ашып, таш басып,
Андай болучу жылкы эмес.
Канчыкты кудай урган бейм!
Атымдан айрып салган бейм!
Канчык сага кылбасам,
Кыйык атып салбасам,
Кылган ишин карачы!
Чоң үйдү карай дарбактап,
Кара олпогун ыргытып,
Чуркап калды арбактап.
– Жаткын Кыяз чочко!деп,
Кубулуп учуп пери кызы.
Жылдыз менен зымырап,
Ок жылан болуп октолуп,
Асманга чыкты аркырап.
Ак кыяны эңкейип,
Айчүрөк кебин кийди эле.
Жез канаттуу Айчүрөк,
Күлчоро менен Сейтекке,
Далбырап басып жетти эле.
– Камын бала күлүстөн,
Акмак Кыяз келди – деп.
Армандан чыккын эми – деп,
Кетирбей кегиң алгын – деп.

– Болду жеңе ыракмат  – деп,
Сага ыраазы болбосом,
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун!
Арман кылсам сага – деп,
Алмамбет менен Чубактын,
Серек менен Сыргактын,
Касиеттүү султандын,
Арстан Манас арбагы,
Агардым жеңе сага – деп.
Билдим Чүрөк сени – деп,
Билбесем Чүрөк сени – деп,
Азыр урсун арбагы!
Кантип арман кылайын,
Асыл жеңе болду – деп.
Арманым жок сага – деп,
Качан Кыяз келет – деп.
Ачуусу келип күүлөнүп,
Улуу жолдун боюнан,
Айдай сары талаадан,
Камандай болгон күлүстөн,
Кайсы жерде туруптур.
– Болду жеңе, макул – деп,
Ошо сөзүң акыл – деп.
Камынмак болду Күлчоро.
Кылычты кындан копшутуп,
Жарактын баарын салынып.
Кызыл сарттын сырбараң,
Оң ийнине асынып.
Окшомдуу баатыр күлүстөн,
Айбалтасын байланып,
Куу найзаны колго алып,
Тоодой болгон Тоотору,
Кабылан чоро минди эле.
Кар токой көздөй желди эле.
Жедигердин Кыязын,
Жеп салуучу эмедей,
Атаңдын көрү Кыязды,
Аңтара койчу эмедей,
Кайсы жерден кайран эр,
Аңдып турду арстаның.
Аны мындай таштай тур,
Кыязды уккун порумун!
Кемитбегин баатырды!
Боз жоргону токунуп,
Аяттан куран окунуп,
Каарданып күүлөнүп:
– Кап, канчык чоро сени –деп,
Кайран Кыяз канетсин,
Капа болуп түрлөнүп,
Үстүнкү эрди эп келбейт,
Житип койгон токойдой,
Муруттары буроодой,
Көрүп турган катынга,
Көмкөрө койгон чарадай.
Улутунуп турганда,
Уурулар кырккан союлдай,
Чындап турса түгөнгүр,
Сыйрып койгон моюндай.
Көрөрсүң чоро баладан,
Эчтенке билбей ит Кыяз,
Камандай болгон чородон,
Кан жөткүрүп каларсың.
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрөсүң.
Камандай болгон баланын,
Камынып карап турганын,
Кайдан билсин ит Кыяз.
Келе жатат койкоюп,
Боз жорго менен жылтыйып,
Атырылтып кайран эр,
Ак-Кыянын белине,
Сыздырып чыгып келди эле.
Арам өлгөн боз жорго,
Аткан октой зыркырайт.
Үстүндөгү Кыяздын,
Этек-жеңи дыркырайт.
Бир кулагын бүкчүйтүп,

Бир кулагын тикчийтип.
Оозунан көбүк буркурап,
Кан аралаш чачылып,
Кара терге чөмүлүп,
Келе жатат сызылып.
Баатыр Кыяз кайкыдан,
Байкап турду кыядан.
Токтонбой жүрөт куюлтуп,
Капшыра тиштеп ооздугун,
Учуп кетчү эмедей,
Тегеренип токтобойт.
Деги Кыяз байкаса,
Ак ала чатыр бир бөлөк,
Аскерге тиккен эмедей.
Кара чатыр бир бөлөк,
Калың аскер киргендей.
Кызыл чатыр бир бөлөк,
Кыйла аскер баткандай.
Көк ала чатыр бир бөлөк,
Көп аскер кирип жаткандай.
Аны көрүп эр Кыяз:
– Алда кандай чатыр? – деп,
Жайнаган кулду көргөндө,
Жана Кыяз сүйүндү.
Жанагы Чүрөк кайда? – деп,
Камандай болгон чоро – деп,
Камсанабай ит Кыяз,
Капа болбой келатат.
– Баракелде Чүрөгүм,
Атың аксап калды – деп,
Акылга мол бул зайбын,
Ачуумду жаман келтирип,
Жалган айткан турбайбы?
Асылым Кыяз келсин – деп,
Ар уруу муну көрсүн – деп,
Мелтиреген бейбгым,
Беренім Кыяз келсин – деп,
Бек кубанып калсын – деп,
Мага көрсөтмөк турбайбы?
Ачууланып бейбакты,
Атып салам деп ойлоп,
Атымдан айырды канчык – деп,
Мени кудай урмак турбайбы!
Катыным Чүрөк кайда? – деп,
Карагулум кайда? – деп,
Камандай чочко кайда? – деп,
Ошонун оң колун кесип салайын,
Бир колу менен коёюн.
Кыяз келет күүлөнүп,
Алда нече түрлөнүп.
Оң бөйрөгү солк этсе,
Оңду чабуучу эме экен.
Кыйыгына тийгенде,
Кылымды бузуучу шер экен.
Атасы Толтой баатырдан,
Атырылта тууган эме экен.
Кызыл сарт карап турду эле,
Порумун көрүп Кыяздын:
– Боло турган эме экен,
Келбеттүү ногой журтуна,
Кылыктуу ногой элине,
Кыргынды мыктап көрсөтчү,
Айчүрөктөй сулууну,
Алуучу мыкты эр экен.
Кара көңүл кайран эр,
Кайраты бар ошоночо,
Бул да аттанып чыккан шер экен.
Жатат чоро далактап,
Улуу жол менен солоктоп.
Ак-Кыянын талаада,
Көөсөр Кыяз баатырга,
Көрүнөт беле Күлчоро.
Капталына келгенде,
Камандай болгон Күлчоро,
Качырып чыкты капталдан.
– Тарткын, Кыяз, тарткын – деп,
Токто, Кыяз, токто – деп,
Учурашам сага – деп,

Амандык айткын мага – деп,
Арстаным Кыяз токто – деп,
Тоотору менен бургутуп,
Таң ашырган Күлчоро,
Табына келип калыптыр.
Чочуп кетип эр Кыяз,
Алик алып ийди эле.
Эр Кыяз туруп кылчайып,
Бура тартып караса,
Жарактын баары боюнда,
Бутта темир курчанып,
Ок өтпөс зоотун кийиптир .
Сур олпок кийип сумсайып,
Күлүстөн келет кумсарып.
Жаагынан сары түк чыгып,
Оозунан жалын шаркырап,
Каарданып Кыязга,
Бала жолборс кысталак,
Кабыштыра тиштесе,
Каалгадай кашка тиш,
Таруудай быркырап,
Оозунан жалын шаркырап.
Карс этип күлүп кайран эр,
Анда Кыяз кеп айтат:
– Келишимдүү Күлчором,
Келдиңби балам эсен – деп.
Камандай болгон чырагым,
Колуң кадимкидей болдубу?
Кабыланың барындай,
Кайратыңа келдиңби?
Кербенди кайдан токтоттуң?
Кербен башы ким экен?
Келбеттүү жеңең кайда? – деп,
Ашкере дары бар бекен?
Тонду кайдан кийдиң? – деп,
Чопкутту кайдан алдың – деп.
Окшомдуу абаң барындай,
Ок өтпөстү кийипсиң.
Арстаның канкор барындай,
Баатыр сен,
Найза өтпөстү кийипсиң.
Тоорутуну минипсиң,
Эсенсиңби Күлчоро,
Эр Кыяздай канына,
Эркелеп минген турбайбы.
Он күнү мингин балам – деп,
Ополду көздөй барам – деп,
Ооганды такыр чабам – деп.
Ошо сөздү айтканда,
Эр Күлчоро кеп айтат:
– Эсенсиңби! – деп айтат.
Боз-Дөңгүлдүн башында,
Кулдарыңдын урганы,
Аз келгенсип падышам,
Кетирбей кегим алам – деп,
Кементай менен кара тон,
Жаматып алып каптайм – деп,
Кыязга салам айтам – деп,
Салаңдап салам мен айтсам,
Алик албай падышам!
Амандыкка келбедиң.
Эмне кылар алым бар,
Эсимди минтип оодардың.
Эсенсиңби Кыяз – деп,
Мурунку кезек сеники,
Эмики кезек меники.
Кең-Колдон алдың көчүмдү.
Кейибе Кыяз падышам,
Кезекти кудай келтирди.
Эми алайын өчүмдү.
Таластан алдың сартымды,
Эми алайын дартымды.
Ырысыңы Кыяз жедиңби?
Мени жалгыз калды дейсиңби?
Кабылан абам барындай,
Кадимки күчүм келди – деп.
Кармашам Кыяз бери кел!
Эрмектешем сага – деп.

Эриккенди жазам – деп,
Бук болгонду чыгарам,
Бугумду сенден Кыяз – деп.
– Амансыңбы арстаным!
Ак-Кыянын алдында,
Балбан Кыяз Күлчоро,
Камындырбай Кыязды,
Камандай болгон күлүстөн,
Карсылдатып калды эле.
Аябай кирип алышып,
Барсылдатып калды эле.
Алысыраак барышып,
Айза менен сайышып,
Он эки жерден быркырап,
Темир зоотко тийгенде,
Асманга чыгып чыркырап,
Найзанын баары быркырап.
Мылтык менен атышып,
Күнү-түнү салышып,
Уйку албастан урушуп,
Тыным албастан салышып,
Күпсүрдөн дары күбүлүп,
Алышканы булар жүрүшөт.
Мылтык менен салышып,
Темирден тутам калышып,
Аябай кирип алышып.
Айбалта менен салышып,
Сабы колдо калышып.
Кыйла жерге барышып,
Кылыч менен беришип,
Кылычтын баары чабышып,
Туткасы колдо карышып.
Камчы менен салышып,
Булдургу колдо калышып,
Эс алышып эр неме,
Күл-Токой көздөй киришип,
Союлду кесип алышып,
Тизгиндин баары үзүлүп,
Тизенин баары сүзүлүп,
Союл менен салышып,
Колтуктун баары чоюлуп,
Колдун баары жулунуп.
Ободон кудай билбесе,
Аны көргөң пенде жок.
Он сегиз күнү салышып,
Кызыл сарт туруп кеп айтат:
– Алы күчү жок эле,
Азабын арбын көп көрдү.
Алдырып ийип Кыязга,
Аяш,
Аскерди кошсом кантет? – деп,
Анда Чүрөк кеп айтат:
– Аскер кошпо – деп айтат,
Кубатты берер кудайым,
Атаңын көрү Кыязга,
Алдырбайт байкуш күлүстөн.
Күн жалган түш болгондо,
Алачыктай Кыязды,
Кара олпок менен болпойтуп,
Аттан аңтарып түштү золкойтуп.
Балбан тууган күлүстөн,
Баатырсынган Кыязды,
Боз жоргонун үстүнөн,
Аңтарып түштү Кыязды.
Аттары кетти жай-жайга,
Бозбаланы чакырып,
Аттарын кармап алдырып,
Аттарын алды карматып.
– Карап тургун аяш – деп,
Камандай болгон чорону,
Тоодой болгон Кыязды,
Катуу көтөрүп алды эле,
Далдайтып жерге салды эле.
– Кандайсың Кыяз чочко? – деп,
Касиеттүү кайран эр,
Убара кылып Кыязды,
Ушалады Күлчоро.
Эрсинип калса Кыязды,

Чүрөктү кошо жайлайын,
Атасынча Кыязды,
Сейтекти кошо жайлайын.
Баарысын жайлап жоготуп,
Жедигерди талкалап,
Кызыл сартты кошо алып,
Кыйрына кыргын салайын.
Каныкей менен Бакайга,
Кара кыргыз калкына,
Канчоро кулга барайын.
Айчүрөктү кылчаса,
Колун муштап чорого:
– Бат өлтүргүн бала – деп,
Башын ийкейт жеңеңиз.
Бек ыраазы болду эле,
Пери балбан кайран эр,
Жлркыны карыш жой болот,
Керилип туруп Кыязды,
Манастан калган ар кескен,
Болжоп туруп моюнга,
Болжолдоп бала шилтеди.
Ташка тийген эмедей,
Он эки жерден быркырап,
Обого чыкты зыркырап.
Айласы кетти чоронун,
Чалкасынан басты эле.
Сыртына салып тепкилеп,
Бооруна салып койгулап,
Кан жөткүртүп Кыязды,
Сакалын жулуп ыргытып,
Мурутун булкуп ыргытып,
Чач кирпигин жулду эле,
Жылма жигит кылды эле.
Оозунда тишин талкалап,
Камандай болгон кайран эр,
Кан жөткүрттү Кыязды.
Алдында жатып кеп айтат:
– Баракелде Күлчоро,
Ыраазы болдум эрдигиңе.
Кайгы тартып жүргөндө,
Камсанабай өзүңдөн,
Бул жорук мага чала – деп.
Каруума мени келтирбей,
Камындырба кайран эр!
Кабыш жерден чыктың – деп.
Каруума мени келтирсең.
Уккун менин сөзүмдү!
Ушалабай бат өлтүр!
Оң бутумдун алдында,
Беш бүктөп койгон албарс бар,
Ошондон башка неме өтпөйт.
Акырын шилтеп бек ташта,
Кыймалаба менин санымды,
Кыйнабай өлтүр жанымды!
Ичимди жарып өчүңдү ал,
Жүрөгүм кесип бачым бас!
Ысык өтсө этиңе,
Менден жүрөктүү мыкты
болосуң.
Ичегимди бат алгын!
Белиңе чапсаң бат курча!
Башын кесип салмакка,
Камынып калды Күлчоро.
Албарсын алып караса,
Караса көзгө илинбейт.
Кармаса колго илинбейт.
Моюнду көздөй бек шилтеп,
Имере тартып бек кармап,
Тартып ийди Күлчоро,
Таарып түштү жой болот.
Ичин жара тартты эле,
«Менден мыкты шер белең?» – деп,
Кайнарды көздөй урду эле.
Кайнар тартып тартылды:
– Кысталак мени өлтүрмөк
турбайбы,
Кудурет кабар берген турбайбы.
Ичегисин тартты эле,

Терекке курчай салды эле.
Ирмелип тура бергиче,
Терек этегин басып калды эле.
Бала дөңгөлдү көздөй басты эле,
Боз дөңгөлгө барып олтурду:
– Айчүрөк жеңе бер кел! – деп,
Туйгун бала чечинди.
Тула бойдо тамтык жок,
Буладай болгон ак эттен.
Бармак басым агы жок,
Казандын кара көөсүндөй.
Беледемчи деген себилин,
Белинен чечип берди эле.
Ак жайнамаз жайышып,
Кызыл сарт менен Айчүрөк,
Белдемчи зоотун күбүсө,
Кырк сегиз ок түштү эле.
Колтукка койгон темирди,
Төшүнөн чечип берди эле.
Кош кабырга себилди,
Койчу Чүрөк күбүсө,
Алтымыш эки ок түштү,
Туулга деген себилден,
Башындагы темирден.
Ободон кудай билбесе,
Аны көргөн пенде жок.
Он сегиздей ок түштү,
Кызыл сарт чуркап калды эле:
– Аскер башы кара сарт,
Арстан өлмөк болду – деп.
Күлүстөн күрсө-күрсө жөтөлсө,
Жүрөктөн кара кан кетет.
Карса-карса жөтөлсө,
Кашыктап кара кан кетет.
Ак дарыны алдырып,
Ичинен арбын берди эле.
Каркыттагы испиртти,
Төрт уруу дары салды эле,
Талкандан бетер чалды эле.
Оозу ошондо ачылды,
Ооруган жери басылды.
Ак сарбашыл алдырып,
Акылга мол Айчүрөк,
Садаганы чаптырды.
Эки күнү болгондо,
Эс алды баатыр күлүстөн.
Үчүнчү күн өткөндө,
Үшкүрүп турду күлүстөн.
Кадимкидей болду эле,
Калыбына келди эле.
Канкордун уулу эр Сейтек:
– Кабылан аба койчу – деп,
Капа болуп таарынды.
Арстан абам барында,
Алптын баарын жай кылдың.
Кана мүйүз чыкканы,
Кай жериңе жукканы.
Кебез өтүк, кендир кур,
Атама бербей абаке,
Кечилдин каны Байкоңур,
Алтымыш амбал, кырк жаңжу,
Аскерин мындан кыйраттың,
Кана мүйүз чыкканы,
Кайсы жериңе жукканы.
Арстандан калган жетимди,
Арстандан калган чунакты,
Жолборс аба ойлосоң,
Жоболоңдуу жетимге,
Жол көрсөтсөң болбойбу?
Эчтеңкени ойлобой,
Элөөсүз абам экенсиң.
Койчу абаке кокуй күн,
Эрдемсинип каласың.
Каарданып күүлөнүп:
– Кел аяш ата бери бер!
Ал аңгыча арстаның,
Албарсын сууруп алды эле.
Кылычты кармап кыңайып,

Канкордун уулу басканда,
Карагулу баш болуп,
Качып калды он бири.
Жаактан саамайы сербелип,
Жаңкы бала куу жетим:
– Каап, калмак кул сени – деп,
Басып барып жанагы,
Кан ичменин тукуму,
Кан абама көтөрт – деп,
Каткырып күлүп кан чычкыр,
Байрак булгап чакырат.
– Батыраак бат келгин!
Каныңды көтөрүп барып
сийгиз – деп.
– Көтөрөмүн чунак – деп,
Булкулдап күлүп эр неме,
Өлтүрсөң, койсоң бат бол – деп,
Көзүмө көрсөтпөй ары
жогот – деп,
Баатырдын уулу эр Сейтек,
Калмактын башын алып салды эле
Тогуз кулду чогултуп,
Башын кесип салды эле.
– Өлтүрөт деген ушубу?
Аким деген ушу – деп,
Ойрондордун сөөгүн көмдүрдү.
Күлчорону чакырып,
Жаңкы күлүмсүрөп сөз айтат:
-Айланайын абаке,
Кокустан күлүп ийбегин!
Берeним абам атамды,
Бек эсинен чыгарса,
Эрдемсиген Кыязды,
Эрсинип калса энемди,
Мага кошулуп ыйласа,
Канчыктын,
Канын суудай төгөйүн.
Байкап тургун энемди,
Баатыр аба сен күлбө.
Кыязга басып келди эле,
Түкүрүк сыйпап көзүнө,
Түгөнгөн чунак оңбоду.
– Атаке Кыяз – деп ыйлап,
Арстандын уулу көп ыйлап,
– Ала жат! – деп ыйлап,
Каарданып көп ыйлап,
Кайраттанып бек ыйлап,
– Кан атаке! – деп ыйлап
Асыл ата эр Кыяз,
Айтылуу Чүрөк зайбыңды,
Артыңдагы балаңды ай,
Ала жаткын – деп ыйлап.
Кунан жорго мингизип,
Алтын күрмө кийгизип,
Арт жагында ээрчитпей,
Бышыктырбай балаңды,
Азабыңды тарттырбай,
Ала жат ата балаңды!
Айчүрөктөй жарыңды!
Каарданып күүлөнүп,
Жеңең басты кумсарып:
– Кан чычкыр! – деп сүйлөнүп,
Кагынган эткен жин чычкыр!
Кара оозуңа кан киргир!
Карып өлгүн жин чычкыр!
Сен кимди ата деп жүрдүң,
Душманың ата дегениң,
Ырысыңды жегениң.
Атаң кайда жин чычкыр!
Айтып турган сөзүң көр!
Күлчоро карап турганда,
Күйүгүп кетип бейбагың,
Күйүгүп кетип кумсарып,
Жаркыраган бейбагың,
Басып келди балага.
Жаактан ары бир койду,
Бала басты делейип,
Жаагынан саамай сербейип.

Урутунда былк этип,
Акырын күлүп жаш бала,
Жаркыраган жеңеңиз,
Баланын түрүн көргөндө,
Күлчорону чакырып,
Колун булгап кеп айтат:
– Кой күлүстөн – деп айта,
Чуулгандуу жетимди,
Чунактын жайын карачы!
Беренден калган жалгыздын,
Эрдемсиген Кыязды,
Эрсинип калсам акмакты,
Мени өлтүрмөк турбайбы!
Чунак, мени бек сынаган турбайбы.
«Атакемди унутса,
Өлтүрбөсөм бейбакты»,
Деп сынаган турбайбы!
Кан ичменин тукуму,
Канкордун уулун карачы!
Тон-тоносун алдырып,
Топ сартты чоро чакырып,
Кара олпогун алдырып,
Кара сартка кийгизип,
Эр Кыязды көмдүрдү.

## II БӨЛҮМ.

## СЕЙТЕКТИН НОГОЙ ЭЛИНЕ КЕЛГЕНИ, ҮЙЛӨНГӨНҮ, АКИМ БОЛГОНУ. АТКА МИНИП УРУШКА АТТАНГАНЫ

Кызыл сарт менен Айчүрөк,
Он жети күн болгондо,
Ногойду көздөй бет алат.
Жаккан отун өчүрүп,
Аскер кошуп Кызыл сарт,
Боз жорго минип Айчүрөк,
Тоотору минип эр Сейтек,
Тобурчак минип Кызыл сарт,
Тору айгыр минип Күлчоро,
Карт күрөң минип Боз бала,
Алтымыш аскер алдырып,
Кең Жет-Кайттын чатында,
Узун булак, кашка суу,
Коңшу-колоң баарысы,
Койбой чоро көчүрдү.
Жылдырып жылкы айдатып,
Жаккан отун өчүрүп,
Жалпы журтун көчүрүп,
Жырылтып казы чайнатып,
Жалам үйгө келишип,
Ал күнү түнөп алышып,
Кунан чыкма тай союп,
Аалыш кылып кудайга,
Буркурап ыйлап арбакка,
Жаратканга жалынып,
-Жалпы олуя колдо – деп,
Кыдыр Назыр жөлө – деп,
Кайып уулу кырк чилтен,
Кабылан Манас ,Алмамбет,
Асыл Сыргак, Чубак – деп,
Мекеде султан Айкожо,
Баары олуя кырк чилтен,
Колдой көргүн баланы!
Баабединди чалышып,
Кудайга наалыш кылышып.
Эртесинде болгондо,
Баары келип кеңешип,
Кызыл сартка кеп айтат:
– Аяш ата, Кызыл сарт,
Аскериңди жыйгын – деп.
Кол курап чыгып урушса,
Жедигерин чабалык,
Такыр кыргын салалык.
Эрдемсиген Кыяздын,
Элин олжо кылалык.
Жал-жал көздүү акмакты,
Келерки күздө келелик,
Такыр чаап талкалап.
– Бел куда болуп койгомун,
Эр Кызыл сарт кеп айтат.
Күлгары деген зайбы бар,
Калыңын берип салгамын.
Беренден калган жетимге,
Бел куда болуп койгомун .
Келерки күздө келелик,
Жедигер малын айдайлык.
Калыңына берелик,
Күлгары зайбын алалык,
Олутуна коёлук.
Баарысы туруп кеңешип,
Султан боюн теңешип,
Алтымыш атан алдырып,

Жез канаттуу Чүрөктөй,
Жеңендин үйүн көчүрүп,
Аскердин баарын Кызыл сарт,
Эр Кызыл сарт кеп айтат:
– Алтымыш аскер – деп айтат,
Кара сартты баш кылып,
Жети сан кара жедигер,
Жер мйышкан кол алып,
Алданын,
Не салганын көргүн – деп,
Кудай алсын ошону,
Баарын кырып салгын! – деп.
Сексен нарга ок дары,
Жүктөткөн экен Кызыл сарт.
Баары бирдей барышып,
Жедигерди караса,
Ичи капа, тышы чок,
«Багындык баатыр сага» – деп,
Баатыр Кыяз анда жок,
Аргасы кетип асыл журт,
Ак байбиче Чүрөккө,
– Ичим капа, тышым чок,
Ай Айчүрөк сиңдим – деп,
Азабын маа тарттырба!
Кызматын кылар киши жок,
Атакелер туяк жок.
Арт жагын багар ини жок,
Азаптуу күндү көрсөтпөй,
Ала кеткин мени –деп,
Боздоп ыйлап жүгүрдү.
Боз жоргого мингизди,
Ак эшенди алдырып,
Ашкере нике кыйдырып,
Алты күнү той берип,
Алаптан-шалап эт берип,
Жет кайттагы жедигер,
Аскери менен кара сарт,
Аким болду ал элге.
Эми жеңеңизден кабар ал!
– Кагылайын кайненем,
Айланайын абакем!
Аманат бала кантти – деп,
Өлбөй тирүү бул жүрсө,
Канчоро кулдун колунан,
Кайгы күндү көргөндүр,
Эмгиче экөө өлгөндүр.
Кең-Колду кана көздөй бет алып,
Асылкечин ээрчитип,
Кызыл сарт кырк чоросун чакырып,
Түрмөгү менген жылкыны,
Түгөл коюп айдатып,
Жылдыртып жылкы айдатып,
Жырдыртып казы чайнатып,
Өзү көргөн жол менен,
Саан алышып көчүшүп,
Оорун бөлүп көчүшүп,
Жаркыраган жеңеңиз,
Келе жатат ошондо.
Кең-Колду көздөй бет алып,
Он сегиз күн жол тартып,
Ашуу ашып, таш басып,
Агыны катуу суу кечип,
Жер ортосу ушу – деп,
Жеңең келип конду эле.
Он сегиз күнү көчүшүп,
Жеңең жүрдү көч баштап.
Эр Сейтек менен Күлчоро,
Экөө жүрдү жол баштап.
Жарактын баарын салынып,
Жаш баланы ээрчитип,
Ак-Кыянын белинен,
Арстан уулун ээрчитип,
Кабылан чоро келди эле.
Кара лөккө жүк түштү,
Таластын жүзүн көргөндө,
Кайран чоро бүк түштү.
Таластын жүзүн көргөндө,
Күлчоронун,

Көзүнөн жашы төгүлүп,
Капа болду кайран эр.
Артынан келип эр Сейтек:
– Эмне болду аба? – деп,
Эмне күн түштү башыңа?
Баатыр Сейтек кеп айтат:
Капа болуп калыпсың,
Кагылайын абаке!
Эр Семетей өлгөндөй,
Абаке эмне түштү башыңа?
Бала Сейтек башына,
Түшө калды кашына.
– Айтып-айтпай пайда жок,
Айланайын айнегим,
Армансыз дүйнө кайда жок.
Кечээ Канчоро кул кат берип,
Капыр Кыяз кол берип.
Элөөсүз келип атакең,
Кабылан Манас султандын,
Ажал депкир таптырбайт.
Туюнтайын куу жетим!
Туйгунуң абаң падышаң,
Атаңдын өлгөн жери ушул.
Атаңдын,
Азап тарткан жери ушул.
Атаңдын жайын калкалап,
Он миллион кол келгенде,
Ошону,
Куу тумшук абаң талкалап,
Карартып кыргын салгамын.
Абаң,
Давандын жайын калкалап,
Абаңдын,
Атышып турган жер ушул.
Кара суунун кашаты,
Ажалы жетип атаңдын,
Аты жүрбөй калган жер ушул.
Жер кашат деген тээтиги,
Канчоро чочко бузулган,
Кагылайын айнегим,
Зикири качып абаңдын,
Сыймыгы кетип атаңдын,
Ант уруп кеткен чочкону,
Кагылайын айнегим,
Калпакка аткан жер ушул.
Эр Кыяз менен жүрүшүп,
Дос болуп турган жер ушул.
Асыл атаң султанга,
Алды каткан мен чоро,
Ат мингизген жер ушул.
Эки ат минсе баспады,
Атаңдын,
Тагдыры жеткен жер ушул.
Кешиги жок абаңдын,
Атаңдын,
Керез айткан жер ушул.
Арстан атаңды,
Чала өлтүргөн жер ушул.
Камандай болгон куу тумшук,
Кабылан абаң мен шордуу,
Алакайыр түшүрүп,
Атаңдын,
Айласы кеткен жер ушул.
Азабын тартып атаңдын,
Өңөрө качкан жер ушул,
Алкым жол деген так ушул.
Асманда булут тутулган,
Кактелкидей күлүгү,
Кагылайын айнегим,
Атаңды өңөрө качып кутулган,
Боз-Мурун деген тоо ушул,
Кең Талас деген жер ушул.
Кара суунун кашаты,
Төрт- Күлчөнү байкачы!
Төрт-Күлдүн төмөн жагы ушул.
Канчоро Кыяз чочконун,
Касиеттүү атаңдын,
Камырын таап алам – деп,

Кабылан Манас чоң атаң,
Көп айтпаса билбеген,
Көөдөк канкор өз атаң,
Балалык кылбай байкап ук!
Баразатын мен айтсам,
Айткан тилди албады.
Ажалы жакын түгөтүм,
Ат тонунан ажырап,
Бузулган атаң сөзүнөн.
Сыйкыры кеткен өзүнүн,
Келишимдүү Суркоён,
Кек калган экен ичинде.
Кара тер басып болоктоп,
Өлүп кетүүчү немедей,
Өпкөсүн уруп солоктоп,
Топурак басып атаңды,
Канчоро кегин алганда,
Асыл Кыяз кеп айткан.
Олуязада абамдын,
Абаңдын түрүн көргөндө,
Баатыр тууган эр Кыяз,
– Өлтүрбөсмүн – деп айткан.
Ант уруп кеткен Канчоро:
– Мен өлтүрөм! – деп айткан.
Улуу жомок кеп кылбайм,
Угуп тургун айнегим,
Кыйналбай уккун жалгызым,
Энесинин сүтү ургур!
Буурул аттын күчү ургур!
Атаңдын көрү ант ургур!
Сенин колуң барбаса,
Өзүмдүн колум барат- – деп,
Талаша кеткен ойрону.
Ардактап баккан акмак кул,
Атаң чородон көргөн пайданы.
Аргасы жок эр Кыяз,
Атаңды,
Кан жөткүрткөн жер ушул.
Кадамы каткан Күлчоро,
Атаңды айла кылып мен байкуш,
Атаңды ала качкан жер ушул.
Айтып-айтпай пайда жок,
Армансыз дүйнө кайда жок.
Кашаттагы чоң күмбөз,
Каныкей энең жасаган,
Чоң атаң Манас султандын,
Акылман байкуш Каныкей,
Касиеттүү чоң энең,
Опол тоонун күл бото,
Алым салып ногойго,
Алыскы шаардан ташыткан,
Алты жүз эркеч мйына,
Кыш бышырып бек салган.
Алты кылым өткөнчө,
Бузулбай турсун деп салган.
Жети жүз эркеч майына,
Кыш бышырып бек салган,
Жети кылым өткөнчө,
Бузулбай турсун деп салган .
Карагай жумшак келет деп,
Терек жумшак бат чирийт,
Үч- Кошойдун бөксөдөн,
Кызыл арча кыйдырып,
Ногойго алым салдырып.
Жери өсүп кетет деп,
Арчадан шаты кылдырып,
Тизе бою жыйдырып,
Кышты үстүнө жыйдырып,
Атакеңдин сарайын,
Акылман энең жасаткан.
Жылкынын алды келди эле,
Ал аңгыча болбоду,
Кабылан чоро аттанып,
– Жүр кагылайын айнек! – деп,
Эр Сейтекти ээрчитип,
Баатыр чоро бастырды.
Тай чабым кирип келгенде:
– Өкүргүн эми чунак! – деп.

Эр Күлчоро турчубу,
Өкүргөндөн бакырып,
Арбактын баарын чакырып,
Атакелеп кыйкырып.
Баатыр Манас күмбөзү,
Балдары келет өкүрүп.
– Бали ыракмат эр Сейтек,
Тоотору менен болоктоп,
Торгойдой чунак солоктоп.
Кан султандын камыры,
Кабыландар келгенде,
Арстан Манас арбагы,
Алда таала билбесе,
Ашкере көргөн адам жок,
Күңгүрөнүп үн салды.
Аттарды байлап салды эле,
Арстан тууган Күлчоро,
Эр Сейтекти ээрчитип,
Эми кирди күмбөзгө.
Камырын көрүп кайгырып,
Касиеттүү кайран эр,
Кан султандын тукуму,
Камырын көрүп жаш бала,
Болоктоп ыйлап боздоду,
Асыл Сейтек сыздады.
– Айланайын аба! – деп,
Кейип ыйлап кеп айтат.
Келишимдүү чоң сүрөт,
Аккелте мылтык асынган,
Алтын кемер курчанган.
Кызыл өңү сур чалган.,
Казандай кара бөрк кийген,
Сыр найзаны тагынган,
Кылычы белде кыңгырап,
Жарактын баары жанында,
Чалкайыңкы киши ким?
Бала жолборс түстөнгөн,
Залкайыңкы киши ким?
Мүчөсүндө мууну жок,
Залкайыңкы ким экен?
Жарактын баары шаркылдап,
Жакут айнек тартынган,
Алдынкы турган сүрөт ким?
Айланайын айнегим.
Анда чоро кеп айтат:
– Алтымыш алпты сулаткан,
Менменсиген мыктыны,
Каршы чыккан душманды,
Кан жөткүртүп кулаткан,
Канча миң алпты сулаткан.
Кан султан Манас чоң атаң,
Эр Күлчоро айтканда,
Манастын түрүн көргөндө,
Баласы ыйлап болоктоп,
Атасынын,
Сүрөтүн көрүп болоктоп.
– Арстан тууган чоң ата ай,
Алданын салган иши экен.
Кагылайын чоң атам,
Касиеттүү киши экен.
Атакелеп эркелеп,
Арт жагыңдан жүрсүмчү!
Насаат сөздү уксамчы,
Анан кийин өлсөмчү!
Батадан бүткөн уулуңдан,
Асыл атам Семетей,
Же анын жүзүн көрсөмчү!
Ата, Армансыз болсом мен шордуу.
Эрбейип атка минсемчи,
Эки бирдей арстандар,
Эр башкарып билсемчи!
Арстаным атам көрсөчү!
Азапты балаң көрсөмчү.
Арстаным атам өлбөй кал,
Бир айнекти багам – деп,
Абакем азап көрбөй кал!
Жаран эгем, жан эгем,
Жалпы олуя кырк чилтен,

Жалгызды кудай не жасайт?
Жалгызды көргөн күн болсо,
Ай жаркын аба, бат айтчы!
Ак селдеси башында,
Көкала чопкут кийиптир,
Көк чыбык мылтык асынган,
Ак сакалы чүштөдөй,
Көк ала ат минген сүрөт ким?
– Айланайын айнегим,
Асылым Бакай абакең,
Атаңдан калган мурапың,
Акылман бейбак Каныкей,
Сарайга тарткан сүрөткө,
Жанаша турган сүрөттө,
Манас, Бакай ушу – деп.
Баракелде эрдиги,
Баарысын айтып нетейин,
Сары ырапыс тон кийген,
Сараладай ат минген,
Куу ырапыс тон кийген,
Караладай ат минген,
Артында турган жанаша,
Эки сүрөт кайсы? – деп.
– Куу тумшук абаң атасы,
Артындагы турганы,
Канчоро кулдун атасы,
Алмамбет, Чубак ушу – деп.
Бу да мыкты шер экен,
Алданын салган иши экен.
Жалганда тирүү жүргөндө,
Ушулар кандай киши экен .
Анын арт жак жагында,
Кылкандай болгон көй кашка,
Кырк чоронун баарысы
Ар акылга даанышман,
Каныкей тарткан сүрөт бул.
Канчоро кулдун колунда,
Өчпөстүн отун жаккандыр.
Бакай экөө биригип,
Аманат качан келет – деп,
Азап тартып жүргөндүр.
Намаз бешим болгондо,
Айчүрөк көчү көрүндү.
Ак тоону эңкейип,
Жеңеңдин көчү куюлуп,
Бер жагынан көп жылкы,
Жылкынын баары чуркурап,
Таласка түштү куюлуп.
Мал кишенеп түшкөндө,
Эр Күлчоро күлүстөн,
Өңү кетти бузулуп,
Бармагын тиштеп, баш чайкап,
Кызыл сарт менен Айчүрөк,
Моймолжуган жеңеңиз,
Боз жорго оозун бош таштап,
Көчтү баштап келатат.
Кырк жигитин ээрчитип,
Кызыл сарт келди болкулдап.
Аркан бою келгенде,
Буукурап түштү Айчүрөк,
Боз жоргодон жеңеңиз,
Бойпоюп бейбак түштү эле.
– Аманатты колдо – деп,
Арстаным атам – деп ыйлап,
Окшомдуу жеңең көп ыйлап.
Күмбөздү алты айланып кетти эле
Күмбөздүн ичи жаңырып,
Аяш ата Кызыл сарт,
Ишимди кудай оңдоду,
Баласын атам колдоду.
«Жаасын оку балам!» – деп,
Безилдеп ыйлап күмбөзгө,
Бейбак жеңең жүгүнүп,
Арбагына сыйынып,
Айчүрөк чыкты эшикке.
– Ай күлүстөн жаш бала,
Аттангыла экөөң –деп.
Мазарды көздөй жүрүшүп,

Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Баатырдын сайган багында,
Кыдыра чыккан талы бар.
Периси тирүү булакка,
Баатырлар барды жарышып.
Кырга айылын кондуруп,
Жылкыны Чүрөк жыйдырып,
Мал муздатып Айчүрөк,
Бээ ташып сойдуруп:
– Атаке, султан, падыша,
Айнегиңди колдо! – деп.
Ал жерге түнөп алышып,
Таң тияктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Таң кылайып келгенде,
Жерге жарык төгүлүп.
Тараза жылдыз батканда,
Таң кашкайып атканда,
Обонун жели зыркырап,
Асмандагы көп жылдыз,
Күн батыш көздөй быркырап.
Камыш башы шуудуруп,
Кара каш торгой чулдурап,
Жандын баары кыбырап.
Чымчык,
Чырылдап талга конгондо,
Торгой добуш салганда,
Таң сүрүлүп атканда,
Намазын окуп алмакка,
Булакты көздөй бет алып,
Эр Күлчоро, Кызыл сарт,
Намазын окуп алышып,
Эрр Күлчоро ат токуп,
Тоотору менен тору айгыр,
Торгойдой болгон баланы,
Каргадай болгон баланы,
Камандай чоро мингизип,
Ногойду көздөй жүрмөккө,
Кылычын кынга салынып,
Айбалтаны байланып,
Жоо жабдыгын шайланып.
Жоболоңдуу Күлчоро,
Жаш баланы ээрчитип,
Кең-Колду көздөй бет алып.
Аттанмак болду Күлчоро,
Акылман бейбак Айчүрөк,
Ак куржунду жеңеңиз,
Ала чыкты ак үйдөн.
-Кабылан чоро кулак сал!
Абаңдын көзү бар болсо,
Ак селдеси ушунда.
Көк ала чопкут Бакайдын,
Каныкей менен ак бала,
Асылым атам барында,
Тубардан соккон белдемчи,
Берениm атам баатырдын,
Бетине жапкан чоң жоолук,
Мекеден келген сур жоолук,
Байкуш энем бар болсо,
Була көйнөк, сур дамбал,
Муну энеме кийгизгин!
Кырымдан кылган көйнөктү,
Күңгүрский көк өтүк,
Акбала зайбың бар болсо,
Тубар жоолук ушунда.
Эсен болсо байкуштар,
Ушу экөөнү кийгиз – деп.
Арт жагыңдан жетермин,
Аман болсо күлүстөн!
Арта салып берди эле,
– Арт жагыңдан барам – деп.
Эр Күлчоро кеп айтат:
– Кызыл сарт менен Айчүрөк,
Эртерээк көчүп жөнөгүн!
Эрте келгин артымдан!
Эр Сейтекти ээрчитип,
Ногойду көздөй бет алып,
Ошондо чоро жөнөдү.

Үч Кошойдун белинен,
Улуу жол менен келди эле.
Башы-көзүн койгулап,
Баатыр чоро буркурап:
– Эмне түштү башыңа,
Эр Күлчоро баатыр – деп,
Эртеден кечке ыйлайсың.
– Кантип жалгыз ыйлабайм,
Кең-Кол деген жер ошол,
Кең ногой деген эл ошол.
Баткалышта көп айыл,
Бакай кандын айылы ошол.
Алкымдагы көп айыл,
Абыкенин айлы ошол .
Бурулушта боз айыл,
Сары кандын айлы ошол,
Санаттуу ногой эли ошол.
Айылдын берки четинде,
Арабадай аңкайган,
Ак күмбөздөй заңкайган,
Атаңды жуткан зор ак үй,
Кара жолтой зор ак үй,
Канчоро кул ошондо.
Кыр ылдый кирип чубурган,
Канчоро ээлеп алган – деп.
Кулундай болгон сур жылкы,
Өзүңүн малың ошо – деп.
Орто жол менен чубурган,
Чыйырчыктай сарала,
Баары бирдей сарала,
Көкчө көздүн жылкысы.
Көөдөк кулдун колунда,
Башкы жол менен чубурган,
Баары өңчөй кара кер,
Коңурбайдын жылкысы.
Көңтөрө тийген мен шордуу,
Көөдөктүн барында,
Ант урган чоро ээлеген.
Улуу жол менен сен баргын!
Арт жагыңдан барайын.
Айта көрбө дайныңды!
Улуу жолдун боюнда,
Кудайга үнү углган,
Эки торпок сүйрөгөн,
Кучкачтай болгон куу кемпир,
Беш тери бар ийнинде,
Темир ийрик колунда.
Теңирге жазган бир кемпир,
Темселеген түгөнгүр.
Кан атасы төрөгөн,
Каныкей энең ошол – деп.
Дайныңды айтсаң куу жетим,
Сүйүнүп жатып куу жетим,
Бөөдө арам өлбөсүн!
Артыңдан аңдып барамын,
Кабылан абаң баргыча,
Акыры сыр айтпагын!
Баланы жолго салды эле,
Баатыр бала күлүстөн,
Алкым жолго салды эле.
Улуу жол менен бастырып,
– Чоң энем кайда жүрөт? – деп,
Бала келет далактап.
Тоотору менен булкунтуп,
Ооздук чоюп жулкунтуп,
Эки буту салактап,
Эки көзү алактап.
– Энекем кайда жүрөт – деп,
Эмгекти көргөн шум кемпир.
Эр Сейтек келет элеңдеп,
Жоргосуна тундуруп,
Бали ыракмат жаш бала.
Басыгына көндүрүп,
Кундуздай жүнү жылтылдап,
Жоргосу чыгып кылтылдап.
Жолборстун уулу куу жетим,
Келе жатат жаш бала,
Айылга келди жакындап.

Ак сазды байкап караса,
Кудайга үнү угулган,
Торпок сүйрөп жыгылган.
Эки торпок сүйрөгөн,
Эмгекти тарткан бир кемпир,
Беш тери бар колунда,
Безилдеген шум кемпир,
Темир ийик колунда.
Деги бала байкаса,
Темселеген бир кемпир:
– Баатыр абам айтты эле,
Атакемди төрөгөн,
Алтын жатын чоң энем,
Азаптуу кемпир болбосун .
Бура тартып барды эле,
Муңайып карайт куу кемпир.
Бастырып барып жаш бала,
Байбичеге кеп айтат:
– Кандай кудай жасаган кемпирсиң
Көчүгүңдө ыштан жок,
Ийниңе салган көйнөк жок,
Башыңа салган жоолук жок.
Малакайы башында,
Кара тонуң этиңде,
Кирдеп кычы болуптур .
Кандай,
Куураган куу кемпирсиң ?
Калдайган айлың кимики?
Жердин жүзүн бербеген,
Жайылып жаткан көп мал – деп.
Кайсы падышандын айлы? – деп,
Кайсы баатырыңдын малы? – деп,
Каргадай бала сурады.
– Алкымдагы боз айыл,
Берки четки чоң ак үй,
Кимдин айлы болот? – деп,
Кайсы баатырыңдын үйү – деп.
– Баарын бирдей сурайсың,
Өзүң кайдан келген баласың?
Өзүңдүн жайың ким болот?
Жөнүмдү сурап нетесиң,
Кайдан келе жатасың?
Кайсы жакка барасың?
Таңга жакын түшүмө,
Ашкере ачык кирди эле.
Кара атчан бала сен болбо?
Кайгылуу кемпир мен болбо.
Өзүңүн жайың мурун айт,
Мен анан кийин айтамын.
– Өзүмдүн жайым сурасаң,
Кең Жет-Кайт деген жерим бар,
Жедигер деген элим бар.
Эр Кыяз деген кайным бар,
Калкымдан келе жатамын,
Алты шаарды аралап.
Ар сонун шаар көрмөккө,
Алыстан келе жатамын.
Деп ушу сөздү айтканда,
Каныкей туруп кеп айтат:
– Балам,
Ошол эр Кыяздай баатырга,
Жакын тууган болсоңуз,
Жашырбай сырың айтыңыз.
Жакын тууган сенсиңби?
Жакын тууган сен болсоң,
Жазыктуу бейбак мен болсом,
Окшомдуу Кыяз падышаң,
Ошол саа жакынбы?
– Кудагыйым экенсиң,
Көчпөсбайдын уулумун .
– Атаа,
Жакын эле кудам экенсиң.
Баатыр Кыяз падышаң,
Пери ургандай беттенген,
Көбүк кардай эттенген,
Алкымы айдай көрүнгөн,
Айчүрөк деген бардыбы?
Далы орто жерин сойдурган,

Оң кечирин ойдурган,
Күйүт тарткан куу тумшук,
Күлчоро деген бардыбы?
– Барды Чүрөк жеңеңиз,
Шойкомдуу оозу шок – деди,
Жалганда мындай жок – деди.
Жаркыраган жеңеңиз,
Шойкомдуу оозу шок – деди,
Жалганда мындай жок – деди.
Күлчоро деген бар – деди,
Илгерки,
Калмактан калган Карагул,
Олжого кошо барыптыр,
Ошо азапка салыптыр.
Камандай болгон неме экен,
Кайраты бар шер экен.
Карагулдан токмок жеп,
Кайгы тартып жүрөт – деп.
Анда кемпир кеп айтат:
– Жакын эле кудам экенсиң ботом,
Кайын энеси Чүрөктүн,
Каткан кемпир мен болом.
Күлчорону эмизген,
Куураган кемпир мен болом.
Айчүрөктүн ичинде,
Бир аманат бала кетти эле.
Бу жыл,
Алты жыл, алты ай өттү – деп.
Азабын тартып жүрөбүз,
Токмоктотуп жалганда,
Тозокту тартып жүрөбүз.
Кыз-эркек төрөгөнүн,
Биле алдыңбы кулунум?
Кулагың менен ошону,
Уга алдыңбы чырагым?
Көзүң менен абайлап,
Көрө алдыңбы кулунум?
Кайнардын кара көзүсүң,
Алты ай перзент курсакта,
Атасын жуткан куу жетим,
Как чунактын өзүсүң.
Эртеги кеткен жалгызга,
Эткен окшош бала элең?
Же жалгызым тайысың,
Жалгызымдын жээнисиң,
Аманат кеткен чунаксың.
– Айбанга айбан окшош – деп,
Байбиче,
Адамга адам окшош – деп.
Анан кийин айтайын,
Келиниңдин даанысын.
Күйүкбөгүн байбиче,
Күлчоронун даанысын.
Калкыңдын жайы ким?- деди.
– Эми айтайын чырагым,
Башта падыша Манас малы эле,
Кабыландын эли эле.
Манастын көзү өткөндө,
Куурап жүрүп кудайдан,
Батадан бүткөн жалгызы,
Семетейдин эли эле.
Эми,
Канчоро кандын малы бар.
Кайгы тарткан кемпирдин,
Карагым айтар алы бар.
Сүйүнчүгө берерге,
Башымда берер жоолук жок.
Каткан кара кемпирдин,
Айдап жүргөн малы жок.
Үйүмдөн пулду берүүгө,
Алачык жок менде – деп.
Кайгы тартып жүрөмүн,
Каткан кара кемпирмин .
Кудайга жазган куу тумшук,
Ушундай кудай урган кемпирмин.
Ушу сөздү айтканда,
Келишимдүү келиним – деп,
Эмне төрөп койду? – деп,

Эртерээк айтчы бала – деп.
– Эми айтайын байбиче,
Бек байлагын белиңди?
Кетирейин алыңды.
Медер кылган чородой Каныкей,
Акылга мол Айчүрөк,
Тилекти кудай берди эле.
Кылымды бузган Кыязга,
Эби жок сулуу зайыбы,
Окшомдуу бейбак Чүрөгү,
Алты жыл болуп тууганы,
Быйыл балтыр эти толду эле,
Балбан чагы болду эле,
Ат жалын тартып минди эле,
Эл башкарып билди эле.
Балжыр беттүү, ак жүздүү,
Баласы мыкты чыкты эле.
Жериң Талас деп угуп,
Аңгемелүү сөз угуп,
Аргын ногой элиң – деп,
Талас, Кең-Кол жериң – деп,
Келбеттүү Кырым элиң – деп,
Элиме барам быйыл – деп,
Ээлигип атка минди эле.
Атакемди төрөгөн,
Чоң энемди көрсөм – деп,
Эл жайлоого чыгарда,
Элине эми келерде,
Жез канаттуу жеңемдин,
Эр Күлчоро байкуштун,
Эрди ашка жеткенде,
Тумшугу ташка тийди –деп,
Касиеттүү Жет-Кайтты,
Жет-Кайттагы жедигер,
Ала шалбырт жаз менен,
Калкын туман каптады.
Калкайып атка минерде,
Аты Сейтек болду эле,
Арбактар быйыл конду эле.
Байкуш жеңем Чүрөктүн,
Баласы,
Кагындан өлүп калды –деп.
Чекчейип атка минерде,
Чечектен өлүп калды – деп
Аргасы кетип Каныкей,
Ал-күчүнөн айрылып,
Аргамжы чыгып колунан,
Ийиги түшүп колунан,
Малакайы кетип башынан,
Чачы-башын жулгулап,
Каныкей бейбак бүк түштү.
-Ушу жол менен жолоочу,
Өөдө-төмөн өтчү эле.
Кандай какмар келди – деп,
Бирөө кылчайбастан,
Кетүүчү эле кудай!
Курсакта калган перзент – деп,
Кубат кылып жүргөнбүз.
Беренден калган перзент – деп,
Бир бейпай күндү көргөнбүз.
Каткан шордуу куу кемпир,
Кайсы күндү көргөмүн.
Кудайга үнү угулуп,
Кууралган кемпир жыгылды.
-Аманатты мен уктум,
Арстаным Манас ала жат!
Кайгы күндү көрсөтпөй,
Кайраным Манас ала жат!
Каныкей бейбак чыркырап,
-Ишенбеймин кебиңе,
Бала бузбай айтчы сөзүңдү!
Айлык алым кетирбей,
Кандай курган баласың?
Сөлөкөтүң сөлпөтүң,
Как олтурган келбетиң,
Жалгызыма окшойсуң.
Кайнардын кара көзүсүң,
Караанын как Семетей өзүсүң,

Аманаттын өзүсүң.
Ишенбей койду Каныкей,
Айтканына бул бейбак,
Ынанбай койду сөзүнө.
Унчукпай бала түштү эле,
Жалкыны карыш жой болот,
Торпокту көздөй басты эле.
Басып калды дарбактап,
Анда-мында бир тийип,
Тооторуну жетелеп,
Торгойдой бала басканда,
Көт жагынан Каныкей,
Бөкчөңдөп басып жөнөдү.
– Беренден калган перзент – деп,
Медер кылып жүргөндө,
Аман болсо Айчүрөк,
Аманатты алып келер – деп.
Курсактагы кургурду,
Кубат кылып жүргөндө,
Кулунумду угузуп,
Менин торпогумду,
Өлтүргөнү турганын.
Канчоромдой канымдан,
Чачыкейдей байбичемден,
Экөөнөн таяк жегиче,
Эгемдин не салганын көрбөсөм!
Кара оозуна кан толгур!
Кандай бала келди эле?
Ийигин алып колуна,
Көт жагынан Каныкей,
Бөкчөңдөп чуркап калды эле.
Кара көңүл жаш бала,
Кан султандын тукуму,
Кабылан жолборс кайран эр,
Аргамжыдан тартты эле,
Торпокту сүйрөп алды эле,
Башын кыя чапты эле.
– Түгөнгөн какмар келди – деп,
Ийиги менен баланы,
Каң дедире бир салды.
Акырын алып колунан,
Ийигин алып сындырды.
Иштин баарын бүтөөчү,
Ийигимди сындырды.
Бейбактын көөнүн тындырып:
– Атаа, какмар сени – деп,
Баштан ары бир муштап,
Жаактан ары бир салды.
Акырын кармап энесин,
Арстан тууган жаш бала,
Алып келип балбан шер,
Касиеттүү арстан шер,
Олтургузуп энесин,
Дагы чачыга үрпөйтүп,
Энесин акырын жумшак
Олтургузуп «сени» – деп.
– Кайдагы күчтүү түгөнгүр,
Кайдагы какмар келди эле?
Ак бакини алды эле,
Ичин жара тартты эле.
Унчукпай туруп ошондо,
Өпкөсүн энесине чапты эле.
Өпкөсүн алып чапканда,
Элейе түшүп калды эле.
Акылынан айрылган,
Чоң энеси Каныкей,
Селейе түштү Каныкей,
Сумсайып туруп кеп айтат,
Чунагыңа сөз айтат:
– Аманатты угузуп,
Алымды жаман кетирип,
Аманатты угузуп,
Кандай жаман баласың,
Капа болбой бейбакты,
Алты бабаң, жети атаң,
Кара көңүл эме эле,
Капа болбос шер эле.
Кыдыр Назыр колдогон,

Кайрылбаган неме эле.
Каткан кара куу кемпир,
Каныкей кайра сурады.
Токтоно албай жаш бала,
Торгойдой болгон куу жетим,
Бала Сейтек кайран эр,
Бакырып ийди ошондо:
– Атакемди төрөгөн,
Алтын жатын энекем.
Айнегиңди тааныбай,
Чын чынарым, энем сенсиңби?
Курсакта калган куу жетим,
Чын кулунум менминби?
Асылым энем сенсиңби?
Аманат кеткен менминби,
Туйгунумду төрөгөн,
Тулпар энем сенсиңби?
Туйгундан калган жалгызың,
Туягың жалгыз менминби?
Абай кылчы энеке,
Алдыңдагы айнекти,
Азаптуу күндү көп көрүп,
Жалгыз калган экенсиң.
Алат күн эне сүйүнчү!
Аманат калган курсакта,
Айнегиң жетим мына мен.
Баатыр атамды төрөгөн,
Асылым эне аманбы!
– Айланайын айнекти,
Жаңкы сөздүн баарысы,
Оозуңа кантип батты экен?
Кагылайын жарыгым,
Чын кулунум сен болсоң,
Чынары энең мен болссом,
Кан атаңды кайсаган,
Кара жолтой эмчекти,
Ээмп көрчү момуну.
Куурап калган сүт чыкпай,
Куу жолтой эмчек момуну.
Баатырдын уулу жетимге,
Атаганат ойлосоң,
Камтый кармап Каныкей,
Ойрондун уулу жетимдин,
Оозуна салды эмчекти.
Баатырдын уулу эмгенде,
Байкап турган пенде жок.
Алтымыш кан тамырдан,
Сүтү чыкты зыркырап.
Бала ээмп турганда,
Алкымынан бек жыттап,
Энеси басып чыркырап,
Боздоп ыйлап Каныкей,
Бооруна басты буркурап.
– Же өңүмбү, түшүмбү?
Же агарып таң аттыбы,
Же кызарып күн чыктыбы.,
Же кудай маа бердиби?
Аманатты көрсөткөн,
Айланайын жарыгым.
Айчүрөк качан келет? – деп,
Оң бетинен сүйсөм – деп,
Сандыргалуу балама,
Аманатты көрсөткөн,
Садага кетсем ушу – деп.
Ак мүрөгүм эмизген,
Асырап сактап чоңойткон,
Күйүтүн маа тарттырган.
Күлчоро балам кайда? – деп.
Эмизип атат энеси,
Эки жагын көп карайт.
Айбалтаны таянып,
Саймалуу калпак, сары учкай,
Чолок чопкут тон менен,
Күндөй бети нур чалып,
Кылычы кында кыңгырап,
Кыя тартып күлүстөн,
Ителгидей кара көз,
Күлчородон,

Ирмебестен жаш кетип.
Жазыктуу күндү көргөндө,
Жаш албаган көзүнө,
Каткан кара кемердин,
Камандай болгон кайран эр,
Каныкейди көргөндө,
Эрдигинен эр неме,
«Кайрат кылам « – деп ыйлап,
Каныкейдин борумун,
Канчоросу көп карап,
Ителгидей кара көз,
Ирмебестен жаш кетти.
– Абакемди төрөгөн,
Асыл энем аманбы?
Кагылайын Каныкей,
Абамдан калган аманат,
Айнегиңди көрдүңбү?
Асыл эне аманбы!
– Амандыгы курусун,
Асылым сени көрдүбү?
Азабыңды тарттым – деп,
Амансыңбы жарыгым,
Камандай болгон кайран эр,
Алкымынан бек жыттап,
Сол эмчегин ошондо,
Солкулдап чоро эмди эле.
Калыйман экен башында,
Акылга мол Айчүрөк,
Акбала койгон урултуп.
Он беш ириктин даакысын,
Оң ийнине көтөрүп.
Керели кечке Чачыкей,
Ошонун баарын ийиртип.
Ийнине салган көйнөк жок,
Көчүгүндө дамбал жок,
Башына салган жоолук жок,
Тизеден кыпчый бөлүптүр,
Карып болуп энеси,
Кабыландын зайыбы,
Даакынын баарын ыргытып,
Тегирмендей ак ийик,
Имере кармап алыптыр.
– Тозоктуу тууган энемди,
Токмоктошуп баарысы,
Отун алып, суу куйган,
Отунчу какмар келген бейм?
Кымыз ичип кутурган,
Жылкынын зери учурган,
Капкан кармар келген бейм?
Атаганат чогулуп,
Капа кылып энемди,
Ушалап эрмек кылган бейм!
Кокуй эне бек карма,
Мен жеткиче бек карма!
Качанга азап көрөлүк,
Кагылайын энеке!
Арстан уулу Күлчоро,
Алты жыл, алты ай күйдүк – деп,
Аманаттан кабар жок,
Кагылайын энеке!
Кан абамды төрөгөн,
Кайраттанып бек карма!
Коё бербе какмарды,
Кокуй күн бек карма!
Коё бербе какмарды,
Кокуй күн эне бек карма!
Мен жеткиче какмарды.
Экөөбүз бирдей өлөлү,
Какшаалдардан энеке!
Кайсы күндү көрөлүк,
Акбала келет арыштап,
Анда-мында бир тайып.
Каныкей туруп кеп айтат:
– Айланайын Акбала!
Аманат калган курсакта,
Айнегим келди мына – деп.
Капа болбо Калыйман,
Камандай чоро мына – деп.

Тилекти кудай берди – деп,
Кабылан тууган күлүстөн,
Кайраттуу кулуң келди – деп.
Арпадан азык чач бала!
Абийриңди жап бала!
Ушу сөздү айтканда,
Дөмөр башты бетке алып,
Калыйман бейбак бүк түштү.
Каныкей менен жаш балдар,
Аябай жатып көрүшүп,
Эригип кетмек болгондо,
Тооторудай күлүгүн,
Ортосуна турду эле.
Периштелүү жаныбар,
Аркыратып сийди эле.
Эркелетип жаш балдар,
Энекелеп жалынып,
Кара тонун чечтирип,
Камандай болгон Күлчоро,
Алакандай болду эле.
Бөлөк-бөлөк ыргытып,
Кементайды чечтирип,
Баатыр Сейтек баласы:
– Кагылайын эне! – деп,
Кантип кийип жүрдүң – деп,
Койчу энеке кокуй – деп,
Кементайды бөлдү эле.
Аптаманы колго алып,
Бала Сейтек жүгүрдү.
Ак куржунду алды эле,
Арстан тууган Күлчоро,
Ак самын менен жууду эле.
– Айланайын энем – деп,
Күмүштөн кылган зор тарак,
Каныкей бейбак тараса,
Кара чач түштү калдайып.
Эки жерге уюлуп,
Этегин бербей кетти эле.
Күлчоро турат күйүгүп:
– Кап Канчоро сени – деп,
– Капа болбо балам – деп,
Каныкей азаат кеп айтат:
– Капа болбо балам – деп,
Кайрат кылгын чоро – деп.
Ак самын менен киринтип,
Кадимкидей Каныкей,
Аз гана чачын өрдү эле,
Суп дамбалды кийди эле.
Кырым маасы көк үртүк,
Тизеден кыпчый бөлүптүр.
Кырып жибитип жууду эле,
Кагылайын энем – деп,
Касиеттүү кайран эр,
Капа болуп күлүстөн,
Көзүнөн жашы төгүлүп:
– Канчоро чочко кайда? – деп,
Кийимиңди кийгин – деп,
Белдемчиси бейкасам,
Белине чалды бейкасам.
Белине чалды Каныкей,
Кара кымкап чоң бешмант,
Башына салып сур жоолук,
Аманаты келгенде,
Кабылан чоро келгенде,
Кабылан Манас барындай,
Кадимкидей болду эле.
Арстан тууган күлүстөн:
– Абамдын уулу куу жетим,
Бачым келчи бала! – деп,
Кан абамдына зайыбы,
Кайгы күндү көргөнбү?
Калыйманды кийгизгин!
Жаш балага берди эле,
Калыйман көздөй дарбактап:
– Баатыр абам зайыбы,
Башка келген заманбы,
Падышанын баласы,
Аманат иниң мен келдим.

Калыйман жеңе аманбы?
– Амандыгы курусун,
Айнегим бери келчи! – деп,
Жеңеңдин,
Көргөн күнү курусун!
Аман-эсен келдиңби?
Акыры сени көрдүмбү?
Кагылайын жарыгым,
Асылым сени көрдүмбү!
Аманат кеттиң курсакта,
Чоң энекең экөөбүз,
Каныбыз калды бир кашык,
Этибиз калды көк жашык .
Көрсөттү какмар азапты,
Канчоро менен Чачыкей,
Азаптуу күндү көрсөттү.
Касиеттүү энемден,
Кайгыны угуп баргын – деп.
Канкордун уулун жиберип,
Калыйман бейбак кийинет.
Шайы дамбал, ак көйнөк,
Булактап кийип алды эле.
Кырым өтүк, жез така,
Ак сомдон кылган зор чулгоо,
Бутуна чалып бейбагың,
Тубар жоолук алды эле.
Баатырга басып келмекке,
Бар кийимин кийди эле.
Кагелес бойлуу, как эттүү,
Кашкайган сулуу Калыйман,
Эр күлүстөн чорого,
Эми басып келди эле:
– Баатыр чоро аманбы?
Кан Акун атам төрүндө,
Калыңсыз тийдим сага – деп.
Кайгы күндү көрсөтүп,
Кайрылбадың мага – деп,
Калыйман келип кол сунду.
Катынынча көрбөйт – деп,
Көзүн кысып сүйлөнүп,
Асыл тууган Каныкей,
Көңүлү калып калат – деп,
Бек сактады кадырын.
– Оң кечирим ойдуруп,
Олжого кеттим илгери.
Анда өлүп калбаймбы?
Карагулдан токмок жеп,
Алты жыл, алты ай азапты,
Ашкере көрүп жүргөндө,
Анда өлүп калбаймбы?
Көрүшкөнүң ушу – деп,
Көзүмдү көрүп турдуң – деп,
Алдыңдагы байбиче,
Асили жаман көрбөйбү?
Учураштың болду – деп,
Эсер долу экенсиң.
Эми ары тургун – деп,
Энемен кепти сурайын – деп
Калыйман карап турду эле.
Канкордун уулу эр Сейтек,
Жаш бала карап жанында,
Жаңкы Чүрөк кеп айтат.
– Кагылайын эне – деп,
Кан Бакай экөөң биригип,
Канчоро кулдун колунан,
Кайсы күндү көрдүң – деп.
Капа болбой жакшы айт,
Кандай тозок тарттың – деп,
Эр Күлчоро сурады.
Эми Каныкей туруп муну айтат:
– Кагылайын балдарым,
Капа болуп кетерсиң.
Карып болгон энеңден,
Кайсы сөздү сурайсың?
– Жок, энеке, койгун – деп,
Эки бала кысты эле.
Кордугумду мен айтсам,
Кой көтөрүп тура албайт.

Асылым балдар келгени,
Азабымды мен айтсам,
Ат көтөрүп тура албайт.
Балдарым сенин барында,
Кара кымкап кийбеген,
Эми көрүп турасың,
Кара кан кийип куурадым.
Асылым Манас барында,
Арстан уулум барында,
Келишимдүү тон кийип,
Керилип басып жүргөмүн .
Көргөң күндү сурасаң,
Канчоро кулдун колунан,
Кандуу жүрөк эт тийбей,
Каныкей менен Бакайга,
Карын, өпкө бул тийбей.
Буудай батнос оозуна,
Торпоктун башы бош келген .
Таруу батпас оозума,
Тайдын башы бош келген.
Арпа батпас оозума,
Аттын башы бош келген.
Канчоро менен Чачыкей,
Эки торпок кайтартат,
Беш терини ийлетет.
Бир торпогун эмизсем,
Бир пучкагын кайырсам,
Карып калган чагымда,
Карып кылып энеңди,
Канчоро менен Чачыкей,
Калмак кылып бийлетет.
Таң тыяктан сүргөндө,
Бели кургур көп ооруп,
Колу-бутум бек ооруп,
Ийлебей койсом мен бейбак,
Күндүн мурду тийгиче,
Калмак кылып бийлетет.
Бийлебей койсом мен шордуу,
Токмоктотуп энеңди,
Тогуз кулга ийлетет,
Араң жаным бир калат.
Акмактар,
Мындай иш кылат.
Эртең менен кетем кезерип,
Акбала экөөбүз,
Кечинде келип кезерип,
Чыгдан жакты тууралап,
Көргөзүп койсок күн жок – деп.
Бир кош ууч чийки арпа уурдап,
Жалбарып отту алабыз,
Элге, журтка жалынып.
Бир чоюн кашык алабыз.
Талаага ыраак чыгып барабыз,
Калың ногой көп журтка,
Какшаалдарга көрүнбөй,
Эки бөлүк бадыратып алабыз.
Экиден жалпак таш алып,
Кебеги менен биз шордуу,
Чанжыратып алабыз.
Жаргылчак тарткандай,
Татып ичер тузу жок.
Кебеги менен биз шордуу,
Бирөөнү экөөбүз бөлүп ичебиз.
Күүгүм менен алпарып,
Элге, журтка көрүнбөй,
Бакай канга беребиз.
Балдарым сенден айрылып,
Ушундай күндү көргөнбүз.
– Болду энеке Каныкей,
Бар арманың айттың – деп.
Бакайдын жайы кандай? – деп.
– Баатыр тууган күлүстөн,
Балдар Бакайдын жайы курусун!
Бакайдын ичкен суусу курусун!
Ушу күндө Бакайдын,
Көргөн күнүн сурасаң,
Бакайдын белин сындырган,
Ногойдун көөнүн тындырган.

Күн жалган түш болгондо,
Бакайды байгесине саят – деп.
Эки жигит колтуктап,
Ыңгырантып какшаалды,
Жетелеп чыгат эшикке.
Баки ногой журтуңа,
Балдарым сен кеткени,
Падыша болгон Канчоро,
Аким сурап алыңды,
Аңгемени салган – деп.
Бизге азаптуу күндү салган – деп,
Чалкалаган салбарды,
Чачыкейдей бейбакты,
Ыргалтып эки катын колтуктап,
Керебет коюп алдына,
Ак мамыкты төшөнүп,
Арстан кулунум салынган,
Аюу талпак күрсүнү,
Канчоро какмар төшөнүп,
Бакайды,
Байгесине саят – деп.
Көшөкөр тууган көп ногой,
Кудай бардыр жамандар,
Эки саат бөлүп алышат.
Экиден балбан кармашып,
– Менки чыгып кетти – деп,
Бакайдын эсин оодарып,
Экөөн бештен талашып,
Бакайдын араң жаны калат.
– Ак ордонун жанында,
Чөп алачык көрдүңбү?
Белден бетегеден төшөгү,
Чийки тери алдында,
Куур тону үстүндө,
Куур шымы көчүктө,
Куу чокою бутунда,
Чий калпагы башында,
Көк кесеси кашында,
Куу таягы жанында,
Куураган Бакай ошондо.
– Көп айтпагын эне – деп,
Кабылан тууган кайран эр,
Кайрат айтып Күлчоро,
Ак куржунда Бакайдын,
Ар кийими салынып,
Бар кийимин салынып,
Тору айгырды минди эле.
Торгойдой болгон жетимин,
Тооторуга мингизип,
Аңгычакты караса,
Улуу жол менен чаңызгып,
Айчүрөк көчү көрүндү.
Кулундай болгон сур жылкы,
Олжого кеткен жаныбар.
Жер сагынып алыптыр.
Көп жылкы келет чуркурап,
Айбандын баары көрүшүп,
Айчүрөк жеңең, Кызыл сарт,
Эр Кыяздын улуу зайбы,
Ак байбиче,
Ак катыны жанында,
Эр Бозбала кашында,
Айчүрөк жеңең алдында.
Кер жорго менен сойкоюп,
Быйты күңү жанында.
Кызыл сарт менен Айчүрөк,
Көчтөн чыкты бөлүнүп.
– Кагылайын эне – деп,
Эр Күлчоро кеп айтат.
Асыл каның Каныкей,
Келишимдүү келин Айчүрөк,
Айчүрөк келет – деп айтат.
Кан Бакайга баралык,
Кейибегин энеке!
Келиниңе учураш!
– Болду, балам, макул – деп,
Кагылайын жарыгым,
Канчоро кулду өлтүрбө!

Армандан чыгып алалык.
Жүрү балам Акбала!
Эми Айчүрөккө баралык.
Акбаланы ээрчитип,
Айчүрөк көздөй бет алып,
Каныкей келет арыштап.
Каныкей келе жатып кеп айтат:
– Кагылайын Акбалам!
Айнегимди көрсөткөң,
Айчүрөгүм келгенде,
Оң бетинен сүйөмүн.
Жалганда жүрүп нетейин,
Жалгызды аман көрсөткөн,
Асыл Чүрөк баламын,
Алдына мурун кетейин.
Сыртымдан жарып өпкөмдү,
Аша чаап ийгин – деп,
Буркурап чаап ийгин! – деп,
Буркурап ыйлап Каныкей,
Мууну, жүүнү көп бошоп,
Сүйүнгөндөн болоктоп,
Каныкей келет солоктоп.
Акылга мол жеңеңиз,
Айбандан түшүп акырын,
Жоргону бейбак жетелеп:
– Жолобогун эне – деп,
Айланайын жарыктык,
Арстанымды төрөгөн,
Алтын жатын энеке!
Канчоро кулдун колунан,
Чачыкейдей салбардан,
Кандай күндү көрдүң? – деп.
Аманат бала туулгуча,
Алты жыл,алты ай азап көрдүңбү?
Карыгыча кайгысын,
Ашкере тарткан энеке,
Айнегиңди көрдүңбү?
Тулпардан калган энеке,
Туягыңды көрдүңбү?
Аманат калган курсакта,
Алты ай перзент ичимде,
Аманатың көрдүңбү?
– Айланайын жарыгым,
Боорумду ачып өпкөнүм,
Көзүмдү ачып көргөнүм,
Ар акылга даанышман,
Асылым балам бер келчи!
Аман сени көрдүмбү?
Эсен-аман келдиңби?
Ар акылга даанышман,
Айланайын чырагым,
Караанын көрүп Айчүрөк,
Бута атым жерден буркурап,
Каныкей жүзүн көргөндө,
Сай сөөгү зыркырап.
Быйты күндү чакырып,
Боз жоргону жетелеп:
– Келе жаткан кемпирди,
Ай Быйты күң көрдүңбү?
Жанындагы жанаша,
Келе жаткан тетиги,
Келишимдүү зайып – деп,
Кан атам Акун кызы эле,
Калыйман сиңдим билем да.
Арстанымды төрөгөн,
Асыл энем байкушту,
Таанйдыңбы тигине,
Каныкейдин караанын!
Акылга мол Айчүрөк,
Кыя тартып колоктоп,
Көзүнөн жашы түгөнүп,
Жүгүнө келди булактап.
Алкаарга тили келе албай,
Арстанды тууган Каныкей:
– Бай бол, балам, бай бол! – деп,
Акылга дыйкан айнегим,
Аманатты көрсөткөн,
Айткан ширин сөзүңдөн.

Санаалуу бейбак Каныкей,
Садага кетсин өзүңдөн.
Каныкей бейбак айтканда,
Анда Чүрөк кеп айтат:
– Арстанымды төрөгөн,
Алтын жатын энеке,
Андай айтпа сөзүңдү!
Кесириң болуп кетпейби,
Балага кесир болбойбу?
Чуулганды көрсөткөң,
Чунак каршы болбойбу?
Сандыргалуу байбиче,
Келишимдүү келиниң,
Садага кетсин сага – деп,
Жалынбагын мага – деп.
Алты ай калган курсакта,
Аманатың көрсөттүм,
Акыңдан бейбак кутулдум.
Саа өлгүчө кызмат кыламын,
Алдыңдан кыя баспаймын.
Ак жүрөмүн алдага,
Күнөөкөр болуп кудайга,
Артыңа кайбат айтпаймын.
Олтур эне бер жакка!
Олтургузуп энесин,
– Жараткан кудай кечир! – деп,
Жалпы олуя колдо! – деп.
Кандай заман болду? – деп,
Кан султан ата колдо! – деп,
Алда кандай иш болду?
Алмамбет, Чубак, Сыргагым,
Жалпы олуя кырк чилтен,
Жалгызымды колдо! – деп.
Жаркырап ыйлап Каныкей,
Арбактарга жалынып,
Алсырады бейбагың.
Айчүрөк келип кеп айтат:
-Канчоро кулдун колунан,
Кагылайын энеке,
Кайгы күндү көргөндө,
Кайратың кетип калганбы?
Акмак кулдун колунан,
Азаптуу күндү көп көрүп,
Акылыңан адашып,
Жаман киши өңдөнүп,
Жашык болуп калыпсың.
Карылык кылып ыйлабай,
Кайрат кылгын эне – деп.
Баланды,
Маалына жетип мен туусам,
Баласы деп канкордун,
Эсим чыкты чочкодон.
Эркек төрөп койсом – деп,
Эр Кыяз жайлап салат – деп,
Алты жыл, алты ай өткөздүм,
Алты жашар кылдым – деп,
Азабын артык тарттым – деп.
Акмак кылып Кыязды,
Алыс болжоп койдум – деп.
Арбак сыйлап мен шордуу,
Ак куу болуп кубулуп,
Бек сактадым баланды,
Түндөгү түнөп жүрдүм – деп,
Акмак Кыяз келди – деп,
Акыры толгоо киргенин,
Душман Кыяз билди – деп,
Күүгүм кире, күн бата,
Элдин асты жуп жата,
Бир жигитин эр Кыяз,
Андытып таштап кетиптир.
Акмак күңгө кайтартсам,
Ашепке көрбөй калыптыр.
Андытып койгон ак жигит,
Эр Кыязга айтыптыр.
Кыяз беш жигитин чаптырып,
Беш кемпирди алдырып,
Кемпирлерге кеп айтып:
– Ай энелер! – деп айтып.

Беш канжарды алгын – деп,
Бычак берип колуна,
Эркек болсо өлтүр – деп,
Аңдытып коюп кемпирге,
Айламы такыр кетирди.
– Кабар бергин ошо – деп,
Перинин кызы Көкмончок,
Айла кылсын эжем – деп,
Периштеми жиберип,
Көкмончокту чакырып,
Асылдан калган баланды,
Аракет кылып мен бейбак,
Ажалдан алып калдым – деп,
Бир ажалы бул эмес,
Үч ажалдан сактадым.
Ыраазы болгун мага – деп,
Энеке кызматты кылдым
сага – деп,
Энеке арман кылба мага – деп.
Азабын артык көрсөткөн,
Айнегинди көрдүңбү?
Асманда булут тутулду,
Келишимдүү бейбак,
Арман кылба энеке,
Көп мактанып нетейин,
Мынча кудай берген сон,
Камандай болгон Күлчоро,
Капа болгон кайран эр,
Акмакты жайлап салбасын.
Аманатыңды алгын – деп,
Асылым эне атка мин!
Боздобогун эне – деп,
Боз жоргону мингизип,
Кан Акундун өз кызы,
Чүрөк Калыйман менен көрүшүп.
Алкымынан сүйүшүп,
Аябай абдан жүрүшүп,
Ажыратып алышып,
Каныкейди ээрчитип,
Жанаша жөө басышып.
Алда таала кудурет,
Азабынан арылтып.
Кабылан канкор барындай,
Кадимкидей болушуп.
Көч баштаган Кызыл сарт,
Аргымак менен чуратып,
Кызыл сарт келди кайгырып:
– Акыреттик досумду,
Арстанымды төрөгөн,
Аяш эне аманбы!
– Айланайын жарыгым!
Каныкей,
Боздоп ыйлап бул кемпир,
Асыл тууган Кызыл сарт,
Аргымактан түштү эле.
Аябай жатып көрүштү,
Ак эмчектен бек жыттап:
– Амансыңбы! – деп жыттап.
Ал аңгыча Кызыл сарт,
Абдан жатып көрүштү.
Көрүшкөнүң көп болду,
Айчүрөк жеңең кеп айтты.
– Ак сүтүң урган энеке,
Айбалта алып култуйттуң,
Асырап сактап чоңойттуң.
Балдарың менен көрүшүп,
Алы-күчүң кетти – деп.
Аттангын эне бачым – деп,
Салбар катын Чачыкей,
Ант урган кулга баралык.
Күйүгүп жүргөн кайран эр,
Күлчоро жайлап салбасын,
Сасыган салбар Чачыкей,
Кагылайын энеке,
Канчоро кулга баралык.
Көч айдатып кайран эр,
Болумдуу мыкты Бозбала,
Жылдыртып жолго айдатып,

Көмкөрүлгөн көп көчтү,
Көк жал тууган Бозбала,
Көмкөрүлөп айдатып,
Улуу жол менен жүрдү эле.
Байкушту мында таштаңыз!
Кабарын анын угуңуз!
Камандай болгон кайран эр,
Баатырыңдын тукуму,
Аманат калган жаш бала,
Асыл Сейтек жаш бала,
Асыл Сейтек чырактан,
Камандай болгон күлүстөн,
Бала менен жарышып,
Тизгин колдо карышып,
Алкым жолго салышып,
Манастын уулу Семетей,
Үйдөн чыккан он төрт ат,
Сай күлүктү байлоочу,
Сарайга салып барды эле.
Эр Күлчоро бук болуп,
Көлөкөлөп ичине,
Уй сайгактап жык толуп,
Темирден салган чоң акыр,
Буурулдан буудан туруучу,
Чагарагы колодон,
Орнотулуу сур мамы,
Уй сүйкөнүп жыгыптыр.
Күлчоро көрө койгондо,
Барсылдатып кылычтап,
Балдар кууп чыкты эле.
Эки жүз түркүк орноткон,
Сокмо согуп зоо кылган,
Кан ээси өлгөн соң,
Жылкы турсун эшек жок,
Сарай турган каңгырап.
Эки атты бала жайдактап,
Капа болуп Күлчоро,
-Эр Канчоро сени – деп,
Эр Сейтекти ээрчитип,
Бакайды көздөй Күлчоро,
Чолок чопкут тон кийип,
Жарактын баарын салынып:
– Кысталак чочко! – деп,
Айбалтаны таянып,
Ачуусу келип Күлчоро,
Бир туруп,
Темирдей болуп карарып,
Капа болуп кайран эр,
Чоктой болуп кызарып.
Каарданып Күлчоро,
Каны ичине тартканда.
Жездей болуп саргарып,
Бакайды көздөй балактап,
Жаш баланы ээрчитип,
Баатыр басып келди эле.
– Чөптөн соккон алачык,
Бакайдын үйү ушул  – деп,
Жаркыным энем айтты эле.
Жаш балдар турду ошондо,
Көзүнө ченеп тешишип,
Шыкаалап балдар караса,
Бакай жатат бүрүшүп.
Куур шымы көчүктө,
Куур чокою бутунда.
Канкордун көзү өткөндө,
Карып калган кан Бакай,
Бир аманат күйөм  – деп,
Сенек болгон эр Кыяз,
Куур тону этинде,
Көк кисеси жанында.
Чий калпагы башында,
Сакал-мурут өсүптүр,
Чачы өсүп Бакайдын,
Ээгинен өтүптүр.
– Канчоро капыр оңбосун!
Кабылан уулу өлгөндө,
Каныкей менен Бакайды,
Карып кылган момундай,

Каны калган бир кашык,
Энеси менен Бакайга,
Эмгектүү күндү көрсөткөн.
Кайгы күндү көрсөткөн,
Эмгекти арбын тарттырган,
Эр Канчоро оңбосун.
Ант уруп кеткен кысталак,
Азапка салган моминтип.
Карып калган Бакайдын,
Каны калган бир кашык.
Көрсөткөн экен Канчоро,
Эти калган көк жашык,
Балдары байкап тыңшаса,
Көгөрүп эр Бакай,
Булкулдап ыйлап бул жатат.
– Кудурет алда жасаган,
Мынча не мени кууратты̆ң?
Карып кылбай Бакайды,
Кан султан Манас ала жат!
Ант уруп кеткен Канчоро,
Азаптуу күндү көрсөттү,
Алты жыл азап тозокту,
Карып калган чагымда,
Сакалым куудай болгуча,
Тишим буудай болгуча,
Алда таала жараткан
Каныкей менен Бакайды,
Мынча не кудай кууратты̆ң?
Түндөгү түшүм оң эле,
Каныкей аяш экөөбүз,
Бая эртең жакшы жорудук,
Аягында кудурет,
Ай жаңырып жатты эле.
Башыма чолпон тийди эле,
Айдай сулуу Айчүрөк,
Акылга мол кулунум,
Ошо келип жүрдү эле.
Торгойдой бала ээрчитип,
Камандай болгон Күлчоро,
Каныкей менен Бакайга,
Ошо келип жүрдү эле.
Кайраным Манас барындай,
Калк, журтту чогултуп,
Балаңды Манас колдо – деп,
Кубат бергин кудай – деп,
Баабединди чалдырып,
Батадан бүткөн жалгызын,
Арстан уул барындай,
Кадимкидей жүрүпмүн.
Түшүм туура келчи эле,
Карып калган чагымда,
Пирлерим кетип алганбы?
Сыймыгым качып кеткенби?
Өлөрүмө көрүнүп,
Сыйкырым кетип калганбы!
Күн жалган түш болгонбу?
Капталымдан күн өттү,
Кандай заман болду? – деп,
Күңгүрөнүп эр Бакай,
Биттеген экен эр Бакай,
Кабыргасын көп тырмап,
– Каран калгыр – деп тырмап,
Карсылдатып көп тырмап,
Тыңшап турган күлүстөн
Күйбөгөн жери күл болду.
Бышпаган жери чок болду,
Эр Күлчоро, эр Сейтек,
Эрдигинен токтолду.
Капа болуп кабылан,
Бүйрө кармап Күлчоро,
Балбан тууган кайран эр,
Бакай кандын алачык,
Башынан кармап ыргытты.
Баш көтөрүп Бакай кан,
Арстан балдар тыңшаса,
Анда Бакай үн салат.
– Падыша каным Канчоро,
Кантесиң кулунум,

Ушу башка,
Алачык кылган көлөкө,
Кагылайын падышам,
Көзүңө,
Көп көрүнүп кеттиби?
Чачыкейдей байбичең,
Эриккениң экөөңөр,
Эриккениң жазсаңчы!
Ногоюңду жыйсаңчы!
Балбандарды чогултуп,
Балдардын байгесине сайсаңчы!
Эриккениң жазсаңчы!
Деп ошо сөздү айтканда,
Күлүстөн менен эр Сейтек,
Ошондо экөө үн салды:
– Карыя деп сөз тапкан,
Кабылан абам барында,
Жүрүүчү белең жол баштап,
Он миллион кол баштап.
Ошо Бакай сенсиңби?
Оң кечирин ойдурган,
Дал орто этин сойдурган.
Ойротко кыргын салуучу,
Олжого кеткен Кыязга,
Ойрон чочко менминби?
Аманаттын дартынан,
Азаптуу күндү көп көргөн,
Асылым Бакай сенсиңди?
Сүйүнчү, Бакай, сүйүнчү,
Аманатың келди – деп,
Асылым Бакай бат тургун!
Кайгы күндү көрсөткөн,
Каныкей менен Бакай саа,
Кан чородой Каныкей,
Кудурет сага берди – деп,
Куруп калган Күлчоро,
Куу тумшук кулуң келди – деп.
Арстан бала чакырса,
Баш көтөрдү эр Бакай.
– Балбан ээси талашып,
Меники чыгып кетти – деп,
Көшөкөр ногой, көөдөк журт,
Канчоро менен Чачыкей,
Экөө тең жакшы аттуу болуп алмакка,
Көрбөгөндү көрсөтүп,
Көк бөрү тартып кетчү эле.
Бирөөнүн буту тийчү эле,
Бирөөнүн колу тийчү эле.
Куруп калган кулакты,
Катуу басып калыптыр.
Жакын басып жанына,
Бегирээк айтчы жарыгым!
Эр Күлчоро ошондо,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Кан Бакай туруп айтканда,
Капа болуп Күлчоро!
– Айтпачы Бакай аба! – деп,
Кабыргасы сөгүлүп,
Катуу кейип күлүстөн,
Канкоруңдун туягы,
Баатырдын баласы,
Баатыр Сейтек жалгызың,
Аманат калган курсакта,
Алты ай перзент жетимин,
Аны ардактап баккан жесириң.
Азыр келип кан Бакай,
Айнегиңди көргүн – деп.
Кыргын салган далайга,
Куу тумшук кулуң Күлчоро,
Азабымдан кудурет,
Аскер жыйып тетиги,
Арстандын уулу Семетей,
Батадан бүткөн баатырың,
Баатыр Манас төрөнүн,
Алыскы шаарга чоңоюп,
Кубулжуган Чүрөктүн,
Курсагында жетилип,

Канкордун уулу келгенде,
Калың ногой журтуңду,
Ким билбейт экен өтүнүп.
Чунагың келди жетилип,
Тулпардан калган туягың,
Туйгундан калган чунагың,
Жаркыным Бакай сүйүнчү!
Асыл сырттан абаке,
Аманатың келди – деп,
Баатыр бала бек айтты.
– Кана аманат жалгыз – деп,
Кан Бакай турду ирмелип.
Болукшуган жетимди,
Боздоду Бакай мына деп,
Көрсөтө берди көк жалың.
Арстандын уулу келди эле:
– Атамдан калган мурайым,
Абакем Бакай эсенби?
Аманат бала келгенде,
Бакай боздоп ошондо,
Бооруна кысып боздоду:
– Алдыңа кетсем сага – деп,
Сен көрүндүңбү мага – деп.
Арбактуу Манас колдо – деп,
Кубатты бергин кудай – деп,
Кан Бакай турду төшөктөн.
Эр кабылан Күлчоро:
– Эсте Бакай – деп айтат.
Эр Канчоро кайда? – деп.
Көргөзөмүн сонунду,
Баатырың барында,
Жоого кийүүчү тонуңду,
Акылга мол келиниң,
Күркүрөй тур Кыязга,
Эчен түрлүү сонунду,
Бакай оңдоду кудай жолуңду.
Алып жүргөн Айчүрөк,
Акылга мол келиниң,
Көк ала чопкут тонуңду.
Була көйнөк, суп дамбал,
Мунуңду кийгин Бакай – деп.
Бууданым абам барында,
Буластап жүргөн эр Бакай,
Кырым маасы зайпана,
Көк кепичиң кийгин – деп.
Каныкей энем жасаган,
Матасы жазылгыс,
Карып болуп калыпсың,
Кандагайың кийгин – деп,
Кашкардан келген сур селдең,
Ак селдеңди чалын – деп.
Кабылан балдар келгенде,
Кадимкиңдей болгун – деп.
Балдар Бакай канды чечтирип,
Куур тонун чечип ыргытты.
Мойнуна салган көйнөк жок,
Көт жагында ыштан жок,
Бир элидей бит болуп,
Бакай калган экен ийип,
Кайран Бакай канетсин,
Азапты арбын көрүптүр .
Куур шымын чечти эле,
Жанында турган эр Сейтек,
Катып калган бул шымды,
Канкордун уулу бөлдү эле.
Куурап калган чокойду,
Бутунан чечти Бакайдын.
Чокойго катып калыптыр,
Бир катар тери кетти эле.
Баатыр Сейтек жаш бала:
– Капа болбо Бакай – деп.
Камандай болгон Күлчоро:
– Кайраттангын аба – деп.
Аптамага суу алып,
Абакесин киринтип.
Эр Күлчоро Бакайдын,
Эптеп башын жибитип,
Чачын алып берди эле.

Сур дамбалды кийгизди,
Була көйнөк кийген соң,
Ак топу коюп чекеге,
Арстаның төрөң барындай,
Абасы Бакай көрдү эле.
Кырым маасы зайпана,
Коорсундай бутуна,
Сумсайып Бакай көрүнүп,
Чоң маасыны кийген соң,
Сур бешмант кийип сумсайып,
Ак селдени чалынып,
Күлүстөн тууган Күлчоро,
Куржундан сууруп берди эле.
Көк олпок кийип болкоюп:
– Көк чолок атым кайда? – деп,
Бакай туруп кеп айтат:
– Байтайлак алып келсин
бачым – дейт.
«Кабылан чоро келди» – деп,
Калың ногой угуптур.
Атка минип жарышып,
– Аманат бала келди – деп,
Баатыр абам зайыбы,
Аманатын ээрчитип,
Ар акылга даанышман,
Айчүрөк жеңең келди – деп,
Болумдуу ногой даркырап,
Кары-жашы чогулуп,
Калың ногой чуркурап,
Элейишип турду эле.
– Эткен сүрдүү бала – деп,
Боз балдары селейип,
Акылга дыйкан чечени,
Кожо-молдо, эшени,
Көп жашаган карысы,
Көмкөрө журттун баарысы:
– Кара сур тарткан түгөнгүр,
Кабылан чоро өзү бейм?
Тетиги турган жаш бала,
Айчүрөктүн ичинде,
Аманат кетти деп уктук.
Баатыр Манас баласы,
Батадан бүткөн Семетей,
Семетейдин тукуму.
Аманат кеткен курсакта,
Арстандан калган туякбы?
Аксакалы делейди.

## АЙЧҮРӨК, КҮЛЧОРО, СЕЙТЕКТИН НОГОЙ ЭЛИНЕ КЕЛИШИ

Күн жалган түш болуптур,
Жарданып ногой караса,
Калың ногой болжосо,
Карыган Бакай канетсин,
Кабылан төрөң барындай,
Табылгыдан таягын,
Таянып алып эр Бакай,
Жаш балдарын ээрчитип,
Канчоро көздөй бет алып,
Басып келет байбактап.
Бала жолборс Күлчоро,
Айбалтаны таянып,
Ачуусу келип сурданып,
Жаагынан сары түк чыгып,
Желке чачы суюлуп.
Өңү кетип бузулуп,
Басып келет сызылып.
Канчоронун чоңдугун,
Санап келсе Күлчоро,
Баштагы кылган зордугун,
Он колун санап кеткенде,
Сабыры менен токтолот,
Ичи өрттөнүп чок болот.
-Азыраак аял кыла тур!

Арстан чоро кеп айтат.
Жарыгыңды кетирбей,
Жарыгым Бакай аял кыл!
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабыр кылгын эр Бакай.
Канчоро кулга барайын,
Жазасын жазбай тартыптыр,
Кара көңүл чунакты,
Абаке Бакай кармап тур!
Чолок чопкут тон менен,
Кызыл өңү сур чалып,
Келишимдүү кайран эр,
Жарым кез кемер курчанып.
Баатырынын тушунда,
Беш атары мойнунда,
Алты атары жанында.
Ашык эндүү айбалта,
Эр Күлчоро колунда.
Күлүстөн басты арбактап,
Ачуусу келип кайран эр,
Саландай түшүп үшкүрүп.
Камандай колду көргөндө,
Калың ногой журтунун,
Как Семетейдей болду- деп,
Кара кыргыз калкынын,
Атышып душман келет – деп.
Кыргын салуучу мыктыдан,
Алмамбет менен Чубакты,
Серек менен Сыргакты,
Кырк миллион кол болсо,
Кырып салуучу эмедей,
Кыйынсынып Канчоро,
Кырк чоро жыйып алыптыр.
Кырк чоросу тал түштө,
Канчородой бул катын,
Кагын алуучу немедей,
Кайтарып карап туруптур.
Камандай колду көргөндө,
Азирейил келгендей,
Акмак болду баарысы.
Эсенгиреп элейип,
Эсинен кетип селейип,
Карышкыр тийген койго окшоп
Дыркырап чыга берди эле.
Эки-экиден түртүшүп,
Эрдин тиштеп көз кысып,
Быркырап чыга берди эле.
Бута бою барды эле,
«Эткен сүрдүү киши» – деп,
Элейип карап калды эле.
Эс-учунан адашып,
Селейип карап калды эле.
Жооп айта албай жолборско,
Жооп сурабай турду эле.
Күйүгүп турат калың журт,
– Күлүстөн чоро белем – деп,
Азабынан арылып,
Тамам тозок көргөндүр.
Далысы кантип бүттү – деп.
Канчородой кайран кан,
Оёо кесип салды эле,
Кечири кантип бүттү – деп.
Болсо себеп кудайдан,
Перинин кызы бейбактан.
Баки журту кеңешет,
Баатырдын сүрүн көргөндө,
Кайран эр,
Кадимкидей болуптур.
– Чүрөктөн себеп болду – деп,
Салам айтып көп журту,
Учурашып алмакка,
Ачуусу келген түгөткө,
Батына албай баки журт,
Баатыр чоро арстанга.
Ногойду мындай таштай тур!
Калың журтту коё тур!
Камандай болгон кайран эр,
Күйүгүп калган арстан шер,

Күлчородон кабар ал!
Арбактап басып келди эле,
Таманы жерге илинбей.
Дарбактап баып келди эле,
Балбан тууган бадирек,
Ак эшикти арстан шер,
Ачуусу келген түгөнгүр,
Каарданып Күлчоро,
Катуу серпип ийди эле.
Аркан бою ак эшик,
Айланып барып түштү эле.
Басып келди балактап,
Кабыландын төшөгү,
Капа болуп күлүстөн,
Өңү кетип сүрдөнүп,
Темирден соккон керебет,
Аюу талпак, чоң күрсү,
Була шейшеп, ак жууркан,
Ортосуна Айчүрөк,
Бермет менен шурудан,
Көхарды катар тиздирген.
Алтындан күбө карматкан,
Он эки кулач төшөгү,
Кереге менен тең болгон.
Баатырыңдын төшөгү,
Буюмдан соккон зор жууркан,
Боруксуган эки арам,
Муңайып чоро караса,
Чачыкейдин ак билек,
Канчоро кулдун мойнунда.
Эрке кулдун оң колу,
Чачыкейдин төшүндө.
Чалкалап жатат салбарлар,
Күлчоронун,
Желке чачы суюлуп,
Өңү кетип бузулуп,
Эки арам,
Уктам атат буруксуп.
Күлүстөн,
Темирдей болуп карарат.
Капа болуп кайран эр,
Чоктой болуп кызарат.
Үшкүрүнүп ийгенде,
Оозунан жалын зыркырайт.
Ызырынып тиштенсе,
Каалгадай кашка тиш,
Капшыра тиштеп ийгенде,
Таруудайдан быркырайт,
Көзүнөн жашы буркурайт.
Каарданса кайран эр,
Жаагынан сары түк чыгып,
Жездей болуп саргарып,
Жалкыны карыш жой болот,
Жанынан сууруп алды эле.
Сол колу менен оң колун,
Тартып иймек болгондо,
Кармап калды кайран эр.
Калыйман менен Каныкей,
– Армандуу болор Бакай – деп,
Жата берсин чочко – деп.
Абдан айтып сөзүмдү,
Кабылан бала караса:
– Каап кудай бардыр салбар – деп,
Көшөгөнү түшүрүп,
Акырын тартты жылдырып.
Ак эшикке барып олтурду,
Далысын коюп залкайып,
Балбан түгөт балкыйып.
Кайран эр байкап караса,
Касиеттүү канкоруң,
Илгерки ичүүчү арстандын,
Алтын капчык, чоң каркыт,
Бала байкап караса,
Баканда турат илинүү.
Кайран чоро эстесе,
Ар кылганы төрөңдүн,
Акылында билүүлүү.
Аракты ала куйду эле,

«Ачууну ачуу басат дечү эле»,
Басар бекен азыраак.
Арстандын барында,
Ачкыл жандуу түгөнгүр,
Бакандан ала койду эле.
Капшыра кармап булуңдан,
Каркыттагы испиртти,
Бала жолборс кайран эр,
Баарысын такыр жутту эле,
Алымсынбай турду эле.
Арстанынын барында,
Алты бээнин терисин,
Аябай кылган зор саба.
Күйүгүп турат Күлчоро,
Күмүш саптуу зор бишкек,
Алтын аяк, сыр кесе,
Былк эттирбей кайран эр,
Ардагы чыгар үстүнө,
Үшкүрүнгөн түгөнгүр,
Үч аяк куюп жутту эле.
Кула жээрде мас болуп,
Өңү кетип бузулуп,
Айчүрөккө сүйөнүп олтуруп,
Айбалтаны таянып,
Арстаның туруп үн салды:
– Көкүрөгүң соо болсо,
Падышам,
Жанаша барып айтууга,
Жана өзүңдөн ийменем.
Айланайын падышам,
Аскериңден коркомун,
Башыңа барып айтуудан.
Баш көтөргүн падышам,
Байбичеңден коркомун.
Көкүрөгүң соо болсо,
Көөсөр кулуң мен келдим.
Көзүңдү ачып, баш көтөр,
Кан Чубактын баласы,
Камандай болгон кайран эр,
Калмактан келген агарып,
Арстан каным баш көтөр!
Алмамбеттин баласы,
Атка минсе жарыштык.
Адырда жылкы ала баш,
Аргымак аты аралаш.
Тобурчак аты аралаш,
Томсортпогун кулуңду,
Канчоро каным баарлаш!
Чабуулду бирге чабыштык,
Чамыянды бирге алыштык.
Кагылайын падышам,
Какшатпагын кулуңду!
Кай жерде кадыр калыштык?
Тай кунандай тебиштик,
Касиеттүү падышам,
Тартышып эмчек эмиштик.
Карагай найза колго алып,
Жоону сайсак бир сайдык.
Менден мурун сен сайдың,
Сенден кийин мен сайдым.
Кутмандуу болсун жериңиз,
Куттуу болсун өзүңүз,
Кутмандуу ногой элиңиз.
Кулуңду кудай урдубу?
Уйкуңду бузуп салдым мен.
Колуңдан кетти айбыңыз,
Кутмандуу болсун зайбыңыз.
Арманымды айтайын,
Айланайын падышам.
Оң кечирим ойдуң – деп,
Өлтүрсөң, койсоң өзүң бил!
Айланайын султаным,
Ойготуп койдук сизди – деп.
Карагул калмак баш болуп,
Алты жыл азап көрсөттү,
Алты айча тозок көрсөттү.
Орогой чоку башына,
Кең Жет-Кайттын жайлоого,

Оолак конду кулдар – деп.
Карагулдай калмакты,
Көтөрүп барып сийгиз – деп,
Кан кылып койду эр Кыяз.
Көтөрүп барып чычырып,
Кололуу кумган колго алып,
Колу-жүзүн мен жуудум.
Күмүш тарак колго алып,
Күлчоро кулум кара – деп,
Күндө үч убак таратат.
Он эки аркан отунду,
Солк эттирбей мен шордуу,
Жер таянып койбостон,
Учтуу чоку башына,
Көтөрүп чыгып куурадым.
Эртеңде кетем кезерип,
Бешимде келем кабарап,
Бээ байлатат шабырга.
Падышам кулак салып тур!
Өтүрүк айтсам өлтүргүн,
Жалган айтсам жарып сал,
Канымды судай төгүп сал!
Кайдан келди кулум – деп,
Капа болбо падышам.
Оң кечирим оюлду,
Такыр тозок көрсөттү.
Отун өйкөп дал ортом,
Табактын оозундай оюлду.
Тарамышы кармап турат  – деп,
Колум түшмөк болду – деп,
Такыр тозок көрсөттү.
Бир чыны кымыз берет – деп,
Бир чакадай суу алып,
Кымырандап жутам – деп.
Көкүрөк чайкап алам – деп,
Көрсөттү кулдар моминтип.
Этим калды көк жашык,
Канчоро каным баш көтөр!
Каным калды бир кашык,
Азаптуу күндү көрсөттү,
Акмак кулдар токмоктоп.
Падыша камын баш көтөр!
Учурашып кетейин,
Мен шордуу чуркурап нетейин.
Эгемин не салганын мен шордуу,
Көрбөй не деп кетейин.
Бул жорукту көргөнчө,
Канчоро канымдын колунан,
Өлөйүн деп келгемин, каным!
Өлтүрчү болсоң,
Бат өлтүр каным,
Бу тозокту көрсөтпөй каным!
Бат өлтүр мени – деп,- каным,
Уйкуңду арам кылдымбы каным!
Кулуңду кудай урдубу каным!
Кетирбей кегиң жакшы алдың
каным!
Өткөзбөй өчүң сен алдың каным!
Камандай чоро чакырса,
Чалкалаган салбар күң,
Чачыкей бейбак кыңгырайт:
– Канчоро каным, падышам,
Кайдан келди какшаал – деп,
Баякы,
Какмар кулдун үнү бейм каным!
Өзүн өзү билгенби каным,
Эмгиче өлбөй тыякта каным!
Өлбөй тирүү жүргөнбү каным!
Какшаалдын жаны,
Айткан сөздү ук дейм каным!
Мынча неге бек болду каным!
Башымдын шакыйна кармап,
Камандай болгон какмарды,
Айткан кепти ук дейм каным!
Каңгыратпай башымды каным!
Какмар кулду чык дечи каным!
Он эки мүчө болкулдап,
– Кап канчыктын айткан сөзүн көр!

Төрөдөй болгон күлүстөн,
Төрдө турат болоктоп,
Көрүп турат солоктоп.
Анда Канчоро туруп кеп айтат:
– Атаңдын көрү акмак кул,
Кайдан келесиң чочко – деп.
Семетейди төрөгөн,
Каныкейди көрдүңбү?
Кандай кыйнап коюпмун,
Кара тонду кийгиздим,
Баш терини ийлетип,
Эки торпок кайтарттым.
Эмгекке салдым энесин,
Бир торпогун эмизсе,
Бир теринин бир бучкагын кайырса,
Чачыкейдей байбиче,
Эриккеним жазам деп,
Каныкейдей канчыкты,
Калмак кылып бийлетем.
Билбей койсо энесин,
Тогуз кулга урдуруп,
Тогуз кулга ийлетем .
Мунусун айтып нетейин кулум!
Ак бакан менен Бакайдын белин сындырдым.
Чөп алачык ордосу,
Куур чокою бутунда.
Куур шымы көтүндө.
Жалаң тону этинде.
Бакайга,
Көрсөтпөгөндү көрсөттүм.
Баарысын айтып этейин?
Камандай болгон акмак кул,
Катыныңды көрдүңбү?
Он беш ичиктин даакысын,
Бирин койбой жибектей,
Ийрип келет кечинде.
Жыргалчылык көрдүм деп,
Атаңдын көрү акмак кул!
Эр Кыяз досум эсенби?
Аяш Чүрөк канчык не тууду?
Ошонун,
Тууганын айтчы кулум – деп.
– Чачыкейдей байбичең,
Алты жыл, алты ай болду – деп,
Мынабу Чачыкейдей байбичеңе
Бир жаман оору жукту – деп.
Шакыйна деген оору экен,
Башын сенин,
Сөзүңө оорутпайм.
– Байкуш мынча келип калыпсын,
Ак жүктүн ары бурчунда,
Бир сере,
Эски кийимдерим бар эле,
Байкушум!
Ошону кийип бат чыккын!
Каргыттагыны ичкиле!
Семетейдин көөкөрү
Арагынан ичпегин,
Кымызды куюп ичкин – деп,
Атаа, алымсынбасаң,
Ачкыл жандуу эме элең,
Жарымын куюп ичкин – деп.
Атаңдын көрү чочко кул,
Кызыгып баарын ичпегин!
Баарын ичсең өлөсүң,
Азыр менден көрөсүң.
Деп шу сөздү айтканда,
Эр Күлчоро кеп айтат:
– Ашуу ашып, таш бастым,
Падышам,
Алтымыш күнү жөө бастым.
Сандалып басып мен шордуу,
Азаптуу күндү көп көрдүм.
Канчоро каным кулак сал!
Кадамымы катырбай каным,
Байкуш кулуң мен келдим.
Байбичеңдей көрбөйсүң каным,

Олжого кеткен Чүрөгүң каным,
Кыз төрөп берген кыябы каным.
Кыязга,
Каталык кылган оңбосун каным.
Калкында жатат досуңуз каным,
Алды каткан кулуңа каным,
Ак жүзүңдү көрсөтчү каным.
Эмгекти мынча не салдың каным!
Менин не жазыгым бар эле каным!
Көрсөңчү менин түрүмдү каным!
Көшөгө ачып баш көтөр каным!
Байкачы менин жүзүмдү каным!
Арстан бала айтканда,
Чачыкей канчык кыңгырайт:
– Канчоро каным, падышам,
Бул кандай сага,
Эрегишип калды –дейт.
Какмар кулду чык дечи!
Болбосо,
Канчоро кайра турсаңчы!
Ушу кулду жара тартып,
Өпкөсүн маа чапсаңчы!
Убалы барбы какмардын.
Ал аңгыча болбоду,
Канчоро төшөктөн
Күңгүрөнүп, көтөрүп,
Карса-карса жөтөлүп,
Алтындан кылган көшөгө,
Канчоро кайра сала койду эле.
Чоронун түрүн караса,
Белдемчи деген себили,
Мелтиреген түгөттү,
Беш кадамал темири,
Белинде турат ар түрдүү.
Койчу баатыр чоронун,
Колтукка койгон темири,
Кош кабырга себили,
Төрөдөй болгон чоронун,
Төшүндө турат себили.
Туулга деген себили,
Тулку аяктай темири.
Күмүш кемер курчанып,
Күндөй бети нур чалып,
Кара сур тарткан кабылан,
Кызыл өңү сур чалып,
Желке чачы суюлуп,
Өңү кеткен бузулуп.
Кутурган кара дөбөттөй,
Шилекейи куюлуп.
Кылычты кындан копшотуп,
Ойротту бузган Күлчоро,
Оңдонуп турат кайран эр.
Белен болуп турмакка,
Комдонуп турат кайран эр.
Канкорунун барындай,
Шаңданып турат кайран эр.
Канчоро көрө койгондо:
-Сөлөпөтү сөлпөтү,
Канкорунун келбети.
Кудай бизди урган бейм?
Апкөй тилдүү жөөт күң,
Балакетти салган бейм?
Касиеттүү Кыяздын,
Канын ичкен белем да.
Баатырынын барындай,
Жаркыраган жөөт күң,
Тур Чачыкей байбичем!
Жалапты кудай урган бейм!
Ай катыным бат тургун,
Какылдаган долу күң,
Канчыкты кудай урган бейм!
Алты ай калган курсакта,
Баласын тууп алган бейм?
Бу капыр,
Бирге балакетти салган бейм!
Эрбейтип атка мингизип,
Ногойго алып келген бейм.
Калкты бузган түгөнгүр,

Кул калыбына келген бейм?
Күбүрөшүп калды эле,
Шыбырашып калганда,
Күлчоро басты күлүндөп:
– Эмнеге жатасың?
Эсенсиңби Канчоро!
Шалкылдаган салбар күң,
Сасыган канчык аманбы?
Төрөмдүн төшөгүн басып алганын
Ант уруп кеткен акмактар,
Акылыңдан шаштың – деп.
Периштелүү төрөңдүн,
Салбарын чочко алгансып,
Жүзү кара Канчоро,
Буурул аттын күчү урсун!
Касиеттүү Каныкей,
Энесинин сүтү ургур!
Алмамбет, Чубак, Сыргактын,
Касиеттүү султандын,
Арбагы урсун Манастын.
Тааныйсыңбы мени? – деп,
Ант уруп кеткен кысталак,
Эми эрмек кылам сени – деп.
Качантан бери Чачыкей,
Башыңа кандай оору жабышты?
Умачтай көзүң ачайын,
Айыктырып салайын.
Атаңдын көрү канчык – деп,
Көшөгөнү түрдү эле.
Ак дамбал менен булайтып,
Көйнөгүнө жеткизбей,
Кара чачтан алды эле,
Каалганы жапты эле.
Канчорону төшөктөн,
Асили сууруп алды эле.
От жакты көздөй сүйрөдү,
Чалкасынан салды эле:
– Кең-Колдон алдың көчүмдү,
Кечиримди не кестиң?
Эсенсиңби падыша,
Эми алайын өчүмдү.
Таластан алдың сартымды,
Эмгекке салып кыйнадың,
Энекем менен Бакайды.
Эсенсиңби кайран эр!
Не жазыгы бар эле ай.
Чалкасынан басты эле,
Дагдайган төшкө үч тепти,
Чердейген ичке беш тепти.
Канчоро,
Алдында жатып карсылдайт.
Кабылан абам барында,
Алыскы шаарга ээлигип,
Кайран эр,
Калган экен жээлигип.
– Дагы бая эле ойну турбайбы?
Камандай болгон кабылан,
Кар жилик менен салышып,
Катуу ойноп жүрчү эле,
Кайгы күндү көрсө да,
Дагы эле,
Катуу ойну бар экен.
– Ошол ойнум бар – деди,
Эриккеним жазайын.
Эсенсиңби падышам,
Эрмек кылып алайын,
Убара кылып кичине,
Бир уйпалап көрөйүн.
Ойнодуң десең мени – деп,
Ушу күн көргөн мени – деп.
Эмгектүү күндү көрсөтөм,
Эрмек кылам сени – деп.
Ал жаака бир коюп,
Бул жаака бир коюп,
Алдында жатып Канчоро:
– Жаман чиркин Күлчоро,
Капыр акырын чапсаң болбойбу?
Тартып ийсе Күлчоро,

Оозунун баары быркырап,
Кашка тишин кыйратып,
Опсуз балбан ойрон кул,
Оозу-мурдун талкалап.
Сакалын жулкуп ыргытты,
Мурутун жулуп ыргытты.
Супсулуу жигит кылды эле:
– Эс алгын эми чочко – деп,
Чачыкей көздөй сүйрөдү.
– Басылдыбы башың? – деп,
Жаркыраган бейбакты,
Жаактан ары бир койду,
Жабыштыра бир тепти.
Кара чачтан алды эле,
Канчоронун мойнуна,
Казык бооч чала койду эле.
Кошоктоп сүйрөп экөөнү,
Эшикке чыкты эр неме.
Баатыр сүйрөп чыкканда:
– Алат күн абам экенсиң,
Баятан Бакай зерикти,
Бала Сейтек ээликти.
Арызга келген оңдонуп,
Акмак кулдар жалтанып.
Жамандык күндү көргөнүң,
Карагулдан көргөнүң.
Эр Кыяздан көрдүм – деп,
Эсерлерге айткыча,
Эрмек кылып алгыча,
Бая эле алып чыксаңчы,
Баатыр аба жерге кир!
Жаман киши өңдөнүп,
Жалдырап туруп аласың.
Арагын уурдап ичкиче,
Көрүнө ичсең болбойбу!
Бакай аба баргын – деп,
Бачым өчүң алгын – деп.
Бакай басып келди эле:
– Кусуру болсо, саа болсун!
Канчоро,
Кесир болсо, саа болсун.
Эмгектүү күндү көрсөттүң,
Бакайды сайып байгеге,
Кудай бардыр кысталак,
Балбандарын күрөштүрдүң,
Чалкалаган Чачыкейге,
Эрмек кылып берүүчү элең.
Менин не жазыгым бар эле?
Боздоттуңбу бизди – деп,
Боконо жүрөк берсеңчи!
Каныкей менен Бакайдын,
Эмне жазыгы бар эле,
Эмгекке салып кыйнадың.
Эсенсиңби каным – деп,
Эми сайгын Бакайды,
Эрмек кылгын мени – деп.
Табылгыдай таягын,
Имере кармап эр Бакай,
Куйкасын жара чапты эле.
– Кол булгабайм сага – деп,
Арманым чыкты күлүстөн,
Өлтүрсөң, койсоң өзүң бил!
Кылчайбай басып кетти эле,
Бакай Байтайлакты кыйкырды:
– Кыйратып чаап атат – деп,
Байтайлак балам бат алып кел!
Боз дөңгө чыгып бакырды
– Көк ала атты алып кел!
Бакайдын үнү чыкканда,
Канетсин Байтайлак,
Калың ногой көп журту,
Кызыл ок болуп калыптыр.
– Кудай урган турбайбы,
Алыстан жоо келгенби?
Байтайлак! – деп эр Бакай,
Бакырса да болбоду.
Уу жуткан уулум – деп,
Бакырса да болбоду.

Уу жуткан уулу оңбоду,
Чакырса да болбоду.
Көк байталга камчы уруп,
Беш эчкисин кууп алып,
Чоң курсак кара катынын,
Учкаштырып алыптыр.
Туйгун Бакай чакырса,
Тумшукка чыга качыптыр.
Бакай башы-көзүн койгулап:
– Кумга сийсем болбойбу
Тумшугу жок болбойбу?
Тумшугу жок мен Бакай,
Мусулман алпка билинбей,
Суугa сийсем болбойбу?
Кудай алсын ит Тайлак,
Жерге кирсин жер Тайлак!
Бөксөгө чыгып Байтайлак,
Көмкөрө журтту караса,
Жаш бала менен жалпы журт,
Көрүшүп жатат чуркурап.
Адамдын сөөгү зыркырап,
Чачыкей менен Канчоро,
Дамбалчан турат элейип.
Калкынын баары таңданып,
Карап турат селейип.
– Акмак жаман бат кел! – деп,
Бакай жана бакырды.
Башы-көзүн койгулап,
Каарданып кан Бакай,
Кайраттанып чакырды.
«Бакайге не болду?» – деп,
Көк ала атты токуптур,
Көк байталды сойлотуп,
Алып келип берди эле.
Көк байталдын үстүнөн,
Ачуусу келген эр Бакай:
– Акмак жаман өлбө! – деп,
Жыга чапты эр Бакай.
Арамдын кардын жарып салармын,
Жара тартып жаманды,
Жаркыраган жалгызга,
Өпкөсүн сууруп чабармын.
Өлтүрөмүн ошону.
Баланын жайы курусун,
Бата албады эр Бакай.
Мылтык менен жаманды,
Ата албады эр Бакай.
Ак эркечти алып кел! – деп,
Сандыргалуу жалгызга,
Садаганы чабам! – деп.
Байтайлак чаап калды эле,
Башы-көзүн ушалап,
Катуу чаап койдубу?
Как баш капыр оңбо – деп,
Кантсин байкуш Байтайлак,
Ак эркечти кармады.
Катыны келип талашты,
«Эркечимди бербейм» – деп.
– Кан ичменин тукуму,
Арстаным абам баласы,
Аманат аман келиптир,
Иниме садаганы чабам – деп.
– Иниң менен жерге кир – деп,
Эркечин алды эле,
Энетелеп жаман талашат.
Жаактан ары бир салды:
– Атаңдын көрү акмак – деп,
Малым турсун жалгыздан,
Кара башым аябайм.
Канчык ары тургун! – деп,
Катынын уруп токмоктоп,
Ак эркечти алды эле.
Эр жигитке өңөртүп,
Бакайга алып келди эле.
Эр Сейтекти чакыртып,
Жалпы ногой чуркурап,
Жалгызды карыш узатпайт.
Күлчоро тору айгырды токунуп,

Жаркыраган эр Сейтек,
Тооторуну токунуп,
Бакайды көздөй бастырды.
Каарданып Күлчоро,
Кары-жашын аралаш,
Барсылдатып сабады.
– Кабылан канкор Семетей,
Арстандын аты жүрбөй калганда,
Канчоро, Кыяз кыйкырып,
Кан султандын баласын
Кабыланды өлтүрүп,
Абакемен айрылдым.
Каралды болуп бергин – деп,
Акмак ногой аттансам.
Ат тартып келсем болбодуң,
Козголуп келсең көп ногой,
Ошондо,
Арыз кылып ыйлап бардым мен.
Аттанып берсең кол курап,
Эр Кыяз менен Канчоро,
Калган колум талкалап.
Акмак журтум аттансаң,
Канчоро менен эр Кыяз,
Өлтүрбөйт белем экөөнү,
Баладан кеткин садага,
Аттуу ногой оңбо – деп,
Алыстан жалгыз келгенде,
Алды алдынан экөөнү,
Ителги тийген таандай,
Быркыратып сабады.
Бөрү тийген миң койдой,
Дыркыратып сабады.
Касиеттүү кан Бакай,
Жалгызыңды чакырып,
Жалпы журттан бата алып,
Ак эркечти мууздатып,
Асылдан калган айнекке,
Санаттуу Бакай абасы,
Садаганы чапты эле.
Кан Бакайы баш болуп,
Канчородой достуна,
Калайык-калкы чогулуп,
Кыйла журттун баарысы.
Кызыл сарт менен көрүшүп,
Келишимдүү көп ногой,
Абысын-ажын буркурап,
Эки жүз катын чуркурап.
Кылыктанган бейбагың,
Жалпы журттун алдында,
Жаркыраган жеңеңиз,
Каныкей келет астында.
Калың журту байкаса,
Калыйман келет чатында.
Кары-жашы бир бөлөк,
Катар-катар көп ногой,
Карап турат Чүрөктү.
Кадиктүү сулуу түгөттү,
Жалпы журту байкаса,
Кан султандын баласы,
Калың ногой байкаса,
Канкорунун барындай.
Жасалганы салынды.
Жаратканга жалынып,
Эртеңки тийген күн жүздүү,
Кечинде тийген ай өңдүү,
Келбеттүү бейбак жеңеңиз,
Колоң чачтуу, кой көздүү,
Копшонгон сулуу Айчүрөк,
Кыргый сөөк кымча бел,
Кыбылжыган жеңеңиз,
Зымга тарткан күмүштөй,
Жыбылжыган жеңеңиз,
Эрди салкын, ээги узун,
Эр мүчөлүү жеңеңиз,
Жайкы семиз маралдай,
Чалкайыңкы жеңеңиз.
Он эки мүчө тең кеткен,
Коргошундай салмактуу,

Шалкайыңкы жеңеңиз.
Бир кыялы кармаса,
Дөмөктүү долу жеңеңиз,
Түпкүрдөн үргөн түлкү үндүү,
Түндө айдаган жылкы өңдүү,
Чарайна жуткан козу үндүү,
Чарк уктаган сирке өңдүү
Кернейдин айы үндүү,
Келбеттүү сулуу жеңеңиз,
Улутунуп үн чыкса,
Үйрүнөн азган тай өңдүү.
Күдөрүдөй былкылдап,
Күчүк иттей кыңшылап,
Келишимдүү жеңеңиз,
Кең ногой байкап караса,
Келбети бар ушунча.
Күңгүрскөй көк кепич,
Кырым маасы зайпана,
Желим өтүк, жез така,
Маасы менен эки өтүк,
Желимдеген жеке өтүк.
Аркыты менен башына,
Алтын менен күмүштөн,
Алтымыш эки кураган.
Анжыяндын Сынжыбек:
– Ким ултарган муну? – деп,
Үшкүрүнүп олтуруп,
Үч көтөрүп сурдаган.
Аягынан чопкутун,
Алтындан кылган чоң күрмө,
Аркалыгы жакуттан.
Аркасында балк этип,
Алтын каптуу чоң тумар,
Обу жок сулуу жеңеңиз,
Обуна байкап караса,
Ойронунун барындай,
Омуроодо жарк этип,
Салаандардын баарысын,
Көхаар менен жакутттан,
Кыйа салып чаптаган.
Салаандардын баарысын,
Баары алтындан тактырган.
Алкымынын баарына,
Аз келип кала тургансып,
Эки ийнине Айчүрөк,
Чыныдай жакут чөктүрүп,
Аяктай алтын чаптырган,
Кош кыялдан чаптырган.
Байкап турса көп ногой,
Баякы Чүрөк жеңеңдин,
Бар жасалга мойнунда.
Сөзүн айтып сумсайып,
Күзгүдөй бети тастайып.
Маралдай болуп маңкайып,
Акылга мол түгөнгүр,
Аркардай болуп шаңкайып.
Басып келди бойпоюп,
Кыргоолдой мойну койкоюп.
Кыя тартып кыйкайып,
Кыздан бетер суйкайып.
Адырга чыккан ак мыя,
Акылга мол шуркуя.
Күңгөйгө чыккан ак мыя,
Күйүттү тарткан шуркуя.
Эстеп турса көп журту,
Чачыкей менен Канчоро,
Акмактын жүзүн көргөндө,
Кумсарып келет Айчүрөк.
Андан бетер салбарга,
– Каап, Канчоро какмар салбар – деп
Келе жатат билинбей.
Этеги жерден сүйрөлүп,
Колу-буту түрлөнүп.
Быйты күңү жанында,
Камандай кулдун зайыбы.
Калыймандын сиңдиси,
Жаңкы Чүрөк жанында.
Кара шамшар колунда,

Каныкейди караса,
Ак баки келет колунда.
Баки журттун ортодо,
Басып келип Күлчоро,
Өлтүрмөккө экөөнү:
– Эми жеңем көрсүн – деп,
Кыйноого салып өлтүр  – деп,
Кысталак чочко – деп.
Кан жөткүртөм сени – деп,
Кайгыга салдың мени – деп,
Канчоро чочко, Чачыкей,
Тозоктуу күндү көрсөтүп,
Томсорттуңбу мени – деп.
Тозокко салам сени – деп,
Жесирлер жакын келгенче,
Кан жөткүртүп экөөнү,
Камандай күчтүү түгөнгүр,
Убара кылып ушалап,
Тебетейдей тепкилейт.
Айчүрөк келип кеп айтат:
– Арстан тууган Күлчоро,
Кара көңүл кабылан,
Кара көк тууган кан ичме,
Армандуу өлүп калбайбы?
Ашыкмалуу түгөтсүң,
Как өзүңдөй кылсаңчы!
Кадимкидей кыйначы!
Азыр экөөң өлтүрсөң,
Амириң кайдан бүтөт? – деп.
Аңгыча жеңең келбесе,
Өлтүрмөк болгон экөөнү,
Кан жөткүртүп кайран эр,
Эли турат элейип,
Жоболондуу жолборс – деп,
Канча канга тойбогон.
Жалпы журту жалдырап,
Кан Алмамбет тукуму,
Касташкан душман кабылса,
Жалганга тирүү койбогун!
Жандын баары сойлогун!
Жаман ачууң келген бейм!
Бизди өлтүрүп салбасын,
Кызыл кыргын кылбасын!
Кудай сактай көргүн! – деп,
Баары турат селейип.
Алдына келип Айчүрөк,
Каарданып Каныкей,
Камандай кулдун зайыбы,
Капа болуп Калыйман,
Канчорого келишти.
Кескилемек болгондо,
Канчоронун бетинен,
Каныкей карыш жерин тилди эле.
– Кесир болсо боо болсун,
Кусуру болсо боо болсун.
– Карылык кылба энеке,
Катындык кылба Калыйман,
Деп Айчүрөк жеңең канетсин!
Азыр эне өлтүрсөм,
Баякы баары бир өлүм.
Капа болбо эне – деп,
Кайгырбагын чоро – деп,
Азапка салып кыйна – деп,
Акмактарды өлтүрбө!
Айланайын күлүстөн,
Сабыр кылсаң болбойбу?
Ар кайсыны ойлобос,
Ар немени байкабас,
Андан көрө кыйноого,
Оң кечирин ойгун – деп,
Бир колу менен койгун – деп,
Карагулга бергендей,
Как өзүңдөй кылгын – деп,
Калкың көрүп турсун – деп.
Айчүрөк жеңең айтканда,
Каарданган кайран эр,
Кабылан тилин алганда.
Алаша моюн зор баки,

Акыры болот чоң баки,
Оң далынын кечирин,
Кары-жашы жалдырап,
Карап турат көп ногой.
Табактын
Оозундай жерин ойду эле.
Какшаал
Кансырап өлүп кетет – деп,
Кан токтотуп салмакка,
Кара дары септи эле.
Каны токтоп турду эле,
Чорону кудай берди эле,
Чочкону карап турду эле.
Калыйман менен Каныкей,
Кечирин кесип жеди эле,
Чекидей этке тойду эле.
Кан Бакай кийген кара тон,
Канчоро кулга кийгизди,
Как өзүндөй кылды эле.
Бакай кандын чий калпак,
Куур шымын кийгизип,
Кууратты минтип бул кулду.
Бакайдын көк кисесин курчантып,
Быйты күңдү чакырып,
Каныкей, Бакай карады:
– Кабыланды төрөгөн,
Кагылайын энеке.
Асыл аба ары тур!
Арам күң сенден жазганат,
Арстан тууган күлүстөн,
Чалкасынан баскын! – деп,
Каныкей, Бакай кеткенде,
Чалкасынан басты эле.
– Кусуру болсо саа болсун!
Кесири болсо саа болсун!
Калың ногой какмардан,
Кабылан төрөм өпкөндө,
Кайран чоро байкушка,
Каралды болбойт чорого.
– Какшаал ногой көп журттан,
Жазганбагын Быйты күң!
Абакем менен энеме,
Азаптуу күндү көрсөткөн,
Азабын берчи какмардын!
Опсуз тууган орой күң,
Жалпы журтту көргөндө
Жазганбады түгөт күң.
Күлчоро
Жаактан ары бир койду.
Арманы чыкты чоронун, Алымсынды Каныкей.
– Айнегимди көрсөткөн,
Садага кетсин Чүрөгү!
Бакай менен Каныкей,
Көк ала ат минип сойкоюп,
Ак селдеси казандай,
Бакай арстанынын барындай
Аманаты келгенде,
Кан Бакайды карап ал!
Кабылан канкор барындай,
Кадимкидей болду эле.
Кара-Буура, Чаткалда,
Калың ногой журтунун,
Кайкалатып кечирип,
Кан султандын барындай,
Кадимки журтка кондуруп,
Көч көчүрүп жылкы айдап,
Кырк жигитин ээрчитип,
Кызыл сарт келди ошондо.
Бакай кан көздөй бастырды,
Баатыр тууган кайран сарт,
Бакайдын жүзүн көргөндө,
Аттан түштү Кызыл сарт.
Кызыл сартты көргөндө,
Көк ала аттан эр Бакай,
Көк чыбык мылтык ийнинде,
Көк ырапыс чопкутчан,
Көк жой болот жанында.

Көлбүгүп басты эр Бакай.
Көк кепиччен, сары шым,
Көрүнүп келет эр Бакай.
Көп журтунун алдында,
Бөлүнүп келет эр Бакай.
Көк ала атты жетелеп,
Баатырдын уулу эр Сейтек,
Бастырып келет артында
Кызыл сарт менен көрүшүп,
Кыйла Бакай өбүшүп:
– Эр Кызыл сарт эсенби?
Кайгы тарткан байкушка,
Кайдан баатыр кабылдың.
Кан Бакай туруп сурады:
– Кандай иш менен кабылдың?
– Асыл Бакай угуп тур!
Анжиян, Кашкар шаарымдан,
Кан Бакай,
Кабарың катуу мен уктум.
Акыреттик достумду,
Алаттан өттү деп уктум.
Эр Толтойдун баласы,
Канчоро кул чакырып,
Аңгемени зор уктум.
Ат-тонунан ажырап,
Акмак казак чочкого,
Ат-тонун берди деп уктум.
Моминтип,
Акмак болду деп уктум.
Казак кимче болуптур,
Бузулуп душман сөзүнөн,
Эр Канчоро чочкодон,
Кыска жерден айтайын.
Азапты көрдү деп уктум.
Эмгектүү Бакай, Каныкей,
Эр Кыяз менен Канчоро,
Экөөнөн,
Эмгек көрдү деп уктум.
Кан султандын баласы,
Канчоро кулдан өлдү – деп,
Кабарын катуу бек угуп,
Капа болуп сөз уктум.
Каныкей менен Бакайды,
Канчоро кулдун колунда,
Карып болду деп уктум.
Салбар, долу Чачыкей,
Калың кара тай союп,
Канчоро алды деп уктум.
Ойротту бузган Күлчоро,
Окшомдуу сулуу аяшты,
Кысталак Кыязга,
Быйты күңдү ээрчитип,
Олжого берди деп уктум.
Карагул калмак динсиз кул,
Ошону,
Калмакта калды деп уктум.
Ойрон кулду токмоктоп,
Отунга салды деп уктум.
Каныкей менен Бакайды,
Чөп алачык жашатып,
Ошол үйгө киргизип,
Азапка салып ошондой,
Аңгемелүү кеп уктум.
Анжиян менен Кашкарга,
Кара сартын баш кылып,
Алты миң аскер алдым мен.
Акмак сарттан албадым,
Акылдуудан жыйдырып,
Аскер башы мен кылдым.
Сарт да болсо мыктыдан,
Жоо жагына ыктуудан,
Аткан октон качпаган,
Амирге туура кара көк,
Ажалдан башын тартпаган,
Аскерди алдым мыктыны.
Найзакерден баатырды,
Союл чабар күчтүүнү,
Айбалта шилтээр балбанды,

Кылыч чабар кыйынды,
Жүрөктүүдөн жыйдым мен.
Анжиян менен Кашкардан,
Алты миң койду чогултуп,
Ашуу ашып, таш басып,
Азык-түлүк мол алып,
Ок дарыны зор алып,
Алтымыш күнү жол тартып,
Жет-Кайттагы Кыязга,
Жетип бузук салмакка,
Чыктым баатыр Кашкардан.
Кең Жет-Кайттын чатынан,
Аяшыма кабылдым,
Аманатты таап алдым.
Кайгы тарткан кайран эр,
Жоболоңдуу күлүстөн,
Жолумдан чыкты бул чоро,
Жолугуп калды жаш бала.
Аңгеме айтып нетейин,
Күлчорону чеч десем,
Оң кечирин ойдуруп,
Сол кечирин сойдуруп,
Тарамышы кармап туруптур.
Ак дарыны салдым мен,
Айыктырып салдым мен.
Апкөй тилдүү Айчүрөк,
Акырын ботом кеңешип,
Атаңдын көрү Кыязды,
Амал менен өлтүрдүк.
Жедигерди билгин – деп,
Аскер башы арбын – деп.
Карыш чыгып жедигер,
Кол курап чыгып,
Кайраттанып атышып.
Бирин койбой кыргын – деп,
Мен аскерди таштап келдим – деп.
Кара сартым башында,
Баарын койбой кыйрат – деп.
Каарданса Кара сарт,
Кара элечек кылат – деп.
Аяшымды ээрчитип,
Акырын Бакай, Каныкей,
Аманатың кашымда,
Азыр келдим эми – деп,
Көрдүм Бакай сени – деп.
Бакай менен Кызыл сарт,
Арманын айтып көрүшүп.
Анда Бакай кеп айтат:
– Ээ Кызыл сартым макул – деп,
Аяшым ушул сөзүң акыл – деп.
Кабыланым барында,
Карагай найза колго алып,
Айкын ала төргө алып.
Коңур салкын күзгө – деп,
Чабуулду салсам, мен салдым,
Кыргынды салсам, мен салдым.
А да болсо бир кезек,
Муңканбаймын аяшым,
Бул да болсо бир кезек.
Ажалдуу пенде өлүүчү,
Аркасында калганы,
Азаптуу күндү көрүүчү.
«Өлбөй тирүү жүрсө» – деп,
Момундай жарыкчылык көрүүчү.
– Жүрү аяш Кызыл сарт!
Баки журтту кондуруп,
Баабединди чалалык.
Балага бата алалык,
Ак сакалдуу карыдан,
Мекеге барган ажыдан,
Көп жашаган карыдан,
Көптү көргөн сарыдан.
Жаркыны Бакай агасы,
Жар чакырды журтуна:
– Калың ногой келгин! – деп,
Камырын таптым канкордун.
Баатыр Манас кан султан,
Алмамбет, Чубак, кырк жайсаң,

Кабылан Манас баатырдын,
Кара Сергек кыргагы,
Кара сур тарткан камыштай,
Серек менен Сыргагы.
Ар жагында айнекти,
Колдой көргүн арстандар.
Кудай бизге берди – деп,
Кан султан өзү барындай,
Кадимкидей болдук – деп.
Кан Бакай атап мууздатып,
Баки журтун чогултуп,
Баабединди чалдырып,
Чачыкейдей бейбакты,
Кашка тишин сындырып.
Жет-Кайттан келген зор үйгө,
Мейманкана чоң үйдү,
Мелтиреген зор үйдү,
Ногойдон окчун көтөрүп,
Канчоро менен Чачыкей,
Ошол үйгө киргизип,
Канчорону касаптап,
Как өзүндөй кылам – деп,
Күлүстөн келип кеп айтат:
– Кан Бакай менен Каныкей,
Ай Кызыл сарт, Айчүрөк,
Менин сөзүмдү укчу – деп айтат.
– Канчоро менен салбарды,
Өз билиминче кылайын.
Как өзүндөй көрсөтүп,
Кадимкидей коюп,
Ант уруп кеткен акмакты,
Оң кечирин союп,
Бир колу менен коюшуп,
Кара тонду кийгизип,
Кара шым менен чоң чокой,
Малакайы калмактын,
Он эки аркан отунду,
Сол ийнине көтөртөм.
Так өзүндөй кылам – деп,
Чачыкей салбар экөөнү,
Каныкей менен Бакайдай,
Калыбына салам – деп.
Азапка салып кыйнайын,
Көрбөгөндү көрсөтүп,
Ичпегенди ичирип,
Так ошондой кылам – деп.
Калың журттун ичинде,
Камандай чоро булкунду.
Анда чоро кеп айтат:
-Арстаным, чором – деп айтат.
Кулагың салгын мага – деп,
Кеп айтайын сага – деп,
Менден чыгат сонун кеп.
Кумсарбагын күлүстөн,
Кулагың салып уккун кеп.
Ачуу шайтан, акыл дос,
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабыр кылсаң болбойбу?
Кесир болсо, боо болсун,
Кусуру болсо, боо болсун.
Өлтүрүп койсоң эки итти,
Амириң бүтпөйт андан – деп.
Азапка салып кыйнагын,
Айтымыңдай кылгын – деп.
Кайгы күндү көрсөт – деп,
Как ошондой кылгын – деп,
Арам кыял ант ургур,
Азаптуу күндү көрсүн – деп.
Тирүүлөй кыйна чочкону,
Тозокко салып токмокто!
Өчпөстүн отун жаксын – деп,
Өлбөстүн даамын ичсин – деп.
Көрбөгөнү көр болсун!
Азаптуу күндү көргөзүп,
Ант уруп кеткен какмарга,
Аябай бузук көрсөтүп,
Санатта жок токмоктоп,
Как өзүңдөй кылгын – деп.

Какшаал кулга кылгын – деп.
Эти калсын көк жашык,
Каны калсын бир кашык.
Камандай кулду кыйна – деп,
Как ушинтип өчүңдү ал!
Акмак кулду өлтүрүп,
Кантип өчүң аласың?
Армансыз болуп өлтүр – деп,
Азапка салып кыйнатып,
Чачыкей менен Канчоро,
Өз алдынан койчу – деп.
Бир колу менен койгун – деп,
Моминтип азап көрсөткүн!
Сол колу менен бээ сойсун,
Отун алып, суу куйсун.
Баякы кесириң ушу – деп,
Күлүстөн,
Моминтип койсоң болбойбу?
Акылын айтты Айчүрөк,
Арстан чоро «макул» деп,
Айтымындай кылышып,
Ак үйгө жеңең кирет бейм,
Акун кандын төрүндө,
Жаңкы агаң жагдайлап,
Жасатат белем зор үйдү.
Жеңеңиз кирет ошондо,
Эл жайлоого чыгарда,
Сары талдан кыдырган.
Жайлоодон жалпы түшкөндө,
Сары кайрак болду – деп,
Ногойдон уста жыйдырган.
Керege менен уугун,
Кубулжуган копшутуп,
Ошо үйдү жеңең окшоткон.
Керегесин келтирген,
Күмүш менен көктөткөн.
«Адам карап турсун» – деп,
Алтын менен безеткен.
Абайлап турган кишинге,
Отуш беш көктүү, кырк баштуу,
Опсуз бейбак жасаткан.
Кан султандын тукуму,
Кабылан жолборс келсе – деп,
Уздугун журттан арбыткан.
Була менен жибекти,
Кыз-келинди чогултуп,
Акылдуусун алдырып,
Була менен жибектен,
Кыя сала чырматкан.
Бир куруму жеңеңиз,
Бүтүн кырман чаптырган,
Алымын салып баарына,
Тармалдууну тандатып,
Уяңдуусун чогултуп,
Жүз балбанга жыктырган,
Жушаңчыга кырктырган.
Эки жүз балбан чогултуп,
Упагын тандап тыттырган.
Кызга кыйла сабаткан,
Келинге кесе бастырган.
Келбети жакшы болсун – деп,
Кемпирлерге кестирген.
Келиндерге тептирген,
Жабык башын баарысын,
Тубар менен ойдурган.
Ого менен кундузду,
Кыбылжытып жеңеңиз,
Кыя сала койдурган.
Кадиктүү бейбак жеңеңиз,
Как ушундай жасаткан.
Көк сур экен көркөмү,
Жашыл сыр экен жалкыны,
Кара сыр экен калыңы,
Кызыл сыр экен кынамы.
Акылга мол бейбагың,
Ак сыр экен ачканы.
Ар борумун келтирген,
Каалгасы тээктүү,

Карап турган пендеге,
Кандай айтам түгөттү.
Жабык башы баарысы,
Карыш кундуз жээктүү.
Зымдан боосун тактырган,
Сырдатып үйдү чаптырган,
Зымдан боосун тактырган.
Ант уруп кеткен Канчоро,
Салынды катын Чачыкей,
Салбар кирген ал үйгө.
Жерге журтун чогултуп,
Арстаның төрөң барындай,
Калкына шилен бердирип,
Канкордун уулу жаш бала,
Кабылан жолборс келгенде,
Кадимкидей болушуп,
Калкынын баары чогулуп,
Кабылан жолборс Күлчоро,
Касиеттүү кан Бакай,
Каныкей келди кашына.
Калкынан бата алышып,
Болушуп жүргөн Бозбала,
Баатыр Кыяз падыша,
Ак байбиче зайыбын,
Эр Кыяздын катынын,
Эр Бозбала бул алган.
Энчисин бөлүп чыгарган,
Калың ногой журтуна,
Алты күн атты чаптырып,
Кан көтөрдү Күлчоро,
Карапайым шер неме,
Капа болбойт кайран эр.
Канчоро менен Чачыкей,
Жет-Кайттан келген боз үйгө,
Ушул үйгө киргизди.
– Кесири болсо, боо болсун,
Кусуру болсо, боо болсун,
Кудай урса дагы урсун,
Арбак урса сени урсун,
Атаңдын көрү какшаал – деп,
Акмак болуп жазаткын – деп,
Канчоро менен Чачыкей,
Ант уруп кеткен акмактар,
Азапка салбай асылды,
Кабылан төрөң барындай,
Касиеттүү байкуштар,
Калыбынча койду эле.
Калкына шилен бердирип,
Алты күнү ат чапты.
Кожо-молдо, эшенге,
Акылга мол чеченге,
Акылга зирек баатырга,
Арстан уулу эр Сейтек,
Ат токутуп бердирип,
Ак сакалдан бата алып,
Кожолорго кой берип,
Молдолорду чакырып,
Болумдуу жорго мингизип,
Болбогон тонду кийгизип:
– Батаңды бергин эшен – деп,
Мындан бата бул алып,
Бала Сейтек жалгызың,
Калың ногой чакыртып.
Камырын таап Манастын,
Калайыктан бата бул алып,
Акырет кеткен Манаска,
Алты күн куран окутуп,
Ээликмелүү кайран эр,
Эр Күлчоро кашында,
Көк ала ат менен сойкутуп,
Кадимкидей кан Бакай,
Калкына минтип жатты эле.
Баатырдын уулу эр Сейтек,
Эр Күлчоро, эр Бакай,
Айчүрөк менен Каныкей,
Эл четин алды Күлчоро,
Болушуп жүргөн Бозбала,
Кан болуп сурап бул турду.

## ЭР СЕЙТЕК КОЛУКТУСУН АЛГАНЫ

Арстандын уулу жалгызың,
– Балтыр эти толсун- деп,
Бакай менен Каныкей,
Балбан чагы болсун – деп.
Күлчоро менен Айчүрөк,
Эр Кызыл сарт бул төртөө,
Эки жылга бармакка,
Алыскы жерде кимине,
Баатыр Сейтек баланын,
Күлнары деген зайбына,
Эки жылдар өткөн бейм?
Элиңде сартың жаткан бейм?
Кең-Кол, Талас тетиги,
Жеринде сартың жаткан бейм?
Кайран сартың кеп айтат:
– Ай күлүстөн – деп айтат,
Аяш эне Каныкей,
Асылым Бакай аба – деп,
Кеп айтайын сага – деп.
Бу жыл үчүнчү жыл болуптур,
Биз Жет-Кайтты көздөй баралы.
Каныкей менен Айчүрөк,
Аскер жыйып алайын.
Кызыл сарт, Бакай абам – деп,
Жет-Кайттагы жедигер,
Толтойдун элин чабам – деп.
Каргадай болгон жалгыздын,
Катынын бу жыл алам – деп,
Аңгемени салам – деп.
Арстандын уулун ээрчитип,
Асылдар жүрдү моминтип.
Кадимкидей жүргүн- деп,
Канчоро менен Чачыкей,
Ай Бозбала сак бол!
Жарым журтту көчүрүп,
Туюнтайын Бозбала,
Бул душман качып кетпесин!
Этият болгун ушуга!
Түнүнкүсүн болгондо,
Күзөтчү коюп кайтарткын!
Жеке салып бекитип ,
Эртең менен болгондо,
Экөөнү бирдей кошоктоп,
Аркандаган эмедей,
Азапка салып кайтаргын!
Соютун бергин аябай,
Энчисин бердим экөөнүн.
Эки жүздөй мал бердим,
Айчүрөк менен Каныкей,
Кан Бакай менен Кызыл сарт,
Эр Күлчоро, Калыйман,
Калкынан,
Ногойдун баары чогулуп.
– Ойрондун уулу жетимдин,
Катынын алып келем – деп.
Ок-дарыны мол алып,
Жет-Кайтты көздөй жол алып,
Жеринен чыгат Күлчоро.
Жет-Кайтты көздөй бет алып,
Кайрылып туруп кеп айтат,
Камандай болгон Күлчоро:
– Калың ногой көп журту,
Кагылайын Бозбала,
Ногойдун баарын жыйыптыр.
Баки ногой журтуңду,
Башкарып тургун Бозбала.
Алыскы жерге жол тарттым,
Аман болсок биз байкуш,
Айнектин зайбын аларбыз.
Ары барыш бир ай – деп,

Бери келиш бир ай – деп,
Кубат берсе кудайым,
Алтымыш күндө келербиз.
Канчоро кулга сак бол!
Как өзүмдөй кылгын – деп,
Бир колу менен койдум – деп.
Шаатемирдин шаарына,
Кокустан качып кетпесин.
Салбар күңдү ээрчитип,
Шаатемирдин шаарына,
Атандын көрү арсыз кул,
Качып жүрүп кетпесин.
Оюна келип түшпөгүн!
Көшөкөр эле көп ногой,
Көөдөк сырың айтпагын!
Сыртынан багып жүрө бер!
Жарагың жандан кетирбе!
Өлтүрөт элем ошону,
Каныкей, Бакай, Калыйман,
Айчүрөк төртөө болбоду.
Жаманда баатыр тек жок – деп,
Жакшыда баатыр кек жок – деп,
Жалгызга кесир болот – деп,
Балага саат болот – деп.
Эрдибиз ашка жеткенде,
Тумшук ташка тийбейби?
Капа болбо чоро – деп,
Артыкча Каныкей, Бакай болбоду.
Ар убалы өзүнө,
Арыз кылып саа буркурар.
Кулагыңды тоспогун,
Айткан кебин укпагын!
Баш катпагын үйүнө,
Жалпы журтка билгизбе!
Көшөкөр журтка көп айтпа!
Кудай алсын көп ногой,
Кошомат кылат чорого.
Артынан аңдып жүрө көр,
Айланайын Бозбала.
Кары менен жашына,
Бүжүрөп жүрүп сөз айтпа!
Кошоматты кылба сен!
Күн тийген жердин чоросу,
Кудай алсын ит ногой,
Ушул акмак ногой көшөкөр,
Канчородой чочкого,
Кайрат айтан ногойду,
Катка салып ала көр!
Кара көңүл эме элең,
Кайратың бар шер элең.
Катылбагын чочкого,
Шаатемир шаарын бет алып,
Салбар күңдү ээрчитип,
Качып калса Канчоро,
Кыйык атып салгын – деп.
Баки ногой журтумду,
Арстан досуң келгиче,
Башкарып баккын досум – деп.
Колуңду берчи мага – деп,
Коштошомун сага – деп,
Учурашып досуң,
Кан Бакайдын артынан,
Камандай чоро жөнөдү.
Ашуу ашып, таш басып,
Агыны катуу суу кечип,
Өзү көргөн жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Он тогуз күнү жол басып,
Жол басса да мол басып,
Жет-Кайттагы жедигер,
Кызыл сарт менен эр Бакай,
Эр күлүстөн келатат.
– Абийрин аскер ачпасын!
Ошо сартың качпасын!
Колуңдун баары кетпесин,
Кара сартың өлтүрүп,
Анжиян турсун аркага,
Ар бир жерден жолуктуң,

Абийриңди ачты элем.
Кара сартка ишенбей.
Койгун аяш ардыкпа!
Жедигер көчүп кетпесин!
Анда туруп Кызыл сарт:
– Андай айтпа – деп айтат.
Кара сарт аман болгондо,
Качкан сартын кырат – деп,
Кара сарт өлсө кетти – деп,
Болбосо колум былк этпейт.
Кара сарт туруп айтканда:
-Кой ишенбе деймин Кызыл сарт,
Кара сартты баш кылып,
Сен аскерди таштап келдиң – деп.
Ай мактанба аяш – деп,
Эмгиче,
Акмак сартың кетти – деп.
– Качуучу болсо кырам – деп,
Мен качкан кулга кирем – деп.
Жет-Кайтка жетип келишип,
Эл четине конушуп,
Өз алдынан болушуп,
Коногуна кой союп,
Кызыр эмди тай союп,
Ат өргүтүп алмакка,
Бой сергитип алмакка,
Берендерди байкасаң,
Камсанабай Күлчоро,
Кадимкидей жатты эле.
Эртесинде болгондо,
Кызыл сарт атка мингенде,
Эми кыйкырып жолго кирди эле.
Каарданып кайран сарт:
– Кара сарт доңуз кайда? – деп,
Байрак булгап бакырып,
Сарттын колун чакырып,
Жет-Кайттагы жедигер,
Жерден желек түрүптүр,
Былк эттирбей билиптир.
Эр Кызыл сарт караса,
Ай алты миң аскер былк этпей,
Ажалынан аскерден,
Алтымыш киши өлүптүр.
Жыргап-куунап жайына,
Жаткан экен көп аскер.
Кызыл сарт барып кыйкырып,
Кара сартты чакырып:
-Жедигер аман жатабы?
Же буудандын оозун бурдуңбу?
Аман-эсен журтуңду,
Жакшы багып турдуңбу?
Же качканы болсо кырдыңбы?
Же катынын жесир кылдыңбы?
Же бөөдө бузук салдыңбы?
Же акмак кылып салдыбы?
Анжиян менен Кашкарга,
Алып кетчү журтумду,
Акмак кылып салдыбы?
Эл Кызыл сарт сурады эле,
Эр Кара сарт кеп айтты:
– Качканы жок журтуңдан,
Кайтарып турдум көрдүңбү?
Кай жеринде муңу бар,
Каталыкты көрсөтпөй,
Калың журтуң көрдүңбү?
Кандай багып турупмун,
Карасаңчы – деп айтты.
Ногойдон жалгыз келдиңби?
Кырк чороңду ээрчитип,
Эсен-аман келдиңби?
Эмне берди Күлчоро?
Не жооп айтты эр Бакай?
– Жедигерден берем – деп,
Эр Күлчоро, эр Бакай,
Аяшым жаркын Айчүрөк,
Каныкей, Бакай келди – деп.
Орускан кызы Күлнары,
Белгилүү сулуу кыз эле.

Берендин уулу жалгызга,
Аманат калган чунакка,
Илгери бел куда болуп
койдум – деп,
Быйыл он жети жашка чыкты – деп.
Мен ушул,
Айнектин зайбын алам – деп,
Каныкей, Бакай, Күлчоро,
Асылдан калган жалгыздын,
Акыры зайбын алам – деп,
Асыл аяш Айчүрөк,
Алыскы жерден келатат.
Жедигерден мал айдап,
Калың айдап беремин.
Айнектин зайбын алам – деп,
Таласка кайра барам – деп,
Ат чаптырып той кылып,
Калктан бата алам – деп,
Айкожосун чакырып,
Ашкере нике кыйдырып,
Ат чаптырып той берип,
Калкынын баарын чакыртып,
Камырын таап Манастын,
Кайрылып кайтып келем – деп,
Аңгыча балам былк этпей,
Жата бергин кайгырбай.
Кара сарт балам былк этпе!
Капа болбо балам – деп,
Кайра чапты Кызыл сарт.
Кан Бакайга келди эле:
– Кана колум качканбы?
Ар кайсыны айтасың,
Күлүстөн сенин
Арамдыгың бар экен.
Кан Бакайга кеп айтат:
– Асыл Бакай аттан – деп,
Аяш эне Каныкей,
Баарыңар жүрү – деп айтып,
Кош колоңун тарттырып,
Аяттан куран окутуп,
Желмаянды чөгөрүп,
Эр Күлчоро күлүстөн,
Жарактын баарысын арттырып.
Ок дарысын жүктөтүп,
Ошондо чоро аттанып,
Кызыл сарт менен Бакайды,
Эр Күлчоро чакырып:
– Калың кара жедигер,
Кандай себеп кылабыз?
Калкына кыргын көрсөтүп,
Кара элечек кылсакпы?
Кадимкидей кырсакпы,
Такыр чаап талкалап,
Кырып олжо кылсакпы?
Кыргын салып ийсемби?
Кысталакка кылсамбы?
Эр Күлчоро, арстан шер,
Ызырынат моминтип.
Каныкей менен Айчүрөк,
Келишимдүү Кыяздан,
Кегиңди алдың чочкодон.
Кой, буудан оозун бурбагын,
Каршылык кылса калкына,
Аябай кыргын салсаңчы!
– Бир атадан бирөө бар,
Муну өлтүрүп салганда,
Мында убал болбойбу?
Кары-жашын кырганда,
Какшап зайыбы калганда,
Мында убал болбойбу?
Кабылан абаң өлгөндө,
Капа болбо күлүстөн,
Ойлосоңчу чунагым,
Кандай күндү көрдүң – деп.
Жетимдин баары бирдей – деп,
Убалы болот айнекке,
Сааты тиет жалгызга,
Кой андай ишти кылбагын!

Кызыл сарт туруп кеп айтат:
– Ай Күлчоро күлүстөн,
Карагай найза май кылдың,
Эр Кыязын жай кылдың.
Баш көтөргөн баатырын,
Баарысын бирдей жай кылдың.
Кайсынысы келет – деп,
Кары-жашы калыптыр,
Кайсыны кылар алы бар?
Бакай кандын алдында,
Кеңеш кылып Бакайды,
– Кой, балдарым, койгун – деп,
Кызыл сарттын аскери,
Аман-эсен бул жаткан.
Калың аскер алып келдим,
Канетип куру кетет – деп.
Урушарга жоо жок – деп,
Урунарга тоо жок – деп.
Жедигерди жыйгын – деп,
Эртерээк кетем элиме.
Анжиян менен Кашкарга,
Сагынып калдым балдарым.
Баки журтун чогултуп,
Жарактын баарын салынып,
Жалпы журтун жыйды эле.
– Бас десеңиз басабыз,
Өл десеңиз өлөбүз.
Эгем таала кудайдын,
Не салганын көрөбүз.
Не кылсаң да өзүң кылгын – деп,
Кырсаң да кырып салгын – деп.
Кырбасаң айдап барып ногойго,
Калкыңа айдап барсаңчы!
Калкыңа бизди кошуп,
Тууган кылып алсаңчы!
Каршылык кылба бизге – деп,
Качпайбыз баатыр сизден – деп.
Калың журту чуркурап,
Жетим-жесир буркурап.
Каныкей менен Айчүрөк,
Баякы биздей болду – деп,
Жашык болуп калыптыр.
Алар ыйлап болоктоп,
Эки бөлдү Күлчоро,
Кара сартты чакырып,
Камчыга салып жылкыны,
– Койгун ынак сартым – деп,
Анжиянга алпар – деп,
Короосу менен кой берип,
Аскердин баарын чакырып.
Алтымыштан ат берип,
Айдап жолго салды эле.
Кан Бакайга келди эле,
Калкынын баарын бөлдү эле.
Орусту көздөй жүрүшүп,
Жылдырып жылкы айдатып,
Орускандын шаарына,
Кызыл сарт баатыр жол баштап,
Өзү көргөн жол менен,
Аябаган шаар экен.
Калың калктын четине,
Кан Бакай барып конду эле.
Кызыл сарт, Бакай, Каныкей,
– Жүрү Бакай баатыр – деп,
Элчиликке баралык,
Эл аралап келелик.
Кан кудалап баралык,
Калк аралап келелик.
Кандай жооп айтат – деп,
– Кыз бербеймин – деп айтса,
Кызына кыргын салалы!
Кызыл сарт, Бакай кеңешип,
Көк ырапыс чопкутчан,
Бакай жүрдү башына,
Кызыл сарт жүрдү кашына.
Сандыргалуу кайран эр,
Шаарга кирип барышып,
Орускандын шаарына,

Ошондо барып кеп айтат:
– Кан кудаңыз келди! – деп.
Алтымыш аскер бир турат,
Сексен желдет бир турат.
Кылычы кында кыңгырап,
Жарактын баары жанында.
Жанагы сартың барганда,
Орускан уулу Окоро,
Күрөң ат минип күлкүлдөп,
Аскер алып ээрчитип,
Кой чагыр мылтык асынып,
Кызыл сарт келди кашына.
Салам айтып турушуп,
Алик алып калышып:
– Кайдан келген киши? – деп,
Эткен сонун жан – деди.
Жарактын баары жанында,
Устукан сөөгү мистедей,
Ак сакалы чүштөдөй,
Мынабу турган киши ким?
Анда сартың кеп айтат:
– Кабылан Манас достусу,
Кан Бакай деген ушу – деп.
Батадан бүткөн падыша,
Баатырдын уулу Семетей,
Мунун жайын сурасаң,
Жол көрсөткөн балдарга,
Карыя – деп, – сөз тапкан,
Караңгыда жол тапкан,
Кайраттуу Бакай ушу – деп.
Манастын зайбы байбиче,
Каныкей деген келди – деп.
Арстандын уулу Айчүрөк,
А да болсо кудагый,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түптүү Манас тукуму.
Илеги тийген илгертен,
Шай колдогон падышам.
Эр Семетей баласы,
Баатырдын уулу эр Сейтек,
Беренден калган тукуму,
Пейли-куюн келди – деп,
Кайда жатат кудам – деп,
Кабар тийди зор канга.
Орусканы аттанып,
Ордону окчун көтөрүп,
Жедигердин жылкысын,
Түрмөгү менен түрүптүр,
Түгөл айдап жүрүптүр.
Айдатып келди алдына,
Калың найза алышып,
Бердимби куда малыңды?
Кайра тартып алышып,
Жедигер малын бөлүптүр.
Малы турсун бер жакта,
Башын бөлүп салыптыр.
Анжиян көздөй айдатып,
Аскердин баары жөнөшүп,
Кырк аскерин ээрчитип,
Кайра келип алышып,
Эл четине жатышып.
Үй көтөрүп, бээ союп,
Түштүгүнө кой союп,
Түндүгүнө бээ союп,
Ат өргүтүп алсын – деп,
Он бир жигит ээрчитип,
Орускан куда келди эле.
– Кан кудабыз келет – деп,
Эр Кызыл сарт айтты элк.
Каныкей менен Айчүрөк,
Кан Бакайы баш болуп,
Эр Күлчоро кайран эр,
Жарактын баарын салынып,
Кылычы кында кыңгырап,
Басып келди балактап.
Күлчоро сүрүн көгөндө:
-Жандан түрлүү жан экен,
Кыйыгына тийсек – деп.

Кыргын салып иет – деп,
Кой көтүбүздү кысалы,
Камандай болгон эме экен,
Эрегишип этелик.
Кайда кетпейт бир бала,
Бөөдө кыргын көрбөйлүк,
Көттү кысып берелик.
Калың малын чогултуп,
Касиеттүү Орускан,
Соютуна мал таштап,
Өзөндүү булак өрдөтүп,
Жайытына жайдырып,
Жанына баштап Окору,
Кырк жигитин чакырып,
– Кырк үйдү бачым көтөр – деп,
Улуу көчө боюнда,
Келишимдү керилген,
Кулундан башка жүрбөгөн,
Кум аралаш жер экен.
Карап турсак бир, эки,
Калың кыпчак эл экен.
Эр Окоро жаш бала,
Аскерин баарын жыйды эле.
Аскерин жыйып караса,
Эр Күлчоро эстесе,
Эсептеп санап эр Бакай,
Былкылдатып акыры,
Алдына салды чубатып,
– Аскеримди көрчү! – деп,
Он миллион аскерди,
Аны маа көрсөтпө!
Эр Күлчоро кеп айтат:
– Атышам – деп душманга,
Сенден, аскер сурап келдимби?
Айдай сулуу келиним,
Аяш атам Кызыл сарт,
Бел куда болуп илгери,
Сөйкө салып коюптур.
Келбеттүү келиним,
Капа болбо кан кудам,
Калың кара тай соём,
Элиңе шилен бердирем.
Калкыңдын баарын чогулт – деп,
Кең-Кол, Талас жер калды,
Калың ногой эл калды.
– Атыша чыгар мыкты жок,
Жоо жагына ыктуу жок.
Кара дөө деген чоңубуз – деп,
Кара элечек кылбасын,
Калкымды чаап кетпесин.
Кейибесин бул сөзгө,
Тогуз күнү тай соём,
Таң-тамаша көрсөтөм.
– Кырк күнгө жетпей Орускан,
Кызын берсин бачым – деп.
Эрдикти эми көрсөтөт,
Каарданып Күлчоро,
Окорону чакырып:
– Кайгырбасын кан кудам,
Кадимкидей тура бер!
Өрүш толгон малым бар,
Карындашың Күлнарды,
Капа болбой бергин – деп.
Коркутуп албайм сени – деп,
Коркпой бергин мага – деп.
Кеңешти салдым сага – деп,
Ак сакалдуу карыңды,
Кожо-молдо, эшенди,
Кошо жыйгын кан кудам!
Акылга зирек чеченди,
Кудайдан башка маана жок,
Кайраттангын кан кудам.
Жалгыз киши дебегин,
Маа көрсөткүн аскериң!
Алты эле күндүк иш – деди,
Аскериң мага киши эмес,
Кыйратып кыргын саламын,
Кызыңды олжо кыламын.

Каршылык кылба мага –деп,
Көрсөтөмүн сага – деп.
Таш коргонун талкалап,
Такыр чабам сени – деп.
Окшомдуу сулуу Күлнары,
Олжо кылып алам – деп.
Болбосо, оюңа алба бул сөздү,
Алтын-күмүш зар берип,
Кызыл куйрук нар берем.
Айдатып калың мал берем,
Сан сарала бээ берем,
Саарына кул берем.
– Андай айтпа Окору,
Акмай уулум ушундай.
Өзү урушуучу эмедей,
Кылыксынып көрсөтүп.
– Калкы жакшы десин – деп,
Касиеттүү кан экен – деп,
Ыраазы болсун кудам – деп,
Укурук моюн узун сарт,
Асылдан трууган жалгызыма,
Айдатып калың берди эле.
Белгилүү сулуу кызыма,
Бел куда болуп койду эле.
Капа болбо кан кудам,
Айдай сулуу баламды,
Арстандын уулу келгенде,
Кантип бербей коёюн.
Акырет кеткен Манастын,
Арбагын сыйлайм кудамдын.
Касиеттүү кан Бакай,
Капа болбо баатыр – деп,
Орускан атын тартканда:
– Атыңы тартпа мага – деп,
Анда Бакай кеп айтты.
Арызым айтам саа – деп,
Арстан трууган Күлчоро,
Ала көөдөк уулума,
Ачуусу келип калыптыр,
Келгенге кан кудам,
Жыйырма эки күн болду.
Кабарыңды укканда,
Кысталак анда чыкпайын.
Айтып-айтпай пайда жок,
Атышар дарман бизде жок.
Ачуу кылар сөз да жок,
Каарданба кан кудам,
Камандай болгон Күлчоро,
Кейибегин мага – деп,
Келиниңди алгын – деп.
Күйүкпөгүн кан куда,
Күнүңдү болжоп мал сой – деп.
Калкыңды айтып турасың,
Кара дөөнү айтасың,
Калкыңа кыргын салбасын,
Кара элечек кылбасын.
Катыгүн кудам бат бар – деп,
Катының жесир калбасын.
Өлтүрсөң койсоң өзүң бил,
Атым тартуу –деп айтып.
Кыйырына кыргын салбагын!
Кысталак уулу айтыптыр,
Кызым тартуу – деп айтып.
Курун салып мойнуна,
Акылман трууган Айчүрөк,
Асыл бейбак Каныкей,
Арстан Бакай, Кызыл сарт,
Кан Бакай келди күүлөнүп ,
Камандай кулга сүйлөнүп.
– Кудай урган жинди – деп,
Кудасына күүлөнүп,
Кырамын – деп сүйлөнүп.
Бул эмне кылыгың,
Кан ичме чочко жүрү – деп,
Канча колду кырганда,
Капа болбос түгөт – деп.
Сен турсун Бакай баатырга,
Каарданып ийгенде,

Маа да каршы сөзүн айтат – деп,
Капа болбо кан кудам,
Ал атыңды дагы тартпа – деп.
Коркунучтуу болгонсуп,
Коркуп кетип кыз берип,
Ушу сөз бизге жарабайт, кудам,
Алтымыш дөөнү жай кылса,
Алымсынбас түгөт – деп.
Көкаламды алып келчи!
Ай Кызыл сарт балам – деп.
Кудама тартуу кыламын,
Касиеттүү кудама,
Камандай болгон кысталак,
Каарданып койгонбу?
– Атаганат кан Бакай,
Атың тартуу кылдың – деп.
– Ардыкпагын ал сөзгө,
Менин акмак уулум бар эле,
Аскерин жыйып көрсөтүп,
Катыгүн кудамды,
Капа кылып салыптыр.
Кантип бербейм кызымды,
Алуучу зайбын алсын – деп,
Арстандын уулу эр Сейтек,
Калкына эрте барсын – деп.
Кандай болду калкы – деп,
Атыңды Бакай өзүң мин!
– Алда ыраазы кудам – деп,
Айкалышып калышып,
Семиз бээни союшуп,
Казы-карта мол салып,
Айкалышып калды эле.
Аркар менен кулжадай,
Жайкалышып калды эле.
Андан бетер табышып,
Агарышып калды эле.
Эртесинде болгондо,
Эр Күлчоро кеп айтат:
– Эмне жаттык бул жерге,
Кысталак кызын берсин де!
Кыйынсынган Окору,
Колун жыйып келсин де!
Көрсөтөмүн буга – деп,
Катуу кысып кысталак,
Кызын бачым берсин де!
Каарданбай кысталак,
Карындашын берсин де!
Кара элечек кылам – деп,
Калкына кыргын салам – деп,
Кабар бергин Кызыл сарт!
Аргымак минип кайран сарт.
– Аяш ата Кызыл сарт,
Эрте барып жадал кел!
Ээликме Күлчоро,
Капа болуп кайран эр,
– Атайын келсем алдына,
Акмактын кылган ишин көр!
Атышарга кол камдап,
Аскерин салып алдыма,
Көрсөтүп айдап келгенин,
Көөдөктүн кылган ишин көр!
Аскеримди көргөндө,
Алсырасын дедиби?
Же коркок чоро дедиби?
Корголоп жатсын дедиби?
Бачым баргын баатыр – деп,
Эр Окору мыктыга,
Эртерээк барып айткын – деп,
Эрте жообун берсин – деп,
Атышар жерге келсин – деп,
Айбалтаны сапташып,
Айбанатын тапташып,
Аскерди арбын жыйышып,
Турушар жерге келсин де!
Ажалдуу аскер чогултуп,
Кырышар жерге келсин де!
Бел алдырбай кайран эр,
Сыр алдырбай Күлчоро,

Сумсайып туруп кеп айтат:
– Бачым келгин – деп айтат.
Кысталак, эмне мынча күчөдү,
Асмандап учкан сардыр – деп,
Кылымга толгон кытайды,
Кыймылдатпай ийлеген,
Баатырлыгы чочконун,
Байкушуңча бардыр – деп.
Бачым барып эрте кел!
Кызыл сарт кетти элчиге.
– Эр Оору бери кел! – деп,
Орускандын алдында,
Кырк аскери кашында.
Анда туруп Кызыл сарт:
– Абай кылчы Орускан,
Капа болбо арстан кан.
Белгилүү баатыр кан кудаң,
Эр Күлчоро күлүстөн,
Калыптыр баатыр мына бу,
Окоруга түрлөнүп.
Калыптыр баатыр кан кудаң,
Каарланып сүйлөнүп.
Кара көңүл түгөт – деп,
Алтымыш атын айдатып,
Алдына тартуу кылгын – деп.
Каныкей баатыр токтолот,
Акылга мол кудагый,
Каарланган түгөттү,
Камандай кулду сооротот.
Өлсө өлүп калат – деп,
Өжөр эле түгөнгүр,
Болбосо кыргын салат – деп.
Шаарыңа кыргын көрсөтүп,
Элиңдеги сулууңдун,
Баарын түгөл алат – деп.
Асылы кудам момундай,
Алаңгерди салат – деп,
Ушу сөздү көп айтып.
Орускандын баласы,
Кана,
Кан Бакай кудам не дейсиң?
Каарданган ким экен?
Атын камдап бул жерде,
Аскер жыйган ким экен?
Калың аскер жыйганым,
Касиеттүү дейсиң – деп.
Бул дагы аскер жыйып алыптыр,
Атасы мыкты кудам – деп,
Атышып чыккан душманга,
Аскерин жыйып асылың,
Айласы кетип калса – деп,
Акырын кабар берсин – деп,
Көрүшмөкө келдим мен.
Көөсөр деген турбайбы,
Маа ардыгып калган турбайбы.
Ар кайсыны көп айтып,
Маа тардыгып калган турбайбы.
Тардыкпасын мага – деп,
Таарынсам кудам кыз алар.
Каарданса кан кудам,
Кырып ийип калкыма,
Кызымдын баарын алсын – деп,
Калкка кыргын салсын – деп.
Болбосо кейибесин кан куда,
Келинин эрте алсын – деп.
Кара дөө кыргын салбасын,
Каарданбай кан куда,
Калкына эрте барсын де!
Калыңды бачым берсин де!
Капа болбой кан кудам,
Каныкейдей кудагый,
Айчүрөктү ээрчитип,
Калыңды айдап келсин деп,
Орускан атам көрсүн – деп.
Эртеңки күнү шашкеде,
Үй көтөрүп бээ союп,
Калктын баарын чогултуп,
Тоюн жакшы сойсун – деп,

Карыясын чакыртым,
Калкымды арбын жыйдыртам,
Калк таарынып кетпесин!
Так ушу сөздү айтканда,
Кайра сартың желди эле.
Кан Бакай менен чорого,
Каныкейге айтты эле.
– Кайраттанба –деп айтты,
Куданын көөнү калат – деп,
Капа болот чоро – деп.
Анда бала сөз айтат:
– Коркок киши өңдөнүп,
Кокондон коркпойм – деп айтты.
Сыйы менен кыз берсин!
Көбүрөөк айтса чочкого,
Көрсөтөмүн – деп айтты.
Көкжал чоро кайран эр,
Кызыл сартты чакырып,
– Кызмат кылып берсин – деп,
Кырк чороңду бергин – деп,
Кырк аскер турсун өзүм – деп,
Кызматыңды кыла бер – деп,
Каарданып күүлөнүп:
-Капа болбо балам! – деп,
Жылдыртып жылкы айдатып,
Эр жигитин чаптырып.
Жет-Кайттагы жедигер,
Жетип кабар айткын – деп.
Алтымыш катын ээрчитип,
Сексен жигит келсин – деп.
Семетейдин келини,
Келип журтун көрсүн – деп,
Таласка аман көчүрүп,
Алып кетем деп айтып,
Алтымыш жигит жарышып,
Кырк эки катын ээрчитип,
Баарысы келсин баатырлар.
Ар жагында Орускан,
Шаардын бери четине,
Сексен үйдү көтөрүп,
Семетейдин уулуна,
Окоронун зор ак үй,
Мелтиреген чоң ак үй,
Окчун алып келтирип,
Бута атым ыраак көтөртүп,
Кырк келин, кырк кыз,
Сексен жандар чогулуп.
Элүү катын алдында,
Эртерээк басып калышты.
Кырк эки катын ээрчитип,
Кылкыйган экен Айчүрөк.
Кан Бакай менен Каныкей,
Карап турат кубанып.
Кырк миллион жакутту,
Дилденин баарын берди эле.
– Ар уруу ырым болсун – деп,
Жанчыгына салышып.
Жайылышып калышып,
Эми ыраазы болушуп.
Эр күлүстөн алдына,
Эр Окору жаш абала,
Бу дагы,
Ушул шаардан чыгып,
Атышып калган бала экен.
Атасы мыкты Орускан,
Артылта тууган жан экен.
Арбын мыкты, арбын чоң,
Атадан калган кара көк,
Он эки жорго токутуп,
Күлчоронун алдына:
– Кумсарбагын кудам! – деп,
Сен кайсы ишке таарындың?
Сен калкыма кыргын салам – деп,
Кайсы сөзгө ардыктың?
Карс этип күлүп кайран эр,
– Капа болбо баатыр – деп,
Атыңды тартып болду – деп,
Эр Күлчоро канетсин?

– Жорго алып нетейин,
Жооп сурадым ушу – деп.
Жоргоңду алчы баатыр – деп.
Жоопко берген мал болсун,
Болду, баатыр, болду – деп.
Каткырыгы баш жарып,
Капалары чыгышып.
Кадимкидей болушуп,
Касиеттүү кан Бакай,
Көкала атты минди эле,
Көк ырапыс чопкутчан,
Көк чыбык мылтык ийнинде.
Эр Кызыл сарт жанында,
Көп жылкыны айдатып,
Деги Бакай келди эле.
Касиеттүү Орускан,
Кан Бакай айдап келгенде,
Атаганат эр Бакай:
– Орускан куда ойло – деп,
Ушу мал менен кан кудам,
Үч түркүн удаа мал бердим.
Баш аягың ушу – деп,
Катка салып Кызыл сарт,
Колун коюп алышып,
Былк этпегин эми – деп,
Мөөрүн басып салышып,
Ыраазы болуп калышып,
Так ушундай кылышып.
Эртесинде болгондо,
Эр Күлчоро баатырга,
Каныкей менен Бакайга,
Айчүрөк менен Кызыл сарт:
– Ашкере тоюн сойгун – деп,
Аңгемени салсын – деп,
Орускан калкы чогулду,
– Кан куда тойду сойсун – деп.
Болду, бала, болду – деп,
Бакай кайра чаптырып,
Бат камынсын кудам – деп,
Малды Бакай жыйдырып,
Алтымыш ала бээ сойду,
Акырет кеткен Манастын,
Алмамбет менен Чубактын,
Серек менен Сыргактын,
Эшкожо менен Канкожо,
Арбагына сыйынып,
Бакай менен Каныкей,
Баабединди баштап чалдырып,
Аңгемени салдырып,
Аябай малды көп союп,
Короосу менен кой союп,
Калың кара мал союп,
Арбын союп салышып,
Аңгемени кылышып.
Желбоосу зор боз үйгө,
Кырк күнү кыңшытып,
Кылымдын баарын кыдыртып,
Кырк айылга ойнотуп,
Көтөргөн үйдү кайтарып,
Күлнарынын тоюнда,
Келишимдүү кең шаарга,
Телегейи тең шаарга,
Деги баары чогулуп,
Күлнарынын тоюнда,
Кемпирлер жүрөт кеңкейип,
Териден кылган белдемчи,
Көчүгүндө деңкейип.
Абышка жүрөт балпылдап,
Кайраттанып шалкылдап,
Бышырган этин кайтарып,
Чекчейишкен андан көп.
Кемегенин кашында,
– Жакшы оодарып бышыр – деп,
Камчыларын колго алып,
Чекчейишкен андан көп.
Карын төгүп, казы чайкап,
Камкорлору мындан көп.
Көп жумшаса барбаган,

– Тамашага барсак – деп,
Анткорлору мындан көп.
Оозун оңдоп сүйлөрмөн,
Чечендери мындан көп.
Кожо-молдо чогулуп,
Шарият айтып калышып,
Эшендери мындан көп.
Сумсайса найза тартпаган,
Суналса жоодон кайтпаган,
Карап турса калкынан,
Баатырлары мындан көп.
Эчен мыкты иштүүлөр,
Зулумдары мындан көп.
Карыя калкы чогулуп,
Калың тойдо күрөшүп,
Аңгемени салышып,
Айбанга минип жарышып,
Ышкындай болгон көй кашка,
Кадимкидей болушуп.
Катын чыгып каркылдап,
Кыз-келиндин баарысы,
Кызгалдактай кылактап,
Батпай кетти зор үйгө,
Окорунун чоң үйгө.
Орундукту Орускан,
Буулумдан кымкап чүмкөтүп,
– Жаңкы кызым ушу – деп,
Жамбы, жакут аябай,
Жаркыратып кийгизип.
Улуусунуп ойнотуп,
Эр Окору агасы,
Калкына шилен бердирип,
Калкынан бата алдырып,
Тогузунчу күн болду,
Кызыл кулак кылактап,
Тери жазы салынып,
Жылкычылар булкунуп,
Айгыр минип алышып,
Азынатып жулкунтуп,
Жылкычы жүрөт кубулуп.
Улуу көчө боюнда,
Күлнарынын тоюнда,
Эр Семетей баласы,
Баатыр Сейтек болпоюп,
Жанында,
Күлнары турат чойкоюп.
Жаркыраган жаш балдар
Жанаша турат жаш балдар.
Кактелки менен чойкоюп,
Окурларын ээрчитип,
-Балбан чыксын – деп айтып,
Тамашаны салдырып,
Жылкыдан сайды бир тогуз,
Жамбыдан сайып бир тогуз,
Төөдөн сайып бир тогуз,
Алтын-күмүш зар сайып,
Ар уруудан мал сайып,
Аңгемени салдырып,
Алты күнү тамаша,
Аябай салды Күлчоро.
Жалпы мерген чогултуп,
Жамбы аттырып салды эле.
Эчтеңке башта көрбөгөн,
Он биринчи күн болду,
Орускан менен Окору,
Аксакалын чогултуп,
Калкынан жакшы жыйдырып,
Кийит берди бир миңди.
Алты жүздөй буулумду,
Алты атанга жүктөтүп,
Алтын-күмүш зар жүктөп,
Аябай пулду көп жүктөп,
Тогуз күнү той берип,
Окшомдуу сулуу Күлнары,
Отуз үч күнү ойношуп,
Орускандын шаарынан,
Бакай канга бир жорго,
Жарагы менен мингизип,

Касиеттүү Каныкей,
Кара кымкап жаптырып,
Каныкейге мингизип,
Кудагыйын чакырып,
Буулумдан ичик кийгизип,
Торудан жорго мингизип,
Торкодон тандап кийгизип,
Кызыл сартты чакырып,
Кыйдан кымкап кийгизип,
Кызылдан күлүк мингизип:
– Күйүкпөгүн кудам! – деп,
Чолок-чопкут тон берип,
Суптан соккон чопкуту,
Алтын кемер курчанып:
– Капа болбо кудам! – деп,
Камандай кулга кийгизип,
Элүү келин, элүү кыз,
Узатышты булл шаардан,
Күлнарыдай сулууну,
Алтымыш нарга пул жүктөп,
Алтын-күмүш зар жүктөп,
Кыңгырантып, кыңшытып,
Касиеттүү бул шаардан,
Кан султандын тукуму,
Кабылан жолборс баласы,
Кан Сейтектин зайыбы,
Алып чыкты алыстан.
Каныкей, Бакай жол баштап,
Келишимдүү келинин,
Эби жок сулуу жеңеңиз,
Ээрчитип алып Айчүрөк,
Жедигер көздөй бет алып,
Аркасынан Күлчоро,
Жылдырып жылкы айдатып,
Берген экен Орускан,
Күл менен кулду жумшатып.
Жет-Кайтка кирип келди эле,
Жети күнү жол тартып,
Узун булак суу менен,
Апкөй тилдүү жеңеңиз,
Азгырма сөзгө кирип,
Мурунку конгон конушу,
Ошого келип конду эле.
Каныкей, Бакай байбактап:
– Балам Чүрөк бер кел! – деп,
Султан боюн теңешип,
Башын кошуп алышып,
Баатыр менен сүйлөшүп,
– Кагылайын жарыгым,
Калган нары жедигер,
Кандай жолго саласың?
Катын бала какшатып,
Кантип айдап барасың?
Каныкей Бакай кеп айтат,
Анда чоро сөз айтат:
-Камсанаба Бакай – деп,
Как журтуңдай болот – деп.
Көңүлү кетип бузулса,
Эр бүлөсүн кыйратам.
Эрдемсисе жедигер,
Көрсөтөйүн кызыкты.
Күчү болсо жедигер,
Күлчорого чыксын – деп,
Кабар айтты Күлчоро.
– Калган журту көчсүн – деп,
Көп көбөйтпөй сөзүмдү,
Кабылан мыкты чорону,
Капа кылбай көчсүн – деп.
Кыргын көрүп калбасын,
Кырылбай жөн көчсүн! – деп,
Жумшатып берген Орускан.
Кең Таласка жеткиз – деп,
Алтымыш жигит ээрчитип,
Берген экен асыл кан.
– Жерине жетип болгон соң,
Берген малын айдаңар!
Тизелеп жолго салыңар!
Он сегиз күндө келиңер!

Болжолун айтты моминтип,
Кыйла баарын көчүр – деп,
Жарактын баарын бердирип,
Жазыгы жок Каныкей,
Аскерди минтип шаймандап,
Акылга мол Айчүрөк,
Айдап жолго салды эле.
Калың кара журтунан,
Эки миң түтүн калыптыр.
Эр Күлчоро көчүрүп,
Таянар таяк таштабай,
Жесир катын койдурбай,
Жедигердин калганын,
Жеринен такыр көчүрүп,
Алтымыш жигит артынан,
Айдап келди мал койбой,
Кыбыраган жан койбой.
Эттен бөлөк калбды,
Издеп такыр көчүрүп,
Жана Бакай, Күлчоро,
– Ногойдон артык бакпасам,
Каргыш алды Күлчоро.
Калың журтум уксун – деп,
Убадама жетпесем,
Ак пайгамбар дин урсун!
Падышам Кыяз өлдү – деп,
Баки журту чогулуп,
Баары олжого кетти – деп,
Жазы сөздү ойлосоң,
Бириңди тирүү койбосмун.
Кырыласың бөөдө – деп,
Кыйналбай жүргүн – деп,
Кабылан чоро турганда,
Олжо кылбайт ногой – деп,
Ойрон тирүү турбаймбы?
Ойлонбогун бул сөздү!
Ант берип Күлчоро,
Агартып алды бул журтту.
– Айтканыңды кылгын – деп,
Ант берди журту буркурап.
Жана айтса, жана кеп,
Жалпы журтун көчүрүп,
Келишимдүү келинин,
Ээрчитип алып Каныкей,
Аркан бою, бута атым,
Алдына жүрдү эр Бакай.
Сур жоргону сойкутуп,
Артынан жүрдү эр Сейтек.
Айдап жүрдү Күлчоро,
Алтымыш жигит ээрчитип,
Таласты көздөй бет алып,
Тамам жолду бул басып,
Адамдын баары ээлигип,
Баатырдын баары жээлигип,
Эрмектешер жоо таппай,
Эр Күлчоро жээлигип.
– Тамаша кылгын куда – деп,
Отурасың балам деп,
Оодарышып ойно – деп,
Коркунучтуу өңдөнүп,
Койчу, мени ээрчибе!
Эриккениң жазгын – деп,
Эрмек болуп бергин – деп,
Эрмек кылам сени – деп,
Эриктирбе мени – деп,
Ар кайсыны көп санап,
Эртеги кылган ишиңди,
Эриккенде көп санап:
– Эр Семетей абамды,
Эстеп алып мен шордуу,
Эртеги дөөнү кыргамын,
Эчен дөөнү сойгомун,
Алтымыш жигит уккун – деп.
Эсиме түшүп калды – деп,
Эсим эми ооду – деп,
Капа болуп кетпейин,
Катуу сөз айтып койбоюн.
Алтымыш жигит башчысы,

Куу качкындын баласы,
Куу жигит бала бер келчи!
Кумсарып турат Күлчоро,
Алда кандай кылат  – деп,
Ачуусу келип Күлчоро:
– Аны ойлонбо кудам – деп,
Айтып-айтпай пайда жок,
Армынсыз дүйнө кайда жок.
Арстанымдын барында,
Ошо айтымынча кылгамын,
Эчен дөөнү кыргамын.
Эрмек болсо мага – деп,
Зили жигит болсо мага – деп,
Калың ногой журтумдан,
Кара көз сулуу тандагын,
Калыңсыз алып беремин.
Кана сөзүң айтчы! – деп,
Анда Куу жигит туруп сөз баштайт:
– Ээрчитип кантип жүрөмүн,
Эл сагынбас эр болбос,
Үйүр сагынбас мал болбос
Мен да эл башкарып кеп айткам.
Капа болбо кан кудам,
Как азууңдай мыктысын,
Калкым каран калбасын,
Ар шаарга жыйган аскер бар,
Орускандын баласы,
Окору чочко ээ болбойт.
Калкын издеп аскерим,
Эр аскерден айрылып,
Элим кыргын көрбөсүн.
Көзүбүз менен көрбөдүк,
Кызыл сарттын маанисин,
Күлнарыдай сулууга,
Бел куда болуп кеткенде,
Кан султандын тукуму,
Семетейдин зайыбы,
Акылга дыйкан зирек сарт,
Айчүрөктүн ичинде,
Аманат бала бар экен.
Куда болуп кеткенде,
Ошондо там-туң баскан бала эле.
Ошондо аңгемени көп уктук,
Олжого кеттик деп уктук.
Оң кечирин ойдуруп,
Калмактан Карагул,
Отун алып, суу куюп,
Ошого кызма кылдырып,
Кандай атадан,
Арта тууган шер экен.
Азаптуу күндү көрүптүр,
Арман кылдык биз кудаң.
Камандай болгон кан куда,
Калмактан кандай кордук
көрдү – деп,
Кайгы тартып жүрдү – деп.
Арстан куданын жүзүн
көрсөк – деп.
Айтымынча бар болсо,
Калыңсыз кызды берсек – деп,
Арман кылып жүрдүк – деп,
Баатыр кудам байкап ук,
Мобу сөзүм кандай? – деп.
Ашепке айтсам мен сөздү,
Ачууң келсе өлтүр – деп.
Ары-бери кеп айтып,
Калың кара көп көчтүн,
Арт жагында калыптыр,
Аңгеме сөздү салыптыр.
-Арман айтып нетелик,
Жүрү көчкө жетелик.
Эсептеген ишине,
Талас канкор жериме,
Калың ногой элиме,
Касиеттүү кайран журт,
Кара кыргыз элиме,
Эки күндүк жер калды.
Жүрү, баатыр, жүрү – деп,

Айбандан сонун күлүктөр,
Атадан артылта тууган шер эле,
Ал калкында турганда,
Ал да Күлчородой эр экен.
Эр Куу жигит, эр неме,
Бу да калк баштаган шер неме,
Күлчородон эр экен.
Алтымыш алпты өлтүрсө,
Алымсынбас эме экен.
Кара көңүл шер экен,
Калкынан чыккан эр экен .
Үзөңгүсү кагышып,
Артынан барды жарышып.
Аңгемени салышып,
Эриккенин жазышып,
Көч астынан барышып,
Таласты басып келишип .
Кан Бакай менен Каныкей,
Баатыр менен султандын,
Күмбөзүн көздөй барышып,
Башатка айлын кондуруп.
– Баатыр Манас кан султан,
Артыңдагы арстанды,
Айнегиңди колдо! – деп.
Баабединди чалышып,
Келишимдүү келинин,
Касиеттүү султандын,
Кан Бакай менен Каныкей,
Эр Күлчоро, Куу жигит,
Баарысы басып калышып:
– Балаңды Манас колдо! – деп,
Келишимдүү келиниң,
Камырына канкордун,
Жүгүнүп барды керилип.
Аңгемени салышып,
Ататып малды мууздатып,
Эртесинде Кең-Колго,
Бет алышып жүрүшүп.
Кан Бакай айлын көчүрүп,
Эр Күлчоро, эр Сейтек,
Элди баштап бул барды.
Каныкей, Бакай бул өңдүү,
Алтымыш аскер көч айдап,
Арткандары жылкы айдап,
Жол башташып бул барды:
– Каныкей, Бакай келди – деп,
Камандай бала күлүстөн,
Келишимдүү жеңеңиз,
Акылга мол Айчүрөк,
Келинин алып келди – деп,
Тилекти кудай берди – деп.
Аман-эсен айнегим,
Асыл Бакай, энекем,
Айчүрөк сулуу жеңекем,
Кабылан жолборс күлүстөн,
Келбеттүү келин көчүрүп,
Аман-эсен арстандар,
Алыстан түгөл келди – деп.
Калың ногой чогулуп,
Канчоро менен Чачыкей,
Алдынан утур жүгүрүп,
Кантсин байкуш Чачыкей,
Каныкей менен Бакайга,
Тура келди жүгүнүп.
Акыл ойлоп калыптыр,
Канчоро менен Чачыкей,
Бул кордукту көргөндө,
Экөө мусулман болуп калыптыр.
Кабылан канкор барындай,
Кадимкидей болуптур.
Калың ногой жүгүрүп,
Кадимкидей сүйүнүп,
Камандай Бозбала,
Келди мыкты кайран эр:
– Касиеттүү кан Бакай,
Акылга дыйкан Айчүрөк!
Кабыланды төрөгөн,
Касиеттүү Каныкей!

Кан жөткүрткөн далайын,
Кабылан тууган күлүстөн!
Арстан тууган абасын,
Курсакта жуткан куу жетим!
Кудай берген жарыгым!
Семетейдин туягы,
Атасындай сыягы!
Айланайын чунагым!
Амансыңбы чырагым!
Оң бетинен бек сүйүп,
Күлүмсүрөп Күлчоро,
Ал аңгыча болбоду,
Каныкей менен Бакайга,
Күрдөөлдүү журтуң көрүшүп,
Кабыландын барындай,
Калк баштады эр Бакай.
Калкынын баарын чогултуп,
Касиеттүү Каныкей,
Эр Күлчоро, эр Сейтек,
Ээрчитип келген кошчусун:
– Кана баатыр Куу жигит,
Аскериңди чакыр! – деп.
Ак ордо үйдү көтөрүп,
Алтымыш жууркан алдырып,
Арстан тууган эр Сейтек,
Камандай болгон күлүстөн,
Бештен жигит чакырып,
Жаздык, мамык өңөргөн,
Алтымыш аскер батпайт – деп,
Алты үйдү катар көтөрүп,
«Баатыр Манас колдо!» – деп,
Баабединди чалдырып,
Көшөгөр тууган көп ногой,
Көмкөрө барып чогултуп.
Кара кыргыз калкынын,
Катын-кызы жыйылып,
Азаматты чогултуп,
Аны түркүн бир бөлүп,
Аш-тамакка кайрылбай,
Асыл Бакай абасы ай,
Калың журтун башкарып,
Касиеттүү кан Бакай,
Аш-тамагын бердирип,
Дөбөдөй атты тарттырып,
Көп бээни сойдуруп,
Көп ногойго тай берип,
Жыргалдуу ногой жыргады.
Жыластын уулу келгенде,
Касиеттүү канкордун,
Кан султандын тукуму,
Кабыланды таштай тур!
Келерки күздү көрүп ал!
Орускандын шаарынан,
Алтымыш келген аскерди,
Ойрондун уулу эр Сейтек,
Ойротту бузган Күлчоро,
Абасы Бакай чакырып,
Арстандары кеңешип,
Алты жүз жылкы айдатып,
Алдына салды булардын.
Алды-алдынан жаргактап,
Айбандан тандап мингизип,
Айтылуу сулуу Айчүрөк,
Акылга дыйкан Каныкей,
Ар уруу олпок кийгизип,
Ар бирөөнү шаймандап,
Жоо жүбүркөй болот – деп,
Жолуңдан каршы чыгар – деп.
Алтын, күмүш зар берип,
Аябай жабдык мол берип,
Эр Күлчоро, эр Сейтек,
Узатып чыгып Кең-Колдон,
Таластын белин эңкейип,
Созулган сары талаада,
Калың аскер чогулуп,
Кабылан менен көрүшүп,
Аскердин баары канетсин!
Арстандар менен өбүшүп.

Угузайын даанасын,
Укчу ушунун маанисин.
– Урушуп душман кабылса,
Угуза тур мага – деп,
Эр Күлчоро, эр Сейтек,
Капыр менен мусулман,
Баягы экөө кеп айтат:
– Касиеттүү кан куда.
Капа болбой жол тарткын!
Кадимкидей кеткин – деп,
Атышып аскер кабылса,
Маа акырын кабар бергин – деп.
Эр Күлчоро, эр Сейтек,
Эсен болгун куда – деп,
Баатырларды узатып,
Балдар кайра тартты ошол.

## БОЗБАЛАНЫН КАН БОЛГОНУ.
## СЕЙТЕКТИН АКИМ БОЛУП, АТ ЖАЛЫН ТАРТЫП МИНГЕНИ

Арстандын уулу падыша,
Кабылан канкор барындай.
Кан Бакайы аттанып,
Калкына кабар кеп айтат:
-Кан көтөрүп баласын,
Карындашын төрөгөн,
Кан Алмамбет тукуму,
Болумдуу мыкты Бозбала,
Кабылан тууган чорого,
Кайры тийип жүрүптүр.
Айтканына жеткизип,
Азаптан минтип арылткан,
Арстанымдын тукуму,
Асыл тууган бала эле.
Жазбай тартып арстанды,
Жалпы журтка чогулгун!
Айланайын калың журт!
Аким кылам Сейтекти,
Камсанаба Бакайдан!
Калайыкты жыйды эле,
Калың малды сойду эле,
Кадимкидей той кылып,
Карыган Бакай ой кылып,
Асыл Бакай абасы,
Арстанынын барындай,
Аңгемени көрсөтүп,
Минтип шилен берди эле.
Сегиз күнгө жеткиче,
Семетейи барындай,
Тогуз күнгө жеткиче,
Топту бузган кайран эр,
Алмамбет, Чубак арстан шер,
Кан Чубагы, Сыргагы,
Кадимкидей барындай,
Кан Бакайы карсылдап,
Калкынын баарын жыйдырып,
Асыл Бакай той кылып,
Алты күнү ногойго,
Кара кыргыз калкына,
Катын бала чогултуп,
Олжону бөлдү ногойго.
Олжо бөлүп турганын,
Аны көргөн пенде жок.
Ободон кудай билбесе,
Окшомдуу Бакай агасы,
Ошентип тойду кылган соң,
Болумдуу мыкты Бозбала,
Кан көтөрдү калкына.
Арстандан калган жалгызды,
Аким кылды ногойго.
Арстан Бакай канетсин,
Кадимкидей карсылдап,
Жаман да болсо жалпыйып,
Жар чакырды эр Бакай.

Баки журтту башкарып:
– Балам эле Байтайлак,
Бай көтөрсөк кантет – деп.
Күлүстөн тууган Күлчоро:
– Туюнтайын Бакай – деп,
Туйгунум Бакай ардыкпа!
Байтайлак уулуң бул болсо,
Тукум болбой ушундан
Туулбай жерге кирсин – деп,
Туюнтайын кан Бакай,
Көңүлүңүз эр Бакай,
Балага тартып эр Бакай,
Бала жакшы бар болсо,
Моминтип куурап жүрбөйсүң.
Асыл Сейтек келгенде,
Аманатын көргөндө,
Баабедин чалды көп журтуң.
Бала жалгыз келгенде,
Кийиминди кийгизип,
Катыгүн Бакай ойгончу!
Кадимкиндей болгондо,
Калкың келди чуркурап.
Баатырыңдын барындай,
Баки журтуң жыйылса,
Жаркыным Бакай абаке,
Жамандын жаны артыкбы?
Атымды бачым алып кел – деп,
Абакем Бакай чакырдың.
Кыргын келип калгансып,
Кысталак уулуң көргөнсүп,
Ушуну тукум дегениң,
Ырысыңды жегениң.
Батыраак бөлүп бакырсаң,
Көрбөй койду дейсиңби?
Карып калган чагыңда,
Сен ырысыңды жейсиңби?
Ногойго үркүн келди – деп,
Атам Бакай өлдү – деп,
Чоң курсак кара катыны,
Катының менен жерге кир!
Катын кимге эл болот,
Катын душман эмеспи.
Канкордун уулу келгенде,
Катынынча көрбөйт – деп,
Учкаштырып башатка,
Бөксөгө чыга качканда,
Бакай абийириңди ачканда,
Беш эчкисин кууп алып,
Белеске чыга качканда,
Чөптөн үйдү жасатып,
Каныкей Бакай карысы,
Канчоро кан болгондо,
Бала болсо сага – деп,
Тукумуң болсо сага – деп,
Тукумуң болсо тюнчу!
Туйгунум Бакай ойлончу!
Байгесине сайганда,
Момундай айтса билесиң,
Туйгунум Бакай абаке,
Туюк айтса билбейсиң .
Ачык айтып берейин,
Абакем Бакай ардыкпа,
Азыркы сөзгө тардыкпа!
Байгесине сайганда,
Эки эсер чочкоңуз,
Эриккенин жазганда,
Тукумуң болду ит Тайлак.
Эгемдин не салганын көрбөйбү?
Канчоронун колунда,
Ардыккандан кысталак,
Атамды неге мынча кыйнайсың?
Акылы болсо куу жаман,
Калкыңдан ногой бөлбөйбү,
Аскер жыйып албайбы,
Эгемдин, не салганын көрбөйбү?
Арам жаман оңбосун,
Сийдигиң жаман ургурсуң.
Түбүңдөн кудай ургурсуң.

Канчоро менен кармашып,
Арстан болсо бул уулуң,
Атышып атып өлбөйбү?
Азабын минтип көрбөйбү?
Ант уруп кеткен чочкого,
Анан улуксатын бербейби?
Кылт этсем мени өлтүр – деп,
Жаш балача болбойт – деп,
Тукумун кара туйгундун,
Эмчек ээмп жүргөндө,
Эмгектен мени арылтып,
Элиме кошту бул жетим.
Кайгыдан мени арылтып,
Калкыма кошту бул жетим.
Өткөзбөй өчүм алып берди,
Келтирбей кегим алып берди.
Ат жалын тартып мингенде,
Аким болду ногойго.
Кайсының жарайт бул ишке,
Асылдын уулу тукум – деп,
Туйгунум Бакай туюнчу!
Жалпы журтка күйгүзүп,
Билдим сени Бакай – деп,
Кан көтөрүп калкыңа,
Ырысыңды жегениң.
Атка минип калк билбейби?
Билдим Бакай сени – деп.
Эл ичине чакырып,
Эки ооз сөз айттыргын!
Тууралап айтса ошону,
Туюнтайын кан Бакай!
Туу көтөрүп ошону,
Бозбаланы түшүрүп.
Карып калган экенсиң,
Катыгүн Бакай койчу – деп.
Жаманды тукум дегениң,
Ырысыңды жегениң.
Картайып калган кезиңде,
Калжып калган экенсиң.
Ар кайсыны көп айтып,
Алжып калган экенсиң.
Жаманыңы чакырчы!
Жалпы журттун ичине,
Байтайлакты чакыртты.
– Бачым уулум келсин – деп,
Көк байталын сойлотуп,
Көк Байтайлак келди эле.
Эр Күлчоро кеп айтат:
– Туйгун атаң чакыртты,
Тукум болсоң бери түш!
Туюнтайын сага – деп.
Абаке ачууң келбе мага – деп.
Бакай мына,
Байтайлагың келди – деп.
Эптеп сөзүм айттыргын!
Байтайлак келди тайтактап,
Анда Бакай кеп айтат:
– Күйүкпөгүн Күлчоро,
Кеп сурачы тигинден.
Баатыр Бакай айтканда:
– Кана баатыр Байтайлак,
Калың журттун башына,
Бакай абаң талашты.
Кан кыламын деп айтты,
Кандайсың баатыр иним – деп,
Эр Күлчоро сөз айтты.
-Кой Күлчоро иним – деп,
Укпаймын сенин сөзүңдү!
Жалпы ногой журтуңа,
Жарык күндү көргөндө,
Жаман жүрдүм атыгып.
Телегейим тең эмес,
Эр Күлчоро ойлосоң,
Эрдигим сенден кем эмес.
Балбандыгым Күлчоро,
Баатырлыгым кем эмес.
Кичине жүрөгүм тайкы
кургурмун.

Төбөмдөн кудай ургурмун.
Кан көтөрсөң калкыңа,
Калайыгың сурабайм.
Бакай бышыктырбаган башында,
Эрке өстүрүп жашымда.
Же мектепке кармап бербеди,
Ар ишке адис болбодум,
Кармабаймын бул ишиң.
Жатакчыга бий кылды,
Кудай бардыр бул какбаш,
Кантип адам боломун.
Убалым аттатбасын атамы,
Бышыктырбай башында,
Ала көөдөк болгон соң,
Ар ишке оюм болбосо,
Баласы мендей көр болот.
Ар ишке адис болбосо,
Момундай,
Кара жер менен тең болуп.
Кагылайын Күлчоро,
Айтып койгун Бакайга!
Калктын уулу сөз байкайт.
Бакай кара жер менен тең болот,
Калың ногой журтуна,
Бакай кеп айталбай кор болот.
-Бакайды кудай алсын – деп,
Кудай алган жаманды,
Оокатына жөн койбой,
Ногоюң шылдың кылбайбы?
Атам Бакайды кудай урбайбы.
Быягына чыгым жок,
Калың ногой журтума,
Акмак болбоймун элиңе.
Аким болбойм журтуңа,
Алаткүн абам койгун! – деп,
Канетсин баатыр Байтайлак,
Ак сырын ачык бул айтты.
Ыраазы болуп Күлчоро,
– Ырас сырын бул айтты,
Байтайлак айтты, Бакай – деп,
Аким болбойм элиңе,
Акылга кем итмин – деп,
Ачык сөзүн бул айтты.
Абаке Бакай өзүң бил!
Ачууланып күүлөнүп,
Ачууңуз келип калбасын!
Акмак кул деп сүйлөнүп,
Каарданып калбагын!
Камандай кулга түрлөнүп:
-Болду, болду, болду – деп,
Бакай бозоруп жерди карады.
Колуна коргол алып санады;
-Кан аким болучу барбы? – деп,
Жалпы журттун баарына,
Жар чакырды эр Бакай.
Бакай туруп айтканда,
Жар чакырды жалпы журт.
-Жалгыз аким болсун! – деп,
Убаданы токтотуп,
Калкынын баарын таратып,
Касиеттүү кан Бакай,
Каныкей менен кеңешип:
– Арстанымды төрөгөн,
Асыл тууган байбиче.
Калктын баарын башкардык,
Калыбында жатсын – деп,
Асылың Бакай айтты эле.
-Аяшым асыл Каныкей,
Аман-эсен тургун – деп,
Бакай айлын көздөй жөнөдү.
Кан султандын тукуму,
Кабылан жолборс баланы,
Аким кылды элине.
Арстандын уулу эр Сейтек,
Айтымына жетти эле.
Арстан тууган Күлчоро,
Калың ногой журутуна,
Болумдуу мыкты Бозбала,

Кан болуп сурап турду эле.
Келерки күз болгондо,
Ногойдун баарын чогултуп,
Булайт өскөн бул салбар,
Калкын билген Канчоро,
Ак үйдү жаман оротуп,
-Кан кудай бардыр какшал – деп,
Урунган үйүм карачы!
Баатыр Сейтек кеп айтат.
Байынан алман салдырып,
Эки жүз катын чогултуп,
Ак кедик колун чогултуп,
Жүз балбанга жыктырып,
Жуушаңчыга кырктырып,
Катынга кесе бастырып,
Кемпирлерге кестирип,
Жабык баштын баарысын,
Тубар менен ойдуруп,
Жаңыртты белем чоң үйдү.
Зымдан боосун тактырып,
Сырдатып үйдү жаптырып,
Уздугун журттан арттырып,
Эки канат чоң үйдү,
Була менен жибектен,
Кыйла сала чырматып,
Кабылан жолборс барындай,
Канетсин Сейтек жаш бала,
Кайтадан үйүн жаптырып,
Семиз бээни сойдуруп,
Баки журттан бата алып,
Ат жалын тартып минди – деп,
Калың ногой журтумду,
Кара кыргыз калкымды,
Кадимкидей билем – деп,
Баатырдын уулу жаш бала,
Кылка ногой журтумдан,
Кырк жигитти жыям – деп,
Карысаң да Бөлөк бай,
Кадимкидей боло көр!
Алты баба, жети ата,
Манастан берки устасың,
Маа бир айбалта найза жаса – деп,
Чындап уста чогулду.
Жаш устадан алдырып,
Башына карап Бөлөкбай,
Башкарды Бөкөң устаны.
«Балкага алым жетпейт» – деп,
Өңгөсү болот учу курч,
Учу баш ылдый кара курч,
Эшик эндүү айбалта.
– Акылды арбын берем – деп,
Аябай жаса жабдыкты,
Алты жылы болгуча,
Кырк чоро жыйдым Кырымдан.
Кырк жабдык жаса – деп,
Болоттон кылыч жасатып,
Мизине албарс сүйкөтүп,
«Тийсе болот болсун» – деп,
Уй майына сугартып,
Как ыргайга саптатып,
Жаагына жакут кырдатып,
Сыртына алтын чөгөртүп,
Эр Күлчоро, эр Сейтек,
Болумдуу жигит боз балдар,
Каракан кызы Каныкей,
Акылга мол бейбагың,
Аргындан катын чакыртып,
Сары тиш болгон катындан,
Сары карын тыштуудан,
Анжиян, Кашкар ак була,
Алым салып ногойго,
Алыскы шаардан алдырып,
Алты атанга жүктөтүп,
Тозуп алсын окту – деп,
Толкундан чыккан кызыл кум,
Торко элекке элетип,
Кыябы менен Каныкей,
Кызыл кумдан септирип,

Буламалап чаптырып,
Булгары менен каптатып,
Тигишинин баарына,
Сары желим ичирип,
Камрылыгын билгизбей,
Кайраттанып энеси,
Кадимкидей жасатып.
Таш желимден сабатып,
Барандын огу бадалат,
Каранын огу кадалат.
Сайса найза өтпөгөн,
Айбалта кылым быркырайт,
Асманга чыгып зыркырайт.
Каалаган жакка бурама,
Туура темир бурама,
Кырк чоро зоотун сураба!
Кабылан Манас барындай,
Каныкей кадимкидей жасаткан.
Жаңыртып уста алдырып,
Белдемчи деген себилин,
Беш кадамал темирин,
Белине кынай чойдурган.
Бет алып калса душманга,
Өпкөгө найза тиет – деп,
Кемер курдун алдына,
Туура болот койдурган.
Колтукка койгон темирин,
Кош кабырга себилин,
Жүрөгүмө мылтык тиет- деп,
Эмчекке кынап апкелип,
Буладан чопкут алдына,
Төшүнө болот койдурган.
Туулга деген себилди,
Кол кабактай темирди,
Башка кынай чойдурган.
«Башка айбалта тиер»- деп,
Туулга бөрктүн алдына,
Туура болот койдурган.
Карыса да Каныкей,
Кандай жасап коюптур,
-Карагым балдар кийгин – деп,
Кырк чоросун чакырып,
Кылычын колго байлатып,
Аябай боюн топчулап,
Кадимкидей жасаткан.
Күлгүн жака кынама,
Балдардын зоотун сураба!
Мактанчылык сөз эмес,
Баары ошондо бурама.
Ак дарыны мол алып,
Алыстан шуру алдырып,
Бакай менен Каныкей,
Алтымыш колду алдырып,
Ак шуруну кайнатып,
Коргошун окту мол алып,
Кыркына кырк ат мингизип,
Бала Сейтек Күлчоро,
Башына аскер бул болуп,
Кадимкидей болушуп,
Ногойдун четин алышып,
Тору айгыр минип Күлчоро,
Баатырынын барында,
Баштагы зоотун кийинип,
– Урушар жоо кайда? – деп,
Эл четин тозуп эр неме,
Баатыр Сейтек жаш бала,
Канчоро кулдун колунда.
Аколпок менен Аккелте,
Жойболотту салынып,
Тооторудай бууданды,
Кан султандын тукуму,
Манастан калган ак каңкы,
Алдынкы кашы кырка алтын,
Көчүкү кашы чылк күмүш,
Көмөлдүрүк сом алтын,
Куюшканы куп алтын,
Эки болот сом темир,
Эптеп кылган ак каңкы,

Ого менен күмүштөн,
Чыйраткы салып көктөткөн.
Алмамбеттин ак каңкы,
Ар бирине чак каңкы.
Булгары тердик көк желдик,
Тооторудай бууданга,
– Колдо, ата, колдо – деп,
Кожо Кыдыр колдо – деп,
Кубатты бергин кудай – деп,
Ободон кудай билбесе,
Ошону көргөн пенде жок,
Ногойду билди жаш бала,
Орун басты эр Сейтек.
Арага киши салды эле:
– Энекем эрге тиеби?
Атакемден кем эмес,
Аркасы тийди абамдын,
Атамдан артык кызматты,
Карысы казык болгуча,
Башы токмок болгуча,
Алды каткан жетимге,
Атамдай кылды кызматты.
Абама тийсин энем – деп,
Аманат калган куу жетим,
-Күлчорону чакыртсын,
Алат бекен мени – деп,
Айтып көрсүн ошого,
Аламын десе тиемин,
Ат өлсө жорго керек – деп,
Ага өлсө жеңе керек – деп,
Аламын десе тиемин,
Баки журтту чогултуп,
Бакай каны баш болуп,
Каныкей келип кеп айтат:
– Айланайын жарыгым,
Ичимен чыккан Семетей,
Ак мүрөгүм эмизгем.
Тышкы бала сен элең,
Алгын ботом жеңеңди!
Баарысы келип кыстады,
Анда туруп Күлчоро,
Кудайга ыйлап буркурап:
– Албаймын журтум Чүрөктү,
Аркырап ыйлап кайран эр,
Шай колдогон төрөмдөн,
Периштелүү жеңемди,
Акылыман шашамын.
Касиеттүү төрөмдүн,
Күнөөкөр болуп кудайга,
Катынына кызыгып,
Төшөгүн кантип басамын.
Азаптуу күндү көрсөтпөй,
Артыңда калган кулуңду,
Ай жаркын аба ала жат!
Деп буркурап Күлчоро:
– Айчүрөктү алгыча,
Алданын не салганын көрөмүн.
Жалпы журту чуркурап,
Кошо ыйлады буркурап.
– Сынап айткан сөзүмө,
Сумсайып чоро ыйлаба!
Айткан ширин сөзүңө,
Айлансын жеңең өзүңө.
Санаа тартпа күлүстөн,
Садага кетсин өзүңө.
Бек агарып беренге,
Каныкей, Бакай, эр Сейтек,
Бата берди баарысы:
– Балалуу болгун чоро! – деп,
Калк чуркурап батаны,
Күлүстөндүн зайыбы,
Алдында турат жүгүнүп.
Калыйман сулуу калкайып,
Как өзүндөй Чүрөктүн,
Канетип алат Күлчоро,
Болжолу жок бейбактын,
Боюна болот ошондо.
Келеркиде караса,

Кесепеттүү сулуу Калыйман,
Бейшембинин күнүндө,
Эркек төрөйт ошондо.
Күлчоро элине тойду бердирип,
Жылкыдан тандап бээ союп,
Ногойго тойду мол берип,
Ажыга азан айттырып,
Молдого депкир түшүртүп,
Атын койду ак сакал.
– Күлчоронун баласы,
Жоодар Бешим болсун! – деп,
Жолборстой күчтүү
болсун – деп,
Муну да Кыдыр Назыр колдосун!
Кыйла журту чуркурап,
Батаны берди балага,
Этегине,
Эр Бакай салган баланы,
Санаасы тынып күлүстөн,
Санабай капа жүрдү эле.

**УРУШ**

Баатыр бала эр Сейтек,
Отуз төрткө чыкты эле.
Баки журттан бата алып,
Баатырлыгы билинбей,
Баки журтка көрүнбөй,
Бала жүрдү ээлигип.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай.
Муну мындай таштай тур,
Кара дөөдөн кабар ал!
Алыскы жерден жол тартып,
Аскерин арбын чогултуп,
Алган экен Кара дөө.
Канчоро кулга кекенип,
Калган экен Кара дөө.
А да мыкты шер экен,
Аябаган неме экен.
Тамам дөөнү кыйраткан,
Такыр чапкан илгери,
Бу да атанып дөө экен.
Кыйла жерди кыйраткан,
Кызалдай деген кыйын дөө,
Бу да кыйын
Кол менен келиптир.
Ар бир шаарды алыптыр.
Акалдай деген мыкты дөө,
Алты миңдей кол менен,
Өзү көргөн жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Далай мыкты шер алып,
Атышар жөөдөн качпаган,
Аябаган эр алып,
Келген экен көп алдай.
Көп миллион кол алып,
Жээк тартып тең жатты,
Жерге тартып кең жатты.
Ак кыянын алдында,
Медийна жол талаада,
Адамдын баары адашат.
Туу көтөрүп былкылдап,
Калың кол жатты кылкылдап.
Жерден желе турушуп,
Жез батмага киришип,
Жээк тартып тең жатты,
Жерге тартып кең жатты.
Баштагыдан кыйла көп,
Чогулган экен калың эл.
Чочконун колун көргөндө,
Кабылан жолборс күлүстөн,
Бакайга киши чаптырып,

Кайкынын сары белинен,
Бакай келди булкунтуп.
Көк ала чопкут ийнинде,
Көк чыбык мылтык асынып,
Кемер курун курчанып,
Келди Бакай сумсайып.
Баатыр Сейтек жаш бала,
Найзанын учу кагышып,
Жаңыдан жыйган кырк чоро,
Алдында келет жарышып:
– Кайкыдагы баатырга,
Каптап тийип көрсөкпү?
Асыл баатыр күлүстөн,
Асыл Бакай аба – дейт.
Кан Бакай аба сөз тапкын!
Камынтпай тийсек кандай? – деп,
Ошондо колду элебейт.
Баатыр Сейтек жаш бала:
– Жүрөгү майлуу түгөнгүр,
Айланайын абаке,
Коркок киши өңдөнүп,
Корголоп жатып этелик.
Тагдыр жетип күн бүтсө,
Ажал жетсе өлөлүк.
Алда таала кудайдын,
Не салганын көрөлүк.
Ошо кысталак канча киши экен,
Антип-минтип кырууга,
Аз эле күндүк киши экен.
Кудай алсын ошону,
Алдына кирип көрөйүн.
Баатырларын сулатып,
Баарына кыргын салайын.
– Баатырлары канча экен?
Манастан калган дүрбүнү,
Бакай сууруп алды эле.
Балдарым тура турчу! – деп,
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабыр кылгын куу жетим,
Санайын колду тура тур!
Аттанып чыккан дөө эмес,
Зордун түбү кор деген,
Чоңдун түбү кем деген.
Балалык менен айтаасың,
Баатырсынбай тура тур!
Азыраак аял кыла тур!
Арстандын уулу жарыгым.
Баатыр Бакай токтотуп,
Дүрбү салды эр Бакай.
Үч-Кошойдун жонунан,
Кыябына толтурду.
Карап турса кан Бакай,
Калың кара эл жатат,
Каптап кетер сел жатат.
Калктын баарын караса,
Буттай темир курчанган,
Кара аргымак миниптир.
Кызыл өңү сур чалган,
Жарактын баары жанында,
Жалпы колду башкарган,
Кара дөө деген шер жүрөт.
Абай кылса кан Бакай,
Алтымыш эки шер жүрөт.
Кыя тартып олжосу,
Эр Кызыл дөө эр жүрөт.
Бул баатырын ээрчиген,
Кырк экидей шер жүрөт.
Тыякы колдун четинде,
Кыйла колу чогулуп,
Ак алдай деген дөө жүрөт.
Ак ырапыс чопкутчан,
Боз аргымак булкунтуп,
Баарына суптан кийгизип,
Боло турган шер экен!
Муну көрүп кан Бакай,
Мурутунан күлдү эле.
Алды артын байкаса,
Күн батыш жагы кылкылдайт,

Кумурскадай былкылдайт.
Алда таала билбесе,
Аралаш жүргөн адам жок,
Арага жүргөн киши жок.
– Калың журтту чогулт – деп,
Катыгүн балдар жүрү! – деп.
Катылбай аял кыла тур!
Жарактуу кылып журтуңду,
Аскер кийүүчү казына,
Кайра Бакай салды эле.
– Эсиң чыкпа балдар – деп,
Эрмек кылар эр жатат.
Кудай алсын ошону,
Жүрөгү тайкы шер жатат.
Так ошентип эр Бакай,
Калкынын баарын жыйды эле.
Каныкейди чакырып,
Илгерки эчен жыл болгон,
Казынаны ачты эле.
Жалпы аскерге берүүчү,
Жарактын баары ошондо,
Жаркыны Манас барында,
Каныкей жеңең каттырган.
– Баласы мындай шер чыкса,
Балдары мыкты эр чыкса,
Анда аскер бул жыйса,
Азаматтар кийсин – деп,
Болбосо, канкордон тукум чыкпаса,
Кайып ээлеп турсун – деп.
Кабылан балдар келгенде,
Каныкей жеңең бул ачты.
Таштан каалга жасаткан,
Такыр тамам бекиткен.
Абай кылып ачканда,
Алсырады турган журт.
Алтын, күмүш зар турат,
Каухар, жакут бул турат,
Эчен буюм бул турат.
Алтымыш бакан орноткон,
Баары түгөл темиреден,
Баары аскерлер кийүүчү,
Чолок чопкут тон турат,
Бар жарагы мол турат.
Баканда турат илинүү,
Кылымдан жеңең ашырган,
Каракан кызы Каныкей,
Кылганы журтка билилүү.
Найзакерден мыктыга,
Аны бөлүп Каныкей.
Ок өтпөтү кийгизип,
Чолок чопкут тон берип,
Андан бөлдү бир миңди.
Найза тийсе былк этпес,
Ээрден көчүк кыйшайбас,
Үзөнгүдөн бут тайбас
Мыктыларды бир бөлүп,
Мунун баарын жарактап,
Шаймандап жеңең чыгарып,
Кылкандай болгон көй кашка,
Кызыл жейрен мингизип.
Кыл куйругун шүйгүзүп,
Кызылдан чопкут кийгизип,
Мындан бөлдү бир миңди.
Муну бөлүп чыгарды,
Кылычтары кыйшайбас,
Кыйындарын бир бөлүп,
Муну бөлүп чыгарды.
Жарактуу кылып баарысын,
Мылтыктууну бир бөлүп,
Былкылдатып Каныкей,
Мындан бөлдү бир миңди.
Муну бөлүп чыгарып,
Кара олпокту кийгизип,
-Карап тургун Бакай – деп,
Башкарып тургун балдар – деп,
Камчылууну бир бөлүп,
Аны бөлүп чыгарды.

Айбалта чабар балбанды,
Баки журтка далдалды,
Мындан бөлдү бир миңди.
Карсылдатып сабаса,
Кашык алакта күчөгөн,
Карылуудан бир бөлдү.
Акмактын баары артында,
Ала көөдөк жел колтук,
Арам сийдик бат бар де.
Жоон өпкө көсөлдөн,
Ачкылдан ичсе тойбогон,
Суранганын койбогон.
Аңыра чаап алуучу,
Азапты мурун көрүүчү,
Андан бөлдү бир миңди.
– Келишимдүү бул кулга,
Кенебегин балдар- деп.
Жолобой тийгин душманга,
Кайгырбай тийгин карегим,
Кабылан атаң колдосун.
Батадан бүткөн Семетей,
Баласын атаң колдосун.
Алмамбет, Чубак, кырк жайсаң,
Бар арбактар колдосун.
Серек, Сыргак эгиз эр,
Кылкандай болгон илгерки,
Кырк бөрү сени колдосун,
Кырк чилтен сени жөлөсүн.
Асылың Манас атаңдын,
Арбагы сени колдосун.
Баабединди чалышып,
Баатырлар чыгат казатка.
Жоо шайманын мол алып,
Жолборстор чыгат урушка
Айласын таап берүүгө,
Абасы Бакай аттанып,
Жерге тартып тең жүрүп,
– Кайда, кайда-кайда? – деп,
Кайраттанып баарысы,
Карчылдап Бакай карысы.
Эми айкөлдүн сары талаада,
Аябаган көп колго,
Ала кайыр салмака,
Төрт-Күлдүн төмөн жагынан,
Бар олуя, кырк чилтен,
Төрөңдүн сайган багынан,
Жанында турган киши жок,
Баласын ээрчип жөнөдү.
Алкым жагын Күлчоро,
Алты жүздөй киши алып,
А да тосуп качырды.
-Кан султандын камыры,
Чоң атам Манас колдо! – деп,
Баатыр Сейтек баш болуп,
Мындан чыкты жүз киши.
Асыл Бакай абасы,
Кайраттанып кан Бакай,
Жаш чагынан кырчылдап,
– Ошолор менден эр эмес,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Курган жан,
Бир кумардан чыгып алайын,
Далай баатыр көрөйүн.
Баатырсынган балдардын,
Балбандыгын көрөйүн.
Бакай чыкты бакырып ,
Манастап ураан чакырып.
Өкүргөндөн бакырып,
Өлөңдүн башын жапырып,
Айкыргандан бакырып,
«Алмамбет» – деп чакырып.
Арстан тууган Күлчоро,
А да тийди кыйкырып.
Кайраттанып алышып,
Алмамбет, Сыргак, кырк жайсаң,
Колдогону ошондой.
Манасы баштап миң киши,
Кайып уулу кырк чилтен,

Эси чыккан кишиге,
Элестелип миң-миң киши,
Бая баатырларды көргөндө,
Урушар жоонун көтүбү?
Берендерди көргөндө,
Качпас жоонун бетиби?
Качырып тийди кыйкырып,
Кан Манастап чакырып.
Ала кайыр бурганак,
Асмандан чаңы көрүнөт.
Алда нечен бөлүнүп,
Айкырыгы таш жарып,
Баатырларды карасаң,
Бакырыгы баш жарып,
Мылтык үнү жер жарып,
Доолбас үнү баш жарып,
Мунарык кетип чаң болуп,
Жердин жүзү кан болуп.
Ажалдуунун баарысын,
Найза менен сулатып,
Мылтык менен аткылап,
Кылыч менен кыйратып,
Айбалта менен сулатып,
Арстандарды карасаң,
Айбандын оозун бурушуп,
Бир жарым ай урушуп.
Тиктеп туруп салышып,
Тизгиндин баары үзүлүп,
Тизенин баары сүзүлүп,
Тула бойдун баарысы,
Союл тийип жанчылып.
Ок өтпөс кийип урушуп,
Эс алышып алышып
Каарданып алышып,
Кайра кирип салышып,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүмү мындан көп.
Тамактанып калышып,
Алты күндөн өлчөшүп,
Арага киши салышып,
Эс алышып алышып,
Эртесинде киришип.
Айбалта колдо сороктоп,
Найзанын учу короктоп.
Кылычтын учу жылтылдап,
Басмайылы үзүлүп,
Күңгүрөп аткан мындан көп.
Бир боорунан айрылып,
Өксүп аткан мындан көп.
Айбалта тийип башына,
Кансырап аткан мындан көп.
Найза атып муругуп,
Алсырап аткан мындан көп.
Кылыч тийип колуна,
Чүкөйүп ткан мындан көп.
Эки-экиден болушуп,
Үңкүйүп аткан мындан көп.
Көчүгүмдү мейли – деп,
Ийинге башын тыгышып,
Даңкайып аткан мындан көп.
Эгем таала кудайдын,
Не салганын пендеси,
Көрүп аткан андан көп.
Караса көзгө илинбейт,
Камгак учкан эмедей,
Кайсы экени билинбейт.
Көргөн пенде делейип,
Өлгөн адам канына,
Ат тушардан сел болуп,
Көргөн адам дел болуп.
Кара жылкы сур болуп,
Көргөн адам дал болуп,
Адамдын баары сак болуп,
Кара олпок ак болуп,
Ободон кудай билбесе,
Бир жарым ай урушуп,
Аябай жатып атышып,
Буудандын оозун бурушуп,

Ажалдуусу киришип,
Жана алты күн болгондо,
Кыйынсынып чыкканы,
Кыйла кол менен калыптыр.
Кызалдай деген бир досу,
Кырк эки күнү салышып,
Баатыр Сейтек бет алып,
«Керт» дедирип чөп үзүп,
«Шып» дедирип суу жутуп,
Он сегиз күнү жүгүрдү.
Кайыптан туулган караны,
Касиеттүү Тоотору,
Коргошундай баласы,
Койбой күлүк көтөрүп.
Самоордой болгон чунакты,
Слмактабай Алгара,
Алда таала билбесе,
Алтымыш күнү жүгүрдү.
Кызыл дөө колун кыйратып,
Аскердин баарын талкалап,
Кумардан чыгып кыйратып,
Быркыратып сулатып,
Ат үстүнөн түшүрдү.
Арстандын уулу эр Сейтек,
Аккелтени бетке алып,
Кызыл дөөнү сулатып,
Кумардан чыгып кыйратып:
-Кабылан кайда жүрөт? – деп,
Бет алышып алыптыр.
Белесте жүрөт салышып.
Калган колду кыйратып,
Камандай болгон Күлчоро,
Агалдай менен Бекалдай,
Кабыргасын сөгүптүр.
Эр күлүстөн канетсин
Канын суудай төгүптүр.
Алты миң атты кебелтпей,
Айдап алып жөнөдү.
Алдына салды Бакайдын,
– Айда, Бакай, жөнө – деп,
Кылкандай болгон көй кашка,
Жаш бала чыгат ногойдон.
Баатырдын уулу эр Сейтек,
Башкарып чыгат чоросун.
Атышып атып арстандар,
Адис болуп калыптыр.
Ар уруу журтка билинип,
Маалим болуп калыптыр.
Качканы качып кутулуп,
Качпагандын баарысы,
Кайраттанып калганы,
Камандай болгон чорого,
Күлүстөнгө тутулуп,
Айбандын оозу бурулган.
Арстан тууган чорого,
Атышам деп кырылган.
Кырк чоро келди кыйкырып:
– Абакем Бакай кайда? – деп,
Он миллион ат айдап,
Ойроттун баарын талкалап.
Ойрондун уулу эр Сейтек,
Кара дөө менен салышып,
Кара суунун боюнда,
Калыптыр жекеме-жеке салышып.
Кумардан чыгып алышып,
Буудандын оозун бурушуп,
Найза менен сайышып,
Найзанын баары быркырап,
Асманга чыкты зыркырап.
Мылтык менен атышып,
Саадакта окту күбүшүп,
Санатта жок урушуп,
Аябай кирип алышып,
Айбалта менен салышып,
Айбалта кетип былчырап,
Сабынан тутам калышып.
Санатта жок салышып,
Ок дары жаап алышып,

Аябай кирип алышып.
Кайраттанып алышып,
Кылыч менен салышып,
Жаясы колдо калышып,
Камчы менен салышып,
Булдургу колдо калышып,
Чоң токойду бет алып,
Жанында жүргөн адам жок,
Жаш бала Сейтек, Кара дөө,
Токойдун баарын жулушуп,
Союл менен салышып,
Колтуктан баарын чоюшуп.
Колдун баары чоюлуп,
Тула бою жанчылып,
Кан султандын тукуму,
Кара көк тууган жаш бала,
Кара дөө менен салышып,
Билектин күчүн сынашып,
Тизенин баары сүзүлүп,
Тизгиндин баары үзүлүп,
Эртеси күндүз шашкеде,
Кара олпок кийген чоң дөөнү,
Аттанып чыккан зор дөөнү,
Аңтарып түштү эр Сейтек.
Өлтүрө албай капырды,
Көтөрүп урса жаш бала.
Арбактарга сыйынып,
Алып урду эр Сейтек.
Жалкыны карыш жойболот,
Кармаса чой болот,
Караса көзгө илинбейт.
Алты баба, жети ата,
Арстандан калган албарс,
Канкордун уулу жаш бала,
Кынынан сууруп кылкыйып,
Кырк чоро турат зыңкыйып.
– Эмне кылат баатыр – деп,
Каарданып тиштенип,
Канкордун уулу жалгызы,
Башын кесип салды эле.
Кабылан бала үшкүрүп,
Жаратканга жалынып,
Жаш бала туруп сыйынып:
-Жалпы олуя кырк чилтен,
Колдогун Манас ата – деп.
Алмамбет, Чубак, кырк жайсаң,
Асыл Сыргак, Серегим,
Арбагында колдогун!
Мекеде султан Айкожо,
Кубат берди кудайым,
Кырк чорону кыйкырды,
– Кырылгыр – деп чакырды.
Кара дөөнү чечинтип,
Токойдон отун жыйдырып,
Өзү мыкты кедейдин,
Сөөгүн өрттөп салалы.
Үстүнө отун үйөлү,
Чаңызгытып өрттөтүп,
Кара аргымак бууданын,
Жетелетип эр Сейтек,
Калкын көздөй бет алды.
Ногойду жыймак болгон бейм?
– Кан Бакай атам келсин – деп,
Канкордун уулу чакыртып,
Ордолуу ногой жыйдырып:
– Баатыр атам падыша,
Кармашкан жоону алдык – деп,
Өлүктү кандай кылабыз?
Көп жашаган карысын,
Көмкөрө жыйды баарысын.
Кеңеш кепти кылды эле,
Алты жүз балбан чогулуп,
Аябай көммөк болгон бейм?
– Өз элинен баланын,
Өзүнүн жыйган колунан,
Эр Сейтек, Күлчоро,
Эки жүз киши өлүптүр.
Ошонун баарын көр! – деди.

Кызыл дөөсү баш болуп,
Бир миң киши өлүптүр.
Мунун баарын көмдүрүп,
Эки айча эмгек ал көрдү,
Өлүүсүн баарын бул көмдү.
Өлүк көмгөн азамат,
Күн-түндөп молдо алып,
Жаракты бөлүп алуучу журт,
Олпок кийип ошо журт,
Жаракты бөлүп баарысын,
Жакшы,жаман билинбей,
Калың ногой көп журту,
Аскерлүү болуп калды эле.
Касиеттүү кабылан,
Кадимкидей болушуп,
Канкордун уулу эр Сейтек,
Ак үйгө келип жаш бала,
Алсырады кайран эр.
Аколпок менен олпокту,
Баарын бирдей чечинди.
Бармак, башы, буту жок,
Сандыргалуу Каныкей,
Садагасын чаптырып,
Кудайыны бердирип,
Ар уруу дары алдырып,
Ачуу испиртке чалдырып,
Олтургузуп айнекти,
Башына жаба куйду эле.
Ooруган жери басылды,
Көзү ошондо ачылды.
Арстандын уулу эр Сейтек,
Аким болуп журтуна,
Атанып калды кайран эр.
Айкожосун чакырып,
Ат мингизип, тон берип,
Андан бала алдырып,
Санаасы тынып кайран эр,
Өз журтунан бата алып,
Калды чунак атанып.
Алптын баарын чакырып,
Атка минген токтомдуу,
Алптын баарын чакырып,
Алтын боз үй көтөрүп,
Алптан бала алмакка,
Алты күн-түн калк келди.
Көй кашканын баарысы,
Анын баары бир түркүм.
Аксакалы болушуп,
Түркүм-түркүм бөлүндү.
Баатырдын уулу эр Сейтек,
Башкарды баатыр Күлчоро,
Кан Бакайды чакырып,
Калк эсебин билдирип,
Күнү-түнү үч күн,
Алты күнү эр Бакай,
Араң алды эсепти.
Кожо, молдо, эшенди,
Жүйрүк ооз, чоң курсак,
Сүйлөгөнгө чеченди,
Муну бөлдү бул Бакай.
Алтымыш бээ сойдуруп,
Бир миң үйдү көтөрүп,
Билинбей бөлдү эр Сейтек.
Калк ичинде жалгызын,
Кан султандын тукуму,
Ошончо калктын көзүнө,
Көрүнмөк болду эр Сейтек.
Калктан чыгып атанып,
Жарактын баарын салышып,
Ногойдун малын чогултуп,
Акырет кеткен Манаска,
Ашкере мүчө бердирип.
Кудайыны мол берип,
Батпай жүргөн кедейге,
Жесир менен жетимге,
Аябай бала чоң берип.
Жыланачка тон берип,
Жетишпей жүргөн байкушка,

Жөө жүргөнгө ат берип.
Молдолордон кат алып,
Арстандын уулу жалгызың,
Мусулман менен капырга,
Чыгат эми аттанып.
Чыкты бала билинип,
Баатырсынган душмандын,
Көңүлүнө алынып.
Семетей уулу Сейтек деп,
Сербейип атка минген бейм?
Айткан экен башынан,
Кан султандын тукуму,
Алптын баары оозанып,
«Кан ичме» деп тараган.
Кабылан бала ошондой,
Үй айлана бергиче,
Үйдөй кара бел болгон.
Атасынан бабасын,
Илияс Кыдыр колдогон,
Ишти кудай оңдогон.
Короо айлана бергиче,
Короодой кызыл бел болгон.
Айкожо Кыдыр колдогон,
Ишин кудай оңдогон.
Атасынан бабасы,
Алган иши оң болгон.
Орто Кең-Кол жайлаган,
Он төрт күлүк байлаган.
Же ак жайды жайлаган,
Атыша чыгып жоо келсе,
Укумунан тукуму,
Ушундай экен кайран эр,
Алдына салып айдаган.
Ачуусуна тийгенде,
Азууга салып чайнаган.
Алты огун сологон,
Каршы чыккан душманы,
Качып жүрүп жоголгон.
Эрдемсиген эр болсо,
Эрегишкен кишинин,
Берендин уулу Сейтекти,
Бет алган пенде жоголгон.

## АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ

**Абдыра –** ( Абдыра койду алтындан.) Чоң сандык, кээде буюм-терим салууга ылайыкталган, же тамак-аш, ун, эт салып сактоого арналган чоң үкөктү да абдыра деп айта берет.

**Ак келте** – ( Артык мылтык Ак келте.) Терминдин түпкү мааниси али толук ачыла элек, мында изилдөөчү Эсеналы Абдылдаев:»Ирандын калтамил (ПРС) деген сөзүнөн пайда болгон ( калта- кыска, мил – мылтык, б.а. чолок мылтык, кыска мылтык). Ал эми «ак» деген эпитет – касиеттүү, ыйык деген мааниде жалпы эле түрк элдеринде айтылат. «Манастын» бардык варианттарында курал-жарактарга, буюмдарга «ак» эпитети туруктуу түрдө кошулуп айтыла берет» – дейт. Дагы бир версия боюнча (Р.Сарыпбеков) тунгус-манчьжер тилдериндеги «гэлте» (добуш чыгаруу, добуштуу) деген сөзү мыылтыкка карата айтылып калышы да ыктымал.

**Ак олпок –** Манастын жоо кийиминин аты. Олпок – соот түрүндө ок, найза, кылыч өтпөс кылып кебез, жүн, металл меен тордолук жасалат.

**Амбал** – (Амбал Кубал колунан) – (тунгум-мынчьж. – амбан) – 1. Караасанатай дух. 2.Жолборс. 3. Өтө чоң, олчойгон. 4. Өкүмдар,төрө, башкаруучу. Цин империясынын мезгилинде кытай армиясынын жалпы эле генералдарына карата колдонулган термин.

**Бадана** – (Бадана соот жамынып) – (ир. Баден – дене, бүткөн бой). 1. Баатырлар кийүүчү бүткөн бойду – денени октон сактаган соот-кийим. 2. Кээде кымбат баалуу кездемеден кооздолуп тигилген сырт кийим – тон да бадана деп атала берет. (Бадана кийип балкылдап).

**Белдемчи** – 1. Аялдардын белден ылдый тартынуучу кийими. 2. «Мнаста» согуштук кийим маанисинде да колдонулат. Ал – белден ылдыйкы баатырдын денесин октон, кылыч, найзадан калканч катары сактаган. Баатырлардын беелдемчиси көбүнчө металлдан, темир торчолордон жасалган.

**Булгун** – Булгун, киштин териси. Териси баалуу жаныбар. Кээде бугунун музоосунун ийленген терисин да булгун деп коюшат.

**Бурут** – Орто кылымдарда ойроттордун, андан соң аларды тууРаган кытайлардын кыргыздарды аташы. Кыргыздар өзүлөрүн эч убакта бурут деп аташкан эмес. Калмактар «бурут» аталышы менен

кыргыздарды «чыккынчылар», «күнөөлүүлөр», «башка диндегилер» – деп шылдыңдагылары келишкен.

**Бутбарас** – байыркы диндердин бири – сүрөткө – идолго табынгандар.

**Буулум** – 1. Баалуу, калың кездемен ин бир түрү. 2. Кээде ошол кездемеден тигилген сырт кийим. 3. Жоо кийими – соот маанисинде да айтылат (Буурулду берчи минейин, буулумду берми киейин).

**Дилде** – кымбат баалуу мүлк, асыл зат. Орто Азия менен ага жамаатташ жашаган өлкөлөрдө колдонлп келген алтын акча.

**Жадал** – текстте ылдам, тез, бачым маанилеринде колдонулат. (Ыраакы жолдон жадал кел).

**Жакут** – кымбат баалуу асыл таш.

**Жанчык** – Кызыл алтын дилдеден, Жанчыгына салды эле. Чөнтөк, капчык.

**Жезит** – Мыкаачы, жек көрүмчү, шүмшүк. Бул сөз арабдардын «жесит» сөзүнөн алынган.

**Жөкөр** – Чоро, жолдош. Эпосто аскер, жоокер маанилеринде да колдонулат.

**Зоот** – найза, кылыч ж.б. жоо куралдарынан сактануу үчүн кийилген жоо кийимдеринин бир түрү. Зым шакекчелеринен чиркештирилип куралган чолок жеңдүү көйнөк.

**Кабыр** – мүрзө, көр, бейит.

**Кайып** – көзгө көрүнбөй, жок болуп кетүү. 2Манас» эпосундагы оң каармандар – Бакай, Каныкей, Семетей, Айчүрөк, Күлчоролор кайып болуп кетишет. Жаныбарлардан – АК шумкар, Кумайык, Тайбуурулдар да көзгө көрүнбөй кайып болушат.

**Калч**а – Коңурбайга карата айтылган туруктуу эпитет. Монгол тилинде гал – от, жалын деген маанини түшүндүрөт. Шаман дининдегилер аңчылыкка чыгаарда отко табынышып, ар кандай ырым=жырымдарды жасашкан. Ошол ритуалды өткөргөн, башкарган адамды «галча» аташкан. Кийинчерээк монголдор ламаизм динине өткөндө галчалар кечилдердин башчысы болгон.

**Кандагай** – монголчо «хандагай» – бугу-багыш. Тоо текенин, бугунун терисинен ийленип жасалган балбан-баатырлар кийүүчү шым. Кээде калың териден, булгаарыдан жасалган жоо кийимдери да кандагай атала берет. (Найза өтпөгөн кандагай).

**Канкор** – Манаска карата айтылган туруктуу эпитет. Байыркы учурда азыркы кыргыз тилиндегидей «мыкаачы» деген терс мааниде эмес, касташкан жоосун аёосуз жеңген, жок кылган баатыр деген мааниге ээ болгон. (Кан ичип жүрүп катыккан, Канкор Манас атыккан). 1. Термин байыркы адамдардын сөөк өчтүү душманын өлтүргөндө көксөөсүн суудуруу максатында анын канын ичуу салты менен байланышщтуу чыккан. Мындай салт кыргыздарда да болгондугун «Манастын» текстинен көрүүгө болот. 2. Иранча «хунхор» – мамлекеттин өкүмдарынын титулу. 3. Монголчо «хонхор» – айкөл, ак пейил. «Манаста» жогорудагы үч маани чокмороктошо биригип, бир сөз менен берилет.

**Кемчет** – 1. Териси кымбат баалуу жаныбарлардын бир түрү. 2. Баалуу аң терисинен тигилген жака.

**Керет** – манасчы көпчүлүк учурда «керемет» түшүнүгүн «керет» деп айта берген. Контекстеги мааниси – керемет.

**Кете** – (Келинге кете кийгизип) – Баалуу жибек кездеменин бир түрү. Ошол кездемеден тигилген көйнөктү да кете дей берет.

**Кечил** – монголчо «гечл». Буддизмдин ламаизм сектасы 16-кылымдын экинчи жарымыфнда Монголияга кеңири тарала баштаган. Калмак-ойротторго да 17-кылымда жайылып, ушул динди тутушкан. Көп жерлерге монастырь салынып, эркектердин үчтөн бири кечил болуп, ошол монастырда жашашкан. Эпосто душмандарды шылдыңдоо максатында ушул эпитет пайдаланылган.

**Киш** – 1. Кара күрөң, кээде кара түстөгү териси баалуу жаныбар. 2. Ошол жаныбардын териси, же, андан тигилген кийим.

**Койчагыр** – таш-милтени тутандырып, мылтыкты от алдыруу үчүн колдонулган оттук таштын аталышы. Милтелүү мылтыктын байыркы түрү.

**Колостой** – орустун «холостой» деген сөзү. Манасчы кээде орус сөздөрүн да пайдалана коёт экен. Холостой (колостой) – бойдок маанисинде колдонулган.

**Коросон** – 1. Чечек оорусунун уусу. 2. Күчтүү. 3. Өтө курч, абдан өткүр. 4. Оттук таш, кээде жалпы эле оттук, куу салынуучу атайын кутуча – кайыш баштык. 5. Күчтүү уу, же, уунун бир түрү маанисинде да учурайт.

**Көөкөр** – Төө, жылкы терисинен жасалган суюктук куюлуучу идиш. Көбүнчө кымыз, арак куюлуп сакталат.

**Малакай** – калмак- монгол тилинде – «махла», малгай. Эркектер кийуучу баш кийим.

**Милте** – арабдардын «фэтиле» сөзүнөн өзгөртүлүп айтылган формасы. Ал сөз – от бергич, машаны түшүгндүрөт. Октолгон мылтык тын дарысына от берүү үчүн ылайыкташылган бат тутануучу, кебезден эшилген жип.

**Мунажа**т – араб сөзү.Сыйынуу, тилек кылуу, жалынуу-жалбаруу.

Очогор – Монгол тилинен өздөштүрүлгөн терминдин кыргызча айтылышы «ооцагиур» – очогор болуп өзгөргөн. Мылтык деген маанини түшүндүрөт.

**Саадак** – 1. Жебе (жаанын огу) салынуучу атайы жасаалган баштыкча. Ал булгаарыдан, же, калың кийизден жасалат. 2. Жалпы эле жааны жана агыг огу маанисинде да айтыла берет.

**Сал балдар** – манасчы салбар аялдан туулган балдарды (Абыке, Көбөштөрдү) ушинтип атай берген.

**Сарпоочтоо** – 1. Өлгөн адамды, же атка жүрө албаган оорулууну атка таңып, жолго алып жүрүүнүн өзүнчө ыгы. 2. Колго түшкөн ууруну, же, туткунду да ошол ык менен таңып, өзүлөрү менен ала жүрүшкөн.

**Суп** – арабча – суф – төөнүн чуудасы. 1. Ак төөнүн чуудасынан согулган таар көйнөк. Мындай көйнөк сопулардын (суфийлер) адаттагы атрибуту болгондуктан ал кийим ыйык катары бааланган. 2. Жалпы эле ак түстөгү кездеме жана андан жасалган кийим.

**Сүлүк** – манасчы орустардын «сурок» деген сөзүн ушундайча өзгөртүп айта берген. (Сүлүгү бүгүн бүттү –деп).

**Талак** – арабча – талег – коё берүү, ажырашуу. Аялы менен ажырашуунун, никени бузуунун шарыятка ылайык кеңири тараган түрү.

**Түпөк** – Найзанын кыйгачын – болоттон жасалган учун сапка – узун катуу жыгачка аштап бекиткен жерине жакын жылкынын куйрук кылынан жасалып байланып коюла турган чачы. Ал душманды найза менен катуу сайганда денеге терең кирип кетип кайра суурулбай калбас үчүн найзанын белгилүү өлчөмдгү жерине чейинкиси гана кирип, такалып калуусун камсыз кылат. Чыгаан, өзүнө өзү ишенген баатырлар түпөгү жок найза алып жүрүшкөн.

**Үртүк** – ат жабуу. Үртүк, адатта, аттын соорусуна жбылуучу ат жабуу эмес, атка толук кийгизилген кооз жабуу. Кээде үртүк

маанисинде минген аттын көкүлүнө, төбөсүнө байлап койгон үкүнүн жүнү – канаты да айтыла берет.

**Чопкут** – 1. Жүндөн жасалган сырт кийим. 2. Жоо кийими – найза, ок өткүс, ичине жүн, же пахта салынган сырт кийим.

**Шайык** – 1. Карыя, кадырман адам. 2. Дин башчы. 3. Пир, касиеттүү адам.

**Шаңшуур** – кытай сөзүнөн өздөштүрүлгөн. Эң ири акча бирдиги – жамбынын түрү, эң чоң жамбы, уютулган алтын.

**Шилен** – үлүш, элге милдетсиз түрдө бериле турган тамак-аш.

**Шири** – каткан тери, ышталып катырылган тери.

**Ырапыс** – кездеменин бир түрү ( репис – деп да айтыла берет).

## АДАМ АТТАРЫ

Аалы
Абыке
Агалай
Агыш
Ажыбай
Айдар
Айдаркан
Айзек
Айкожо
Аймат
Аймыш
Айчүрөк
Акешен
Акункан
Акылай
Алкакан
Алмамбет
Алпаймат
Арууке
Асан
Багыш
Байкоңкур
Бакай
Бакдөөлөт
Бегалдай
Бектору
Бердике
Бирмыскал
Бозбала
Бозкелте
Боккөз
Бокмурун
Борончу
Бөлкөндү
Бөлөкбай
Бөрү
Бурулча
Жакып
Жамбыл
Жойтаман
Жолой
Зортаман
Илияс
Калыйча
Камбар
Канкожо

Канчоро
Каныкей
Карагул
Карадөө
Каражой
Каракан
Кардыгач
Карчыга
Качкын
Кенжеке
Керкөкүл
Кермекаш
Китеналп
Кожо
Кожосан
Кожош
Коңурбай
Кошой Меңди
Көбөш
Көкбөрү
Көкдөө
Көккоён
Көкмончок
Көкөтөй
Көкүм
Көкчө
Көкчөкөз
Кулуке
Курманбай
Күлнары
Күлчоро
Кыдыр
Кызылдай
Кызылдөө
Кызылсарт
Кырым
Мажик
Манас
Манкүсалы
Маңгуш
Мекти
Менкушалп
Мискөкүл
Мискөөкөр
Мискөчөр
Музбурчак
Мурадил
Муса
Мусайык
Насыр
Нескара
Ногой
Огор
Окоро
Оркөкүл
Ороккыр
Орускан
Сайкал
Сарыкан
Сарытаз
Семетей
Серек
Сынжыбек
Сыргак
Тазбаймат
Темир
Токой
Толтой
Төлөк
Төштүк
Түмөнбай
Урпейим
Үмөтөй
Үрбү
Үрүстөм
Чачыкей
Чоңчолок
Чоркиндик

Чоюналп
Чубак
Чыйырды
Чынаалы
Чынкожо
Шайымбет
Шатемир
Ыйман
Ыраман
Ырчыуул
Элеке
Элеман
Эркара
Эрчинкожо

## ТОПОНИМДЕР

Ак-Белес
Ак-Булуң
Ак-Дөбө
Ак-Дөңкүл
Ак-Инек
Ак-Кыя
Ак-Талаа
Ак-Чий
Ала-Көл
Алты-Шаар
Анжиян
Аңги-Коо
Арпанын-Бели
Ат-Башы
Байкоңур
Балчакай
Бар-Көл
Барскоон
Боз-Мурун
Боз-Сеңир
Боз-Учук
Букар
Былчагай
Бээжин
Жаркашат
Жергетал
Жеркент
Жети-Өгүз
Жети-Суу
Жет-Кайт
Жоргонун-Бели
Жыргалаң
Иле
Итичпес
Кайнар
Каңгай
Кара-Буура
Кара-Жон
Кара-Зоо
Каракол
Кара-Кыя
Кара-Саз
Кара-Суу
Кара-Тоо
Кара-Үңкүр
Каркыра
Кашкар
Кебез-Тоо
Кеген
Кемин
Кең-Кол
Кетмен-Төбө

Кокон
Колоп
Коңурөлөң
Корумду
Көк-Бел
Көк-Дөңкөл
Көтмалды
Кулжа
Кур-Токой
Куру-Сай
Куурайлуу
Күрпүлдөк
Кыз-Мазар
Кызыл-Зоо
Кызыл-Кум
Кызыл-Кыя
Кызыл-Тоо
Кыл-Эртиш
Муз-Арт
Мыкаачы жол
Нарын
Ооган
Оолабас
Опол
Орто-Бээжин
Орто-Кыя
Оюрма
Өкөрчү
Өтөнүн бели
Сары-Арка
Сары-Бел
Сары-Жаз
Сары-Жар
Сары-Кайкы
Сары-Суу
Сары-Таш
Соку-Таш
Солтонсары
Соң-Көл
Талас
Тал-Мазар
Тал-Чоку
Таш-Дөбө
Ташкент
Таш-Коргон
Текес
Тепке
Тогуз-Торо
Тоң
Төрт-Күл
Турпан
Түз-Токой
Түп
Узун-Булак
Улабас
Урум
Үргөнч
Үрүмчү
Үч-Капка
Үч-Кошой
Чаар-Жон
Чамбыл-Бел
Чаткал
Чет-Бээжин
Чеч-Дөбө
Чоң-Кечүү
Чоң-Опол
Ысык-Көл
Эртиш

## ЭТНОНИМДЕР

аргын
бараң
бурут
казак
калмак
кечил
кыпчак
кыргыз
кытай
манжу
ногой
нойгут
орус
өзүбек
солон
түрк
тыргоот
шибэ

# СОҢКУ СӨЗ

## ЖАКШЫЛЫК САРЫКОВ
*(1880—1934)*

Жакшылык Сарыков Ысык-Көлдүн Шаты деген айылында 1880-жылы жарык дүйнөгө келген. Ал Бугу уруусунун Майда Белек деп аталган тобунун ичинен Такабай уругунан болот.

Жакшылык Сарыков деле башка манасчылардай болуп түш көрүүнүн натыйжасында ырдап жана «Семетей» айтып калгандыгын жогоруда келтирилген мисалдар далилдеп жатат. Ал жыйырма беш жашка келгенче жамактап ыр, аш-тойлордо жар чакырып айтып жүрөт. Бирок өзүнүн эскерүүсүнө караганда «Семетейди» айтасың деп ага түшүндө аян бергендигин белгилейт.

Жакшылык Сарыковдон 1929-жылдары Х. Карасаев, Б. Жаркынбаев жана О. Мамыркановдор «Семетейди» жазуу ишин башташат. Ошол жаздырып жаткан учурда окуя бүткөн соң жазып жаткан катчылар анын өмүр баянын сураганда жогоруда биз эскерген ыр менен айтылган ата- теги жөнүндөгү баяндаманы айтат. Баамдоого караганда ушул баяндаманы айтып жатканда, балким, угуп отургандардын бири сөз арасында анын жашын сураган чыгар, ошондо Жакшылык «кырк тогузда жашым бар» деп айтса керек. Эскерилген маалымат боюнча алганда, 1929-жылы Жакшылык 49 жашта болсо, ал 1880-жылы туулган болот. Ошондой эле ал өзүнүн карып калганда жаздырып жаткандыгын билгизип, «Кара сакал ак болгон, мен өңдөнгөн акындын кайта турган чак болгон, оозумда тишим күбүлүп, жомоктон ырчы түңүлүп» — деп бир аз кейиштүү түрдө жаш кезиндегидей айта албай калгандыгын билгизет. Ошентип, Ысык-Көлдө жашап өткөн, эл арасында Кара ырчы деп таанылган Жакшылык Сарыковдун айтуусунда жазылып алынган «Семетей» менен «Сейтектин» варианты кол жазма түрүндө 12 китепче болуп Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусунда сакталууда. Семетейчи Жакшылык Сарыков жалгыз гана эпос айтуу менен чектелип калбастан, ал эл аралап ыр ырдап жүрчү экен. Байкашыбызга караганда элге Кара ырчы деп аталып калышынын башкы себептеринин бири анын жамактатып ыр айткандыгы үчүн, ошондой эле «Кара» деген эпитет сөз анын өң түсүнө же төкмөлүгүнө карата берилген болуу керек. Мына ушундай белгилер

менен катар анын ырчылык кесибине жараша «Кара ырчы» деген псевдоним кошулуп атыгып кеткен өңдөнөт. Ошондой эле Жакшылыктын эл арасында негизинен семетейчи катары таанымал экендигин манасчы Алтыбаев Осмоналы да өз эскерүүсүндө Ысык-Көлдүн көкүрөгүндө «Кара ырчы» деген ат менен элге таанылган Жакшылык Сарыковдон «Семетей» эпосун көп айттырып уккандыгын жана белгилүү семетейчи экендигин баса көрсөтөт.

Жакшылык өмүрүнүн акырына чейин «Семетей» айтып семетейчи болгондугуна карабастан, ал ырчылыгын таштаган эмес. Семетейчинин өз учурунда «Жылдыз» аттуу поэмасы мазмунунун кызыктуулугу жана көркөмдүүлүгү жагынан угуучунун көңүлүнө толуп эл арасында тарап кеткен.

Айрым бир маалыматтарга караганда Түркстан АССРинин Борбордук комитетинин органы болгон «Ак жол» газетасында (1924-жылы) Жакшылыктын «семетейчи» болгондугу жөнүндө эскерилип жүрөт. Бирок бул маалымат Жакшылык Сарыковдун жалпы чыгармачылык жолун ачып берген изилдөөлөрдөн эмес. Мында сөз арасында гана мисал катары айтылып, семетейчинин көркөм сүрөттөө ыкмасы жөнүндө сөз болгон.

Эпостун негизги вариантын түзгөн С.Каралаев, Тоголок Молдо, Шапак Рысмендеев сыяктуу семетейчилердин айтуусундагы «Семетейди» Жакшылык Сарыковдун варианты менен салыштырганыбызда алардагы жалпы сюжеттик схеманын, окуялардын берилишинин бирдейлигин жана мотивдердин жалпылыгын көрүүгө болот. Жогорудагы варианттар боюнча сюжеттик схемадан төмөнкүдөй окуяларды учуратабыз. Алар; Каныкейдин Букарга качканы; Семетейдин балалык чагы; Семетейдин эл, жерин угуп Таласка жөнөөгө камынганы; Каныкейдин жомогу; Семетейдин Таласка келип Абыке, Көбөш, Жакыптарга жолукканы; Атасынын алтын, мүлкүн алганы; Чачыкейге үйлөнгөнү; Айчүрөктүн ак куу болуп учуп баатырларды сынаганы; Семетейдин Чынкожо, Толтой менен болгон урушу; Толтойдун жомогу; Семетейдин Айчүрөккө үйлөнгөнү; Семетейдин Коңурбай менен болгон урушу; Кыяс менен Семетейдин урушу; Семетейдин өлүмү; Айчүрөктүн олжого кетиши; Сейтектин тарыхы ж. б.

Варианттар тематикалык жактан жалпылыкты түзсө да, булардын ар биринде өзүнө мүнөздүү чыгармачылык жактан айырмачылыктары байкалат. Мындай өзгөчөлүктөр окуяларды трактовкалоо, мотивдештирүү жана образдарды сүрөттөөдө көрүнөт да, семетейчинин чыгармачылык талантына, таалим алуу мектебине жана айтуу манерасына жараша

ар бир окуяга, туруктуу мотив болсо да, ага кандайдыр бир деталдык өзгөртүү киргизүү аракеттери менен айырмаланып турат. Бул сыяктуу көрү- нүштөрдүн бардыгы ар бир семетейчинин индивидуалдуулугун, алар айткан варианттын өзүнчөлүгүн көрсөтөт.

Жакшылык Сарыков деле жалпы сюжеттик салтты улантуу менен «Семетейдин» композициясына Семетейдин төрөлүшүнөн башка «Манас» эпосунун акыркы финалдык бөлүмүн кошуп айткан. Башка манасчылардын вариантына жакындашпаган окуя ушул гана семетейчиге мүнөздүү көрүнүш катары баалануугa тийиш.

Семетейчи Жакшылык Семетейдин төрөлүшүнө чейин айткан баяндамасында жалпы эпикага мүнөздүү болгон карып калган ата-эненин зарынан кийин жарык дүйнөгө элди, жерди коргой билген баатыр баланын пайда болуу жолдору берилет. Анткени, Манастын туяксыз өтөмбү деген зары жана Көкөтөйдүн ашында Кошойдун берген батасы Семетейди эпиканын дүйнөсүнө алып келет.

Манас дүйнөдөн кайткандан кийин гана Бакайдын жардамы менен Каныкей, Чыйырды жана Семетей, Абыке, Көбөштүн зордугунан кийин Букарга качат.

Окуянын экинчи этабы катары эсептелинген Семетейдин Таласка келиши жөнүндөгү эпизоддун түйүндөлүшү жана окуянын чечилиши Сарытаз менен байланышта айтылат. Эгерде Сарытаз С. Каралаевдин вариантында Темиркандын инилеринен болсо, Тоголок Молдодо Темирканга Баймырза берген кул катары баяндалат. Ал эми Ш. Рысмендеев боюнча алганда Сарыны Бакай атайы Семетейге кат берип, кабарын алууга жиберген. Жакшылыктын вариантында Сарытаз Манастын чоролорунун бири катары баяндалат да, ал Абыке, Көбөш жана Жакыптан качып, Семетейдин артынан Букарга келет. Негизги максаты Семетейге эл, жерин тааныТуу болуп саналат. Ар бир семетейчиде Сарытаздын тарыхы ар кыл айтылса да, негизги мотив бардыгында тең бирдей жалпылыкты түзүп, Семетейге эл, жерин таанытуу жана патриоттук сезимин ойготуу максатын көздөгөндүгүн айтууга болот.

Семетей өлгөндөн кийин ордосу таланып, Айчүрөк баш болуп олжого кетет. Айчүрөк менен кошо Күлчоронун далысы кесилип, кул катары Кыязга берилет. Ушул учурду пайдаланып, Күлчородон өч алууну максат кылып койгон Карагул Кыязга жылкычы башы болуп келет. Эгерде башка вариантта жылкычы башы болгон адамдын аты аталбаса, үчилтиктин биринчи жана экинчи бөлүгүндөгү каарман Карагулдун өзү келиши жана өч алышы Ж. Сарыков тарабынан кеңири планда сүрөттөөгө алынган.

Башка варианттардагыдай эле Сейтектин дүйнөгө келиши жана жүргүзгөн иш-аракеттеринде айрым бир көрүнүштөрүнө карабастан, мотивдештирүү жагынан бирдейликти түзгөндүгүн учуратабыз. Айчүрөк Кыязга келгенде боюнда бар экендиги белгилүү болот. Бала төрөлгөндө анын көзүн тазалоо Кыяздын оюнда жүрөт. Ошентип, Сейтек төрөлгөндө жок кылуу үчүн Кыяз беш мастен кемпирге тапшырат. Сейтек дүйнөгө келип, көз жарып жаткан учурунда Айчүрөктүн синдиси Көкмончок беш кемпирди дубалайт да баланы өлүмдөн куткарып калат.

Сейтек эс тартып эрезеге жеткенде Орускандын кызы Күлнаарыга үйлөнөт. Сейтек Кара дөө менен кармашып аны жеңет. «Сейтек» эпосунун финалында Сейтек менен Күлчоро душмандарын жеңип Таласка келгенден кийин Сейтек энеси Айчүрөктү Күлчорого тийсин деп ортого арачы салат. Айчүрөк макулдугун берет. Күлчоро Сейтектин айттырганына макул болбойт.

Ушул эле мотив семетейчилердин ичинен Шапак Рысмендеевде жолугат. Бул вариантта Бакайдын айтуусу менен экөөнө кайрылганда алар каршы чыгышат. Акырында Сейтектин айтуусу менен экөө баш кошот. Демек, мотивдештирүү негизинен бирдей болгондугуна карабастан, чечилишине келгенде айырмаланып жатат. Ошондуктан, ар бир семетейчи озүнүн айткан вариантына, талантына жана таалим алуусуна жараша эпоско мамиле жасашкан.

Жалпысынан алганда Жакшылык Сарыковдун вариантынан Семетейдин Чачыкейге үйлөнүшү, Семетейдин Чынкожо, Толтой менен болгон урушу, Айчүрөккө үйлөнүшү жана Коңурбайдын атасынын кунун кууганы, Семетейдин өлүмү сыяктуу туруктуу эпизоддор бүтүндөй кезигет. Аталган варианттан, жогоруда эскерилгендей, айрым бир окуялардагы мотивдердин берилиши боюнча айырмачылыктар жана кошумчалар бар экендигин көрүүгө болот.

Ал эми «Сейтек» бөлүмүндө болсо да туугандар арасындагы араздашуунун натыйжасында Айчүрөк колго түшүп туткунга кетет. Ата-бабасы сыяктуу эле Сейтектин балалык күнү башка эл, башка жерде өтөт. Акыры өз элин, жерин билип, атасынын кунун кубалап өчүн алгандыгы баяндалат.

Ошентип, бул вариант деле жалпы салттык үлгүнү сактоо менен элдин сүйүктүү чыгармасы болгон «Семетей» менен «Сейтекти» элдин өзүнө тартуулап келген.

**Кеңеш КЫРБАШЕВ**

## МАЗМУНУ

## СЕМЕТЕЙ

МАНАСТЫН ӨЛҮМҮ. СЕМЕТЕЙДИН ТӨРӨЛҮШҮ.
КАНЫКЕЙДИН СЕМЕТЕЙДИ АЛЫП БУКАРГА КАЧЫШЫ ....................3
КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ .............................................................................18
БАКАЙДЫН ЖАКЫПКА СҮЙҮНЧҮЛӨП КЕЛИШИ.
ЖАКЫПТЫН СЕМЕТЕЙГЕ УУ БЕРГЕНИ.
ЖАКЫПТЫН ӨЛҮМҮ .................................................................................32
СЕМЕТЕЙДИН БУКАРГА КАЙРА ЖӨНӨГӨНҮ ......................................51
СЕМЕТЕЙДИН, КАНЫКЕЙДИН ТАЛАСКА КЕЛИШИ ..........................61
СЕМЕТЕЙДИН АК БОЗ БЭЭНИ СОЮШУ .................................................79
СЕМЕТЕЙ АКУН КАНДЫН ШААРЫН
ДҮРБҮ САЛЫП КАРАГАНЫ..........................................................................83
КҮЛЧОРОНУН ЧАЛГЫНГА КЕТИШИ.........................................................95
КҮЛЧОРО МЕНЕН АЙЧҮРӨКТҮН КЕЗИГИШИ.....................................109
СЕМЕТЕЙДИН АЙЧҮРӨККӨ КЕЛИШИ.....................................................125
ЧЫНКОЖО МЕНЕН ТОЛТОЙДУН ЭЛЕСИ ...............................................168
АКУН КАНДЫН СЕМЕТЕЙГЕ КЕЗИГИШИ................................................189
КҮЛЧОРОНУН ЧАЛГЫНГА ЖӨНӨШҮ.......................................................189
ТОЛТОЙДУН ЖОМОГУ. КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ .......................................201
КҮЛЧОРО МЕНЕН ТОЛТОЙДУН САЙЫШЫ. СОГУШ ...........................235
АЙЧҮРӨКТҮН ТОЮ........................................................................................263
СЕМЕТЕЙДИН КЫТАЙГА ЖӨНӨГӨНҮ ....................................................268
АТТАРДЫН ЖОГОЛУШУ...............................................................................279
КҮЛЧОРО АТТАРДЫ ТААП,
КАЛМАКТАР МЕНЕН СОГУШКАНЫ............................................................289
СЕМЕТЕЙДИН ЧАЛГЫНГА КЕТИШИ...........................................................307
КОҢУРБАЙ МЕНЕН СЕМЕТЕЙДИН УРУШУ................................................319
ҮМӨТӨЙДҮН ӨЛҮМҮ.
ТАЙБУУРУЛДУН ТАРТУУГА КЕТИШИ.........................................................353
КЫЯСТЫН СЕМЕТЕЙГЕ КАРШЫ СОГУШУ.................................................363
СЕМЕТЕЙДИН КАЛМАКТАР МЕНЕН УРУШУ .............................................386

## СЕЙТЕК

**I-БӨЛҮМ.**
АЙЧҮРӨК МЕНЕН КҮЛЧОРОНУН ОЛЖОДО БОЛГОН КҮНДӨРҮ. СЕЙТЕКТИН ЖАШ БАЛАЛЫК ДООРУ ............................445
АЙЧҮРӨКТҮ КӨРҮҮГӨ КҮЛЧОРОНУН КЕЛГЕНИ ............................452
КҮЛЧОРОНУН ЖЫЛКЫЧЫЛАРГА КАЙРА БАРГАНЫ. СЕЙТЕКТИН ТУУЛГАНЫ. ЭР КЫЯЗ СЕЙТЕКТИ ӨЛТҮРМӨК БОЛГОНУ............................459
СЕЙТЕККЕ АТ КОЮЛГАНЫ ............................467
СЕЙТЕКТИ КӨРҮҮГӨ КҮЛЧОРОНУН КЕЛГЕНИ............................473
СЕЙТЕК КҮЛЧОРОГО ЖЫЛКЫЧЫЛАРДАН ТЕҢДИГИН АЛЫП БЕРГЕНИ ............................483
КҮЛЧОРО, СЕЙТЕК ЖАНА АЙЧҮРӨКТҮН СЕМЕТЕЙДИН ДОСУ КЫЗЫЛ САРТКА КЕЗИГИШКЕНИ............................491
**II БӨЛҮМ.**
СЕЙТЕКТИН НОГОЙ ЭЛИНЕ КЕЛГЕНИ, ҮЙЛӨНГӨНҮ, АКИМ БОЛГОНУ. АТКА МИНИП УРУШКА АТТАНГАНЫ ................510
АЙЧҮРӨК, КҮЛЧОРО, СЕЙТЕКТИН НОГОЙ ЭЛИНЕ КЕЛИШИ............................535
ЭР СЕЙТЕК КОЛУКТУСУН АЛГАНЫ ............................554
БОЗБАЛАНЫН КАН БОЛГОНУ............................572
СЕЙТЕКТИН АКИМ БОЛУП, АТ ЖАЛЫН ТАРТЫП МИНГЕНИ............................572
УРУШ............................579
АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ ............................588
АДАМ АТТАРЫ ............................592
ТОПОНИМДЕР............................594
ЭТНОНИМДЕР............................596
СОҢКУ СӨЗ ............................597

*Илимий-популярдуу басылма*

**«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясы**

**ЖАКШЫЛЫК САРЫКОВ**

Түзгөн:
*Мурат МУКАСОВ*

Тех. редактору *Тилекматова Н.*
Корректору *М. Мукасов*
Компьютерде терген *Р. Мээрканова*
Компьютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Терүүгө 10.09.2018-ж. берилди.
Басууга 30.10.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70х100. $^{1}/_{16}$
Көлөмү 37,75 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____

Басма-полиграфиялык комплекс
«Принт Экспресс» ЖЧК басмаканасында басылды.
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч., 49